القرآن الكريم

# ЫЙЫК КУРАНДЫН

## КЫРГЫЗЧА КОТОРМОСУ

DİYANET İŞLERİ BAŞKANLIĞI

بسم الله الرحمن الرحيم

**ДИН ИШТЕРИ БАШКАРМАЛЫГЫНЫН БАСЫЛМАЛАРЫ / DİYANET İŞLERİ BAŞKANLIĞI YAYINLARI : 1289**
**НЕГИЗГИ АДАБИЯТТАР / KAYNAK ESERLER : 150**

**БАШКЫ КООРДИНАТОР / GENEL KOORDİNATÖR**
ПРОФ. ДОК. МЕХМЕТ ЭМИН ӨЗАФШАР / PROF. DR. MEHMET EMİN ÖZAFŞAR

**БАСЫЛМА БОЮНЧА ЖООПТУУ / YAYIN YÖNETMENİ**
ДОК. ЙУКСЕЛ САЛМАН / DR. YÜKSEL SALMAN

**КООРДИНАТОР / KOORDİNASYON**
ЙЫЛДЫРАЙ КАПЛАН / YILDIRAY KAPLAN

**КОТОРМОНУ ДАЯРДАГАНДАР / MEALİ HAZIRLAYANLAR**
АБДЫШУКУР ИСМАИЛОВ / ABDUŞŞÜKÜR İSMAİLOV
ДУЙШӨН АБДЫЛДАЕВ / DÜŞÖN ABDİLAEV
САДИБАКАС ДООЛОВ / SADİVAKKAS DOOLOV
САДЫК ГАВАЙ / SADIK GAVAY

**ТЕХНИКАЛЫК РЕДАКТОРЛОР / SON KONTROL**
ДОЦ. ДОК. ФЕРХАТ ГӨКЧЕ / YRD. DOÇ. DR. FERHAT GÖKÇE
САЯС. ИЛИМ. КАНД. КОЗУКУЛОВ ТИМУР / DOÇ. DR. KOZUKULOV TİMUR
САДЫРБЕКОВ МАРАТ / SADIRBEKOV MARAT
БЕГАЛЫ УУЛУ ЗАУРБЕК / BAGALİUULU ZAUR

ISBN 978-975-19-6631-5
2016-34-Y-0003-1289
СЕРТИФИКАТТЫН НОМЕРИ / SERTİFİKA NO: 12930

ТЕКШЕРУУ КОМИССИЯСЫНЫН ЧЕЧИМИ / ESER İNCELEME KOMİSYON KARARI: 23.08.2016 / 66

**БИРИНЧИ БАСЫЛМА / 1.BASKI**
СТАМБУЛ 2016 / İSTANBUL 2016

**ДИЗАЙНЕР / TASARIM**
ЭМРЕ ЙЫЛДЫЗ / EMRE YILDIZ
УГУР АЛТУНТОП / UĞUR ALTUNTOP

**БАСЫЛМА / BASKI**
NUMUNE MATBAACILIK VE CİLT SAN. TİC. LTD. ŞTİ.
+90 (212) 629 02 02

© ДИН ИШТЕРИ БАШКАРМАЛЫГЫ / DİYANET İŞLERİ BAŞKANLIĞI

**БАЙЛАНЫШ / İLETİŞİM**
ДИНИЙ БАСЫЛМАЛАР ГЕНЕРАЛДЫК ДИРЕКТОРЛУГУ БАСЫЛМАЛАР БАШЧЫЛЫГЫ / DİNİ YAYINLAR GENEL MÜDÜRLÜĞÜ
BASILI YAYINLAR DAİRE BAŞKANLIĞI
TEL: +90 (312) 295 72 93 • FAX: +90 (312) 284 72 88
E-MAIL : DINIYAYINLAR@DIYANET.GOV.TR

KUR’AN-I KERİM KIRGIZCA MEÂLİ

القرآن الكريم

# ЫЙЫК КУРАНДЫН

## КЫРГЫЗЧА КОТОРМОСУ

ДИН ИШТЕРИ БАШКАРМАЛЫГЫ

# 1. ФАТИХА[1] СҮРӨСҮ

**Меккеде түшүрүлгөн Жети айаттан турат**

***Мээримдүү, Ырайымдуу Аллахтын аты менен***

1. Мээримдүү, Ырайымдуу Аллахтын аты менен[2]!
2. Ааламдардын Эгеси[3] болгон Аллахка[4] мактоо!
3. (Ал) Мээримдүү, Ырайымдуу[5].
4. Кыйамат күндүн падышасы[6].
5. Биз Сага гана сыйынып, Сенден гана жардам сурайбыз[7].
6. Өзүң бизди туура жолго баштагын,
7. (ал жол) Сенин каарыңа калбагандарга жана адашпагандарга Өзүң тартуулаган жол[8].

---

1 Фатиха - Бетачар

2 Ар бир сүрөнүн башындагы «Бисмилла» Абу Ханифа (р.а.)нун мазхабында айат катары эсептелбейт (бирок «Бисмилла» өзү Курандын ичиндеги айат. Намл сүрөсүнүн 30-айатын караңыз). Ал эми Шаафий (р.а.)нун мазхабында ар бир сүрөнүн башындагы «Бисмилла» да айат деп эсептелет. Ошондуктан алар намазда «Бисмилланы» да жарыйа окушат (Тафсир Ал-Насафий)

3 «Эгеси» - бул Аллах Таалага таандык ысым. Кыргыз эли муну илгертен колдонуп келген. Мааниси «ээ» деген сөзгө жакын болуп, Жаратуучу дегенди билдирет

4 «Аллах» - Кудайдын арабча аты. Бирок, арабчада «Аллах» деп сөздүн айагында кыргыз элинин түштүк диалектисиндеги «h» тыбышы менен айтылат. Демек, «Аллах» деген сөздүн айагында «h» - тамактын түпкүрүнөн чыгуучу жумшак «х» тыбышын колдонууга милдеттүүбүз!

5 Булар Аллах Тааланын эң улуу сыпаттарынын экөөсү. Аллах Тааланын мээрими менен ырайымында чек жок

6 Кыйамат күнү бийлик жүргүзүүчү Ал өзү гана. 78-сүрөнүн 38-39-40-айаттарын караңыз

7 Ушул сөздү намаз окуган адам кеминде 3. жолу кайталайт. Бирок ага маани береби?! Ал бир Аллах Таалага маалым. Биз эмнеге муктаж болсок да, дароо Аллах Таалага кайрылууга тийишпиз. Бүгүнкү күнү адамдарга сыйынуучулар көбөйдү. Мисалы: бир жумушун бүтүрүү үчүн тааныш издөө, пара бермей, кошамат кылуу ж.б.у.с.

8 «Аллах Тааланын каарына калгандар - иудейлер, ал эми адашкандар - христиандар - деп да айтылат (Тафсир Ал-Байзавий)

# 2. БАКАРА[1] СҮРӨСҮ

**Мединада түшүрүлгөн Эки жүз сексен алты айаттан турат**

***Мээримдүү, Ырайымдуу Аллахтын аты менен***

1. Алиф, лам, мим[2].
2. Бул Китеп. Анда[3] шек жок! Ал такыбалар[4] үчүн Туура жол.
3. Алар[5] кайыпка[6] ишенишет, намаз окушат жана Биз аларга берген ырыскылардан сарпташат[7].
4. Алар сага түшүрүлгөнгө[8] да, сенден мурунку түшүрүлгөндөргө[9] да, Акырет[10] күнүнө да ишенишет.
5. Алар өздөрүнүн Эгесинин туура жолунда. Дал ошолор ийгиликке жетүүчүлөр![11]
6. Чындыгында, каапырларга эскертесиңби, же эскертпейсиңби[12] баары бир - алар ишенишпейт.
7. Аллах алардын жүрөгүн жана кулагын мөөрлөп бекитип салган, көздөрүнө парда тарткан. Аларга чоң азап бар.
8. Элдердин арасында кээ бирөөлөр[13]: «Биз Аллахка жана Кыйамат Күнүнө ишенебиз»,- дешет. Бирок алар ишенишпейт.
9. Алар Аллахты жана ишенген ыймандууларды алдоого аракеттенет. Бирок алар өздөрүн гана алдашат, муну өздөрү да сезишпейт.
10. Алардын жүрөгүндө оору[14] (бар). Аллах алардын оорусун дагы да күчөтөт. Жалган сүйлөгөндөрү үчүн аларга оорутуучу азап бар.

---

1 Бакара - Уй

2 Бул айаттын мааниси бир Аллах Таалага гана маалым

3 Куран

4 Такыбалар - Кудайдан корккон, тили, колу же жүрөгү менев жамандык кылбагандар

5 Такыбалар

6 Кайра тирилүү, Бейиш

7 Аллах Таала жолуна

8 Ыйык Курангa

9 Сенден мурун Тоорат менен Инжилде убадаланган, пайгамбарлардын тилинде байандалган Куран (Тафсир Ал-Багавий)

10 Кыйамат күнү

11 Алардын сыйлыгы Бейиш болот

12 Динге чакыруу жөнүндө сөз болууда

13 Эки жүздүүлөр - мунафыктар

14 Шектенүү, эки жүздүүлүк, , рийа - мактаныч,

11. Аларга: «Жер бетинде жамандык- бузуктукту жайылтпагыла»- деп айтылса, алар: «Биз болгону жакшылык гана кылып жатабыз», - дешет.

12. Оо, дал ошолор жамандык- бузуктукту жайылтуучулар. Бирок аны алар сезишпейт.

13. Аларга: «Башкалар ишенгендей эле ишенгиле» - деп айтылса: «Биз эмне, кем акылдар ишенгендей ишенебизби?», - дешет. Аныгында алар өздөрү кем акылдар. Бирок муну өздөрү билишпейт.

14. Алар ыймандууларга жолукканда: «Биз ишенебиз[1]», - дешет. Бирок өздөрүнүн шайтандары менен өздөрүнчө калганда: «Биз силер менен-биз, тийакта болгону - тигилерди шылдыңдап жатабыз», - дешет.

15. Аллах аларды шылдыңдайт[2]. Алардын адашууларын андан бетер арбытат.

16. Булар адашууну Туура жолго[3] сатып алгандар. Алардын соодасы кирешесиз болду жана алар Туура жолдо болбоочулар.

17. Алар от жаккан немеге окшойт. Качан (от) айлананы жарык кылган кезде Аллах анын нурун алып салды жана ал көөдөй караңгылыкта көрө албай калды.

18. (Булар) дүлөй, дудук, сокур жана алар Туура жолго кайтышпайт.

19. (Алар) же асмандагы жамгырлуу булут өңдүү: анда түнөргөн караңгылык; күн күркүрөө жана чагылган (бар); алар өлүмдөн коркуп манжаларын кулактарына тыгып алышат[4]. Бирок, Аллах каапырларды курчап алган!

20. Чагылган алардын көрүү касиетин (көзүн) алып кетүүгө дапдайар. Качан «жарк» дей түшкөндө алар басып жөнөшөт, караңгыласа туруп калышат. Эгерде Аллах кааласа аларды дүлөй жана сокур кылып коймок. Акыйкатга, Аллах - бардыгына кудурети жетүүчү!

21. Эй, адамдар! Силерди да, силерге чейинкилерди да жараткан Эгеңерге сыйынгыла! Балким силер коркоорсуңар.

22. Ал (Аллах) силерге жерди килем кылып төшөдү, асманды куруп (көтөрүп) койду. Асмандан суу жаадырып, аны менен силерге ырыскы болуусу үчүн жемиштерди өстүрдү. Билип туруп, Аллахка шериктерди кошпогула.

23. Эгер силер Биздин пендебизге[5] түшүрүлгөнгө[6] шектенсеңер, анда

---

1 Аллахка

2 Алардын шылдыңынын жазасын берет

3 Туура жолду берип, адашууну алгандар

4 Кудайга жана Анын жазасыла ишенбегендердин ал-абалы да дал ушундай

5 Мухаммед (а.с)га

6 Куран айаттарына

ошого окшош сүрө келтирип бергилечи? Эгер сөзүңөр чындык болсо, Аллахтан башка өз күбөлөрүңөрдү[1] чакыргыла.

**24.** Эгер силер муну жасай албасаңар, чынында, силер муну эч качан жасай албайсыңар. Отуну адамдар менен таштар болгон оттон (Тозоктон) сактангыла! Ал[2] каапырлар үчүн дайардалган.

**25.** Ыймандуулар жана жакшылык иш кылгандар үчүн бактар[3] бар экенин сүйүнчүлө! Бактардын алдында дарыйалар агат. Аларга ырыскы катары жемиш тартууланганда алар: «Бул бизге мурун берилген эле», - дешет. (Анткени,) аларга (көрүнүшү) окшоштор берилет[4]. Алар үчүн анда таптаза жубайлар[5] (болот) жана алар анда түбөлүккө калышат.

**26.** Чынында Аллах чиркей, же андан чоңураак нерсени мисал келтирүүдөн уйалбайт. Ыймандуулар мунун[6] Аллахтан экендигине толук ишенишет. Ал эми каапырлар: «Бул мисал менен Аллах эмнени каалайт?» - деп айтышат. Ал (Аллах) муну менен көптөрүн адашууга жана көптөрүн Туура жолго алып келет. Тек гана муну менен бузукуларды жолдон адаштырат.

**27.** Убадалашкандан кийин Аллах менен болгон келишимди бузгандар, Аллах бириктирүүнү буйурган нерсени үзгөндөр жана жер үстүндө бузуктукту жайылтуучулар, дал ушулар - зыйанга учуроочулар.

**28.** Силер Аллахка кантип ишенбейсиңер? Мурун силер өлүк элеңер, Ал силерди тирилтти, анан силерди өлтүрөт, андан соң кайрадан тирилтет, анан силер Ага кайтарыласыңар.

**29.** Ал силер үчүн жер үстүндөгүлөрдүн баарын жаратты, андан соң асманга максат кылды[7], аларды жети асман кылып орноштурду. Ал - бардык нерселерди Билүүчү!

**30.** Ошондо Эгең периштелерине: «Мен жер бетине (Өзүмө) орун басар жаратамын», - деди. Алар: «Анда (жер бетинде) бузукулук жасаганды жана кан төгө турганды жаратасыңбы? А биз Сени гана мактап, Сени

---

1 Кудайларыңарды

2 Тозок

3 Бейиш бактары

4 Жалган дүйнөдө деле ушундай жемиштерди жегенвн эскерет. Бирок даамы окшобойт

5 Үр кыздары

6 Курандын

7 Андан соң каалоосун асманга багыттады (Сафват-Аттафаасир). Өзүнүн каалоосунун негизинде асманга максат кылды (Тафсир Ал-Байзавий). Ибну Аббас (р.а.) жана оболку Куранды чечмелөөчүлөрдүн көпчүлүгү: «Асманга көтөрүлдү...»-деп айтышкан (Тафсир Ал-Багавий). Истиваа: Бара бар болуу, Түзелүү. М: «Тайак (жыгач) түздөлдү»-деп айтылат... (Тафсир Ал-Насафий). Жерди жараткан соң өзүнүн (Аллахтын) улуктугуна ылайык абадда... (Тафсир Ал-Жалалайн).» Асманга максат кылды». Истиваа - бул жерде максат кылуу, бет алуу маанисинде... (Тафсир Ибну Касиир). Абу Жаафар айткан: «Бул айаттын чечмелөөсүндө кайчы пикирлер бар. «Иставаа илас-самаанын» мааниснн айрымдар: Ага бет алды»-деген (Тафсир Ал-Табарий)

гана аруулап, Сени гана улуктайбыз го», - дешти. «Ырасында, Мен силер билбеген нерселерди билемин» (деди Аллах).

31. Ал Адамга бардык нерселердин аттарын үйрөттү, анан периштелерге көрсөтүп: «Мага булардын аттарын айтып бергилечи, эгер силер туура болсоңор», - деди.

32. Алар айтышты: «Сени аруулайбыз! Сен өзүң бизге үйрөткөн нерселерди гана билебиз. Акыйкатта, Сен - Билүүчү жана Даанышмансың!»

33. Ал (Аллах) айтты: «Эй Адам, аларга булардын аттарын атап бер». Аларга (Адам) аттарын айтып бергенде, Ал айтты: «Мен силерге Асмандарда жана Жерде болгон кайып нерселерди, силер ашкере жана жашыруун жасагандарды да билемин», - деп айтпадым беле?

34. Мына ошондо Биз периштелерге: «Адамга сежде[1] кылгыла!» - дедик. Алар - Иблистен[2] башкасы Адамга сежде кылышты. Ал (Иблис) баш тартып менменсинди жана каапырлардан болуп калды.

35. Биз: «Эй, Адам, сен айалың (экөөң) Бейиштен орун алгыла жана андан рахаттанып, эмнени кааласаңар жей бергиле, бирок бул даракка жакындабагыла! Анда (эгерде жакындасаңар) заалымдардан болосуңар», -дедик.

36. Ошентип, шайтан аларды азгырды жана аларды орун алган жайынан чыгарды. Биз (аларга): «Бир-бириңерге душман болуп төмөн түшкүлө! Белгилүү бир убакытка чейин жер - силер үчүн мекен жана пайдалануу жайы болот», - деп айттык.

37. Адам өз Эгесинен сөздөрдү жолуктурду[3] жана Ал анын[4] тообосун кабыл кылды. Акыйкатта, Ал тооболорду Кабыл кылуучу жана Мээримдүү.

38. «Бул жактан бирге, чогуу түшкүлө! Эгер Менден силерге түз жол көрсөтүлүп, аны ким ээрчисе, аларга коркунуч да, кайгы-капа да болбойт»,- деп айттык.

39. Биздин айат-белгилерибизге ишенбегендер, ал жөнүндө жалган айткандар отту[5] ээлөөчүлөр жана алар анда түбөлүккө калышат.

40. Эй, Исраил урпактары! Мен силерге кылган жакшылыгымды эстегиле жана Мага берген убадаңарды туура аткаргыла. Мен да силерге берген убадамды аткарайын. Менден гана корккула!

1 Таазим кылуу
2 Шайтанд ардын атасы, чоңу
3 Алды
4 Адам атанын
5 Тозокту

41. Силерде болгон нерсени[1] тастыктоо үчүн жөнөткөн нерсеме[2] ишенгиле, ага биринчи каршы чыгуучулардан болбогула. Арзыбаган баага Менин айаттарымды сатпагыла. Менден сактангыла!

42. Акыйкатка бузукулукту аралаштырбагыла жана билип туруп акыйкатты жашырбагыла.

43. Намаз окугула, зекет бергиле жана тизелерин ийгендер менен бирге тизеңерди ийгиле![3]

44. Силер Китепти (Тооратты) окуп туруп адамдарды жакшылыкка буйруп, а өзүңердү унутуп койосуңарбы? Акылга келбейсиңерби?

45. Сабырдуулук жана намаз аркылуу жардам сурагыла. Чындыгында, намаз корккондордон[4] башкалар үчүн өтө оор.

46. Алар[5] өздөрүнүн Эгесине кездеше турганына жана Ага кайрылып бара тургандыктарына ишенишет.

47. Эй, Исраил урпактары! Менин силерге кылган жакшылыгымды, силерди ааламдагылардан[6] артык кылганымды эстегиле!

48. Бирөө үчүн бирөө бир нерсени төлөй албай турган, андан колдоо кабыл кылынбай, акы алынбай, жардам берилбей турган[7] күндөн корккула!

49. Биз силерди Фараондун[8] элинен куткардык. Алар силерди жаман азап менен азапташты жана силердин балдарыңарды сойушуп, айалдарыңарды тирүү калтырды. Мында - силер үчүн Эгеңерден зор сыноо бар.

50. Биз силер үчүн деңизди[9] кандайча жарып бергенибизди жана Фараондун тарапкерлерин чөктүргөнүбүздү өзүңөр көрүп турдуңар.

51. Биз Муса менен кырк түндү убадалаштык[10] , ал кеткенден соң өзүңөргө музоону кудай кылып алып, силер зулум кылуучулардан болдуңар.

52. Андан соң Биз силерди кечирдик, силер буга, мүмкүн, шүгүр кыларсыңар.

---

1 Тооратты

2 Куран

3 Намазды жамаат менен окугандар; намазды жамаат менен окугула

4 Аллахтан корккондор

5 Аллахтан корккондор

6 Башка элдерден (мурунку замандарда)

7 Берген төлөмүнүн пайдасы жок. Аны эч ким албай турган күн

8 Египеттин каапыр падышасы

9 Кызыл деңизди

10 Тооратты бериш үчүн

53. Биз Мусага Китеп[1] жана ажыратуучуну[2] бергенбиз. Мүмкүн силер туура жолго түшөөрсүңөр.

54. Муса өз коомуна мындай деди: «Эй, элим! Силер музоону (кудай кылып) алуу менен өзүңөргө өзүңөр жамандык кылдыңар. (Ошондуктан) Жаратуучуңарга кайрылгыла жана бири-бириңерди[3] өлтүргүлө[4]. Ушундай кылууңар Жаратуучуңардын алдында өзүңөр үчүн жакшыраак жана Ал силерге кайрылат. Анткени Ал Кайрылуучу жана Мээримдүү.»

55. Силер[5]: «Эй, Муса! Биз Аллахты ачык көрмөйүнчө сага ишенбейбиз», - дедиңер. Силерди карап турган абалыңарда чагылган урду.

56. Анан Биз силерди өлгөнүңөрдөн кийин тирилттик[6]. Мүмкүн шүгүр кыларсыңар.

57. Биз силерди булут менен көлөкө кылдык, силерге (асмандан) ырыскы жана «салваа»[7] түшүрдүк. Биз берген ырыскынын тазаларынан жегиле. Алар Бизге зыйан кылышкан жок, бирок өздөрүнө зыйан кылышты.

58. Биз (аларга): «Бул айылга кирип, көңүлүңөр каалагандардан кенен жепичкиле. Бирок эшигинен сежде кылган абалыңарда киргиле да: «Кечир»[8], - дегиле. Биз силердин күнөөңөрдү кечиребиз жана жакшылыктарды көбөйтөбүз»,-дедик.

59. Ошондо заалымдар аларга айтылган сөздү башка сөзгө алмаштырышты. (Анан) Биз заалымдарга бузукулук (күнөө) кылгандары үчүн асмандан азап түшүрдүк.

60. Муса качан өз элине ичүүгө суу сураганда, Биз: «Тайагың менен ташты ур!» - дедик жана андан он эки булак атылып чыкты. Ар бир уруу өз булактарына ээ болду[9]. Аллахтын ырыскыларынан жегиле, ичкиле, жер үстүндө жамандык, бузукулук кылбагыла!

61. Силер айттыңар: «Эй, Муса! Биз бир түрдүү тамакка чыдабайбыз. Биз үчүн Эгеңе дуба кылбз, жерге өскөн жашылча өсүмдүктөрдөн: бадыраң, сарымсак, буурчак жана пийаз берсин». Ал (Муса) айтты: «Силер чындап эле жакшыны төмөн (начар) нерселерге алмаштыргыңар ке-

1 Тоорат

2 Адал менен арамды ажыратуучу

3 Күнөөсүздөрү күнөөлүүлөрдү өлтүрсүн. (Сафат ал-Тафасир)

4 Музоого сыйынып, Аллахтын алдында оор күнөөгө баткандыктары үчүн бирин-бири өлтүрүп, 300. киши өлтүрүлгөн

5 Муса (а.с.)дын коомундагылар

6 Бул тууралуу айтылган кабарлар эки түрдүү: 1. Өлүмгө учурагандар кайра тирилген; 2. Эс-учун такыр жоготуп жатып калгандар кайрадан эсине келтирилген

7 Канаттуу-бөдөнө

8 Хиттатун

9 Йакуптан тараган Исраил урпактарынын он эки урuусу

лип жатабы? Шаарга түшкүлө, ал жерден сураганыңарды табасыңар.» Ошентип, аларга кордук, кедейлик ташталды жана алар Аллахтын каарына калышты. Бул алардын Аллахтын айат-кабарларына ишенбегендиги жана пайгамбарларды адилетсиз өлтүргөндүктөрүнөн. Бул алардын баш ийбегендиги жана чектен ашкандыктарынан болду.

62. Акыйкатта, ыйманга келгендер, иудейлер, христиандар, сабилер[1] Аллахка жана Кыйамат Күнүнө ишенишсе жана жакшылык иш кылышса, аларга Эгеси тарабынан сыйлык бар, аларга эч кандай коркунуч да, кайгы-капа да болбойт.

63. Биз силер менен келишим түздүк[2] жана силердин үстүңөргө тоону көтөрдүк[3]. Биз силерге тартуулаганды бекем кармагыла. Андагы нерселерди бекем эске туткула, мүмкүн силер такыба болорсуңар.

64. Андан соң силер баш тарттыңар, эгер Аллахтын жакшылыгы жана мээримдүүлүгү болбогондо силер зыйан тартуучулардан болмоксуңар.

65. Силердин араңардагы ишемби күндү[4] бузгандарды билесиңер. Биз аларды: «Кор болгон маймылдарга айлангыла!» - дедик[5].

66. Биз муну ошол убакыттагы адамдар үчүн, келечек муундар үчүн жана такыбаларга үлгү-насаат (болсун үчүн) кылдык.

67. Муса өзүнүн элине: «Аллах силерге уй сойууну буйурду», - деди. Алар: «Сен бизди шылдыңдап жатасыңбы?» - дешти. Ал (Муса): «Наадандардан болуп калбоону Аллахтан сурайм», - деди.

68. Алар айтышты: «Өзүңдүн Эгеңе[6] кайрыл (Жаратканддан сура), ал кандай уй экендигин бизге түшүндүрүп берсин». Ал: «Уй карыган да, жаш кунажын дагы болбосун, ал ушулардын ортосундагы уй болсун. Өзүңөргө кылынган буйрукту аткаргыла!» -деди (Муса).

69. Алар (Мусага): «Биз үчүн Эгеңе дуба кыл, ал бизге уйдун түсү кандай болуусу керектигин түшүндүрсүн»- дешти. (Муса) айтты: «Аллахтын айтканына караганда: «Ал уй көргөн көздү кубандырган, ачык сары түстүү болсун».

70. Алар: «Өзүңдүн Эгеңе биз үчүн дуба кыл. Ал бизге уйдун кандай эке-

---

1 Иудейлердин, же христиандардын бир тайпасы

2 Бул келишим бойунча алар өздөрүнүн Эгесинин бардык эреже, буйруктарын аткарууга тийиш болушкан

3 Тур тоосу, б. а. Синай тоосу. Азирети Муса пайгамбар Аллахтан кабар-буйруктарды ошол Тур тоосунда туруп элине алып келген, ал эми Мусанын коому ошол тоонун түбүндө жашап турушкан

4 Иудейлердин мыйзамы бойунча ал күнү эч кандай жумуш кылбай, аң уулоого да барбай, күндү жалаң гана Кудайга сыйынуу менен өткөрүүгө тийиш болушкан. Тигилер аны бузушкан

5 Алар маймылдарга айлантылып салынган

6 Алардын Эгеси эмес, жеке гана Мусаныкы өңдүү кайрылышканы байкалууда

нин түшүндүрсүн, анткени ал уй бизге күмөндүү болуп жатат. Эгер Аллах кааласа биз Туура жолдо болобуз»,- дешти.

71. (Муса) айтты: «Аллахтын буйругунда: Ал уй кордолуп жер айдабаган жана жер сугарбаган[1], айыбы жок[2], өз өңүнөн башка өңү болбогон болсун!» Алар: «Мына, азыр сен чындыкты айттың[3]», - дешти. Ошентип, алар бир аз кыйналышып, аны сойушту[4].

72. Бирөөнү өлтүрүп койуп, ал тууралуу өз ара талаш-тартышка түштүңөр, Аллах силер жашырганды ачыкка чыгарат.

73. Биз аларга: «Аны сойулган уйдун бир белүгү менен ургула!» - дедик. Ошол сыйактуу эле Аллах өлүктөрдү тирилтет, силер акылыңарга келүүңөр үчүн силерге өз кереметтерин көргөзөт.

74. Андан соң силердин жүрөгүңөр таш сыйактуу, же андан да катуурак болуп калды. Анткени таштардын арасынан сызылып агып чыккан булактар бар, алардын арасында ташты жарып агып чыккандары жана алардын арасында Аллахтан корккондугунан төмөн аккандары да бар. Аллах силердин жасап жатканыңарды байкабай калбайт.

75. Чындап эле силер[5] аларды[6] ыйман келтирет деп үмүттөнүп, каалап турасыңарбы? Ырасында, алардын бир бөлүгү Аллахтын сөздөрүн угуп туруп, акыл калчаган[7] соң, билип (түшүнүп) туруп эле өзгөртүп жиберишкен.

76. Алар качан ыймандууларга жолуккан кезде: «Биз ишенебиз[8]», - дейт. Качан (өздөрү) бир-бири менен өзүнчө жолуккан кезде: «Аллах силерге ачкан нерселер[9] жөнүндө өз зыйаныңарга Эгеңердин алдында далил кылуулары үчүн аларга[10] айтып берип жатасыңарбы? Акылыңарга келбейсиңерби?»-дешет.

77. Ырасында, Аллах алардын[11] жашырып жаткандарын жана алардын ашкере кылгандарын да билип турарын алар билишпейби?

---

1 Аны менен суу ташылбаган. Ошол доордо уйга артып суу ташып келип жер сугарган учурлар болгон

2 Кемчилиги жок (мисалы: кулагы кесилбеген, таноосу жырылбаган, жоору жок ж.б. айыбы жок уй).

3 Буга чейнн Муса калп айтып жаткан өндүү мамиле кылгандары байкалууда

4 Эгерде алар буйрук келер менен белгилерин сураштырып отурбай эле бир уйду сойгондо мынчалык убара болушпас эле.

5 Мусулмандар

6 Иудейлер

7 Акылдары жетнп туруп деле, атайылап

8 Аллах Таалага, Анын пайгамбарына жана Куранга

9 Тооратта айтылгандарды.Мисалы, Пайгамбарыбыз Мухаммед (а.с.)дын сыпатгарын

10 Мусулмандарга

11 Иудейлердин

**78.** Алардын арасында өз Китебин[1] билбеген, сабатсыздар өздөрүнүн курулай кыйалдарын гана билишет[2]. Алар тек гана божомолдошот.

**79.** Арзыбаган акчага сатуу үчүн өз колдору менен китеп жазып алышып, анан аны: «Бул Аллахтан келген» - дегендерге азап болсун! Аларга колдору менен жазгандары үчүн азап болсун! Алар кылган кесиптери[3] үчүн азап болсун!

**80.** Алар: «Бизди тозок оту бир нече күн гана күйгүзөт», - дешет. Аларга (минтип) айт: «Чын эле силер Аллахтан убада алдыңарбы? Аллах убадасын такыр өзгөртпөйт. Же силер Аллахка карата билбеген нерселериңерди эле айтып жатасыңарбы?»

**81.** Ооба! Ким жамандыктан пайда тапса жана күнөөгө чырмалып батса, анда алар - отту ээлөөчүлөр. Алар анда түбөлүккө калышат!

**82.** Ыймандуулар жана жакшылык иш кылгандар, алар Бейиш ээлери, алар- анда түбөлүккө болушат.

**83.** Биз Исраил урпактарынын убадаларын алганбыз: «Силер Аллахтан башка эч кимге сыйынбагыла, ата-энеңерге жакшылык кылгыла, намаз окугула жана зекет[4] бергиле», - дедик. Андан соң силердин көбүңөр баш тартып, артка кетенчиктедиңер[5].

**84.** Биз силерден: «Силер бир-бириңердин каныңарды төкпөйсүңөр жана бир-бириңерди турак жайыңардан кууп чыкпайсыңар»-деп келишим-убада алдык. Андан соң силер өзүңөр тастыктап, күбө болгон элеңер.

**85.** Андан соң да силер бири-бириңерди өлтүрүп жатасыңар, өзүңөрдөн болгон бир жамаатты турак жайынан чыгарып салып жатасыңар, алардын үстүнөн күнөө жана душмандык кылууда бир-бириңе жардам берүүдөсүңөр[6]. Эгер силерге туткундар келишсе[7], аларга силер төлөм төлөйсүңөр[8]. Аларды кууп чыгууга силерге тыйуу салынган болучу[9]. Ырас эле силер Китептин[10] бир бөлүгүнө ишенип, экинчи бир бөлүгүн четке кагасыңарбы? Силердин араңардагы мындай ишти кылганыңарга бул дүйнөдө кордук, ал эми Кыйамат күнүндө алар эң чоң азапка

---

1 Тооратты

2 Алардын дин кызматкерлери динди туура түшүндүрбөй алардын көзүн будамайлап, жалган үмүт каалоолорун козутушкан

3 Китебин сатып

4 Жетим-жесир, кедей, оорукчан, жолоочу, муктаж адамдарга милдеттүү түрдө берилүүчү салык - жардам

5 Убада, келишимден

6 Бул жерде сөз Мединалык иудейлерге да тиешелүү

7 Колго түшкөндөрдү сатуу үчүн кайра алып келишсе

8 Тооратта төлөм төлөөгө тыйуу салынган эле

9 Тооратта көргөзүлгөн бойунча

10 Тоораттын

таштала т. Аллах силердин эмне кылып жатканыңарды байкабай калбайт.

**86.** Алар бул дүйнөдөгү жашоону акыреттеги жашоосунун ордуна сатып алгандар, алардын жазасы жеңилдетилбейт, аларга жардам да берилбейт.

**87.** Биз Мусага Китеп бердик, анын артынан пайгамбарларды жөнөттүк. Биз Марйам уулу Исага ачык-айкын кабарларды бердик жана аны ыйык Жебреил менен бекемдедик. Ырасында, силерге көңүлүңөр каалабаган нерсе менен элчилер келген сайын менменсине бой көтөрө бересиңерби? Алардын кээ бирөөлөрүн жалганчы дедиңер, бир тобун өлтүрдүңөр.

**88.** Алар[1]: «Биздин жүрөгүбүз кулпуланган[2]», - дешет. Жок! Алардын каапырлыктары үчүн аларга Аллахтын наалаты тийди. Алардын өтө азы гана ыйман келтиришет.

**89.** Качан аларга Аллахтан алардагыны[3] тастыктай турган Китеп[4] келгенде, алар (иудейлер) андан мурун каапырларга каршы жеңиш суранып[5] келишкен эле, качан аларга билген нерсе келгенде, алар буга[6] ишенишпеди. Каапырларга Аллахтын каргышы болсун!

**90.** Аллах өзү каалаган пенделерине Өзүнүн ырайымы менен айаттарын жибергенине каршы чыгып, Аллах жиберген нерселерге каапырлык кылып, өздөрүн сатышы кандай жаман. Анан каар үстүнө каар алып кайтышты. Каапырлар үчүн кордоочу азап бар.

**91.** Качан аларга: «Аллах жөнөткөнгө ишенгиле» - делингенде, алар: «Бизге жөнөтүлгөнгө ишенебиз[7]», - дешет да, анын[8] артынан жөнөтүлгөндү[9] танышат. Ал[10] - алардагыны[11] тастыктоочу акыйкат. Аларга[12] : «Эмне

1 Иудейлер
2 Кулпу салынып бекитилген
3 Тооратты
4 Куран
5 «О Жараткан, болочок Пайгамбарың менен бул каапырларга каршы бизге жеңиш алып кел»- деп, дуба кылышаар эле
6 Пайгамбарыбыз Мухаммед (а.с.)га, Куранга. Тооратта Мухаммед (а.с.)дын келе турганы жана анын сыпаттары байандалган
7 Тооратка
8 Таураттын
9 Куранды
10 Куран
11 Тооратты
12 Иудейлер

үчүн ыймандуу болсоңор, анда мурда[1] Аллахтын пайгамбарларын өлтүрөсүңөр?» - деп айт.

**92.** Муса силерге ачык-айкын кабарлар менен келди. Бирок ал кеткенден кийин[2] силер музоого сыйынып алдыңар да, адашуучулардан болдуңар.

**93.** Биз силерден убада алып, силердин үстүңөргө Тур тоосун көтөрдүк[3]: «Силерге Биз бергенди күч-кубат менен алгыла да, уккула[4]!» - дедик. Алар: «Биз уктук, бирок баш ийбейбиз», - дешти. Өздөрүнүн каапырлыгы менен алардын жүрөктөрү музоого ибадат кылууга[5] сугарылан эле. «Эгер силер ыймандуу болсоңор, анда ыйманыңар буйруган нерсе кандай жаман», - деп айт.

**94.** «Эгерде Аллахтын алдындагы акырет жайы башка адамдарга эмес, силер үчүн гана болуп чынчыл болсоңор, анда өзүңөргө өлүмдү тилей бергиле,» - деп айт.

**95.** Бирок алар өз колдору менен кылган иштеринен улам аны[6] эч убакта үмүт этишпейт. Акыйкатта, Аллах - адашкандарды жакшы Билүүчү.

**96.** Чындыгында, сен алардын жана (Аллахка) ширк келтиргендердин[7] да жашоого өтө ач көз адамдардан экенин байкайсың. Алардан (ар) бири ага миң жыл жашоо берилишин үмүттөнөт. Бирок анчалык узун жашоо да аларды азаптан оолактата[8] албайт. Акыйкатта, Аллах алардын эмне кылгандарын Көрүүчү.

**97.** Айткын: «Жебреилге ким душман болсо...[9]» Анткени Аллахтын уруксаты менен ал аны[10] Туура жол, кубанычтуу кабар катары ыймандууларга алардын алдындагыны[11] тастыктоо үчүн сенин жүрөгүңө түшүргөн.

**98.** Ким Аллахка, Анын периштелерине, Анын пайгамбарларына, Жебреилге жана Микайилге[12] душман болсо, акыйкатта, Аллах - каапырлардын душманы.

---

1 Мурунку доорлордо алар бир нечелеген Аллахтын пайгамбарларын өлтүрүшкөн жана куугунтукка алышкан, алардын ичинде азирети Иса да бар.

2 Муса (а.с.) Тур тоосуна кеткенде анын коому музоонун сөлөкөтүн жасап ага сыйына баштаган

3 Тур тоосун үстүңөргө таштап жиберүү үчүн

4 Аллахтын буйругун

5 Ага сыйынууга

6 Өлүмдү

7 Ширк келтиргендер - Аллахтан башкага сыйынуучулар

8 Куткара

9 Ал - Аллахка душман!

10 Куранды

11 Тооратты, Забурду, Инжилди

12 Микайил - периштенин аты

**99.** Биз сага ачык-айкын айаттарыбызды түшүргөнбүз. Ага анык адашкандар гана ишенбейт.

**100.** Алар[1] берген ар бир убаданын соңунда (алардын) бир бөлүгү аны (убаданы) таштап салышат[2]. Балким алардын көпчүлүгү ишенишпейт.

**101.** Качан аларга, өздөрүндө болгонду тастыктоо үчүн Аллахтан элчи[3] келгенде, китеп берилгендердин[4] бир бөлүгү Аллахтын Китебин билбеген өңдүү арт жактарына ыргытышты.

**102.** Сулаймандын[5] падышалыгы учурунда алар шайтандар окуганды ээрчишти. Сулайман каапыр эмес (эле), бирок шайтандар каапыр болчу. (Алар) адамдарды сыйкырга жана Бабилдеги[6] эки периште Харут менен Марутка[7] түшүрүлгөндү үйрөтүшкөн. Бирок (алар): «Биз сыноодобуз. Каапыр болуп калбагыла» - деп айтмайынча, ал экөө эч кимге (сыйкырды) үйрөтүшкөн эмес. Алар болсо тигилерден эркекти айалынан кантип ажыратууну үйрөнүшкөн. Бирок алар[8] Аллахтын уруксатысыз эч кимди ажырата алышкан эмес. Алар[9] өздөрүнө пайда келтирбей, тек гана зыйан келтире турган нерсени үйрөнүшкөн. Алар мындай ишти кылгандарга акыретте эч кандай үлүш жоктугун жакшы билишкен. Эгер алар[10] билишсе, сатып алгандары өз жандары үчүн кандай жаман!

**103.** Эгер алар ыйман келтирип жана такыба болушса, анда Аллахтын алдындагы сооп - эң мыкты, эгер аны билишсе.

**104.** Эй, ыйман келтиргендер! Пайгамбарга: «Рооинаа[11] - бизге көз сал»,- деп айтпагыла, «Бизди кара», - деп айткыла жана уккула! Каапырлар үчүн оорутуучу азап бар!

---

1 Иудейлер

2 Убадага турбайт

3 Мухаммед (а.с.)

4 Иудейлердин

5 Сулайман (а.с.) Аллахтын элчиси жана падыша болгон

6 Байыркы Вавилон шаары, падышалыгы. Тигр менен Ефрат дайраларынын бойунда жайгашкан

7 Эки периште. Алар абдан илимдүү болушкан жана Бабил (Вавилон) шаарына, адамдарды сыноо үчүн жиберилген. Алар адам кебетесинде болушкан. Өздөрүнөн илим үйрөнүүнү суранып келгендерге илим үйрөтүшкөн, илимди жаман максаттарга колдонууга болбостугун, эгер антишсе каапыр болуп, Аллахтын азабына кабылышаарын адамдарга катуу эскертишкен; шайтандар болсо адамдарды ошол илимдерди жаман максаттарга, сыйкырга пайдаланууга азгырышкан.

8 Эркек менен айалды ажыратып салгандар

9 Адамдар

10 Каапыр болгондор

11 Бул сөз арабча, бирок иудейлер тилинде тилдөө үчүн колдонулган. Иудейлер бул свздү Пайгамбарга колдонуп, ичинде тилденүүнү ниет кылышаар эле. Ошондуктан Аллах бул сөздү колдонбоого буйрук берген

**105.** Китеп ээлеринен[1] болгон жана көп кудайчылардан чыккан каапырлар[2] силерге, силердин Эгеңерден жакшылык түшүүсүн жактырышпайт. Аллах Өз мээримдүүлүгү менен кимди кааласа тандайт. Аллах улуу ырайымдуулуктун ээси.

**106.** Биз айаттарыбызды[3] өзгөртсөк, же аны унуттурсак[4], анын[5] ордуна андан жакшысын, же ага окшошун келтиребиз. Чынында эле, Аллах бардыгына кудурети жетээрин билбейсиңби?

**107.** Акыйкатта сен асмандар менен жердин бийлиги Аллахта гана экендигин, Аллахтан башка силерде тарапкер[6] да, жардамчы да жок экендигин билбедиңби?

**108.** Мүмкүн силер өзүңөрдүн пайгамбарыңардан, мурда Мусадан сурагандай суроону[7] каалап жатасыңарбы? Бирок, эгер ким ыйманды ишенбөөчүлүккө алмаштырса, ал Туура жолдон адашканы.

**109.** Китеп ээлеринен[8] болгон кайсыл бир топтор акыйкат байандалган соң, көралбастык жана каапыр абалдарында силерди ыйманга келгениңерден кийин, каапырга айландыргылары келишет. Аллахтын буйругу келгенче аларды кечиргиле жана алардан жүз үйүргүлө! Аллах - бардык нерсеге кудурети жетүүчү!

**110.** Намазга тургула жана зекет[9] бергиле! Ошондо өзүңөр үчүн мурда жасаган жакшылыгыңарды Аллахтын алдынан табасыңар. Албетте, Аллах силердин эмне кылганыңарды Көрүүчү.

**111.** Алар[10]: «Бейишке иудей же христиан болгондон башка эч ким кире албайт», - дешет. Бул - алардын үмүт-тилеги гана! Аларга: «Эгер айтканыңар чын болсо, далилиңерди[11] келтиргиле!» - деп айт.

**112.** Жок! Ким жүзүн Аллахка арнап бурса[12] жана жакшылык кылуучу болсо, анын сыйлыгы - Эгесинин алдында. Алардын үстүнөн коркунуч да, кайгы-капа да эч болбойт.

---

1 Иудейлерден жана христиандардан

2 Тигилери да, булары да Куранга ишенишпеген жана мусулмандарга карата көрө албастык, же душмандык маанайда болушкан

3 Куран айаттарын

4 Аллах айрым айаттардын өкүмүн өзгөрткөн. Айрым айаттарды пайгамбардын жүрөгүнөн алып салган.

5 Айаттардын

6 Сактоочу, Коргоочу, Болушуучу

7 Кычы, керексиз, талаш, же оңтойсуз суроолорду берүүнү

8 Иудейлер жана христиандар

9 Милдеттүү түрдөгү жардам; ал жетим-жесир, жакыр, оорукчан ж.б.у.с. муктаждарга берилет

10 Иудейлер жана христиандар

11 Алардын ыйык китептеринде да бул өңдүү мааниде сөз жок

12 Ага мойун сунуп, буйруктарын аткарса

**113.** Китепти окуп алып деле иудейлер: «Христиандар түз жолдо эмес»- дешет, ал эми христиандар: «Иудейлер түз жолдо эмес», - дешет. Алардын ушул өңдүү сөздөрүн эч нерсени билбегендер[1] да кайталашат. Алардын ортосундагы талашып жаткан нерселери тууралуу Аллах Кыйамат күнүндө өз өкүмүн чыгарат.

**114.** Аллахтын ысымдары эскерилип, макталып жаткан Ага сыйынуучу жайларды[2] кыйратып-бузууга аракеттенгенден да ашкан адашкан бирөө барбы[3]?! Алар мечиттерге корккон абалда гана кирүүгө тийиш эле. Алар үчүн бул дүйнөдө кордук, ал эми акыретте чоң азап бар.

**115.** Чыгыш да, Батыш да Аллахка гана таандык. Силер кайда гана бурулбагыла, ал жакта Аллахтын жүзү[4]. Албетте, Аллах -Камтуучу, Билүүчү!

**116.** «Аллах өзүнө уул алды», - дешти[5]. Ага - аруулук[6]. Жок! Ага асмандар менен жердеги бардык нерселер таандык. Баары Ага баш ийет!

**117.** Ал - асмандар менен жердин Жаратуучусу. Ал бир иштин болуусун каалаcorrect: «Бол!» - дейт, ал (дароо) болуп калат.

**118.** «Аллах биз менен сүйлөшпөйбү, же бизге белги (далил) келбейби?» - деп билбегендер[7] айтышат. Алардыкына окшогон сөздөрдү аларга чейинкилер да айтышкан эле. Алардын жүрөктөрү бири-бирине окшош. Биз ишенген адамдар үчүн Өз белгилерибизди[8] байандадык.

**119.** Биз сени акыйкаттык менен кабарды жеткизүүчү, эскертүүчү кылып жөнөттүк жана сен от ээлери жөнүндө[9] суралбайсың.

**120.** Иудейлер да, христиандар да, сен алардын динине ээрчимейинче ыраазы болушпайт. (Аларга): «Аллахтын жолу - акыйкат жол!» - деп айт. Эгер сага маалымат[10] келген соң алардын көңүлдөрүн ээрчисең, анда сага Аллахтан тарапкер да, жардамчы да болбойт.

**121.** Биз (тараптан) Китеп берилгендер аны (Куранды) татыктуу түрдө оку-

1 Сөлөкөттөргө, б. а. жалган кудайларга сыйынгандар

2 Мечиттерди

3 Көп кудайчылар мусулмандарды Каабага, мечитке барып, Аллахка сыйынууга түрдүү тоскоолдуктарды жасашкан.

4 Бардык жерде Аллахтын болуп туруусу; ааламда Ал болбой калган эч бир боштук, тарап жок

5 Христиандык түшүнүк бойунча Иисус, же Иса «Ыйык Троицадагы» (Ата, Уул, Рух) экинчиси, б. а. Уул болуп саналат дешет. А иудейлер болсо Узайр пайгамбарды кудайдын уулу деп эсептейт. Ал эми көп кудайчылар «периштелерди кудайдын кыздары» деген наадандык түшүнүктө болушкан.

6 Аллах балага, же айалга ж.б.у.с. нерселерге муктаж эмес

7 Мекке каапырлары

8 Далилдерди

9 Тозокко түшкөндөр

10 Вахий - кабар

шат, алар ага ыйман келтиришет. Ал эми ага ишенбегендер коромжуга учурашат.

**122.** Эй, Исраил урпактары! Менин силерге берген ырайымдуулугумду эстегиле, акыйкатта, Мен силерди ааламдардагылардан артык кылдым[1].

**123.** Бир жан башка бир жандын күнөөсүн көтөрбөй турган, күнөөсүнө төлөм да алынбай турган жана колдоо да пайда бербей, жардам да кылынбай турган Күндөн[2] корккула!

**124.** Ибрахимдин Эгеси (ага) буйруктарды берип сынады. Ал[3] аларды аткарды. (Эгеси) ага: «Мен сени элдерге өрнөк[4] кылам!» - деди. «Менин урпактарымчы?» - деди (Ибрахим). «Менин убадам адашкандарга жетпейт»[5], - деди (Эгеси).

**125.** Ошентип, Биз бул Үйдү[6] адамдар жыйнала турган тынч жай кылдык жана: «Ибрахимдин ордун намаз окуучу жай кылып алгыла!» - дедик. Биз Ибрахим менен Исмаилге келишим кылдык. Менин Үйүмдү айлануучулар[7] менен анда тургандар жана намаз окуучулар үчүн тазалагыла.

**126.** Ибрахим айтты: «Эгем! Бул жерди тынч кыл. Аллахка жана акырет күнүнө ыйман келтирген элине мөмө-жемиштерден ырыскы бер.» Ал (Аллах) айтты: «Каапырларды Мен азыраак гана пайдалантам. Андан соң аларды оттун азабына аргасыз кылам. (Ал) кандай жаман - кайтып баруучу жай!»

**127.** Ибрахим менен Исмаил Үйдүн[8] дубалын түптөдү. (Алар): «Оо, Эгебиз! Бизден кабыл кыла көр. Албетте Сен Угуучу жана Көрүүчүсүң!» (дешти).

**128.** «Оо, Эгебиз! Бизди Өзүңө баш ийүүчүлөрдөн кыл жана биздин урпактарыбыздан да Өзүңө баш ийүүчү кыла көр. Ибадат кылуу жолдорун үйрөт. Биздин тооболорубузду кабыл кыла көр. Албетте, Сен тооборорду Кабыл кылуучу, Мээримдүүсүң!»

**129.** «Оо, Эгебиз! Аларга өздөрүнүн арасынан Сенин айаттарыңды окуп, аларга жеткире турган, аларга китепти (Куранды), даанышмандыкты

---

1 Мусанын учурунда Аллах аларды сыйга бөлөп, аларга Муса пайгамбарды жана Тооратты жөнөтүп, аларды артык кылган. Бирок, алар ошондо, андан кийинки доорлордо да улам-улам күнөө жана жаңылыштыктарга бата беришип, кийинки доорлордо дүйнө жүзүнө таратылып салынган. Ошентип, Кудай берген артыкчылыкты тутуна алышкан эмес.

2 Кыйамат

3 Ибрахим

4 Имам

5 Аларга берилүүгө тнйиш эмес

6 Ыйык Мекке шаарындагы Каабаны

7 Аллахка сыйынуучулар

8 Каабаны

үйрөтө турган жана аларды (ширктен) тазалай турган бир элчи жибер. Албетте, Сен Ызааттуу, Даанышмансың!»

**130.** Өзүнө наадандык кылгандан бөлөк ким Ибрахимдин дининен баш тартат? Биз аны бул дүйнөдө тандадык, ал эми акыретте, албетте, ал эң жакшы иштерди жасоочулардан.

**131.** Ага анын Эгеси: «Мага мойун сун!» - дегенде, «Мен ааламдардын Эгесине мойун сундум»[1], - деди.

**132.** Ибрахим да, Йакуп[2] да аны[3] балдарына осуйат кылды: «Эй, балдарым! Акыйкатта Аллах силер үчүн динди тандап берди. Силер мусулман болмойунча өлбөгүлө!»

**133.** Силер Йакупка өлүм келген кезинде күбө болдуңар беле? Ал[4] өзүнүн балдарына: «Мен өлгөндөн соң силер кимге сыйынасыңар?» - деди. Алар: «Биз сенин Эгеңе жана сенин аталарың - Ибрахимдин, Исмаилдин жана Исхактын Эгеси болгон бир Кудайга гана сыйынабыз. Биз - Ага баш ийүүчүлөрдөнбүз», - дешти.

**134.** Ал эл небак өтүп кетти. Аларга[5]- өздөрү жасаган иштери, ал эми силерге - өзүңөр жасаган иштериңер. Силер алардын эмне кылгандыгы жөнүндө суралбайсыңар.

**135.** Алар: «Иудей же христиан болгула, туура жолду табасыңар», - дешти. «Жок! Ибрахимдин дини таза[6], ал көп кудайчылардан болгон эмес», - дегин!

**136.** Айткыла: [7] «Биз Аллахка, бизге жөнөтүлгөнгө, Ибрахимге, Исмаилге, Исхакка, Йакупка, неберелерине жана да Муса менен Исага жөнөтүлгөнгө, бардык пайгамбарларга, Эгесинен жөнөтүлгөн нерселерге ишенебиз. Биз алардын арасынан эч бирөөсүн да ажыратпайбыз[8] жана Ага мойун сунуучуларданбыз.»

**137.** Эгер алар силер ишенип жаткандай ишенишсе, анда Туура жолду табышкан болмок. Эгер алар мойун толгошсо, анда тек гана талаш-тар-

1 Ибрахим Аллахка чексиз берилгендигин эки жолу далилдеген. Биринчиси: Ибрахим өз колу менен сөлөкөттөрдү талкалап салганы үчүн каапырлар аны отко ата турган болушканда да, Аллахка болгон берилгендигинен кайтпастан отко барган, каапырларга мойун сунган эмес. Экинчиси: өзүнүн эң жакшы көргөн уулу Исмаилди курмандыкка чалуу жөнүндө Аллахтан буйрук-сыноо келгенде, ал уулун Аллахтын ыраазылыгы үчүн курмандыкка чалган. Бирок, Аллахтын буйругу менен бычагы өтпөй калып, анын ордуна курмандык кылуу үчүн кочкор түшүрүлүп берилген

2 Йакуп - Ибрахимдин небереси жана Аллахтын атактуу пайгамбарларынын бири

3 Мойун сунууну

4 Йакуп

5 Иудейлерге тиешелүү

6 Ибрахим өзү да «ханиф - таза, көп кудайга табынбаган» болгон

7 Эй , ыймандуулар!

8 Бирине ишенип, бирине ишенбей койбойбуз.

тышта. Аллах сени аларга жетиштүү кылып койот. Ал - Угуучу жана Билүүчү.

**138.** Аллахтын дини... Дин жагынан Аллахтан ким мыкты? Биз Ага гана сыйынуучуларданбыз!

**139.** Айткын: [1] «Аллах жөнүндө бизге каршы чыгасыңарбы? Ал биздин да Эгебиз, силердин да Эгеңер, бизге - өзүбүздүн жасаган амалдар,[2] ал эми силерге - өзүңөрдүн жасаган амалдарыңар (таандык). Биз Ага ыкылас кылуучуларданбыз.»

**140.** Ибрахим, Исмаил, Исхак, Йакуп жана (алардын) урпактары иудейлер же христиандар болгон деп айтасыңарбы?» «Силерби, же Аллах жакшыраак билүүчүбү?» - дегин. Өз алдындагы күбөлүк берүүнү Аллахтан жашыргандан да катуу адашкан бирөө болобу? Акыйкатта, Аллах силердин эмне кылып жатканыңарды байкабай калбайт.

**141.** Ал эл небак өтүп кетти, аларга өздөрү жасаган иштери, силерге өзүңөр жасаган иштериңер (таандык). Силер алардын эмне кылгандыгы жөнүндө суралбайсыңар.

**142.** Адамдардын кээ бир наадандары: «Алар жүз буруп келген Кыбыласын эмне үчүн таштап койушту?[3]» - деп айтышат. Аларга[4]: «Чыгыш да, батыш да Аллахка таандык. Ал каалаганын Туура жолго салат», - деп айткын.

**143.** Силер (башка) адамдарга күбө болууңар жана пайгамбар[5] силерге күбө болуусу үчүн Биз силерди орточо[6] үммөт[7] кылдык. Артка жүз буруп кеткендердин кимиси пайгамбарды ээрчирин билүүбүз үчүн силердин кыбылаңарды Биз өзгөрттүк. Бул - Аллах оң жолго баштагандардан башкаларына абдан оор (сезилет). Аллах силердин ыйманыңарды жок кылбайт. Чындыгында Аллах - адамдарга Ырайымдуу, Боорукер!

**144.** Биз сенин жүзүңдүн асманга бурулганын көрүп турабыз. Ошондуктан өзүң ыраазы болгон кыбылага аны алмаштырабыз. Эми жүзүңдү Харам[8] Мечити тарапка бур. Кайсыл жерде болсоңор да, жүзүңөрдү ошол тарапка бургула. Чындыгында, китеп берилгендер негизинен кыбыланын алмашуусун - Эгеңден келген бир чындык экендигин билишет. Аллах алардын иш-амалдарынан кабарсыз[9] эмес.

---

1 Эй, Мухаммед!

2 Кылган иштери

3 Башка кыбылага карап калышты

4 Эй, Мухаммед!

5 Мухаммед (а.с.)

6 Адилеттүү, мыкты

7 Эл, тайпа, коом, жамаат...

8 Мекке шаарында

9 кайдыгер эмес

**145.** Китеп ээлерине ар кандай кереметтерди көрсөтсөң да, алар сенин кыбылаңа жүз бурушпайт. Сен да алардын кыбыласына жүз бурбайсың. Алардын айрымдары башкаларынын Кыбыласына да жүз бурушпайт[1]. Сага ачык кабар келген соң, сен алардын каалоосун ээрчисең, албетте, анык заалымдардан[2] (болосуң).

**146.** Биз китеп бергендер аны[3] өз уулдарын тааныгандай эле таанышат.Анткени алардын бир бөлүгү[4] чындыкты билип туруп жашырышат.

**147.** Акыйкаттык бул - сенин Эгеңден (гана). Ошондуктан эч качан шектенгендерден[5] болбо.

**148.** Ар кимдин өзүнүн бурулуучу тарабы[6] бар. Жакшылыкта[7] жарышкыла. Кайда болсоңор да Аллах баарыңарды чогултат[8]. Аллах - бардык нерсеге Кудуреттүү.

**149.** Сен кай тараптан чыксаң да жүзүңдү Харам Мечити тарапка бур. Анткени бул - Эгеңден (келген) акыйкат. Аллах силердин амалыңардан кабарсыз[9] эмес.

**150.** Сен кай тараптан чыксаң да, жүзүңдү Харам Мечити тарапка бур. Адамдардын арасындагы заалымдардан башкалары силерге каршы далил келтире албашы үчүн кайсыл тарапта болсоңор да, жүзүңөрдү ал тарапка бургула. Силерге жакшылыктарымды толук берүүм жана Туура жолдо болууңар үчүн алардан коркпогула, Менден (гана) коркула! Мүмкүн силер Туура жолго түшөөрсүңөр.

**151.** Биздин айаттарыбызды окуп, силерди (күнөөдөн) тазалай турган, Китеп[10] менен даанышмандыкты, силер мурда билбеген нерселерди үйрөтө турган бир элчини[11] силердин араңардан жибердик.

---

1 Б.а. бир динде болуп туруп, ар кимиси ар кыл кыбыланы карманышат

2 Өз напсине заалымдык кылуучу

3 Куранды

4 айрым аалымдарынан

5 Курандын Аллах Тааладан экендигинен

6 Кыбыласы. Маселен христиандардын өзүнчө.

7 Дин амалдарын аткарууда, Аллахка жагуу үчүн.

8 Кыйамат Күнү Махшар майданына

9 Кайдыгер эмес

10 Куран

11 Мухаммедди (а.с.)

**152.** Мени эстегиле[1], (ошондо) Мен да силерди эстейм[2]. Мага шүгүр кылгыла[3]. Мага каапырдык кылбагыла[4].

**153.** Эй, ыйман келтиргендер! Сабырдуулук жана намаз менен жардам[5] сурагыла. Чындыгында Аллах - сабырдуулар менен бирге.

**154.** Аллах жолунда өлтүрүлгөндөрдү[6] «өлүктөр» деп айтпагыла. Жок! Алар - тирүү. Бирок силер сезбейсиңер.

**155.** Биз силерди коркунуч жана ачкачылык сыйактуу нерсе менен[7], ошондой эле мал-мүлкүңөрдү, жаныңарды[8], түшүмүңөрдү кемитүү аркылуу сынайбыз. Сабыр кылгандарга[9] сүйүнчүлө!

**156.** Аларга кайгы-балээ келгенде, алар: «Чындыгында биз Аллахка таандыкпыз жана Ага кайтуучубуз», - деп айтышат.

**157.** Аларга Эгесинен ырайым, ыраазылык (бар) жана алар Туура жолдогулар.

**158.** Сафа менен Марва[10] - Аллахтын белгилеринен. Кимде-ким Үйгө[11] ажылыкка келип[12], же зыйарат[13] кылса, ага экөөсүн[14] (тең) айланууда күнөө жок. Анткени Аллах - шүгүрчүлүктү кабыл кылуучу, Билүүчү.

**159.** Чындыгында, Биз ачык-айкын өкүмдөрдү жана Туура жолду Китепте[15] адамдарга байан кылынгандан кийин, аны жашыргандарга Аллах наалат айтат. Ошондой эле каргыш айтуучулар[16] да аларды каргашат.

**160.** Бирок тообо кылып, абалдарын оңдогондордун жана (чындыкты[17]) бай-

1 Ибадат кылгыла

2 Кыйын күндөрдө жардам берем, оор абалдан абийирдүү алып чыгам...

3 Менин жакшылыктарымды чанбай, ибадатыңар аркылуу ыраазылык билдиргиле

4 Менин айаттарымды чанбагыла, Менин жакшылыктарымды танбагыла, Мага шүгүр келтиргиле

5 Менден б.а. Аллах Тааладан

6 Шейит кеткендерди

7 Кыйынчылык, балээ, кырсык ж.б.у.с.

8 М: жакындардын жанын алуу менен

9 Жогоруда аталган Аллах Тааланын сыноолорун сабыр менен жеңгендерге

10 Сафа менен Марва - Ажар эне чуркаган Меккедеги эки дөңсөөнүн аты. (Пайгамбарлар тарыхын караңыз)

11 Меккедеги Аллах Тааланын Үйүнө - Каабага

12 Бул жерде парз ажылык тууралуу сөз болууда

13 Бул жерде кичи ажылык, т.а. умра тууралуу сөз болууда

14 Сафаны жана Марваны

15 Куранда

16 Периштелер

17 Курандагы чындыкты

ан кылгандардын күнөөлөрүн кечиремин жана Мен - тооболорду кабыл кылуучу мээримдүүмүн.

161. Чындыгында, каапырлар менен каапыр абалында өлгөндөргө Аллахтын, периштелердин жана жалпы адамдардын каргышы (болсун)!

162. Ал жерде[18] алар түбөлүккө калышат. Алардын азабы жеңилдетилбейт, мүмкүнчүлүк[19] да берилбейт.

163. Кудайыңар - Жалгыз, Мээримдүү жана Ырайымдуу! Андан башка кудай жок.

164. Чындыгында, асмандардын жана жердин жаралуусунда, түн менен күндүн алмашуусунда, адамдарга пайдалуу болуп деңиздерде сүзүп жүргөн кемеде, асмандан Аллах суу түшүрүп, жерди өлгөндөн (кайра) кийин тирилтүүсүндө, андагы[20] ар түрдүү жаныбарлардын таралуусунда, шамалдардын багытынын өзгөрүшүндө, жер менен асмандын ортосундагы баш ийген[21] булуттарда - акыл-эстүү адамдар үчүн Аллахтын[22] белгилери[23] бар.

165. Адамдардын айрымдары[24] Аллахка өзгөнү[25] теңеп, аны[26] Аллахты сүйгөндөй сүйөт. Ыймандуулардын Аллахка болгон сүйүүсү[27] күчтүүрөөк. Заалымдар азапты көргөн кезде бүткүл кубат Аллахка таандык экенин жана чындыгында Аллахтын азабы катуу экенин көрүшөт.

166. (Кыйамат күнү) ээрчитүүчүлөр[28] ээрчигендерден ажырайт жана азапты көргөндө алардын өз ара байланыштары (толук) үзүлөт.

167. Ал ээрчүүчүлөр: «Аттиң, бизге кайтаар[29] күн болсо кана. Алар бизден ажырагандай, биз да алардан ажырамакпыз», - дешет. Ушинтип, Аллах алардын жасаган иштери өздөрүнө өкүнүчтүү экенин көрсөтөт. Андыктан, алар - Тозоктон чыгуучулардан эмес.

---

18 Тозокто

19 Каапырлардын кайра бул дүйнөгө келип ибадат кылууну суранган суранычы орундалбайт

20 Жер бетиндеги

21 Аллахка

22 Б.а. Аллах Тааланын бирлигин жана барлыгын шексиз кылып далилдеген

23 Эскертүү

24 Мушриктер - Аллах Таалага шерик кошуучулар

25 М: Иса пайгамбарды, Будданы..., жалган кудайларды, сөлөкөттөрдү ж.б.у.с «шерик» кылышат

26 «Шериктерди» - жалган кудайларды, сөлөкөттөрдү

27 Мушриктердин, Аллах Таалага шерик кошуучулардын сүйүүсүнөн алдаганча күчтүүрөөк

28 Жалган кудайлар, буддар ж.б.у.с.

29 Бул дүйнөгө кайра кайтаар

168. Эй, адамдар! Жер жүзүндө болгон адал нерселерден гана жегиле, шайтанды ээрчибегиле! Чындыгында ал[1] силерге анык[2] душман.

169. Силерди жамандыкка, ыпластыкка жана Аллах тууралуу силер билбеген маалыматты[3] айтууга буйурат.

170. Аларга[4]: «Аллах түшүргөндү[5] ээрчигиле!» - деп айтса, алар: «Жок, биз ата-бабаларыбыздан калган нерселерди[6] ээрчийбиз», -дешет. Ата-бабалары эч нерсеге акыл калчап, туура жолго түшпөгөн болсо да ээрчишеби?!

171. Каапырлардын мисалы: үндү, кыйкырыкты угуп, (бирок анын маанисин) түшүнбөй турган (адам) сыйактуу. (Булар) дүлөй, сокур[7], дудук. Алар эч нерсени[8] түшүнүшпөйт[9].

172. Эй, ыйман келтиргендер, Биз насип кылган ырыскылардан жегиле. Эгер чындап эле Ага сыйынчу болсоңор, Аллахка шүгүр кылгыла!

173. Ал[10] силерге өлүктүн этин[11], канды[12], чочконун этин, Аллахтын ысмы аталбастан сойулган малдардын этин жешти арам кылды[13]. Ким бузуку болбогон, чектен ашпаган абалда аргасыз[14] болсо, анда - ал күнөө болбойт. Анткени Аллах - Кечиримдүү, Боорукер.

174. Аллах түшүргөн Китептеги жазууларды[15] жашыргандар жана арзыбаган баага саткандар отту жешет[16]: Кыйамат күнү Аллах алар менен сүйлөшпөйт; аларды (күнөөлөрдөн) тазалабайт; алар үчүн - оорутуучу азап (бар).

---

1 Шайтан

2 Ошондуктан ал ар дайым адам баласын азгырып, жолдон адаштырат

3 М: Аллах Таалага шерик кошууну, Аллах Таала арам кылган нерселерди «адал» катары кабылдоону үйрөтөт ж.б.у.с.

4 Мушриктерге

5 Куранды

6 М: дин, ишеним, ырым-жырымдарды ж.б.у.с. нерселерди

7 Кулактары, тилдери, көздөрү соо туруп, акыйкат үчүн колдонушпайт

8 Аллах Таала, Куран, Акырет, сооп, күнөө, Бейиш, Тозок ж.б. тууралуу жаңылыш түшүнүктү карманышат

9 Бардык жандуулардын аккан канын, ал тургай Аллахтын Ысмы аталып мууздалган, адал малдыкы болсо да.

10 Аллах Таала

11 Аллах Тааланын ысмы аталып мууздалбастан өзү арам өлүп калган малдардын жана жеш арам болгон бардык айбандардын этин

12 Бардык жандуулардын канын, ал тургай Аллах Тааланын ысмы аталып мууздалган адал малдагы болсо да

13 Тыйуу салды Б бир аз жеп, убактылуу мөөнөткө, жан сакташ үчүн

14 бир аз жеп, убактылуу мөөнөткө, жан сакташ үчүн

15 Тоорат, Забур, Инжил

16 Курсактарына жалын-от жедирилет

**175.** Алар Туура жолдун ордуна адашууну жана кечиримдин ордуна азапты сатып алгандар. Алар отко кандай чыдашат?

**176.** Аллах Китепти[1] чындык менен түшүрдү, ал эми китеп[2] тууралуу талашкандар албетте, [3]алыс [4]бөлүнүп- жарылууда.

**177.** Жүзүн чыгышка же батышка буруу эле жакшылык эмес. Жакшылык бул - Аллахка[5], Кыйамат күнүнө, периштелерге, китептерге, пайгамбарларга ыйман келтирүү. Жакындарына, жетимдерге, кедейлерге, жолоочуга, тилемчилерге, күң-кулдарга жакшы көргөнүнө[6] карабай мал-дүнүйөсүн бергендер, намаздарды толук окугандар, садака бергендер, эгер убада берсе убадасына тургандар, кедейликте, кырсыкта жана согушта сабырдуу болгондор. Ушулар[7] - чынчылдар, мына ушулар - такыбалар.

**178.** Эй, ыймандуулар! Өлтүрүлгөндөр үчүн өч алуу (да) силерге буйрулду[8]: азат[9] (адам) үчүн - азат (адам); кул үчүн - кул; айал үчүн - айал (жазалансын). Ким анын[10] тууганы тарабынан кечирилсе, анда жакшылыкты[11] ээрчип, жакшылыкча[12] аткаруу зарыл. Бул - Аллахтын[13] жеңилдиги жана Ырайымы. Ал эми ким андан кийин[14] чектен ашса, анда ага - оорутуучу азап (бар).

**179.** Эй, акыл ээлери! Силер үчүн өч алууда - жашоо[15] бар. Балким силер (Аллахтан) коркоорсуңар.

**180.** Силердин бирөөңөргө өлүм келсе, эгер ал (артында) мурас (байлык) калтырса, ал ата-энесине жана жакындарына тууралык менен осуйат кылуу парыз кылынды (буйрулду)[16]. Аллахтан коркуучуларга бул-милдет.

---

1 Куранды

2 Куран жөнүндө

3 Акыйкаттан алыс

4 Ошондуктан өз ара

5 Аллах Тааланын бар экендигине жана жалгыз экендигине чын жүрөгү менен ишенип

6 Өзүнө керек болсо да

7 Ушул айтылгандарды аткаргандар

8 Аллах Тааладан

9 Азат - кул эмес, эркин адам

10 Өлтүрүлгөн адамдын бир тууганы

11 Кунун алууда орой мамиле кылбай

12 Кунду өз мөөнөтүндө толук берип

13 Силерге, адамдарга Аллах Таала тарабынан берилген жеңилдик

14 Өлтүрүлгөн адам үчүн, же башка бирөө өлтүрүлүп өч алынып, же кун алынгандан кийин да күнөөкөр тарапка зулумдук кылып, Аллах Таала белгилеген чектен ашса

15 Анткени өч алуудан коркуп, бирөөнүн өмүрүнө кол салбай, өзүнө да, өзгөгө да жашоо берет

16 Аллах Таала тарабынан

**181.** Ким осуйатты уккандан кийин өзгөртсө[1], анда күнөө - өзгөртүүчүдө болот. Чындыгында Аллах - (баарын) Угуучу, (баарын) Билүүчү.

**182.** Ким осуйат кылуучунун каталык, же күнөө ишинен коркуп, аны менен мурас алуучулардын ортосун оңдоп[2] койсо, анын күнөөсү болбойт. Чындыгында, Аллах - Кечиримдүү, Боорукер.

**183.** Эй, ыймандуулар! Силерден мурдагыларга буйрулгандай эле, силерге да орозо кармоо буйрулду. Бул орозо силердин такыба болууңар үчүн (буйрулду).

**184.** (Орозо) эсептелүү күндөрдө гана (кармалат). Силерден ким (орозо мезгилинде) ооруп калса, же сапарга аттанса, анда ал күндөрдүн[3] ордуна башка күндөрдө толуктап берет. Орозо тута албай турган адамдар[4] жакырдын тамагын төлөйт. Ким андан ашыкча жакшылык кылса[5]- ал өзүнө жакшы. Эгер билсеңер орозо кармооңор силер үчүн жакшы.

**185.** Рамазан айы - бул айда адамдарга туура жол болуп, ушул туура жолдун жана жакшы менен жаманды ажыратуучунун ачык далилдери болуп (көрсөтүлүп) Куран түшүрүлдү. Силерден ким ушул айга күбө болсо (туш келсе) орозо тутсун! Ал (бул айда) бирөө ооруп калып, же сапарга чыкса, башка күндөрдө санын толтурсун. Аллах силерге жеңилдикти гана каалайт, кыйынчылыкты каалабайт. Санды[6] толуктагыла, силерди туура жолго салганы үчүн Аллахты улуктагыла! Мүмкүн, силер шүгүр келтирээрсиңер.

**186.** Эгер пенделерим сенден Мен тууралуу сурашса: «[7] Мен жакынмын. Качан[8] Мага дуба кылса[9], дубасын кабыл кылам. Мага да жооп[10] кылышсын! Мага ыйман келтиришсин! Мүмкүн алар туура жолду табышаар» (дегин).

**187.** Силерге орозо түндөрүндө айалдарыңарга жакындоо адал кылынды[11]. Алар[12] силердин кийиминер, силер алардын кийимисиңер[13]. Аллах си-

---

1 Өзүнүн напсине ылайыктап өзгөртүп, милдеттенмени аткаруудан качса

2 Көзү өткөн адамдын мурастарын бөлүштүрүүдөгү катачылыктарды шарыйатка ылайыктап оңдоп койсо

3 Б.а. орозодон кийин болсо да башка күндөрдө орозону сөзсүз тутуу буйрулду

4 Маселен, катуу оорудан улам, же карылыктан

5 Кайыр садаканы көбүрөөк берип

6 Орозонун тутулбай калган күндөрүнүн санын

7 Качан болсо да, кайда болсо да

8 Качан да болсо, ар дайым

9 Тилек тилеп, бир нерсе сурап дуба кылышса

10 Буйруктарымды аткарышсын!

11 Жакындоого уруксат берилди

12 Айалдарыңар

13 Бири бириңе муктажсыңар

лер өзүңөргө кыйанаттык кылып жатканыңарды билип, тообоңорду кабыл кылып кечирди. Эми аларга[1] жакындай бергиле, Аллах силерге насип кылган нерсени[2] тилегиле. Ак жип менен кара жип даана таанылган таңга чейин тамактана бергиле. Орозону кечке чейин кармагыла! Мечиттерде туруп калсаңар[3], олтурсаңар, алар (айалыңар) менен кошулбагыла! Булар - Аллахтын чектери. Ага жакындабагыла! Аллах Өз белгилерин ушундай байандайт, балким алар такыба болушар.

188. Ортоңордогу мал-мүлк, байлыкты[4] өз ара арам жолдор менен жебегиле жана күнөө экенин билип туруп адамдардын байлыгынын бир бөлүгүн жеш үчүн[5] акимдерге[6] алып барбагыла.

189. Алар[7] сенден жаңы туулган ай тууралуу сурашат. «Ал - адамдар жана ажылык үчүн убакыт өлчөмү», - дегин. Үйлөргө артынан кирүүңөр - жакшылык эмес. Ким такыба болсо ошол жакшылык. Ошондуктан үйлөрүңөргө эшигинен киргиле жана Аллахтан корккула. Балким кутулаарсыңар[8]!

190. Силерге согуш ачкандар менен Аллах жолунда согушкула жана чектен чыкпагыла[9]. Чындыгында, Аллах чектен чыккандарды жакшы көрбөйт.

191. Аларды[10] кайсыл жерде тапсаңар[11], ошол жерде өлтүргүлө. Силерди алар жайдан[12] (Меккеден) кандай чыгарган (болсо), силер да аларды кууп чыккыла. Бузукулук[13] - адам өлтүрүүдөн да жаман. Алар өздөрү баштап Харам Мечитинин жанында согуш ачмайынча силер да ал жерде алар менен согушпагыла! Эгер алар согушса, силер да аларды өлтүргүлө. Каапырлардын жазасы - мына ушундай.

192. Эгер алар бузукулуктарын тыйышса, албетте, Аллах - Ырайымдуу, Боорукер.

193. Бузукулук токтоп, дин толугу менен Аллахка таандык болгонго чейин[14]

---

1 Айалдарыңарга

2 Уул-кызды

3 Ыйтикаф-өзүн чектеп олтуруп, мечиттен чыкпай жасалуучу ибадат

4 Бири-бириңердин акыңарды пара берип, пара алып, арамдан жебегиле

5 Пара берип, маселе чечиш үчүн

6 Башчылар, жетекчилер, акимдер, ... сыйактууларга

7 Эй, Мухаммед!

8 Тозоктон

9 Куранда белгиленген чектерден

10 Силерге каршы согушуп жаткан каапырларды

11 Көрсөңөр

12 Мекениңерден

13 Жалган айтып бүлгүн салуу, тополоң чыгаруу

14 Ислам дини дүйнө жүзүнө толук орногонго чейин

алар менен согуша бергиле! Эгер алар тыйылышса, анда душмандык жок. Душмандык - заалымдарга гана[1].

**194.** Ыйык айга[2] - Ыйык ай[3]. Ыйыктарда[4] деле өч алуу бар. Ким силерге кол салса, силер да сокку ургула, бирок Аллахтан корккула! Аллах -такыбалар[5] менен бирге.

**195.** Аллах жолунда (мал-мүлкүңөрдү) сарптагыла. Өзүңөрдү өз колуңар менен отко таштабагыла. Чындыгында, Аллах - жакшылык[6] кылуучуларды жакшы көрөт.

**196.** Ажылыкты жана умраны[7] Аллах үчүн[8] (толук) аткаргыла. Эгер жолдо тосулсаңар[9] курмандыктын өзүңөргө жеңилин (кой) жөнөткүлө. (Ал) курмандык белгиленген жерге[10] жеткенге чейин чачыңарды[11] алдырбагыла. Эгер силерден бирөө оору болсо, же башында дарты болсо, анда (үч күн) орозо тутуу[12], же садака берүү, же курбандык чалуу (бир кой) менен акы төлөсүн. Качан коопсуз болгонуңарда[13], ким умраны ажылыкка чейин аткарган болсо[14], жеңил курмандык чалат. Ким (курмандык) таба албаса ажылыкта үч күн, эгер кайтсаңар[15] жети күн - ошентип толук он (күн) болот[16]. Бул (шарт) - үйү Харам Мечитинин жанында болбогондор үчүн. Аллахтан корккула жана билгиле. Чындыгында, Аллахтын азабы катуу.

**197.** Ажылык (бул) - белгилүү айлар[17]. Ким ошол айлардын ичинде ажылык парзын аткарууга милдеттенген болсо, ажылыкта (айалына) кошулуу[18],

1 Заалымдар менен гана душмандашуу, согушуу туура

2 Шариатта согушууга тыйу салынган айлардын ортосунда бири-бирин өзгөчөлөгөн эч кандай айырма жок

3 Алар ыйык айда согушса, силер да согуша бергиле

4 Согуш тыйуу салынган Ыйык айлар.

5 Аллах Тааладан коркуучулар

6 Берешендик, кол ачыктык, кең пейилдик

7 Кичи ажылык

8 Аллах Тааланын ыраазычылыгына жетүү үчүн

9 Ажылыкка бараткан жолдо тоскоолдуктар пайда болсо

10 Харам Мечитине

11 Башыңардагы чачыңарды

12 Алты кедейге

13 Бараткан жолдогу тоскоолдук жойулуп коопсуз абал түзүлгөн соң, Меккеге келип

14 Эгер умра-ажылыкты парз-ажылыктан мурда аткарып, ихрамдан чыгып, анан кайра парз-ажылыкка ихрам байланган болсо

15 Аман-эсен үйүңөргө келген сон

16 Орозо тутсун

17 Белгилүү айларда гана аткарылат

18 Ажылык учурунда никелүү айалына да кошулууга болбойт

күнөө кылуу, талашып-тартышуу(га болбойт). Эй, акыл ээлери! Жак-
шылыктардан эмне жасаган болсоңор Аллах аны билет. (Ошондуктан)
азык камдагыла[1]! Чындыгында, азыктын жакшысы - такыбалык. Мен-
ден корккула, эй, акыл ээлери!

198. Силер Эгеңердин ырайымын көздөгөн[2] болсоңор, силерге күнөө бол-
бойт. Качан Арафаттан[3] кайтсаңар Машар-ьул-Харамда[4] Аллахты эсте-
гиле[5]. (Анткени) Ал силерди туура жолго чыгарды. Силер андан мурда
адашкандардан болчусуңар.

199. Андан кийин элдер (ажылар) кайткан жерден (Арафаттан) кайткы-
ла да, Аллахтан кечирим сурагыла. Чындыгында, Аллах - Боорукер,
Мээримдүү.

200. Качан ажылык ибадатыңарды бүтсөңөр Аллахты атаңарды эстегендей
эстегиле, же андан да артыгыраак (эстегиле). Адамдардын[6] арасынан
кээ бирөө: «Оо, Эгем! Бизге үлүшүбүздү дүйнөдө[7] бер!»-деп айтат.
Ал акыретте үлүштөн куру калат.

201. Башка бирөөлөрү: «Оо, Эгем! Бизге бул дүйнөдө да жакшылык бер,
акыретте да жакшылык бер, бизди Тозок азабынан сактай көр!» - деп
айтат.

202. Мына ушулар... алар үчүн өздөрү кылган[8] нерседен насип (бар).
Аллахтын эсеби өтө тез.

203. Белгилүү күндөрдө[9] Аллахты эстегиле. Ким шашса - эки күндө[10], ага
күнөө жок. Ким кечиксе[11] да күнөө жок. Бул (шарт) - (Аллахтан) корк-
кон (мусулман)[12] үчүн. Аллахтан корккула жана билгиле. Ага жыйна-
ласыңар[13]!

204. (Эй Мухаммед), Адамдардын кээ бирөөсүнүнүн[14] сөзү бул дүйнө

1 Сапарга аттанган ар бир адам күл азыгын камдагандай эле, силер да Акыретте сөзсүз кереги тийүүчү азык-соопторуңарды азыртан камдагыла!. Акыреттин азаптуу узак жолуна кур кол чыкпагыла!...

2 Күндөлүк зарылдыктарыңарды канааттандыруу үчүн бир аз соода-сатык кылсаңар

3 Мекке шаарына жакын өрөөн. Ал жерде туруу ажылыктын бир парзы.

4 Муздалифанын айак жагында жайгашкан тоо.

5 Зйкир кылгыла, алкагыла, даңктагыла

6 Ажылардан

7 Бул дүйнөдө

8 Дуба кылып сураган нерселери болот

9 Ташрик күндөрү

10 Ибадатын бүтүрсө болот

11 Үч күндөн көп кармалып калса да

12 Такыба адамдар

13 Кыйаматта тирилип келип Аллах Тааланын алдында жыйналып, сурак бересиңер

14 Ахнас ибн Шарийктии сөзү

жашоосунда сени таң, калтырат[1]. Ал Аллахты өз дилиндеги нерсеге[2] күбөгө тартат. Ал[3]- катуу талашуучу.

**205.** Ал узаган соң, жер бетинде бузукулук кылуу үчүн эгиндерди, төлдөрдү[4] кыйратууга аракет кылат. Аллах бузукулукту жакшы көрбөйт.

**206.** Эгер, ага: «Аллахтан корк!» -деп айтылса, аны текеберлиги күнөө менен кармайт[5]. Анын орду - Тозок. (Ал) кандай жаман орун!

**207.** Адамдардын[6] арасында Аллахтын ыраазычылыктарына жетүүнү көздөп өз жанында айабай тургандары бар. Аллах пенделерине[7] (абдан) Ырайымдуу.

**208.** Эй, момундар! Ислам динине толук киргиле. Шайтандын жолдоруна ээрчибегиле. Чындыгында ал силер үчүн ачык душман.

**209.** Силерге ачык-айкын далилдер[8] келгенден кнйнн жолдон кайтсаңар, билип койгула. Аллах - Ызааттуу, Даанышман.

**210.** Алар[9] булуттун сайабанында өздөрүнө Аллах жана периштелер келип, иштер[10] аткарыларын карап турушабы?[11] Бардык иштер Аллахка кайтарылат.

**211.** (Эй, Мухаммед!) Исраилдин урпактарынан сура. Биз аларга канчалаган ачык белгилерди (кереметтерди) жибердик. Ким Аллахтын жакшылыгын (китептерин) ага[12] келгенден кийин өзгөртсө[13], албетте, Аллахтын азабы катуу!

**212.** Каапыр болгондорго (бул) дүйнө жашоосу кооз кылынды. Алар ыймандууларды келекелешет. Чындыгында, такыбалар Кыйамат күнү алардан өйдө болушат. Ошондой эле, Аллах (Өзү) каалаганын эсепсиз ырыскыга бөлөйт.

---

1 Анткени алар мусулман болбой туруп «мусулман болдум!» деп кымындай да уйалбастан Аллах Тааланын аты менен касам ичет. Бирок дилинде мусулмандарды душманындай жек көрөт... Ахнас ибн Шарийк сыйактуу

2 Жок ыйманына

3 Сага душман болгон

4 Адамдарды жана айбанаттарды

5 Б.а. анын текеберлиги ого бетер күчөп, күнөөгө андан бетер батат

6 Такыба мусулмандардын арасында

7 Өзгөчө мусулман адамдарга

8 Курандагы айаттар

9 Исламга толук кирбегендер

10 Бул жерде эки маани бар: 1. Кыйаматтын болушун күтүү, 2. өздөрү эмгек кылбай, алардын иштерин Аллах Таала келип бүтүрүп беришин күтүү

11 Күтүп жатышабы?!

12 Пайгамбарга

13 Пайгамбарлардын көзү өткөн соң ыйык китептерди оңдошсо. Забур, Тоорот , Инжилди ошентип өзгөртүшкөн

**213.** (Алгач[1]) адамдар бир эл болушкан[2]. Ошондо Аллах аларга кубандырүүчү[3], эскертүүчү[4] пайгамбарларды жиберди. Адамдардын ортосунда келишпеген нерселерде өкүм кылуу үчүн алар (пайгамбарлар) менен бирге акыйкат Китебин[5] жиберди. Ошол китеп берилгендер ачык далил келгенден кийин өз ара көралбастыктан улам бөлүнүштү[6]. Ошондо Аллах Өз каалоосуна ылайык ыйман келтиргендерди, алар[7] талашкан чындыкка жеткирди. Аллах (Өзү) каалаганын Түз жолго багыттайт.

**214.** (Эй, Мусулмандар!) Силерден мурункулардын башынан өткөн сыйактуу (сыноолор) келбестен туруп Бейишке киребиз деп ойлойсуңарбы? Аларды ачарчылык, оорулар баскан жана титиретишкен[8]. Ошондуктан, пайгамбар (Мухаммед а.с.), аны менен бирге ыйман келтиргендер: «Бизге качан Аллахтын жардамы... (келээр экен?)» - деп айтышты. Оо, чындыгында, Аллахтын жардамы жакын эмеспи[9]?

**215.** (Эй, Мухаммед!) Алар[10] сенден (Аллах жолунда) эмнени кайрымдуулук кылууну сурашат. «Жакшылыктардан[11] кайрымдуулук кылган нерсеңер ата-энеңер, туугандар, жетимдер, кедейлер жана жолоочу үчүн[12]. Жакшылыктан эмне кылсаңар Аллах аны Билүүчү», - дегин.

**216.** (Эй, момундар!) Силерге жагымсыз болсо да, согуш парз кылынды. (Бирок) силерге жагымсыз нерсе, (балким) силер үчүн жакшыдыр. (Ал эми) силерге жагымдуу нерсе, (балким) силер үчүн жамандыр. Аллах билет. Силер билбейсиңер.

**217.** Алар сенден арам (Ыйык) ай жана андагы согуш тууралуу сурашат. Айткын[13]: «Ал айда согушуу - чоң күнөө. Бирок Аллахтын жолунан тосуу, Ага каапырлык кылуу, Харам Мечитине жолотпоо, анын жашоочуларын ал жерден кууп чыгаруу - Аллахтын алдында (андан да) чоңураак күнөө». Анткени бузукулук - өлтүрүүдөн да чоңураак күнөө. Эгер алар-

---

1 Дүйнө алгач жаратылган кездерде

2 Бүткүл адамзат бир эле динди (б.а. Аллах Тааланын динин) карманышкан

3 Бейиш кабары менен

4 Тозок азабы менен

5 Забур, Тоорат, Инжил, алар адам колу менен өзгөртүлгөн соң, өзгөрбөс кылып Куранды жиберген

6 Карама-каршы тараптарга айланышты

7 Христиандар жана иудейлер өздөрү да билбей эле талашышкан чындыкка, Туура жолго жеткирди

8 Бул жерде эки маани камтылган 1. жер титирөөнүн азабы; 2. каапырлар менен согуштагы өлүм коркунучунан титирөө

9 Тез эле келет

10 Мусулмандар

11 Аллах силерге насип кылган ырыскылардан кайсынысын болсо да...

12 Б.а. эң оболу ушу аталган адамдарга кайрымдуулук кылуу (жардам берүү) керек

13 Эй, Мухаммед!

дын колунан келсе силерди диниңерден кайтармайынча согуша берет,
эгер алардын мүмкүнчүлүктөрү жетсе. Силерден (кимдир) бирөө дини-
нен кайтып, каапыр абалда көз жумса, ошолордун сооп-амалдары бул
дүйнөдө да, акыретте да текке кетет. Алар - Тозок ээлери[1]. Алар анда
түбөлүк (калышат)![2]

218. Чындыгында ыйман келтиргендер, көчкөндөр[3], Аллах жолунда
күрөшкөндөр - Аллахтын ырайымын үмүт кылышат. Аллах - Кечи-
римдүү, Боорукер.

219. Сенден арак жана кумар ойундары тууралуу сурашат. Ал экөөндө -
чоң күнөө (бар). (Бирок) адамдар үчүн (бир аз) пайдалары да бар[4].
Ал экөөсүнүн пайдасынан күнөөсү чоңураак. (Эй, Мухаммед!) Алар[5]
сенден (Аллах жолунда) эмнени кайрымдуулук кылууну сурашат.
«Ашыкчасын[6]!» - деп айткын. Аллах силерге өз айаттарын мына
ушундай байан кылат. Мүмкүн силер ой жүгүртөрсүңөр.

220. Дүйнөдө жана акыретте да (тигил экөөнүн пайдалуурагын аласыңар).
(Эй, Мухаммед), сенден жетимдер[7] тууралуу сурашат. Айткын: «Алар
үчүн эң жакшысы - жакшы мамиле. Эгер аларга камкордук кылсаңар,
анда алар силердин бир тууганыңар. Аллах бузукуну түзөөчүдөн (ажы-
рата) билет. Эгер Аллах кааласа силерди сөзсүз чарчатмак». Чынды-
гында, Аллах - Ызааттуу, Даанышман.

221. Мушрик айалдарга алар ыйман келтирмейинче үйлөнбөгүлө. Албетте
ыймандуу күң, (азат) мушрик айалдан жакшы, эгер ал[8] силерге жакса
дагы. Мушрик эркектерге[9] алар ыйман келтирмейинче турмушка бер-
бегиле. Албетте ыймандуу кул - (азат) мушриктен жакшыраак ал[10] си-
лерге жакса да. Алар Тозокко чакырышат. Аллах - Бейишке, кечирими-

1 Б.а. алардын жайы -тозокто

2 Б.а. алар Тозокто түбөлүк калышат, эч качан чыгарылбайт

3 Меккеден Мединага Ислам дннин сактап калуу үчүн Аллахтын буйругу менен жер которгондор

4 Адамдар арakты ичип же сатуу менен бир аз пайда көрүшү мүмкүн. Бирок, зыяны өтө эле көп! Ошондуктан Аллах Таала аракты арам кылган. Баса, Аллах Таала пенделерине оор болбосун үчүн Өз өкүмдөрүн учур талабына жараша акырындап, баскыч-баскычы менен түшүргөн. Мнсалы, ушул эле арак жөнүндө үч жолу айат түшүп, үчүнчүсүндө ичүүнү да, сатууну да, атүгүл аракка жакындоону да биротоло арам кылган. Ниса сүрөсүнүн 43-айатын жана Маида сүрөсүнүн 90-91-айаттарын караңыз!

5 Мусулмандар

6 Б.а. өзүңөрдөн ашканын

7 Жетимдердин ата-энесинен калган мүлкүн кантип туура пайдалануу жана аларга кандай мамиле кылуу керектиги жөнүндө Аллах Тааладан кандай буйруктар бар экенин

8 Азат мушрик айал

9 Кызыңарды, карындашыңарды, ж.б. айал жакындарыңарды

10 Азат мушрик эркек

не Өз уруксаты[1] менен чакырат. Ал адамдар (Жаратуучусун) эстөөсү үчүн Өз айаттарын байан кылат.

**222.** Сенден этек кир жөнүндө сурашат. Айткын: «Ал - жагымсыз нерсе». Этек кири келген убагында айалдардан оолак болуп тургула[2]. Алар таза болгонго чейин аларга жакындабагыла. Эгер алар тазаланышса, аларга Аллах силерди буйруган жагынан келгиле. Чындыгында, Аллах - тообо кылуучуларды жана тазалануучуларды жакшы көрөт.

**223.** Айалдарыңар силердин эгин талааңар (болот). Эгин талааңарга каалаган тарабынан келгиле. Өзүңөр үчүн[3] аткарып койгула[4]. Аллахтан корккула. Чындыгында силер Ага жолугарыңарды билип койгула! Момундарга сүйүнчү кабар жеткиргин.

**224.** Өзүңөрдү жакшылык кылуудагы, такыба болууңардагы жана адамдардын ортосун жараштыруудагы антыңар үчүн Аллахты калкан кылбагыла! Аллах - Угуучу, Билүүчү.

**225.** Аллах анттарыңардагы куру сөз үчүн жазалабайт[5], жүрөктөрүңөр жасаган иш үчүн жазалайт[6]. Аллах - Кечиримдүү, Боорукер.

**226.** Айалдарына жакындашпоо үчүн ант бергендер төрт ай күтүшөт. Ал эми анттарын бузушса[7], албетте, Аллах - Кечирүүчү, Мээримдүү.

**227.** Ал эми алар ажырашууну (чындап) ниет кылышкан болсо[8], чындыгында, Аллах -Угуучу, Билүүчү.

**228.** Талак берилген (ажырашкан) айалдар үч этек кир мөөнөтүн күтүшөт. Эгер алар Аллахка жана акырет күнүнө ишенишсе курсагындагы (жатынындагы) Аллахтын жаратканын[9] жашыруулары (адал) эмес. Жарашууну (экөө тең) каалашса, анда айалдарын кайра алууга күйөөлөрү[10] укуктуураак. Эркектердин айалдарында акылары болгон сыйактуу эле, айалдардын да күйөөлөрүндө белгилүү акылары бар. Айалдарга караганда эркектердин даражасы артыгыраак. Аллах - Ызааттуу, Даанышман.

---

1 Б.а. Бейишке кирүү, Аллах Тааланын кечиримине ээ болуу - адамдын акылдуулугунан эмес, Аллах Тааланын каалоосу менен гана болуучу нерсе

2 Жыныстык катнаш кылбагыла

3 Акыретте керек болуучу соопту

4 Кошулуунун алдында: «Бисмилланы» айтуу сыйактуу cooп амалды

5 Чын жүрөктөн эмес, ооз учунан гана айтылымыш болгон сөздөр үчүн

6 Чын дилиңер менен айтылган сөз үчүн жазалайт

7 Кафаарат төлөө менен гана бузулат

8 Төрт айдан кийин да ажырашуу ниетинен жанышпаса, же төрт айга чейин ажырашуу тууралуу берген антын бузбаса

9 Эне өз курсагындагы түйүлдүктүн бар экенин билип- сезип туруп, ажырашууну жеңилдетүү максатында «бойумда жок» деп жашырып койсо

10 Мындай учурда айалына караганда күйөөсүнүн укугу чоңураак

**229.** Талак (ажырашуу) эки ирет[1]. Ошондуктан тууралык менен кармоо, же жакшылык менен ажырашуу (керек). Аларга бергениңерден[2] бир нерсени (кайра) алуу адал эмес[3]. Бирок экөөсү тең Аллахтын чегин сактай албай калуудан[4] коркушса, же силер да ал экөөсү Аллахтын чегин сактай албоосунан корксоңор[5], анда айалдын күйөөсүнө төлөм берүүсүндө[6] экөөнө тең күнөө жок. Мына ушул - Аллахтын чектери. Андан аша чаппагыла. Ким Аллахтын чегинен өтсө, мына ошолор - заалымдар.

**230.** Күйөөсү айалына талак[7] берсе, андан ары ал[8] башка күйөөгө тиймейинче адал эмес. Эгер ал[9] ага талак берсе, экөөсү[10] тең: «Аллахтын чектерин сактай алабыз», - деп ойлошуп, кайра жарашышса анда күнөө жок. Бул - Аллахтын чектери. Аны[11] биле турган[12] коом үчүн байандайт[13].

**231.** Айалдарыңарга талак берсеңер, мөөнөтү жеткен учурда жакшылык менен кайра алып калгыла, же алардан жакшылык[14] менен ажырашкыла. Аларга зыйан берүү максатында кармап турбагыла[15]. Кимде-ким ушул ишти[16] жасаса, чындыгында өзүнө-өзү зулумдук кылган болот[17] . Аллахтын айаттарын азил кылбагыла! Ошондой эле Аллахтын силерге берген жакшылыктарын, силерге насаат кыла турган Китепти[18] жана даашымандыкты түшүргөнүн эстегиле. Аллахтан корккула, акыйкатта, Аллах бардык нерсени Билүүчү экенин билгиле!

---

1 Экиден ашпоосу тийиш

2 М: төлөнгөн калың, белек ж.б.у.с.

3 Бир да нерсени алууга болбойт. Тескерисинче калтырып койуу - чоң сооп. Айалыңа бир эле жолу кирип чыккан соң, эмне берген болсоң анын баары ага адал болуп саналат жана кайта алынбайт

4 Бирге жашап кетүүгө каалоо- ишенимдери болбосо

5 Алардын чогуу жашай аларына көзүңөр жетпесе

6 Эгер айал өзү күйөөсү менен ажырашууну каалап, күйөөсүнөн талак талап кылса, анда айалы алган калыңды кайтарып берүүсү мүмкүн

7 Үч талак берилсе

8 Айалы

9 Экинчи күйөөсү

10 Биринчи күйөөсү экөө

11 Бул Аллах Тааланын мыйзам-чектерин

12 Шарийатты түшүнө турган, Аллах Тааланын жолундагы коом үчүн

13 Байандоодо, айтып берүүдө

14 Жакшы мамиле жасап, адептүүлүк менен

15 Талагын бербей, же чогуу жашабай, айалыңарды «асылган абалда» арасат (же ары эмес, же бери эмес) калтырып кыйнап, зулумдук кылбагыла

16 Айалына таш боордук кылса, кыйнаса, чектен ашса

17 Аны Аллах Таала сөзсүз кыйнайт

18 Куранды

**232.** Айалдарыңарды талак[1] кылсаңар, күтүү (идда) мөөнөтү бүткөн соң, алар өз күйөөсү менен (жашоого) жакшылык жолдо ыраазы болуп жарашышса жолтоо болбогула. Бул Аллахка жана акырет күнүнө ыйман келтиргендер үчүн айтылган насаат. Бул силер үчүн тазалык менен аруулук. Аллах билет, ал эми силер билбейсиңер.

**233.** Эмизүүнүн толук болушун каалаган энелер балдарын толук эки жыл эмизишет. Эненин тийиштүү азык-оокатын, кийим-кечесин жакшылык менен камсыздоо атанын милдети. Ар кимге чамасына жараша (милдет) жүктөлөт. Эне баласы себептүү, ата да баласы үчүн зыйанга учурабасын. Ал эми мураскор да ушул сыйактуу (милдеттерге ээ). Эгер (наристенин) ата-энеси ыраазылык менен кеңешип ажырашууну чечишсе, анда экөөсүнө[2] тең күнөө жок. Эгер балдарыңарды (бөтөн айалга) эмизүүнү кааласаңар, анда акысын жакшылап берсеңер - силерге күнөө болбойт. Аллахтан корккула жана билгиле. Чындыгында, Аллах силер жасаган иштериңерди Көрүүчү!

**234.** Араңардан кайтыш болуп, айалдарын калтырып кеткендердин айалдары төрт ай, он күн күтүшөт. Алардын белгилүү (күтүү) мөөнөтү бүткөндө, алар өздөрүнө жакшылык нерселерди[3] жасашса, анда силерге күнөө жок. Аллах - жасаганыңардан Кабардар!

**235.** Ал айалдарга жуучулук сунушуңарды ачык айтсаңар, же купуйа сактасаңар, андан күнөө болбойт. Аллах, чындыгында, аларды эстегениңерди билет. Бирок, алар менен жашыруун убадалашпагыла.[4] Бирок жакшы сөздү сүйлөшүүңөр мүмкүн. Күтүү мөөнөтү бүтмөйүнчө никелешүүнү ниеттенбегиле. Чындыгында, Аллах - жүрөгүңөрдөгүнү[5] да билээрин унутпагыла! Андыктан, андан[6] сактангыла. Аллах - Кечиримдүү, Жумшак экенин билгиле.

**236.** Силер айалдарыңарга жакындаганга[7] чейин жана калың берүүдөн мурда ажырашсаңар, анда (ажырашуу) айып эмес. Бай байлыгына жараша, кембагал алына жараша жакшылык менен аларды ыраазы кылышсын! Бул - жакшылык кылуучуларга милдет.

---

1 Бир же эки талак

2 Күйөөсүнө да, айалына да

3 Шарийатты бузбай, кайрадан үй бүлө күтүү максатында кийинсе, өзүн оңдоп-түзөсө

4 зина-ойноштук кылбагыла

5 Ой, кыйал, максат, ниеттериңерди да

6 Айагы суйуктук кылуу тууралуу ойлонуудан да сактангыла

7 Жыныстык катнаш

**237.** Эгер аларга жакындоодон мурда ажырашсаңар, же калың берүүнү убада кылган болсоңор, убада бергениңердин жарымын (ага калтыргыла). Бирок айал (эркекти) кечирсе, же колунда нике түйүнү бар (талак ээси, эркек) кечирсе - ал башка. Бири-бириңди кечирүү - такыбалыкка жакыныраак. Ортоңордогу жакшылыкты[1] унутпагыла. Аллах - жасаганыңарды Көрүүчү!

**238.** Намаздарга жана орто намазга[2] сак болгула. Аллахка мойун сунган абалда тургула.

**239.** Эгер силер корксоңор[3], унаа үстүндө, же жүрүп баратып (намаз окугула). Коопсуз болгонуңарда силерге билбегениңерди[4] үйрөткөндөй (кылып) Аллахты эстегиле[5].

**240.** Араңарда кайтыш болуп, айалдарын калтырып кеткендер айалдарына бир жылга чейин үйүнөн чыкпай пайдалана турган нерсени[6] осуйат кылышсын. Эгер алар[7] өздөрүнө жакшылык каалап[8] (өз каалоосу менен) чыгышса, ал учурда силерге жоопкерчилик жүктөлбөйт. Аллах - Ызааттуу, Даанышман!

**241.** Ажырашкан айалдардын тийиштүү (деңгээлде күйөөлөрү тараптан) камсыздалышы - такыбалар үчүн милдет.

**242.** Аллах - акыл жүгүртүшүңөр үчүн[9] силерге айаттарын ушундай кылып байандайт.

**243.** Өлүмдөн коркуп өз үйлөрүнөн чыккан миңдеген адамдарды көрдүңбү[10]? Аллах аларга: «Өлгүлө!» -деди. Андан кийин аларды (кайра) тирилтти. Чындыгында, Аллах - адамдарга жакшылык кылуунун Ээси. Бирок адамдардын көпчүлүгү (Аллахка) шүгүр кылышпайт.

**244.** Аллахтын жолунда согушкула жана Аллах - Угуучу, Билүүчү экенин билгиле!

---

1 Башыңардан чогуу өткөргөн Аллахтын жакшы күндөрүн, ортоңордо бала-чаканын бар экенин эске алып, кечиримдүү болууну

2 «Орто намаз» - деп айрым аалымдар дигерди, айрымдары бешимди белгилешет. Чындыгын бир гана Аллах Таала билет.

3 Согуш учурунда душмандын зыйанынан

4 Силер мурда намаз тууралуу илимиңер жок кезде Аллах Таала кантип туура намаз окууну, ибадат кылууну үйрөткөн болсо, ошол калыпты, тартипти жана эрежени бузбастан намаз окугула

5 Өз эрежеси менен зикир кылгыла

6 Күйөөсүнүн мүлкүнөн кийим-кече, тамак-аш

7 Айалы (же айалдары)

8 Кайра турмушка чыгып, шарийат жолунда үй-бүлө күтүү максатында

9 Пенделерине түшүнүктүү болсун үчүн

10 Өткөн замандарда

**245.** Ким Аллахка жакшы карыз берсе[1], Аллах ага көптөгөн кошумчасын кошуп берет[2]. Аллах - тар кылат жана мол кылат. Ага[3] кайтарыласыңар!

**246.** Мусадан кийинки Исраил урпактарынын башчыларын билбейсиңби? Алар өз пайгамбарларына: «Бизге падыша шайлап бер. Аллах жолунда согушабыз», - дешти. Ал[4]: «Мүмкүн силерге согуш парз кылынса да, (баары бир) согушпайсыңар!» - деп айтты. Алар: «Биз бала-чакабыз менен журтубуздан куулуп чыгылган болсок[5], эмне үчүн Аллах жолунда согушпайт экенбиз?!» - дешти. Анан согушуу тууралуу (Аллахтан) өкүм келгенде, алардын аз бөлүгүнөн башкалары (согуштан) баш тартышты. Аллах - заалымдарды Билүүчү!

**247.** Аларга[6] пайгамбары: «Аллах силерге Таалутту[7] падыша кылып жиберди», - деп айтты. «Биз ага караганда падышалыкка татыктуураак болсок, анан кантип ал бизге падыша болсун?! Ага байлык мол берилген эмес», - дешти. Ал: «Аны силерге Аллах тандап, ага дене күчүн жана илимди мол берди», - деди. Аллах өкүмдарлыкты (Өзү) каалаган адамга берет. Аллах - баарын Камтуучу, Билүүчү.

**248.** Аларга пайгамбары: «Анын падышалыгынын белгиси - Эгеңер тараптан көңүлгө бейпилдик жана Муса менен Харундун үй-бүлөсүнөн калган калдыктар (буйумдар) бар, периштелер алып жүргөн сандыктын силерге келүүсү». Чындыгында, эгер силер ыймандуу болсоңор, ушунда - силерге белги бар.

**249.** Таалут аскери менен чыккан[8] кезде: «Чындыгында, Аллах силерди дарыйа аркылуу сынайт. Ким андан ичсе - менден эмес[9]. Ал эми ким-де-ким андан ичпесе, (же) колу менен кочуштап алып, аз гана алып ичсе - ал менден», - деди. «Алардын өтө азынан башкасы андан ичишти. Таалут жана аны менен (кошо) ыйман келтиргендер дарыйадан өткөн соң: «Биз Жаалут жана анын аскерлерине тең келүүгө кудуретибиз жетпейт», - дешти. Алардын (ичинен) Аллахка сөзсүз жолугарына ишенгендери: «Аллахтын каалоосу менен аз топ канчалаган көп топту жеңген. Аллах - сабырдуулар менен бирге», - дешти.

**250.** Алар Жаалут жана анын аскерлери менен бетме-бет келген кезде: «Эге-

1 Аллах жолунда сарптаса
2 Бул дүйнөдө да, акыретте да
3 Аллах Таалага
4 Пайгамбар
5 Жаалуттун адамдары аларды кууп чыккан болчу
6 Исраил урпактарына
7 Таалут - кедей, карапайым адам болгон. Аны тоготпогондор байлар болушкан
8 Өзү жашаган шаардан
9 менин аскериме таандык эмес, аскериме кошула албайт.

биз бизге сабыр бер, кадамдарыбызды бекем кыл, бизге каапыр элдин
үстүнөн (жеңишке жетүүгө) жардам бер!» -деп айтышты.

251. Ошондо аларды[1] Аллахтын жардамы менен жеңилүүгө дуушар
кылышты. Даут Жаалутту өлтүрдү. Аллах Даутка падышалык,
даанышмандык жана (Аллах Өзү) каалаган нерселерди үйрөттү[2].
Аллах адам баласынын бирин башкасы аркылуу коргобосо - жер
жүзү бузулуп кетмек[3]. Чындыгында Аллах - бүткүл ааламдар үчүн
(берилүүчү) жакшылыктын Ээси!

252. Ушулар - Аллахтын белгилери. Биз аларды сага чындык менен окуп
беребиз. Акыйкатта, сен[4] - элчилерденсиң!

253. Аллах элчилердин[5] кээ бирин башкасынан артыгыраак жаратып, алар-
дын айрымдары менен сүйлөштү. Кээ бирөөсүнүн даражасын (баш-
касынан) жогорураак кылды. Марйам уулу Исага кереметтерди бе-
рип, аны Жебреил аркылуу күчтөндүрдүк. Эгер Аллах кааласа[6] аларга
далилдер (китептер) келген соң, пайгамбарлардан кийин алар со-
гушпайт болчу. Бирок алар бири-бирине каршы чыгышты. Анан алар-
дын кээ бирлери[7] ыйман келтирип, калган бөлүгү (ыймандан) баш тар-
тышты. Эгер Аллах кааласа алар бири-бири менен согушпайт эле.
Бирок Аллах (Өзү) каалаганын жасайт!

254. Эй, ыйман келтиргендер! Силерге берген ырыскыбыздан соодалашуу,
достук, жан тартуу болбой турган күн келгенге чейин Аллах жолунда
сарптагыла. Каапырлар - алар заалымдар.

255. Аллах! Андан башка кудай жок. Ал - Тирүү, Түбөлүк! Аны уйкусу-
роо да, уктоо да албайт. Асмандардагы жана жердеги нерселер Ага
(гана) таандык. Анын алдында Өзүнүн уруксатысыз ким колдоочулук
кыла алат?! Алардын[8] алдындагыларды[9] да, артындагыларды[10] да би-
лет. Алар[11] Анын каалоосунан башка эч нерсе билишпейт. Анын күр-
сүсү (билими) асмандар менен жерди камтыйт. Ага ал экөөсүн сактоо
кыйын эмес. Ал - абдан Бийик, өтө Улуу!

---

1 Жаалутту жана анын аскерлерин

2 Темирден соот жасоону, куштардын тилин түшүнүүнү

3 Жердеги жашоо ырааты жана тиричилик өткөрүү ирээти кыйрап, зулумдук гана гүлдөп өнүгүп, жакшы адамдарга жерде жашоо мүмкүн болбой калмак

4 Эй, Мухаммед!

5 Аллахтын элчилери жана пайгамбарлары тууралуу сөз болууда

6 Муса, Иса... ж.б. пайгамбарлардын үммөттөрү өз пайгамбарларынын көзү өткөн соң диндеринен кайтышып, же өзгөртүшүп, карама-каршылыкка барышмак эмес

7 Кээ бир пайгамбарлардын үммөттөрү

8 Ааламдардын, инсандардын жан-жаныбарлардын, өсүмдүктөрдүн ж.б.у.с.

9 Алардын алды жакки келечегинде боло турган окуйаларды да

10 Өткөн тарыхын да

11 Пенделер, жан-жаныбарлар, ж.б.у.с.

256. Динде зордоо жок. Чындыгында, тууралык менен азгырыктын ажырымы айкын болду. Кимде-ким таагуттан (жалган кудайлардан) баш тартып, Аллахка ыйман келтирсе, ошондо ал (эч качан) кыйрабас бекем тайанычка ээ болот. Аллах - Угуучу, Билүүчү!

257. Аллах - ыймандуулардын досу. Аларды караңгылыктан жарык нурга чыгарат. Каапырлардын досу - аларды жарыктан караңгылыкка алып баруучу таагуттар[1]. Алар - Тозок ээлери. Анда түбөлүккө калышат.

258. Аллах падышалык (ээлик) бергендигин Ибрахим менен анын Эгеси жөнүндө[2] талашкан (адам)[3] тууралуу билесиңби? Ошондо Ибрахим: «Эгем өлтүрөт жана тирилтет», - деди. Ал: «Мен да тирилте да, өлтүрө да алам[4]», - деп айтты. Ибрахим: «Чындыгында, Аллах күндү Чыгыштан чыгарат, сен аны Батыштан чыгарчы?!» - деди. Ошондо каапыр (Намрут) осол[5] болду. Аллах заалым элди Туура жолго салбайт,

259. Же чатырлары кулаган кыштактан өткөн (адамды)[6] билесиңби? «Буларды[7] өлгөн соң Аллах кантип тирилтет?!» - деп ойлоду. Аллах аны жүз жылга өлтүрүп, анан тирилтип: «Канча (убакыт) жаттың?» - деп сурады. Ал: «Бир күн, же жарым күн (гана жаттым)», - деди. (Аллах): «Андай эмес! Сен жүз жыл (өлүп) жаттың. Тамагыңа, суусундугуңа бир көз салчы, өзгөргөн эмес. Эшегиңди кара[8]... Сени адамдарга үлгү кылуу үчүн[9]. Сөөккө кара[10], анын сөөктөрүн (мына) кандай куратырып, эт менен каптадык», -деди[11]. Качан ага айкын болгондо[12], ал: «Чындыгында, Аллах бардык нерсеге Кудуреттүү экенин билемин», - деди.

260. Ибрахим: «Эгем, өлүктү кантип тирилтесиң? Мага көргөзчү?» - деген учурда, (Аллах) айтты: «Ишенбейсиңби?» (Ибрахим) айтты: «Албетте (ишенем), бирок жүрөгүмдүн тынчтануусу үчүн (көргүм келет)». (Аллах) айтты: «Канаттуулардан төрттү алып, (сойуп), этин аралаштырып, ар бир тоого алардын (этинен) бирден үзүм ташта. Андан кийин

1 Таагуттар - Аллахтан башка сыйынылган нерселер. М шайтандар, буд-сөлөкөттөр ж.б.у.с.

2 Аллах бийлик берген караңгы падыша Намрут: «Мен кудаймын», - деп Ибрахим пайгамбар аны: «Сен кудай эмессиң, боло да албайсың!» - деп талашканы тууралуу кеп болууда

3 Өзүн Кудайга теңеген падыша Намрут

4 Намрут өзүнүн бул сөзүн далилдөө үчүн, өлүмгө өкүм кылынган бирөөнү бошотуп жиберип, анын ордуна башка бирөөнү өлтүртөт

5 Өзү уйат болгонун сезип, ыңгайсыз абалда калды

6 Узайр алейхи салам тууралуу

7 Жер титирөөдө өлгөн адамдарды

8 Сөөктөрү да чирип кеткен

9 Өлгөндөн кийин кайра тирилүүгө

10 Эшегиңдин сөөгүн

11 Аллах Таала Узайрдын көз алдында анын эшегин тирилтип берет

12 Аллахтын өлүктү тирилтүү кудурети

аларды чакыр. Алар сага дароо (жетип) келишет. Билгин: Чындыгында Аллах - Ызааттуу, Даанышман».

**261.** Мал-мүлкүн Аллах жолунда сарптагандар ар сабагында жүздөн дан (урук) алган, жети баш өндүргөн бир даана данга окшош. Аллах кимге кааласа көбөйтүп берет. Аллах - Жоомарт, Билүүчү.

**262.** Мал-мүлкүн Аллах жолунда сарптагандарын кийин колко (милдет) кылууну, жагымсыздыкты ээрчитпегендердин сооптору Эгелеринин алдында. Аларга коркунуч да[1], кайгы да жок[2].

**263.** Жакшы сөз жана кечиримдүүлүк, ыза ээрчитип келген садакадан жакшы[3]. Аллах - Бай жана Жумшак.

**264.** Эй, ыйман келтиргендер! Мал- мүлкүн элдер көрсүн үчүн сарптаган, Аллах менен Акырет күнүнө ишенбеген (адамга) окшоп, садакаңарды колко кылып, же ыза менен[4] бузуп албагыла. Ал - үстүндө топурагы бар жылма ташка окшош. Ага[5] катуу жамгыр жааса, аны (түшүмүн жууп кетип) таш бойунча калтырат. Алар өздөрү кылган иштин эч бирине ээ боло алышпайт. Аллах - каапыр коомду туура жолго салбайт.

**265.** Мал-мүлкүн[6] Аллахтын ыраазылыгын көздөп сарптагандар жана өз напсилерин бекемдегендер - дөңсөөдөгү бакчага окшош. Ага нөшөр жааса эки эселеп түшүм берет. Эгерде жаабаса, (ага) себелеген жамгыр (деле жетиштүү). Аллах - эмнени жасасаңар (да баарын) Көрүүчү.

**266.** Алдынан дарыйалар агып турган бардык жемиштери бар курма жана жүзүм багы болуп, балдары алсыз, өзү картайган кезде, багын оттуу бороон каптап, өрттөнүп калышын силерден бирөө каалайт беле?[7] Ой жүгүртүүңөр үчүн Аллах силерге айаттарын ушундай түрдө түшүндүрөт.

**267.** Эй, ыйман келтиргендер! Өзүңөр жасап тапкан жакшылыктардан жана Биз силерге жерден чыгарып берген нерселерден сарптагыла. Өзүңөр көздөрүңөрдү жумуп араң гана кармай турган (жаман) нерселерди сарптоо үчүн тандабагыла[8]. Аллах - Бай, Макталуучу экенин билип койгула!

**268.** Шайтан кедейликти убада кылып, бузукулукка буйруйт. Аллах силерге Өзүнүн кечиримин жана ырайымын убада кылат. Чындыгында, Аллах - баарын Камтуучу, Билүүчү!

---

1 Дүйнөдө да, акыретте да

2 Кыйаматта

3 Кемсинте сунулуп, колко-милдет кылынып, алуучуну ыза кылган

4 Садака берген адамды кемсинтип, ыза кылып

5 Садаканы милдет кылып берген адам

6 Материалдык байлыктарын

7 Б.а.эл көрсүнгө жасалган иштер күйүп кеткен ошол бак сыйактуу

8 Өзүңөр жаман көргөн нерселерди Аллах жолунда садака, зекет ж.б. түрүндө бербегиле

**269.** Ал даанышмандыкты кимге кааласа берет. Кимге даанышмандык берилсе, демек ага жакшылык мол берилди. Бирок муну акыл ээлери гана түшүнө алат.

**270.** (Аллах жолунда) сарпталган ар бир садаканы, назир[1] кылган ар бир сооп ишиңерди Аллах билет. Заалымдардын колдоочусу жок.

**271.** Эгерде садаканы ашкере кылып берсеңер - ал кандай жакшы. Ал эми аны жашыруун жасап, кедейлерге берсеңер- ал силер үчүн андан да мыкты. Ал[2] силердин жамандыктарыңарды өчүрөт. Аллах - жасап жаткан ишиңерден кабардар!

**272.** (Каапырларды) Туура жолго түшүрүү - сенин милдетиң эмес. Бирок, Аллах кимди кааласа Туура жолго салат. Жакшылыктан эмне сарптасаңар да[3], өзүңөр үчүн. Аллахтын ыраазылыгын гана көздөп сарптагыла! Жакшылыктан эмне сарптасаңар (ал) силер үчүн толук берилет[4] жана силер адилетсиздикке кабылбайсыңар.

**273.** Аллах жолунда курчалган[5] кедейлердин[6] жер бетинде сапарга[7] чамалары жетпейт. (Алар) каниемтүү болгондуктан билбеген киши бай деп эсептейт. Алардын (кедейликтерин) жүздөрүнөн[8] тааныйсың. Алар адамдардан суранышпайт. Жакшылыктан эмнени сарптабагыла, чындыгында, Аллах - аны Билүүчү!

**274.** Мал-мүлктөрүн күнү-түнү жашыруун да, ачык да сарптагандардын сооптору (алардын) - өздөрүнүн Эгесинин алдында. Аларга (эч кандай) коркунуч жок, алар кайгырышпайт.

**275.** Сүткорлук кылгандар (Кыйаматта) мүрзөлөрүнөн жин тийген киши сыйактуу турушат. Ага - алардын: «Чындыгында соода сүткорлукка[9] окшош», - дегени себеп. Аллах сооданы адал, бирок сүткорлукту арам кылды. Кимге Эгесинен насаат Сөз[10] келген кезде, өздөрүн тыйышса, мурункулары[11] (кечирилет), ал эми иши Аллахка таандык. Кимде ким (сүткорлукка) кайтса, алар - Тозок ээлери. Алар анда - түбөлүккө калышат.

---

1 Аллах жолунда сооптуу амалды аткарам деп убада кылынган ниет

2 Аллах таала

3 Сообун силерден башка эч ким алалбайт

4 Эки эселеп берилет

5 Согуш менен алектенгендер

6 Садака ээлери ушулар

7 Соода-сатык, тиричилик кылууга убактылары жок

8 Топуктуу-сабырдуулугунан

9 Экөө тең дурус, айырмасы жок дешет

10 Куран

11 Сүткорлуктан жегендери

**276.** Аллах сүткорлукту жокко чыгарып, садаканы арттырат. Аллах ар кандай күнөөкөр-каапырларды жакшы көрбөйт.

**277.** Ыйман келтирип, жакшы иштерди жасап, намазын орундатып[1], зекет бергендердин сооптору Эгелеринин алдында. Аларга коркунуч да, кайгыруу да болбойт.

**278.** Эй, ыйман келтиргендер! Аллахтан корккула, эгер ишенсеңер[2] сүткорлуктан калган нерсеңерди таштагыла[3].

**279.** Эгер (сүткорлукту таштоону) каалабасаңар, муну - Аллахка, Анын элчисине каршы согуш деп билгиле. Эгер (сүткорлукту таштап) тообо кылсаңар ошол учурдагы (бар болгон адал) мүлкүңөрдүн башы (пайдасы) өзүңөргө. Зулумдук[4] кылбагыла, (ошондо) зулумдукка кабылбайсыңар!

**280.** Ал эми эгер ким кедейчиликтин кыйынчылыгында болсо, ал байыганга чейин күткүлө[5]. Ал эми билсеңер, кайрымдуулук[6] кылууңар - өзүңөр үчүн жакшыраак.

**281.** Аллахка кайтып келе турган Күндөн корккула (сактангыла). (Ал Күнү) ар бир жанга, ар бир кылган иши үчүн толук акысы берилип, аларга[7] зулумдук[8] кылынбайт.

**282.** Эй, ыйман келтиргендер! Белгилүү бир мөөнөткө бири-бириңерден карыз алсаңар (берсеңер), аны жазып койгула![9] Анан да ортоңордо бир катчы адилеттүүлүк менен жазсын. Катчы Аллахтын ага үйрөтүүсү бойунча[10] жазуудан баш тартпасын. (Карызды кайтаруу) милдеттендирилген (адам) айтып, ал (катчы) жазсын. (Жазган) Эгеси болгон Аллахтан корксун жана андан[11] эч нерсе кемитпесин. Эгер карыз (киши) акылсыз, алсыз[12], же ал жазууга кудуретсиз болсо, андай учурда өкүлү[13] адилеттүүлүк менен жазсын. Эркектерден эки күбөнү күбө катары

1 Чын ыкласы менен толук окуп

2 Аллах Таала менен Кыйаматта жолугарыңарга ишенсеңер

3 Карызды кечкендей (б.а. пайызын албагыла)

4 Адилетсиздик

5 Доолабай тургула

6 Акыңарды садака кылып, кечип жиберсеңер

7 Эч бир адамга

8 Адилетсиздик

9 Абдурахман ибн Наасир Ал-Саьдийдин «Тайсир ал-Карим Ар-Рахман фи Калам Ал-Маннан» аттуу тафсир китебинде бирөөгө карыз берүүдөн мурда элүү шарт аткарылуусу берилген

10 Курандагы шарийат эрежесин бузбастан

11 Айтып берип жаткан адам айткан сандардын ордуна башка сандарды жазбасын

12 Балагатка жетелек жаш бала

13 Маселен, атасы, атасынын жана өзүнүн бир туугандары

катыштыргыла. Эгер эки эркек болбосо, андай учурда күбөлүккө өтүүгө өзүңөр ылайык көргөн бир эркек менен эки айал[1]. (Айалдын) бирөөсү адашса, экинчиси аны түзөйт (эскертет). Күбөлөр чакырылган кезде баш тартышпасын[2]. (Карыздын) аз же көп экенине карабастан белгилүү мөөнөткө жазып койуудан эринбегиле. Мына ушул - Аллахтын алдында адилеттүүрөөк жана күбөлүк үчүн бекемирээк, күмөнсүрөбөшүңөргө жакыныраак. Бирок өз ара кол алышып, жасалган нак соода болсо, аны жазуунун кажети жок. Соодалашкан кезде күбөлөндүргүлө. Катчы да, күбө да зыйанга учурабасын. Эгер андай кылсаңар[3] ал силер үчүн күнөө. Аллахтан корккула. Ошондуктан Аллах силерге үйрөттү[4]. Аллах - бардык нерсени Билүүчү.

**283.** Эгер сапарда болуп, катчы таба албасаңар, андай учурда күрөө алынат. Эгер бири-бириңерге ишенсеңер ишенилген тарап аманатын[5] тапшырсын. Ошону менен бирге Эгеси болгон Аллахтан корксун[6]. Күбөлүктү (көргөнүңөрдү) жашырбагыла. Ким аны жашырса, жүрөгү күнөөкөр (болот). Аллах - силердин жасаганыңарды Билүүчү!

**284.** Асмандардагы жана жердеги нерселердин баары Аллахка таандык. Силер көңүлүңөрдөгүнү жашырсаңар да, ашкере кылсаңар да, Аллах ал тууралуу силерден (баары бир) сурак алат. Ал кимди кааласа кечирип, кимди кааласа азаптайт. Аллах - бардык нерсеге Кудуреттүү!

**285.** Элчи менен момундар Эгеси тарабынан түшүрүлгөнгө[7] ыйман келтиришти. Баарысы Аллахка, Анын периштелерине, Анын Китептерине, Анын элчилерине ишеништи. Алар: «Анын элчилеринин эч кимисин биз бөлбөйбүз»[8], «угуп, мойун сундук», - дешти. Оо, Эгем, Сенин кечириминди тилейбиз жана Сага гана кайтып барабыз.

**286.** Аллах ар бир жанга мүмкүнчүлүгү жеткен гана милдетти жүктөйт. (Ар бир жандын) жасаган жакшылыгы - өз пайдасына, ал эми жамандыгы - өз зыйанына. «Оо, Эгем, эгер унутуп, же жаңылып калсак бизди азаптай көрбө! Оо, Эгем, бизге мурункуларга жүктөгөнүңдөй оор жүк[9] жүктөй көрбө! Оо, Эгем, бизге күчүбүз жетпегенди жүктөбө! Бизди (оттон) куткар! Бизди кечир! Бизге ырайым кыла көр! Сен - биздин Кожойунубузсуң! Каапыр коомдорго каршы[10] бизге жардам бер!

1 Күбө катары катышсын
2 Суракка келүүдөн жана чындыкты айтуудан
3 Күбө менен катчыга зыйан кылынса
4 Иштериңердин эрежесин
5 Өз учурунда, кемитпестен, алмаштырып койбостон
6 Карыз берген да, алган да
7 Куранга
8 Бирине ишенип, бирине ишенбей койбой баарына ишенебиз
9 Милдет, жоопкерчилик
10 Каапыр коомдордун үстүнөн жеңишке жетүү үчүн бизге жардам бер!

# 3. ААЛУ ИМРАН[1] СҮРӨСҮ

**Меккеде түшүрүлгөн Эки жүз айаттан турат**

***Мээримдүү, Ырайымдуу Аллахтын аты менен***

1. Алиф, лам, мим[2].
2. Аллахтан башка кудай жок! Ал - Тирүү, Түбөлүк[3]!
3. Ал сага Өзүнүн кол астындагынын[4] чындыгын тастыктоо үчүн Китепти[5] акыйкат менен түшүрдү. (Ал) Тооратты жана Инжилди да түшүргөн.
4. Андан[6] мурда адамдарга Туура жолду көрсөтүү үчүн Ал Ажыратуучуну[7] түшүрдү. Чындыгында, Аллахтын белгилерине ишенбегендерге катуу жаза (бар). Чындыгында, Аллах - Ызааттуу, Өч алуучу.
5. Чындыгында, Аллах үчүн жерде да, асманда да жашыруун нерсе жок[8].
6. Ал - силерге энеңердин курсагында[9] Өзү каалагандай келбет берген. Аллахтан башка кудай жок! Ал - Ызаттуу, Даанышман!
7. Ал сага Китеп түшүрдү. Анда өкүмдүү айаттар (бар). Жана алар Китептин өзөгү[10]. Калган айаттар - сырдуу. Кимдердин жүрөктөрүндө (Куран тууралуу) кара ниети болсо, андагы[11] сырдуу айаттарды бурмалоо жана бузукулук кылуу максатында аңдышат. Анын[12] чечмелөөсүн Аллах гана билет. Илимге бекем тургандар: «Биз ага[13] ишендик! Баары[14] - Эгебизден[15]«! - дешет. Акыл-эстүүлөр гана өрнөк алышат.
8. Оо, Эгебиз! Бизди Туура жолго салгандан кийин биздин жүрөгүбүздү

1 Аалу Имран - Имрандын үй бүлөсү

2 Бакара сүрөсүндө түшүндүрмө берилген

3 Аллахтын бул сыпаттары Куранда үч сүрөдө келген: Ваакиа, Аалу Имран, То-ха.

4 Забур, Тоорат, Инжилдин Аллахтан түшкөндүгүн

5 Куран

6 Курандан мурда

7 Ак менен караны, адал менен арамды, жаман менен жакшыны, күнөө менен соопту ажыратып таанытуучу Куранды

8 Аллахтын көрүү жана билүүсүнөн эч нерсе, эч ким жашынып, же ойун жашырып кала албайт!

9 Жатынында жаткан кезиңерде эле

10 Б.а. Курандын ошол айаттарында Курандын чыныгы маңызы-максаты камтылган

11 Курандагы

12 Сырдуу айаттардын түшүндүрмөсүн

13 Куранга

14 Курандагы бардык айаттар.

15 Аллахтан

адаштырба. Бизге Өзүңдүн алдыңдагы Ырайымыңдан бер. Чындыгында Сен - Айкөлсүң!

9. Оо, Эгебиз! Чындыгында, Сен күмөнсүз болуучу Күндө адамдарды чогултуучусуң. Чындыгында Аллах - Өз убадасына (эч качан) каршы чыкпайт[1]!

10. Чындыгында, каапырлардын балдары да, мал-мүлкү да Аллахтын алдында[2] эч нерседен сактап кала албайт жана алар - Тозоктун отундары.

11. Алардын абалы Фараондун абалына жана андан мурдагыларга окшош. Айаттарыбызды жалганга чыгарышкандыктан, Аллах аларды күнөөлөрү менен (кошо) азапка салды. Аллахтын жазасы - катуу.

12. Ыймансыздарга[3]: «Силер жакында жеңилесиңер жана Тозокко чогуласыңар!» -деп айт. Ал[4]- абдан жаман орун!

13. Эки беттешкен тайпада силер үчүн[5] белги бар. Бир тайпа Аллах жолунда салгылашса, экинчиси - каапыр абалда (согушат). Мусулмандарды алар өздөрүнө караганда эки эсе көп көрүшөт. Аллах каалаганын Өз жардамы менен колдойт. Чындыгында мында - акыл-эстүүлөр үчүн өрнөк бар.

14. Адамдарга - айалдар, балдар, алтын-күмүштөн жыйналган казыналар, күлүк аттар, мал-мүлк жана эгинзарларга болгон сүйүү кооз көрсөтүлдү. Бул (аталгандар) - ушул дүйнөдө пайдалуу нерселер. Бирок Аллахтын алдында - кайтып бара турган кооз жай бар.

15. (Сен адамдарга): «Мен силерге мындан да жакшыраагын айтып берейинби?» - дегин. Такыбалар үчүн Аллахтын алдында алдынан дарыйалар агып туруучу бактар бар. Ал жерде алар (мусулмандар) түбөлүккө калышат. Анда Аллахтын ыраазылыгы жана тап- таза жубайлар (болот). Албетте, Аллах пенделерин Көрүүчү!

16. (Алар): «Оо, Эгебиз, биз Сага ыйман келтирдик, күнөөлөрүбүздү кечире көр, бизди оттон сакта», - дешкен.

17. Сабырдуу, чынчыл, Аллахка баш ийүүчү, сарптоочу[6], таңда[7] кечирим суроочуларды (Аллах билет).

18. Акыйкатта, Өзүнөн башка кудай жок экенине адилеттүүлүктү орнотуу-

---

1 Каршы чыкпайт, аткарбай койбойт

2 Кыйамат Күнү

3 Каапырларга

4 Тозок

5 Пайдалуу

6 Аллах жолунда байлыгын

7 Тахажжут, багымдат учурларында

чу Аллах Өзү, периштелер жана илим ээлери күбөлүк берди. Аллахтан башка кудай жок. Ал - Ызааттуу, Даанышман!

**19.** Чындыгында, Аллахтын алдында кабыл болуучу дин бул - Ислам. Китеп берилгендер өздөрүнө маалымат келгенден кийин өз ара көралбастыктын айынан талашып-тартышууга түшүштү. Ким Аллахтын айаттарына каршы чыкса, албетте, Аллахтын эсеп-жазасы тез!

**20.** Эгер алар сени менен талашса: «Өзүмдү жана мени ээрчигендерди Аллахка толук тапшырдым[1]», -деп айткын. Китеп түшүрүлгөндөргө жана наадандарга[2]: «Исламды кабыл аласыңарбы?» - деп айт. Эгер Исламды кабыл алышса, анда, чындыгында туура жолго түшкөн болот. Ал эми кабыл кылбаса, анда... сага (эскертүүнү) жеткирүү гана (буйрулган). Аллах - пенделерин Көрүүчү!

**21.** Аллахтын айаттарына ишенбегендер, пайгамбарларды акыйкатсыздык[3] менен өлтүргөндөр жана адамдарды адилеттүүлүккө[4] үгүттөгөндөрдү өлтүргөндөргө жан чыдагыс азап барын кабарла!

**22.** Мына ошолор дүйнөдө да, акыретте да жасаган амалдары текке кеткендер. Алар үчүн жардамчылар жок.

**23.** Китептерден үлүш берилгендердин ортосунда өкүм кылуу үчүн Аллахтын Китебине (кайрылууга) чакырылгандарды[5] байкадыңбы? Алардын бир бөлүгү андан жүз үйрүп кетишти. Алар каршы чыгуучулар[6].

**24.** Алар: «Бизди саналуу гана күн Тозок оту күйгүзөт», - деп ойлошкондуктан ошентишти. Аларды өздөрү ойлоп чыгарган нерселер дин жолунан адаштырды.

**25.** Биз аларды болоору анык Күндө жыйнаганыбызда эч кимге адилетсиздик кылынбастан (бул дүйнөдө кылган) эмгектери[7] толук берилгенде (абалы) кандай болот?

**26.** Айткын: «Оо, Өкүмдарлык Ээси болгон Аллах! Сен Өзүң каалаган адамга бийлик берип, каалаган адамыңдан (кайра) тартып аласың. Каалаган адамыңды ардактап, каалаганыңды кордойсуң. Жакшылык - Сенин колуңда. Сен - бардык нерсеге Кудуреттүүсүң!»

---

1 Аллахка берилип сыйынабыз

2 Мушриктерге - жалган кудайларга, сөлөкөттөргө сыйынгандарга

3 Өлтүрүүгө укугу жок туруп

4 Ислам динине

5 Жөөтөр менен христиандарды

6 Аллахтын эркине

7 Иштеринин сооп-жазалары

**27.** Түндү күндүзгө, күндүздү түнгө киргизесиң[1]. Тирүүнү өлүктөн[2] чыгарып, өлүктү тирүүдөн чыгарасың[3]. Өзүң каалаганыңа эсепсиз ырыскы бересиң!

**28.** Ыймандуулар - ыймандуулардан башкаларды - каапырларды дос кылбасын. Кимде-ким муну жасаса (дос кылса), анын Аллах менен эч кандай байланышы жок. Бирок, алардан[4] сактануу үчүн (жасасаңар күнөө эмес). Аллах силерди Өзүнөн[5] сестендирет[6]. Кайтуу - Аллахка гана.

**29.** «Эгерде[7] жүрөгүңөрдөгүнү жашырсаңар да, ачык айтсаңар да, (баары бир) Аллах аны билет. Ал - асмандагыларды да, жердегилерди да (жакшы) билет. Аллах - бардык нерсеге Кудуреттүү«!

**30.** Ар бир жан өзү кылган жакшылыкты да, жамандыкты да[8] Кыйамат күнү дайар табат. Ошондо ар бир жан жасаган иши менен өзүнүн аралыгы абдан узак болушун тилейт. Аллах силерди Өзүнөн сестентет[9]». Ошондой эле, Аллах - өз пенделерине Мээримдүү!

**31.** Анан дагы айт: «Эгер силер Аллахты сүйсөңөр, анда мени[10] ээрчигиле. Ошондо Аллах силерди сүйөт жана күнөөңөрдү кечирет». Аллах - Кечиримдүү, Боорукер!

**32.** Айткын: «Аллахты жана Анын элчисин[11] ээрчигиле»! Эгер жүз бурушса, албетте, Аллах - каапырларды жек көрөт!

**33.** Чындыгында, Аллах Адамды, Нухту, Ибрахимдин урпактарын жана Имрандын урпактарын бүт дүйнөдөн тандап алды.

**34.** Анткени бир уруу - экинчи бир уруудан (тараган). Чындыгында, Аллах - Угуучу, Көрүүчү!

**35.** Имрандын айалы: «Эгем, мен курсагымдагыны[12] азат[13] абалда Сага гана арнадым[14]. Менден кабыл ал. Албетте, Сен - Угуучу, Билүүчүсүң!» - деди.

---

1 Алмаштырасын

2 Уруктан

3 Б.а. тирүүнү өлтүрүп, өлүктү тирилтесиң

4 Алар тараптан келүүчү жамандыктан

5 Өз каарынан

6 Коркутат, эскертет

7 Эй, Мухаммед!

8 Сурак берүүчү жайдан

9 Өз каарынан

10 Аллахтын элчиси Мухаммедди (а.с.)

11 Мухаммедге (а.с.)

12 Жатынымдагы перзентимди

13 Дүйнө ипгтеринен эркин

14 Сага сыйынууга жана Сага гана баш ийүүгө арнаймын

36. Ал төрөгөн кезде: «Эгем, мен кыз төрөдүм» - деп айтты. Ал эми Аллах анын кимди төрөгөнүн жакшыраак Билүүчү. Эркек - ургаачы сыйактуу эмес. Албетте, аны Марйам деп атадым. Аны жана анын урпактарын куулган шайтандан сактооңду Өзүңдөн сураймын.

37. Анан Эгеси аны жакшы кабыл алды. Жакшы тарбия менен өстүрүп, Закарийаны ага кепил кылды. Ар дайым Закарийа мечитке кирген кезде анын алдынан мол ырыскыларды көрчү. Ал[1]: «Эй, Марйам! Бул сага кайдан?» - деп сурачу. Ал[2]: «Бул - Аллахтан!» - деп жооп берчү. Чындыгында, Аллах кимге кааласа ага сансыз ырыскы берет.

38. Закарийа Эгесине[3] кайрылып: «Оо, Эгем! Мага жакшы перзент бер. Анткени, Сен - дубаны[4] Угуучусуң!»- деди.

39. Ал (Закарийа) мечитте намаз окуп жаткан кезде периштелер айтышты: «Аллах сага Аллахтын (Өзүнүн) сөзүн тастыктоочу, жетекчи, өзүн айалдардан калкалоочу, жакшылардан пайгамбар (кылып) Йахйа аттуу перзент менен сүйүнчүлөйт».

40. Ал айтты: «Оо, Эгем, мен картайдым. Менден кантип бала төрөлсүн. Айалым да төрөттөн калган». Ал[5]: «Аллах эмне кааласа ошону жасайт!»- деди.

41. Ал (Закарийа) айтты: «Оо, Эгем! Анда мага бир белги бер». Ал[6]: «Белгин - үч күн адамдар менен ишаарат менен гана сүйлөшөсүң. Эртели-кеч Эгеңди көп эсте жана аруула» - деди.

42. Периштелер айтышты: «Эй, Марйам! Аллах сени тандады, тазалады. Сени дүйнөдөгү айалдардын ичинен тандап алды».

43. «Эй, Марйам! Аллахка мойун сунуп, Эгеңе сежде кыл. Намаз окуучулар менен чогуу намаз оку!»

44. [7]Бул - кайып байандардан. Биз аны сага айтып бердик. Алар кимиси Марйамды кепилдикке алаары тууралуу маселеде калемдерин ыргытышып, жаңжалдашкан кезде сен алар менен болгон эмессиң.

45. Периштелер: «Эй, Марйам! Чындыгында, Аллах сени Өзү тарабынан бир сөз менен кубантат, анын ысмы Масих Иса Марйам уулу. Ал - дүйнөдө, акыретте, даңктуу жана Аллахка жакындардан».

46. Ал бешикте жана эр жеткенде адамдарга сүйлөйт. Ал - жакшылардан.

1 Закарийа (а.с.)
2 Марйам
3 Аллахка
4 Чакырыкты
5 Аллах
6 Аллах
7 Эй, Мухаммед!

**47.** Ал (Марйам): «Мага бир да адам жолобосо[1], менде кайдан бала болсун?» -деди. Ал[2] айтты: «Ушундай! Аллах эмне кааласа ошону жаратат. Эгер бир иштин болуусун кааласа, анда Ал: «Бол!»-дейт, ал дароо ишке ашат».

**48.** Ага[3] жазууну, даанышмандыкты, Тооратты жана Инжилди үйрөтөт

**49.** жана аны Исраил урпактарына элчи кылат. «Чындыгында мен силерге Эгеңерден кереметтер менен келдим: Мен ылайдан чымчык жасап, ага Аллахтын уруксаты менен дем салсам, ага жан кирет; Аллахтын эрки менен тубаса сокурларды, ала-пес оорулууларды айыктырып, өлүктөрдү тирилтем; үйүңөрдө эмне жеп, эмне сактаганыңар тууралуу кабар берем. Чындыгында, эгер ыйман келтирсеңер ушунда силер үчүн белги бар.

**50.** «Силерге алдымдагы Тооратты ырастоо, Эгеңерден арам кылынган кээ бир нерселерди адал кылуучу белги жана силерге Эгеңерден кереметтер менен келдим. Аллахтан коркуп, мага[4] мойун сунгула!»

**51.** «Чындыгында, Аллах менин да, силердин да Эгеңер. Ага сыйынгыла. Ушул (анык) - туура жол.»

**52.** Иса алардан каршылык сезип: «Аллах жолунда мага ким жардамчы болот?» - деди. Хаварийлер: «Биз Аллах (үчүн) жардамчыбыз. Аллахка ыйман келтирдик. Биздин (толук) мусулман болгонубузга күбө бол», -дешти[5].

**53.** Оо, Эгебиз! Түшүргөнүңө (айанга) ыйман келтирип, элчини ээрчидик. Бизди күбө болуучулар менен чогуу кыл!

**54.** Алар[6] амалкөйлүк-куулук кылышты[7]. Аллах да (аларга каршы) амалдуулук кылды![8] Аллах - амалкөйлөрдүн эң мыктысы.

**55.** Аллах мындай деди: «Эй, Иса! Сени Мен алуучумун жана өз тарабыма көтөрүүчүмүн. Андыктан каршы болгондордон сени тазартуучумун жана сени ээрчигендерди Кыйаматка чейин каршы болгондорго үстөмдүк кылып койом. Анан кайтаар жериңер - Мен тарап. Силер талашкан нерселер тууралуу ортоңордо[9] өкүм кыламын».

---

1 Колумду эч ким кармабаса

2 Аллах Таала

3 Исага Аллах Таала

4 Иса (а. с)га

5 Хаварийлер - Исаны ээрчиген жана жардам берген мусулмандар, алар 1.   адам болчу

6 Иудейлер

7 Исаны өлтүрүү үчүн.

8 Аллах Исаны өлтүрүүнү каалагандардын бирин ага дал өзүндөй окшоштуруп койду эле, Исаны өлтүрөбүз дегендер өз досун өлтүрүп тынышты

9 Эмне туура, эмне туура эмес экенин ачыкка чыгаруучу өкүм

56. Ал эми ыйманга келбегендердин өздөрүн дүйнөдө да, акыретте да катуу азаптаймын. Алар үчүн эч бир жардамчы жок.

57. Ыйман келтирип, жакшы иштерди жасагандардын сыйлыктары толук берилет. Анткени, Аллах - заалымдарды[1] жек көрөт!

58. Мына ошону сага айаттардан[2] жана даанышман насааттардан окуп берүүдөбүз.

59. Аллахтын алдында Исанын өрнөгү Адамдын мисалы[3] сыйактуу. Аны топурактан жаратып, анан ага: «Бол!» - деп буйруду эле, болуп калды!

60. Чындык - Эгеңден. Мына эми, күмөн саноочулардан болбо!

61. Ачык белги келгенден кийин Иса тууралуу сени менен талашкандарга: «Келгиле, балдарыбызды, балдарыңарды, айалдарыбызды, айалдарыңарды, өзүбүздү жана өзүңөрдү чакыралы. Жалбарып, Аллахтын каргыштарын жалганчыларга[4] тилейли!» - деп айт.

62. Чындыгында, ушул байандар[5] - шексиз чындык. Аллахтан башка кудай жок. Чындыгында, Аллах - Мартабалуу, Даанышман!

63. Эгер алар жүз үйүрүшсө[6]... Аллах - бузукуларды Билүүчү!

64. «Эй, Китеп ээлери![7] Ортобузду (түзөп), өз ара бир келишимге келели: «Жалгыз Аллахка кулдук кылалы, Ага эч нерсени шерик кылбайлы. Ошондой эле, Аллахтан башканы - бири бирибизди[8] кудай кылып албайлы», - деп айткын[9]. Эгер алар[10] каршы болсо, анда: «Биздин мусулмандыгыбызга күбө болгула!» - дегиле.

65. Эй, Китеп ээлери! Ибрахим тууралуу[11] эмнеге талашасыңар? Акылга келбейсиңерби? Чындыгында, Тоорат да, Инжил да андан кийин түшүрүлбөдү беле?!

66. Эй, Силер маалыматыңар болгон нерсе тууралуу го талашып жатасыңар! А эмне үчүн өзүңөр билбеген нерселериңер тууралуу да талашасыңар[12]? Аллах билет, силер билбейсиңер.

---

1 Адилетсиздерди

2 Куран айаттары тууралуу сөз болууда

3 Адам да, Иса да атасыз жаратылган

4 Б.а. кеп Исаны Кудайдын уулу деп билип туруп жалган айтып, элди адаштыргандар тууралуу болууда

5 Иса (а.с.)га байланыштуу окуйалар

6 Аллахты жалгыз деп таануудан

7 Куранга чейин Аллахтан китеп түшүрүлгөн иудейлер жана христиандар!

8 Мисалы, Исаны

9 Эй, Мухаммед!

10 Мушриктер

11 Ошол кезде Ибрахимди «иудей же христиан» деп талашышкан

12 Ибрахимдин теги жана дини тууралуу христиандар менен иудейлер билбей эле талаша

67. Ибрахим иудей[1] да, христиан да эмес, нагыз мусулман болчу. Шерик тутуучулардан[2] да эмес эле.

68. Чындыгында, адамдардын Ибрахимге жакыны аны ээрчигендер - ушул пайгамбар[3] жана ыймандуулар. Аллах - ыймандуулардын Коргоочусу!

69. Китеп ээлеринин бир тобу силерди адаштырууну каалашты. Бирок, алар өздөрүн гана адаштырышат. Аны[4] өздөрү да сезишпейт.

70. «Эй, Китеп ээлери! Өзүңөр күбө болуп туруп[5], эмне үчүн Аллахтын белгилерине[6] каршы чыгасыңар?»

71. «Эй, Китеп ээлери! Эмне үчүн чындыкты бузукулук менен алмаштырып, билип туруп Акыйкатты жашырасыңар.»

72. Китеп ээлеринин бир тобу (өз ара): «Ыймандууларга түшүрүлгөнгө[7] күндүн башында ыйман келтирип, анын айагында[8] каршы чыккыла! Балким алар кайтаар»[9], - дешет.

73. Силердин диниңерди ээрчигендерге Сен[10]: «Чындыгында, Аллахтын жолу - туура жол!» - деп айткын. (Алар): «Эгер силер аларды[11] ээрчисеңер, анда силерге түшүрүлгөн нерселер[12] алардын бирөөнө да берилгендигине ишенбегиле, же алар Эгеңердин алдында силерге (күнөөнү) жаап салышат», - деп айтышат. (Сен): «Чындыгында, жакшылык - Аллахтын колунда, аны Өзү каалаганына берет», - деп айт. Чындыгында, Аллах - баарын Камтуучу, Билүүчү.

74. Ал каалаган адамына Өз ырайымын багыштайт. Аллах - Улуу Ырайымдуулуктун Ээси!

75. Китеп ээлеринин кээ бирөөлөрүнө сен көп байлык[13] аманатка берсең, аны сага толугу менен кайтарат. Ал эми айрымдары бир динар[14] ама-

---

беришкен

1 Иудей динин тутунган эмес

2 Аллахка шерик кошуучу мушриктерден

3 Мухаммед (а.с.)

4 Адашканын

5 Курандын кереметтерин, Мухаммеддин (а.с.) анык пайгамбарлыгын ж.б. көрүп-билип туруп

6 Кереметтерине

7 Куранга

8 Күндүн айагында

9 Мусулмандар да силерди ээрчип, Исламдан баш тартаар деген мааниде

10 Эй, Мухаммед!

11 Мусулмандарды

12 Пайгамбарлык жана Ыйык Китеп

13 1) Көп байлык; 2) миң динарга барабар алтын акча

14 Акча бирдиги

натка берсең, анын артынан[1] түшпөсөң кайтарып беришпейт. Себеби алар: «Сабатсыз[2] адамдарга биздин күнүбүз түшпөйт» - деп айтышат[3]. Алар Аллах тууралуу билип туруп жалган айтышат.

76. Андай эмес! Ким өз убадасын аткарса, Аллахтан корксо[4]... Чындыгында, Аллах - такыбаларды сүйөт!

77. Чындыгында, Аллахка берген убадаларын жана анттарын арзыбас акча үчүн соодалашкандардын Акыретте эч кандай үлүшү жок жана Кыйамат күнү Аллах аларга сүйлөбөйт, карап да койбойт[5]. Аларды (күнөөдөн) тазартпайт, аларга - оорутуучу азап (бар).

78. Чындыгында, алардын арасынан бир топ[6] Китепте[7] болбогонду (силер) Китепте бар экен деп ойлооңор үчүн тилдерин буруп[8] окушат. «Бул - Аллахтан!» - деп айтышат. Бирок, ал - Аллахтан эмес! Алар Аллах тууралуу билип туруп жалган айтышат.

79. Аллах бир адамга Китеп, даанышмандык жана пайгамбарлык берсе, а тигил болсо адамдарга: «Аллахты койуп, мага кул болгула!» - деп айтуусу туура эмес. Анын ордуна: «Китептен окуп үйрөткөнүңөрдөй жана сабак алганыңардай[9] Эгесине гана берилгендей болгула!» (деп айтуусу керек эле).

80. Ал[10] силерге периштелерди жана пайгамбарларды өзүңөргө кудай кылып алууга буйурбайт. Силерди мусулман болгонуңардан кийин[11], (кайра) каапырлыкка буйурмак беле?!

81. Аллах пайгамбарларга[12]: «Силерге Китеп, даанышмандык бердим. Анан силерге берилген нерселерди тастыктоочу (башка) элчи[13] келет. Силер ага сөзсүз ишенип, ага жардам беришиңер керек!» - деп алардын убадаларын алган. Ал[14]: «Менин келишимимди[15] тастыктап, кабыл албай-

---

1 Тигилерден жогорураак даражаны ээлеп, ар дайым көзөмөлдөп

2 Карапайым

3 Ойлошот

4 Аларды Аллах мыкты билет

5 Аллахтын назарынан кур калып, Тозокко ыргытылат

6 Бирөөлөрү

7 Тооратта, Забурда, Инжилде

8 Өзгөртүп окушат

9 Өзгөртпөстөн

10 Аллах Таала

11 Аллахтын жалгыздыгын таанып, Ага толук мойун сунуп

12 Мухаммед (а.с.) пайгамбарыбызга чейин келген пайгамбарлар жөнүндө айтып жатат

13 Мухаммед (а.с.) тууралуу сөз болууда

14 Аллах таала

15 Оор милдетимди

сыңарбы?» - деп айтты. Алар: «Тастыктайбыз!» - дешти. Ал[1]: «Күбө болгула![2] Мен да силер менен бирге күбө болуучулардanмын», - деди.

82. Мындан кийин[3] кимде-ким жүз үйүрсө - алар бузукулар.

83. Аллахтын dininen башка дин издешеби?[4] Ага асмандардагы жана жердегилердин баары ыктыйардуу да, ыктыйарсыз да мойун сунат. Алар Ага[5] кайтарылат.

84. «Биз Аллахка жана бизге түшүрүлгөнгө, Ибрахимге, Исмаилге, Исхакка, Йакупка жана алардын урпактарына түшүрүлгөнгө, Мусага, Исага жана бардык пайгамбарларга, Эгебизден белек кылынганга[6] ыйман келтиребиз. Биз аларды бирин артык, бирин кем көрбөйбүз. Ага (Аллахка) гана өзүбүздү тапшыруучулардanбыз[7]», - деп айткыла.

85. Кимде-ким Исламдан башканы дин катары тутунса, анын дини[8] кабыл кылынбайт жана ал акыретте зыйанга учуроочулардан (болот).

86. Аллахка ыйман келтирип, чындыгында, элчинин[9] акыйкаттыгына[10] күбө болуп, аларга[11] ачык далилдер келген соң, каапырлык кылган коомду Аллах кантип Туура жолго салсын?! Аллах заалым коомду Туура жолго баштабайт.

87. Алардын жазасы - Аллахтын, периштелердин жана бардык адамдардын каргышы[12]!

88. Ал жерде (тозокто) алар түбөлүккө калышат. Алардын жазасы да жеңилдетилбейт, (жазалоо) мөөнөтү да артка кечиктирилбейт.

89. Бирок (ыйман келтирип), тообо кылгандар жана (амалдарын) түзөгөндөргө Аллах - Кечиримдүү, Боорукер!

90. Чындыгында, ыйман келтиришкенден кийин каапыр болгондор жана да каршылыктарын күчөткөндөрдүн тообосу эч (качан) кабыл болбойт. Мына ошолор - Жолдон адашкандар.

91. Чындыгында, каапыр бойунча өлгөндөрдүн ар бири жер жүзү толо

1 Аллах Таала
2 Өзүңөргө-өзүңөр
3 Оор милдетти мойунуңарга алып, тастыктаганыңардан кийин
4 Жүз үйүргөндөр
5 Аллах тарапка
6 Ыйык Китептерге жана барактарга
7 Ага гана толук баш ийип, Ага гана тобокел кылабыз, Ага гана ишенебиз
8 Аллахтын алдында
9 Аллахтын элчисинин
10 Чыныгы пайгамбар экенине көздөрү жетип
11 Мушриктерди ынандыра ала турган
12 Б.а. Аллахтын, периштелердин, бардык адамдардын каргышына калып, Тозокко ыргытылат

алтын төлөсө да эч качан алардын (төлөмдөрү) кабыл кылынбайт[1]. Аларга жан чыдагыс азап (бар). Алар үчүн бир да жардамчы жок!

**92.** Силер өзүңөр жакшы көргөн нерсени (Аллах жолунда) сарптамайынча жакшылыкка жете албайсыңар. Силер эмнеден кайрымдуулук кылган болсоңор, чындыгында аны Аллах Билүүчү!

**93.** Тоорат түшүрүлөрдөн мурда Исраил[2] өзүнө-өзү арам кылган нерселеринен башка бардык тамактар Исраил урпактарына адал болчу. Аларга: «Эгер айтканыңар чын болсо Тооратты алып келип окугула!» -дегин.

**94.** Ошондон кийин кимде-ким Аллах жөнүндө жалган сөз таратса - мына ошолор заалымдар!

**95.** Айткын: «Аллах - Чындыкты Айтуучу! Ибрахимдин таза динин кармангыла!» Ал - (Аллахка) шерик кошуучулардан[3] эмес!

**96.** Чындыгында, адамзат үчүн Меккеде алгач курулган Үй[4] - бүткүл аалам үчүн ыйык жана Туура жол!

**97.** Анда ачык белгилер жана Ибрахимдин орду бар. Кимде-ким ага[5] кирсе - тынчтыкта болот. Мүмкүнчүлүгү жеткендерге Аллах (ырааазылыгы) үчүн Каабага ажылык кылуу милдети жүктөлдү. Ким мындан жүз үйүрсө, чындыгында, Аллах - ааламдагыларга муктаж эмес!

**98.** Эй, китеп ээлери! Аллахтын белгилерине эмне үчүн ишенбейсиңер?! Аллах - силердин жасап жаткан иштериңердин баарына Күбө!

**99.** «Эй китеп ээлери, өзүңөр тууралыгына күбө болуп туруп, эмне үчүн кара ниеттикти көздөп, ыймандууларды Аллахтын жолунан тососуңар?! Аллах силердин жасап жаткан ар бир ишиңерге кайдыгер эмес!» - деп айткын.

**100.** Эй, ыйман келтирген момундар! Эгер силер ыйман келтиргенден кийин китеп ээлеринин кээ бир тобуна мойун сунсаңар, алар силерди (кайра) каапырлыкка кайтарышат.

**101.** Силерге Аллахтын айаттары окулуп жатса, араңарда Аллахтын элчиси болсо, анан кантип силер кайра артка (каапырлыкка) кайтасыңар?! Ким Аллахтын китебин бекем карманса, ал - Туура жолго багыт алат.

**102.** Эй, ыйман келтиргендер! Аллахтан чыныгы коркунуч менен корккула жана мусулман абалда гана өлгүлө.

**103.** Баарыңар Аллахтын жибин[6] (гана) карманып, бөлүнүп-жарылбагыла! Силер бири-бириңе душман болуп турган учурда жүрөктөрүңөрдүн

---

1 Аллах тарабынан, Кыйаматта

2 Абдулла-(Йакуп (а.с.))

3 Мушриктерден болгон эмес

4 Кааба

5 Каабага

6 Динин

аралыгын жакындаткан, Анын[1] жакшылыгы менен бир тууганга айланганыңарды эстегиле! Тозоктун бир чуңкурунун кырында[2] турган кезиңерде, Ал[3] силерди андан куткарды. Силер Туура жолго түшүшүңөр үчүн Аллах Өз айаттарын ушундай кылып байандайт.

104. Силердин араңардан жакшылыкка чакырып, сооптуу амалдарга үндөгөн жана жамандыктан тыйган бир коом болсун! Ошолор - (азаптан) кутулуучулар.

105. Өздөрүнө ачык далилдер келгенден кийин бөлүнүп-жарылып, каршылашкандардан болбогула. Мына ошолорго - улуу азап (бар)!

106. Кыйамат Күнү айрым жүздөр агарып, айрым жүздөр карарат. Ошондо жүздөрү карааргандарга: «Ыйман келтиргенден кийин каапыр болдуңарбы?! Ошол каапыр болгонуңар үчүн азабын таткыла!» (деп айтылат).

107. Ал эми жүздөрү агаргандар Аллахтын мээриминде болушат. Алар анда түбөлүккө калышат.

108. Ушулар - Аллахтын айаттары. Аны сага чындык менен окуп берип жатабыз. Аллах - ааламдарга зулумдук кылууну каалабайт.

109. Асмандагылар да, жердегилер да Аллахка таандык. Бардык иштериңер Аллахка кайтат.

110. Аллахка ыйман келтирген, жакшылыкка үндөгөн, жамандыктан тыйган, (жалпы) адамзат үчүн жиберилген жакшы коом болдуңар! Эгер китеп ээлери ыйман келтиришкенде, ал - өздөрү үчүн жакшы болмок. Алардын кээ бирлери ыймандуулар, ал эми көпчүлүгү бузукулар.

111. Алар силерге кайгыдан башка эч бир зыйан тийгизе алышпайт. Эгер силер менен согушса, артын карай качышат. Аларга жардам[4] берилбейт.

112. Кайда болсо да, аларга кордук соккусу урулат. Аллах тараптан коргоо, же адамдар (мусулмандар) менен келишими болсо гана аларга сокку урулбайт. Алар Аллахтын каарына учурап, кедейчиликтин да соккусун тартышат. Анткени, алар Аллахтын айаттарына каршы чыгышты, пайгамбарларды адилетсиздик менен өлтүрүштү. Бул (азап) – алардын күнөөгө батып, чектен ашкандыгынан.

113. Китеп ээлеринин баары бирдей[5] эмес. Алардын түн мезгилинде тике туруп, Аллахтын айаттарын окуп, сежде кылуучу бир тайпасы[6] бар.

114. Алар[7] Аллахка, акырет Күнүнө ишенишип, жакшылыкка чакырып, жа-

1 Аллах Тааланын

2 Адашкан жолдо, Аллахтан башкага сыйынып

3 Аллах Таала

4 Аллах тарабынан эч кандай

5 Окшош

6 Салам уулу Абдулла сыйактуу (Тафсир Ал-Жалалайн)

7 Китеп ээлеринин арасынан ыйман келтирген тайпа

мандыктан тосуп, жакшылык иштерде атаандашат. Алар - жакшылардан.

115. Алар кандай жакшылык кылышпасын (Аллах тарабынан) унутулуп[1] калбайт. Аллах - такыбаларды Билүүчү!

116. Чындыгында, каапырлардын мал-мүлкү, балдары Аллахтан (келүүчү) эч бир нерседен[2] аларды куткарып кала албайт. Алар - Тозок ээлери. Анда түбөлүккө калышат!

117. Алардын бул дүйнөдө жасаган кайрымдуулуктарынын мисалы: өздөрүнө зулумдук кылган коомдун эгин талаасынын түшүмүн кыйраткан айаздуу шамал сыйактуу. Аллах аларга зулумдук (адилетсиздик) кылган жок! Алар - өздөрүнө-өздөрү зулумдук кылышты!

118. Эй, ыймандуулар! Өзүңөрдөн башкаларды[3] дос тутпагыла. Алар силерге кастык кылуудан[4] тартынышпайт. Алар[5] силердин балээге кабылышыңарды каалашат. Алардын кектешүүсү оозунан (чыккан сөздөн) ачык-айкын көрүнүп турат. Жүрөктөрүнүн түпкүрүндөгү[6] тагы (кеги) абдан чоң. Чындыгында, силер түшүнүшүңөр үчүн Биз силерге белгилерди байан кылдык.

119. Силер аларды жакшы көрөсүңөр, (баары бир) алар силерди жек көрүшөт. Силер Китептин[7] баарына ыйман келтиресиңер, алар бет-ме-бет келген учурда: «Ишендик!» - деп, өздөрүнчө калган кезде ачууланып, бармактарын тиштешет. «Кара ниетиңер менен кошо өлгүлө!» - деп айт. Чындыгында, Аллах - жүрөктөрдүн түпкүрүндөгүнү Билүүчү!

120. Силер кандайдыр бир ийгиликке жетсеңер, аларга жакпайт. Ал эми силерге кандайдыр бир жамандык келсе, ага алар кубанышат. Эгер сабыр кылып, такыба болсоңор, алардын кара ниеттигинен эч зыйан тартпайсыңар! Чындыгында, Аллах - алардын кылып жаткан иштеринин баарын Камтуучу[8]!

121. [9]Үйүңдөн эрте чыгып, момундарды согуш үчүн катарга тиздиң, Аллах - баарын Угуучу, Көрүүчү!

---

1 Эсепке кирбей

2 Азап-тозоктон, кайгы-касыреттен...

3 Мусулмандардан башкалардан, башка диндегилерден

4 Мүмкүн болгон ар бир учурда

5 Жүрөк түпкүрүндө, дил түбүндө, чыныгы ниетинде

6 Мусулмандарга деген кара ниеттери

7 Ичиндеги бардык айаттарга

8 Толук билүүчү

9 Сөз Мухаммед (а.с.) мусулмандарды Ухуд согушуна тизип жаткан кез тууралуу жүрүп жатат

**122.** Ошол учурда[1] силерден эки топ кайратынан тайа түштү. Аллах ал экөөсүнүн[2] жардамчысы. Момундар Аллахка гана тобокел кылышсын!

**123.** Чындыгында, Бадрда[3] силерди жеңишке жеткирген - Аллах! Ал кезде силер күчсүз болчусуңар. Аллахтан корккула! Мүмкүн (силер эми) шүгүр кылаарсыңар?!

**124.** Момундарга[4]: «Эгеңер силерге үч миң periште түшүрүп, жардам берди. Ошол жетишпейби?!» - деп айттың.

**125.** Ооба, Эгер сабыр кылып, такыба болсоңор, Ал[5] силерге дароо келип, Эгеңер силерге бирдей[6] беш миң periште менен жардам кылат.

**126.** Аллах аны[7] силерди сүйүнтүп, аны менен (кошо) жүрөктөрүңөр тынчтануусу үчүн жасады. Жардам - Мартабалуу, Даанышман Аллахтан гана!

**127.** Каапырлардын бир тарабын[8] кыйратуу жана аларды кордоп, ийгиликсиз[9] кайтуусу үчүн (ушинтти).

**128.** [10]Аллах аларды[11] кечиреби, же азаптайбы...[12] Эч бир иш сенин эркиңде эмес! Чындыгында, алар - заалымдар.

**129.** Асмандагылар жана жердегилер - Аллахка таандык. Ал[13] каалаганын кечирип, каалаганын азаптайт. Аллах - Кечиримдүү, Боорукер!

**130.** Эй, ыйман келтиргендер! Сүткорлуктун эсебинен жашабагыла! Аллахтан корккула! (Ошондо) мүмкүн[14] кутулаарсыңар!

**131.** Каапырларга дайардалган тозоктон сактангыла!

**132.** Аллахтан коркуп, элчиге[15] мойун сунгула! Балким (ошондо) ырайым кылынаарсыңар!

---

1 Ухуд согушунда

2 Эки топтун

3 Мекке жана Медина шаарларынын ортосунда жайгашкан өрөөн. Мушриктер менен мусулмандар ортосундагы алгачкы согуш ал жерде болгондуктан, согуш ошол жердин аты менен аталып калган.

4 Эй, Мухаммед!

5 Аллах Таала

6 Күч-кубат жагынан бирдей: күчтүү, кубаттуу,

7 Аскер периштелерди түшүрүп жардам бергенди

8 Бөлүгүн

9 Каапырлар

10 Эй, Мухаммед!

11 Мушриктерди, каапырларды ж.б.

12 Ал - Аллахтын иши

13 Аллах Таала

14 Тозок азабынан

15 Мухаммед (а.с.)га

133. Эгеңердин кечиримине, такыбалар үчүн дайардалган кенендиги асман менен жердей болгон бейишке умтулгула!

134. Кеңиричиликте да, жетишсиздикте да Аллах жолунда сарптагандар, ачуусун сабыр менен баскандар, адамдарга кечиримдүү болгондор - (ушулар такыбалар)! Аллах - жакшылык кылуучуларды сүйөт!

135. Ыпластык менен алектенгендер, өз жандарына зулумдук кылгандар, билип туруп жасаган (күнөө) иштерин улантышпаса, Аллахты эстеп, күнөөлөрү үчүн кечирим сурашса... Аллахтан башка ким күнөөлөрдү кечире алат?!

136. Алардын сыйлары - Эгесинен кечирим жана алдынан дарыйалар агып турган Бейиштер. Ал жерде алар түбөлүккө болушат. Амал[1] кылуучулардын сыйлыктары кандай жакшы!

137. Силерден мурда ар түрдүү окуйалар өткөн. Жер жүзүн кезгиле. Жалганга чыгаруучулардын[2] акыбети эмне болгонун көргүлө!

138. Бул[3] - адамдарга эскертүү жана Такыбаларга - жол көрсөтүүчү насаат!

139. Алсырабагыла жана кайгырбагыла, Эгер момун болсоңор, силер албетте, (каапырлардан) үстөм болосуңар!

140. Эгер силер[4] жаралансаңар, тигил коомго[5] да ошол сыйактуу эле жарадарлык жеткен. Ушул күндөрдү[6] адамдардын арасында айлантып турабыз. Аллах силердин ыймандууларыңарды аныктоо жана силерден шейит кылуу үчүн[7] (ушинтет). Аллах - заалымдарды[8] жек көрөт.

141. Ошондой эле Аллах момундарды тазалоо жана каапырларды кыйратуу үчүн (согуш чыгарат).

142. Же силерден Аллах үчүн күрөшүүчүлөрдү жана сабырдууларыңарды (Эгеңер) аныктабастан туруп Бейишке киребиз деп ойлойсуңарбы?

143. Мурда өлүмгө жолугууну эңсечү элеңер, эми аны көрүп, карап турасыңар.

144. Мухаммед - Аллахтын элчиси гана. Андан мурун да элчилер[9] өткөн. Ал өлсө, же өлтүрүлсө силер артка кайтасыңарбы?![10] Ким артына кай-

---

1 Жакшы амалдарды

2 Аллахтын айаттарын,

3 Куран

4 Ухуд согушунда

5 Мушриктер

6 Ооматты, жеңишти

7 Б.а. ооматты кээде каапырларга, кээде мусулмандарга берип турабыз

8 Зөөкүрлөрдү

9 Элчи (Аллахтын элчиси), пайгамбар

10 Каапырдыкка

тса ал - Аллахка кымындай да жамандык кыла албайт. Аллах - шүгүр кылуучуларды сыйлайт.

**145.** Аллахтын буйругу болмойунча эч ким өлбөйт! Ал (ажал) - жазылуу[1] бир мөөнөт. Кимде-ким бул дүйнөнүн жакшылыгын кааласа аны ошого беребиз. Ал эми кимде-ким Акыреттин жакшылыгын кааласа - ага ошону беребиз. Шүгүр кылуучуларды - тез арада сыйлайбыз!

**146.** Канчалаган пайгамбарлар менен көптөгөн Кудайга берилгендер[2] согушушту. Алар Аллах жолунда тарткан азаптан алсырашып, мойун сунушкан жок[3]. Аллах - сабырдууларды сүйөт!

**147.** Алардын сөздөрү: «Оо, Эгебиз! Күнөөлөрүбүздү, ишибиздеги ысырапкорчулугубузду кечиргин, биздин кадамдарыбызды бекем кылып, каапыр коомго каршы (күрөштө) жардам бер!» - дешти.

**148.** Ошондуктан Аллах аларга дүйнө жакшылыгын берип, акырет жакшылыгынын эң көркөмүнө бөлөдү. Аллах - жакшылык кылуучуларды сүйөт!

**149.** Эй, ыйман келтиргендер! Эгер силер каапырларга мойун сунсаңар, силерди артыңарга кайтарат, ошондо силер зыйанга учуроочуларга айланасыңар.

**150.** Ооба! Силердин колдоочуңар - Аллах. Ал - эң мыкты Жардамчы!

**151.** Ыймансыздардын жүрөгүнө Аллах Өз Китептеринде кабарлабаган шериктерди кошкондугу үчүн коркунуч салабыз. Алардын бара турган жайы - тозок. Залымдардын[4] жайы - кандай жаман!

**152.** Силер аларды[5] Аллахтын каалоосу менен талкалаган кезде, Аллахтын убадасы ишке ашты. Качан гана силер[6] коркуп, буйрукка каршы чыгып, силер жакшы көргөн нерсеңерди Аллах өзүңөргө көрсөткөндөн кийин гана силер мойун толгодуңар. Силердин араңардан бул дүйнөнү каалоочулар жана акыретти каалоочулар да бар. Ал[7] силерди сыноо үчүн алардан жеңилүү менен кайтарды. Бирок, Ал силерди кечирди. Аллах - момундар үчүн ырайым Ээси!

**153.** Мына силер эч кимге карабастан артка качтыңар. Элчи болсо силерди

---

1 Лавху Махфузда - ааламдардын тагдыры жазылган тактайда

2 Кудайга берилип сыйынгандар

3 Каапырлыкка, каапырларга

4 Каапырлардын

5 Каапырларды

6 Момундар

7 Аллах Таала

алга[1] чакырып жатты. Силердин кайгыңарга[2] кайгы[3] кошуп, өткөн нерсеге[4] жана кабылганга[5] өкүнбөшүңөр үчүн Аллах силерди жазага кириптер кылды[6]. Чындыгында, Аллах - силердин жасап жатканыңардан Кабардар.

**154.** Анан, Ал[7] силерге кайгыдан кийин, силердин бир бөлүгүңөрдү тынчтандыруучу уйку жиберди. Калган бөлүгүңөр өздөрү менен алек болуп, санаа тартып жатышты. Алар: «Бул иште[8] бизге бир нерсе[9] болбой калды» - деп, Аллах тууралуу адилетсиз наадан ойлорго алдырышты. - «Бардык иштер -Аллахка таандык», -деп айткын. Алар дилдеринде сага ачык айтпаган нерселерди сакташат. Алар:«Эгер бул иште биз үчүн бир нерсе[10] болгондо, биз бул жерде өлүмгө учурабас элек», -деп айтышат. Айт: «Эгер силер өз үйүңөрдө жатып деле, кимдин маңдайына өлүм жазылган болсо, ачыкка чыкмак[11]. Аллах силердин дилиңердегини сыноо жана жүрөгүңөрдөгүнү тазалоо үчүн (ушул окуйага кириптер кылды)». Акыйкатта, Аллах - дилдердеги нерселерди Билүүчү!

**155.** Чындыгында эки тайпа бетме-бет келген кезде силердин араңардан артка кайткандар, алардын бузукулук аракетинен улам шайтан жаңылыштыкка түрттү. Аллах аларды[12] кечирди. Анткени, Аллах -Кечиримдүү, Жумшак!

**156.** Эй, ыйман келтиргендер! Сапарга же согушка бара жатып, кайтыш болгон туугандар тууралуу: «Эгер алар биз менен чогуу болгондо, өлмөк да эмес, өлтүрүлмөк да эмес», - деп жолдошторуна айткан каапырлардай болбогула! Акыйкатта, Аллах - тирилтет жана өлтүрөт! Аллах - силер жасап жаткан иштерди Көрүп туруучу!

**157.** Албетте, силер Аллахтын жолунда өлтүрүлгөн, же өлгөн болсоңор, Аллахтын кечирими жана ырайымы алар жыйнап жаткан нерселерден[13] жакшы.

---

1 Согуш майданына

2 Олжо

3 Жеңилүү

4 Олжого

5 Жеңилүүгө

6 Ухуд согушундагы окуйа жөнүндө сөз болуп жатат. «Сийраны» («Ислам тарыхын«) караңыз.

7 Аллах Таала

8 Согушта

9 «Аллахтын жардамы келбеди» (деген мааниде)

10 «Мухаммед (а.с.) айткандай...», же «Эгер бизде ыктыйар болгондо, согушка чыкпай коймокпуз, натыйжада өлүмгө дуушар болмок эмеспиз». Бул сөздү Ибн Убай ж.б. айтышкан (Тафсиир Ал Байзавий)

11 Үйдө олтуруп деле өлүп калмаксыңар

12 Ухуд согушунда артка качкан мусулмандарды

13 Байлык; мал-мүлк

158. Эгер силер өлтүрүлсөңөр же өлсөңөр, анда албетте Аллахтын алдына чогултуласыңар[1].

159. Аллахтын ырайымы менен сен[2] аларга жумшак мамиле кылдың. Эгерде сен катуу жүрөк, орой болгонуңда, анда алар сенин айланаңдан чачылып кетмек. Аларды кечир жана алар үчүн [3]кечирим сура. Бирок иш тууралуу алар менен кеңеш[4]. Эгер чечим кабыл алган болсоң[5], анда Аллахка тобокел кыл! Аллах - Өзүнө тобокел кылгандарды сүйөт.

160. Эгер Аллах силерге жардам берсе, анда силерди эч ким жеңе албайт. Ал эми Аллах силерге жардам бербесе, анда Андан[6] башка ким силерге жардам берет?! Ыймандуулар Аллахка гана тобокел кылышсын!

161. Бир да пайгамбар (олжодон) жашыруун алган эмес. Эгерде кимде ким (олжодон) жашыруун алган болсо, ал Кыямат күнү Аллахтын алдына ошол кымтыган нерсеси менен келет. Анан ар бир жанга өзү ээ болгон нерсесине жараша сый, же жаза берилип, аларга зулум[7] кылынбайт.

162. Аллахтын ыраазылыгына жетүүгө умтулган адам, кантип эле Аллахтын каарына калган адамга окшосун? Анын[8] бараар жери - Тозок. Ал жай - абдан жаман.

163. Алар Аллахтын алдында түрдүү даражаларда[9] болушат. Аллах эмне кылгандарын көрүп турат.

164. Аллах алардын өздөрүнүн ичинен элчи жиберип, момундарга ырайым кылды. Ал[10] аларга Анын[11] айаттарын окуп берет жана аларды (күнөөдөн) тазалайт. Аларды мурда анык адашууда жүрүшкөнүнө карабастан Китепти окууга жана даанышмандыкка үйрөтөт.

---

1 Кыйамат Күнү Аллахтын астына кайра тирилип, чогултуласыңар

2 Мухаммед (а.с.)

3 Аллахтан

4 Ислам désininde бир иш жасаар алдында жетекчиби, же карапайым адам болобу, кеңешүү - милдет

5 Кандайдыр бир ишти жасоого

6 Аллахтан башка

7 Адилетсиздик

8 Аллахтын каарына калгандын

9 Абу Убайда менен Ар Кисаинин айтуусуна караганда, даражалар - бул орундар. Ал орундар түрдүүчө болот: Б.а. Бейиштеги жогору карай кеткен орундар жана Тозоктогу төмөн карай кеткен орундар (Тафсир ибну Касиир). Демек, адам баласы кылган амалына жараша Бейиштин жогорку орундарынан жай алат. Бейиштин орундары улам жогорулаган сайын, ырахаты да жогорулайт. Тозоктун адамдары кылган күнөөсүнө жараша Тозоктун төмөнкү орундарынан орун алат. Тозоктун орундары канчалык төмөндөгөн сайын, азабы да ошончолук күчөй берет.

10 Мухаммед (а.с.)

11 Аллах Тааланын

165. Силерге кырсык келгенде[1]: «Бул кайдан?» - дедиңер. Албетте, силер мындайдын[2] эки эсесине туш болгонсуңар. «Бул силердин өзүңөрдөн[3]», -деп айт. Чындыгында, Аллах - бардык нерсеге Кудуреттүү!

166. Момундарды аныктоо үчүн эки топ каршылашкан күнү силерге келген кырсык - Аллахтын каалоосу менен (болду)!

167. Ошондой эле (ал согуш) мунафыктарды[4] билүү үчүн да (буйрулду). Аларга: «Келгиле, Аллах жолунда согушкула жана коргонууга тургула!» - деп айтылса, алар: «Эгер согушууну билсек, силердин артыңардан ээрчийт элек!» - дешти. Алар ал күнү ыйманга караганда каапырлыкка жакыныраак болчу. Алар жүрөктөрүндө болбогон нерсени ооздору менен айтышты. Аллах алардын жашырган нерселерин жакшы билет.

168. Олтуруп алышып ага-инилерине: «Эгер биздин тилибизди алышса, алар өлүмгө дуушар болушмак эмес эле», - деп айткандарга: «Айтканыңар чын болсо, өлүмдү өзүңөрдөн кайтарып көргүлөчү» - деп айт[5] .

169. Аллах жолунда өлтүрүлгөндөрдү өлүк деп атабагыла. Алар - тирүү жана Эгесинин алдында ырыскыга бөлөнүшөт.

170. Алар Аллахтын мээрими менен өздөрүнө (Бейиште) берилген нерселерине кубанышкан абалда, арттарынан ээрчибей калгандарды[6] да: «Аларга коркунуч жок. Алар кайгырышпайт», - деп сүйүнчүлөшөт.

171. Ошондой эле алар Аллахтан болгон жакшылыкты жана ырайымдуулукту сүйүнчүлөшөт. Чындыгында, Аллах - момундардын сообун текке кетирбейт.

172. Алар (согушта) соккуга кабылгандан кийин да, Аллах жана Анын элчисинин чакырыгына жооп беришет. Жакшы иштерди жасап, такыба болгондорго - улуу сыйлык (бар)!

173. Аларга адамдар: «Мына, силерге каршы эл чогулду. Алардан корккула!» - деп айтышканда, алардын ыйманы ого бетер күчөп: «Бизге - Аллах жетиштүү! Ал кандай жакшы Колдоочу!» - дешкен.

174. Ошондуктан алар Аллахтын жакшылыгы жана айкөлдүгү менен эч бир жамандыкка кабылбастан, Аллахтын ыраазылыгына бөлөнүп кайтышты. Аллах - улуу берешендиктин ээси.

175. Чындыгында, шайтан өз достору (мушриктер) менен коркутат. Эгер момун болсоңор, алардан коркпогула! Менден корккула!

---

1 Ухуд согушунда 70. сахаба шейит кеткени тууралуу кеп болууда

2 Бадр согушунда мусулмандар каапырлардын 70ин өлтүрүп, 70ин туткундашкан. («Сираны» караңыз)

3 Күнөөңөрдөн улам

4 Эки жүздүүлөрдү

5 Эй, Мухаммед!

6 Азырынча тирүү жүргөн мусулмандарды, туугандарын

176. Алардын каапырлыкка карай умтулуусу сени кайгыга салбасын. Анткени, алар Аллахка эч зыйан келтире алышпайт. Аллах аларга акыретте эч кандай үлүш кылбоону[1] каалайт. Аларга улуу азап (бар).

177. Ыйманынын ордуна каапырлыкты сатып алгандар да Аллахка эч кандай зыйан келтире алышпайт. Аларга оорутуучу азап (бар).

178. Алар жана алар сыйактуу каапырлардын мөөнөтүн[2] узартканыбызды өздөрү үчүн жакшылык деп ойлошпосун. Алардын күнөөлөрү дагы көбөйүүсү үчүн мөөнөттөрүн[3] узартып койобуз. Алар үчүн[4] кордоочу азап бар.

179. Аллах жакшыдан жаманды ажыратканга чейин гана (сынайт). Силерди - момундарды ушул абалда калтырбайт. Аллах силерге кайыпты[5] билдирбейт, бирок элчилеринен каалаганын тандап, ошого гана билдирет. Аллахка жана Анын элчилерине ыйман келтиргиле! Эгер ыйман келтирип, такыба болсоңор, анда силерге улуу сый (бар).

180. Аллахтын берешендигинен өздөрүнө берилген нерселерге сараңдык кылгандарды - алар үчүн жакшы деп ойлобогула! Жок, бул - аларга (абдан) жаман! Кыйамат күнү алар эмнеге сараңдык кылышкан болсо, ошол нерсеси алардын мойундарына (от болуп) оролот. Асмандардын жана жердин (бардык) мурастары Аллахка таандык! Аллах - жасаган иштериңерден Кабардар!

181. Чындыгында: «Аллах кедей, биз байбыз», - дегендердин[6] сөзүн Аллах укту. Алардын айткандарын жана жазыксыз пайгамбарларды өлтүргөндөрүн жазып койобуз да, аларга: «Куйкалоочу азаптын даамын таткыла!» - деп айтабыз.

182. Бул (азап) - силердин колуңардын жасаганынан улам. Аллах - Өз пенделерине адилетсиздик кылуучу эмес.

183. Аллах бизге: «От жалмап кете турган курмандык алып келмейинче эч бир элчиге ишенбегиле» -деген осуйат калтырган дегендерге[7] (минтип) айт: «Силерге менден мурунку элчилер ачык далилдерди, ошондой эле айтканыңарды келтирди. Силер чынчыл болсоңор, анда эмне үчүн аларды өлтүрдүңөр?!»

184. Сени алар «жалганчы» дешсе, чындыгында сага чейин далилдер[8], ачык

---

1 Бербөөнү

2 Өмүрүн

3 Өмүрлөрүн

4 Тозокто

5 Адамга белгисиз, бирок Аллахка белгилүү болгон сырларды

6 Иудейлер

7 Эй, Мухаммед!

8 Кереметтер

Китеп жана барактар[1] менен түшүрүлгөн элчилерди да, алар «жалганчы» дешкен.

185. Бардык жандар өлүм даамын татышат жана Кыйамат күнү ар бириңерге сыйлыгыңар толугу менен берилет. (Ошондо) ким Тозок отунан куткарылып, Бейишке киргизилген болсо, мына ошол ийгиликке жетет. Дүйнө жашоосу азгырыктардан гана пайдалануу.

186. (Эй, момундар), Силер малмүлкүңөр жана напсиңер аркылуу сынoодон[2] өткөрүлөсүңөр, силерге чейин Китеп түшүрүлгөндөрдөн жана мушриктерден[3] көптөгөн ыза кылуучу сөздөрдү угасыңар. Эгер сабыр кылып, Аллахтан корксоңор, анда бул - иштердин максатка жеткени.

187. Ошол убакытта Аллах Китеп берилгендерге: «Аны[4] адамдарга түшүндүрүүгө, жашырбоого убада бересиңерби?» - деп[5], алардын[6] убадасын алды. Бирок алар аны[7] артына ташташып[8], арзыбаган акчага алмаштырышты. Алар сатып алган нерсе[9] кандай жаман.

188. Аткарган иштерине кубанып, өздөрү жасабаган иштер менен мактанууну сүйгөндөр азаптан[10] кутулат деп ойлобо. Аларга оорутуучу азап (бар)!

189. Асмандар менен жердин кожойундугу - Аллахка (гана) таандык. Аллах -бардык нерсеге Кудуреттүү!

190. Асмандар менен жердин жаралуусунда жана түн менен күндүн алмашуусунда - акыл ээлери үчүн белгилер (бар).

191. Алар[11] Аллахты турган абалда, отурган жана жамбаштаган абалда[12] да эстешет жана асмандардын жана жердин жаралуусу жөнүндө ой жүгүртүшүп: «Оо, Эгебиз. Сен муну максатсыз[13] эле жаратканың жок. Сен Аруусуң! Бизди Тозок азабынан сакта!» (дешет).

1 Ибрахим пайгамбарга түшүрүлгөн баракчалар сыйактуу
2 Аллахтын сыноосунан
3 Көп кудайчылар
4 Тоорат, Забур, Инжилди
5 Талап койуп
6 Иудейлердин жана христиандардын
7 Аллахтын Сөзүн
8 Убадаларын унутушуп
9 Тозокту
10 Тозоктон
11 Мусулмандар
12 Ар кандай абалда
13 Жөн эле, ойноп...

**192.** Оо, Эгебиз! Сен кимди тозокко киргизсең, чындыгында аны кордойсуң. Заалымдардын[1] эч бир жардамчысы жок.

**193.** Оо, Эгебиз! Биз: «Эгеңерге ыйман келтиргиле», - деп чакырган үн салуучуну угуп, ыйман келтирдик. Оо, Эгебиз! Биздин күнөөлөрүбүздү кечирип, жамандыктарыбызды жашыр, жакшылар менен бирге өлүүнү насип эт.

**194.** Оо, Эгебиз. Бизге элчилериңе убада кылганыңды[2] бере көр. Бизди Кыйамат күнү шерменде кылба. Чындыгында, Сен убадаңа каршы чыкпайсың.

**195.** Ошондо алардын тилектерин Эгеси кабыл кылып: «Чындыгында, Мен силерди эркек же ургаачы болсун - амал кылуучуңардын амалдарын текке кетирбеймин. Силер бири-бириңерденсиңер. Көчкөндөрдүн[3], мекенинен куулуп чыгарылгандардын, Менин жолумда азап тарткандардын, согушкандардын[4] жана өлтүрүлгөндөрдүн[5] жамандыктарын кечип жиберем[6]. Аларды алдынан дарыйалар аккан Бейишке киргиземин» (деди). Сыйлык - Аллахтан! Сыйлыктын жакшысы - Аллахтын алдында!

**196.** Каапырлардын шаарлар арасында айланып (сайакаттап) жүрүүсү сени азгырбасын.

**197.** Аз гана пайдалануудан кийин алардын орду - Тозок. (Ал) кандай жаман орун!

**198.** Өз Эгесинен корккондорго алдынан дарыйалар агып турган Бейиш бактары (тартууланат). Ошол жерде алар түбөлүккө калышат. Алар - Аллахтын коноктору. Аллахтын алдындагы жакшылык - такыбалар үчүн!

**199.** Чындыгында, Китеп ээлеринен Аллахка ыйман келтирип, силерге түшүрүлгөн жана өздөрүнө түшүрүлгөн нерселерге Аллахтан корккон абалда ишенгендер да бар. Алар Аллахтын айаттарын арзыбас баага сатышпайт. Алардын сыйлыктары Эгесинин алдында! Чындыгында, Аллах - тез Эсептөөчү!

---

1 Өз жанын өзү Тозокко салуу үчүн Аллахтын буйругун аткаруудан баш тарткандар

2 Бейишиңе киргизе көр!

3 Меккеден Мединага пайгамбарыбыз менен кошо исламды өнүктүрүү үчүн жер которгондор

4 Аллах жолунда

5 Ислам үчүн күрөштө шейит болгондордун

6 күнөөлөрүн кечиремин

200. Эй, ыймандуулар! Сабырдуу[1] жана чыдамдуу[2] болгула, катарга тургула[3] жана Аллахтан корккула, мүмкүн кутулаарсыңар[4].

## 4. НИСА[5] СҮРӨСҮ

**Мединада түшүрүлгөн Жүз жетимиш алты аяттан турат**

***Мээримдүү, Ырайымдуу Аллахтын аты менен***

1. Эй, адамдар, силерди бир жандан[6] жаратып, анан андан жуп кылып, ал экөөсүнөн көптөгөн эркек жана айалдарды жараткан Эгеңерден корккула! Силер Анын (атын атоо) менен бири бириңден сураган Аллахтан жана карым- катнаштан[7] корккула! Албетте, Аллах силерди көзөмөлдөгөн эле.

2. Жетимдердин мал-мүлкүн өздөрүнө бергиле[8] жана жакшыны жаманга алмаштырбагыла. Алардын мал-мүлкүн өзүңөрдүн малыңарга кошуп жебегиле! Анткени ал - чоң күнөө!

3. Эгер силер жетимдерге (үйлөнүп алып) адилетсиздик кылуудан корксоңор, анда өзүңөргө жаккан башка айалдардан экөөнө, үчөөнө жана төртөөнө[9] үйлөнө бергиле. Эгер адилетсиздик болот деп корксоңор, анда бирөөнө гана, же болбосо кол астыңардагылар[10] (менен чектелгиле). Бул зулум кылбооңорго жакыныраак.

4. (Үйлөнгөн) айалдарыңарга калыңын[11] чын дилден бергиле. Эгерде ал (айал) калыңдын (кайсы бир) бөлүгүн силерге ыйгарса, анда муну адал жана акыбети үзүрлүү абалда жей бергиле!

---

1 Ибадатка, кырсыктарга жана күнөөлөрдөн сабыр кылгыла!

2 Каапырларга караганда сабырдуураак болгула!

3 Согуш саптарына тизилгиле!

4 Бейишке киргизилип

5 Ниса - Айалдар

6 Адам Атадан

7 Туугандык карым-катнашты үзүүдөн корккула. Анткени бул чоң күнөө

8 Бойго жетсе

9 Исламга чейин дүйнөдө ондон, жыйырмадан, ал турсун элүү, алтымышка чейин айал алгандар болгон. Бирок, айалдарына адилеттүү мамиле жасаган эмес. Андыктан Аллах Таала төрт айалга кыскартып, Ыйык Куранда чек койгон. А эгерде көп айал алып, бирок алардын ортосунда адилет мамиле жасабаса, бул чоң күнөө болуп эсептелет. Ошондуктан адилет мамиле жасоого алы жетпегендер бир айал менен чектелүүсүн Аллах Таала буйруп жатат. Баса Аллах: «Канчалык умтулсаңар да, айалдарыңардын ортосунда адилеттүү болууга алыңар жетпейт» - деп эскерткен. (Ниса-129)

10 Күңдөр

11 «Махр» деп аталып, кыздын акысы катары анын өзүнө берилет

5. Ысырап кылуучуларга[1] Аллах силерге ыроологон мал-мүлкүңөрдү бербегиле. Аларга андан тамак-аш бергиле, кийиндиргиле жана аларга жакшы сөздөр айткыла!

6. Жана жетимди сынап көргүлө[2], алар качан үйлөнүү куракка келгенде, алардын акылы толгонун байкасаңар, аларга мал-мүлкүн бергиле жана аны (мал-мүлктү) алар (жетимдер) акылы толгон куракка жашы жетүүсүнөн коркуп, (андан мурун) ысырап кылып, шашылыш түрдө жеп койбогула! Ким бай болсо[3], анда жетимдин мал-мүлкүнөн, өзүн кармасын. Эгер кедей[4] болсо, анда жакшылык менен жесин. Силер жетимдин мал-мүлкүн өзүнө тапшырганда, аларга күбө катыштыргыла. Эсепте[5] Аллах өзү жетиштүү.

7. Эркектерге ата-энеси жана туугандары калтыргандан[6] үлүш бар. Айалга да ата-энеси, туугандары калтыргандан үлүш бар. Аз болсо да, көп болсо да парз[7] кылынган үлүш (болуп эсептелет).

8. Туугандары[8], жетимдер жана кедейлер бөлүштүрүүдө[9] келип калса, андан аларга да бергиле, аларга жакшы сөз айткыла!

9. Артында жаш наристелерин калтыруучулар[10] коркушсун. Аллахтан сактанышсын! Ага[11] жылуу-жумшак сөз айтышсын.

10. Албетте, жетимдин мал-мүлкүн адилетсиздик менен жегендер өз курсактарына отту жутушат жана тозоктун отунда азапталышат.

11. Аллах силерге балдарыңар тууралуу да көргөзмө берет: (Алуучу) эркек бала болсо эки кыздын үлүшүнө барабар (алат); эгер - айалдар[12] экиден ашык болсо, анда ал[13] калтыргандын үчтөн эки бөлүгү (берилет); бир эле (кыз) болсо, анда ага (мурастын) жарымы (үлүшү) берилет. Эгер анын (маркумдун) баласы бар болсо, өлгөндүн ата-энесине - алардын ар бирине ал калтыргандын алтыдан бир бөлүгү (берилет).

---

1 Акылы толо элек жетимдерге

2 Акылы толгон, же толбогонун

3 Жетимдин мал-мүлкүн пайдалануунун себебинен

4 Кепил болгон адам

5 Пенделеринин амалдарынын эсебин Өзү билет

6 Мурастан

7 Муну Аллах Таала тигилердин насиби кылып койгон Демек, өз ээлерине берилүүгө тийиш

8 Мурас алууга укугу жок тууганы

9 Мурас белүштүрүлүп жаткан кезде

10 Жетимдерге тиешелүү маселеде кылдат жана коркуу менен иш алып баруу зарыл. Келме кезек дегендей, бүгүн кепил болгон адам өлүп кетсе, артындагы балдары жетим болуп, бирөөнүн колунда калышы толук мүмкүн. Андыктан ар бир адам терең ойлонууга тийиш

11 Өлүм алдындагы адамга

12 Эркеги жок жалаң кыздар болсо

13 Маркум

Эгер анын[1] баласы жок болсо, анда ага ата- энеси гана мураскер болот да, энеси үчтөн бир бөлүгүн алат. Эгер (маркумдун) эркек бир туугандары бар болсо, анда энесине мурастын алтыдан бир бөлүгү (калат). [2]Керээз кылып калтырган осуйатын (аткаргандан) кийин, же карызын берген соң[3]. Силердин ата-энеңердин, же балдарыңардын кимисинен көбүрөөк пайда экенин силер билбейсиңер. Ошондуктан Аллах (мурасты) парз кылып койгон. Аллах - Билүүчү, Даанышман.

12. Эгер (ал айалдардын) баласы жок болсо, анда силерге айалыңар калтыргандын тең жарымы (калат). Эгер анын баласы бар болсо, анда силерге мурасты (эсептеп) бөлүштүрүп жана карыздарды төлөгөн соң, төрттөн бир бөлүгү (калат). Силердин жесир калган айалдарыңардан, эгер силерде бала жок болсо, анда силер калтыргандын төрттөн бир бөлүгү, а эгер силерде бала бар болсо, анда жесирлерге мурасты (эсептеп) бөлүштүрүп бүткөндөн жана карыздарды төлөгөндөн соң, сегизден бир бөлүгү (калат). Эгерде эркекте ата да, бала да болбосо, же айалда түздөн-түз мураскорлор жок болсо, анда анын ага-(иниси), же эже-(сиңдиси) алардын ар бири алтыдан бир бөлүгүн алат. А эгер алар (мураскорлор) экиден көп болсо, анда мурастын үчтөн бир бөлүгүнө алар шериктеш болушат. Аллахтын көрсөтмөсү боюнча эч кимге зыйан келтирбей[4] карыздарды төлөп бүткөн соң (берилет). Акыйкатта, Аллах - Билүүчү, Жумшак.

13. Булар[5] Аллахтын чектери[6]. Эгер ким Аллахка жана Анын элчисине мойун сунса, Ал аларды алдынан дарыйалар агып турган Бейиш бактарына киргизет, алар анда түбөлүккө калышат. Бул - зор ийгилик!

14. Ал эми ким Аллахка жана Анын элчисине баш ийбесе, Анын чектеринен өтүп кетсе, Ал аларды отко киргизет. Алар анда түбөлүккө калышат жана алар үчүн кордоочу азап бар!

15. Силердин айалдарыңардан бузуктук[7] ишти кылгандарга, өзүңөрдөн (мусулмандардан) төрт күбөнү күбөлүккө тарткыла! Эгер алар күбөлүк беришсе, анда айалыңарды өлүм келгенге чейин, же Аллах аларга башка бир жолду көргөзмөйүнчө үйүңөрдө кармагыла.

16. А (эгер) силердин араңардан[8] экөө бул бузук ишти кылышса, аларды

1 Маркумдун

2 Жогоруда айтылган мурастар

3 Айтылган мурастар берилет

4 Өлүк көмүүгө кеткен чыгымдар жана мурасты бөлүштүрүү адилдик, калыстык, иш билгилик менен эч кимди таарынтпагандай жүргүзүлүүсү керек

5 Жогоруда айтылгандар

6 Мыйзамдары

7 Айагы суйуктук кылса

8 Эркектерден

жазалагыла, эгер алар өкүнүп, оңолушса, жазаны (кордоону) токтоткула. Албетте, Аллах - Кечирүүчү, Мээримдүү.

**17.** Күнөөнү билбестиктен жасап, кайра тезинен тообо кылып өкүнгөндөргө, Аллахтын кечирими болот. Акыйкатта Аллах - Билүүчү, Даанышман.

**18.** Күнөөлөрдү жасап, анан алардын ичинен бирөөнө өлүм келген учурда ал: «Мен азыр өкүндүм, тообо кылдым!» - деп айтса, ага тообо жок. Ошондой эле каапыр бойдон өлүп калгандарга да (кечирим) жок. Аларга Биз катуу азапты дайардадык.

**19.** Эй, ыйман келтиргендер! Силерге айалдарды күч менен мураска алуу дурус эмес жана аларга (айалдарга) берген калыңыңарды кайтарып алуу үчүн аларды (башка эрге тийүүдөн) тосуп турбагыла. Бирок алар ачык эле бузук ишке барышса, анда калыңыңарды кайтарып ала аласыңар.[1] Алар (айалдар) менен жакшы, туура мамиледе болгула. Эгер силер аларды жактырбасаңар да (сабыр кылгыла). Силер жаман көргөн нерседен мүмкүн Аллах көп жакшылыкты берээр.

**20.** Эгер силер бир айалды башка айал менен алмаштырууну кааласаңар, алардын бирөөнө (калыңга) мал-мүлк берген болсоңор, андан эч нерсени кайтарып албагыла! Ырасында, аны силер адилетсиздик жана ачык күнөө кылуу жолу менен тартып аласыңарбы?

**21.** Силердин араңарда[2] бири-бириңерге жакындык болгондон кийин жана алар (айалдар) силерден ишеничтүү - убада алышкандан соң[3], кантип эле калыңдын бир бөлүгүн кайра аласыңар?

**22.** Атаңар үйлөнгөн айалдарга үйлөнбөгүлө! Бирок бул иш (үйлөнүү) мурун[4] болуп өткөн болсо (ал кечиримдүү). Акыйкатта бул - өтө ыплас, каар, ачууланууга татыктуу жаман жол болгон.

**23.** Силерге энеңерди, кыздарыңарды, эже-карындаштарыңарды, тайэжеңерди,[5] бир тууганыңардын, эжеңердин кыздарын, эмчек эмизген энеңерди, эмчектеш эже-карындашыңарды, айалыңардын энесин, силер менен жыныстык катнашта болгон айалыңардын[6] силердин камкордугуңарга өткөн кыздарына никелешүү арам. А эгерде жыныстык катнашта али боло элек айалдарыңардыкы болсо, анда күнөө жок. Си-

1 Исламга чейинки доордо күйөөсү өлгөн айалдарды өлгөндүн туугандары күч менен мураска алышкан, же кетирбей кармап калган учурлар көп болгон. Дүйнөсүн алып калуу үчүн аларга калыңсыз (махрсыз) үйлөнүшкөн, же башка бирөөгө күйөөгө берип, калыңын өздөрү алышкан (Тафсир Ал-Жалалайн). Ислам болсо айалдарды антип буйум катары мураска алууга тыйуу салган

2 Айал-эркектин б. а. күйөөсү менен айалынын

3 Үйлөнгөн кездерде

4 Исламга чейин, б. а. аталган айат келгенге чейин

5 Апасынын, же атасынын бир туугандары

6 Башка күйөөсүнөн

лерге ошондой эле өзүңөрдөн болгон (төрөлгөн) балдарыңардын айалдарына[1] үйлөнүүгө тыйуу салынат. Ошондой эле силерге бир эле мезгилде эки бир тууган эже-сиңдиге үйлөнүүгө да тыйуу салынат, эгер бул иш мурда[2] болуп өткөн болсо, ал кечиримдүү. Акыйкатта Аллах - күнөөлөрдү Кечирүүчү жана Мээримдүү.

**24.** Күйөөсү бар айалды никелеп алууңарга да тыйуу салынган. Бирок колуңардагы күңдөрдү алсаңар болот. Бул силерге Аллахтын жазган буйругу. Мында айтылгандардан башкаларына абийириңерди сактап[3], бузуктук кылбай өз каражатыңар менен үйлөнүүңөр адал. Силер алардан (айалдардан) пайдаланганыңар[4] үчүн аларга белгилүү өлчөмдө калың[5] бергиле. Эгер силер белгиленгенден[6] соң өз ара сүйлөшүп макулдашсаңар[7], андан эч кандай күнөө жок. Акыйкатта, Аллах - Билүүчү, Даанышман.

**25.** А эгер силердин араңардан кимдир бирөөң эркин, абийири таза, ыймандуу айалдарга үйлөнүүгө алыңар жетпесе, анда момун айалдардын арасынан күңдөргө үйлөнө берсеңер болот. Бирок, момун кыз-келиндер болсун[8]. Акыйкатта, Аллах силердин ыйманыңарды билип турат. Бири-бириңерге никеде барабарсыңар. Аларга[9] кожойунунун уруксаты менен татыктуу калың берип үйлөнө бергиле. Алар айагы суйук, же бир жашыруун ойнош күтүүчү болбой, силердин (андай) күнөө иштерге барбаган, абийири таза айалыңар болсун! Эгер алар[10] айагы суйуктук кылса, анда алардын жазасы - эркин айалдын жазасынын жарымына барабар болот. Эгер сабырдуу болсоңор - өзүңөр үчүн жакшы. Акыйкатта, Аллах - Кечирүүчү, Боорукер!

**26.** Аллах силерге ачык түшүндүрүүнү, мурунку пайгамбарлардын түз жолуна багыттоону жана силерди кечирүүнү каалайт. Акыйкатта, Аллах - Билүүчү, Даанышман.

**27.** Аллах силерди кечирүүнү каалайт. Өз каалоо-кумарларына ээрчигендер болсо, силердин (акыйкаттан) бурулуп кетүүңөрдү каалашат.

**28.** Аллах силерге жеңилдикти каалайт. Анткени инсан алсыз кылынып жаратылган.

1 Буга неберелер да кирет
2 Исламга чейин, б.а. бул айаттар түшкөнгө чейин
3 Айагы суйуктук кылбай
4 Үйүңөрдү иретке келтирип, ырахатка бөлөгөнү үчүн
5 Махр (калың)
6 Калыңдын өлчөмүнө келишкенден
7 Калыңдын өлчөмүн көбөйтүп, же азайтып, же такыр эле жок кылып
8 Алар каапыр болсо үйлөнүүгө болбойт
9 Күңдөргө
10 Айалдарыңар

29. Эй, ыйман келтиргендер! Бир-бириңдин мал-мүлкүңдү арам жолдор менен жебегиле! Бирок, бул өзүңөрдүн ыраазычылыгыңар менен болгон соода болсо, анда жегиле. Өзүңөрдү өзүңөр өлтүрбөгүлө![1] Акыйкатта, Аллах силерге Мээримдүү.

30. Ал эми ким бул иштерди чектен чыгып, адилетсиздик менен жасаса, аны Биз жакында тозок отуна киргизебиз. Мындай кылуу - Аллах үчүн жеңил!

31. Эгерде силер тыйуу салынган чон күнөөлөрдөн өзүңөрдү тыйып-сактасаңар, силердин кичине күнөөңөрдү кечиребиз жана силерди Бейишке киргизебиз.

32. Аллах силердин бириңден, экинчиңерди артык кылганына суктанбагыла![2] Эркектерге өздөрүнүн эмгегине жараша үлүш. Айалдарга да өздөрүнүн эмгегине жараша үлүш. Аллахтан жакшылыгын сурангыла! Акыйкатта, Аллах - бардыгын Билүүчү!

33. Ата-эне, жакын туугандар жана кол алышып антташкан достордон калган мал-мүлктүн ар бири үчүн мураскорлорду дайындадык. Аларга үлүштөрүн бергиле. Акыйкатта, Аллах - бардык нерселердин үстүнөн Күбө.

34. Аллах кээ бирин кээ биринен арттык кылгандыгы жана өз мал-мүлкүнөн (айалдарга) сарпташкандыгы үчүн эркектер айалдардын кожойуну. Аллахка моюн сунуучу, Аллахтын сактоосу менен күйөөлөрү жок кезде (абийирлерин) сактоочу айалдар[3] - жакшы айалдар. Айалдардын силерге баш ийбей койуусунан корксоңор, адегенде аларга насаат айткыла[4]! Алардын төшөгүн бөлүп койгула[5]! Ургула[6]! Эгер алар силерге мойун сунуп оңолушса, анда аларга каршы жол издебегиле[7]! Акыйкатта, Аллах - Өтө бийик, Улук!

35. Эгер силер жубайлардын араздашуусунан корксоңор, анда күйөө тараптан[8] жана айал тараптан бирден калыс жибергиле. Эгер алар жараштырууну каалашса, анда Аллах алардын ортосуна ынтымак салат. Акыйкатта, Аллах - Билүүчү, Кабардар!

---

1 Акыретте болсун, бул дүйнөдө болсун, жаза басып, кырсыкка кабылбагыла!

2 Ичи тардык, кызгануу, көрө албастык - исламга жат жана аларга Исламда тыйуу салынган

3 Алар күйөөлөрү жокто өздөрүн ар кандай бузукулуктардан сакташы парз

4 Айалын тарбнйалоодогу биринчи баскыч. Мында шариатты түшүндүрүп, такыба болуусун жылуу-жумшак эскертет

5 Экинчи баскыч. Айтканга түшүнбөй, мурункусун канталай берсе, анда төшөгүн бөлүп, өзүнчө жаткырып койот.

6 Үчүнчү баскыч. Айтканга да, төшөгүн бөлгөнгө да түшүнбөй, кылыгын уланта берсе, жүзүнөн башка жерине акырын сөмөйүн тийгизип, жеңил желпи опузалап урат

7 Ар нерсени шылтоолоп, жөнү жок ура бербегиле!

8 Туугандарынан

**36.** Аллахка табынгыла жана Ага эч кимди шерик[1] кылбагыла! Ата-энеңерге, туугандарыңарга, жетимдерге, кедейлерге, жакын тууган коңшуларга жана тууган эмес кошуналарга, кесиптеш жолдошко, жолоочуга жана сенин кол алдыңдагыларга[2] жакшылык кылгыла! Акыйкатта, Аллах - текебер жана мактанчаактарды сүйбөйт,

**37.** сараңдарды жана адамдарды сараң болууга буйургандарды, Аллах аларга өз марттыгы менен тартуулагандарды жашыргандарды[3] (сүйбөйт). Биз каапырлар үчүн кордоочу азапты дайардап койдук.

**38.** Өзүнүн мал-мүлкүнөн адамдар көрсүн үчүн сарптагандар - Аллахка жана акырет күнүнө ишенбегендер жана шайтанды жолдош кылып алгандар. Шайтан кандай жаман жолдош!

**39.** Алар Аллахка жана Акыретке ишенип, Аллах аларга берген ырыскылардан (сооп ишке) сарпташса, змне аларга зыйан? Анткени, Аллах алар жөнүндө баарын билет.

**40.** Акыйкатта, Аллах - эч кимге кымындай да зулум кылбайт. Эгер жакшылык болсо, Ал аны эки эселеп көбөйтөт жана Өз алдынан улуу сыйлык берет.

**41.** Эгер Биз ар бир элден күбө алып келсек, сени буларга каршы күбөлөндүрсөк, (каапырлардын абалы) кандай болоор экен?

**42.** Ошол күндө ишенбей каапыр болгондор жана пайгамбарды укпагандар (өздөрүнүн) жер менен жексен болуп кетүүсүн каалашат да, Аллахтан бир да сөзүн жашыра албай калышат.

**43.** Эй, ыйман келтиргендер! Силер мас болгон абалыңарда, өзүңөрдүн эмне деп айтып жатканыңарды билмейинче намазга жолобогула[4]! Ошондой эле, силер булганыч[5] абалыңарда, жуунганга чейин (намаз окубагыла)! Бирок, сапарда болсоңор (суу жок болсо, тайамум менен намаз окуй бергиле). Эгер оорулуу болсоңор, же сапарда болсоңор, же бирөө ажатын бүтүрсө[6], же айалыңар менен кошулсаңар, анан жуунганга суу таппасаңар, таза топуракка тайамум жасагыла, жүзүңөрдү

1 Же ошондой сыйынуучу нерселер бар деп эсептесе, же аларга сыйынса. М: Жалган кудайларга, буд-сөлөкөтгөргө, тоого, ташка, мазарга, арбакка, ыйык делген адамдардын мүрзөсүнө, же бир пендеге сыйынууга тыйуу салынган

2 Кул, күңдөргө

3 Аллах Тааланын берген ырыскы, мал-мүлк, байлыктарынан башкаларга бергиси келбей

4 Куранда аракка байланышкан үч түрдүү айат түшкөн. Арак арам экенине далил айат дароо эле түшкөн эмес. Биринчи айат - Бакара сүрөсүндө эскертилди. Бул экинчи айат. Ал эми үчүнчү айат арактын арам экенине далил болгон негизги айат болуп, ал Маайда сүрөсүндө 90-9. айаттарда

5 Жуунууга тийиш (жунуб) болгон учурда

6 Ажатканада болуп кайтса

жана колуңарды (ошол сүртүлгөн чаң менен) сылагыла[1]! Албетте, Аллах - Кечирүүчү!

**44.** Ырас эле Китептен үлүш берилгендер[2] адашууну сатып алышканын жана силердин жолдон адашууңарды каалашканын көрбөйсүңбү?!

**45.** Аллах силердин душманыңарды жакшы билет. Аллах - жетиштүү коргоочу жана Аллах - жетиштүү жардамчы.

**46.** Иудейлерден сөздү мындай деп бурмалап-бузуп сүйлөгөндөр бар: «Биз уктук жана баш ийбедик», «уга элегиңди угуп ал (укпа)», «рооинаа[3]» - деп, сөздү бузуп, динге доо кетиришет. Эгерде алар: «Биз уктук жана баш ийдик», «ук» жана «бизге кара», - деп сүйлөшсө, анда алар үчүн жакшы, ары туура болмок. Бирок, Аллах аларды каапыр болгондуктары үчүн каргышка калтырды. Алардын азыраагынан башкасы каапыр бойунча калды.

**47.** Эй, Китеп берилгендер[4]! Биз бетиңерди сүргөнгө жана аларды артты көздөй бурганга, же Биз аларды ишемби күнүн бузгандарды наалатылагандай каргышка калтыргандан эртерээк Биз силерге силердегини (Торат, Инжилди) тастыктоо үчүн жөнөткөнүбүзгө[5] ишенгиле! Аллахтын буйругу ар дайым ишке ашат.

**48.** Акыйкатта, Аллах - Өзүнө шерик кошкондорду кечирбейт, бирок андан башка күнөөлөрдү эгер кимди (кечирүүнү) кааласа кечирет. Ким Аллахка шерик кошсо, ал зор күнөөнү ойлоп тапканы.

**49.** Сен өздөрүн «өтө тазабыз» деп билгендерди көрбөйсүңбү?! Жок, Аллах кимди кааласа, аны тазалайт. Аларга кымындай да зулум кылынбайт.

**50.** Алар Аллахка кандай жалгандарды айткандарын карачы! Бул айкын күнөө болууга жетиштүү[6].

**51.** Сен Китептин бөлүгү берилгендердин «Жибт» менен «Таагуутка[7]» ишенишкендиктерин жана каапырларга: «Ыйман келтиргендердин жолунан силердин жол туура дешкендерин көрбөйсүңбү?»

---

1 Тайамумдун төрт парзы бар: 1. Тайамумга ниет кылуу; 2. Таза топурак, же жер жынысынан болгон таза нерсе; 3. Колун ошол нерсеге, же топуракка сүртүп, жүзүн эч жерин калтырбай сылап өтүү; 4. Колун экинчи жолу топуракка уруп, эки колун чыканагы менен кошуп сылап чыгуу

2 Иудейлер

3 Иудейлердин тилинде тилдөөгө колдонулган жаман сөз

4 Иудейлер жана христиандар

5 Куранга

6 «Биз, иудейлер Кудай тандаган элбиз, андыктан биз тозок азабын тартпайбыз» дегендей, же «Кудайдын баласы бар» дегендей ж.б.у.с.

7 Курейш каапырларына таандык эки буд-сөлөкөттүн, жалган кудайлардын аты

52. Булар Аллахтын каргышына калгандар. Ким Аллахтын каргышына кал-
са, ага жардамчыны[1] таппайсың!
53. Же аларда мүлктөн[2] үлүшү барбы? (Алардын колунда эч кандай бий-
ликтен үлүш жок. Кокус болуп калса) анда деле адамдарга кымындай
да беришмек эмес.
54. Мүмкүн, алар Аллах өз жакшылыгы менен адамдарга берген нерселери
үчүн көрө албастык кылып жатышпасын? Анткени, Биз Ибрахимдин
урпактарына Китеп жана акылмандык берип, аларга зор бийлик тар-
туउладык.
55. Ошолордун ичинен ага[3] ишенгендер да, алардын арасынан андан баш
тарткандар да болду. Аларга тозоктун азабы жетиштүү!
56. Акыйкатта айаттарыбызга ишенбегендерди Биз отко киргизебиз.
Алардын терилери (тозокто) күйүп бүтөр замат, (алар азапты
татышы үчүн) Биз аны башка териге алмаштырабыз. Акыйкатта,
Аллах - Ызааттуу, Даанышман.
57. Ыймандууларды Биз алдында дарыйалар агып турган Бейиш бактары-
на киргизебиз, алар анда түбөлүккө болушат. Анда алар үчүн таптаза
жубайлар[4] бар жана аларды дайыма көлөкөлүү жайларга киргизебиз.
58. Акыйкатта, Аллах силерге тапшырылган аманатты[5] анын ээси-
не тапшырууга[6] буйрук кылат! Эгерде силер адамдардын ортосунда
өкүм жүргүзсөңөр, анда адилеттүүлүк менен өкүм чыгаргыла. Ал-
бетте, Аллах силерди үндөп жаткан нерсе кандай сонун! Акыйкатта,
Аллах - Угуучу, Көрүүчү!
59. Эй, ыймандуулар, Аллахка баш ийгиле! Аллахтын элчисине баш ийги-
ле! Ошондой эле силердин араңардагы колуна бийлик берилген башчы-
ларга баш ийгиле! Эгер бир нерсе жөнүндө талашып калсаңар, анда
Аллахка[7] жана пайгамбарга[8] кайтаргыла[9], эгер силер Аллахка жана акы-
рет Күнүнө ишенсеңер. Мына ушул - эң жакшы жана мыкты көрсөтмө
60. Сага (Эй, Мухаммед!) жана сага чейинкилерге да[10] ишенебиз деп ой-

1 Коргоочуну
2 Бийликтен
3 Мухаммед (а.с.)га
4 Өтө сулуу жубайлары, келишкен сулуу үр кыздары
5 Ишеним көргөзүлүп тапшырылган иш, жумуш, тапшырма, же кандайдыр мал-мүлк, буйум-тайым
6 Аман-эсен, кечиктирбей, бузуп, кемитип, жок кылып, өзгөртүп, же аткарбай койбой, жеткирүү
7 Куранга
8 Сүннөткө (Пайгамбардын сөздөрү, иштери)
9 Куран менен Сүннөткө карап, ошонун негизинде өкүм чыгаргыла
10 Мурунку китептерге, пайгамбарларга

логондор өкүм чыгартуу үчүн катуу адашканга[1] кайрылууну каалашканын көрбөйсүңбү? Алар, ага[2] ишенбөөгө буйрулушкан эле! Шайтан аларды жолдон азгырып, терең адашууга алып барууну каалайт.

**61.** Качан аларга: «Аллах түшүргөн нерселерге жана Аллахтын элчисине кайрылгыла!»[3]- деп айтылса, эки жүздүүлөрдүн[4] сенден жүзүн буруп кеткенин көрөсүң.

**62.** Качан аларга өз колдору менен кылган мурунку иштери үчүн кырсык келсе кандай (кыла алышат.) Андан соң сага келишет да, Аллахтын аты менен ант ичип: «Биз сага жакшылык жана ийгилик гана каалаган элек», - дешет.

**63.** Аллах алардын жүрөгүндөгүнүн баарын билет. Сен да алардан жүзүңдү үйрү. Насаат кылып, таасирдүү сөз айт.

**64.** Биз пайгамбарды Аллахтын уруксаты менен гана мойун сунсун үчүн жөнөткөнбүз. Эгерде алар өздөрүнө адилетсиздик кылышса сага келишет да, Аллахтан кечирим сурашат, алар үчүн Аллахтын элчиси да кечирим сураганда, алар Аллахтын Тооболорду Кабыл Кылуучу, Мээримдүү экендигин табышаар эле.

**65.** Оо, жок! Сенин Эгеңе ант, алар өздөрүндөгү талаш-тартышка сени калыс кылмайынча момун боло алышпайт. Андан соң алар сен кылган өкүмгө каршы болушпайт, ага толугу менен мойун сунушат.

**66.** Эгер Биз аларга: «Өз өмүрүңөрдү бергиле!»[5] же: «Турагыңардан чыккыла!» - десек, анда муну алардын азыраагы гана аткарышмак. Эгер алар өздөрүнө айтылган насаатты аткарышса, анда өздөрү үчүн абдан жакшы жана ыйманы бекемирээк болмок.

**67.** Анда Биз аларга Өзүбүздүн алдыбыздан улуу сыйлыктарды берээр элек

**68.** жана аларды түз жолго салмакпыз.

**69.** Ким Аллахка жана Анын элчисине баш ийсе, анда алар Аллах Өз мээримдүүлүгүн көргөзгөн пайгамбарлар, ишенгендер, шейит болгондор менен бирге (болушат). Алар эң сонун шериктер!

**70.** Мына ушулар - Аллахтын мээримдүүлүгүнөн. Аллах бүт бардыгын билип тургандыгы - жетиштүү.

**71.** Эй, ыймандуулар! Этийат болгула! Жана чакан топ болуп, же чогуу бирге аттангыла[6].

---

1 Кааб ибну Ал-Ашраф (Тафсир Ал-Жалалайн)

2 Аллахтан башкага

3 Талаш-тартышыңарды чечүү үчүн

4 Эки жүздүүлөр (мунафыктар)

5 Аллах жолунда курман болууга дайар болгула!

6 Согуш майданына

**72.** Силердин араңарда согуштан калып калуучулар да бар[1]. Эгер силерге кырсык жетсе алар: «Аллах мага мээримдүүлүк көргөздү, алар менен бирге болгон жокмун»[2], - деп айтат.

**73.** Эгерде силерге Аллахтын ырайымы жетсе, анда алар силер менен (мурун) эч кандай байланышы болбогон өңдүү: «Аттиң, мен да алар менен чогуу болгонумда, зор ийгиликке жетмек экенмин», - демек.

**74.** Акыретти бул дүйнө жашоосуна сатып алуучулар Аллах жолунда согушка аттанышсын! Эгер ким Аллах жолунда согушуп өлтүрүлсө, же жеңишке жетишсе, Биз ага жакында улуу сыйлыктарды ыйгарабыз.

**75.** «Оо, Эгебиз! Бизди зулум кишилер жашаган бул калаадан чыгаргын! Бизге Өзүңдүн алдыңдан бир башчы жана жардамчы кыл (жөнөт)», - деп айтып жаткан эркек, айал, балдардан болгон алсыздар үчүн эмнеликтен Аллахтын жолунда согушка чыкпайсыңар?!

**76.** Ыймандуулар - алар Аллах жолунда согушкандар, ыймансыздар - шайтандын жолунда согушкандар. Шайтандын тарапкерлери менен согушкула, анткени шайтандын айлакерлиги алсыз[3]!

**77.** Ырас эле сен: «Колуңарды тарткыла[4]! Намаз окугула, зекет бергиле...» Качан аларга согушууга буйрук берилгенде алардын[5] арасынан бир бөлүгү адамдардан Аллахтан корккондой, (же андан да) катуураак корккондорун көрбөдүң беле?! Алар: «Оо, Эгебиз! Бул согушту бизге эмне үчүн буйурдуң, аны (согушту) жакынкы мөөнөткө кое турсаң болмок?!» - дешет. (Аларга): «Бул дүйнөнүн жыргалы аз. Акырет такыбалар үчүн эң жакшы. Кымындай да зулум[6] кылынбайсыңар», - дегин!

**78.** Силер кайда болсоңор да, ал тургай бийик көтөрүлгөн коргондордун ичинде болсоңор да, өлүм силерди таап алат. Эгер аларга жакшылык жетсе: «Бул Аллахтан», - дешет, а качан аларга жамандык жетсе: «Бул сенден»[7], - дешет. (Аларга) «Баары Аллахтан», - деп айт. Бул коомго эмне болгон, сөздү такыр түшүнбөйт?

**79.** Сага жеткен жакшы нерсе, ал - Аллахтан, сага жеткен жамандык - ал сенин өзүңдөн[8]. Биз сени элдер үчүн элчи гана кылып жөнөттүк. Аллах - жетиштүү Күбө.

---

1 Ыйык согуштан

2 Эгерде согушка чыкканымда мен да өлүп калмакмын, демек чыкпаганым жакшы болуптур

3 Шайтан адам пендесин азгыруу үчүн зордук-зомбулук, же кандайдыр бир кара күч колдоно албайт, колдонууга мүмкүнчүлүк, дарамети да дээрлик жок. Бирок пендени азгырат, ыймансыздык, күнөөгө түрткүлөгөн ар кандай жаман ой-сезимдерди ойготот

4 Каапырлар менен согушуудан

5 Мурун каапырлар менен согушууну каалап жүргөндөрдүн

6 Адилетсиздик

7 Эй, Мухаммед!

8 Мухаммед (а.с.)га, андан соң жалпы мусулмандарга

80. Ким пайгамбарга баш ийсе, албетте, ал Аллахка баш ийгени. Ким баш тартса, Биз сени алардын үстүнөн кароолчу кылып жөнөткөн эмеспиз.

81. Алар: «Биз баш ийебиз», - дешет. А качан сенин алдыңдан чыгышканда, алардын бир тобу сен айткандан[1] таптакыр башка нерселерди жашырып калышат. Аллах алардын эмнени жашырып калып жаткандарын жазып алат. Алардан жүз үйүр! Аллахка тобокел кыл! Аллах - толук жеткиликтүү колдоочу.

82. Алар Куран[2] жөнүндө ой жүгүртүшпөйбү?! Эгер ал Аллахтан башканын сөзү болгондо, анда алар Курандан көптөгөн карама-каршылыктарды табышаар эле.

83. Качан тынчтык, же коркунуч кабар жеткенде, алар аны жарыйа кылып жиберишет. Эгерде алар бул тууралуу пайгамбарга, же өздөрүнүн жетекчилерине билгизгенде[3], аны жайылтуучулар алардан билишмек[4]. Эгерде силерге Аллахтын жоомарттыгы менен мээримдүүлүгү болбогондо, анда силердин көпчүлүгүңөр шайтандын артынан ээрчип кетмексиңер.

84. Аллахтын жолунда согушкун. Ал өзүңө гана жүктөлөт, бир өзүңө жооп бересиң жана момундарды үгүттө! Мүмкүн Аллах каапырлардын зыйанын токтотуп турат. Анткени Аллах күч жагынан да, жазалоодо да баарынан күчтүү!

85. Ким бирөөнү жакшылык иштеринде колдосо, ага андан алуучу үлүш тийет, ким жамандык иште көмөктөшсө, ага андан болгон жазадан үлүш тийет. Акыйкатта, Аллах - бардыгына Кудуреттүү.

86. Качан силерге салам берилсе, силер алардын саламынан жакшы алик алып саламдашкыла, же анын өзүн эле кайтаргыла[5]. Акыйкатта, Аллах ар бир ишти Эсептөөчү.

87. Аллахтан башка кудай жок. Акыйкатта, болору шексиз болгон Кыйамат Күнүндө Ал баарыңарды чогултат. Аллахтын сөзүнөн да сөзү чын ким (бар)?

88. Силер эмнеликтен эки жүздүүлөргө байланыштуу эки топко ажырап кеттиңер? Аллах аларды кылган иштери үчүн төмөнгө кагып салган. Ырас эле, силер Аллах адаштырып койгондорду түз жолго салууну каалайсыңарбы? Анткени Аллах кимди Түз жолдон чыгарса, ага Туура жолду таба албайсың.

---

1 Буйургандан

2 Курандын маани-маңызы тууралуу

3 Башкаларга жайбай туруп

4 Иштин чыныгы ал-абалын түшүнүшөөр эле

5 Исламда саламга өзгөчө көңүл бурулат. Анткени салам адамдардын ынтымагын, жакшы санаалаштыгын, биримдигин камсыз кылат. Саламдашуу - сүннөт. Ага жооп кылуу - ваажип (милдет)

**89.** Алар өздөрү каапыр болгон сыңары эле, силердин да каапыр болуп жана каапырлыкта окшошуп калууңарды каалашат. Аллах жолуна көчкөнгө чейин[1] алардын ичинен дос күтпөгүлө! Эгер артка кайтышса, анда аларды туткундап алгыла да, тапкан жериңерде өлтүргүлө![2] Алардын ичинен дос да, жардамчы да албагыла!

**90.** Бирок алар[3] баш калкалоо издеп силердин жана алардын ортосунда тынчтык келишими түзүлгөн элге барса, же алар силер менен, же өздөрүнүн эли менен согушууну каалабай көкүрөктөрү кысылган абалда силерге келсе (тийбегиле). Эгер Аллах кааласа силердин үстүңөрдөн аларга бийлик бермек да, алар силер менен согушууга чыкмак. А эгер алар силер менен согушпастан артты көздөй чегинип, же силерге элдешүүнү сунуш кылса, анда Аллах силердин аларга каршы согушууңарга тыйуу салат.

**91.** Силерден да жана өзүнүн элинен да коопсуздукта болууну каалашкандарды[4] дүрбөлөңгө чакырып, баштарын төмөн салган адамдарды көрөсүңөр! Эгер алар силерден кетпесе, же тынчтыкка келишпесе, силерден колдорун тартышпаса, анда аларды кармап алып, тапкан жериңерде өлтүрө бергиле! Биз силерге алардын үстүнөн ачык далил келтиребиз.

**92.** Силерге момундар момундарды каталык менен гана болбосо - өлтүрүүгө тыйуу салынат. Ким эгер каталык менен өлтүрүп алса[5], ал адам мусулман кулду эркиндикке чыгаруу жана туугандарына[6] бериле турган кун[7] төлөөгө тийиш. Бирок алар[8] кечирип жиберишсе (төлөбөйт). Өлтүрүлгөн силерге душман[9] элдин арасынан келген болсо, анда өлтүргөн адам бир мусулман кулду[10] азаттыкка чыгарууга милдеттүү. Эгер

1 Ыйманга келгенге чейин

2 Бул эки жүздүүлөргө карата айтылган. Анткени, алар исламды кабыл алдык деп койушуп, кийин андан баш тартуу менен чектелип калбастан, мусулмандарга каршы душман болуп чыгышкан

3 Мусулмандар мусулман эмес мамлекеттерде баш калкалап, качып жүргөн эки жүздүүлөрдү өлтүрүүгө тийиш эмес болгон. Эгерде ал мамлекет мусулмандар менен тынчтыкта жашоо жөнүндө келишимге келишкен болсо. Ошондой эле, эгер качкын мусулмандарга каршы душмандык иш-аракеттерин токтоткон болсо

4 Булар эки жүздүүлөрдөн да ашкан кара санатай , арамза кишилер. Алар эки жактын тең ишенимине кирип алып, анан кай тарабы күчтүү болуп баратса, ошол жагына өтө качып, берки тарап менен согушууга дайар кишилер

5 М: согуш учурунда билбей калып, же башка бир учурларда да байкабастан өлтүрсө

6 Өлүктүн мураскерлери

7 Кун төлөө исламга чейин жүз төө болгон. Бул эреже ислам келгенден кийин деле сакталып калган

8 Мураскерлер

9 Каапыр

10 Же күңдү

ал (өлтүрүлгөн) силер менен тынчтык келишим кылган элден болсо, анда өлгөндүн туугандарына[1] кун төлөп, бир мусулман кулду азаттыкка чыгарууга тийиш. Эгер өлтүргөн адам кулду таба албаса, анда Аллахтын алдында тообо кылган катары үзгүлтүксүз түрдө эки ай бойу орозо тутууга тийиш. Акыйкатта Аллах - Билүүчү, Даанышман.

**93.** Эгер ким мусулманды атайлап өлтүрсө, анын жазасы - Тозок. Анда[2] түбөлүк калат. Ага Аллахтын ачуусу келип, Анын каргышына калат. Ага улуу азап дайардап койот.

**94.** Эй, ыйман келтиргендер! Силер качан Аллахтын жолуна (согушка) жөнөгөнүңөрдө, анда ажыраткыла[3]! Силер менен саламдашкандарга бул дүйнө жашоосундагы ырахатты талап кылып: «Сен мусулман эмессиң», - деп айтпагыла! Албетте, Аллахтын алдында көп олжолор, табылгалар бар. Силер да мурун ушундай болгонсуңар, бирок Аллах силерге өз мээримин көргөздү. Ошондуктан силер баамчыл болгула. Акыйкатта, Аллах силердин эмне кылып жатканыңардан кабардар.

**95.** Дин үчүн болгон согушта катышпай, үйүндө оорубастан калгандар[4], Аллахтын жолунда өзүнүн малы жана жаны менен күрөшүп жүргөндөргө тен эмес. Аллах жолунда өзүнүн малы жана жаны менен күрөшүп жүргөндөрдү бир себеп менен үйүндө отуруп калгандардан бир даража жогору кылды. Аллах эки топко тен бейишти убада кылды жана күрөшкө чыккандарды себепсиз үйүндө отуруп калгандардан улуу сооп менен артык кылды.

**96.** Андан[5] даражалар, кечирим жана ырайым (болгон). Аллах - Кечиримдүү, Мээримдүү!

**97.** Акыйкатта, өзүнө-өзү зулум кылгандарга, алардын жанын алып жаткан периштелер: «Силер дининерде кандай абалда болгон эленер?» - деп сурашат. Алар: «Биз жер үстүндө алсыздардан элек», - деп жооп беришет. Периштелер: «Силер башка жакка көчүп[6] кетишиңер үчүн Аллахтын жери силерге кенен эмес беле?» - дешет. Булардын баруучу жайы - Тозок. Ал - кандай гана жаман жай!

**98.** Бирок жол таап, айла-амал кылууга чамалары жетпеген алсыз эркектер, айалдар, жаш балдар (кечиримдүү)[7].

**99.** Аларды Аллах балким кечирээр. Анткени Аллах - Кечирүүчү, Боорукер!

---

1 Мураскерлерине

2 Тозокто

3 Өзүңөрдү башка элдерден, мусулмандарды каапырлардан...

4 Олуттуу себепсиз эле ар кандай шылтоолор менен согушка барбай калгандар

5 Аллахтан

6 Каапырлардын жеринен башка жакка

7 Булардын баарынын олуттуу себептери болгондуктан күнөөкөр болушпайт

**100.** Ким Аллахтын жолунда көчкөн болсо, ал жер үстүндө көптөгөн жайларды жана ырыскы табат. Ким Аллахтын ыраазылыгы жана Анын элчиси үчүн үй-жайын таштап көчкөн болсо, анан жолдо өлүмгө учураса - анын сыйлыгы Аллахтан болот. Анткени Аллах - Кечиримдүү, Мээримдүү.

**101.** Силер жолдо болгон учурунарда эгер каапырлардын жамандык жеткирүүсүнөн корксоңор[1], анда намазды кыскартып[2] окуп койсоңор, күнөө болбойт. Акыйкатта, каапырлар силер үчүн анык душман!

**102.** Сен качан алар менен бирге болуп намаз окусаң, (колуна куралын) алган бир топ силер менен кошо турсун. Качан биринчи топ намазды окуп бүткөн соң, баары туруп арт жакка кетишсин, алардын ордуна намаз окуй элек экинчи топ келип, сени менен намазды бирге окушсун. Бирок, алар да сак болушуп, курал-жарактарын жанында тутсун. Каапырлар силердин куралыңарга, азыгыңарга бейкапар болушуңарды жана өздөрү күтүүсүздөн келип силерге кол салууну каалашат. Эгер силер жамгырдан улам кыйынчылыкка кептелип, же оору себептүү куралыңарды койуп койсоңор, андан күнөөлүү болбойсуңар. Бирок, сак болгула! Акыйкатта, Аллах каапырлар үчүн кордоочу азапты дайардап койгон.

**103.** А качан силер намазыңарды окуп бүткөн соң туруп, олтуруп, же жаткан абалда Аллахты эстегиле[3]. А силер качан коркунучсуз, бейкут абалга жетсеңер намазыңарды окугула. Акыйкатта намаз белгиленген убакыттарга дайындалган.

**104.** Каапырлар менен болгон күрөштө эч качан алсыз, начар абалыңарды көргөзбөгүлө! Эгер силер запкы жеп[4] кыйналып жатсаңар, алар да дал силер өңдүү эле запкы чегүүдө, бирок ушул кезде алар Аллахтан ишенбеген нерсеге силер ишенип жатасыңар. Албетте, Аллах - Билүүчү, Даанышман!

**105.** Биз адамдар арасында Аллах көргөзгөндөй кылып өкүм жүргүзүүн үчүн сага акыйкаттык менен Китеп түшүрдүк. Сен кыйанатчыларды колдоочу болбо!

**106.** Аллахтан кечирим сура! Анткени Аллах - Кечиримдүү, Мээримдүү.

**107.** Өзүнө өзү кыйанат кылгандарга кийлигишпе! Акыйкатта, Аллах кыйанаткер күнөөкөрлөрдү жакшы көрбөйт.

**108.** Алар адамдардан жашырышат[5]. Бирок аларды Аллахтан жашыра алышпайт. Ал (Аллах) алар ага жакпаган сөздөрдү жашыруун сүй-

---

1 Алардын күтүүсүз жерден кол салуусунан, же артынардан жетип келүүсүнөн корксонор

2 Төрт ирекеттин (төрт жолкунун) ордуна эки ирекет кылып

3 Каалаган абалда

4 Жарадар болуп

5 Өздөрүнүн күнөөлүү иштерин

лөшүп жатышканда алар менен бирге эле[1]. Анткени Аллах баарысын камтып, эмне кылгандарын камтуучу[2].

**109.** Силер бул дүйнөдө алар жөнүндө талашып тартышасыңар. Кыйамат күнүндө Аллах менен алар жөнүндө ким талашып тартыша алат? Же ким алар үчүн өкүл боло алат?

**110.** Ким күнөө иш жасап, же өз жанына зулумдук кылса, андан соң Аллахтан кечирим сураса, анда ал Аллахтын Кечиримдүү, Мээримдүү экендигин табат.

**111.** Ким күнөө жасаса, ал өзүнө кылат[3]. Акыйкатта, Аллах - Билүүчү, Даанышман!

**112.** Ким эгер кичине күнөө[4], же чоң күнөө жасап, андан соң күнөөсүздү аны[5] менен күнөөлөсө, ал өзүнө жалааны жана ачык күнөөнү жүктөгөнү.

**113.** Эгерде сага Аллахтын ырайымы жана мээрими болбогондо, алардан бир тайпа сени туура жолдон чыгарууга камынмак. Бирок алар өздөрүн гана жолдон адаштырышат. Сага эч кандай зыйан кыла алышпайт. Анткени Аллах сага Китепти жана даанышмандыкты берди. Сага билбеген нерселерди үйрөттү. Аллахтын сага көргөзгөн ырайымдуулугу улуу!

**114.** Кайыр-садака кылуу, же жакшылык иштерди жасоо, же адамдарды элдештирүү жөнүндө сүйлөшүп жаткандардан башка алардын арасындагы жашыруун сүйлөшүүлөрдүн көпчүлүгүнөн жакшылык жок. Ал эми ким бул иштерди Аллахтын ыразылыгына жетүүгө аракет кылып жасаган болсо, ага Биз зор сыйлык тартуулайбыз.

**115.** Ким өзүнө туура жол ачык-айкын болгондон кийин пайгамбарга каршы чыгып, ыймандуулардын жолу менен ээрчибегендерди ал өзү кай тарапка бурулган болсо, ошол тарапты каратабыз жана аны тозокко ыргытабыз. Ал кандай жаман жай!

**116.** Акыйкатта, Аллах Өзүнө шерик кошкондорду[6] кечирбейт, бирок андан башка күнөө иш кылгандарды эгер кааласа кечирет. Ким Аллахка шерик кошсо, ал аныгында узак адашууда болот[7].

1 Аллах көрүп турган эле

2 Баарын билүүчү

3 Азабын өзү гана тартат

4 Каталык

5 Тиги күнөө

6 Аллахтан башка да кудайлар бар деп ишенген, же аларга сыйынгандар

7 Иудейлер жана христиандар тууралуу Ыйык Куранда: «Алар өздөрүнүн окумуштууларын жана кечилдерин Аллахтан башка кудайлар кылып алышкан», - деп айтылат. 9-сүрө, 31-айат

**117.** Алар Андан[1] башка айал затына[2] жана ээнбаштанган шайтанга[3] табынышат.

**118.** Аллах аны[4] каргышына калтырды. Ошондо шайтан айтты: «Мен Сенин пенделериңден токтоосуз өз үлүшүмдү аламын,

**119.** аларды чындыктын жолунан кечиктирбестен чыгарам жана аларды аткарылбас жаман үмүттөргө азгырам, аларга малдын кулагын[5] тешип койууга буйурам жана аларга Аллахтын жараткан нерсесин өзгөртүүгө буйрамын» (деди). Ким Аллахты таштап шайтанды өзүнө дос кылып алса[6], ал анык зыйанга учурайт.

**120.** Ал (шайтан) аларга убада берип, аларды үмүттөндүрөт. Бирок, шайтандын убадалары - болгону азгырык гана!

**121.** Алардын жайы - Тозок жана андан кутула алышпайт.

**122.** Ыймандууларды жана жакшылык иш кылгандарды Биз алдынан дарыйалар агып турган Бейиш бактарына жакында киргизебиз. Алар анда түбөлүккө болушат. Аллахтын убадасы[7] чын. Аллахтан башка кимдин сөзү туурараак.

**123.** [8]Силердин каалооңорго, же Китеп ээлеринин[9] каалоосуна көз каранды эмес. Ким жамандык кылса ошонусуна жараша жазаланат. Ал өзүнө Аллахтан башка жакын колдоочуну да, жардамчыны да таба албайт.

**124.** Жакшы иштерди жасаган эркекпи, айалбы, эгер алар ыймандуу болушса Бейишке киришет. Аларга кымындай да зулум кылынбайт.

**125.** Аллахка жүзүн буруп, жакшылык иштерди кылган жана Ибрахимдин динине берилип ээрчигенден да дини мыкты бирөө барбы? Аллах Ибрахимди Өзүнө жакын дос кылып алган.

---

1 Аллах Тааладан.

2 Лат, Узза, Манат аттуу сөлөкөттөргө табынышып, бир топтору аларды: Аллахтын кыздары, ушулар бизди Ага жакындатат деп эсептешкен

3 Шайтанга ачык сыйынбаса да, анын азгырыгына кирип, аларга жетеленгендер жана ыймандан ажырагандар ага сыйынган болуп эсептелет

4 Шайтанды

5 Исламга чейинки арабдар малдарынын айрымдарын кулагына эн салып, кудай деп санаган сөлөкөттөргө арнап, минбестен, иштетпестен бош койуп жиберишчү. А бул шайтандын айтып кеткен убадасы эле

6 Шайтандын өзүнө жакын дос болуп алганын ага азгырылган пенде өзү да билбей калуусу мүмкүн. Андыктан ар бир пенде сак болуп, кайсы туура, кайсы туура эмес экенин жана байкабай күнөөгө кириптер болбоо үчүн илим үйрөнүүгө тийиш

7 Шайтандын убадалары бүтүндөй жалган болсо, Аллахтын убадалары андан айырмаланып: бүтүндөй чындык болуп, ишке сөзсүз ашат

8 Аллахтан убада кылынган сыйлыктар

9 Иудейлер жана христиандар

**126.** Аллахка асмандагылар менен жердегилердин баары таандык. Аллах бардык нерселерди Камтуучу болгон[1].

**127.** Алар сенден айалдар жөнүндө өздөрүнө эмнелер буйрулганын сурашат. (Аларга) айт: «Аллах силерге алар жөнүндө бул Китепте эмнелер жазылганы тууралуу, ошондой эле аларга буйрулган нерселерди силер аларга бербей койуу үчүн силер үйлөнүүнү каалаган жетим кыздар, алсыз балдар жөнүндө, жетимдерге адилеттүү мамиле кылууңар жөнүндө чечим чыгарат. Силер кандай жакшы иш кылсаңар да, Аллах аны билүүчү».

**128.** Эгерде айал өзүнүн күйөөсү өзүнө тиешелүү милдеттерди аткарбайт деп, же ал андан баш тартуусунан корксо[2], анда алар өз ара макулдашуу түзүүлөрүндө күнөө жок[3]. Албетте, тынчтык келишими - жакшы. Көңүлдөр[4] сараңдыкка тартылган[5]. Эгер силер айалдарга жакшы мамиле кылсаңар, такыба болсоңор, анда, Аллах силердин эмне кылып жатканыңардан кабардар.

**129.** Канчалык кызыгып, умтулсаңар да айалдардын ортосунда адилеттүү болууга алыңар жетпейт[6]. Аны арсар[7] кылып таштап салып (тигинисине) такыр ооп кетпегиле! Эгер силер оңолсоңор[8] жана такыба болсоңор, анда Аллах - Кечиримдүү, Мээрбан!

**130.** Эгер жубайлар ажырашса, анда Аллах өзүнүн жоомарттыгы менен алардын ар биринин ырыскысын бере берет[9]. Акыйкатта Аллах - Ырайымдуу, Даанышман!

**131.** Аллахка асмандар менен жердегилердин баары таандык. Биз чынында силерге чейинки Китеп берилгендерге да, силерге да Аллахтан корккууңарды насаат кылдык. Эгер силер каапыр болсоңор[10], анткени ас-

---

1 Эзелтеден билүүчү жана кудуреттүү

2 Жаман мамиле кылып айалынан оолактаса, келбей койсо ж.б.у.с.

3 Алардын тигил, же бул тарабы кандайдыр өз талаптарын койуп, ошого келишим түзүүгө шариат жол берет

4 Напсилер

5 Ар ким өз напсинин, каалаганын жасагысы келет

6 Бул жерде кеп: бирөөнүн бир нече айалы болсо, алардын баарын бирдей абалда жактырып, же сүйө албастыгы, же баарына бирдей мамиле жасай албастыгы, антүүгө мүмкүн эместиги жөнүндө сөз болууда. Ошондуктан айалдары менен айрым нерселерде чамасына жараша келишим түзүү абзел. А эгерде келишим түзүүгө макулдаша алышпаса, анда ажырашууга туура келиши ыктымал. Аллах Таала ажырашууну каргыштаган. Демек, ажырашкандар Аллах Тааланын каргышына калуусу толук мүмкүн. Андыктан эки, же андан көп айал алуудан мурун ар бир эркек өзүнүн чамасына карасын. 4-сүрөнүн 3-айатын караңыз!

7 Же күйөөсү бар эмес, же ажырашкан айал эмес өңдүү болуп

8 «Айалдарыңарга карата өзүңөрдүн милдетиңерди жана мамилеңерди»

9 Айалдын да, эркектин да Аллах бере турган жакшылык, ырыскы, шыбагалары тагдырына жазылган

10 «Силердин каапыр болушуңар Аллахка зыйан кылбайт»

мандар менен жердегилердин баарысы Аллахка гана таандык. Аллах - Бай, Даңазалуу!

**132.** Аллахка асмандагылар жана жердегилердин баары таандык. Аллах Өзү жетиштүү Күбө![1]

**133.** Эй, адамдар, эгер Ал кааласа анда силерди жок кылат да, башкаларды алып келет[2]. Акыйкатта, Аллах буга кудурети жетүүчү!

**134.** Ким бул дүйнөнүн сыйлыктарын кааласа, анда бул дүйнөнүн да, акыреттин да сыйлыктары Аллахтын алдында. Аллах - Угуучу, Көрүүчү!

**135.** Эй, ыймандуулар! Өзүңөргө каршы, же ата-энеңер, же жакын туугандар болсо да Аллах үчүн адилеттүүлүктү тургузуучу калыс күбө болгула! Эгер[3] бай же кедей болсо[4], Аллах экөөнөн тең артыгыраак[5]. Адилеттүү болууңарда көңүлүңөргө[6] ээрчибегиле. А эгер силер тайсалдасаңар, же баш тартсаңар, анда Аллах силердин эмне кылганыңардан толук кабардар.

**136.** Эй, ыймандуулар. Аллахка, Анын элчисине, Ал Өзүнүн элчисине түшүргөн Китепке жана Ал андан мурун түшүргөн Китепке ишенгиле! Ким Аллахка, periштелерине, китептерине, элчилерине жана Кыйамат Күнүнө ишенбесе ал узак адашууда болот.

**137.** Акыйкатта, ыйман келтиргендер, анан каапыр болгондор, андан сон (дагы) ыйман келтирип, анан (кайра) каапыр болгондор өздөрүнө каапырлыкты гана күчөтүштү. Аллах (эми) алардын күнөөлөрүн кечирип, же туура жолго салбас!

**138.** Эки жүздүүлөргө алар үчүн кор кылуучу азап бар экенин кабарла!

**139.** Момундардын ордуна каапырлар менен достошуп жаткандар, алар каапырлардан сый-урмат издеп жатышабы? Акыйкатта, бардык урмат-сый Аллахка гана таандык!

**140.** «Эгер силер Аллахтын айаттарына каршы чыгып жана шылдыңдап жаткандарын уксаңар, алар башка сөзгө өтмөйүнчө алар менен бирге отурбагыла деп силерге Аллах Өз Китебинде түшүрдү эле[7]. Антпе-

1 Кайтаруучу, сактоочу

2 «Силердин ордуңарга башка бир коомду»

3 Күбөлөнүп жаткан киши - соттолуп жаткан киши

4 «Бай экен, мага пайдасы тийээр деп, же кедей экен деп, ага боор ооруп калыстыктан тайбоо керек»

5 Аллахтын буйругун аткаруу бул экөөнө жан тарткандан алда канча жогору жана зарыл. Аллах ал экөөнө силерге караганда күйүмдүүрөөк

6 Напсиңердин каалоосун

7 Кабарлады эле

сеңер[1], силер (да) алар өңдүүсүңөр[2]». Албетте, Аллах эки жүздүүлөр менен каапырлардын баарысын тозокко жыйнайт!

141. Силердин эмне болоруңарды аңдып тургандар[3] эгер силерге Аллахтан жеңиш келсе: «Ырасында, биз силер менен бирге болбодук беле?» - дешет. А эгер каапырлардын үлүшү[4] келсе, алар: «Биз силерге жардам кылууга аракеттенип жана силерди ыймандуулардан коргободук беле?» - дешет. Бирок силердин ортоңордо Кыйамат күнү Аллах өкүм чыгарат. Аллах эч качан момундардын зыйанына каапырларга жол бербейт.

142. Албетте, эки жүздүүлөр Аллахты алдашат. Ал болсо бул үчүн аларды жазалоочу! Алар качан намазга турганда адамдарга көрүнүү үчүн гана жалкоолонуп турушат. Аллахты өтө аз эстешет.

143. Аларга да (момундарга), буларга да (каапырларга) кошула алышпай, ортодо арсар калышат. Аллах кимди түз жолдон адаштырса, ал үчүн туура жол таппайсың.

144. Эй, ыймандуулар! Момундардын ордуна каапырларды дос тутпагыла! Аллахтын силерге каршы ачык далил келтиришин каалап жатасыңарбы?

145. Акыйкатта, эки жүздүүлөр Тозок отунун төмөнкү катмарында болушат. Сен алар үчүн жардам кылуучуну таппайсың.

146. Бирок алар тообо келтиришип, амалдарын оңдошсо, Аллахтын динин бекем кармашып, Аллах үчүн диндеринде ыкыластуу болушса, алар момундар менен бирге болушат. Аллах момундарга жакын арада зор сыйлык тартуулайт!

147. Эгер силер (Ага) шүгүр кылсаңар жана ишенсеңер, анда Аллах силерди жазалап эмне кылат. Акыйкатта, Аллах - шүгүр Ээси, Билүүчү!

148. Зулумдукка дуушар болгон адамдан[5] башкалардын жаман сөздү жарыйа айтуусун Аллах сүйбөйт. Албетте, Аллах - Угуучу, Билүүчү.

149. Эгер силер жакшылыкты ачык, же жашыруун кылсаңар, же жамандыкты кечирсеңер, акыйкатта Аллах - Кечирүүчү, Кудуреттүү.

150. Акыйкатта, Аллахка жана Анын элчилерине ишенбегендер жана Аллах менен Анын пайгамбарынын ортосун ажыратууну каалагандар: «Биз кээ бирине ишенебиз да, кээ бирине такыр ишенбейбиз», - деп ортодо[6] бир жолду кармануу каалашат.

1 Алар менен отуруп алсаңар

2 Чогуу күнөөгө батасыңар

3 Эки жүздүүлөр

4 Ийгилик

5 Кордолгон адам заалымдын көрсөткөн кордугун жарыйалап билдирүүсү күнөө эмес

6 Каапырлык менен ыймандуулуктун ортосунда

**151.** Алар анык каапырлар. Биз каапырлар үчүн кордоочу азапты дайардадык!

**152.** Аллахка, Анын элчилерине ишенгендер, алардан эч кимисин ажыратып бөлүп салбагандар[1] - Аллах аларга жакында сыйлыктарын берет жана Аллах - Кечиримдүү, Ырайымдуу.

**153.** Китеп ээлери[2] сенден өздөрүнө асмандан китеп түшүрүп берүүңдү сурашат. Алар андан мурун Мусадан да мындан чоңураагын сурашып: «Бизге Аллахты даана көргөз», - дешкен. Чектен ашкандыктарынын кесепетинен аларды чагылган урду. Андан соң алар өздөрүнө ачык-айкын кабарлар келгенде музоого сыйына башташты. Биз муну да кечирдик. Мусага ачык далил бердик.

**154.** Биз убада алуу менен алардын үстүнө Турду[3] көтөрдүк жана аларга: «эшиктен сежде кылган абалыңарда киргиле«- дедик. Жана да: «Ишемби күнү чектен ашпагыла», - дедик да, алардан Биз катуу убада алдык!

**155.** Алар убаданы бузгандыктары үчүн, Аллахтын айаттарына ишенбөгендиктери, пайгамбарларды бөйкүнөө өлтүргөндүктөрү жана: «биздин жүрөктөрүбүз кулпуланып калган»- деген сөздөрү үчүн, балким Аллах алардын жүрөгүнө каапырдыгы себептүү мөөр басып салды. Алардын азыраагы гана ишенишет.

**156.** Алардын каапырлыгы жана Марйамга чоң жалаа жапканы себептүү (Аллахтын каргышына калышты). Алардын Исаны таанывагандыктары үчүн[4]

**157.** жана алардын: «Биз Масихти - Марйам уулу Исаны, Аллахтын элчисин өлтүрдүк»[5] , - деген сөздөрү үчүн (каргышка калышты). А алар аны (Исаны) өлтүрүшкөн да, асышкан да эмес. Бирок, бул аларга (Исага) окшотулуп гана көрсөтүлдү[6]. Акыйкатта, Исанын өлтүрүлүшү жөнүндө ар түрдүү пикирде болуп жаткандарда ал тууралуу илим жок, алар бар болгону жоромолдорго гана тайанышат. Албетте, алар аны анык өлтүргөн эмес.

**158.** Жок, Аллах аны Өзүнө көтөрүп[7] алып кеткен. Аллах - Ызааттуу, Даанышман болгон эле.

---

1 Кээ бирине ишенип, кээ бирине ишенбей

2 Иудейлер жана христиандар

3 Тоону

4 Исага каршы болушуп, ал турсун аны өлтүрүүгө аракет кылышкан

5 Исаны өлтүргөн деп христиандар иудейлерди күнөөлөшсө, а иудейлер жогорудагыдай билдирүүлөрдү өздөрү таратып келе жаткандыктары эч кимге жашыруун эмес

6 Алар жалган көрүнүштү чындык деп билишти. Б.а. крестке кадашып жана өлтүрдүк деп жаткан киши сырткы түрү Аллах Тааланын кудурети менен дал эле Исага окшош кылынган башка бирөө эле. Кыскасы, кандай болгондо да, крестке кадалган Иса эмес эле

7 Өйдөгө

**159.** Акыйкатта, Китеп ээлеринен болгондордун ичинен ал өлбөстөн алдын ишенбеген эч ким болбойт[1]. Кыйамат күнү аларга каршы күбө болот!

**160.** Иудейликти тутунгандардын кылган зулумдуктары[2] үчүн Биз мурун аларга адал кылган таза нерселерди да арам кылып салдык. Алар Аллахтын жолунан башкаларды тоскондуктары үчүн (да).

**161.** Алар өздөрүнө тыйуу салынганына карабастан сүткордук[3] кылышканы (себептүү), акысы жок болсо да адамдардын мал-мүлкүн жегендиктери үчүн Биз алардын арасынан чыккан каапырларга оорутуучу азапты дайардадык!

**162.** Бирок, алардын[4] ичинен илимге бекем туруктууларына, сага жөнөтүлгөнгө[5] ишенгендерине, намаз окугандарына, зекет берүүчүлөрүнө, Аллахка жана Кыйамат күнүнө[6] ишенүүчүлөрүнө Биз жакында зор сыйлыктарды ыйгарабыз!

**163.** Биз сага, Нухка жана кийинки пайгамбарларга[7] кабарлагандай эле жашыруун кабар[8] кылдык. Биз Ибрахимге, Исмаилге, Исхакка, Йакупка жана алардын урпактарына[9] - Исага, Айупка, Йунуска, Харунга, Сулайманга жашыруун кабар кылдык. Даутка Забурду бердик.

**164.** Сага алар жөнүндө мурунтадан айтылган элчилерди жана Биз сага алар жөнүндө айтпаган элчилерди (да жөнөткөнбүз)[10]. Аллах Муса менен чындап сүйлөшкөн[11].

---

1 Китеп ээлеринен болгон иудейлер жана христиандар ошондо Исанын Аллах Тааланын пайгамбары болгону чын экендигине, анын алдамчы эмес экендигине, өздөрүнүн жаңылышкандарына кеч болсо да түшүнөт

2 Адилетсиздиктери

3 Риба - пайыз, үстөк алуу, сүткордук кылуу

4 Иудейлердин

5 Ыйык Куранга

6 Пайгамбарыбыздын учурунда иудейлердин арасынан Исламга киргендөр болгон. Алардын бири - Абдулла ибн Салам. Алардын окумуштууларынын бир даары Курандын жана Пайгамбардын Аллах Тааладан жөнөтүлгөндүгүнө ишенишкен

7 Бул дүйнөгө көптөгөн пайгамбарлар келип кеткен жана алардын баары тең бир эле Кудайдын бар экендигин жарыйалап, адамдарды ыйманга чакырган

8 «Вахий» - Кудайдан келген кабар, жашыруун кабар

9 Бул Исраил уулдарынын урпактарынан чыккан пайгамбарлар

10 Абу Зарр р.а. айткан хадисте 12. миң пайгамбар деп эскертилген. Алардын ичинен 313 ү элчилер болгон. Бул маалымат Тафсир ибну Касир жана Тафсир Аль-Насафиден алынды. Ал эми Тафсир Ал-Жалалайнде сегиз миң пайгамбар жөнөтүлгөн, төрт миңи Исраил коомунан, төрт миңи башка адамдар арасынан деп берилген. Демек, Аллах Таала сүйүктүү Пайгамбары Мухаммед (а.с.) кабар берген пайгамбарлардын саны 12. миң. Ал эми айатта кабар берилгендей Аллах Таала Мухаммед (а.с.)га кабарлабаган да пайгамбарлар бардай. Андыктан пайгамбарлардын санын чектебегенибиз абзел экени, канча болсо да баарына ыйман келтирүүбүз керек экени Тафсир Аль-Насафиде берилген

11 Ортомчу жок, түздөн-түз сүйлөшкөн

165. Элчилерди жөнөткөндөн кийин адамдар Аллахка доо койбостуктары үчүн[1] жакшы кабарларды сүйүнчүлөөчү жана эскертүүчү элчилерди (жөнөттүк). Акыйкатта, Аллах - Ызааттуу, Даанышман.

166. Бирок Аллах сага түшүргөн нөрсеге Өзү күбө. Анткени Ал аны Өзүнүн илими менен түшүрдү. Периштелер да буга күбө. Аллах (буга) күбөлүккө өзү жетиштүү.

167. Акыйкатта каапырлар ишенишпеди. Башкаларды да Аллахтын жолунан тосушту жана өтө узак адашууда калышты.

168. Чындыгында каапырлар жана заалымдарды Аллах кечирбейт жана түз жолго да баштабайт.

169. Ал аларды тозокко алып барат, алар анда түбөлүккө болушат! Бул Аллах үчүн жеңил.

170. Эй, адамдар! Силерге силердин Эгеңерден акыйкат[2] менен элчи келди. Ишенгиле! Бул силер үчүн мыкты. А эгер каапыр болсоңор, анда Аллахка асмандагылар менен жердегинин баары таандык. Акыйкатта, Аллах - Билүүчү, Даанышман.

171. Эй, китеп ээлери! Силер диниңерде чектен ашпагыла. Аллах тууралуу чындыктан башканы айтпагыла! Анткени Марйам уулу Иса - Аллахтын Элчиси гана. Жана да Марйамга салган Анын («Бол!» - деген) сөзү[3] жана Андан келген жан[4]. Аллахка жана Анын элчилерине ишенгиле! «Үчөө» [5] - деп айтпагыла! (Аллахты «үчөө» деп айтуудан) токтонгула! Бул силер үчүн жакшы. Акыйкатта, Аллах жалгыз Кудай. Ал перзенттүү болуудан таза. Ага асмандар менен жердегилердин баары таандык. Аллах өзү жетиштүү күбө!

172. Масих (Иса) да, Аллахка эң жакын периштелер да Аллахка кул болууда бой көтөрүшпөйт. Ким Ага сыйынууда бойун көтөрүп текеберденсе, Ал алардын баарын жакын арада Өзүнө жыйнап алат[6].

173. Ыйман келтирген жана жакшылык иш кылгандардын сыйлыктарын Ал өзүнүн жоомарттыгы менен көбөйтүп толук берет. Ал эми менменсинип бой көтөргөндөрдү жана текеберденгендерди Ал катуу азап менен жазалайт. Ошондо алар өздөрүнө Аллахтан башка досту да, жардамчыны да таба алышпайт!

---

1 «Күнөөнү билбестиктен кылдык. Аллах жөнүндө бизге эч ким эскертип, жө билдиргөн эмес дөп айтпастары үчүн«

2 Чындык

3 Аллах Тааланын кудуреттүү сөзүнөн гана, атасыз жаралган. Анткени Аллах Таала бир нерсени каалаган учурда: «Бол!» - деп гана буйрук берет. Заматта болуп калат

4 Аллах Таала Адам Атабызга да өз Рухунан салган. Демек Адам Атабыз өңдүү эле Иса да жаратылган адам, пайгамбар. Ал христиандар жаңылышып айтып жүрүшкөндөй Кудай эмес

5 Кудай ата, Кудайдын уулу жана Ыйык Рух

6 Эсеп алып, ар бирине тиешелүү жазасын берет. Эч ким сураксыз, жазасыз калбайт

**174.** Эй, адамдар. Силерге Эгеңерден далил[1] келди. Биз силерге айкын Нур[2] түшүрдүк.

**175.** Ал эми Аллахка ыйман келтиргендерди, Аны тутунгандарды[3] Ал Өз мээрими жана жакшылыгына жакын арада киргизет жана Өзүнө карай Түз жолго багыттайт.

**176.** Сенден чечим чыгарууну[4] талап кылышат. (Аларга): «Аллах Өзү силерге атасы да, баласы да жок (киши) жөнүндө чечим чыгарып берет. Баласыз бир адам[5] өлүп, анын эжеси болсо, анда ага ал калтыргандын[6] жарымы берилет. Ошондой эле, ал (эркек) да, эгер ал айалдын баласы болбосо (айал) калтыргандын баарын мураска алат. Эгер алар (эже-синди) экөө болсо, ал калтыргандын үчтөн эки бөлүгүн алышат. Эгер алар эркек, ургаачы бир туугандар болсо, эркекке эки айалдын үлүшү тийет. Аллах силерге туура жолдон чыкпооңор үчүн (Өз көрсөтмөлөрүн) байандайт. Аллах бардык нерселерди Билүүчү!»

## 5. МААИДА[7] СҮРӨСҮ

**Мединада түшүрүлгөн Жүз жыйырма айаттан турат**

***Мээримдүү, Ырайымдуу Аллахтын аты менен***

**1.** Эй, момундар! Убадаларыңарды аткаргыла. Силерге ихрамда[8] аңчылыкты адал деп санабоо шарты менен түшүндүрүлө[9] турган айбанаттардан башкалары адал кылынды. Чындыгында, Аллах каалаганын[10] өкүм кылат.

**2.** Эй, момундар! Аллахтын белгилерине, ыйык айга[11], курбандыктарга жана мойундарына тагылган белгилерине, Эгесинин ыраазылыгын жана жакшылыгын үмүт кылып, ыйык Үйгө[12] келүүчү ажыларга сый-

1 Мухаммед (а.с.)
2 Ыйык Куран
3 Анын динин бекем туткандар
4 Көргөзмө
5 Атасы да жок
6 Мурастын
7 Мааида - Дасторкон
8 Ажылык парзын аткарып жаткан кезде кийилүүчү атанын кийим
9 Кийинки айаттарда
10 Каалаган мыйзамын
11 Зулхижжа айы (өзгөчө, анын 8, 9, 10, 11, 12-күндөрү)
12 Кааба

лабастык кылбагыла. Качан гана ихрамдан чыксаңар, аңчылык кылгыла. Силерди Харам Мечитинен тоскон[1] элдин жек көрүүсү[2] силерди чектен ашууга түртпөсүн, жакшылыкта, такыбалыкта бири-бириңерге көмөктөшкүлө. Ал эми жамандыкта жана душмандыкта көмөктөшпөгүлө! Аллахтан корккула, чындыгында, Аллах - катуу азаптоочу!

3. Силерге өлүк[3], кан[4], чочконун эти жана Аллахтан башкага аталып мууздалган мал, ошондой эле муунтулуп, урулуп, кулап[5], сүзүлүп өлгөн[6] жана жырткыч (айбандар) жеген[7] мал арам кылынды. Бирок жаны чыга элек учурда (Аллахтын аты аталып) мууздалган малдардан башкалары. Кадалган ташка[8] (сөлөкөткө) арнап мууздалган мал жана төлгө менен бөлүнгөн мал да арам. Ушулар - бузукулук. Бүгүн каапырлар дининден[9] үмүт үзүштү. Андыктан, алардан коркпогула, Менден корккула. Бүгүн силерге диниңерди толук кылдым жана силерге (Менин) ырайымымды акырына чейин жеткирип, ислам динин силерге ыраа көрдүм. Кимде-ким күнөөгө умтулуудан эмес, ачкалыктан[10] (жешке) аргасыз болсо (күнөө эмес). Чындыгында, Аллах - Кечиримдүү, Мээримдүү.

4. Алар[11] сенден өздөрүнө эмне адал кылынганын сурашат. «[12]Силерге жакшы (таза) нерселер[13] адал кылынды», - деп айткын. Ошондой эле, Аллахтын силерге үйрөткөнүндөй: силер (үйдө) багып үйрөткөн (бүркүт сыйактуу алгыр) куштарды (жибереpде) Аллахтын атын атагыла. Ал кармап келген нерселерден[14] жегиле. Аллахтан корккула. Албетте, Аллах - тез эсеп кылуучу[15].

5. Бүгүн силерге жакшы нерселер адал кылынды. Китеп ээлеринин[16] та-

1 Барууга тоскоол кылган
2 Каапырлардын мусулмандарды
3 Аллах Тааланын аты аталып мууздалбастан, арам өлүп калган малдын эти
4 Адал, же арам өлгөнүнө карабастан бардык малдардын аккан каны
5 Бийик жардан, жерден
6 Мүйүздүү мал сүзүп
7 Жырткыч айбандар жегенинен калган эттер
8 Сөлөкөткө сыйынгандардын салт-жөрөлгөсү менен мууздалган
9 Силерди өз диниңерден тосуп, тоскоол болуудан натыйжа чыкпасына көздөрү жетишти
10 Аллах Таала арам кылган малдардын этин эптеп аман калуу, убактылуу жан сактоо үчүн, керектүү өлчөмдө жесе
11 Мусулмандар
12 Эй, Мухаммед!
13 Ислам шарийатында адал кылынган тамактар (алар адам ден соолугуна да зыйансыз)
14 Жаныбарлардын этин
15 Жазасын, же сыйлыгын тез берүүчү
16 Иудей жана христиандардын

мактары[1] силер үчүн адал, силердин тамактарыңар да алар үчүн адал. Өзүн арамдан таза туткан момун айалдар жана китеп ээлеринин өздөрүн ыпластыктан сактаган айалдары менен калың берип, бузуку-ыпластык[2] кылбастан үйлөнүү силерге адал. Ким ыйманга каршы чыкса, анын сооптору жойулат жана ал акыретте зыйан тартуучулардан болот.

**6.** Эй, момундар! Намазга турган кезде жүзүңөрдү жана колуңарды чыканактарына чейин жуугула. Башыңарды (суу менен) сылагыла[3]. Бутуңарды томуктарына чейин жуугула. Эгерде булганыч[4] болуп калсаңар, толук тазалангыла[5]. Эгерде оору, же сапарда болсоңор, силердин бирөөңөр даараткантадан чыгып, же айалына жакындап, бирок суу таба албасаңар таза топурак менен тайамум кылгыла[6]: Аны менен бети-колуңарды сыйпагыла. Анткени, Аллах силерге кыйынчылыкты каалабайт. Силерди тазартууну, ошондой эле шүгүр кылууңар үчүн Өз жакшылыктарынын толук болуусун каалайт.

**7.** Аллахтын силерге берген жакшылыктарын жана: «Уктук, мойун сундук!» - деп Аллахка берген убадаңарды унутпагыла. Чындыгында, Аллахтан корккула! Аллах дилдердегини сөзсүз Билүүчү!

**8.** Эй, момундар! Аллах (ыраазылыгы) үчүн күбөлүккө[7] бекем тургула. Айрым адамдарга болгон жек көрүүңөр силерди адилетсиздикке түртпөсүн. Адилет болгула! Ошол - такыбалыкка жакыныраак. Аллахтан корккула. Албетте, Аллах - эмне иш кылып жатканыңардан Кабардар!

**9.** Аллах ыйман келтирип, жакшы иштерди жасагандарга кечирим жана улуу сыйлык убада кылды.

**10.** (Аллахтын буйруктарына) каршы чыгып, айаттарыбызды жалганга чыгаргандар - алар, Тозок ээлери!

**11.** Эй, момундар! Силерге жамандык кылууну самаган бир элдин сунган суук колун кайтарган кездеги Аллахтын силерге көрсөткөн жакшылыктарын эстегиле. Ошондуктан, Аллахтан корккула, момундар Аллахка тобокел[8] кылышсын.

**12.** Ырасында, Аллах Исраил урпактарынын убадасын алган, аларга он эки башчы жиберип, Аллах: «Мен силер менен биргемин, эгер намаз

---

1 Дандан, жер-жемиштер, сүттөн жасалган тамактар, кыскасы эт азыктарынан башкалары

2 Никесиз жыныстык катнаш, ойноштук

3 Масх тарткыла

4 Толук дааратсыздык абалы: Түшүркөө, айалы менен кошулуу, же айалдын төрөт, этек кир сыйактуу абалдары («жунуп» - б.а. «булганыч» абалдар деп эсептелет)

5 Бой даарат (гусул даарат) алгыла

6 Тайамум, б.а. топурак менен даарат алуунун жолу башка фикх китептерде кеңири айтылган

7 Каңдайдыр бир нерсе, же адамдын иши тууралуу күбөлүк берген кезиңерде жалган айтпай, Аллахтан коркуп, чындыкты гана айткыла!

8 Аллах Таалага гана тайануу

окусаңар, зекет берсеңер, элчилериме ыйман келтирип, аларга жардам берсеңер жана Аллахка көркөм карыз[1] берсеңер, албетте, силердин жамандыктарыңарды жойуп, алдынан дарыйалар агып туруучу Бейиш бактарына киргиземин. Мындан ары силерден бирөө (айаттарыма) каршы чыкса, ал - Туура жолдон адашкан болот[2]», - деди.

13. Ошондо алар (Аллахка берген) убада-шерттерин бузушкандыктан аларды каргышка калтырып, жүрөктөрүн катырып[3] салдык. Алар (Тоораттагы Аллахтын) сөздөрүнүн ордун[4] алмаштырып, аларга жиберилген насыйатты унутушту. [5]Сен алардын өтө азынан башкасынын кыйанаттыгына (мындан ары да) такай учурап турасың[6]. Бирок сен аларга кечирим берип, жайына кой[7]. Аллах - жакшылык кылгандарды сүйөт!

14. (Биз) «христианбыз» дегендерден да ант алганбыз. Анткен менен алар да (Инжилде) айтылган эскертүүлөрдүн бир бөлүгүн унутушту. Ошондуктан алардын ортолоруна Кыйаматка чейин (созулуучу) душмандыкты, кекти салып койдук. Аллах алар эмне жасап жаткандарынан жакында кабар берет[8]!

15. Эй, китеп ээлери! Силер китептердеги[9] жашырган нерселериңерди ачык түшүндүрө турган пайгамбар келди, ал көп нерселер[10] тууралуу унчуккан жок[11]. Силерге Аллахтан ачык нур, айкын Китеп[12] келди.

16. Ким Аллахтын ыраазычылыгына умтулса, ошону тынчтык жолуна багыттайт. Ал Өз каалоосу менен аларды караңгылыктан жарыкка алып чыгат жана түз жолго салат.

17. «Марйам уулу Масих (Иса) бул - Кудай» - деп айткандар каапырлар. Эгер Аллах Марйам уулу Масихти[13], анын энесин жана бүткүл жер бетиндегилерди кошуп жок кылса, ким Аллахка тоскоол боло алат?! Асмандар менен жердегилердин жана экөөсүнүн ортосундагылар-

---

1 Аллах Таала жолунда мал-мүлкүңөрдү сарптасаңар

2 Түп нускада: «Жолдун ортосунан тайган болот«

3 Таш кылып салдык

4 Башка, өздөрүнүн пенделик сөздөрү менен

5 Эй, Мухаммед!

6 Кийин сенин үммөттөрүң да учурашат. Бирок, билип койушсун: Аллах Тааланы жеңүү эч качан мүмкүн эмес!

7 Согушта колго түшүп, ыйман келтирип, же кечирим сурашып, чөгөлөгөн учурларда

8 Жазалайт

9 Тоорат, Забур, Инжилдеги

10 Силер элге айтпай, жашырган

11 Атайылап, Аллах Тааланын эрки менен

12 Куран

13 Куранда Иса пайгамбар «Масих» деп да аталат. «Масих» - «сылоочу» дегенди билдирет. Анткени Иса (а.с.) адамдарды сылоо менен айыктырган

дын үстүнөн бийлик жүргүзүү - Аллахка гана таандык. Ал каалаганын жаратат. Аллах - бардык нерсеге Кудуреттүү.

18. Иудейлер менен христиандар: «Биз Аллахтын уулдары жана сүйүктүүлөрүбүз»,- дешет. Аларга: «Анда, Аллах күнөөңөрдөн улам силерди эмне үчүн азаптап жатат?! Жок! Силер Ал жараткан башка элдердей эле адамсыңар. Ал кимди кааласа жазалап, кимди кааласа кечирет. Асмандар менен жердегилердин жана экөөсүнүн ортосундагылардын үстүнөн бийлик жүргүзүү - Аллахка гана таандык. Кайтуу - Ага гана (таандык)!» - дегин.

19. Эй, китеп ээлери! «Бизге кубантуучу жана эскертүүчү келбеди», - дебешиңер үчүн элчилердин арасы үзүлгөндөн кийин[1] силерге элчибиз[2] келген. Чындыгында, силерге кубантуучу жана эскертүүчү келди. Аллах бардык нерсеге Кудуреттүү!

20. Бир кездерде Муса өз элине: «Эй, элим! Аллахтын силерге берген жакшылыктарын унутпагыла! Өз араңардан пайгамбарларды чыгарып, силерди падыша кылды. Ошондой эле силерге ааламда эч кимге берилбеген жакшылыкты берди.

21. Эй, элим. Аллах силерге буйруган касиеттүү жерге[3] киргиле. Артыңарга кайтпагыла. Анткени зыянга учурагандарга айланасыңар», - деп айтты.

22. Алар: «Эй, Муса, ал жерде каардуу эл бар да. Алар ал жерден чыкмайынча биз ага кирбейбиз. Качан алар (ал шаардан) чыкса, ошондо биз киребиз», - деп айтышты.

23. Аллахтан корккон жана (Аллах) жакшылыкка бөлөгөн эки такыба адам аларга: «Эшиктен киргиле. Кирсеңер эле жеңишке жетесиңер! Эгер ыймандуу болсоңор, анда Аллахка гана тобокел кылгыла», - дешти.

24. Алар[4]: «Эй, Муса, алар ал жерде турганда эч качан кирбейбиз» Бар, сен Эгең[5] экөөң согуша бергиле, биз болсо ушул жерде олтуруп турабыз!» - дешти.

25. (Муса): «Оо, Эгем! Мен өзүмө жана агама гана өкүмүм өтөт. (Сен Өзүң) бул бузуку эл менен[6] биздин арабызды алыстата көр!»- деп айтты.

26. (Аллах): «Чындыгында, эми алардын ал жерге кирүүсүн кырк жылга

1 Исадан (а.с.) кийин Мухаммед (а.с.) чейин 60. жылга жакын убакыт өткөн, ушул узак мезгил аралыгында христианчылык мурдагы түрүнөн абдан өзгөрүп кеткен болчу

2 Мухаммед (а.с.) тууралуу айтылууда

3 Шам өлкөлөрү (Сирийа, Палестина, Иорданийа)

4 Иудейлер (еврейлер)

5 Аллах Таала экөөң дегени

6 Иудейлер менен

арам кылды. Алар жер жүзүндө тентип калышат. Андыктан сен (бул) бузуку элге[1] кайгырба» (деди Мусага).

**27.** Адамдын эки уулунун курмандыктары тууралуу чындыктуу байанды айтып бер. Алардын биринин курмандыгы (Аллах тарабынан) кабыл кылынды да, экинчисиники кабыл кылынган жок. Ошондо ал[2]: «Сөзсүз мен сени өлтүрөм!» - деди. Ал[3]: «Чындыгында, Аллах такыбалардан[4] гана кабыл кылат!» - деди[5].

**28.** «Эгер сен мени өлтүрүү үчүн кол көтөрсөң да, мен сени өлтүрүүгө кол өтөрбөймүн. Мен ааламдардын Эгеси Аллахтан коркомун.

**29.** Мен, менин жана өзүңдүн күнөөңдү мойнуңа жүктөлүшүн, сенин Тозок элинен болушуңду каалаймын. Заалымдардын жазасы - ошол!» (деди).

**30.** Аны көңүлү агасын өлтүрүүгө азгырды да, аны өлтүрдү. Өзү зыйанга учуроочулардан болду.

**31.** Ошондо Аллах ага бир тууганынын өлүгүн жашырууну көрсөтүү үчүн жиберген карга жерди каза баштаганда: «Аттиң, мага эмне болду?! Тууганынын денесин көмгөн каргачалык болбодум[6]», - деп өкүнүүчүлөрдөн болуп калды.

**32.** Ошол себептүү, Биз Исраил урпактарына (тиешелүү мыйзамга): «Ким акысыз адам өлтүрүп, же жер жүзүнө бузукулук таратса, анда ал бардык адамдарды өлтүргөнгө тете. Ал эми кимде-ким адам өмүрүн сактаса, ал бардык адамдардын өмүрүн сактап калганга тете», - деп жаздык. Чындыгында, аларга Биздин элчилер ачык далилдер менен келишти. Бирок андан кийин деле алардын көпчүлүгү жер жүзүндө чектен чыгуучулардан болушту.

**33.** Чындыгында, Аллах жана Анын элчисине каршы согушкандардын, жер жүзүндө бузукулук иштерди жасап жүргөндөрдүн жазасы - алар өлтүрүлөт, асылат, же колу-буттары кайчылаш кесилет, же мекенинен куулуп чыгарылат. Бул - алардын бул дүйнөдөгү жазасы, ал эми Акыретте улуу азап (бар),

**34.** бирок, силердин күчүңөр жетүүдөн[7] мурда тообо кылгандарына (андай

---

1 Боор ооруп, аларды айап

2 Курмандыгы кабыл болбогон уулу

3 Курмандыгы кабыл болгону

4 Такыбалардын курмандыгын гана

5 Адам Атанын Кабыл жана Абыл деген эки уулу болгон. Кабылы өзү жаман көргөн нерсесин, Абыл болсо өзү эң жакшы көргөн нерсесин Аллах Таала үчүн курмандыкка чалат. Ошентип Абылдын курмандыгы кабыл болуп, Кабыл ичкүптүлүк, ичитардык жана көралбастыктан улам оз бир тууганын өлтүрөт

6 Бир тууганымдын денесин жерге жашыра албадым

7 Бирөөгө зомбулук кылуудан мурда, тообо кылып, ал жаман ойуңардан кайтсаңар

катаал жаза жок). Билгиле, Чындыгында, Аллах - Кечиримдүү, Мээримдүү.

35. Эй, ыйман келтиргендер! Аллахтан коркуп, Ага жакындоо жолдорун[1] издегиле жана эки дүйнөдө кутулууңар үчүн Анын жолунда күрөшкүлө!

36. Каапырлар жер жүзүндөгү бардык нерсесин жана аны менен кошо дагы да ошончо байлыгын Кыйамат Күнүнүн азабынан (кутулуу үчүн) төлөм катары беришсе да, (төлөм) алардан кабыл кылынбайт. Аларга жан чыдагыс азап (бар).

37. Алар Тозоктон чыгууну каалашат. Бирок чыгарылбайт. Алар үчүн - бүтпөс азап (бар).

38. Эркек ууру жана айал уурунун кылмыштарынын жазасы - алардын колун кескиле. Бул - Аллахтын жазасы! Аллах - Мартабалуу, Даанышман.

39. Кимде-ким зулум кылган соң, тообо кылып, жакшылык иштерди жасаса, Аллах аларды кечирет. Чындыгында, Аллах - Кечиримдүү, Боорукер!

40. Асмандар менен жердин ээлиги Аллахка таандык экендигин билбедиңби? Ал каалаганын азаптап, каалаганын кечирет. Аллах - бардык нерсеге Кудуреттүү!

41. Эй, Аллахтын элчиси[2]! Каапырчылыкта жарышкандар жана тил учунан: «Ыйман келтирдик»- деп жүрөктөрү ишенбегендер[3] сени кайгыга салбасын. Иудейлердин арасында жалганды (абдан берилип) уккандары бар. Алар эч качан сага келбеген адамдардын сөзүн (ишенип) угушат. Алар сөздүн ордун алмаштырышып: «Эгер силерге ушул нерсе берилсе[4] аны алгыла, ал эми берилбесе сак болгула», - дешет. Аллах кимдин адашуусун кааласа, аны Аллахтан эч ким коргоп кала албайт. Алар - жүрөктөрүн Аллах тазалоону каалабаган адамдар. Аларга дүйнөдө шерменделик, Акыретте улуу азап (бар).

42. Алар - жалганга кулак салып, арам нерсеге соргок болгондор. Эгер алар сага (даттанып) келишсе, ортолорундагы маселе бойунча (шарийатка ылайык) өкүм чыгар, же алардан жүз үйүр. Сен алардан бет бурсаң деле алар сага эч бир зыйан кыла алышпайт. Эгер алардын ортосунда[5] өкүм чыгарсаң, адилеттүүлүк менен өкүм чыгар. Акыйкатта, Аллах - адилеттүүлөрдү сүйөт.

---

1 Мойун сунуу аркылуу

2 Мухаммед (а.с.)

3 Иудейлердин

4 Иудейлер Курандагы өздөрүнүн напсисине дал келген жерлерин алып, адам колу менен өзгөртүүлөргө дуушар болгон Тооратка, же өз напсилерине дал келбесе, аны пайдаланбоону Мухаммед (а. с.)га сунуш кылышкан

5 Алардын ортосуна жаралган талаштуу маселе бойунча

**43.** Алардын алдында Аллахтын өкүмү Тоорат турса, кантип алар сага баш ийгиси келсин? Бирок баш ийсе деле кийин алар баарынан баш тартышат жана чындыгында эле алар - ыймандуулардан эмес.

**44.** Чындыгында Биз Тооратты түшүрдүк. Анда Нур жана Туура жол бар. Аллахка мойун сунган пайгамбарлар аны менен өкүм кылат жана Аллахтын Китебин коргоого милдеттендирилген «Ал-роббанийлер[1]» жана «ал-ахбаарлар[2]», ушуну менен өкүм кылат. Алар ага күбөгө өтүшөт. Адамдардан коркпогула, Менден корккула жана Менин айаттарымды арзыбас баага сатпагыла. Кимде-ким Аллахтын түшүргөнү менен өкүм кылбаса, мына ошолор - каапырлар.

**45.** Анда[3] аларга: жанга - жан, көзгө - көз, мурунга - мурун, кулакка - кулак, тишке - тиш жана жараатка да тең келген өч алуу жаздык. Кимде-ким[4] анын кунун кечсе, ал күнөөдөн тазартылат. Ошондуктан, кимде-ким Аллахтын түшүргөнү менен өкүм кылбаса, мына ошолор - заалымдар.

**46.** Пайгамбарлардын жолу менен (жүрүп), өзүнүн алдындагы Тооратты тастыктоочу кылып Марйам уулу Исаны жибердик. Ага ишинде тууралык, нур болгон алдындагы Торатты тастыктоочу, ошондой эле сактануучулар үчүн Туура жол, насыйат түрүндө Инжилди бердик.

**47.** Инжил ээлери андагы Аллахтын түшүргөнү менен өкүм кылышсын. Кимде-ким Аллахтын түшүргөнү менен өкүм кылбаса - ошолор бузукулар.

**48.** Биз сага Китепти чындык менен андан мурдагы китептерди тастыктоочу, аларга күбө болуучу катарында түшүрдүк. Алардын ортолорунда Аллахтын сага түшүргөнү менен[5] өкүм кыл. Өзүңө келген чындыктан ажырап, алардын тилине кирбе. Силердин ар бириңер үчүн бир жол-жобо (жазып) койдук[6]. Эгер Аллах кааласа баарыңарды бирдей коом кылып коймок. Бирок жиберилген жол-жоболор аркылуу силерди сынамакчы[7]. Жакшылык иштерде жарышкыла. Барар жериңер - Аллахтын алды. Ал силердин талашкан нерсеңерден кабар берет.

**49.** Алардын ортолорунда Аллахтын сага түшүргөнү менен өкүм кыл. Алардын каалоолорун[8] ээрчибе. Сага Аллах түшүргөн кээ бир өкүмдөрдү алардын бузуусунан сак бол. Алар жүз үйүрүшсө, аларды

1 Иудей дининин аалымдары

2 Иудей дининин шарийатын мыкты билгендер

3 Тооратта

4 Жандын, же жаракаттын кунун

5 Куран менен

6 Шариат, эреже

7 Маселен, ким мусулман болуп өмүр кечирет, ким каапырлыкты тандап алат - ал ар кимдин өз иши

8 Алардын көңүлү каалаган нерселерди

Аллах күнөөлөрү себептүү кайгыга учуратууну каалайт деп билгин. Чындыгында, адамдардын көпчүлүгү бузукулар.

**50.** Алар наадандык доорунун өкүмдөрүн издешеби? Анык ыйманга келген эл үчүн Аллахтан жакшы өкүм чыгаруучу ким?!

**51.** Эй, момундар. Иудейлер менен христиандарды дос тутпагыла! Алар бири- бири менен дос. Силерден ким алар менен достошсо, анда ал - алардан[1]. Аллах заалым (адилетсиз) коомду туура жолго баштабайт.

**52.** Жүрөктөрүндө дарты[2] бар мунафыктардын (эки жүздүүлөрдүн): «Бизге бир балээ келишинен коркобуз», - деп алардын арасында[3] чуркап жүргөндөрүн көрөсүң. Аллах (мусулмандарга) бир жеңиш берген, же Өзү тараптан бир буйрук келген кезде алар жүрөктөрүндө жашыргандарына өкүнүшөт.

**53.** Ыйман келтиргендер: «Силер менен биргебиз!» - деп Аллахтын аты менен мыкты ант бергендер ушулар эмес беле[4]? - деп айтышат. Алардын амалдары жойулуп, зыйанга учуроочулардан болушту.

**54.** Эй, момундар! Силерден кимде-ким дининен чыкса (алардын ордуна) Аллах жакшы көргөн, алар да Аллахты жакшы көргөн коомду жаратат. Алар момундарга жумшак, каапырларга катуу (болушат). Аллах жолунда согушуп, жемелөөчүлөрдүн[5] жемесине калуудан коркушпайт. Бул - Аллахтын жакшылыгы. Аны Өзү каалаганына берет. Аллах - Кең Пейил, Билүүчү!

**55.** Чындыгында, силердин досуңар - Аллах жана Анын элчиси, намазды толук аткарып, зекет берген, рүкү кылуучу[6] момундар.

**56.** Кимде-ким Аллахты, Анын элчисин жана момундарды дос тутса - чындыгында, Аллахтын тобу - ошолор жеңишке жетүүчүлөр.

**57.** Эй, ыйман келтиргендер! Силерден мурда китеп берилгендерден силердин диниңерди шылдыңдап, ойун кылгандарды жана каапырларды дос тутпагыла. Эгер момун болсоңор - Аллахтан корккула.

**58.** (Аларды[7]) намазга чакырсаңар[8] аны ойун көрүп, келекелешет. Бул - алардын акыл калчабаган эл экендигинен улам.

---

1 Анда ал Кыйаматта ошолор менен чогуу азапталат

2 Дилинде Исламга болгон кеги, кара ниети, арам ойу болгон Абдулла ибну Убай сыйактуулар...

3 Мусулмандардын арасында жүргөнү менен, же тигилер (иудейлер жана христиандар), же булар (мусулмандар) менен болуу зарылдыгына акылдары жетпей, арсар абалда жүрүшөт. Анткени мунафыктардын ыйманы жок...

4 Момундар ошондо мунафыктардын бети ачылган абалдарына таң калышат...

5 Каапырлардын, мунафыктардын, мушриктердин, сөлөкөткө табынгандардын

6 Кошумча (напил) намаз окуучу момундар

7 Каапырларды...

8 Азан айтсаңар

59. «Эй, китеп ээлери. Бизди Аллахка жана өзүбүзгө, ошондой эле бизден мурдагыларга түшүрүлгөнгө ыйман келтиргенибиз үчүн келекелеп жатасыңарбы? Чындыгында, силердин көпчүлүгүңөр - бузукулар!» - дегин.

60. «Силерге Аллахтын алдында мындан да оор жаза бар экендиги тууралуу кабар берейинби?» - деп айткын. Аллахтын каргышына жана каарына калгандардын айрымдарын (Аллах) маймылга, чочкого айландырган жана алар Таагутка[1] сыйынгандар. Мына ошолордун жайы жаман жана Туура жолдон адашкандар!

61. Алар силерге келип: «Ыйман келтирдик!» - деп айтышат. Чындыгында, алар каапырлык менен кирип, каапырлык менен чыгышты[2]. Алар дилинде жашырганды Аллах жакшы Билүүчү.

62. Сен алардын бири-бири менен күнөөдө, бири-бирине душмандык кылууда, арам кылынган нерселерди жегенде шашылганын көрөсүң. Чындыгында, алар кылып жаткан иш - кандай жаман!

63. Аларды иудей ибадатчылары жана аалымдары күнөө сөздөрдөн, арамды жештен тыйышпайбы? Чындыгында, алардын иши - кандай жаман!

64. Иудейлер: «Аллахтын колу байлануу[3]», - дешти. Ошол айткан сөздөрү үчүн алардын колу байланып, каргышка калышты. Жок! Аллахтын колу ачык. Ал каалагандай сарптайт. Эгең тараптан сага түшүрүлгөн[4], алардын көпчүлүгүн чектен ашырып, каапырлыгын арттырат. Алардын арасына Кыйаматка чейин душмандыкты, кектешүүнү жараттык. Ошондуктан, ар качан алар согуш үчүн от тамызса, Аллах аны өчүрүп койот. Алар жер үстүндө бузукулук кылууга умтулушат. Аллах - бузукуларды сүйбөйт.

65. Эгер китеп ээлери ыйман келтиришип, такыба болушса, албетте, күнөөлөрүн кечирип, аларды ырахат бактарына[5] киргизмекбиз.

66. Эгер алар Тооратты жана Инжилди[6] жана Аллахтан түшкөн нерсени[7] аткарышканда, анда ар тарабынан ырыскыга бөлөнүшөөр эле. Алардын арасында адилеттүү-каниеттүүлөрү да бар[8]. Анткен менен алардын көпчүлүгүнүн жасаган иши - жаман.

---

1 Таагутка - Шайтанга. Иудейлер же мушриктер сыйынган торпок, буд-сөлөкөттөр ж.б.у.с. Аллах Тааладан башка нерселерге сыйынуу...

2 Б.а. алар каапыр бойунча «ыйман келтирдик» дешип жалган айтышып, кийин да ошол каапыр бойунча кала беришкен: дилдеринде эч өзгөрүү болгон эмес.

3 Иудейлер «сараң» деген маанини айткысы келишкен

4 Куран

5 Бейишке

6 Тоораттын, Инжилдин ичиндеги Аллахтын буйруктарын аткарышканда

7 Курандагы буйруктарды

8 Абдулла ибн Салам жана анын жолдоштору сыйактуу (Тафсир ал-Жалалайн)

67. Эй, элчи! Сага Аллахтан түшкөн нерсени[1] аларга жеткир! Эгер сен антпесең, анда Анын элчилигин аткарбаган болосуң. Аллах сени ал адамдардан коргойт. Чындыгында, Аллах - каапыр элди (туура жолго) багыттабайт.

68. «Эй, китеп ээлери! Инжил, Тооратты жана Эгеңер тараптан түшүрүлгөндү[2] толук аткарганга чейин, силердин эч нерсеңер (тайанар колдоочуңар) жок». Андыктан сага түшүрүлгөн Китеп алардын көбүнүн адашуусун, каапырлыгын арттырат. Каапыр коом үчүн (айап) кайгы тартпа.

69. Чындыгында, ыйман келтиргендер, иудейлер, сабийлер[3] жана христиандардан Аллахка, Акырет Күнүнө ыйман келтирип, жакшы иштерди жасаса, ошолорго коркунуч болбойт жана алар кайгырышпайт[4].

70. Исраил урпактарынан убада алып, аларга элчилерди жиберген элек. Качан элчи келип, алардын көңүлдөрү каалабаган нерсени (келтирсе) айтса, анын айрымдарын жалганга чыгарып, айрымдарын өлтүрүшкөн.

71. Алар өздөрүнө балээ келбейт[5] деп ойлошуп, (Аллахтын айаттарына) сокур, дүлөй болуп алышты. Аллах алардын тооболорун кабыл кылды. Андан кийин дагы көпчүлүгү сокур, дүлөй[6] болуп алышты. Аллах алардын эмне кылып жатканын Билүүчү!

72. Чындыгында, Марйам уулу Масихти «Аллах[7]» дегендер каапыр болушту. Акыйкатта, Масих: «Эй, Исраил урпактары! Менин Эгем жана силердин да Эгеңер болгон Аллахка сыйынгыла! Ким Аллахка шерик кошсо, Аллах ага Бейишти арам кылды. Анын жайы - Тозок оту. Ошондой эле, заалымдарга жардамчылар жок!» - деп айтты.

73. Чындыгында: «Аллах үчөөнүн үчүнчүсү», - дегендер каапырга айланышты. Бир Аллахтан башка Кудай жок. Эгер алар бул айткандарынан тыйылышпаса, алардан каапырларды оорутуучу азап кармайт .

74. Аллахка тообо кылып, кечирим сурашпайбы? Аллах - Кечиримдүү, Мээримдүү!

75. Марйам уулу Масих (Иса) элчи гана. Андан мурун да элчилер өткөн. Анын энеси - чынчыл. Экөөсү тең тамак жешчү[8]. Карачы[9]: Аларга бел-

1 Курандын айаттарын жана алардын маанилерин

2 Курандын айаттарындагы буйруктарды

3 Жылдыздарга сыйынган христиандар

4 Кыйаматта

5 Пайгамбарларды «жалганчы» дешип, аларды өлтүрүшкөнү үчүн кырсык келбейт деп

6 Курандын айаттарын окуп, укпай койушту

7 Кудай

8 Б.а. периште эмес, эл сыйактуу эле

9 Эй, Мухаммед!

гилерибизди кандайча байан кылдык. Алар дагы (акыйкаттан) кайакка бурулушат?

**76.** «Аллахтан башкага - силерге зыйан да, пайда да келтире алалбай турганга[1] баш ийесиңерби? Чындыгында, Аллах - Угуучу, Билүүчү!» - деп айткын[2].

**77.** «Эй, китеп ээлери! Диниңерде чындыксыз чектен ашпагыла, мурдагы чыныгы жолдон адашкан жана көптөгөн адамдарды адаштырган, ошондой эле Туура жолдон тайган коомдун кызыкчылыгын ээрчибегиле».

**78.** Исраил урпактарынан каапыр болгондор Дауд жана Марйам уулу Исанын тили аркылуу каргышка калышты. Ал каапырлыктарынан жана чектен аша чапкандыктан улам (болду).

**79.** Алар бири-бирин жасаган жамандыктарынан тосушчу эмес. Чындыгында, алардын жасаган иштери кандай жаман!

**80.** Алардын көпчүлүгүнүн каапырларды дос тутканын[3] көрөсүң. Аллахтын каарына кабылып, азапта түбөлүккө калгандыктан, алардын өздөрү үчүн дайардаган нерселери[4] кандай жаман!

**81.** Эгер алар Аллахка, Анын пайгамбарына жана ага түшүрүлгөнгө[5] ыйман келтиришкен болсо, алар (каапырларды) дос тутушмак эмес. Бирок алардын көпчүлүгү бузукулар.

**82.** Момундарга адамдардан эң катуу душман - иудейлер жана мушриктер[6] экенин табасың. Момундарга баарынан жакыныраак дос болгон: «Биз христианбыз[7]» - дегендерди да табасың. Анткени алардын арасында[8] билимдүүлөрү жана кечилдери бар, алар[9] текеберленишпейт.

**83.** Алар элчиге түшүрүлгөндү (Куранды) уккан кезде чындыкты мойунга алгандарынан улам, көздөрү жашка толгонун көрөсүң. Алар: «Оо, Эгебиз! Ыйман келтирдик! Бизди күбө болуучулар менен чогуу жаза көр», - дешет.

**84.** «Аллахка жана өзүбүзгө келген Чындыкка (Куранга) эмне үчүн ишенбейбиз? Эгебизден жакшы (такыба) элдер менен бирге кылуусун үмүт кылабыз», - деп айтышат.

---

1 Сөлөкөттөргө

2 Эй, Мухаммед!

3 Тыгыз мамиледе болушканын

4 Тозок азабы

5 Куранга

6 Кудайга шерик кошушкандар

7 Исанын динин өзгөртпөгөн чыныгы христиандар

8 Ислам динин терең түшүнгөн

9 Чыныгы христиандар

**85.** Аллах аларга бул себептеринен улам алдынан дарыйалар аккан, түбөлүккө (аларга) кала турган Бейиш бактарын[1] белек кылат. Бул - жакшылык кылуучулардын сыйлыгы.

**86.** Айаттарыбызды жалганга чыгарып, каапыр болгондор - алар Тозок ээлери.

**87.** Эй, момундар! Аллахтын силерге адал кылган жакшы нерселерин арамга чыгарып, чектен ашпагыла! Акыйкатта, Аллах чектен ашуучуларды сүйбөйт.

**88.** Аллахтын силерге берген адал, таза ырыскысынан жегиле. Өзүңөр ыйман келтирген Аллахтан корккула.

**89.** Аллах деле жөн жай гана айтылган[2] анттарыңар үчүн жазалабайт. Бирок, билип туруп айткан антыңар үчүн (Кыйаматта) жооп бересиңер[3]. (Эгер антыңарды бузсаңар) анын төлөмү - үй бүлөңөрдү тамактандыра турган орточо эсептеги тамак менен он кедейди тойгузуу жана аларды кийиндирүү, же бир кулду азаттыкка чыгаруу. Эгер муну аткара албаса үч күн орозо тутуу (керек). (Бузган) антыңардын жазасы - мына ушундай. Антыңарды сактагыла[4]! Аллах силерге айаттарын ушинтип байан кылат. Мүмкүн силер шүгүр кылаарсыңар.

**90.** Эй, момундар! Арак, кумар, (сыйынуу үчүн) орнотулган таштар[5] жана жаанын огу менен төлгө тартуу - шайтандын ыплас иштери. Андан сактангыла! Мүмкүн кутулаарсыңар.

**91.** Чындыгында, шайтан аракта, кумарда ортолоруңарга душмандык жана кек салып, Аллахты эскерүүдөн жана намаздан тосууну каалайт. Ошондой болсо да тыйылбайсыңарбы?!

**92.** Аллахка, Анын элчисине мойун сунуп, сак болгула. Эгер жүз үйүрсөңөр, анда, билгиле, - элчибиздин милдети ачык түрдө[6] жеткирүү гана.

**93.** Ыйман келтирип, жакшы иштерди жасагандар, (күнөөдөн) сак болуп, андан соң чынчыл жана такыба болушса, мурунку[7] жегендери күнөө эмес. Аллах - чынчылдарды[8] жакшы көрөт.

**94.** Эй, ыйман келтиргендер! Аллах Өзүнөн кимдин купуйа коркоорун аны-

---

1 Бейишти

2 Чын дилиңерден чыкпаган

3 Эгер берген антыңарды бузсаңар, аткарбасаңар, баш тартсаңар

4 Жөнү жок эле Аллах Тааланын атын антка кошо берүү дурус эмес экенин Аллах Таала «Ваакиа» сүрөсүндө эскерткен. Ал эми бул жерде ант ойунчук эмес экенин, ант ичкенде да ойлонуп, анан бузууга туура келсе, анда эмне кылуу керектиги байандалып жатат.

5 Буд-сөлөкөттөр

6 Курандын маани-маңызын, Тозок, Бейиш кабарын

7 Мурда билбей жегендери

8 Чынчылдык менен жакшылык кылуучу мусулмандарды

ктоо үчүн силер ихрамда[1] колуңар жана найзаңар жетип турган (жакындыктан) аңчылык аркылуу[2] силерди сынайт. Ким бул (шартты бузуп) чектен чыкса, ага оорутуучу азап бар.

**95.** Эй, момундар! Силер ихрамда аңчылык жаныбарларын өлтүрбөгүлө. Кимде-ким атайлап өлтүрсө, анын жазасы - өлтүргөнүндөй бир жаныбар[3] (курмандык). Аны силерден эки адилеттүү киши өкүм кылып, Каабага жеткирилет. Же кедейлерди тойгузат, же болбосо анын ордуна орозо тутат. Бул - өзү жасаган жазасын тартуу үчүн. Аллах - өткөндү[4] кечирди. Ким (тообо кылгандан кийин да) кайра кайталаса, Аллах аны жазалайт. Аллах - Мартабалуу, өч алууга Кудуреттүү!

**96.** Силерге деңиз аңчылыгы жана аны[5] жеш адал кылынды. Ал силерге жана жолоочуларга пайдалуу. Силерге ихрамда болгон мезгилиңерде кургактыктын аңы арам кылынды. Өз алдына (сөзсүз) чогултуучу Аллахтан корккула!

**97.** Аллах ыйык Үй - Каабаны адамдар үчүн тайаныч[6], ошондой эле ыйык айды, курбандыкты жана асылмаларды[7] да (тайаныч кылды)[8]. Муну Аллах, албетте, асмандар менен жердеги нерселерди билээрин жана Ал - бардык нерсени Билүүчү экенин[9] силер билишиңер үчүн (жасады).

**98.** Билгиле, акыйкатта, Аллах - катуу Азаптоочу жана да Аллах - Кечиримдүү, Мээримдүү!

**99.** Элчиге [10]жеткирүү гана (милдеттендирилген). Аллах купуйа иштериңерди да, жарыйа иштериңерди да билип турат.

**100.** Арам нерсенин көптүгү сени кызыктырса да, ыплас менен таза тең

---

1 Ихрам кийип жүргөн кезиңерде

2 Аңчылыкка мүмкүндүк түзүү аркылуу

3 Өлтүрүлгөн жаныбардын баасындагы бир үй жандыгын курбандыкка чалат

4 Аңчылык жаныбарын уруксатсыз өлтүрүп, бирок анан чын дилинен тообо кылган адамдын өткөн күнөөсүн

5 Деңиз жаныбарларын

6 Бул жерде «тайаныч» «тирек» деген маанини туйунткан сөз, сөздүн түз маансине караганда каймана маанисине көбүрөөк жакын: 1. Аллахка гана ибадат кылуунун туу чокусу болгон ажылык ошол жерде жасалып, күнөөлөр кечирилип, адам баласы руханий тайанычка, тирекке ээ болот; 2. Каабада жасалган 3 күндүк ибадат - мусулмандар үчүн Кыйаматтын оор сурагынын жеңил болушуна себеп болуп, бир күнү 5. миң жылга тете кыйын сурактан кутулуунун тайанычы.

7 Аллах жолунда курбандыкка чалынуучу жандыктардын мойнуна белги кылып, илип койгон кооздуктары

8 Буларды жетелегендер да тынчтыкта болушат

9 Аллах дүйнөдө болуп жаткан, мурда, кийин да болуучу нерселерди эң мыкты билип турган улуу касиетке эгедер экенин

10 Бейиш жана Тозок кабарын адамзатка

эмес[1]. Андыктан: «Эй акыл ээлери! Такыба болгула! Мүмкүн кутулаарсыңар!» - деп айт[2].

**101.** Эй, момундар! Айкын болсо өзүңөргө кайгы алып келүүчү нерселер тууралуу сурабагыла. Куран түшүрүлгөндө аны сурасаңар, билдирилет[3] . Аллах аны[4] кечти. Аллах - Кечиримдүү, Жумшак!

**102.** Чындыгында, силерден мурда бир коом да ушинтип сурап[5], кийин ага каршы чыгуучулардан болушкан.

**103.** Аллах «бахира[6]», «сааьиба[7]», васила[8]» жана «хам[9]» - деп (сөлөкөттөргө курмандык чалууну) буйурган эмес. Бирок каапырлар Аллах жөнүндө калп айтып, жалаа жабышты. Алардын көбү түшүнүшпөйт (караңгылар).

**104.** Аларга: «Аллах түшүргөн нерсеге (Куранга) жана элчиге келгиле», - дешсе, алар: «Бизге ата-бабаларыбыз тапкан нерсе[10] жетиштүү», - дешет. Алардын ата-бабалары эч нерсени[11] билишчү да эмес, Туура жолдо да эмес эле.

**105.** Эй, ыйман келтиргендер! Силер (Кыйаматта) өзүңөр үчүн жооп бересиңер[12]. Силер туура жолдо жүрсөңөр - адашкандар (каапырлар) силерге зыйан келтире алышпайт. Баарыңар Аллахка кайтасыңар. Ал силерге эмне кылганыңарды кабарлайт.

**106.** Эй, момундар! Силердин ажалыңар жетип, же силер жер кезип жүргөн кезде[13] өлүм кырсыгы келсе, осуйат айткан кезиңерде, ортоңордо өзүңөрдөн эки адилеттүү киши, же силерден башкалардан экөө (осуйатка) күбө болсун. Эгер бул күбөлөрдөн күмөн санасаңар, (күбө болуучу) экөөсүн намаздан кийин токтотуп, алардан: «Биздин жакын

1 Жакшылык менен жамандыктын акыретте ээлөөчү даражалары

2 Эй, Мухаммед!

3 «Пайгамбар айтып, түшүндүрүп берип жатпайбы» деген мааниде

4 Маанисиз суроолорду пайгамбарга берүү аркылуу жасаган майда күнөөңөрдү

5 Арабдар жахилийа (исламга чейинки) доордо айрым малдарды койо берип жиберүүнү - Кудайга кызмат кылуу деп жаңылыш түшүнүп, чындыгында сөлөкөттөргө сыйынышкан, наадандык кылышкан

6 Буд-сөлөкөттөргө арнап, сүтүн ичүүнү өздөрү арам кылып алышкан каймал төө

7 Буд-сөлөкөттөргө арнап минүүнү адамдар өздөрү арам кылып койушкан нар төө

8 Туут жылдарынын алгачкыларында эки ургаачы тайлакты, удаа тууган төөнү сөлөкөттөрүнө арнап иштетүүнү арам кылышкан

9 Буд-сөлөкөттөргө арнап, иштетүүнү арам кылган атан

10 Көп кудайга, сөлөкөттөргө табынуу

11 Аллах Тааланын чыныгы дин туууралуу

12 «Чакырсаңар, эскертсеңер да ыйман келтирбей койгон каапырлар үчүн силер жооп бербейсиңер»

13 Исламга чакыруу, же Аллах Таалага кызмат кылуу максатында эл аралап, жер кезип

тууганыбыз болсо да аны[1] акчага сатпайбыз, Аллахтын күбөлүгүн жашырбайбыз. Эгер жашырсак, анда күнөөкөр болобуз», - деген Аллахтын ысмы менен анттарын алгыла!

**107.** Эгер алар[2] күнөө кылышса, анда жакын, акылдуу туугандарынан эки киши алардын ордуна туруп: «Аллахтын ысмы менен берген күбөлүгүбүз ал экөөсүнүн күбөлүгүнөн аныгыраак. Биз чектен чыкпайбыз. Эгер андай кылсак заалымдардан болобуз», - деп ант ичишет.

**108.** Бул - алар чынчыл күбөлүк берүүлөрү үчүн, же алардын антынан кийин дагы башка анттын талап кылынбашы үчүн керек. Аллахтан корккула жана баш ийгиле. Аллах - бузуку коомду туура жолго баштабайт.

**109.** Кыйамат Күнү Аллах элчилерди жыйнап: «Силерден чакырыкка кандай жооп болду?» - дегенде, алар (пайгамбарлар): «Биздин эч бир кабарыбыз жок. Албетте, Сен Өзүң кайыпты Билүүчүсүң!» -дешет.

**110.** Ошондо[3] Аллах: «Эй, Марйам уулу Иса, сага жана энеңе берген жакшылыгымды эсте. Сени Жебреил аркылуу кубаттуу кылдым. Бешикте жана эрезеге жеткенде адамдарга сүйлөттүм. Сага китепти, даанышмандыкты, Тоорат менен Инжилди үйрөттүм. Менин буйругум менен балчык ылайдан куштун келбетин жасап үйлөгөнүңдө, Менин буйругум менен кушка жан кирди жана Менин буйругум менен тубаса сокурду, ала-пес оорусун айыктырдың. Ошондой эле Менин буйругум менен өлүктү (тирилтип) чыгардың. Исраил урпактарына көптөгөн далилдер менен келгениңде алардын каршы чыккандары - «Бул - ачык сыйкырчылыктан башка эч нерсе эмес», - дешкенде: «(Мен) сени алардан куткарып калдым», - деп айтат.

**111.** Анда, хаварийлерге[4]: «Мага жана элчилигиме ишенгиле!» - деп айтканыңда, алар: «Биз ишендик. Биздин мусулман болгонубузга күбө бол!» - дешти.

**112.** Хаварийлер: «Эй, Марйам уулу Иса! Эгең бизге асмандан бир дасторкон түшүрө алабы?» - дегенде ал: «Эгер ыйман келтирсеңер - Аллахтан корккула!»- деди.

**113.** Хаварийлер: «Биздин андан жегибиз келет. Жүрөктөрүбүз тынчтанып жана сенин бизге айтканың чындык экенин билип, анан ага күбө боluучулардан бололу!» - дешти.

**114.** Марйам уулу Иса: «Оо, Аллахм! Оо, Эгем! Бизге асмандан дасторкон түшүр. Оболку жана кийинкилерибизге майрам жана Сенден бир белги болсун. Бизге ырыскы бер. Сен ырыскы берүүчүлөрдүн эң мыктысысың!» - деди.

---

1 «Антыбызды«

2 Күбөлөр

3 Кыйамат Күнү

4 Исанын (а.с.) үммөттөрүнөн чыккан жардамчылар

115. Аллах: «Чындыгында Мен ал дасторконду силерге түшүрөмүн. Мына ошондон кийин кимде-ким каапыр болсо, Мен аны дүйнөдө эч кимди азаптабаган азап менен жазалаймын», - деди.

116. Аллах: «Эй, Марйам уулу Иса, адамдарга «Аллахты койуп, мени жана энемди кудай кылып алгыла» дедиңби?» - деп, сураганда Иса: «Оо, Аллахым! Сен Аруусуң! Тийиштүү болбогон нерсени айтуу мага дурус эмес. Эгер айткан болсом, Сен аны билмексиң. Менин ичимдегини Сен билесиң, мен болсо Сеникин билбеймин. Акыйкатта, Сен кайыптарды Билүүчүсүң!» - дейт.

117. «Силердин жана менин Эгем болгон Аллахка кулчулук кылгыла», - деп мага буйрулган нерсени гана аларга айттым. Мен алардын арасында болгон кезимде, аларга[1] көзөмөлчү болдум. Сен мени алып (чыгып) кеткениңде, аларга Өзүң Көзөмөлчү болуп калдың. Сен бардык нерсеге Күбө болуучусуң.

118. Эгерде Сен аларды азаптасаң, алар Сенин пенделериң. Ал эми аларды кечирсең, ырасында, Сен - Мартабалуу, Даанышмансың!

119. Аллах: «Бүгүн - чынчылдарга чынчылдыгы пайда бере турган Күн. Аларга алдынан дарыйалар агып туруучу бактар бар. Алар анда түбөлүкө калышат. Аллах алардан ыраазы болуп, алар да Аллахтан ыраазы болушат. Бул - улуу ийгилик!» -деп айтат.

120. Асмандар менен жер жана экөөсүнүн ортосунда бийлик - Аллахка (гана) таандык. Ал - бардык нерсеге Кудуреттүү!

# 6. АН'ААМ[2] СҮРӨСҮ

**Меккеде түшүрүлгөн Жүз алтымыш беш айаттан турат**

***Мээримдүү, Ырайымдуу Аллахтын аты менен***

1. Асмандар менен жерлерди жараткан жана караңгылык менен нурду жасаган Аллахка мактоолор![3] Каапырлар Аллахка башкаларды теңешет[4].

2. Ал силерди топурактан жаратып, андан соң ар бирине мөөнөттү[5] белгилеген. (Тирилүү) мөөнөтү да Анын алдында[6]. Анан силер дале шектенесиңер.

---

1 Хаварийлерге жана ошол коомго

2 Ан'аам - Үй жаныбарлары

3 Аллах Таала бул айатта Жаратканга болгон мамилени пенделерине көрсөтүп жатат

4 Жалгыз Аллах Тааланы гана даңазалап, ага гана сыйынышпайт

5 Өлүм мөөнөтүн

6 Өлгөндөн кийин экинчи ирет тирилүү мөөнөтү качан болору да Аллах Тааланын өзүнө

3. Ал Асмандар менен жердеги (жалгыз гана) Аллах. Ал силердин жашыргаңыңарды да, ашкереңерди да билип турат. Ал силердин эмне кылып жатканыңарды да билет.

4. Эгесинен аларга[1] кандай гана айаттар келбесин, алар андан жүз үйрүшөт.

5. Алар чынында, өздөрүнө келген маалда жалганга чыгарышты. Жакын арада аларга шылдыңдаган нерсеси жөнүндө кабар келет[2].

6. Биз аларга чейин канчалаган муундарды жок кылганыбызды алар көрүшкөн жокпу? Биз силерге бербеген нерселерди[3] жерде аларга бердик. Аларга асмандан мол жамгыр жаадырдык жана алардын алдынан дарыйаларды агыздык. Бирок Биз аларды күнөөлөрү үчүн ойрон кылдык жана алардын ордуна башка коомду жараттык.

7. Эгер Биз сага алар[4] колдору менен кармап көрүү үчүн жазуу жазылган кагазды[5] түшүрсөк, анда каапырлар: «Бул - кадимки эле сыйкыр», - деп айтышмак[6].

8. Алар: «Ага (Мухаммедге) периште түшүрүлбөппү?»[7] - дешет. А эгер Биз периште түшүрсөк, анда алардын тагдыры чечилип калган болор эле да, аларга мөөнөт берилмек эмес[8].

9. Эгерде Биз периштени жөнөтсөк, анда аны эркек келбетинде кылып, аларга окшоштуруп коймокпуз[9].

10. Сенден мурун да пайгамбарларды шылдыңдашкан. Ошентип, аларга келекелегендиктери себептүү азап түшкөн.

11. «Жер кыдырып көргүлө да, жалганга чыгаргандардын жыйынтыгы кандай болгонун карагыла», - дегин.

12. «Асмандар менен жердегилер кимге таандык?». «Аллахка таандык», -

---

маалым.

1 Мекке каапырлары.

2 Кыйамат Күнү, Акырет жашоосу, Каапырлардын зыйанга учуроосу жана акыры барып тозокко түшүүсү тууралуу.

3 Адамзат тарыхынан белгилүү болгондой, байыркы падышалыктар менен цивилизацийалардын көпчүлүгү материалдык өнүгүүнүн жогорку деңгээлине жетип, байлыктары ашып түшкөн кездерде адамдардын адеп-ахлактары, ыйманы төмөндөп, же жок болуп бузулууга бет алган. Андан соң Аллах Тааланын буйругу менен ойрон кылынган

4 Каапырлар

5 Ошол доорго таандык кагаз

6 Анткени бул дагы да шектүү болмок

7 Далил болуп

8 Алардын каапырлыктары себептүү жана башка да күнөөлөрү үчүн дароо эле кыйратууга периште, же периштелер жөнөтүлмөк жана буйрук кечиктирилбестен орундалмак!

9 Алардын көзүнө көргөзүү үчүн. Эгер периште адам кебетесинде аларга келсе, алар: «Бул кадимки биздей эле адам турбайбы?» - деп ага да ишенмек эмес

деп айт. Ал Өзүнө ырайымдуулукту[1] парз кылды. Акыйкатта, эч шексиз болуучу Кыйамат Күнүндө Ал силерди жыйнап алат. Өз жанына зыйан кылуучулар - алар ишенбегендер[2].

13. Ага түндө да, күндүзү да жашоочулар (баарысы) таандык. Ал - Угуучу жана Билүүчү.

14. «Асмандар менен жердин Жаратуучусу болгон Аллахтан башка бирөөнү мен өзүмө сыйынуучу кылып аламбы? Ал ырыскы берет. Өзү ырыскыга муктаж эмес», - деп айткын[3]. «Аллахка (шерик) кошпогон, Аллахка биринчи баш ийгендерден болууга буйрулдум», - деп айткын.

15. «Акыйкатта, эгер өзүмдүн Эгеме күнөөкөр болуп калсам[4] мен Улуу күндүн азабынан коркомун», - деп айт.

16. Ал Күндө ким азапка кириптер болбосо, чынында, Аллах аны Өз ырайымына алганы. Бул анык ийгилик.

17. Эгер Аллах сага кырсык жиберсе, андан Өзү гана куткара алат. А эгер Ал сага жакшылык жөнөтсө, Ал - бардыгына кудурети жетүүчү.

18. Ал Өз пенделеринин үстүнөн толук бийлик жүргүзүүчү. Ал - Даанышман, Кабардар.

19. (Эй, Мухаммед!): «Кайсы нерсе күбө болууда улугураак?!» - деп айт. «Силер менен менин ортомдо Аллах күбө. (Куран) жеткен адамдарды жана силерди эскертүүм үчүн мага бул Куран берилди. Силер Аллахтан башка да кудайлар бар деп кантип күбөлүк бере аласыңар?!» - дегин! «Мен күбөлүк бербеймин»[5], - деп айт. «Ал[6] жалгыз Аллах! Албетте, мен силер шерик кылып жаткан нерселерден алысмын», - дегин!

20. Биз Китеп тартуулагандар аны[7] өз балдарын тааныгандай эле таанышат. А өз жандарына жамандык кылгандар, алар ишенишпейт.

21. Аллахка жалганды жабыштыргандан[8], же Анын айаттарын жалганга чыгаргандан да ашкан заалым болобу?!

22. Биз алардын баарысын жыйнаган күнү Аллахка башка кудайларды шерик кылгандарга: «Силердин кудай деп ойлоп жүргөн шериктериңер кайда?», - деп айтабыз.

---

1 Пенделерине мээрим кылууну тагдырда белгилеп койгон. Хадис кудсийде Аллах Таала: «Менин мээримим, Менин каарыман артык», - деп айткан

2 Ыймансыздар

3 Эй, Мухаммед!

4 Буйругун аткарбай койсом

5 Мындай оор жалганды кубаттап

6 Жараткан

7 Мухаммед (а.с)ды, анткени алардын китебинде Мухаммед пайгамбардын сыпаттары толук жазылган

8 Аллах Таала айтпаганды айтты, - деп

23. Ошондо аларда эч бир шылтоо калбай, алар: «Эгебиз Аллахтын атына ант! Биз шерик кошкон эмеспиз», - дешет.

24. Алар өздөрүнө кантип жалган айткандарын жана алар ойлоп чыгаргандар кантип жоголгонун кара!

25. Алардын арасында сага кулак салып угуп туруучулары да бар. Бирок Биз алардын жүрөктөрүнө тосмо жасап, кулактарын дүлөй кылып салганбыз. Алар ар түрдүү белгилерибизди көрүп турушса да, аларга ишенишпейт. Качан алар сени менен талашканы келгенде, каапырлар: «Бул[1], албетте, байыркылардын жомогу гана!» - дешет.

26. Алар пайгамбарды ээрчүүдөн башкаларды тыйышат. Өздөрү да алысташат. Бирок алар өздөрүн өздөрү гана кыйратышканын сезбей да калышат.

27. Эгерде сен алардын оттун алдына тургузулганын көргөн болсоң: «Аттиң, биз кайра артка кайтарылсак, анда биз Эгебиздин айаттарын жалганга чыгарбас элек жана момундардын катарында болор элек», - дешет.

28. Жок, алар мурун эмнени жашырып келишкени айкын болду. Бирок алар артка кайтарылса, анда алар өздөрүнө тыйуу салынгандарга кайрадан эле барышмак. Анткени алар жалганчылар!

29. «Бул дүйнө жашоосунан башка жашоо жок. Өлгөндөн кийин кайра тирилбейбиз», - дешти.

30. Эгер сен алардын Эгесинин алдында тургузулганын көрсөң: «Бул[2] чындыкпы?» - деп сурайт[3]. Алар: «Ооба, Эгебизге ант ичебиз! (Бул чындык экен) - дешет. Ал: «Каапыр болгонуңар үчүн азабыңарды таткыла!» - дейт.

31. Аллах менен кездешүүнү жалган деп эсептегендер Кыйамат кокусунан келип калганда чындап зыйанга учурашат. Ошондо алар өздөрүнүн күнөөлөрүн өз аркаларына көтөрүп алышып, «кыскалык кылганыбызга аттиң-арман - бизге өкүнүч болсун» дешет. Көтөрүп жүргөндөрү (күнөөлөрү) кандай жаман жүк.

32. Бул дүйнө жашоосу ойун гана. Аллахтан корккондор үчүн Акырет жашоосу эң сонун. Эми акылыңарга келбейсиңерби?

33. Алар айтып жаткан кептер сени кайгыртып жатканын Биз билебиз. Чындыгында алар сени жалганчы деп билишпейт. Бирок заалымдар[4] Аллахтын айаттарын жокко чыгарышат.

34. Албетте, сенден мурун да элчилерди жалганчы дешкен. Алар мындай

1 Куран

2 Тирилүү

3 Аллах Таала

4 Адашкандар

жалааларга жана кысымдарга Биздин жардамыбыз келгенге чейин сабыр кылышкан. Аллахтын убадаларын эч нерсе өзгөртө албайт. Акыйкатта, сага элчилердин[1] кабары келди.

35. Эгер сага алардын жүз үйрүшү оор болуп жатса, эгер күчүң жетсе жерде тешик, асманга шаты табууга аракет кылып, аларга керемет алып кел. Эгер Аллах каалаган болсо, алардын баарын түз жолго чогултаар[2] эле. Наадандардан болбо!

36. Акыйкатта, угуп жаткандар кабылдоого жөндөмдүүлөр. Ал эми өлүк сыйактуу болгондор, Аллах аларды тирилтет жана алар Ага кайтып барышат.

37. Алар: «Эмне үчүн Эгесинен айат түшпөй жатат?» - дешет. (Аларга): «Аллах айат жөнөтүүгө күч-кубаттуу», - деп айт. Бирок, алардын көбү муну билишпейт.

38. Жер үстүндөгү айбанат жана канаттары менен учкан куш да силер өңдүү жандуулар[3]. Биз Китепте[4] эч нерсени (жазбай) таштап койгонубуз жок! Андан соң алар[5] өздөрүнүн Эгесинин алдында жыйналышат.

39. Биздин айаттарыбызды жалган деп эсептегендер караңгылыктагы дүлөй жана дудуктар. Аллах кимди кааласа жолдон чыгарат, кимди кааласа өзүнүн Туура жолуна салат.

40. «Кабар бергилечи, Аллахтан жаза келгенде, же Кыйамат болгондо эгер силер чынчыл болсоңор анда Аллахтан бөлөк кимди чакыра аласыңар?», - деп айт!

41. Ооба, силер Анын Өзүн гана чакырасыңар. Ошондо Ал эгер кааласа силер суранып жаткан нерседен[6] куткарат. А силер ошол кезде Ага шерик кылганыңарды да унутасыңар[7].

42. Биз сага чейин башка элдерге да алар жалбарышы үчүн жакырчылык менен ооруу жөнөткөнбүз.

43. Аларга Биздин азабыбыз жеткен кезде алар жалыныштыбы? Бирок, алардын жүрөктөрү карарып калган эле. А шайтан алардын кылгандарын кооздоп көрсөттү.

---

1 Пайгамбарлардын

2 Баштаар

3 Алардын баары силер өңдүү эле жаралат жана ырыскы берилет

4 Лавхул-Махфууз - тагдыр жазылган тактай (китеп)

5 Бардык жан-жаныбарлар жана адамдар

6 Зыйандан ж.б.у.с.

7 Качан адам пендесинин башына кандайдыр бир зор коркунуч, же балээ жеткенде, же өлүм келип алкымдап турган чакта өзүнүн Кудайга ишенбеген каапыр болгонуна карабастан, же Аллах Таалага шерик кошуп жүргөн сөлөкөткө табынган мушрик экенине карабастан ал акыйкатты таанып, мойнуна алууга аргасыз болот. Ошондо ал мүмкүн Кудайдан жардам да сурап жиберет. Демек, пенде акыйкат менен бетме-бет кездешет...

**44.** Алар качан өздөрүнө эскертилгенди[1] унутушканда, Биз алардын алдындагы бардык эшиктерди[2] ачып койдук. Алар өздөрүнө берилгендердин баардыгына кубанып жатышканда, Биз аларды капысынан азапка алдык. Мына ошентип алардын үмүттөрү үзүлдү.

**45.** Зулумдук кылган коомдун акыры да кесилди[3]. Ааламдардын Эгеси Аллахка мактоолор!

**46.** «Айткылачы, эгерде Аллах силерден угуу менен көрүүнү алып, жүрөгүңөргө мөөр басып салса, анда Аллахтан башка силерге буларды кайсыл кудай кайтарып бере алат?» - деп айт. Карап көрчү: Биз айаттарыбызды кандай гана кылып байандасак да, алар жүз үйрүшөт.

**47.** «Айткылачы, эгер силерге Аллахтан күтүүсүздөн, же ачык эле азап келсе, анда адашкан заалымдарга гана кыргын болот?» - деп айт.

**48.** Биз элчилерибизди сүйүнчүлөөчү[4] жана эскертүүчү[5] кылып жөнөткөнбүз. Ким ишенсе жана жакшылык иштерди кылса, аларга коркуныч да, кайгыруу да болбойт.

**49.** Бирок Биздин айаттарыбызды жалганга чыгаргандар, бузук иштерди жасаганына жараша азапка кабылышат.

**50.** «Силерге Аллахтын казынасы менде деп айтпаймын. Кайыпты да билбейм, мен периштемин деп да айтпаймын[6]. Мага кабар берилгендерге[7] гана ээрчиймин», - дегин. «Сокур менен көзү соо барабарбы? Ойлонуп көрбөйсүңөрбү?» - деп айт.

**51.** Эгелеринин алдында чогулууларынан корккондорго Куран менен эскерткин. Аларга Кудайдан башка жакын да, колдоочу табылбайт. Кана эми алар Аллахтан коркушса?!

**52.** Эртеден кечке чейин Эгесине жалынып, Анын жүзүнө (ырайымына) умтулуп жаткандарды кууп салба! Сен алар үчүн эч кандай жооп бербейсиң, алар да сен үчүн жооп беришпейт. Эгер аларды кууп чыксаң, заалымдардан болосуң.

**53.** «Биздин арабыздан Аллах ушуларга жакшылык кылдыбы?» - деп айтуулары үчүн, алардын бири-бирин Биз ушинтип сынайбыз. Аллах шүгүр кылуучуларды Билүүчүрөөк эмеспи?

**54.** Силерге Биздин айат-белгилерибизге ишенгендер келгенде: «Силерге тынчтык болсун», - деп айт. Силердин Эгеңер Өзүнө Өзү Мээ-

---

1 Пайгамбар аркылуу

2 Бул дүйнөдөгү азгырык, байлык, мансап топтоо, көңүл ачуу, ойун-күлкү ж.б.у.с. нерселерди

3 Кыйратылды. Нух, Худ, Лут, Салих пайгамбарлардын коомдору, Фараон жана анын аскерлери ж.б.у.с. тыптыйпыл жок болду

4 Бейиш бар экенин

5 Тозок бар экенин

6 Периште да эмесмин

7 Аллах Тааланын буйрук-көрсөтмөлөрүнө гана ээрчиймин

римдүүлүктү милдет кылды. Албетте, силердин араңардан кимде-ким билбестиктен жамандык иш кылса, анан тообо кылып оңолсо, ага Ал - Кечиримдүү, Мээрбан!

55. Күнөөкөрлөрдүн жолу даана болуусу[1] үчүн Өз айаттарыбызды ушинтип байандайбыз.

56. «Аллахтан башкага сыйынып жатканыңарга менин сыйынышыма акыйкатта тыйуу салынган. Мен силердин каалооңорго ээрчибеймин[2]. Антпесе мен адашууда калып, түз жолдо бараткандар менен бирге болбой калмакмын.»

57. Мен өзүмдүн Эгемдин ачык айаттарында элем, силер болсо аны жалганга чыгардыңар. Силер шашылып жаткан нерсе менин колумда эмес. Акыйкатта, өкүм Аллахта гана. Ал акыйкатка өкүм кылат. Ал - өкүм кылуучулардын Эң жакшысы», - деп айт.

58. Эгерде силер шашылып жаткан нерсе мени менен силердин ортоңордо болгондо иш эчак бүтмөк. Аллах адашкандарды жакшы билет.

59. Кайыптын ачкычтары Анда гана. Ал кургакта жана деңиздерде эмне барын жакшы билет. Ага жалгыз жалбырактын түшүүсү да белгилүү. Жердин караңгылыгында жаткан бир үрөн дагы, жашылы да, кургагы да[3] ачык Китепте бар[4].

60. Ал силерди түнкүсүн алып кетет[5]. Ал силердин күндүз эмне кылганыңарды билет. Анан Ал белгиленген мөөнөт бүткөндө[6] силерди тирилтет. Андан сон Ага кайтарыласынар. Мындан сон Ал силердин эмне кылганынарды өзүнөргө кабарлайт.

61. Ал Өз кулдарынын үстүнөн Бийлик жүргүзүүчү. Ал силердин үстүнөрдөн Өзүнүн сактоочуларын[7] жөнөтөт. Качан силердин бирингерге өлүм жеткенде, биздин элчилерибиз[8] анын жанын алышат. Кынтык кетиришпейт[9].

62. Андан сон алар өздөрүнүн чыныгы Эгеси Аллахка кайтарылышат. Өкүм Анын[10] гана колунда. Ал эсеп жүргүзүүдө өтө тез.

---

1 Алардын жаңылыштыгы эмнеде жана кандай экени

2 Меккенин көп кудайчылары Мухаммед (а.с.)га келишип: «Биз сенин диниңе сыйыналы, сен да биздин кудайларыбызга сыйын», -деген өңдүү сөздөрдү айтып, үгүттөшкөн

3 Өнүп же өсүп турганы, кургаганы да, тирүүсү да, өлгөнү да...

4 Тагдыр жазылган китепте

5 Уйку өлүмдүн бир түрү. Уйкуда адам эч нерсени сезбейт. Акыл-ой жүгүртүүсү такыр токтойт

6 Тирилтет

7 Жакшы-жаман иштерин жазып турган периштелер

8 Жан алгыч периштелер

9 Буйрукту кемчиликке учуратпай, так аткарышат.

10 Аллах Тааланын

**63.** «Кургактагы жана дениздеги коркунучтардан ким сактайт? Силер Ага ашкере да, жашыруун да сыйынып жатасыңар», - деп айткын. «Эгер Ал бул коркунучтан бизди куткарса, анда биз шүгүр кылуучулардан болор элек», - дейсинер.

**64.** «Аллах силерди мындан жана түрдүү кайгылардан куткарат. А силер Ага шерик кошуп жатасынар», - деп айт.

**65.** «Ал силерге үстүнөрдөн[1], же астыңардан[2] азап жөнөтүүгө, же силерди (түрдүү ниеттеги) бир топ кылып аралаштырып койгонго жана бириңерге бириңердин жазасын таттырып койгонго Кудуреттүү!» - дегин. Карачы! Алар түшүнүүлөрү үчүн айаттарыбызды кандай байандап жатабыз.

**66.** Бирок сенин элин бул акыйкат болсо да, аны[3] жалганга чыгарууда. (Аларга): «Мен силерге коргоочу эмесмин», - деп айт.

**67.** Ар бир кабар үчүн убакыт белгиленген. Жакын арада (муну) билесиңер[4].

**68.** Сен Биздин айаттарыбызды (шылдыңдап) сүйлөп жаткандарды көрөсүң. Анда алар башка сөзгө өтмөйүнчө алардан терс болуп кет. Бирок эгер шайтан сени унуттуруп койсо, анда ал эсине түшөр замат ал адашкан коом менен олтурба!

**69.** Аллахтан корккондордун мойнунда алардын[5] эсеп-кысабынан эч нерсе жок. Бирок алар[6] сактануулары[7] үчүн тигилер[8] эскертүүгө тийиш.

**70.** Өздөрүнүн динин ойун, тамаша кылып алгандарды жана бул дүйнөгө азгырылгандарды таШта[9]! Жан ээси[10] жасаган нерсеси аркылуу азапка учурай тургандыгын, алардын эсине ар дайым сал! Аллахтан башка анда дос да, колдоочу да жок. Эгер ал өзү үчүн баарын[11] берип, кутулууну көздөсө, анысы да алынбайт. Булар өздөрү жасаган иш аркылуу азапталууга камалгандар. Алар үчүн кайнаган суу жана оорутуучу азап бар. Бул алардын каапыр болгондуктары үчүн.

**71.** «Кантип эле Аллах бизди Өзүнүн Түз жолуна салгандан соң, бизге эч бир жардам да, эч бир зыйанга да учурата албаган жана артыбызга

---

1 Асмандан келе турган

2 Жерден келе турган

3 Куран

4 Ошонун ичинде силерге дайардалган азап бар

5 Куранды шылдыңдап, Кудайга шерик туткандардын

6 Каапырлар

7 Шылдыңдоодон

8 Момундар

9 Жайына кой

10 Напсиси

11 Болгон байлыгын төлөм кылып берсе да

(ширкке) кайтарылган, ошондой эле жерде шайтандар алдап таң калып жүргөндө шериктери: «Келгиле», - деп Туура жолго чакырылган (бирок, ага мойун сунбаган) адамдар сыйактуу Аллахтан башкага сыйынабызбы?. Акыйкатта, Аллахтын Жолу - Туура жол. Ааламдардын Эгесине мойун сунууга буйрулганбыз.

72. Намаз окугула жана андан корккула! Анткени силер Ага гана чогулуп барасыңар.

73. Ал Асман менен жерди чындык менен жараткан. Ал качан (каалап): «Бол!» дегенде, ал болуп калат. Анын Сөзү - Акыйкат. Сурнай тартылган Күндө[1] бардык бийлик Ага таандык. Ал - жашыруундарды жана ачыктарды да Билүүчү. Ал - Даанышман, Кабардар.

74. Ибрахим өзүнүн атасы Аазарга[2] мындай деди: «Чын эле сен буддарга кудай катары сыйынасыңбы? Аныгында мен сенин жана сенин элиңдин анык адашканын көрүп турам».

75. Биз Ибрахимге ал ишенүүсү үчүн Асмандар менен жердин падышалыктарын[3] көргөздүк.

76. Түн кирген кезде ал жаркылдаган жылдызды көрдү да: «Бул - менин кудайым», - деди. Ал (жылдыз) батып кеткенде, ал: «Өзгөрүп кетүүчүлөрдү сүйбөйм», - деди.

77. Айды көргөн кезде: «Менин кудайым ушул», -деди. Ал да батып кеткенде: «Эгерде Эгем мени Туура жолго салбаса мен да адашкан коомдун катарында болмокмун», - деп айтты.

78. Чыгып келаткан Күндү көргөн кезде: «Менин кудайым ушул, Ал (баарынан) чоң», - деди. Ал да батып кеткенде: «Эй, менин элим! Силер шерик келтирип жаткандардан мен алысмын», - деп айтты.

79. «Мен өзүмдүн жүзүмдү Асмандар менен жерди акыйкаттык менен жаратканга бурдум жана шерик кошуучулардан эмесмин», - деди.

80. Бирок анын коому ага каршы чыгып, жаңжалдашты. Ал: «Мени Туура жолго салган Аллах тууралуу мени менен талашкыңар келип жатабы? Эгем каалаган нерседен Ага силер шерик кошуп жатканыңардан[4] коркпоймун! Менин Эгемдин илими бардык нерселерди камтып алган. Эми эстебейсиңерби?»

81. «Антүүгө Ал (Аллах) силерге далил түшүрбөсө да, силер Аллахка шерик кошуудан коркпой жатканыңарда кантип мен силердин

---

1 Кыйамат күндө

2 Аазар буд-сөлөкөттөргө, жасалма, жалган кудайларга табынган бутпарас болгон. Ал ошондой эле сөлөкөттөрдү өз колу менен жасаган уста да болгон. Анын жасаган сөлөкөттөрдү булпарастар сыйынуу жайына койушкан

3 Аллах Таала Ибрахимге башкалар көрбөгөндү көргөздү

4 Жалган кудайлардан

Аллахка кошуп жаткан шеригиңерден коркомун? Эгер билсеңер, эки топтун кайсынысы тынчтыкка укуктуураак[1]».

82. Ким ыймандуу болуп, ошол ыйманын зулумдук менен аралаштырбаса, ошолор үчүн тынчтык болот. Алар - Туура жол табуучулар.

83. Ушулар Ибрахимдин элине Биздин берген далилдерибиз! Биз кимди кааласак анын даражаларын көтөрөбүз. Акыйкатта, Эгең - Даанышман жана Билүүчү!

84. Биз аны Исхакка жана Йакупка бердик жана аларды Биз Туура жолго баштадык. Ага чейин Биз Нухту жана анын тукумдарынан Дауддү, Сулайманды, Айупту, Йусупту, Мусаны жана Харунду Түз жолго салдык. Жакшылык кылуучуларды Биз ушинтип сыйлайбыз.

85. Закарийага, Йахйага, Исага, Илйаска (пайгамбарлык бердик). Булардын баары жакшы иштерди жасоочулардан.

86. Исмаилге, Алйасага, Йунуска жана Лутка. Биз булардын баарын (пайгамбарлык) менен ааламдардан[2] улук кылдык.

87. Биз алардын аталарынан, урпактарынан, туугандарынан тандадык жана аларды Туура жолго баштадык.

88. Бул - Аллахтын Жолу. Ал Жол менен Өз пенделелеринин арасынан кимди кааласа алып барат. А эгерде алар Ага шерик кошушса, анда алардын жасагандары текке кетет.

89. Алар - Биз Китеп, Даанышмандык жана пайгамбарлык[3] бергендер. Эгер аларга ишенишпесе, анда Биз аларды[4] четке какпаган элге тапшырабыз.

90. Алар[5] - Аллах Туура жолго салгандар. Алардын Туура жолун ээрчигин. «Мен силерден буга акы сурабайм. Бул[6] - бүткүл ааламдар[7] үчүн эскертме гана».

91. Алар: «Аллах бир да кишиге эч Нерсе түшүргөн эмес», - деп сүйлөп жаткандар, Аллахты таануу чегинде тааный албагандар. Адамдар үчүн Нур жана Туура жолго баштоочу болгон, Мусага келген Китепти ким жөнөттү эле? Силер аны барактарга жазасыңар да, анын кээ бир бөлүгүн (гана) жарыйа кылып, көбүн жашырасыңар[8]. Силер[9] өзүңөр да, си-

---

1 Кимибиз тынчтыкта болобуз

2 Башка пайгамбарлардан

3 Куран, туура дин жана Мухаммед (а.с.)

4 Жогоруда айтылып өткөндөй жакшылыктарды

5 Жогорудагы айатта байан кылынган пайгамбарлар

6 Куран

7 Жин жана инсан тайпасына; жалпы коомго

8 Алар андагы көптөгөн мыйзамдарды жана кабарларды атайлап жашырып, натыйжада китептери көптөгөн өзгөрүүлөргө учураган

9 Иудейлер жана христиандар

лердин аталарыңар да билбегендерди үйрөнгөнсүңөр[1]. (Аны түшүргөн) Аллах», - деп айт. Андан соң бузук нерселеринде жөн кой! Ойной турушсун.

**92.** Биз түшүргөн Китеп - бул куттуу, өзүнүн алдыңкысын[2] тастыктоочу Китеп. Сен шаарлардын энесин[3] жана анын айланасындагыларды эскертүүң үчүн (түшүрдүк). Акыретке ишенгендер ага[4] да ишенишет. Алар намаздарын да дайыма окушат.

**93.** Аллахка жалган айткандан, же эч кандай жашыруун кабар келбесе деле: «Мага жашыруун кабар келди», - деп айткандан[5], же: «Мен деле Аллах түшүргөндөй нерсени жакында түшүрөмүн», - дегенден да адашкан адам барбы? Эгер сен (бул) заалымдарды өлүм алдында жан талашуусун көрсөң (өлүм) периштелери аларга кол созушуп: «Жаныңарды чыгаргыла! Силердин акыңар жок болуп туруп Аллахка жалган айтканыңар жана Анын айаттарына текеберденгениңер үчүн бүгүн силерге кордоочу азап болот!» - дешет.

**94.** Силер бизге жалгыз-жалгыздан[6], алгач ирет жараткан өңдүү болуп келесиңер. Биз силерге бергендердин баарын[7] артыңарга калтырасыңар. Силер кулчулугуңарда (Кудайга) шерик кылып ойлоп жүргөн колдоочуңарды силер менен бирге көрбөйбүз. Силердин араңардагы байланыштар үзүлгөн жана силер ойлоп[8] жүргөн нерселер силерден жоголгон.

**95.** Акыйкатта, Аллах урукту жана данекти жарып - өндүрүүчү, өлүктөн тирүүнү чыгарат, тирүүдөн өлүктү чыгаруучу. Мына ушул Аллах. Анан кантип артка буруласыңар[9]?

**96.** Ал таңды аттыруучу жана түндү силерге эс алуучу орун кылды. Күндү жана айды силер эсеп кылууңар үчүн жаратты. Мунун баары - Ызааттуу, Билүүчүнүн өлчөп койгондору.

**97.** Ал кургакта жана деңизде жол табууңарүчүн жылдыздарды жаратты. Биз айаттарыбызды ой жүгүрткөн коомдор үчүн мына ушинтип баяндадык.

**98.** Ал силерди бир жандан[10] жаратты. (Силер үчүн жатынды) орун жана

---

1 Тооратагы бүдөмүк нерселерди Курандан анык билдиңер

2 Мурунку китептерди

3 Ыйык Мекке тургундарын

4 Куранга

5 Өзүн өзү пайгамбармын деп жарыйалаган жалганчы Мусайлама сыйактуу

6 Мал мүлкү, үй бүлөсү, баласы жок

7 Байлык, мал мүлк, үй бүлө ж. б. у. с.

8 Кудай деп

9 Анан кантип ыймандан баш тартасыңар

10 Адам атадан

(атаңардын белин) жай[1] (кылды). Чынында түшүнгөн коом үчүн айаттарыбызды байандадык.

99. Ал асмандан жамгыр жаадырат. Биз аны менен өсүмдүктөрдөн бардык нерсени чыгардык. Андан жашыл өсүмдүктү, тизмектелген данды, курма дарагынын мөмөсүнүн чанагын жана (жалбырактарды) окшош, а мөмөлөрү окшош эмес жүзүмзарларды, зейтунду, анарды (өстүрөбүз). Алар бышып жетилип, түшүм бергенде мөмөсүнө карачы?! Акыйкатта, мунун баарында ыймандуулар үчүн белгилер бар.

100. Аларды Ал (Аллах) жараткан болсо да, алар Аллахка жинди тең кылышат[2]. Алар (мушриктер) түркөйлүк менен Ага (Аллахка) «уулдарды» жана «кыздарды» таңуулашат. Алар сыпаттап жаткан нерселерден (Аллах) - Аруу жана Жогору.

101. (Ал) Асмандар менен жердин жаратуучусу. Анын жары (жубайы) жок. Анан кайдан Анын баласы болсун?! Ал баарын жараткан жана бардык нерселерди Билүүчү!

102. Бул Аллах силердин Эгеңер. Андан башка кудай жок. Бардык нерселерди Жаратуучу! Ага гана табынгыла! Ал - бардык нерсени Сактоочу!

103. Аны көздөр[3] көрө албайт. Ал эми Ал (Аллах) болсо бардык көздөрдү[4] көрүп турат. Ал - Жумшак[5] жана Кабардар!

104. Акыйкатта силердин Эгеңерден далилдер келди. Ким (акыйкатты) көрсө (анан ишенсе), ал өзү үчүн. Ал эми ким сокур болуп (адашса), ал өзүнө зыйан. Мен[6] силерге көзөмөлчү эмесмин. Алар: «Сен окуп, үйрөнгөнсүң», - деп айтпоолору жана түшүнө турган элге түшүндүрүүбүз үчүн,

105. биз Өзүбүздүн айаттарыбызды ушинтип байандайбыз.

106. Сен Эгеңден келген (жашыруун) кабарларга гана ээрчи! Андан башка кудай жок жана мушриктерден жүз үйүр!

107. Эгер Аллах кааласа, алар Аллахка шерик кошо алмак эмес. Бирок, Биз сени аларга көзөмөлчү кылган эмеспиз жана сен аларга өкүл[7] дагы эмессиң.

108. Аллахтан башкаларга сыйынып жаткандарды тилдебе! Анткени алар

1 Тафсирлерде бул айат тууралуу эркектин бели жана айалдын курсагы (жатыны) деген пикирлер бар

2 Адашкан, караңгы пенделер жиндерге да Аллах Тааланын сыпаттарын берүүгө аракеттенишет. Алар адам баласы жиндерден да, периштелерден да жогору даражада турараарын билишпейт.

3 Көзү бар жандар

4 Кыбыр эткен жанды

5 Пенделерине мамилеси жумшак

6 Мухаммед (а.с.)

7 Кожойун

да душмандык кылып, билбестиктен Аллахты тилдеп койушат. Анан алардын Эгесине кайтуу бар жана Ал аларга жасаган иштеринин кабарын берет.

**109.** Алар эгер айат келсе: «Сөзсүз ишенээр элек», - дешип, Аллахтын аты менен ант ичишет. (Аларга): «Албетте, айаттар Аллахтын алдында. Бирок айаттар келгенде да алардын ишенбей койуусун силер билбейсиңер!» - деп айт.

**110.** Биз алардын жүрөктөрүн жана көздөрүн тескери кылып салганбыз. Анткени, алар алгачкы эле жолу ишенишкен эмес. Биз аларды өздөрүнүн адашуусунда экиленип жүрө турсун деп, жайына койобуз.

**111.** Эгерде Биз аларга периштелерди жөнөтсөк, алар менен өлүктөр (тирилтилип) сүйлөшсө жана алардын алдына Биз бардык кереметтерибизди чогултсак да, Аллахтын каалаганынан башка алар баары бир ишенишпейт. Бирок наадандардын көпчүлүгү муну түшүнүшпөйт.

**112.** Биз ар бир элчиге адамдардан жана жиндерден шайтан душмандарды бири бирине сөз коoздоп, азгырсын үчүн жасадык. Ал эми эгер Эгең кааласа алар мындай кылышмак эмес. Аларды жана алардын ойлоп чыгарышкан жалганын жөн койо тур!

**113.** Акыретке ишенбегендердин жүрөгү ага тартылуусу, алардын ыраазы болуусу жана жасаган нерселерин жасап жүрө берүүлөрү үчүн...

**114.** Мен бул Китепти ачык байандап, силерге жөнөткөн соң, Аллахтан башка бир өкүм кылуучуну издейминби? А, бул Китеп берилгендер анын Эгеңден чындык менен жөнөтүлгөндүгүнө ишенишет. Демек сен шектенүүчүлөрдөн болбогун!

**115.** Сенин Эгеңдин Сөздөрү чындык жана адилеттүүлүк менен бүттү. Анын Сөздөрү өзгөртүлүүгө мүмкүн эмес. Ал - Угуучу, Көрүүчү!

**116.** Эгер сен Жер үстүндөгүлөрдүн көбүнүн сөздөрүн уга берсең, алар сени Аллахтын Жолунан адаштырышат. Албетте алар өздөрүнүн гана күмөндөрүнө ээрчишет. Алар болгону жалганды гана чыгарышат.

**117.** Албетте, сенин Эгең, Өзүнүн Жолунан адашып бараткандарды да, Туура Жолдо бараткандарды да билет.

**118.** Эгер Анын айаттарына ишенсеңер, анда Аллахтын аты аталгандарды гана жегиле[1]!

**119.** Аллахтын аты аталгандарды жебегидей силерге эмне болду? Анткени аргасыз болгон абалда, Ал силерге эмнелерди жешке тыйуу салынганын ажыратып койгон. Көптөрү каалоолоруна азгырылышып, илимсиздиктен башкаларды да Жолдон адаштырышат. Акыйкатта,Эгең чектен ашкандарды жакшы билет.

---

1 Малды мууздоо алдында: «Бисмиллаахи, Аллаху Акбар», -деп айтат. Демек муудалган мал Аллах Таалага гана арналууга тийиш

120. Ачык да, жашыруун да күнөөлөрдү таштагыла! Албетте, күнөө кылгандар ошол кылган күнөөсүнө жараша жазаланат.

121. Аллахтын аты аталбагандарды жебегиле! Алар ыплас. Албетте шайтандар өз тарапкерлерин силер менен жаңжалдашууга азгырат. Эгер аларга баш ийсеңер, анда, албетте, мушриктерден болосуңар!

122. Өлүк болгон кезинде, Биз аны тирилттик жана адамдар арасында жүрө турган бир нур бердик. Караңгылыкта жүргөн жана андан чыга албаган бирөө сымал. Ошондой эле каапырларга да өздөрүнүн иштери кооз көрүнөт.

123. Ушинтип, Биз ар бир айылда амалкөйлүк кылуулары үчүн бузгунчулардын башчыларын жараттык. Бирок, алар өздөрүн өздөрү алдашат да, өздөрү муну сезишпейт.

124. Аларга айаттарыбыз келгенде: «Аллахтын элчилерине берилгендер бизге да берилмейинче, эч качан ишенбейбиз», - дешет. Аллах Өз элчилигин кимге тапшырууну жакшы билет. Күнөө кылгандар Аллахтын алдында кор. Айлакерликтери үчүн Аллахтан катуу азапка дуушар болушат.

125. Аллах кимди туура жолго салгысы келсе, анын көкүрөгүн Исламга ачып коет. Ал эми кимди адаштыргысы келсе, анын көкүрөгүн көккө көтөрүлүп бараткан адамдыкындай кылып кысылтып салат. Аллах ишенгиси келбегендерди дал ушинтип жазалайт.

126. Бул жол сенин Эгеңдин туура жолу. Чынында, Биздин айаттарыбыздан насаат алууну каалаган коомго ачык байандадык.

127. Алар үчүн тынчтык журту Эгесинин алдында. Алардын кылгандары үчүн - Ал алардын кам көрүүчүсү.

128. Ал баарын жыйган Күнү (мындай дейт): «Эй, жиндердин тобу! Силер өз айланаңарга көптөгөн элди топтодуңар.» А алардын адамдардан болгон достору: «Эгебиз! Биз бири бирибизди пайдаландык. Бирок, азыр бизге Өзүң белгилеп койгон мөөнөт жетип келди», - дешет. (Ал айтат): «Силердин ордуңар тозок. Эгерде Аллах башканы каалабаса, силер анда түбөлүккө каласыңар». Акыйкатта, сенин Эгең - Даанышман, Билүүчү!

129. Ушинтип, Биз заалымдарды алардын кылган иштери үчүн бир бирине достоштурабыз.

130. «Эй, жиндердин жана адамдардын топтору! Чын эле силерге Менин айаттарым жана мына ушул Күн тууралуу айтып эскерткен силердин өзүңөрдүн араңардан элчилер келген жок беле?» Алар: «Биз өзүбүзгө өзүбүз каршы күбөлүк беребиз», - дешет. Бул дүйнөнүн жашоосу аларды азгырып кеткен. Өздөрүнүн каапыр болгондуктары тууралуу өздөрүнө каршы күбөлүк беришет.

**131.** Эгең анын жашоочуларын эскертпей туруп, адилетсиз түрдө (бир да) калааны[1] жок кылып салбайт.

**132.** Ар бири үчүн амалдарына жараша даражалар (бар). Эгең алардын кылып жаткан иштерин көңүл буруусуз калтырбайт.

**133.** Эгең - бай, мээримдүүлүк ээси. Эгер Ал кааласа силерди жок кылат да, силерди башка коомдун урпагынан жараткандай эле, силерден кийин каалаганын алмаштырат. Силерди башкалар менен алмаштырат.

**134.** Акыйкатта силерге убада кылынгандар[2] сөзсүз келүүчү. Силер эч нерсе кыла албайсыңар.

**135.** Айт: «Эй менин элим! Каалаганыңарды жасай бергиле. Мен дагы жасайм. Жакын арада силер жайдын[3] акыбетин билесиңер. Заалимдер[4] эч качан ийгиликке жете алышпайт».

**136.** Алар Аллах үчүн Ал жараткан эгин-тегин жана малдарынан үлүш дайардашты жана: «Бул Аллах үчүн, бул - биздин кудайлар үчүн» - деп эсептешти. Бирок, алардын кудайлары үчүн арналгандары Аллахка жетпейт, а Аллах үчүн арналгандар алардын кудайларына жетет. Алардын кылган өкүмдөрү кандай жаман.

**137.** Алардын кудайлары мушриктерге аларды кыйроого алып баруу жана алардын динин чаташтыруу үчүн өз балдарын өлтүрүүнү кооз кылып көрсөттү. Эгер Аллах кааласа, алар мындай кылышпас эле. Аларды жана алардын ойлоп тапкан жалгандарын жөн койо тур!

**138.** Алар (айтты: ) «Бул малдар жана талаа арам. Биз каалагандардан башка эч ким алардан тамактанбоосу керек. Жону[5] арам кылынган да малдар бар. Аллахтын аты[6] айтылбай турган да малдар бар». Мунусу жалган. Жалаа жапканы үчүн жакында (Аллах) алардын жазасын берет.

**139.** Алар[7]: «Бул малдын курсагындагылар эркектерибиз үчүн адал, айалдарыбыз үчүн арам, эгерде өлүк туулса, анда бул баарыбыз үчүн», - дешти. Ал алардын бул жалган сөздөрү үчүн жазасын берет. Акыйкатта, Ал Даанышман жана Билүүчү!

**140.** Түшүнбөстүктөн наадандык кылып, балдарын өлтүргөндөр зыйанга учурады. (Алар) Аллахка жалаа жабышып, Аллах ырыскы кылып аларга бергендерди арам дешти. Алар түз жолдон тайышты, Туура Жолдо болушпады.

---

1 Кыштактарды эли менен

2 Кыйамат күнү

3 Акыретте ким туура, ким туура эмес

4 Каапырлар

5 Жүк артууга, же минүүгө тыйуу салып алышкан

6 Мууздаган кезде Аллах Тааланын атын атабай, сөлөкөттөрдүн же жалган кудайлардын аттарын аташат

7 Мушриктер

**141.** Ал жөлөтүлгөн жана жөлөтүлбөгөн бактарды, курма дарактарын, түрдүү даамдары бар эгиндерди, зайтунду жана анарды, окшош[1] жана окшош эместерди[2] өстүргөн. Качан алар түшүм бергенде, алардан жегиле. Бирок, түшүм жыйноо учурунда анын бөлүгүнөн алууга акысы барларга бергиле[3]. Ысырап кылбагыла. Ал ысырап[4] кылуучуларды сүйбөйт.

**142.** Ал малдардын бир бөлүгүн оор жүктөрдү ташуу үчүн, калганын майда жандык кылды. Аллахтын силерге дайардап бергенинен жегиле! Шайтандын жолдору менен жүрбөгүлө. Акыйкатта, шайтан силерге анык душман.

**143.** (Ал силер үчүн бул малдардан) сегиз жуп жаратты, эки жуп кой жана эки жуп эчки. Эми айт: «Ал силерге эки эркегин тыйуу салдыбы, же эки ургаачысынбы? Ага эки ургаачысынын курсагындагылар да кошулабы? Эгер чынчыл болсоңор билип жооп бергиле».

**144.** Эки жуп төөдөн жана эки жуп уйдан. (Аларга) айт: «Алардын эки эркегин (арам кылдыбы), же эки ургаачысынбы? Ага эки ургаачысынын курсагындагылары да кошулабы? Же силер Аллах буларды буйурганда күбө болуп турдуңар беле? Билбесе да адамдарды адаштыруу үчүн Аллахка жалаа жапкандан ашкан заалым ким? Акыйкатта, Аллах - заалым коомду туура жолго салбайт.

**145.** «Мага билдирилгендерден мен тамак үчүн: өлгөн малдын эти, кан жана чочконун этинен башка арам кылынган нерсени таппадым, анткени булар чынында эле ыплас жана булганыч жана Аллахтан башканын аты аталгандары (сойулгандар дагы)», - деп айт. Ким аларга умтулбай жана Аллахтын тыйууларын бузууну каалабай, бирок аргасыз болуп калса[5], анда Эгең - Кечиримдүү жана Мээримдүү.

**146.** Биз иудейлер үчүн бардык ача туйактуу эместерди, уйлар менен койлордун майларын, алардын жонундагы, ичиндеги жана сөөгүндөгү майларынан башкаларын (жешке) тыйуу салдык. Бул алардын чектен чыгуулары үчүн болгон жаза. Анткени Биз чындыкты айтуучубуз.

**147.** Алар сени жалганга чыгарышса айткын: «Эгеңер мээримдүүлүктүн ээси, бирок Анын жазасы күнөөлүү элден кайтарылбайт».

**148.** Аллахка шерик кошкондор: «Эгер Аллах кааласа, биз да, аталарыбыз да шерик кошпойт элек жана эч кандай тыйуу салуулар болбойт эле», - де-

---

1 Жалбырактары

2 Даамдары

3 Ислам шариатында мөмө-жемиштердин, эгиндердин түшкөн түшүмдүн ондон бири бейбечаранын акысы болуп, ар бир дыйкан түшүм жыйнаган соң аталган өлчөмдү жакырларга берүүгө милдеттүү. М: миң кадак буудай өндүрсө, андан жүз кадагын берүүгө тийиш

4 Коромжу

5 Жегенге башка эч нерсе жок болуп, ачкадан өлүүгө туура келсе, өзөк жалгар кылып, арам эттен азыраак өлчөмдө жегенге шариат уруксат берет

шет. Биздин жазабызды татыганча, аларга чейинкилер да мына ушин-
тип жалганга чыгарышкан. «Эгерде ал жөнүндө силерде илим болсо,
аны бизге көргөзгүлө. Божомолдоолорду гана ээрчийсиңер. Силер жал-
ганчысыңар»- деп айт.

149. Аллахта жетиштүү далилдер бар. Эгерде Ал кылууну кааласа, анда ба-
рыңарды туура жолдо алып барар эле.

150. Айт[1] : «Аллах буларды тыйуу салган деп күбөлүк бере турган
күбөлөрүңөрдү алып келгиле!» Эгер алар күбөлүк беришсе да, сен алар
менен бирге күбөлүк бербе! Биздин айаттарыбызды жалганга чыгарып,
акыретке ишенбегендердин жана Эгесине шерик кошкондордун каало-
олоруна ээрчибе!

151. Айт: «Келгиле, мен силерге Эгеңердин арам кылганын окуйун: «Ага
шерик кошпогула; ата-энеңерди урматтагыла; кедейчилик себептүү өз
балдарыңарды өлтүрбөгүлө. Биз аларды да, силерди да ырыскылан-
дырабыз; ачык да, жашыруун да бузукулук[2] иштерге жакындабагыла;
Аллах (өлтүрүүнү) тыйуу салган жанды[3], өлтүрбөгүлө! Силер ойло-
нууңар үчүн, Ал силерге мына ушуларды насаат кылат».

152. Жашы жетилгенге чейин, жашоосун оңдоо үчүн гана болбосо, жетим-
дин мал - мүлкүнө жакындабагыла. Чен өлчөмдү жана таразаны туура
алгыла! Биз жанга ал көтөрө алчудан артыкты жүктөбөйбүз. Жакында-
рыңар болсо да адилдикти айткыла! Аллахтын алдындагы милдетиңер-
ди аткаргыла. Силер эстеп турууңар үчүн Аллах ушуну насаат кылат!

153. Ырасында, бул Менин түз жолум, эми аны менен гана жүргүлө, башка
жолдор менен жүрбөгүлө, алар силерди Анын жолунан чыгарып салат.
Силер такыба болууңар үчүн, Ал силерге ушуну насаат кылат.

154. Андан соң, Биз Мусага жакшылыктарды толук орундатканга, ар бир
нерсени байан кылуу үчүн, туура жол көрсөтүү жана ырайым үчүн Ки-
теп бердик. Мүмкүн алар Эгесине жолугарына ыйман келтиришээр.

155. Бул Биз түшүргөн куттуу Китеп[4]. Аны ээрчигиле жана такыба болгула.
Мүмкүн Мээримге бөлөнөөрсүңөр.

156. «Акыйкатта, бизге чейинки эки элге[5] гана Китеп түшүрүлгөн, биз болсо
аны кандай түшүнүүнү билген эмеспиз», - деп силер айтпооңор үчүн;

157. же болбосо: «Эгер бизге Китеп түшүрүлгөндө, биз алардан да туурара-
ак жол менен барар элек деп айтпооңор үчүн (түшүрдүк). Азыр силер-
ге Эгеңерден ачык-айкын айаттар, туура жолду көргөзүүчү жана мээ-
римдүүлүк келди. Аллахтын айаттарын жалганга чыгаргандан, андан

1 Эй, Мухаммед!

2 Никесиз жыныстык катнаш

3 Шариат мыйзамы бойунча өлүм жазасына тартылгандан башкаларын

4 Куран

5 Иудейлер менен христиандарга

жүз үйрүгөндөн өткөн заалымыраак ким бар? Айаттарыбыздан баш тарткандарды баш тартуулары себептүү жаман азап менен азаптайбыз!

158. Алар өздөрүнө периштелер келерин, Эгеңдин буйругу, же Эгеңден кай бир белгилердин келерин гана күтүшөбү? Эгеңден белгилердин кээ бири келген күнү, мурда ыйман келтирбеген, же ыйманы бойунча жакшылыктарды өзүнө таап албаган бирөөнүн ишеними[1] анын жанына эч пайда бербейт. «Күткүлө, биз да күтөлү», - деп айт.

159. Өздөрүнүн docининде бөлүнүп жарылып, топторго айрылгандарга сенин тиешең жок. Акыйкатта, алар жөнүндө Аллах чечим кылат. Ошондо Ал силер эмне кылганыңардан кабар берет.

160. Ким бир жакшылык кылса, ага андайдан он эсе бар. Ким бир жамандык кылса, ага ошондой гана жаза берилет. Алар зулум кылынбайт.

161. Акыйкатта, Эгем мени туура жолго, Ибрахимдин таза, түз динине салды. Ал шерик кошуучулардан[2] болгон эмес.

162. «Менин намазым да, курбандыгым да, жашоом да, өлүмүм да ааламдардын Эгеси Аллах үчүн[3] - деп айт.

163. Анын[4] шериги жок. Бул мага буйрук кылынган жана мен Ага баш ийгендердин биринчисимин.»

164. Айт: «Ал бардык нерсенин Эгеси болгон соң, мен Аллахтан башка бирөөнү издейинби? Ар бир жандын кылганы өзүнө. Эч ким башка бирөөнүн жүгүн[5] көтөрбөйт. Андан соң Эгеңерге кайтуу бар. Ошондо Ал өз ара талашканыңар тууралуу силерге билдирет».

165. Ал силерди жер үстүнө орун басар кылган. Силерди берген нерселери менен сыноо үчүн даражаларда бириңерди бириңерден жогору көтөрдү. Акыйкатта, Эгең - жаза берүүдө өтө тез. Албетте Ал - Кечирүүчү жана Мээримдүү!

---

1 Ыйман келтириши

2 Мушрик болгон эмес

3 Ар бир пенденин кылган ибадаттары жалгыз Аллах Таалага гана тиешелүү. Заариат сүрөсүнүн 56-айатын караныз

4 Аллах Тааланын

5 Күнөөсүн

# 7. ААРАФ[1] СҮРӨСҮ

**Меккеде түшүрүлгөн Эки жүз алты айаттан турат**

***Мээримдүү, Ырайымдуу Аллахтын аты менен***

1. Алиф, лам, мим, сад[2].

2. Бул - сага түшүрүлгөн Китеп, андыктан көңүлүңдө кысылуу болбосун. Бул[3] аркылуу [4]эскертүүң жана момундарга насаат үчүн (түшүрүлдү).

3. Эгеңерден силерге түшүрүлгөнгө мойун сунгула да, Андан өзгөнү дос тутуп, ээрчибегиле! Силер аз гана насаат аласыңар[5].

4. Канчалаган кыштактарды жок кылдык, аларга азабыбыз түндөсү жана түшкү тыныгуу учурунда келди.

5. Аларга азабыбыз келген кезде: «Биз чындыгында заалымдардан болдук», - деген гана сөздү айтышты.

6. Өздөрүнө пайгамбар жиберилгендерди суракка тартабыз жана элчилерди да суракка алабыз.

7. Аларга толук билим менен байан кылабыз. Биз аларга жашыруун эмеспиз[6].

8. Ал Күнкү таразалоо - чындык. Кимдин таразасы оор болсо[7], мына ошолор - (азаптан) кутулуучулар.

9. Ал эми кимдин таразасы жеңил болсо, демек, алар - өздөрүнө зыйан алып келишти. Анткени, алар Биздин айаттарды ар дайым жокко чыгарышчу.

10. Биз силерге жердеги бийликти, кадыр-барк жана (жашоо үчүн зарыл болгон) каражаттарды бердик. Силер өтө эле аз шүгүр кыласыңар.

11. Биз силерди жаратып, жакшы келбет берип, периштелерге: «Адамга сежде кылгыла!» - дедик. Периштелер баарысы сежде кылып, бир гана Иблис сежде кылуучулардан болгон жок.

12. (Аллах): «Сага[8] Мен[9] буйрук кылганда, сени сежде кылуудан эмне то-

1 Aараф - Дубал
2 Мааниси Аллах Таалага гана маалым
3 Куран
4 Каапырларга
5 Пенденин табийаты ошондой: унутчаак, чыдамсыз, ишенбес, терсайак...
6 Б.а. Биз алардын жанында ар дайым болобуз
7 Жакшылык иштери менен
8 «Эй, Иблис!»
9 Аллах Таала

сту», - деди. Ал: «Мен андан[1] мыктымын: Мени оттон, аны ылайдан жараттың», - деди.

13. (Аллах): «Анда, андан[2] түш! Сенин текеберленгениң дурус эмес. Чык (Бейиштен)! Сен кор болуучулардансың», - деди.

14. (Иблис): «Кайра тирилүүчү Күнгө чейин мага мөөнөт бер», - деди.

15. (Аллах): «Ырасында мөөнөт берилгендердènsиң», - деди.

16. (Иблис): «Мени кууп жибергениң[3] үчүн мен да аларга[4] каршы Сенин Туура Жолуңда олтуруп аламын.

17. Анан аларга алдынан да, артынан да, оң тарабынан жана сол тарабынан келемин да (адаштырамын), мына ошондо алардын көбүн (Сага) шүгүр кылуучулардын арасынан таппайсың», - деди.

18. (Аллах): «Кордолуп, куулган абалда ал жерден чык! Алардан ким сени ээрчисе, силердин баарыңар менен Тозокту толтурамын»,-деди.

19. «Эй, Адам! Сен жубайың менен Бейиштен орун алгыла! Экөөңөр каалаганча жегиле, ушул даракка гана жолобогула[5], (эгер жолосоңор) - заалымдардан[6] болосуңар»,-дедик.

20. Ошондо Шайтан ал экөөнүн уйаттуу жерлерин ачуу үчүн азгырды да: «Эгеңер силерди ушул дарактан[7], экөөн периште болуп, же түбөлүккө (Бейиште) калып кетишет деп, тыйуу салган[8].

21. Чынында мен экөөңөргө насаатчылардanmын», - деп ант ичти.

22. Ошентип ал экөөн азгырды. Ошондо экөө дарактан[9] даам татып, уйаттуу жерлери ачылып калды. Экөөсү Бейиш жалбырактарынан үстүлөрүнө жамына баштаашты. Эгелери экөөсүнө: «Экөөңөрдү ушул дарактан тоспадум беле?! Шайтан - силерге ачык душман экенин айткан элем!» - деди.

23. «О, Эгебиз! Биз өзүбүзгө зулум кылдык. Эгер Сен бизди кечирип, ырайым кылбасаң, анда биз, албетте, зыйанга учуроочулардан болобуз!» -деп айтышты[10].

24. (Аллах): «Бейиштен бири бириңерге[11] душман болуп түшкүлө. Силерге

---

1 Адамдан (б.а. Адам Атадан)

2 Бейиштен Жерге

3 Бейиштен

4 Адамдарга

5 «Жебегиле»

6 Өзүнө-өзү, өз бактысына кыйанаттык кылгандардан

7 Жесеңер

8 Жешке тыйуу салган

9 Дарактын жемишинен

10 Адам ата менен Обо эне сөзү

11 «Адам менен Иблис экөөңөр»

Жерде белгилүү мөөнөткө чейин жашоону жана пайдаланууну (буйрудук),

25. Ал жерде төрөлүп, ошол жерде өлүп, андан кайра[1] чыгарыласыңар»,- деди.

26. Эй, Адамдын[2] урпактары! Уйаттуу жерлериңерди жана сулуулугуңарды жабуу үчүн кийим түшүрдүк. Бирок, такыбалыктын кийими[3] - эң жакшы (кийим). Бул - Аллахтын белгилеринен. Мүмкүн түшүнөрсүңөр!

27. Эй, Адам баласы! Шайтан ата-энеңердин[4] уйаттуу жерлерин көрсөтүү үчүн кийимдерин чечип, Бейиштен чыгарган сыйактуу силерди да азгырбасын! Ал жана анын тарапкерлери[5], силер аларды көрө албаган тараптан көрө алышат. Биз шайтандарды ыйман келтирбегендерге[6] дос кылып койдук.

28. Алар бузукулук кылышкан кезде: «Аталарыбызды ушул жолдо таптык. Муну бизге Аллах буйурган», - дешет[7]. (Эй, Мухаммед): «Чындыгында Аллах бузукулукка буйурбайт. Билбеген нерсеңерди Аллахтын атынан айтпагыла!» - деп айткын.

29. «Эгем адилеттүүлүккө буйруйт. Ар бир мечиттин алдында[8] жүзүңөрдү кыбылага түздөп, диниңерди Аллахка берип, Андан[9] тилегиле! Силерди оболку жаратканындай[10], Ага[11] кайтасыңар.

30. Бир тайпа Туура Жолго түшүп, бир тайпа адашууга татыктуу болду. Чындыгында, алар[12] Аллахтын ордуна шайтандарды дос тутуп, бирок өздөрүн туура жолдобуз деп эсептешет.

31. Эй, Адамдын урпактары! Ибадатка[13] эң мыкты кийимиңерди кийгиле. Жегиле, ичкиле, бирок ысырапкорлук кылбагыла! Анткени Аллах ысырапкорлорду жакшы көрбөйт.

---

1 «Кыйамат Күнү кайрадан тирилтилип Аллах Тааланын алдына келесиңер»

2 «Адам Атанын»

3 Такыба муслмандар кийген ар кандай кийим

4 «Адам Ата менен Обо энени»

5 «Шайтандар тобу. Алар силердин каныңарда да айланып жүрө алат»

6 «Каапырларга, мунафыктарга, мушриктерге»

7 Деп жандарын жеп, жалган айтышпат

8 Чекени сеждеге койуп, намаз окуган жердин баарында

9 Жакшылыктарды

10 Оболку жаратылган кейипте

11 Аллах Таалага

12 Каапырлар, мушриктер ж.б.у.с.

13 Намазга, же Каабаны айланганда

**32.** «Аллах[1] өз пенделерине чыгарган[2] Аллахтын кооз нерселерин (кийимдерин) жана Ал берген жакшы насиптерди (ырыскыларды) силерге ким арам кылды?» - деп айткын. «Бул жакшы нерселер, чындыгында, бул дүйнөдө ыйман келтиргендер үчүн (гана жаратылган, бирок башкалар да андан пайдаланышат). Акыретте болсо бул момундарга гана таандык», - деп айт. Билген коомго Биз айаттарыбызды ушинтип байандайбыз.

**33.** «Акыйкатта, Эгебиз ачык жана купуйа ыпластыктарды (жасоону), каапырлыкты, адилетсиздикти, Аллахка Ал Өзү эч бир белги түшүрбөгөн шериктерди кошууну жана Аллах тууралуу өзүңөр билбегенди (жалганды) айтууну арам кылды», - дегин.

**34.** Ар бир коомдун белгилүү бир мерчеми[3] бар. Алар ошол мерчем келген кезде бир саамга да кечиктирилбейт жана тездетилбейт.

**35.** Эй, Адам перзенттери! Эгер силерге өз ичиңерден Менин айаттарымды түшүндүрүп берүүчү элчи келсе, ошондо кимдер такыба болуп, өзүн оңдосо, ошолорго (Кыйаматта) коркунуч да, кайгы да болбойт.

**36.** Айаттарыбызды четке кагып, каршы чыккандар - текеберлер, ошолор - Тозок ээлери[4]. Ал жерде алар түбөлүккө калышат.

**37.** Аллахтын айаттарын четке каккан жана Ал тууралуу жалган айткан адамдан заалымыраак ким бар?! (Бирок) алар Китепте жазылган үлүштөрүн[5] алышат. Анан[6] Биздин элчилер[7] алардын жанын алуу үчүн келишип: «Аллахты койуп, башкага сыйынган нерселериңер[8] кана?» - дегенде: «Алар бизди таштап кетти», -деп өздөрүнүн каапырлыгын мойундарына алышат.

**38.** Ал[9]: «Силерден мурда өткөн адамдардын[10] жана жиндердин коомунун катарында - Тозокко киргиле!» - дейт. Ар бир тайпа тозокко кирген учурда бири - бирине[11] наалат айта башташат. Ошондо алар тозокко

1 Эй, Мухаммед! (а.с.)

2 Тартуулаган

3 Мөөнөтү

4 Тозокулар

5 «Биз каапырларды күнөөсү үчүн дароо өлтүрүп салбай, алардын тагдырына Аллах Таала жазган өмүрүн толук өтөп бүткөнчө жашоо, ырыскы, (ал тургай материалдык байлык да) беребиз» деген мааниде

6 Ажал мөөнөтү жеткен саатта

7 Жан алуучу периштелер

8 Буд-сөлөкөттөрүңөр, кудайларыңар

9 Аллах Таала Кыйаматта аларга

10 Каапыр адамдардын

11 Каапырлар - шайтандарды, шайтандар - каапырларды күнөөлөп

жыйналышып, акыркылар[1] алгачкыларга[2] айтышат: «Оо, Эгебиз! Тигилер[3] бизди азгырышкан. Ошолорго эки эсе азап бер!» Аллах: «Баарыңарга эки эседен (азап бар). Бирок силер билбейсиңер!» - дейт.

39. Ошондой эле, алгачкылар кийинкилерге[4]: «Силердин бизден эч кандай артыкчылыгыңар жок», -дешет. «Эми кылган ишиңердин азабын таткыла», - (дейт Аллах).

40. Чындыгында, ким Биздин айаттарды четке какса, текебер болсо, аларга асмандардын дарбазалары ачылбайт жана төө ийненин көзүнөн өткөнгө чейин[5] Бейишке киришпейт. Күнөөкөрлөрдү ушундай жазалайбыз.

41. Тозок алардын төшөнчүсү да, жамынчысы да болот. Заалымдардын жазасын ушунтип беребиз.

42. Ыйман келтирип, жакшы иштерди жасагандар - Бейиш эли жана алар ал жерде түбөлүккө калышат. Биз ар бир жанга ал көтөрө албаганды[6] жүктөбөйбүз.

43. Алардын жүрөктөрүндөгү кайгыларды Биз алып салабыз. Алардын алдынан дарыйалар агып турат жана алар: «Бардык мактоо бизди туура жолго салган Аллахка болсун! Эгер Аллах бизди туура жолго салбаганда, туура жолду таба албайт элек. Акыйкатта, Эгебиздин элчилери чындыкты айтышкан», - дешет. Анан аларга: «Мына, Бейиш бактары! Силер өзүңөр жасаган иштериңер үчүн ушунун мураскору болдуңар», - деген үн чыгат.

44. Бейиш эли Тозок элине кайрылып: «Эгебиз, бизге убада кылгандарын биз чындык деп кабыл алдык. Силер да Эгеңердин убадасынын чындык экенине ишендиңерби?» - деп сурашат. Алар[7]: «Ооба», - дешет. Ошондо алардын арасынан бирөө: «Аллахтын каргышы - заалымдарга[8]!» - деп, жар салат.

45. Алар Аллахтын жолунан (адамдарды) тосуп, ал жолду бурмалагандар Акыретке да ишенишпейт.

46. Алардын ортосунда тосмо дубал бар. «Аараф[9]» -тосмонун өйдө жагында баарын белгилеринен тааныган адамдар бар. Алар бейиш ээлерине[10]:

---

1 Эрчигендер

2 Эрчиткендерге

3 Шайтандар

4 Шайтандар каапырларга

5 А бул такыр мүмкүн эмес. Демек, алар түбөлүк Тозокто калышат

6 Милдетти, сыноону, кыйынчылыкты

7 Тозоктогулар

8 Өз бактысына өзү заалымдык, таш боордук кылып, өз Жаратуучусуна ибадат кылбай, өмүрүн текке кетирген терсайактык, текеберлик кылгандарга

9 Арааф - Бейиш менен Тозокту бөлүп турган бийик тосмо дубал

10 Арьааф дубалынын үстүндө тургандар

«Силерге Аллахтын тынчтыгы болсун!» - деп үн салат. Алар[1] - али Бейишке киришкен эмес. Бирок үмүт кылып[2] тургандар.

47. Качан алардын көздөрү Тозок жакка бурулган кезде: «Оо, Эгебиз! Бизди заалым -каапыр адамдар менен чогуу кыла көрбө!» - дешет.

48. Аарафтагылар тозоктогуларды белгилеринен таанып: «Силердин текеберлигиңер жана жыйнагандарыңар пайда бербедиби?» - деп кыйкырып сурашат.

49. (Аллах момундарга тозоктогуларды көрсөтүп) аларга[3]: «Аллахтын ырайымы тийбейт», - деп ант ичпедиңер беле? Бейишке киргиле[4]! Силерге (эми) коркунуч да, кайгы да жок» - делинет.

50. Тозоктогулар Бейиштегилерге: «Аллахтын силерге берген сууларынан жана ырыскыларынан бизге да бергилечи» - деп кыйкырышат. Алар: «Ырасында, Аллах ал экөөсүн тең каапырларга арам кылган», - дешет.

51. Алар - диндерин ойун-зоокко айландырышып, дүйнө жашоосу азгыргандар. Алар ушул күнгө жолугаарын унутуп, айаттарыбызды четке каккандай, эми Биз да аларды унутабыз[5].

52. Ырасында, Биз ыйман келтирген коом үчүн Туура Жол менен акыйкаттын ичинде бир Китеп (Куранды) түшүрдүк. Ал - [6] кайра таанытуучу (Китеп).

53. Алар[7] анын[8] натыйжасын гана күтүп жатышат. Анын натыйжасы келген (Кыйамат) күнү, аны эстеринен чыгаргандар: «Эгебиздин элчилери чындыкты алып келишкен болчу. Эми бизди колдоочу бар бекен? Же дүйнөгө кайра кайтарылар бекенбиз? Ошондо кылган иштерибизден башкача (жакшы) иштерди жасамакпыз», - дешет. Алар өз жандарына өздөрү кыйанаттык кылышты. Аларды өздөрү ойлоп тапкандары[9] адаштырып, кайгыга салды.

54. Чындыгында, силердин Эгеңер - Аллах! Ал асмандар менен жерди алты күндө жаратып, Аршка истиваа[10] болду. Бирин- бири кубалап, күндүздү каптаган түндү, күн менен айды жана жылдыздарды Өз амирине багындырды. Акыйкатта, жаратуу жана бийлик жүргүзүү - Ага таандык. Ааламдардын Эгеси Аллахка улуктук!

1 Арааф дубалынын үстүндө тургандар
2 Бейишке кирүүнү
3 Момундарга
4 Деп момундарга айтылат
5 Аларды азапка таштайбыз
6 Ак-караны, адал-арамды, жакшы-жаманды ажыратып
7 Каапырлар
8 Өз кылмыштарынын
9 Аллах Таалага кошкон шериктери
10 Аллах Таалага

55. Аллахка жалбаруу менен купуйа кайрылгыла. Албетте, Ал чектен ашкан текеберлерди жакшы көрбөйт.

56. Жер жүзүндөгү жашоо оңолгон соң бузукулукту таратпагыла жана Ага коркунуч, үмүт менен кайрылгыла[1]. Акыйкатта, ким жакшы иштерди жасаса, ага Аллахтын ырайымы жакын.

57. Ал (Аллах) - Өз ырайымынын жарчысы[2] катары шамалдарды жиберет. Чындыгында, оор булуттарды көтөргөн шамалдарды өлүү чөлкөмдөргө жиберип, ал аркылуу суу түшүрүп[3], тирилтип, түрлүү жемиштерди чыгарабыз. Мына ушундай эле өлүктөрдү[4] да тирилтебиз. Балким, акылыңарга келээрсиңер!

58. Жакшы жердин өсүмдүктөрү Аллахтын каалоосу менен чыгат. Кунарсыз жерге болсо аз нерсе чыгат[5]. Шүгүр кылуучу элге айаттарыбызды ушинтип байан кылабыз.

59. Ырасында, Биз Нухту өз элине пайгамбар кылып жибердик. Ошондо ал: «О элим! Аллахка ибадат кылгыла. Силердин Андан башка Кудайыңар жок. Албетте, мен силерге келе турган улуу күндүн[6] азабынан коркомун», - деди.

60. (Нухтун) элинин башчылары: «Чындыгында, биз сенин катуу адашканыңды көрүп турабыз», - дешти.

61. «Эй, элим! Менде эч кандай адашуучулук жок. Мен - ааламдардын Егеси тараптан (жиберилген) бир элчимин», - деди.

62. «Силерге Эгеңер жибергендерди жеткирип, силерди (жакшылыкка) үгүттөймүн. Ошондой эле, Аллахтын сыпаттарынан[7] силер билбегендерди билем,

63. такыба болуп, ырайым кылынууңар үчүн Эгеңер тараптан өз ичиңерден (тандалып) бир эскертүүчү[8] келип, силерге насаат айтса, ошого таңыркап жатасыңарбы?»

64. Ошондо алар аны жалганга чыгарышты. Биз (Нухту) жана анын кемесинде болгондорду куткарып, айаттарыбызды жалганга чыгаргандарды сууга чөктүрүп жибердик.

65. Аад элине өз тууганы Худду жибердик. Ал: «Эй, элим! Аллахка (гана)

1 Тилек кылып, сурагыла

2 Шамал, жамгырдын болоорун сүйүнчүлөйт

3 Жамгыр жаадырып

4 Өлгөн адамдарды да

5 Б.а. Ар кимдин чын ыкластан жасаган жакшы ишине жараша сооп, сыйлык, бакыт...

6 Кыйаматтын

7 Аллах Тааланын жардамы, каалоосу менен Ал өзү жиберүүчү жана келечекте болуучу (Топон суу сыйактуу) айрым окуйаларды

8 Пайгамбар. Бул жерде Нух (а.с.) тууралуу айтылууда

ибадат кылгыла! Силердин Андан башка Кудайыңар жок. Коркпойсуңарбы[1]?!» - деди.

66. Элинин каапырлары: «Сенин акылдан адашканыңды көрүп турабыз. Биз сени жалганчы катары билебиз», - дешти.

67. Ал: «Эй, элим! Менде акылдан адашуу жок. Мен - ааламдардын Эгесинен (келген) элчимин[2]».

68. «Мен силерге Эгемден (келген) кабарларды жеткиремин. Мен силер үчүн ишеничтүү насаатчымын».

69. «Силер эмнеге өз Эгеңерден өзүңөрдөн чыгарылган эскертүүчү аркылуу кабар келсе таң каласыңар? Эсиңерде болсун: Ал силерди Нухтун коомунан кийин (жердеги) өз орун басары кылды[3] жана силерди күч тарабынан артык кылдык. Аллахтын жакшылыктарын эстегиле! Мүмкүн кутулаарсыңар».

70. Алар: «Сен бизге жалгыз гана Аллахка ибадат кылып, ата-бабаларыбыз табынгандарды таштышыбыз үчүн келдиңби? Эгер чындыкты айтып жаткан болсоң, анда бизге убада кылып жатканыңды алып келчи, (көрөлү)?!» - дешти.

71. (Худ): «Эгеңердин каары жана азабы силерге жакында түшөт. Силер жана ата-бабаңар атаган, Аллах эч кандай далил жибербеген ысымдар (сөлөкөттөр) тууралуу мени менен талашасыңарбы?! [4]Күткүлө, мен да силер менен чогуу күтөйүн», - деди.

72. Биз аны жана аны менен болгондорду Өзүбүздүн мээрим менен куткарып калдык. Биздин айаттарды жалганга чыгарып, ыйман келтирбегендердин баарын жок кылдык.

73. Ал эми Самуд элине алардын тууганы Салихти (пайгамбар кылып) жибердик. Ал: «Эй, элим! Аллахка (гана) ибадат кылгыла! Силердин Андан башка Кудайыңар жок! Силерге Эгеңерден өзгөчө керемет келди. Мына, Аллахтын ингени силер үчүн[5] - бир керемет. Ага тийбегиле, Аллахтын жеринде оттосун. Ага бир жамандык кылып жүрбөгүлө. Антсеңер, силерди оорутуучу азап алат», - деди.

74. Эсиңерде болсун: (Аад элинен) кийин силерди Аллах Өз орун басары кылып, жерден орун берди. Анын (жердин) өрөөндөрүнө хансарайларды куруп, тоолорго үй кургула. Аллахтын жакшылыгын унутпагыла жана бузуку-ыпластык менен жер бетин булгабагыла!

---

1 Тозок отунан, азабынан, Кыйаматтын сурагынан

2 Пайгамбармын

3 Нухтун эли кыйратылгандан кийин

4 Андай болсо, Аллах Тааладан келе жаткан азап-кайгыны

5 Ботолуу, сүттүү каймал төө

**75.** (Самуд элинин) башчылары, ыйман келтирген алсыздардан[1]: «Силер Салих өз Эгесинин пайгамбары экенин билесиңерби?» - деп сурады. Алар: «Чындыгында, биз ал эмне менен[2] жиберилгенине ыйман келтиребиз!» - дешти.

**76.** Текеберлер: «Чындыгында, биз силер ыйман келтирген нерсени четке кагабыз!» - дешти.

**77.** Алар өз Эгелеринин буйруктарына кулак салышпай, ингенди мууздап салышты да: «Эй, Салих! Эгер сен пайгамбар болсоң, кана бизге алып келчи!» - дешти.

**78.** Таң эрте менен аларды[3] жер титирөө каптап, өз туракдарында бүк түшүп (өлүп) жатышты.

**79.** Ошондо Салих алардан баш тартты да: «Эй, элим! Мен Эгемдин эскертүүсүн жеткирип, эскерткен болчумун. Бирок силер ак ниет насаатчыларды сүйбөйсүңөр», - деди.

**80.** Лут элине айтканын эсте: «Кантип силер мурда жер жүзүндө болбогон ыпластыкты жасайсыңар?

**81.** Чындыгында, силер айалдардын ордуна эркектерге кумардануу менен келесиңер. Силер, чындыгында, чектен ашкан коомсуңар»,- деди.

**82.** Бирок анын элинин жообу төмөнкүчө болду: «Аларды шаардан кууп чыккыла. Булар - өздөрүн тазасынган адамдар».

**83.** Биз аны, үммөттөрүн - анын айалынан башкаларын сактап калдык. Ал (айалы) калгандар менен чогуу эле[4].

**84.** Биз алардын үстүнө таштарды (жамгырдай) жаадырдык. Кара: Күнөөкөрлөрдүн акыбети кандай бүттү!

**85.** Мадийан элине алардын тууганы Шуайпты (пайгамбар кылып) жибердик. Ал айтты: «Эй, элим! Аллахка (гана) ибадат кылгыла! Силердин Андан башка кудайыңар жок! Силерге Эгеңерден ачык белги түштү», - деди. Таразаны жана өлчөмдү толук сактагыла[5], адамдардын[6] нерселерине зыйан кылбагыла, жерде - ал түзөлгөн соң бузукулук жасабагыла. Эгер ыймандуу болсоңор, бул - силер үчүн жакшы.

**86.** Аллахка ыйман келтиргендерди коркутуп, Аллах жолун тосуп, аны (динди) бурмалоо үчүн баардык жолдордо олтурбагыла[7]! Эстегиле:

---

1 Кедейлерден

2 Кандай керемет жана айаттар менен

3 Каапырларды

4 Бузулган коомдун жактоочусу болчу

5 Таразадан жана өлчөп саткан кезиңерде кардарларыңарды алдабагыла. Арам жол менен байлык топтобогула

6 Акысын, мүлкүн акчасын...

7 1. Эл өтчү жолдо олтуруп алып, мечиттерге өткөн мусулмандардын үстүнөн күлбөгүлө;

Силердин аз[1] кезиңерде (Аллах) көбөйттү жана бузукулардын акыбети кандай болгонун карагыла.

87. Эгерде силерден бир тайпа Мен жиберген нерсеге[2] ишенсе жана дагы бир тайпа ишенбесе, Аллах биздин ортобузда өкүм кылганга чейин ага сабыр кылгыла. Ал[3] - өкүм чыгаруучулардын эң Мыктысы!

88. Аны коомунун текеберлери: «Эй, Шуайп, чындыгында сени, же сени менен ыйман келтиргендерди айылыбыздан чыгарабыз, же силер биздин динге кайтасыңар», - деп айтышты. (Шуайп: ) «Эгер (силердин диниңерди биз) жаман көрсөк дагыбы?!

89. Эгерде силердин диниңерге Аллах бизди андан куткарган соң кайтсак, анда, чындыгында, Аллах тууралуу жалган айтып, Ага жалаа жапкан болобуз. Биздин Эгебиз Аллахтын каалоосу болмойунча биз үчүн артка кайтуу болбойт! Биздин Эгебиз Өз илими менен бардык нерселерди камтыйт. Аллахка тобокел кылдык. Оо, Эгебиз! Биздин ортобузду жана коомубуздун ортосун акыйкат менен ачкын[4]. Сен ачуучулардын [5] эң Мыктысысың!» - деди.

90. Анын коомунан каапыр болгондор: «Эгер силер Шуайпты ээрчисеңер, анда силер зыйанга учурайсыңар!» - дешти.

91. Аларды жер титирөө талкалады[6]. Алар өз журттарында жер астында, бүк түшкөн абалда таңды тосушту[7].

92. Шуайпты жалганга чыгаргандар, ал жерде (эч качан) болбогондой[8] (абалга келишти). Шуайпты жалганга чыгаргандар зыйанга учурашты.

93. Алардан жүз буруп: «Эй, элим! Чындыгында, Эгемдин байанын силерге жеткиздим, силерге насаат кылдым. [9]Каапыр журт үчүн эмнеге кайгырмак элем?» - деди

94. Эгер ар кандай шаарга бир элчи жиберсек, ал жердин тургундарын кaатчылык, оорууга кириптер кылдык. Мүмкүн алар жалбарышаар[10].

95. Андан соң алардын көңүлдөрү жайланышы үчүн жамандыктын ордун

2. Аллах Тааланын Туура Жолунда бараткан мусулман адамдарды азгырып, адаштырып, күнөө кылуучу жолдорго салууга далалат кылбагыла

1 Сан жагынан

2 Куранга

3 Аллах Таала

4 «Биздин ортобуздагы мамилелерде чындык ким тарабында экенин ачыкка чыгар» деген мааниде

5 «Жалган-чынды ачыкка чыгаруучулардын эң Мыктысы» деген мааниде

6 «Аларды күнөөлөрү үчүн жазалап, жерди титиретип кыйратып салдык» деген мааниде

7 Баштары менен жерге сайылган абалдарында өлүп, ошол бойунча жер алдында калышты

8 Жер тептегиз болуп түздөлүп, кечээки элдүү шаар ээн талаа, эрме чөлгө айланды да калды

9 Аллах Тааланын каргышы уруп, жер жутуп кеткен каапыр коом үчүн...

10 Аллах Таалага

жакшылык менен алмаштырдык. Алар: «Ата-бабаларыбыздын башына да тарчылык жана кеңчилик түшкөн», - дешти. Анан Биз капилет алганыбызда алар (кырсыктын келгенин) сезбей да калышты[1].

**96.** Эгер, чындыгында, айылдардын тургундары ыйман келтиришкенде, такыба болушканда Биз аларга берекелерди асмандан жана жерден да ачмакпыз (жибермекчибиз). Бирок (айаттарды) жалганга чыгарышты. Аларды өздөрү кылган күнөөсүнөн улам алдык[2].

**97.** Чындыгында, шаар-кыштактардын тургундары уктап жатышканда Бизден балээ келишинен коопсуз болушканбы?

**98.** Же калаалардын тургундары алар ойноп жаткан шашкеде Биз тараптан кырсык келишинен бейкапар беле?

**99.** Эмне, Алар Аллахтын (аларды жазалоо тууралуу) амалынан өздөрүн тынч сезиштиби? Кыйратылган коомдон башкалары эч кимиси өзүн Аллахтын амалынан тынчмын деп санай албайт!

**100.** Жерди мурдагы ээлеринен мурас кылып алгандарды качан кааласак жазалаарыбыз, укпай турган[3] кылып алардын жүрөктөрүн мөөрлөп койорубуз аларга маалым эмеспи?!

**101.** Булар - Биз сага кабарлаган калаалар. Ал жерлерге ачык белгилер менен элчилер келишкен. Бирок алар мурда жалганга чыгарып келген нерсеге ыйман келтиришпеди. Аллах каапырлардын жүрөктөрүн ушундай кылып мөөрлөйт.

**102.** Алардын көбү убадага турушпайт. Алардын көбү, чындыгында, бузукулар.

**103.** Андан кийин Мусаны Фараонго жана анын тобуна кереметтер менен жибердик. Ошондо алар кереметтерге зулумдук кылышты[4]. Бузукулардын акыбети кандай болгонун көр!

**104.** Муса айтты: «Эй, Фараон! Чындыгында мен ааламдардын Эгесинен (келген) элчимин,

**105.** Аллахка акыйкатты гана айтууга милдеттүүмүн. Силердин Эгеңерден ачык белгилер менен келдим. Мени менен кошо (кетүүсү үчүн) Исраил коомун жөнөт[5]»,-деди.

**106.** Ал (Фараон): «Эгер сен ачык белги менен келсең, чынчылдардан болсоң аны көрсөт!» - деди.

---

1 Жер титирөө ж.б.у.с. кырсыктар аларга капилет: түнкү уйкуда, же түшкү тыныгуу учурунда келген

2 Жазаладык

3 Куранды угушпай, угуша да түшүнбөй, тескерисинче андан качыша турган кылып

4 Адилетсиз мамиле кылышты

5 Исраил урпактары 30. жылга жакын Мисирде (Египетте) эзүүдө болушкан. Муса (а.с.) ошол кулчулуктун акыркы доорунда жарык дүйнөгө келип, Исраил элин Фараондун эзүүсүнөн Аллахтын амири менен куткарган

**107.** Муса тайагын ыргытты. Ал анык жыланга айланды.

**108.** Ал (Муса) колун (чөнтөгүнөн) чыгарды. Ал карап тургандарга аппак болуп көрүндү.

**109.** Фараондун коомунун башчылары айтты: «Бул - чындыгында билимдүү сыйкырчы,

**110.** ал силерди жериңерден чыгарууну каалайт. Эмнеге буйурасыңар?» - деди.

**111.** Алар айтышты: «Аны жана анын агасын кармагыла жана шаарларга жыйноочуларды жибер,

**112.** алар бардык билимдүү сыйкырчыларды сага алып келишсин!»

**113.** Сыйкырчылар келишип, Фараонго: «Чындыгында эгер биз жеңсек, бизге сыйлыктар барбы?» - дешти.

**114.** (Фараон) айтты: «Ооба. Чындыгында, (жеңсеңер мага) силер жакындардан[1] болосуңар».

**115.** (Сыйкырчылар) айтышты: «Эй, Муса! (Оболу) сен ыргытасыңбы же биз ыргыталыбы?».

**116.** (Муса): «Ыргыткыла!», -деди. Алар ыргыткан кезде адамдардын көздөрүн сыйкырлап, чоң сыйкыр менен келишип, адамдарды коркунучка кабылтышты.

**117.** Мусага: «Тайагыңды ыргыт!» - деп айан бердик. Ошондо (Мусанын) тайагы алардын кылган жалганын[2] жута баштады.

**118.** Ошондо чындык аткарылып, алардын жасаган (сыйкырлары) текке кетти.

**119.** Ошентип, алар жеңилип, кор болуп кайтышты да,

**120.** анан сыйкырчылар сеждеге дароо жыгылышты.

**121.** (Сыйкырчылар) айтты: «Ааламдардын Эгесине ыйман келтирдик,

**122.** Муса менен Харундун Эгесине!»

**123.** Фараон: «Мен силерге уруксат бере электе эле Ага (Аллахка) ыйман келтирдиңерби?!» - деди. Чындыгында бул - шаардын тургундарын[3] чыгарып, (эзүүдөн) куткарып жиберүүңөр үчүн жасалган амалкөйлүк. Бирок жакында силер эмне болорун көрөсүңөр,

**124.** Сөзсүз, колу-бутуңарды кайчылаштырып кесип, баарыңарды асамын».

**125.** (Сыйкырчылар) айтты: «Биз сөзсүз Эгебизге кайтуучуларданбыз.

---

1 «Менин хансарайымдагы даражалуу кызматкерлерден болуп каласыңар»

2 Сыйкырлуу жыландарын

3 Исраил урпактары

**126.** Сен бизден Эгебиздин айаттарына ыйман келтиргенибиз үчүн өч аласыңбы?! Эгебиз! Бизге сабырдуулук берип, мусулман абалда өлтүр!»[1].

**127.** Фараон коомунун башчылары: «Мусаны жана анын элин жер жүзүндө бузукулук кылуусуна, сени да, кудайларыңды да таштоосуна жол бересиңби?» -дешти. Фараон: «Балдарын өлтүрүп, айалдарын тирүү калтырабыз. Биз алардын үстүнөн өкүмдарбыз», -деп айтты.

**128.** Муса элине: «Аллахтан жардам тилеп, сабыр кылгыла! Чындыгында Жер Аллахка таандык. Ал, аны пенделеринен каалаганына мураска берет. Акыбети такыбалар үчүн (жакшы) деди».

**129.** «Бизге сен келээриңден мурда да, сен келгенден кийин деле кыйналдык», -деп айтышты[2]. «Эгеңер душманыңарды өлтүрүп, силерди жерге орноштурсун! Анан силердин да кандай иштээриңерди көрөт», -деп айтты[3].

**130.** Чындыгында, Фараондун элин каатчылык жылдар[4] жана жемиштерди кемитип, колго алдык. Мүмкүн насаат алышаар.

**131.** Аларга бир жакшылык келсе: «Бул биздин (акыбыз)» -деп, ал эми бир жамандык келсе, Муса жана аны менен бирге болгондорго жоромолдошту. Билип койгула: Алардын бактысыздыгы Аллахка таандык. Бирок, алардын көпчүлүгү билишпейт.

**132.** Алар: «Бизди сыйкырлоо үчүн канча керемет келтирсең деле, сага ишенбейбиз» -деп айтышты.

**133.** (Ошондуктан) аларга[5] топон суу, чегиртке, бит, бака жана канды айкын белги-керемет түрүндө жибердик[6]. Ошондо деле алар текебер, күнөөкөр коом бойунча калышты.

**134.** Аларга азап келген кезде (гана): «Эй, Муса! Эгеңе сага берген убадасы бойунча жалбарып сура. Эгер бизди азаптан куткарсаң, сага ишенебиз да, Исраил урпактарын сени менен (кошо) бошотобуз», - дешти.

**135.** Белгилүү мөөнөткө чейин жете турган кылып алардан азапты алганыбызда алар убадаларын (кайра) бузушту.

**136.** Айаттарыбызды жалганга чыгарып, ага кайдыгер мамиле кылгандыктан аларды деңизге чөктүрүп өч алдык[7].

---

1 Сыйкырчылардын сөзү

2 Мусанын эли, Мусага

3 Муса (а.с.)

4 Кургакчылык

5 Фараон калкына

6 Кабарларда байандалгандай; бир жума караңгылык каптап, нөшөрлөгөн жамгыр сели алардын үйлөрүн каптайт. Муса Аллах Таалага жалбарып, Аллах Тааланын буйругу менен күн ачылып, мол өсүмдүктөр чыгат. Ошондо да алар ыйман келтирбегендиктен Аллах Таала аларга балээ жиберип, сууларын канга айландырат.

7 Жазасын бердик

137. Кыйналган коомду[1] биз жердин чыгыш тарабына да, батыш тарабына да мураскор кылдык да, анда береке бердик. Алардын сабыр кылуусунан улам Эгеңдин Исраил урпактарына айткан жакшы сөздөрү орундалды. Фараон менен анын элин, бийиктетип жасап жаткандарын[2] талкаладык.

138. Исраил урпактарын деңизден (аман) өткөрдүк. Анда алар сөлөкөт - буддарга сыйынган коомго келип: «Эй, Муса! Булардын кудайлары сыйактуу бизге да кудай жасап берчи!» - дешти. (Муса): «Чындыгында силер наадан коомсуңар»,-деди.

139. «Сөзсүз алардын диндери жокко чыгарылып, алардын жасаган иштери текке кетет».

140. Бүткүл ааламдан силерди артык кылган Аллахтан башка Кудайды издейинби?!

141. Силерди катуу азап менен кыйнаган, балдарыңарды мууздап, айалыңарды тирүү калтырган Фараондун коомунан куткардык. Ушунда силер үчүн Эгеңердин улуу сыноосу бар.

142. Мусага отуз түн убада кылып, ага он күн менен толуктадык, ошентип Эгесинин белгилүү мөөнөтү кырк түн менен толукталды. Муса агасы Харунга: «Элимдин арасында орун басарым бол. (Аларды) түзөп, бузукулардын жолун жолдобо», - деди.

143. Муса белгилүү чегибизге келип, Эгеси ага сүйлөгөндө: «Эгем, мага Өзүңдү көрсөт, Сени көрөйүн», - деди. (Аллах): «Мени эч качан көрө албайсың. Бирок, тоого кара. Эгер ал ордунда тура алса, сен да Мени көрөсүң», - деди. Ошентип Эгеси тоого (өзүн) көрсөткөн убакта ал талкаланып кетти[3]. (Аны көрүп), Муса эстен танып жыгылды. Эсине келээр замат: «Сен Аруусуң! Сага тообо кылдым! Мен ыймандуулардын алгачкысымын», - деди.

144. (Аллах: ) «Эй, Муса! Чындыгында сени адамдардан элчилигиме жана сүйлөшүүмө тандап алдым. Сага бергендеримди ал да[4], шүгүр кылуучулардан бол», - деди.

145. Биз ага (Мусага) тактайларда бардык нерселерден насаат жана түшүндүрмө жаздык. «Аны бекем карман жана элиңе аны тутунууга буйрук кыл. Сага бузукулардын журтун көрсөтөбүз.

146. Жерде орунсуз текеберленгендерди Өз кереметтеримден четте калтырам. Эгер алар Биздин бардык айаттарды көрүшсө да, ага ишенишмек эмес. Эгер алар Туура жолду көрүшсө да, ага түшүшпөйт. Ал эми

1 Исраил урпактарын

2 Имараттарын

3 Тоо Аллах Тааланын жамалын көрүүнү көтөрө албай чаң-тозоңго айланып, быркырады

4 Аллах Тааланын буйругу менен Муса Тур тоосунда кырк күн болгон соң, Аллах Таала менен сүйлөшүп, Тоорат түшүрүлөт.

жаңылыш жолду көрүшсө, аны жол кылып алышат. Бул - алардын белгилерибизди жалганга чыгарып, (акыйкаттан) кайдыгер калгандыгы.

147. Белгилерибизди жана Акыретте жолугушууну жалганга чыгаргандардын амалдары жойулуп[1], жасаган иштери үчүн жазаланышат.

148. Ошентип Мусанын коому Муса кеткенден кийин жасалгалардан[2] үн чыгуучу[3] музоонун сөлөкөтүн жасап алышты. Музоо аларга сүйлөбөсүн жана Туура жолго баштай албасын билишпейби?! Алар аны (кудай) тутушуп, заалымдардан болушту.

149. Алар катуу өкүнүшүп[4], анык адашкандыктарын көрүшүп: «Эгебиз бизди ырайым кылып кечирбесе, зыйан тартуучулардан болобуз», - деп айтышты.

150. Муса өз коомуна ачууланып, кейиген абалда кайтып келип: «Менден кийин, кандай жаман иш кылдыңар. Эгеңердин буйругуна шаштыңарбы?» - деп (колундагы) жазуусу бар тактайларды таштап, агасынын башынан чапчып, өзүнө карай тарткылады. (Харун): «Эй, энемдин уулу! Чындыгында бул коом мени басынтып, өлтүрмөкчү болду. Мени душмандарга мыскыл кылба жана мени заалым коом менен бирге санаба», - деди.

151. (Муса): «Оо, Эгем, мени жана агамды кечир! Бизди ырайымыңа бөлө! Сен, ырайымдуулардын Ырайымдуусусуң!»

152. Албетте, музоону кудай катары тутунгандарга Эгеси тарабынан каар жана дүнүйө жашоосунда жакында кордук жетет. Ойлоп табуучуларды[5] мына ушунтип жазалайбыз.

153. Жаман иштерди жасагандар, андан кийин тообо кылып, ыйман келтиришсе, чындыгында, Эгең - аларга Кечиримдүү, Боорукер!

154. Мусанын ачуусу басылып, тактайларды алды. Анын бир нускасында; Эгесинен корккондор үчүн Туура жол жана ырайымдуулук (бар болчу).

155. Муса Биз белгилеген убакытка[6] өз коомунан жетимиш киши тандады. Аларды жер силкинүү каптаганда, (Муса): «Эгем! Эгер Сен кааласаң аларды да, мени да мындан мурда жок кылмаксың. Арабыздагы наадандардын[7] кылыктарынан улам бизди жок кыласыңбы? Бул сенин сынооң гана. Аны менен каалаганыңды адаштырып, каалаганыңды Туура жол-

1 Жакшы амалдары текке кетип

2 Алтын, күмүш сыйактуу асыл металлдан куйулган зер буйумдарын кайра ээритип, Саамирий алтын зергерчиге музоо жасатышып, ошого сыйына башташат

3 Шамал болгон кезде музоонун үнү сыяктуу ышкырык үн чыкчу

4 Катуу өкүнүшүп

5 Аллах Тааланын белгилерин жалганга чыгаруучуларды

6 Чогуу келүү үчүн

7 Жаратуучусун таануудан баш тарткан келесоо чалыш

го баштайсың. Сен - биздин Кожойунубузсуң. Бизди кечирип, ырайым кыла көр. Сен - кечирүүчүлөрдүн эң мыктысысың!

156. Бизге бул дүйнөдө да, акыретте да жакшылык жаза көр. Чындыгында биз сага жүз бурдук», - деп айтты. (Аллах): «Каалаганымды азабыма кабылтамын. Ырайымым (болсо) бардык Нерсе ни камтыйт. Аны[1] такыбаларга, зекет бергендерге жана айаттарыбызга ишенгендерге жакында бекемдеймин»,- деди.

157. Алар алдыларындагы Тооратта жана Инжилде жазылганды[2] табышып, сабатсыз пайгамбар-элчини ээрчишет. Ал - аларды жакшылыкка буйуруп, жамандыктан тыйат. Жакшы нерселерди адал, жаман нерселерди арам кылат. Алардын үстүндөгү оор жүктөрдү жеңилдетип, чиеленген нерселерди чечет. Ага ишенгендер аны урмат кылып, жардам беришкендер жана ага түшүрүлгөн нурду[3] ээрчигендер, мына ошолор - (Тозоктон) кутулуучулар!

158. [4]«Эй, Адамдар! Мен силердин баарыңар үчүн Аллахтын элчисимин. Асмандар менен жердин кожойундугу - Аллахка (гана) таандык! Андан башка кудай жок. Ал - тирилтет жана өлтүрөт. Аллахка жана Аллахтын сөздөрүнө ишенгиле, жиберилген сабатсыз пайгамбар-элчисине ишенип, аны ээрчигиле. Балким, Туура жолду табаарсыңар дегин.

159. Мусанын коомунан да Туура Жолго баштоочу жана аны менен адилеттүү иш жасоочу бир тайпа болгон.

160. Биз Исраил урпактарын он эки топ-урууга бөлдүк. Мусадан анын коому суу сураган кезде ага: «Тайагың менен ташты ур!» - деген айан бердик. Ошондо таштан он эки булак чыгып, ар ким өз булагын таанып алышты. Аларга булутту көлөкө кылып, өздөрүнө «манна[5] жана салваа[6]» түшүрдүк: «Силерге Биз берген ырыскылардын тазасынан жегиле» (дедик). Алар Бизге зулумдук кылышкан жок. Өздөрүнө гана зулумдук кылышты.

161. Ошондо аларга: «Ушул кыштакта жашап, каалаганыңарча жегиле жана (Аллахтан) кечирим сурап, эшиктен сежде кылып киргиле! Күнөөңөрдү кечирип, жакшылык кылуучулардан артыкча (сыйлык) беребиз», - деп айтылды.

162. Алардын заалымдары өздөрүнө айтылган сөздү[7] башкага алмаштырышты. Алар зулумдук кылгандыктан үстүлөрүнө балээ жибердик.

---

1 Ырайымды

2 Пайгамбарыбыздын сыпатын

3 Куранды

4 Эй, Мухаммед! Коомуңа:

5 «Манн» деп аталган суйук тамакты

6 Канаттуу-бөдөнө

7 Иудейлердин жана христиандардын айрым диний аалымдары өз колдорундагы Тораттагы

**163.** [1]Алардан деңиз жээгинде жайгашкан кыштак тууралуу сура. Алар ишемби күнү чектен чыгышчу. Аларга ишемби күнү балыктар көрүнүп[2], көп келип, башка күндөрү келчү эмес. Аларды бузукулук кылгандыгы себептүү[3] ушундай сынадык.

**164.** Алардан бир тайпа: «Аллах катуу азаптап, (акыры) жок кыла турган коомго эскертүүнүн эмне кажети бар?» - дешти. «Эгеңерден кечиримин тилейли, мүмкүн алар такыба болуп калышаар[4]», - деп (аларга жооп) айтышты.

**165.** Өздөрүнө берилген эскертүүнү унуткан[5] кезде жамандыктан тоскондорду (азаптан) куткардык. Андыктан заалымдарды[6] бузукулук кылгандыгы себептүү катуу азапка кабылттык.

**166.** Аларды тыйуу салынган нерселерде чектен чыккандыгы үчүн «маймыл болуп, кор болгула!» - деп буйрудук.

**167.** Эгең аларды[7] кыйамат Күнүнө чейин жаман азап менен кыйнай турган бирөөлөрдү[8], албетте жибере турганын аларга билдирди. Чындыгында, Эгең - тез Жазалоочу жана Кечиримдүү, Боорукер!

**168.** Аларды жер бетинде (ыдыратып) тайпаларга бөлүп салдык. Алардын[9] жакшылары да, жамандары да бар. Аларды жакшылык[10] менен да, жамандык[11] менен да сынайбыз. Мүмкүн[12] (каапырлыктан) кайтышаар.

**169.** Алардан кийин Китепке мураскор болууга да жана ушул сапатсыз дүйнөнүн буйумун (сугалактык менен) басып алууга да умтулган коом келет, алар: «Балким биз[13] кечирилебиз. Ушул байлык аларга[14] берилгенде, алар деле алышмак», - дешет. Аллахка байланыштуу чындыкты гана айтуу бойунча Тооратта алардан убада алынган болчу. Алар андагы

---

жана Инжилдеги Аллах Тааланын сөздөрүн өз сөздөрү менен алмаштырып койушкан.

1 Эй, Мухаммед!

2 Аллах Тааланын буйругу менен

3 Алардын күнөөлөрү үчүн ушундай кордук көргөзүп

4 Аллах Тааланын динине чакыруучулар

5 Ыпластыкка белчесинен толук баткан

6 Адилетсиздерди

7 Иудейлерди, Исраил урпактарын

8 Зулум, зөөкүр, адилетсиз падышаларды аларга үстөмдүк кылуучулардан кылып

9 Иудейлердин

10 Маселен бай-бардарчылык, ден соолук, тынчтык...

11 Куугунтук, кедейчилик, ооруу, кырсык....

12 Бул дүйнөдөгү өмүрлөрү түгөнгөнгө чейин, эстерине келишип, Аллах Тааланын динине, жолуна

13 Аллах Таала тарабынан

14 Мусулмандарга

нерселерди (айаттарды) окушпадыбы? Чындыгында акырет журту - такыбалар үчүн жакшы. Акылга келбейсиңерби?

**170.** Китепти[1] карманып, намазды толук аткарышат[2]. Чындыгында биз жакшы иштерди жасоочулардын сообун текке кетирбейбиз.

**171.** Тоону көлөкө түрүндө Исраил урпактарынын үстүнө көтөрдүк. Алар аны түшүп кетет деп ойлошту. (Аларга: ) «Силерге бергенди[3] бекем кармап, анын ичиндегилерди түшүнгүлө, балким такыба болорсуңар» (дедик).

**172.** Кыйамат Күнү: «Мындан кабарыбыз жок болгон» -деп айтпооңор үчүн Эгең Адамдын перзенттеринин жонунан (белинен) өздөрүнүн урук-тукумун чыгарып, анан: «Мен силердин Эгеңер эмесминби?» (деди). Алар: «Ооба, Сен биздин Эгебиз экениңе күбөлүк бердик», - дешти.

**173.** Же: «Мурунку ата-бабабыз (Аллахка) шерик тутушкан, биз да алардын урпагыбыз. Бузукулардын жасаган жамандыгын себеп кылып бизди жок кыласыңбы?» (деп айтпашыңар үчүн).

**174.** Аларга айаттарыбызды (ушундай) ачык байандайбыз. Мүмкүн алар (ыйманга) кайтышаар?

**175.** Аларга[4] Биз түшүргөн айаттар кыйгап өткөндүктөн шайтан ээрчип алып, адашуучулардан болгон адам тууралуу айтып бер.

**176.** Эгер Биз кааласак муну менен[5] анын[6] даражасын жогорулатып койор элек. Бирок ал ушул (убактылуу) дүйнөгө абдан берилип, өз каалоосун ээрчиди[7]. Ал итке окшош. Эгер куусаң тилин салаңдатат[8], жөн койсоң да[9] тилин салаңдата берет. Аллахтын айаттарын четке каккан адамдардын мисалы дал ушундай. Ушул байанды айт, алар ойлонушсун.

**177.** Айаттарыбызды жалганга чыгарып, өздөрүнө зулумдук кылган адамдардын мисалы кандай жаман!

**178.** Аллах кимди Туура Жолго салса, ал Туура Жолго түшүүчү. А кимди адаштырса, алар - кыйроочулар.

**179.** Биз адамдардын жана жиндердин көпчүлүгүн Тозок үчүн жараттык: алардын жүрөктөрү бар, бирок аны менен түшүнүшпөйт; алардын

---

1 Курандагы буйруктарды бузбай аткарып

2 Окушат

3 Китепти

4 Иудейлерге

5 Курандагы даанышмандык менен

6 Айаттар кыйгап өткөн адам

7 Сезимдеринин кулуна айланды

8 Жанынын болушунча качат

9 Ага эмне гана кылба, ал баары бир оозунан тынымсыз аккан ыплас шилекейи менен баарын булгайт

көздөрү бар, аны менен көрүшпөйт жана алардын кулактары бар, аны менен угушпайт. Алар айбан сыйактуу, же андан да жаман (адашуучу). Ошолор кайдыгер калгандар.

180. Аллахтын керемет ысымдары бар, Ага ошол ысымдар менен жалбаргыла. Аллахтын ысымдарын булгагандардан узак болгула. Алар өздөрү кылгандарынын азабын тартышат.

181. Биз жараткан адамдардан адилеттүүлүккө чакырып, өздөрү да адилеттүүлүк менен иш жасай турган бир тайпа бар[1].

182. Биздин айаттарыбызды жалганга чыгаргандарды алар күтпөгөн жактан (балээ жиберип) акырындап алабыз[2].

183. Мен алардын (өлүмү келүүчү) мөөнөтүн узартып койом. Чындыгында, Менин айлакерлигим күчтүү!

184. Алар ойлонушпадыбы? Алардын жолдошу[3] акылсыздардан эмес! Ал - анык эскертүүчү!

185. Алар асмандар менен жердеги чыныгы Өкүмдарлык Аллахтыкы экенин, анткени мунун баарын Аллах жаратканын жана алар өздөрүнүн ажалдары жакын экендигин ойлошпойбу? Алар эми мындан кийин дагы кайсыл сөзгө ишенишет?!

186. Аллах кимди адаштырса, ага Туура жолду көрсөтүүчү жок. (Аллах) аларды өздөрүнүн адашуусуна айран кылган абалда калтырат.

187. Сенден Кыйамат качан болоорун сурашат. ([4]Сен аларга): «Чындыгында, анын кабары Эгемдин алдында. Анын убактысын Ал гана ачыкка чыгарат», - дегин. Ал (Кыйамат) асмандар жана жер үчүн да оор болот. Ал капилет келет. Алар сенден сен аны билип тургансып сурашат. Сен айт: «Чындыгында, анын маалыматы Эгемдин алдында. Бирок көптөгөн адамдар аны билишпейт[5]».

188. Мен өзүмө, Аллахтын каалоосу болмойунча пайда да, зыйан да алып келе албаймын. Эгер мен кайыпты билгенимде, чындыгында, өзүмө жакшылыктан көбөйтмөкмүн. Жамандык мага тиймек эмес. Мен, чындыгында, ыйман келтирген элдер үчүн (Тозокту) эскертүүчү жана (Бейишти) сүйүнчүлөөчүмүн.

189. Ал силерди бир жандан[6] жаратып, үйүр алуусу үчүн андан[7] жубайын[8]

---

1 Мухаммед (а.с.)дын үммөттөрү

2 Жок кылабыз

3 Мухаммед (а.с.)

4 Мухаммед (а.с.)

5 Кыйаматтын сөзсүз болоорун, анын жалган эмес, чындык экенин.

6 Адам атадан

7 Адам атанын кабыргасынан

8 Обо Энени

жаратты. Жубайына кошулганда анын бойуна жеңил түрдө (бала) бүттү. Ошондо аны менен[1] жүрүп оорлошкон[2] кезде[3], экөөнүн Эгеси болгон Аллахка жалбарышты: «Эгерде бизге жакшы перзент берсең, чындыгында биз шүгүр кылуучулардан болот элек».

**190.** Ал экөөнө жакшы бала берген соң, алар (Аллахка) шериктерди кошушту. Аллах алардын шерик туткан нерселеринен өйдө[4].

**191.** Эч нерсени жаратпаган, (тескерисинче) өздөрү жаратылган нерсени (Аллахка) шерик кылышабы?!

**192.** Өздөрүнө[5] да, башкаларга да жардам кыла албайт!

**193.** Эгер аларды түз жолго чакырсаңар силерди ээрчибейт. Аларды чакырасыңарбы, же унчукпай койосуңарбы, силерге баары бир.

**194.** Чындыгында Аллахка кошулган шериктер - өздөрү силер сыйактуу эле пенделер. Болбосо, эгер силер чынчыл болсоңор, аларды чакырып[6] көргүлөчү, алар силерге жооп берээр бекен?

**195.** Алардын (сөлөкөттөрдүн) баса турган буттары, кармай турган колдору, көрө турган көздөрү, уга турган кулактары барбы? (Аларга): «Колдоочуларыңарды чакыргыла да, бир да көз ирмем убакыт бербестен, мага каршы амалкөйлүк жасагыла!» - деп айткын.

**196.** Чындыгында, менин кожойунум - Куранды түшүргөн Аллах. Ал жакшы адамдарга да кожойундук кылат.

**197.** Аллахтан башкага сыйынган нерселериңер силерге да, өздөрүнө да жардам бере алышпайт.

**198.** Эгер аларды түз жолго чакырсаң - угушпайт. Алардын сага карап турганын көрөсүң, бирок алар көрүшпөйт[7].

**199.** Кечиримдүүлүктү ал[8], аларды тууралыкка буйур! Наадандардан жүз үйүр.

**200.** Эгер шайтандан келген азгырык сени азгырмакчы болсо, Аллах менен сактан[9]. Чындыгында Ал -Угуучу, Билүүчү!

**201.** Такыбаларды шайтан азгырса, алар (Аллахты) эске алып[10], (Туура жолду) көрүшөт.

---

1 Бойундагы бала менен

2 Курсагындагы түйүлдүк чоңойгон кезде

3 Бойундагы бала чоңойуп, денеси оорлогон кезде

4 Бийик жана таза

5 Аллах Таалага шерик кылынган жансыз нерселер

6 Аларга сыйынып, жардам сурап, силерге жардамга келсин үчүн дуба кылып

7 Анткени алардын дили сокур, көөдөнү көр...Себеби ыйманы жок

8 Бироонү кечирүү, же кечирбей койуу мүмкүнчүлүгү туулса, кечиримдүү болуу жолун танда

9 Аузу биллахи минаш-шайтаанир-ражиим» деп

10 Шайтандан сактануучу айаттарды окуу менен өздөрүн азгырылуудан сактап калышат

202. (Каапырларды) алардын туугандары (шайтандар) азгырып, күнөөгө батыруудан эч тыным алышпайт.

203. Эгерде аларга керемет келтирбесең: «Эмнеге аны жасабадың?» - дешет. Айт: «Мен мага Эгем тарабынан келген кабарларды гана ээрчиймин. Бул (Куран) - Эгеңерден келген айаттар. Ал - ыйман келтиргендер үчүн Туура жол жана (Аллахтын) Ырайымы».

204. Эгер Куран окулса, ырайым кылынышыңар үчүн аны унчукпастан (туруп) уккула!

205. Эгеңе өз ичиңден купуйа түрдө, үнүңдү катуу чыгарбастан, эртең менен жана кечинде жалбар, корккон абалда эстегин. (Аллахты эстөөдө) кайдыгерлерден болбогун.

206. Чындыгында, Эгеңдин алдында (периштелер) Ага кулчулук кылууда текеберленбей, Аллахты аруулашат жана сежде кылышат[1]!

## 8. АНФАЛ[2] СҮРӨСҮ

**Мединада түшүрүлгөн Жетимиш беш айаттан турат**

***Мээримдүү, Ырайымдуу Аллахтын аты менен***

1. Алар сенден олжолор[3] жөнүндө сурашат. «Олжолор Аллахка жана Элчисине таандык. Эгер силер момун болсоңор, Аллахтан корккула, араңарды оңдогула[4], Аллахка жана Анын Элчисине баш ийгиле!» - деп айткын.

2. Чынында момундар, Аллах(тын аты) эскерилгенде[5] жүрөктөрү корккондор, аларга Анын айаттары окулганда, ыйманы күчөйт жана өздөрүнүн Эгесине гана тобокел кылышат.

3. Алар намаз окушат жана Биз берген ырыскылардан (Аллах жолуна) сарпташат.

4. Булар анык ыймандуулар. Аларга Эгесинин алдында даражалар, кечирим жана мол ырыскылар бар.

1 Бул айат «сежде айаты» деп аталып, окуган да, уккан да сежде кылууга тийиш. А сежде кандай тартипте жасаларын билүү үчүн «Мухтасар» аттуу фикх китебинин кыргызча котормосунун Тилават сеждеси - он үчүнчү бөлүмүн караңыз.

2 Анфал - Олжолор

3 Согуш талаасында түшкөн олжолор

4 «Ортоңордогу ынтымакты чыңдагыла!»

5 Зикир кылынганда

5. Мына ушундай[1], момундардын бир бөлүгү жактырышпаса да, Эгең сени акыйкаттык менен үйүңдөн алып чыккан[2].

6. Билингенден[3] кийин да аларды өлүмгө айдап жаткан жана алар аны (өлүмдү) көргөн өңдүү сени менен акыйкат жөнүндө жаңжалдашат.

7. Ошол кезде Аллах эки топтун бири силердики болорун убада кылган эле. Куралсыздары силердики болуусун каалдыңар эле. Бирок Аллах Өз сөзү аркылуу чындык бекемделишин жана каапырлардын арты кыркылуусун каалады.

8. Күнөөкөрлөр[4] жек көрсө да, акыйкат чынга айлансын, жалганчылык жок болсун үчүн!

9. Силер Эгеңерден жардам сураган учурда Ал силерге жооп кылып: «Акыйкатта, Мен силерди сап-сап болгон миңдеген периштелер менен колдойм» (деди).

10. Аллах шексиз түрдө силердин жүрөгүңөрдү тынчтандыруу үчүн муну силерге сүйүнчүлөдү. Жардам Аллахтын кашында. Акыйкатта, Аллах Ызааттуу жана Даанышман.

11. Ал Өз мээримдүүлүгү катары силерге тынчтандыруу үчүн куш уйку берди. Ал силерди тазалоо, шайтандын азгырыгынан куткаруу, жүрөгүңөрдү байланыштыруу жана басыгыңарды бекемдөө үчүн асмандан жамгыр жаадырды.

12. Качан сенин Эгең периштелерге: «Акыйкатта, Мен силер мененмин. Ыймандууларды бекемдегиле! Мен каапырлардын жүрөгүнө коркунуч салам. Алардын баштарына жана манжаларына ургула!»

13. Бул алардын Аллахка жана Элчисине каршы чыккандары үчүн. Кимдеким Аллахка жана Элчисине каршы чыкса, анда Аллах - жазалоодо катуу.

14. Мына ушуну таткыла! Албетте, от азабы каапырлар үчүн.

15. Эй, ыймандуулар! Согушта катарлашкан каапырлар тобу менен кездешкен кезде артка чегинбегиле.

16. Ким эгер ошол күнү согушууга ыңгайлуу абалды ээлөө үчүн, же (өздөрүнөн) башка топко кошулуу үчүн гана артка чегинбесе, анда ал Аллахтын каарына калат. Анын жайы - тозок, ал кандай жаман.

17. Аларды силер өлтүрбөдүңөр, Аллах өлтүрдү. Аларга (кум)

---

1 Олжо бөлүштүргөнгө кээ бири ыраазы болбогондой эле, Бадр согушуна чыгуу да кээ бирлерине жакпады

2 Каапырлар менен болуучу согушка (Бадр согушуна)

3 Жеңиш

4 Мушриктер

чачканыңда[1] , сен чачпадың, момундарды жакшы сынак менен сыноо үчүн - Аллах чачты. Албетте, Аллах - Угуучу, Билүүчү.

18. Бул ушундай. Акыйкатта, Аллах - каапырлардын айла-амалдарын алсыз кылуучу.

19. Силер[2] жеңиш тиледиңер эле, тилегиңер силердин зыйаныңарга келди. Эми силер тыйылсаңар, ал силер үчүн жакшы. Эгер кайталасаңар, Биз да кайталайбыз. Силердин тобуңар көп болсо деле, силерге жардам кыла албайт. Албетте, Аллах - момундар менен бирге.

20. Эй, ыймандуулар! Аллахка жана Элчисине мойун сунгула! Куранды угуп туруп, Пайгамбардан жүз үйрүбөгүлө!

21. «Уктук!» - дешип, укпагандар сыйактуу болбогула.

22. Чынында, Аллахтын алдында жандуулардын эң жаманы акыл калчабаган дүлөйлөр жана дудуктар.

23. Эгерде Аллах алардан бир жакшылык байкаса, аларды уккудай кылар эле. Бирок, аларга угузса да, алар жалтактана баш тартышаар эле.

24. Эй, ыймандуулар! Силер үчүн жакшылык алып келүүчү нерсеге чакырып жатканда Аллахка жана Элчисине ээрчигиле. Жана да Аллах инсан менен анын жүрөгүнүн араларында экендигин[3], силер Ага кайтып бара тургандыгыңарды билгиле.

25. Силердин араңардагы келе турган чуудан сактангыла. Аллахтын катуу жаза берерин билгиле!

26. Силер жер жүзүндө аз санда алсыз болгонуңарды эстегиле[4]. Силер адамдар бизди багынтып алат деп коркчу элеңер. Силер шүгүр келтирүүңөр үчүн, Аллах силерге (Мединадан) жай берди жана Өзүнүн жардамы менен кубаттандырды. Силерге мол ырыскы улады.

27. Эй, ыймандуулар! Аллахка жана Анын Элчисине кыйанат кылбагыла. Силерге тапшырылган аманатка билип туруп кыйанаттык жасабагыла!

28. Билгиле! Силердин мал-мүлкүңөр жана бала-чакаңар азгырма сыноо гана, а Аллахтын алдында зор сыйлыктар бар.

29. Эй, ыймандуулар! Эгер силер Аллахтан корксоңор Ал силерге жаман-жакшыны айырмалоочуну[5] берет, жамандыгыңарды тазалап, күнөөңөрдү кечирет. Аллах - Улуу ырайымдын ээси.

30. Каапырлар сени камакка алуу, өлтүрүү, же кууп чыгуу үчүн айла-амал

1 Мухаммед (а.с.) жерден бир ууч топурак алып, жоо тарапка чачканда каапырлар көрбөй калышкан, сөз ошол тууралуу

2 Эй, каапырлар

3 Демек, Аллахтын каалоосунан сырткары иш кыла албас

4 Мусулмандар аз кезинде каапырлардын кысымына байланыштуу Меккеден Мединага жер которушкан

5 Дин илими, Куран айаттарынын маани-маңызы

ойлошкон кезди (эстегин). Алар айла-амал кылышканда, Аллах да айла-амал кылды, Аллах - амалкөйлөрдүн эң мыктысы.

31. Аларга Биздин айаттар окулганда: «Биз мурда эле укканбыз. Эгер кааласак биз да ушундай айта алабыз. Бул байыркылардын эле жомогу», - дешет.

32. Качан алар: «Оо, Эгебиз! Бул Сенден келген акыйкат болсо, анда төбөбүзгө таштан жаан жаадыр, же бизге оорутуучу азап келтир», - дешкенин (эсте)[1].

33. Бирок, Аллах аларды сен[2] алар менен болгон кезде жана алар кечирим сурап жаткан учурда жазалабайт.

34. Алар ыймандууларды Ыйык Мечитке[3] киргизбей жатса, эмне үчүн Аллах аларды жазалабасын?! Алар (каапырлар) анын сактоочулары эмес, акыйкатта анын ээлери такыбалар гана. Бирок, алардын көбү муну билишпейт.

35. Алардын[4] (Аллахтын) Үйүндөгү намаздары - ышкыруу жана тизилүү гана. (Эми) каапыр болгондугуңар үчүн мына ушундай азапты таткыла!

36. Акыйкатта, каапырлар өздөрүнүн мал-мүлкүн адамдарды Аллахтын жолунан чыгаруу үчүн жумшашат. Алар сарпташат. Анан анысы өкүнүчкө айланат. Мындан соң жеңилүүгө дуушар болушат. А каапырлар тозокко чогултулат.

37. Аллах жаманды[5] жакшыдан[6] ажыратуу үчүн жана жаманды биринин үстүнө бирин үйүп, тозокко салуу үчүн (чогултат). Аныгында алар зыйанга кабылуучулар.

38. Каапырларга айт: «Эгер алар тыйылышса[7], мурунку кылыктары (мурдагы күнөөлөрү) кечирилет. А эгер кайтышса[8], аларга карата мурунку элдерге колдонулган жаза ишке ашырылат.»

39. Алар менен эч бир ширк[9] калбаганга чейин жана дин толук Аллах үчүн болгонго чейин согушкула. Эгерде алар тыйылышса, албетте Аллах - алардын кылгандарын толук Көрүүчү.

---

1 Эй, Мухаммед!

2 Мухаммед (а.с.)

3 Меккедеги ЫШык Мечит

4 Мушриктердин (каапырлардын)

5 Каапырды

6 Момундан

7 1. Аллахтын жолунан башкаларды тосуудан. 2. Мусул мандарга каршы душмандык ишаракеттерден.

8 Мурунку кейпине түшсө

9 Аллах Тааладан башкага сыйынуу

**40.** Эгер алар баш тартышса, анда, албетте Аллах кожойунуңар экенин билгиле. Ал - кандай сонун Колдоочу жана кандай жакшы Жардамчы!

**41.** Эгер силер Аллахка, жакшы менен жаманды айырмалоочу[1], аскерлердин эки тобу беттешкен күнү Биз пендебизге (акыйкат менен бузукулукту ажыраткан күндү) ачканга ишенсеңер, согушта алган олжоңордун бештен бири Аллахка, Элчисине, жакын туугандарына, жетимдерге, мискиндерге, жолоочуларга тийиштүү экендигин билгиле. Аллах - бардык нерсеге кудуреттүү.

**42.** Качан силер өрөөндүн тигил[2] тарабында болуп, алар бул[3] тарабында болгондо, а кербен силерге жакын эле. Эгер силер бири бириңер менен макулдашсаңар да, белгиленген мөөнөттү өткөрүп ийген болот элеңер. Бирок, Аллахтын буйруганы ишке ашты. Анык далилдер бойунча өлө тургандар өлдү, а анык далилдер бойунча тирүү кала тургандар тирүү калды. Албетте, Аллах - Угуучу жана Билүүчү.

**43.** Ошондо Аллах сага түшүндө аларды аз кылып көргөздү. Эгерде аларды сага көп кылып көрсөткөн болсо, албетте, апкаарыйт элеңер жана бул иш бойунча талашып тартышмаксыңар. Бирок Аллах силерди куткарды. Акыйкатта, Ал көкүрөктөгүнү[4] билүүчү.

**44.** Силер бир-бириңер менен кездешкенде, Аллах Өзү буйурган ишти орундоо үчүн аларды көздөрүңөргө аз кылып көргөздү. Ошондой эле, силерди да алардын көздөрүнө аз кылып көрсөттү. (Бардык) иштер Аллахка кайтарылат.

**45.** Эй, ыймандуулар! Ийгиликке жетүүңөр үчүн душман менен беттешкенде бекем болгула жана Аллахты көп эстегиле!

**46.** Аллахка жана Элчисине баш ийгиле; коркпооңор, кубатыңар кетпеши үчүн талашып-тартышпагыла[5]. Сабырдуу болгула. Чынында, Аллах - сабырдуулар менен бирге.

**47.** Адамдарга өздөрүнүн артыкчылыгын көргөзүү үчүн үй-жайларын калтырып, Аллахтын жолунан тосуп, мактанып чыккандар өңдүү болбогула! Аллах - алардын эмне кылып жаткандарын Билүүчү.

**48.** Ошондо шайтан алардын кылыктарын коооздоп көрсөттү да: «Бүгүн адамдардан силерди жеңүүчү жок. Чынында, мен силерге жардамчымын», - деди. Эки топ аскер беттешкенде, ал (шайтан) терс бурулду

---

1 «Фуркан» - чын менен жалгандын, ыймандуулук менен каапырлыктын ортосун ажыратып бөлүүчү Бадрдагы согуш

2 Мединага жакын

3 Мединадан алыс

4 Жүрөктөгүнү

5 Өз ара жаңжалдашпагыла

да: «Мен силерден оолакмын. Мен силер көрбөгөндү көрүп турамын[1]. Акыйкатта, мен Аллахтан коркомун. Аллахтын жазасы катуу», - деди.

49. Ошондо эки жүздүүлөр жана жүрөгүндө дарты барлар[2]: «Алардын дини өздөрүн азгырып кетти», - дешти. Бирок, ким Аллахка тобокел кылса, албетте Аллах Ызаттуу, Даанышман.

50. Периштелер каапырларды бет менен жонго уруп: «Куйкалоочу жазаны таткыла!» - деп алардын жанын алып жатканын көргөнүңдөбү.

51. Бул[3] силердин өз колуңар менен кылганыңар үчүн. Аллах пенделерине зулум[4] кылуучу эмес.

52. Жоруктары Фараондун эли жана андан мурунку элдердики сыйактуу. Алар Аллахтын айаттарына каапырлык кылышкан. Аллах аларды күнөөлөрү үчүн жазалады. Акыйкатта, Аллах - Кубаттуу жана азабы катуу.

53. Аллах бир коомго берген жакшылыктарын ал коом өздөрүн өзгөртмөйүнчө өзгөртпөйт. Албетте, Аллах - Угуучу, Билүүчү.

54. Жоруктары Фараондун эли жана андан мурунку элдердики сыйактуу. Алар Эгесинин айаттарын жалганга чыгарышты. Аларды күнөөлөрү себептүү кыйратып, Фараондун коомун сууга чөктүрдүк. Алардын баары заалым болушкан эле.

55. Акыйкатта, Аллахтын алдында жандуулардын эң жаманы каапырлар. Алар эч качан ыйман келтиришпейт.

56. Сен алар менен келишим түзгөндөн кийин, алар ар качан аны бузушат. Алар Аллахтан коркушпайт.

57. Сен алар менен согушта беттешкенде, алардын артынан ээрчигендерге сабак болгудай катуу жазала! Балким, эстерине келишээр.

58. Эгер сен кыйанаттарынан корксоң, алар менен болгон келишимди тегиз үз. Акыйкатта Аллах кыйанаткерлерди сүйбөйт.

59. Каапырлар озуп кеттик деп ойлошпосун. Албетте, алар алсырата алышпайт[5].

60. Аллахтын душманын, өз душманыңарды жана башка силер билбеген, бирок Аллах билген душмандарыңарды коркунучта кармоо үчүн аларга каршы күч-кубат жана атчандарды толук дайардыкта кармагыла! Силердин Аллах жолуна сарптаганыңар өзүңөргө толук кайтарылат. Адилетсиздик кылынбайт.

---

1 Шайтан периштелердин аскерлерин көрдү

2 Согушка барбай калып, жеңиштен кийин ичи күйгөндөр

3 Тигил азаптоо

4 Адилетсиздик

5 Аллах Тааладан жогору болуп, Аны алсырата алышпайт

61. Эгер алар тынчтыкка келишсе, сен да тынчтыкка кел жана Аллахка тобокел кыл. Акыйкатта, Ал - Угуучу, Билүүчү.

62. Эгер алар сени алдоону каалашса, албетте Аллах(нын өзү) сага жетиштүү (коргоочу). Ал Өз жардамы жана момундардын жардамы менен сени бекемдеди.

63. Ал алардын жүрөктөрүн бириктирди. Эгер сен жер үстүндөгүлөрдүн баарын берсең дагы алардын жүрөктөрүн бириктире албас элең. Анткен менен, Аллах аларды бириктирди. Албетте, Ал - Ызааттуу, Даанышман.

64. Эй, пайгамбар! Сага жана сени ээрчиген момундарга Аллах (толук) жетиштүү.

65. Эй, пайгамбар! Момундарды согушка кызыктыр. Эгер силерден сабырдуу жыйырма киши болсо, эки жүздү жеңет. А эгер силерден жүз киши болсо, каапырлардын миңин жеңет. Анткени, алар (каапырлар) акыйкатты түшүнбөөчүлөр.

66. Азыр Аллах силерден (жүктү) жеңилдетти. Анткени Ал силердин алсыздыгыңарды билет. Андыктан, силерден сабырдуу жүз киши болсо, эки жүздү жеңет. А эгер силерден миң болсо, Аллахтын уруксаты менен эки миңди жеңет. Аллах сабырдуулар менен бирге.

67. Эч бир пайгамбарга жер жүзүндө жоодон өктөм болгонго чейин туткун кармоо[1] мүмкүн эмес. Силер дүйнө пайдасын ойлойсуңар. Аллах (силерге) акыретти каалайт. Аллах - Ызааттуу, Даанышман.

68. Эгер Аллахтан жазуу (өкүм) болбосо, алгандарыңар[2] үчүн силерге зор жаза келээр эле.

69. Олжо түрүндө алган адал, таза нерселерди жегиле жана Аллахтан корккула. Акыйкатта, Аллах - Кечиримдүү, Мээримдүү.

70. Эй, пайгамбар! Колуңардагы туткундарга: «Эгер Аллах жүрөктөрүңөрдө бир жакшылык бар экенин билсе, силерге өзүңөрдөн алынгандан да артыгын берет. Жана силерди кечирет. Аллах - Кечиримдүү, Мээримдүү!» - дегин.

71. Эгер (туткундар) сага кыйанат кылууну каалашса, чынында алар мурда Аллахка да кыйанат кылышкан эле. Андыктан, сени аларга үстөм кылды. Аллах - Билүүчү, Даанышман.

72. Чынында, ыйман келтирип, жер которуп[3], мал-жаны менен Аллах жолунда күрөшкөндөр жана аларга үй-жай берип жардамдашкандар - бири бирине дос! Ал эми ыйман келтирип, көчө албагандарга, алар көчкөнгө чейин силер (менен) алардын ортосунда жакындык жок. Эгер

1 Алардан барымтага акча алуу үчүн.

2 Барымтага алган акчаңар.

3 Мединага көчкөн момундар

алар силерден дин жайында бир жардам сураса, жардам кылуу силерге милдет. Бирок, алар силер менен келишим түзгөн элде болсо, анын жөнү башка. Аллах силердин эмне кылып жатканыңарды көрүп турат.

73. Каапырлар - бири бирине дос!. Эгерде бирикпесеңер жер жүзүндө чуу жана зор бузукулуктар болот.

74. Ыйман келтирип, жер которушкандар, Аллах жолунда мал-жанын айабай күрөшкөндөр менен аларга үй-жай берип жардам кылгандар - булар нагыз момундар. Аларга кечирим жана кең ырыскы бар.

75. Кийин ыйман келтиргендер, жер которгондор жана силер менен бирге дин үчүн күрөшкөндөр, алар - силерден. Бирок, кандаш бир туугандар Аллахтын Китеби[1] бойунча бири-бирине жакын[2]. Акыйкатта, Аллах - бардыгын Билүүчү!

# 9. ТАВБА[3] СҮРӨСҮ

**Мединада түшүрүлгөн Жүз жыйырма тогуз айаттан турат**

1. (Бул) Аллахтан, Анын элчисинен мушриктерге[4] эскертүү.

2. (Эй, мушриктер!) Жер жүзүн төрт ай кыдыргыла. Чындыгында Аллахтан кутула албашыңарды жана Аллах каапырларды кордоорун билгиле.

3. Чоң ажылык күнү[5] Аллахтан жана Анын элчисинен элге бир жарыйа. Чындыгында Аллах, Анын элчиси мушриктерди четке кагат. Эгер тообо кылсаңар өзүңөр үчүн жакшы, ал эми баш тартсаңар Аллахтан эч кутула албайсыңар. (Эй, Мухаммед!) Каапырларга сыздатуучу азап бар экенин кабарла.

4. Бирок, келишим түзүшкөн мушриктерден кийин силерге бир да кемчилик каалабаса, бирөөгө көмөк кылбаса[6], анда алардын келишимдерин мөөнөтүнө чейин бүтүргүлө. Чындыгында, Аллах такыбаларды жакшы көрөт.

5. Ыйык айлар чыккандан кийин, мушриктерди кай жерде көрсөңөр да өлтүргүлө. Аларды туткундагыла жана курчоого алгыла. Аларды кармоодо ар бир жолго тургула. Эгер алар тообо кылышса, намазды толук

1 Аллах Тааланын өкүмү бойунча. Тафсир Ал-Байзави

2 Бир туугандык акылары, мураскорлук укуктары бойунча

3 Тавба - Тообо

4 Аллах Таалага жансыз-жандуу нерселерди, макулуктарды шерик кошкондор

5 Курбандык күнү

6 Мусулмандарга башкалардын жамандык кылуусуна көмөк кылбаса, жардам беришпесе

аткарышса, зекет беришсе, анда алардын жолун бош койгула. Чындыгында, Аллах - Кечиримдүү, Боорукер!

6. Эгер мушриктерден бирөөсү сенден башбаанек сураса, анда ага Аллахтын сөзүн тыңшаганга чейин[1] башбаанек бер. Анан аны коопсуз жерге жеткир. Бул - алардын билбей турган[2] коом экендигинен.

7. Аллах жана Анын элчисинин алдында мушриктер менен кандай келишим болушу мүмкүн? Бирок Ыйык Мечитте силер менен келишим түзгөндөрдөн башкалары менен[3]. Алар силерге жакшы мамиле кылса, силер да алар менен жакшы мамиледе болгула. Чындыгында, Аллах такыбаларды сүйөт.

8. Кантип[4]? Эгер алар силерге үстөмдүк кылса, силер менен тууган экендигине да, өздөрү түзгөн келишимдерге да карап олтурбайт. Алар силерди оозу менен гана ыраазы кылат. Бирок жүрөктөрү (өздөрү) айтканын чанат жана алардын көпчүлүгү бузукулар.

9. Алар - Аллахтын айаттарын арзыбаган баага сатып, анын (ислам дининин) жолуна тоскоол болушат. Алардын жасаган иштери кандай жаман!

10. Алар момундарга берген анттарын да, түзгөн келишимин да аткарышпайт. Мына ушулар - чектен чыккандар[5].

11. Эгер алар тообо кылып, намазын толук аткарып, зекет беришсе, анда алар силердин диндеш тууганыңар. Биз билген адамдарга гана айаттарыбызды байан кылабыз.

12. Эгер алар убадалашкандан кийин өз анттарын бузуп, диниңерге тил тийгизсе, анда каапырлыкка жетекчи болгондор менен согушкула. Анткени алардын анты - ант эмес. Балким, алар (жамандыктан) тыйылышаар?

13. (Эй, момундар) Анттарын бузган, пайгамбарды журтунан кууп чыгарууга умтулган жана силерге биринчи болуп кол салган коомго каршы эмне үчүн согушпашыңар керек? Алардан коркосуңарбы? Эгер ыйман келтирген болсоңор, анда Аллахтан гана коркуу зарыл!

14. Алар[6] менен согушкула! Аллах аларды силердин колуңар менен азаптап, кордосун. Аларга каршы (Аллах) силерге жардам берет. Ошондой эле, ыйман келтирген коомдун көөдөндөрүн ачат[7].

1 Сенин исламга чакырган сөзүңө кулак салып, Аллах Таалага гана ибадат кылууга ниеттенгенин ачык айтканга чейин

2 Аллах Тааланын алдында кайсыл дин сөзсүз кабыл болоорун

3 Ушулар менен гана келишим болушу мүмкүн

4 Алар менен кантип келишим түзүүгө болот

5 Аллах Тааланын адамдар үчүн белгилеген чегинен

6 Мушриктер

7 Аллах Тааланын Чындыгын аңдап-билүү жөндөмүн берет

**15.** Алардын жүрөктөрүндөгү ачуусун таркатат. Аллах кимди кааласа, тообосун кабыл кылат. Аллах - Билүүчү, Даанышман!

**16.** Силердин араңардан согушкандарды, ошондой эле Аллахтан, Анын элчисинен жана момундардан башкаларды дос тутпагандарды[1] Аллах аныктабаган бойунча калтырып койот деп ойлойсуңарбы? Аллах - силердин жасап жаткан аракеттериңерден Кабардар.

**17.** Мушриктер өздөрүнүн каапырлыгына күбө боло туруп, Аллахтын мечиттерин куруулары[2] - жарабаган иш. Алардын амалдары текке кетип, алар Тозокто түбөлүккө калышат.

**18.** Аллахтын мечиттерин Аллахка, акырет күнүнө ишенген, намазды толук аткарган, зекет берген жана Аллахтан гана корккон (адам) курат. Мүмкүн алар Туура Жолдо болушар.

**19.** (Эй, мушриктер!) Силер ажыларга суу берип[3], Ыйык Мечитке[4] ээлик кылуучуларды - Аллахка, акырет күнүнө ыйман келтирип, Аллах жолунда согушкан адамдар менен теңейсиңерби? Алар Аллахтын алдында тең эмес! Аллах - заалым коомду Туура жолго багыттабайт.

**20.** Ыйман келтирип, жер которуп[5], Аллах жолунда мал-мүлк, жандары менен[6] согушкандар Аллахтын алдында улуу даражага ээ. Мына ушулар - бактылуу болуучулар.

**21.** Эгеси Өзүнүн ырайымдуулугу, ыраазылыгы жана туруктуу жакшылыкка ээ болгон бактар менен кубантат.

**22.** Алар анда түбөлүккө калуучулар. Чындыгында, Аллахтын алдында улуу сыйлык (бар).

**23.** Эй, момундар! Эгер атаңар жана агаларыңар ыймандан көрө каапырлыкты жакшы көрүшсө, аларды жакыным деп эсептебегиле. Ким аларды дос санаса, анда алар -[7]зулумдук кылуучулар!

**24.** «Эгер[8] атаңар, балдарыңар, бир туугандарыңар, жубайыңар, досторуңар, тапкан мал-мүлкүңөр, токтоп калуусунан корккон соодаларыңар жана жакшы көргөн үйлөрүңөр силер үчүн Аллахтан, анын элчисинен жана Анын жолунда согушуудан артыгыраак көрүнсө, анда Аллахтын амири келгенге чейин күткүлө» - деп айт. Аллах - бузуку коомду Туура жолго баштабайт!

---

1 Мушриктерди, мунафыктарды, каапырларды...

2 Мечитке кирүүлөрү жана анын ичинде отуруулары

3 Жеңил иш-амалдарды гана жасамыш болгон

4 Меккедеги эң ыйык мечит

5 Меккеден Мединага

6 Аллах Тааланын ыраазылыгын табуу үчүн өзүн жана байлыгын айабастан

7 Өздөрүнө

8 Аллах Таала пайгамбарыбыз Мухаммедге (а.с.) буйуруп жатат

**25.** Чындыгында, Аллах силерге көп жерлерде жардам берди. Ошондой эле Хунайн[1] күнү да (жардам берген). Ошондо саныңардын көптүгүнө таң калдыңар[2]. Бирок ал силерден эч нерсени кайтара алган жок. Ошондой эле ал жер кенен болгону менен силерге тарлык кылып, артыңарга карап качтыңар.

**26.** Анан Аллах Өз элчисине жана момундардын жүрөгүнө бейпилдик салып, силер көрө албаган аскер жиберип, каапырларды азапка салды. Мына каапырлардын жазасы!

**27.** Бирок[3], Аллах кимге кааласа ошого ырайым кылат. Аллах - Кечиримдүү, Боорукер!

**28.** Эй, ыйман келтиргендер! Чындыгында мушриктер - ыплас (болушат). Ушул жылдан кийин алар[4] Ыйык Мечитке жолошпосун! Эгер кедейликтен корксоңор, Аллах кааласа силерди Өз артыкчылыгы менен байытат. Чындыгында, Аллах - Билүүчү, Даанышман!

**29.** Китеп берилгендерден Аллахка, акырет күнүнө ыйман келтирбегендер жана Аллахтын, Анын элчисинин арам кылган нерселерин арам катары таанывагандар, ошондой эле чыныгы динди[5] тутунбагандар менен өздөрүн кор тутуп, салык төлөмөйүнчө согушкула!

**30.** Иудейлер: «Узайр[6] - Аллахтын уулу», - дешет. Христиандар болсо: «Иса - Аллахтын уулу», - дешет. Бул - мурдагы каапырлардын айтканына окшоштуруп, ооздору менен[7] айткандары. Аларды Аллах жок кылсын! Кантип (акыйкаттан) кайтып кетишет?!

**31.** Алар[8] иудей илимдүүлөрүн, христиан кечилдерин жана Марйам уулу Исаны Аллахтан башка кудай катары кабылдашат. Чындыгында алар жалгыз Кудайга ибадат кылууга буйурулган. Андан (Аллахтан) башка кудай жок. Ал - алардын шеригинен аруу!

**32.** Алар өз ооздору менен Аллахтын нурун[9] өчүргүлөрү келет. Бирок алар (Ислам динин) канчалык жек көрүшпөсүн, Аллах Өз нурун толук кылат[10].

---

1 Мекке Тоифтин ортосундагы Хунайн деген жерде мушриктер менен мусулмандардын ортосунда болгон согушта

2 Силер ошондо Аллах Тааладан жардам келбесе аскердин көптүгү эч нерсеге жарабасын унутуп, көптүгүңөргө маашырланып кеттиңер

3 Ушул согуштан кийин

4 Мушриктер

5 Ислам динин

6 Узайир пайгамбарды ыйык кылып көрсөтүүгө далалат кылышкан

7 Чын дилдеринен эмес, ооз учунан гана

8 Иудей дининдегилер жана христиан динин тутунгандар

9 Динин - Исламды

10 Ислам динин толук түшүрүп, каапырлардын каршылыгына карабастан анын Кыйаматка

33. Ал Өз элчисин Туура жол, Чыныгы дин менен - мушриктер жек көрүш-
сө деле - бүткүл диндердин үстүнөн[1] үстөмдүк кылууга жиберген.
34. Эй, момундар! Иудей илимдүүлөрү менен христиан кечилдеринин
көпчүлүгү адамдардын мал-мүлкүн бузукулук менен жешет жана
Аллахтын жолунан тосушат. [2]Алтын, күмүштү жыйнап, Аллах жолунда
сарптабагандарга сыздатуучу азапты сүйүнчүлө«![3]
35. Кыйамат күнү алар Тозок отунда кызытылып, аны менен алардын
маңдайлары, капталдары жана жондоруна[4] так басылып: «Мына,
өзүңөр үчүн жыйнаганыңар! Эми жыйнаганыңардын даамын таткы-
ла!» (деп айтылат).
36. Чындыгында асмандар менен жерди жаратканда бери Аллахтын
Өзүнүн Китебинде[5] айлардын саны - он эки. Булардын төртөөсү - ыйык
айлар[6]. Мына ушул (ислам) - бекем дин. Ушул айларда өзүңөргө зулум-
дук кылбагыла[7]. Мушриктер силер менен согушкандай, силер да алар
менен согушкула. Билип койгула: Чындыгында, Аллах - такыбалар ме-
нен бирге!
37. Акыйкатта (ыйык) айды кечиктирүү[8]- каапырлыкты арттыруу. Аны ме-
нен каапырлар жолдон адашышат. Алар, Аллахтын арам кылган айла-
рынын санын толуктоо үчүн[9], аны бир жыл арам кылып, бир жыл адал
кылышат. Ошентип, Аллахтын арам кылганын адал деп билишет. Алар-
дын жаман иштери өздөрүнө кооз кылып көрсөтүлүп койулду. Аллах
- каапырларды Туура жолго багыттабайт.
38. Эй, момундар! Силерге эмне болду? «Аллах жолундагы согушка чы-
ккыла!» - деп айтылса, салмактарыңарды жерге салдыңар[10]. Акыретке
караганда дүйнө жашоосу жакшы көрүнүп жатабы? Дүйнө жашоосу-
нун пайдасы - акыретке салыштырмалуу өтө аз.
39. Эгер согушка чыкпасаңар, Аллах силерди сыздатуучу азап менен азап-

---

чейин таза бойдон сакталышын камсыз кылат

1 Ислам дини

2 Эй, Мухаммед!

3 Кабар бер!

4 Күйгүзүлүп

5 Лавху Махфузда

6 Зулкаада, зулхижжа, мухаарам жана ражаб айлары

7 Аллах Таалага гана жасалуучу ибадаттардан башка, күнөөлүү иштерге бир саатыңарды коротпогула

8 Исламга чейинки арабдар ыйык мухаррам айында жасалуучу диний жөрөлгөлөрдү сафар айына жылдырышып, Аллах Тааланын айаттарына каршы иш кылышкан

9 Исламга чейинки арабдар жети жылды бир цикл катары алышып, анын ичинен үчүнчү, алтынчы жана сегизинчи айларга өз ойлорунан чыгарып кошумча күндөрдү (айларды десе да болот) кошуп алышкан.

10 Жерден козголгуңар келбеди

тап, ордуңарга башка коомду алмаштырат. Силер Аллахка эч бир зыйан жеткире албайсыңар. Аллах - бардык нерсеге Кудуреттүү!

**40.** Силер ага[1] жардам бербесеңер деле, аны каапырлар (Меккеден) чыгарып, үңкүрдө, экөөнүн бири болгон убакта да, ага Аллах жардам берген. Ошол кезде жолдошуна[2]: «Кайгырба! Чындыгында, Аллах биз менен бирге», - деп айтты. Аллах ага[3] Өз бейпилдигин түшүрүп, силер көрө албаган аскерлер менен кубаттады. Ошентип, каапырлардын сөзүн төмөн кылды[4]. Аллахтын Сөзү жогору. Аллах - Мартабалуу, Даанышман!

**41.** [5]Жеңил, же оор болгонуна карабастан согушка чыккыла да, Аллах жолунда мал-мүлкүңөр жана жаныңар менен[6] согушкула! Эгер билсеңер, силер үчүн жакшысы ушул.

**42.** Эгер жакын жерде ишенимдүү олжо жана жеңил жүрүш болсо[7], алар[8] сени ээрчишмек. Бирок аралык[9] аларга алыс көрүндү. Алар Аллахтын ысмы менен: «Эгер мүмкүнчүлүгүбүз болсо, силер менен кошо чыкмак элек», - деп ант ичип, өздөрүн өздөрү кыйратышты. Аллах алардын жалганчы экенин билет.

**43.** Аллах сени кечирет. Бирок сен эмне үчүн алардын кимиси чындыкты, кимиси жалганды айтып жатканын аныктабастан эле (жүрүштөн) калууга уруксат бердиң?

**44.** Аллахка, акырет күнүнө ыйман келтиргендер, Аллах жолунда мал - мүлкү менен жандарын согушууга арнагандар сенден (жүрүштөн калуу үчүн) уруксат сурашпайт. Аллах - такыбаларды Билүүчү.

**45.** Ким Аллахка, акырет күнүнө ишенбесе жана жүрөгүндө шектери болуп, күмөндөрүндө олку-солку болгондор гана уруксат сурашат.

**46.** Эгер мунафыктар[10] согушка чыгууну каалаdefault, ал үчүн дайардык көрүшмөк. Бирок Аллах алардын (жүрүшкө) чыгышын каалабай, тосуп койду да: » (Үйүндө) олтургандар менен чогуу олтура бергиле», - деп айтылды.

**47.** Эгер алар силер менен (жүрүшкө) барышканда, силердин ортоңордо бузукулукту гана көбөйтмөк. Анткени алар ар дайым ушак чыгарууну

1 Мухаммедге (а.с.)

2 Абу Бакр (р.а.) - Аллах андан ыраазы болсун!

3 Анын жүрөгүнө тынчтануу орнотуп, коркуу сезимин жоготту.

4 Каапылардын шагын сындырып, шерменде кылды

5 Эй, момундар! Күчтүү болсоңор да, күчсүз болсоңор да...

6 Мал-жаныңарды айабастан, согушка керектүү зарылдыктар үчүн сарптап

7 Жүрүшкө чыгуу керек болсо

8 Мунафыктар

9 Табук жолу

10 Эки жүздүүлөр

көздөшүп, силердин ичиңерде башаламандык чыгармак. Алардын араларында тыңчылары да бар. Бирок, Аллах заалымдарды жакшы билет.

**48.** [1]Чындыгында, алар мурда[2] да башаламандык чыгарууну көздөп, иштериңерди тескери натыйжага алып келген. Акыры, алар жек көрсө да акыйкат келип, Аллахтын амири үстөмдүк кылды.

**49.** Алардын ичинен кээ бирлери: «Мага калууга уруксат бер, мени азгырыкка алып барба», - дешет. Байкагыла: чындыгында эле, алар (шайтанга) азгырылгандар. Акыйкатта, Тозок каапырларды ороп алат.

**50.** [3]Эгер сага бир ийгилик келсе, алар аны жактырышпайт. А эгер сага бир кайгы келе турган болсо: «Биз мурда эле (ушундай болорун билип) өз ишибизди тууралап алган элек», - дешет да сүйүнүп кайтышат.

**51.** [4]«Бизге Аллахтын жазганы гана болот. Ал - Биздин Эгебиз. Момундар Аллахка тобокел кылышсын!» - дегин.

**52.** Аларга: «Силер бизге эки ийгиликтин[5] биринин келишин күтөсүңөрбү? Биз силерге Аллахтан жаза келерин, же биз аркылуу силерге бир азап жиберерин күтүп жатабыз. Анда, силер күткүлө, силер менен чогуу биз да күтөбүз», - деп айт.

**53.** Аларга: «Мал-мүлкүңөрдү мейли ыктыйардуу түрдө, мейли ыктыйарсыз болсун сарп кылгыла. Бирок, силердин кайрымдуулугуңар баары бир (Аллах тарабынан) кабыл кылынбайт. Анткени, силер бузуку коомсуңар!» - дегин.

**54.** Алардын кайрымдуулугун өздөрүнөн кабыл болушуна кедерги болгон жагдай (төмөнкүдөй): Аллахка, Анын элчисине каршы чыгышкандары, намазга өтө жалкоолук менен келишкени жана өтө жек көрүү[6] менен мал-мүлк сарп кылышкандыгы.

**55.** [7]Алардын мал-мүлкү жана балдары сени суктандырбасын![8]. Чындыгында, Аллах ошол аркылуу аларды дүйнө тиричилигинде азапка салууну, (Аллахка) каапыр абалда жандарынын чыгышын каалайт.

---

1 Эй, Мухаммед!

2 Ухуд согушунда

3 Эй, Мухаммед!

4 Эй, Мухаммед!

5 Жеңиш менен шейиттиктен

6 «Аллах Таала жолунда мал-мүлкүңөрдү жумшагыла, акыреттеги бактыңар үчүн сарп кылгыла» деген пайгамбарды жана момундарды

7 Эй, Мухаммед!

8 Каапырлардын балдарынын жана мал-мүлк, байлыгынын көптүгү сени таң калтырбасын

56. Алар: «Ырас, биз да силерденбиз[1]» - деп Аллахтын аты менен карганышат. Бирок, чындыгында алар силерден эмес. Алар - коркок[2] коом.

57. Эгер алар (согуш учурунда) кандайдыр бир башбаанек табышса, же үңкүрлөр, же болбосо киререге бир тешик көрүнсө, ошол тарапка шашыла умтулушмак.

58. [3]Алардын кай бирлери садаканын айынан сени (артыңдан) айыпташат. Эгер алардын өздөрүнө садака берилсе ыраазы болушат, а эгер берилбей калса ачууланышат.

59. Андан көрө алар Аллахтын, Анын элчисинин өздөрүнө бергенине (садакасына) ыраазы болушса жана: «Аллахтын Өзү бизге жетиштүү! Жакында Аллах, Анын элчиси өз жакшылыгын тартуулашат. Чындыгында биз Аллахка гана кайрылабыз» - дешсе[4]...

60. Акыйкатта, садакалар[5] - Аллах жүктөгөн[6] парз: колу жука кедейлерге, колунда жок жакырларга, аны жыйноочуларга[7], көңүлдөрүн алуу керек болгондорго[8], (мусулман) кулдарды бошотууга, карыздууларга, Аллахтын жолундагыга жана (мусулман) мусапырларга берилет. Аллах - ар нерсени Билүүчү, Даанышман!

61. Алардын кай бирлери пайгамбарга[9]: «Ал[10] - бир кулак[11]», - деп анын көңүлүн сындырышат: «Ал - силер үчүн жакшы кулак. Аллахка өзү ыйман келтирип, момундарды[12] тастыктайт. Демек - ыйман келтиргендер үчүн ырайым. Ким Аллахтын элчисине жапа чектирсе, ага оорутуучу азап бар».

62. Алар силерди ыраазы кылуу үчүн Аллахтын аты менен ант ичишет. Эгер алар[13] (Аллахка) ыйман келтирген болсо, анда Аллахты, Анын элчисин ыраазы кылуулары керек.

---

1 Мунафыктар (эки жүздүүлөр): «Биз силердей эле такыба мусулманбыз»,- деп жалган айтышат

2 Согуштан, өлүмдөн абдан коркушат

3 Эй, Мухаммед!

4 Өздөрүнө жакшы болмок

5 Зекеттер

6 Муктаждарга берүүнү

7 Диний башкармалыктын атайын чечими менен садака жана зекеттерди топтоо тапшырылган ыйгарым укуктуу адамга

8 Жаңыдан ыйманга келгендер

9 Мухаммед (а.с.)га

10 Мухаммед а.с.

11 «Не сөз болсо деле тыңдай берет», - деп. (Болбосо пайгамбар ырайымдуулугунан, боорукерлигинен ар бир адамдын арыз арманын тыңдаган, аларды соорото турган даанышман сөздөр менен насыйат айткан)

12 Ыйман келтиргендерди

13 Мунафыктар ж.б.

63. Алар кимдир бирөө Аллахка, же Анын элчисине каршы чыкса, ал үчүн түбөлүктүү, жан чыдагыс азаптуу тозок бар экенин билишпейби? Эң улуу кордук - ушул (Тозок)!

64. Эки жүздүүлөр[1] өздөрүнө байланыштуу алардын жүрөгүндөгүлөрдөн кабар берүүчү бир айат түшөбү деп коркушат. [2]» (Азырынча) шылдыңдап[3] тургула! Акыйкатта, Аллах силер корккон нерсени[4] ачыкка чыгарат!» - деп айткын.

65. Эгер алардан сурасаң: «Биз жөн эле тамашалап, ойноп койдук», - дешет. Аларга: «Аллахтын айаттарына, Анын элчисине күлө турган болуп калдыңарбы?!» - дегин.

66. Кечирим сурабагыла![5] Силер ыйман келтирген соң, кайра каапыр болдуңар! Эгер Биз бир тайпаңарды кечирсек, башка бир тобуңарды күнөөсүнөн улам жазалайбыз.

67. Мунафык эркектер менен мунафык айалдар - бири-биринен[6]. Алар жамандыкка чакырып, ийгиликтен тосушат. Алардын колдору ар дайым жумулуу[7]. Алар Аллахты унутушкан. Ошондуктан Аллах да аларды унуткан[8]. Акыйкатта, мунафыктар - бузукулар.

68. Аллах мунафык эркектер менен мунафык айалдарга жана каапырларга , алар эч качан чыкпай турган Отту (Тозокту) убада кылды. Ошол аларга жетиштүү. Аларга Аллахтын каргышы тийген. Аларга түгөнбөс азап бар.

69. [9]Силер өзүңөрдөн мурдагылар сыйактуусуңар! Алар силерден да күчтүү жана алардын мал-мүлкү жана балдары (урук-тукуму) да силердикинен көп эле. Алар бул дүйнө жыргалдарынан кеңири пайдаланышты. Силер да мурдагылардай[10] эле бул дүйнө жыргалдарынан кем болгон жоксуңар. Ошондуктан жамандыкка алар кандай сүңгүшсө, силер да так ошондой сүңгүдүңөр. Алардын дүйнөдөгү да, акыреттеги да амалдары текке кетти. Алар ошондой, зыйан тартуучулар!

70. Аларга өздөрүнөн мурунку Нух, Аад, Самуд коомдору, Ибрахим эли, Мадйан эли, ошондой эле ойрон болгон шаарлардын кабарлары жетпедиби? Ошолорго да пайгамбарлары өтө көп далилдерди келтириш-

1 Мунафыктар

2 Эй, Мухаммед!

3 Шылдыңдап, күлүп

4 Ыйманыңар канчалык экенин

5 Эй, эки жүздүүлөр (мунафыктар)!

6 Бири-биринен эч кандай айырмасы жок

7 Кайрымдуулук кылбайт, мал-мүлккө сараң, битир,

8 Жардам бербейт, ырайым кылбайт

9 Эй, мунафыктар (эки жүздүүлөр!)

10 Мурунку доорлордун мунафыктарындай эле

кен[1]. Аллах аларга зулумдук кылган жок. Алар өздөрүнө зулумдук кылышты.

**71.** Момун эркектер менен момун айалдар - бири-бирине көмөкчү. Алар жакшылыкка чакырып, жамандыктан тосушат[2]. Ошондуктан алар намаздарын толук аткарышып, зекет беришип, Аллахка, Анын элчисине мойун сунушат. Ошолорду Аллах Өз мээримине бөлөйт. Акыйкатта, Аллах - Ызааттуу жана Өкүмдар!

**72.** Аллах момун эркектер менен момун айалдарга алдынан дарыйалар агып турган, алар ал жерде түбөлүктүү калуучу, Адн[3] бактарында кооз турак - жайларды убада кылды. Бирок, Аллахтын ыраазылыгы - эң улуу![4] Бул - улуу ийгилик.

**73.** Эй, пайгамбар! Каапырлар жана мунафыктар менен күрөш! Аларга катаал мамиле кыл. Алардын кайтып келээр жайы - Тозок. Ал кандай жаман орун!

**74.** Алар: «Айтпадык!» - деп Аллахтын ысмы менен ант ичишет. Ырасында, алар каапырлык сөздөрдү көп сүйлөшөт. Алар мусулман болгондон кийин да (кайра) каапырга айланышат. Ошондой эле алар эч качан кол жеткис нерселер тууралуу кыйалданышат[5]. Алар Аллахты жана Анын элчисин ырайымы[6] менен байыткандыгы үчүн жек көрүшөт. Эгер алар тообо кылышса, ал өздөрү үчүн жакшы. А эгерде алар (тообо кылуудан) баш тартышса, анда Аллах бул дүйнөдө да, акыретте да аларды азапка салат. Ошондуктан аларга жер жүзүндө колдоочу да, жардамчы да жок.

**75.** Алардан айрым бирөөлөр: «Эгер Аллах бизге Өз берешендигинен (байлык) берсе, албетте, биз садака берген жакшы адамдардан болоор элек», - деп Аллахка ант беришкен.

**76.** Ошондо Аллах аларга Өз берешендигинен (байлык) берген кезде, алар Аллахтын бергендерине сараңдык кылышты. Баш тартышты[7]. Алар - жүз үйүрүүчүлөр.

---

1 Аллах Тааланын кудуретине, ырайымына ынандыруу жана алардын Аллах Таалага ыйман келтириши үчүн

2 Адамдарды

3 Бейиштин аталуу ысымдарынан

4 Бейиштеги жакшылыктардын эң улуусу - бул, Аллах Тааланын ыраазы болуусу

5 Табук согушунан келе жатканда мунафыктар пайгамбардын төөсүн чункурга түртүп жиберүүнү ойлошкон. Ушундай ыплас кыйанаттыктарды жасап дагы эле Бейишке кирүү тууралуу кыйалданышат

6 Мунафыктарды Аллах Таала Өз ырайымы менен, Аны элчиси жоомарттыгы менен садака жана зекеттен мол берип, согуш олжолорунан кенен бөлүп байыткандыгы үчүн алар Аллах Таала менен Аны элчисине шүгүр кылуунун ордуна: «Аз берди», - деп жек көрүшкөн. Бул алдардын барып турган ыплас адамдар экенин делилдеп турат

7 Аллах Таалага сыйынуудан

77. Эми алар Аллахка берген өз убадаларына өздөрү каршы чыгышып, жалган сүйлөгөнү үчүн Өзүнө[1] жолуга турган күнгө чейин алардын жүрөктөрүнө эки жүздүүлүк салып койду.

78. Алардын сырларын, шыбырашып сүйлөшкөндөрүн Аллах анык билээрин билишпейби? Чындыгында, Аллах - кайыптарды Билүүчү!

79. [2]Садака берүүгө умтулган момундарды шылдыңдаган (мунафык) адамдарды жана маңдай тери менен тапканын гана[3] бергендерди, келекелегендерди Аллах шылдыңдайт[4]. Алар үчүн сыздатуучу азап (бар).

80. [5]Мунафыктар үчүн (Аллахтан) кечирим сурасаң да, сурабасаң да, ал тургай[6] жетимиш жолу кечирим сурасаң да, Аллах аларды эч кечирбейт. Бул алардын Аллахка, Анын элчисине каршы чыкканынан. Аллах - бузуку коомду туура жолго багыттабайт.

81. Алар Аллахтын элчисине каршы чыгып, согушка барбай олтуруп калганына сүйүнүштү. Аллах жолунда мал - мүлкү жана жандары менен согушууну жек көрүштү. Алар: «Бул ысыкта согушка чыкпагыла!»- деп айтышты. Эгер түшүнсө: «Тозок оту мындан да ысык», - деп айт.

82. Эми алар жасаган иштеринин жазасы үчүн аз күлүп, көп ыйлашсын!

83. Эгер Аллах сени мунафыктар тобуна кайра кайтарып[7] алып барса, сенден катышууга[8] уруксат сурашса: «Эми эч качан мени менен бирге чыкпайсыңар да, мени менен бирге душманга каршы согушпайсыңар! Анткени силер алгачкы ирет ордуңарда олтурууну жакшы көргөнсүңөр. Мына эми артта калуучулар менен бирге олтура бергиле», - деп айткын.

84. Алардан бирөөсү өлсө эч качан (жаназа) намазын окуба да, мүрзөсүнүн башында[9] да турба. Анткени алар Аллахка жана Анын элчисине каршы чыгып (каапырлык кылып) бузуку абалда өлүштү.

85. Сени алардын мал-мүлкү жана балдары суктантпасын. Чындыгында Аллах муну менен аларга дүйнө жашоосунда азапты жана алардын жандарынын каапыр бойунча чыгышын каалайт.

86. Аларга: «Аллахка ыйман келтирип, Анын элчиси менен бирге согуш-

---

1 Аллах Тааланын Өзүнө

2 Мунафыктар эгер бир бай момун көп өлчөмдө садака берсе: «Элге көрүнүү үчүн берип жатат», - деп шылдыңдашкан

3 Абдан аз көлөмдө (маселен бир, же жарым курма) болсо да садакага

4 Аллах Таала кордойт

5 Эй, Мухаммед!

6 Аларды айап

7 Согуштан журтуңа кайтып келген кезде

8 Согушка

9 Топурак салуу үчүн

кула», - деп айтылган сүрө түшүрүлсө, алардын байлары сенден уруксат сурап: «Бизди жөн кой, олтуруучулар[1] менен бололу»,- дешет.

87. Алар артта калуучулар менен бирге болууну каалашты. Алардын жүрөктөрүнө мөөр басылган, ошондуктан түшүнүшпөйт.

88. Бирок, элчи жана аны менен чогуу ыйман келтиргендер мал-мүлкү жана жандары менен[2] согушушту. Мына ушуларга жакшылыктар (буйрулду). Мына ушулар (Тозоктон) кутулуучулар.

89. Аллах аларга алдынан дарыйалар агып турган, алар анда түбөлүк кала турган бактарды дайардап койгон. Мына ушул - улуу ийгилик.

90. Көчмөн арабдардан себептүүлөр[3] өздөрүнө уруксат сурап келишти. Аллахка, Анын элчисине жалган жалаа жабышкандар (үйлөрүндө) олтуруп кала беришти. Алардын каапырларына сыздатуучу азап (бар).

91. Аллах менен Анын элчисине ишенимдүү болгон алсыз, оорулуу, кайрымдуулук кыла албагандарга күнөө жок. Эгер алар Аллах жана Анын элчиси үчүн ыклас кылышса. Жакшылык кылуучуларды (жазалоого) жол жок. Аллах - Кечиримдүү, Боорукер!

92. Согушка унаа сурап келгендерге: «Мен анда силерге унаа таап бере албайм!» - деп айтканында, өздөрү да (согуш үчүн) сарптай турган нерсе таба албай, көз жаштарын армандуу төгүп кайткандарга да күнөө жок.

93. Бул жазалоо[4] - өздөрү бай болуп туруп, сенден (үйүндө) калуучулар менен чогуу калуу үчүн уруксат сурагандарга тиешелүү. Аллах алардын жүрөктөрүн бүтөп (мөөрлөп) койгон. Ошондуктан алар[5] билишпейт.

94. (Согуштан) кайтып, аларга барсаңар, силерден кечирим сурашат. ([6]Аларга): «Кечирим сурабай эле койгула. Биз силерге эч качан ишенбейбиз. Чындыгында, Аллах бизге силер тууралуу кабар берди. Аллах да, Анын элчиси да силердин ишиңерди көрүп турат. Кийин[7], көмүскө-кайыпты[8] да, көрүнөө-ачыкты да Билүүчү Аллахка кайтып келесиңер. Ал силердин кылган ишиңерден өзүңөргө кабар берет.

95. Силер аларга кайра келген кезде алардан[9] жүз үйүрүшүңөр үчүн Аллахтын аты менен ант ичишет. Алардан жүз үйүргүлө! Алар чы-

1 Үйүндө калып

2 Эч нерсесин айанбастан

3 Согушка катышпоого жүйөлүү себептери барлар

4 Жол

5 Өздөрүнө эмне пайдалуу, эмне зыйандуу экенин

6 Эй, Мухаммед! (а.с.)

7 Кыйаматта

8 Адам көзү көрө албаган кайып неселерди, М: адамдардын рух-жанын, ак, же кара ниетин, ойун, кыйалын, максатын ж.б.

9 Аларды айыптоодон, күнөөлөөдөн

нында эле ыплас (адамдар). Арам иштерди кылышканы үчүн алардын орду Тозокто.

96. Алар силерге жагынуу үчүн ант ичишет. Эгер силер алардан ыраазы болсоңор да, Аллах (алар сыйактуу) бузуку коомдон ыраазы болбойт.

97. Көчмөн арабдар[1] - каапырлыкта жана мунафыктыкта абдан катуу. Алар Аллахтын Өз элчисине түшүргөн чек араларын билишпей калууга ылайыктуураак. Аллах - Билүүчү, Даанышман.

98. Көчмөн арабдардан Аллах жолунда бергендерин зыйан эсебинде карай тургандары бар. Ошолор силерге жаман доорлордун келишин каалашат. Доорлордун жаманы алардын өздөрүнө келет. Аллах - Угуучу, Билүүчү.

99. Көчмөн арабдардан Аллахка, акырет күнүнө ишенген, сарптаган каражаттарын Аллахка жакындык, пайгамбардын жакшы тилектерине шайкеш келген иш катары караган адамдар да бар. Мына ушул чындыгында - (Аллахка) жакындык. Аллах аларды Өз ырайымына бөлөйт. Акыйкатта, Аллах - Кечиримдүү, Мээримдүү!

100. Жер которгондордон[2], ансарлардан[3] алгач ыйман келтиргендер жана жакшы иштерде аларды ээрчигендерден Аллах ыраазы болду. Алар да Аллахтан ыраазы болушту. Ошондуктан, Аллах алар үчүн ичинде түбөлүккө кала турган, алдыларынан дарыйалар агып туруучу Бейиштерди дайардап койгон. Бул[4]- эң чоң ийгилик[5]!

101. Силердин айланаңарда көчмөн арабдардан эки жүздүүлөрү да бар. Ошондой эле мединалыктардан да эки жүздүүлүккө чумкуп киргендери бар. [6]Аларды сен билбейсиң, Биз билебиз. Аларды эки эсе катуу азапка кабылтабыз. Андан кийин алар андан да чоң азапка салынат.

102. Кээ бирөөлөрү өз күнөөлөрүн мойундарына алышат. Бирок, алар жакшы иш менен жаманды аралаш кабылдашат[7] . Аллах алардын тооборун балким кабыл кылаар. Акыйкатта, Аллах - Кечиримдүү, Ырайымдуу.

103. [8]Алардын мал-мүлкүнөн садака ал да, ошол[9] аркылуу аларды[10] тазар-

1 Бедуиндер

2 Мухажирлер - Меккеден Мединага ислам дини үчүн көчкөн алгачкы мусулмандар

3 Мухажирлерди сый менен тосуп алган алгачкы мединалык мусулмандар

4 Бейишке кирүүгө татыктуу болуу

5 Эң чоң жыргал,улуу ийгилик

6 Эй, Мухаммед!

7 Жаман ишти да, жакшы ишти да жасай беришет

8 Эй, Мухаммед!

9 Садакаларды бей-бечараларга таратып...

10 Алардын ниетин

тып, жакшылыгын арттыр. Аларга (Аллахтан ыйман сурап) дуба кыл. Анткени, сенин дубаң - аларга Ырайым. Аллах -Угуучу, Билүүчү!

**104.** Пенделеринин тообосун, садакаларын кабылдай турган бир гана Аллах экенин алар билишпейби? Чынында, Аллах - тооболорду Кабыл кылуучу, Ырайымдуу!

**105.** [1]Аларга: «Жасай турганыңарды[2] жасагыла. Ишиңерди Аллах, пайгамбар жана момундар жакында көрөт. Жашыруун менен ашкерени Билүүчү Аллахка кайтарыласыңар да, ошондо Аллах силер эмне иш кылганыңардан кабар берет»,- дегин.

**106.** Согуштан калып, Аллахтын буйругун күтүп аткандар[3]... Аллах аларды, же азапка салат, же тооболорун кабыл кылат. Аллах - Билүүчү, Даанышман!

**107.** (Исламга) зыйан тийгизүү, каапырлык кылуу, мусулмандардын арасын ыдыратуу жана мурдатан эле Аллах менен Анын элчисине каршы согушуп келе жаткан адамдарды тосуп алуу үчүн мечитти кургандар[4], албетте: «Жакшылыкты гана каалаган элек», - деп ант ичишет. Ошондой, Аллах алардын ашкан жалганчы экенине күбө.

**108.** [5]Ал мечитте эч качан намаз окуба. Алгачкы күндөн бери такыбалык негизинде салынган мечитте намазга турууң сен үчүн ылайыктуу. Ал жерде (күнөөдөн) абдан тазарууну чындап ниет кылган кишилер бар. Аллах да абдан тазаларды сүйөт.

**109.** Аллахтан корккон такыбалык менен Аллахтын ыраазылыгына шайкеш мечит курган адам мыктыбы, же кулай турган жардын жакасына мечит куруп, аны менен кошо өзү Тозокко кулай турган адам жакшыбы? Аллах адашкандарды[6] Туура жолго багыттабайт.

**110.** Ошондуктан, алардын курган мечиттери, өздөрүнүн жүрөктөрү талкаланганга (өлгөнгө) чейин ырастыгы күмөн бойунча кала берет. Аллах - Билүүчү, Даанышман!

**111.** Акыйкатта, Аллах момундардын жанын жана мал-мүлкүн Бейишке алмаштырган. Алар - Аллах жолунда согушуп өлтүрүшөт жана өлтүрүлүшөт. Буга байланыштуу чыныгы убада Тооратта, Инжилде жана Куранда бар. Өз убадасын Аллахтан артык орундата ала турган ким

1 Эй, Мухаммед!

2 Жакшы, сооптуу иштерди

3 Дагы күтүшсүн

4 Мунафыктар пайгамбарыбыз согуштан келгенче Шамдан христийан кечили Амырды тосуп алуу, ж.б. ыплас ниеттер менен жаңы мечитти курушат да, анан пайгамбардын согуштан келип калганын көрүп, коркуп кетип, калп жерден касам ичип, анын ошол мечитте намаз окуп берип кетүүсүн суранышат

5 Мухаммед (а.с.)ды жок кылуу максатында, Пайгамбар кирип намаз окусун - деп, мушриктер мечит курушкан эле. Алардын бул амалын Аллах Таала Өз элчисине билдирип жатат.

6 Каапырларды

бар? Ошондуктан ушул соодалашууга кубангыла. Анткени бул[1] - зор ийгилик.

112. [2]Тообо кылуучулар, ибадат кылуучулар, Аллахты даңктоочулар, орозо тутуучулар, (намаз окуп) рүкү, сежде кылуучулар, жакшылыкка чакырып, жамандыктан тосуучулар жана Аллахтын чектерин[3] сактоочулар (ушулар Бейиш ээлери). Момундарга[4] сүйүнчүлө!

113. Пайгамбарга жана момундарга[5] тозок ээлери экендиги билингенден кийин, эгер жакындары болсо да мушриктер үчүн (Аллахтан) кечирим суроого болбойт.

114. Ибрахимдин атасы үчүн (Аллахтан) кечирим тилегени - ага берилген[6] убада бойунча болгон. (Ибрахимдин) өзүнө атасынын Аллахка душмандыгы билинген соң, атасын таштап чыгып кетти. Чындыгында, Ибрахим ары кичи пейил[7] , ары жумшак мүнөздүү эле.

115. Аллах кайсыл бир элди Туура жолго салгандан кийин, алар сактаган нерселерин[8] ачык билдирмейинче аларды адаштырбайт. Чындыгында, Аллах - бардык нерсени Билүүчү!

116. Акыйкатта, асмандар менен жердин кожойундугу Аллахка гана таандык. Ал - өлтүрөт жана тирилтет. Силер (момундар) үчүн Аллахтан башка жардамчы да, колдоочу да жок!

117. Чындыгында, Аллах момундардын бир бөлүгүнүн жүрөктөрү адашууга ыктаган (оор мезгилден) кийин пайгамбарды ээрчиген мухажирлер[9] менен ансарлардын[10] тооболорун кабыл кылып, пайгамбардын ырайымына алып келди. Аллах аларга ырайымдуу, боорукер болгондуктан, алардын тооболорун кабыл кылды.

118. Согуштан калган үчөөнүн да тооболору кабыл кылынды[11]. Аларга жер кенен туруп, абдан тарып кеткен болчу. Алардын жүрөктөрү кысылып кеткен эле. Аллахтан башка эч кандай сактап калуучу жок экенин

---

1 Бейишке кирүү

2 Эй, Мухаммед!

3 Өкүмдөрүн

4 Алар бейиштерге киришээри тууралуу жакшы кабарды

5 Алардын кайсыл бир жакын тууганы

6 Ал өз атасына берген

7 Аллахка сыйынууда

8 Эмне адал, эмне арам, кайсыл туура, кайсыл адашуу ж.б. экенин

9 Меккеден Мединага динин сактоо максатында көчүп барган мусулмандар

10 Меккеден көчүп келген мусулмандарга көмөк көрсөтүп, үй-жайын, тамагын бөлүшкөн мединалык мусулмандар

11 Табук согушуна барбай койушуп, кийин пайгамбарга чындыкты гана айтышып, өз күнөөлөрүн мойундарына алган соң, 5. күндөн кийин 70-8. адамдын ичинен чындыкты жашырбай айткан 3 сахабага гана Аллах Тааладан кечирим келген

аңдашты. Ошондон кийин Аллах алардын тооболорун кабыл кылды. Чындыгында, Аллах - тооболорду кабыл кылуучу, Мээримдүү.

119. Эй, момундар! Аллахтан коркуп, чынчыл адамдар менен бирге болгула.

120. Мединалыктардын жана алардын айланасындагы көчмөн арабдардын Аллахтын элчисинен артта калуусу, анын[1] жанынан өз жандарын артык көрүүсү - жарабаган иш. Анткени алар Аллах жолунда чөлгө дуушар болушуп, чаңкашса, чарчашса, ач калышса, каапырларды ызаландыра турган бир жерден өтсө жана душманды жеңсе, аларга ошол себептүү гана жакшы амал жазылат. Аллах - жакшы иш кылгандардын сообун текке кетирбейт.

121. Алар Аллах жолунда чоң, же кичи болсун, бир нерсе сарп кылышкан болсо, же бир өрөөндү басып өтсө, Аллах алардын көркөм[2] амалдарына сыйлык берүү үчүн сооп жазат.

122. Акыйкатта, момундардын баары толугу менен жоого аттануулары шарт эмес. Ар бир тайпадан дин илимин үйрөнүп, алар (жоодон) кайтып келген кезде, алардын такыба болуусу үчүн эскертишип туруулары керек эмес деп ойлойсуңарбы?

123. Эй, момундар. Айланаңардагы каапырлар менен согушкула! Алар силерден катаал мамилеге кабылсын. Чындыгында, Аллах такыбалар менен бирге экенин билгиле.

124. Бир сүрө түшүрүлгөн кезде алардан: «Бул кимиңердин ыйманыңарды арттырмак эле?» - дечү адамдар да бар. Ал сүрө - момундардын ыйманын арттырат, ошолор кубанышат.

125. Ошондуктан ал сүрө жүрөктөрүндө дарты болгондордун жамандыктарынын[3] үстүнө жамандык арттырат, алар каапыр тейде өлүшөт.

126. Мунафыктар ар жылы бир, же эки ирет (Аллах тарабынан) сыналып жатканын көрүшпөйбү? Ошондо деле алар тообо кылышпайт, насаатты да (кабыл) алышпайт.

127. Эгер сүрө түшүрүлбөсө, бири бирине карап: «Силерди көрө турган бирөө барбы?» - деп анан өздөрү терс бурулуп кетишет. Алардын жүрөктөрүн (Аллах) тескери оодарып койгон. Анткени алар [4]түшүнбөгөн коом.

128. Чындыгында, силерге өз араңардан (чыккан) ызааттуу элчи келди. Ага силердин түйшүгүңөр оор келсе да, ал[5] силерге өтө камкор. Момундарга мээримдүү, боорукер.

1 Аллах Тааланын элчисинин жанынан
2 Жакшы
3 Каапырлыгынын
4 Аллах Тааланын акыйкатын
5 Мухаммед (а.с.)

129. (Эй, Мухаммед!) Эгер алар сенден жүз үйрүсө: «Мага Аллах жетиштүү. Андан башка Кудай жок. Ага тобокел[1] кылдым, Ал - Улуу Арштын Кожойуну»! - деп айт

# 10. ЙУНУС СҮРӨСҮ

**Меккеде түшүрүлгөн Жүз тогуз айаттан турат**

***Мээримдүү, Ырайымдуу Аллахтын аты менен***

1. Алиф, лам, раа[2]. Мына булар даанышман Китептин[3] айаттары.
2. Адамдарды эскертүү жана ыймандууларга кылган жакшылыктары, Эгесинин алдында чоң кадырга ээ боло тургандыгын сүйүнчүлөө үчүн өздөрүнүн араларынан бир кишиге Биздин кабар жибергенибизге да таң калышабы? Каапырлар: «Ал анык сыйкырчы», - дешет.
3. Акыйкатта, силердин Эгеңер Аллах асмандар менен жерди алты күндө жараткан, андан соң Аршка истиваа болуп[4], келечек ишке өкүм чыгарат. Андан уруксатсыз эч ким коргоочу[5] боло албайт. Мына ушул - Аллах - силердин Эгеңер. Ага (гана) сыйынгыла. Эсиңерге келбейсиңерби?
4. Ага баарыңар чогуу кайтасыңар. Бул Аллахтын убадасы - акыйкат. Акыйкатта, Ал баарын баштап жараткан. Анан ыйман келтирип, жакшылык кылгандарды адилеттүүлүк менен сыйлоо үчүн аны кайта тирилтет. А каапырларга каапыр болгондуктары себептүү кайнаган суусундук жана оорутуучу азап бар.
5. Ал күндү жарык, ал эми айды нур кылды. Силер жылдарды жана убакытты билүүңөр үчүн алардын орундарын белгиледи. Аллах буларды чындык менен жаратты. Ал түшүнгөн адамдарга Өзүнүн айаттарын байандайт.

---

1 Ага тайандым, Андан гана жардам тиледим

2 Мааниси бир Аллахка маалым

3 Куран

4 «Истиваа» - сөзү өзүнө бир нече маанини камтып: барабарлануу, жогору болуу, көтөрүлүү, камынуу, ээлик кылуу, багыт алуу дегенди туйундурат. Бирок, Аллах Таала эч нерсеге окшобогондугу үчүн «истиваа» кандай көрүнүштө болоору адам баласына маалым эмес. Демек, бул сөздөн Аллах Таала эмнени кааласа ошого ыйман келтирүүгө милдеттүүбүз. Ар кандай чечмелөөрдү айтып, талашып - тартышууга акыбыз жок. Ошол үчүн өткөн улуу Имамдардын бардыгы бул маселеге өтө кылдат мамиле кылуу керек экенин баса белгилешкен. Тарыхта алтын тамгалар менен жазылып калган төмөнкүдөй таамай сөздөрдү Имам Малик мындай байандаган: «Истиваа - маалым, аны сүрөттөө белгисиз. Ага ыйман келтирүү ваажиб, ал туралуу суроо салуу бидаат.»

5 Сөлөкөттөргө, жалган кудайларга табынгандардын түшүнүгү бойунча Аллах менен адамдардын ортосунда ортомчу б.а. коргоочулар бар имиш. Христиандар да Исапы Кудай менен адамдын ортосундагы куткаруучу деп эсептешет

6. Акыйкатта, түн менен күндүн алмашуусунда, Аллах асмандар менен жерде жараткандарында такыба адамдар үчүн белгилер бар.

7. Акыйкатта, Биз менен кездешүүнү күтпөгөндөр, бул дүйнө жашоосуна маашырлана көңүлдөрү жай тапкандар - Биздин айаттарыбыздан бейкапар болгондор.

8. Алар өздөрүнө дайардагандары үчүн - орундары тозок.

9. Акыйкатта, ыйман келтирип, жакшылык кылгандарды ыймандары себептүү алдынан дарыйалар аккан, ырахаттуу Бейиш жолуна салат.

10. Алардын андагы сыйынуулары: «Оо, Жараткан Аллах, биз Сени Арулайбыз!» А саламдашуулары: «Салам - Тынчтык!» (болот), дубаларын: «Ааламдардын Эгеси Аллахка мактоо!» - деп айакташат.

11. Эгерде Аллах адамдарга жакшылыктын келишин каалаган өңдүү, жамандыктын келишин да тездетсе, анда алардын жашоосу (эбак) бүткөн болор эле[1]. Бирок, Биз менен кездешүүнү күтпөгөндөрдү өздөрүнүн адашуусунда экилентип таштап койобуз.

12. К ачан инсанга кайгы жеткен кезде, ал жатып да, олтуруп да, туруп да Бизге жалына баштайт. Биз аны кайгыдан куткарганыбызда, ал Бизден жамандыктан куткарууну сурабаган өңдүү мурунку жолу менен кете берет. Ушундай болуп чектен ашкандардын иштери өздөрүнө көркөмдүү сезилет.

13. Биз силерге чейинки заалымдык кылган көптөгөн элдерди жок кылганбыз. Алардын пайгамбарлары далилдер менен келишкенде да, алар ишенбеген бойунча кала беришкен. Күнөөкөр коомдун жазасын Биз ушинтип беребиз.

14. Силер кандай кыларыңарды байкап көрүү үчүн Биз силерди жер үстүндө алардын орун басарлары кылдык.

15. Качан аларга Биздин айкын айаттарыбыз окулганда, Биз менен кездешүүнү үмүт этпегендер мындай дешет: «Бизге Курандын ордуна башка китепти алып кел, же аны өзгөрт.» Аларга: «Аны мага өзгөртүүгө болбойт. Мен болгону мага кабар кылынган нерсени гана ээрчиймин. Мен эгер Эгемдин буйругун аткарбасам, Улуу күндүн азабынан коркомун», - дегин.

16. «Эгер Аллах каалаган болсо, анда мен муну силерге окубас элем, ал жөнүндө силерге үйрөтпөс да элем. Чынында, мен буга чейин силер менен бүтүндөй бир жашоону өткөздүм. Эмнеликтен акылыңарга келбейсиңер?» - деп айт.

17. Аллахка жалаа жапкандардан, же Анын айаттарын жалганга чыгарган-

1 Каапыр мушриктер пайгамбарга: «Сенин Аллах Тааладын айткандары чын болсо, анда бизге жаза жиберсин», - деген өңдүү талаптарды койушкан. Эгер Аллах алардын каалаганын кылса, анда алар кырылып калышы мүмкүн эле

дан да ашкан заалым барбы? Албетте, күнөөкөрлөр ийгиликке жете албайт.

18. Алар Аллахтын ордуна өздөрүнө зыйан да, пайда да келтире албагандарга сыйынышат да: «Мына биздин Аллахтын алдындагы коргоочуларыбыз», - дешет. (Аларга): «Асмандар менен жерде Ага белгилүү болбогон нерсени Аллахка кабар берип жатасыңарбы?» - деп айт. Ага мактоолор болсун! Ал - силер кошкон шериктериңерден таза жана бийик.

19. Мурун адамдар бир эл эле, анан алар бөлүнүштү. Эгер Эгең тараптан сөз өтпөгөндө, алардын ортосундагы талашып-тартышып жаткандары тууралуу иш чечилип калмак болчу.

20. Алар: «Анын Эгесинен ага бир керемет[1] түшүрүлдүбү?» - дешет. Аларга: «Акыйкатта, көмүскөлөр Аллахка таандык. Күтө тургула, мен дагы силер менен бирге күтүүчүлөрдөнмүн», - деп айт.

21. Инсандын башынан жамандык өткөндөн кийин, Биз Өз мээримдүүлүгүбүздү таттырган кезде, Биздин айаттарыбызга каршы айла-амалдарды ойлой баштайт. (Аларга): «Аллах айла - амалдарды табууда абдан тез», - дегин. Албетте, Биздин элчилерибиз[2] силердин айла-амалдарыңарды жазып турат.

22. Ал силерди кургакта жана деңизде жүргүзөт. Силер кемеде болгонуңарда, кеме аларды сыдырым соккон жел менен алып барат, алар бирге сүзүп кубанышат. Качан аларга катуу шамал жетип, чоң толкундар ар тараптан келип (ургулай) баштаганда, алар өздөрүн өлүмгө дуушар болчудай сезишип, чын ишеним менен Аллахка жалбара башташат: «Эгер Сен бизди куткарсаң, биз шүгүр кылуучулардан болобуз!» (дешет).

23. Ал аларды куткарган кезде, алар жер үстүндө адилетсиз иштерди кылат. Эй, инсандар! Силердин кылган жаман ишиңер (ээн-баштыгыңар) өзүңөр үчүн гана. Ал (ишиңер) болгону бул дүйнө менен ырахаттануу. Андан соң силердин кайтып келээриңер Биз (жак). Жана ошентип Биз силерге эмне кылганыңардан кабар беребиз.

24. Чынында, дүйнө тиричилиги Биз асмандан жаадырган жаан сыйактуу. Аны менен Жер үстүндө көптөгөн өсүмдүктөр аралашып өсөт да, аларды адамдар жана малдар жейт. Качан жер жүзү кулпуруп, кооз болуп турган кездерде, анын жашоочулары муну биз пайдаланабыз деп ойлошот. Ошондо, түнкүсүбү, же күндүзүбү, аларга Биздин өкүм-буйругубуз жетет. Анан Биз аларды, алар кечээ өсүп-гүлдөп турбаган өңдүү бастырылган эгин талаасындай кылып салабыз. Биз айаттарыбызды акыл жүгүрткөндөргө мына ушинтип түшүндүрөбүз.

1 Мужиза - адамдын акылы жетпеген кандайдыр бир керемет нерсени кылуу, же көргөзүү. Мисалы, асмандагы айды экиге бөлүү өңдүү

2 Периштелер. Алар күнөө менен соопту жазып турушат

25. Аллах тынчтык жайына чакырат жана каалагандарын туура жолго багыттайт.

26. Сооптуу иш кылгандарга жакшылык жана андан артыгы да бар. Алардын жүздөрүн каралык да, кайгы да каптабайт. Ошолор Бейиш ээлери, алар анда түбөлүккө кадышат.

27. Жамандык кылгандарга жамандыгына ылайык жаза берилет, алардын жүзүн кайгы каптайт. Аллахтын алдында аларга коргоочу да болбойт. Алардын жүздөрүн түн караңгылыгындай каралык каптайт. Ошолор тозок ээлери, алар анда түбөлүккө калышат.

28. Ошол күнү Биз алардын баарын жыйабыз. Ошондо, Аллахка шерик кошуп жүргөндөргө: «Силер жана силер шерик кылып[1] жүргөндөр ордуңарга (тургула)», - дейбиз. Ошентип Биз аларды ажыратабыз. А Аллахка шерик кылынып жүргөндөр[2] мындай дейт: «Силер бизге табынган эмессиңер,

29. биздин ортобузда Аллах жетиштүү күбө. Силердин бизге табынып жүргөнүңөр тууралуу биз билген эмеспиз».

30. Анда ар бир жан бул дүйнөдө өзүнүн кылгандарынан түйшөлөт жана чыныгы ээси болгон Аллахка кайтарылат. Ал эми алар ойлоп тапкандар[3] аларды таштап кетет.

31. «Силерге асман менен жерден көрүүңөрдү ким башкарат? Ким өлүктөн тирүүнү, тирүүдөн өлүктү чыгарат? Ким баарын башкарат?» - дегин. Ошондо алар: «Аллах», - дешет. «Анда эмне үчүн Андан коркпойсуңар»,- деп айт.

32. Бул Аллах - силердин чыныгы укуктуу Эгеңер. Акыйкаттан соң бир гана адашуудан бөлөк эмне болмок эле? Эмне үчүн баш тартасыңар?

33. Ушинтип, бузукулук кылгандарга Эгеңдин: «Алар ыйман келтиришпейт», - деген сөзү чындыкка чыгат.

34. «Силердин шерик кылып жүргөндөрүңөрдүн арасында алгачкы ирет жаратып, анан аны кайра кайтара[4] тургандар да барбы?» - дегин. «Аллах алгачкы жаратууну ишке ашырат, анан аны кайра кайтарат[5]. Кандайча баш тартасыңар?» - деп айт.

35. «Аллахка шерик кошкондоруңардын арасында акыйкатка багыттай тургандары барбы?» - деп айт. «Аллах гана акыйкатка багыттайт. Өзү жол таппаган жана башкаларды да жетектей албагандарга караганда акый-

1 Аллахка шерик кылып

2 Сөлөкөттөр

3 Сөлөкөттөр, жалган кудайлар көпчүлүгү жоромолдорду гана ээрчийт. Албетте, жоромолдор акыйкаттын алдында эч нерсеге арзыбайт. Акыйкатта, Аллах - алардын кылгандарын Билүүчү.

4 Кайра тирилте турган

5 Тирилтет

катка алып бара тургандын артынан ээрчүүгө татыктуу эмеспи? Силерге эмне болду? Кандай өкүм чыгарып жатасыңар?» - дегин.

36. Алардын көпчүлүгү жоромолдорду гана ээрчийт. Албетте, жоромолдор акыйкаттын алдында эч нерсеге арзыбайт. Акыйкатта, Аллах - алардын кылгандарын Билүүчү.

37. Бул Куран Аллахтан башканын ойунан чыгарылган эмес. Ал (Куран) мурункуларды тастыктоо жана Китепти түшүндүрүү үчүн жөнөтүлгөн. Анда шек жок, (ал) ааламдардын Эгесинен келтирилген.

38. Алар: «Ал аны ойлоп тапкан», - дешеби? «Ага окшогон бир сүрө келтиргиле жана эгер чын болсоңор Аллахтан башка жактырган бирөөнү чакыргыла», - деп айт.

39. Жок, алар өздөрүнүн билими жетпегендиктен жана маңызын түшүнбөгөндүктөн жалганга чыгарышууда. Аларга чейинкилер да ушинтип жалганга чыгарышкан. Адашкандардын акыры кандай болуп бүткөнүн карап көрчү?!

40. Алардын ичинде ишенгендери[1] да, (ага) ишенбегендери да бар. Эгең бузукуларды жакшы билет.

41. Сени жалганга чыгарышса: «Менин кылгандарым өзүмө, силердин кылганыңар өзүңөргө. Силер мен кылгандан оолаксыңар, мен да силер кылгандардан оолакмын», - де.

42. Алардын арасында сени угуп тургандар[2] да бар. Бирок, алар акыл калчабаса, дүлөйлөргө угуза аласыңбы?

43. Алардын арасында сени карап тургандар да бар. Бирок, сокурлар көрө албаса, сен аларга жол көрсөтө аласыңбы?

44. Акыйкатта, Аллах адамдарга эч заалымдык кылбайт. А адамдар өздөрүнө өздөрү заалымдык кылышат.

45. А л баарын жыйнаган күнү[3] алар жер үстүндө бир күндүн ичинде бир эле саат болгондой[4] сезишет. Бирин-бири таанышат. Аллах менен кездешүүнү жалганга чыгаргандар жана туура жолдо жүрбөгөндөр зыйанга учурашат.

46. Биз сага коркутуп жаткандарыбыздын бир бөлүгүн көрсөтөбүз, же сени ага чейин жайгарабыз. Баары бир алардын кайтып келүүсү бизге (гана). Андан соң Аллах алардын кылгандарынын баарына күбө болот.

47. Ар бир элге өзүнөн элчи бар. Аларга өздөрүнүн пайгамбарлары келген күнү алардын араларында талаш болгондор адилеттүү түрдө чечилет жана алар таарынышпайт.

---

1 Куранга

2 Эки жүздүүлөр угумуш болуп турса да түшүнүшпөйт, же аны каалашпайт

3 Кыйамат кайым, сурак болуучу күнү

4 Бул дүйнөдөгү бүткүл жашоосу

48. Алар: «Эгер сен чын болсоң, анда бул убадалар качан аткарылат?»- деп сурашат.

49. «Эгер Аллах каалабаса, мен өзүмө жакшылык да, жамандык да кыла албайм. Ар бир эл үчүн өз мөөнөтү[1] бар. Ал келген кезде алар аны бир саат жайлата да, узарта да алышпайт», - дегин.

50. «Айткылачы! Эгерде Анын азабы силерге түндө, же күндүз келсе, анда анын келишин тездетүүнү бузукулар эмне үчүн каалап жатышат?» - деп айт.

51. Ал силерге келген күнү ишенесиңерби? Азыр (көрүп), ишендиңер. Чынында, силер аны тездетүүнү каалаган элеңер.

52. Андан соң заалымдарга: «Түбөлүк азапты таткыла! Өзүңөр кылганыңарга гана жараша жаза берилдиби?» - делинет.

53. Жана алар сенден: «Ушулар чындыкпы?» - деп сурашат. «Эгемдин аты менен ант ичем, ооба, бул акыйкат. Силер анын алдында алсызсыңар», - дегин.

54. Заалымдык кылган ар бир жан (азапка кабылганда) жер жүзүндөгү бардык нерселер өзүнүкү болсо, аны төлөп кутулгусу келет. Алар жазаны көргөндө катуу өкүнүшөт. Алардын араларында адилеттүүлүк менен өкүм жүргүзүлөт. Аларга зулум[2] кылынбайт[3].

55. Ооба! Асмандар менен жердегилердин баары Аллахка таандык. Ооба! Албетте, Аллахтын убадалары чындык. Бирок, алардын көпчүлүгү муну түшүнбөйт.

56. Ал жашоо берет, өлтүрөт жана силер Ага кайтасыңар.

57. Эй, адамдар! Силерге Эгеңерден үгүт-насаат, жүрөктөрдөгүнү айыктыруучу (шыпаа), ыймандуулар үчүн Туура жол жана ырайым келди.

58. «Алар Анын жакшылыгы[4], ырайымы[5], мына ушуга кубанышсын. Анткени, бул алар өздөрүнө чогултkандан жакшы», - деп айт.

59. «Айткылачы: Аллах силерге марттык менен ырыскы бөлүштүргөнүн көрбөйсүңөрбү? Эмнеликтен силер анын бирин арам деп[6], башкасын адал кылдыңар?» - деп айт. «Аллах буга уруксат бердиби, же силер Аллахка жалаа жаап жатасыңарбы», - дегин.

60. Аллахка жалган жалаа жапкандар Кыйамат күнү тууралуу эмне ойло-

---

1 Айагы, кыйрашы

2 Адилетсиздик

3 Күнөөлөрүнө ылайык гана жазалар берилет

4 Ислам

5 Куран

6 Аллах Таала берген адал ырыскыларды арам деп, өз алдынча өкүм чыгарган кишилер жөнүндө сөз болууда

шот? Акыйкатта, Аллах адамдарга мээримдүү. Бирок, алардын көбү Ага шүгүр кылышпайт.

61. Сен кандай абалда болсоң да, Курандан эмнени окусаң да, силер эмнени кылсаңар да, Биз күбө болуп турабыз. Себеби, силер ага[1] чумкуп киресиңерби? Силердин Эгеңерден жер үстүндө да, асмандарда да кыпындын салмагындай эле, же андан азыраак, же андан көбүрөөк болсо дагы эч нерсе жашыруун эмес. Мунун баары ачык Китепте[2] жазылган.

62. Ооба! Албетте Аллахка жакын болгондор чоочулашпайт да кайгырышпайт.

63. Ыймандуулар жана такыба болгондор,

64. Алар үчүн бул дүйнөдө жана акыретте сүйүнүчтүү кабар бар. Аллахтын убадалары эч өзгөрүлбөйт. Бул улуу ийгилик.

65. Алардын сөздөрү сени кайгыртууга тийиш эмес. Акыйкатта, бардык ызааттуулук Аллахка гана таандык. Ал - Угуучу, Билүүчү.

66. Ооба! Акыйкатта, асмандар менен жердегилердин баары Аллахка таандык. Аллахтан башка шерик келтирилгендерге табынып жаткандар эмнени көздөшөт? Алар божомолдорду гана ээрчип жүрүшөт. Алар жалганды гана айтышат.

67. Ал силердин эс алууңар үчүн түндү, көрүүңөр үчүн күндүздү кылган. Албетте, мында уга турган адамдар үчүн айат-белгилер бар.

68. Алар: «Аллах Өзүнө уул алды[3]», - дешет. Ал (андан) таза! Ал - Бай[4]. Ага асмандардагылар менен жердегилердин баары таандык. Силерде болсо эч кандай далилдер жок. Аны билбей туруп, Аллах тууралуу айта аласыңарбы?

69. «Акыйкатта, Аллахка жалган жалаа жабуучулар ийгиликке жете алышпайт», - дегин.

70. Бул дүйнөдө жыргал, андан соң алардын Бизге кайтуулары бар. Ошондо Биз каапыр болгондору үчүн катуу азап таткыдай кылабыз.

71. Сен аларга Нухтун байанын окуп бер. Ал элине мындай деди: «Оо, элим! Эгер менин силердин араңарда болгонум жана силерге Аллахтын айаттарын эскерткеним оор болуп жатса, анда мен Аллахка тобокел кылдым. Өзүңөрдүн кудайларыңар менен ишиңерди чогулткула. Силердин ишиңер жашыруун калбасын. (Өз ниетиңерди жашырбастан) мага кечиктирбей өкүм чыгаргыла.

72. Эгер силер артка кетсеңер, мен силерден сыйлык сурабаймын. Менин сыйлыгым Аллахтан гана. Мага ыймандуулардан болуу буйрулган».

1 Амалга

2 Тагдыр жазылган китеп

3 Баласы бар дешет

4 Эч кимге муктаж эмес

73. Алар аны жалганчы деп жарыйалашты. Биз аны жана аны менен кемеде бирге болгондорду куткардык. Биз аларды орун басар кылдык жана Биздин айаттарыбыздан баш тарткандарды сууга чөктүрдүк. Эскертилгендердин акыры кандай болуп бүткөндүгүн кара!

74. Нухтан кийин Биз ар бир элге өзүнүн пайгамбарларын жөнөттүк. Алар айкын далилдер менен келишти. Мурда да жалганга чыгаргандыктары үчүн алар ыйман келтиришкен эмес. Чектен чыккандардын жүрөктөрүн мына ушинтип мөөрлөйбүз.

75. Андан соң Мусаны жана Харунду Биздин айаттарыбыз менен Фараонго жана анын жан -жөкөрлөрүнө жөнөттүк. Бирок, алар текеберленишип күнөө кылуучу коомдон болушту.

76. Бизден акыйкаттык келгенде алар: «Бул анык сыйкыр», - дешти.

77. Анда Муса: «Силерге акыйкаттык келгенде, ал тууралуу ушундай дейсиңерби? Ушул да сыйкырбы? Сыйкырчылар мындай ийгиликке жете албайт», - деди.

78. Алар: «Сен бизди ата-бабаларыбыз карманган нерселерден кайтаруу жана жер жүзүндө бийлик экөөңөрдүн колуңарда болуу үчүн келдиңби? Биз, экөөңөргө[1] ишенбейбиз», - дешти.

79. Фараон: «Мага бардык илимдүү сыйкырчыларды келтиргиле!» - деди.

80. Сыйкырчылар келгенде Муса аларга: «Ыргыта турганыңарды ыргыткыла!» - деди.

81. Алар ыргытышканда[2], Муса: «Силер келтирген нерсе сыйкыр (гана)! Албетте Аллах аны жок кылат. Акыйкатта, Аллах - бузукулардын ишин оңдобойт», - деди.

82. Аллах күнөөкөрлөр үчүн жек көрөөрлүк болсо да, Өзүнүн сөзү менен акыйкатты бекемдейт.

83. Бирок, анын элинин ичинен Фараон жана анын жан-жөкөрлөрү жазага тартпасын деп корккондору себептүү азыраагынан башкасы Мусага ишенбеди. Акыйкатта, Фараондун жер үстүндө зор бийлиги бар болуучу жана ал чектен чыккандардан эле.

84. Муса: «Эй, элим! Эгер Аллахка силер мойун сунуучу болуп, ишенсеңер Ага тобокел кылгыла», - деди.

85. Алар айтышты: «Биз Аллахка тобокел кылдык. Эгебиз, бизди заалым эл үчүн азгырык -сыноо кылба,

86. бизди каапыр элден Өз мээримиң менен куткар!»

87. Биз Муса менен анын тууганына: «Өз элиңер үчүн Мисирде[3] үй кур-

1 Муса жана Харунга

2 Алар жиптерин ыргытышканда, алар жылан болуп көзгө көрүнгөн

3 Байыркы Египет жөнүндө сөз болууда

гула, аны сыйына турган үй кылып алгыла жана намаз окугула. Жана ыймандууларга сүйүнчү кабарды жеткизгиле», - деп айан бердик.

**88.** Муса: «Оо, Эгебиз! Сен Фараонго жана анын жан-жөкөрлөрүнө бул дүйнөдө коoздук менен мол байлыкты бердиң. Эгебиз, ошондуктан алар башкаларды адаштырып, туура жолуңдан чыгарып жатышат. Эгебиз, алардын байлыктарын жок кыл да, жүрөктөрүнө катуу мөөр бас! Алар катуу азапты тартканга чейин ыймандуу болушпайт», - деди.

**89.** Анда Ал (Аллах) айтты: «Силердин дубаңарга жооп берилди[1]. Туруктуу болгула жана наадандардын жолуна ээрчибегиле!»

**90.** Биз Исраил уулдарын деңизден өткөрдүк. А Фараон жана анын аскерлери өч жана душмандык менен алардын артынан ээрчип жөнөштү. Ал (Фараон) чөгүп бараткан кезде: «Исраил уулдары ишенген Кудайдан башка кудай жок деп ишенемин жана мен Ага мойун сунуучулардан-мын», - деди.

**91.** «(Тообоң) азырбы? Сен мурун көгөргөн бузукулардан элең...»

**92.** Бүгүн Биз кийинки муундарга үлгү болсун үчүн сенин денеңди (сактап) куткарабыз. Бирок, көп элдер Биздин айаттарыбыздан бейкапар.

**93.** Биз Исраил уулдары үчүн кереметтүү калааларды курдук жана аларга таза ырыскыларды бердик. Аларга ачык билим келгенге чейин, алар бир - бири менен бөлүнүшпөдү. Акыйкатта, Эгең Кыйамат күнү алардын ортосундагы пикир келишпестиктери тууралуу териштирет.

**94.** Эгер сага түшүргөндөрүбүздөн күдүктөнсөң, сенден мурунку Китеп окугандардан сура. Чынында сага Эгеңден Акыйкат келди. Андыктан күдүктөнүүчүлөрдөн болбо!

**95.** Аллахтын айаттарын жалганга чыгаруучулардан болбо. Антсең, зыйанга учуроочулардан болосуң.

**96.** Акыйкатта, ыймансыздар - үстүнөн Эгеңдин сөзү акыйкатталган.

**97.** Бүткүл айаттарыбыз келсе да, алар оорутуучу азапты көргөнчө (ишенишпейт).

**98.** Йунустун элинен башка ыйман келтирген жана ыймандары пайда берген айыл болгонбу? Алар ишенген кезде Биз аларды бул дүйнө тиричилигиндеги кордоочу жазадан куткардык жана аларды белгилүү мезгилге чейин пайдалангыдай кылдык.

**99.** Эгер Эгең кааласа жер жүзүндөгүлөрдүн баары ыйманга келишээр эле. Сен адамдарды ыйман келтирүүгө зордойсуңбу?

**100.** Эч бир жан Аллахтан уруксатсыз ыймандуу боло албайт. Ал акыл жүгүртпөгөндөрдү жазага тартат.

**101.** «Көргүлө! Асмандар менен жерде эмнелер бар?» - дегин. Ыймансыз коомго айаттар да, элчилер да пайда бербейт. Алар ыйман келтиришпейт.

---

1 Кабыл болду

102. Алар мурунку каапырларга жеткендерден да башка бир нерселерди күтүп турабы? Аларга: «Күтүп тургула! Мен да силер менен бирге күтүүчүлөрдөнмүн», - деп айт.

103. Ошондо Биз Өзүбүздүн пайгамбарларды жана ыймандууларды куткарабыз. Акыйкат ушундай болот. Момундарды куткаруу Бизге таандык.

104. «Эй, адамдар! Силер менин диниме шек саноочу болсоңор, мен Аллахтан башка силер табынгандарга табынбаймын. Мен Аллахка гана табынамын, Ал силерди өлтүрө алат. Мага момундардан болуума буйрук кылынган», - дегин.

105. Жүзүңдү туура динге бур жана мушриктерден[1] болбо.

106. Бир Аллахтан башка сага пайда да, зыйан да келтире албаган эч кимге табынба. Антпесең, сен заалымдардан болосуң.

107. Эгер Аллах сени бир кырсыкка учуратса, Андан башка эч ким куткара албайт. Эгер Ал сага жакшылык жөнөтсө, Анын мээримдүүлүгүн эч ким токтото да албайт. Ал Аны Өз пенделеринин ичинен каалагандарына берет. Ал Кечирүүчү, Боорукер.

108. Эй, адамдар! Силерге Эгеңерден акыйкат келди. Ким туура жол менен барса, ал өзүнө пайда келтирет. Ким адашса, өзүнө гана зыйан жеткирет. Мен силер үчүн өкүл[2] эмесмин.

109. Өзүңө кабар кылынгандарга ээрчи жана Аллах өкүм кылганга чейин сабырдуу бол. Анткени, Ал - өкүмдарлардын эң мыктысы.

# 11. ХУД СҮРӨСҮ

**Меккеде түшүрүлгөн Жүз жыйырма үч айаттан турат**

***Мээримдүү, Ырайымдуу Аллахтын аты менен***

1. Алиф, лам, ра[3]. Бул (Куран) - айаттары бекитилген жана Даанышман, Билүүчү (Аллах) тарабынан ачык байан кылынган Китеп.

2. Аллахтан башкага сыйынбагыла! Чындыгында, Мен силерге Ал[4] тараптан эскертүүчү жана Кубандыруучумун.

3. Эгеңерден кечирим тилеп, Ага тообо кылгыла. Ал силерди белгилүү мөөнөткө чейин көркөм түрдө[5] пайдаландырат да, ар бир жакшылык

1 Көп кудайга табынгандар

2 Башкаруучу эмесмин

3 Мааниси бир Аллахка маалым

4 Аллах тараптан келген

5 Бул дүйнө жыргалдарынан

ээсине сыйлык берет. Эгер (Аллахтан) жүз бурсаңар, чынында, силер үчүн Улуу Күндүн азабынан коркомун.

**4.** Кайтуучу жериңер Аллах тарап. Ал - бардык нерсеге Кудуреттүү.

**5.** Эсиңерде болсун: Алар[1] Андан[2] жашынуу үчүн көкүрөктөрүн кумтулап алышат[3]. Билгиле: Алар кийимдерин оронгон кезде да, ашкере жана көмүскө жасаган иштерин жакшы билет[4]. Акыйкатта, Ал - көөдөндөгүлөрдү Билүүчү!

**6.** Жер бетиндеги бардык жан-жаныбардын ырыскысы - Аллахтан келет. Ал алардын туруктуу[5] жана убактылуу[6] ордуларын билет. Баарысы Ачык Китепте[7] (жазылуу).

**7.** Ал кимиңер жакшы амал кылышыңарды сыноо үчүн асмандар менен жерди алты күндө жаратты жана Анын Аршы суу үстүндө эле[8]. Аларга: «Силер өлгөндөн кийин тирилесиңер», - деп айтсаң, каапырлар: «Чындыгында, бул - даана сыйкыр», - дешет.

**8.** Эгер алардан азапты белгилүү мөөнөткө чейин кечиктирсек, алар: «Эмне үчүн кечигүүдө?» - дешет. Аларга азап келген күнү,[9] тосулбайт. Алардын шылдыңдаган нерсеси, өздөрүнүн баштарына түшөт.

**9.** Эгер Биз адам баласына ырайым кылып, аны[10] андан алсак, үмүт үзүүчү каапырга айланат.

**10.** Ага жеткен кыйынчылыктан кийин, жакшылыктарыбызды жиберсек: «Ал жамандыктар менден кетти!» - деп аша сүйүнүп[11], мактанат.

**11.** Бирок, сабыр кылып, жакшы иштерди жасагандар үчүн кечирим жана улуу сыйлык (бар[12]).

**12.** Мүмкүн сен алардын: «Эмнеге ага[13] казына түшүрүлбөйт, же аны менен бирге периште келбейт», - деп айткандарына көкүрөгүң кысылып, өзүңө айан кылынган нерсенин кээ бирин балким таштагың

---

1 Ислам дининин душмандары

2 Аллахтан

3 Терс айак, көк, куру намыс, кем акыл болуп алышат

4 Аллах Таала

5 Бул дүйнөдөгү турагы

6 Өлгөндөн кийин, же жатын (Тафсир ал-Жалалайн)

7 Лавхул Махфузда

8 Аллах тарабынан суу - Арштан кийин жаратылган

9 Алардан

10 Азапты

11 Ошол азаптан өз акылдуулугунан гана кутулуп кеткендей өзүн кыйын сезип, куткарган Жаратуучусун унутуп текеберленет

12 Аллахтын алдында

13 Мухаммед (а.с.)

келээр? Чындыгында, сен[1] эскертүүчү ганасың. Аллах - бардык нерсе-
ге Көзөмөлчү!

13. (Алар): «Аны[2] өзү ойлоп тапты», - деп айтышты. Аларга: «Эгер айтка-
ныңар чын болсо, Аллахтан башка каалаганыңарга (буд-сөлөкөттөргө)
кайрылып, ойдон чыгарып болсо да ушул сыйактуу, же ушуга окшош
он сүрө түшүрүп көргүлөчү», - деп айт.

14. Эгер чакырган, кайрылган нерсеңер силерге жооп бербесе, анда,
чыны менен эле бул Куран Аллахтын илиминен түшүрүлгөнүн жана
Аллахтан башка кудай жок экенин билгиле. Мойун сунасыңарбы?» -
деп айт.

15. Ким дүйнө жашоосун жана анын кооздуктарын кааласа, дүйнөдөн алар
каалаган нерселеринин баарын ушунтип беребиз. Алар бул жерде эч
нерседен кем болушпайт.

16. Бирок, аларга акыретте Тозок отунан башка эч нерсе жок. Дүйнөдө
жасаган амалдарынын баары текке кетет. Алардын кылгандары бошко
кетүүчү нерселер.

17. Эгеңдин өзгөчө далили, ага кошумча күбөсү да болгон мурунку жол
көрсөткүч жана ырайым түрүндөгү Мусанын Китебине ээ болгондор -
мына ошолор ага[3] ишенгендер. Элдерден ким ага[4] каршы чыкса, анда
анын убада кылынган жери - От. Сен да андан күдүктөнбө. Ырасын-
да, ал - Эгеңден (келген) Акыйкат. Бирок адамдардын көбү (ага) ише-
нишпейт.

18. Аллахка жалган жалаа жапкандан да заалымыраак ким бар? Мына ошо-
лор Эгеңердин алдына алынып келинет да - күбөлөрү: «Мына ушулар
Эгесине жалаа жапкандар!» - дешет. Эсиңерде болсун: Аллахтын кар-
гышы - заалымдарга эмеспи?!

19. Алар Аллахтын жолунан тосушат да, кыйшык[5] жолду издешет.
Алар акыретке ишенбегендер.

20. Алар жер жүзүндө Аллахты[6] алсырата алышпайт. Анткени, алардын
Аллахтан башка жардамчылары жок. Алардын азаптары (улам) көбөй-
түлүп турат. Алар көрө да, уга да алышпайт.

21. Мына ошолор өздөрүнө зыйан кылуучулар. Алардын жасалма кудай-
лары тигилерден жоголуп кеткен.

22. Алар акыретте зыйанга учуроочулар экени шексиз.

---

1 Эй, Мухаммед!

2 Куранды

3 Куранга

4 Куранга

5 Туура эмес жолду

6 Эч качан

23. Чындыгында, ыйман келтирип, жакшы иштерди кылгандар, Эгесине мойун сунгандар, мына ошолор - Бейиш ээлери. Алар анда[1] түбөлүк калышат.

24. Эки топтун[2] мисалы - дудук, сокур[3], көрүүчү, угуучунун[4] мисалындай. Кантип эле ушул экөө тең болсун? Эсиңерге келбейсиңерби?!

25. Албетте, Биз Нухту өз коомуна жибердик. (Ал): «Мен силерге чыныгы эскертүүчүмүн,

26. Аллахка гана сыйынгыла! Чындыгында мен силер үчүн сыздатуучу Күндүн азабынан коркомун».

27. Анын коомунун каапыр башчылары: «Биз сени өзүбүз сыйактуу эле адам катары тааныйбыз. Сени эң кадырсыз жана кор болгон[5] адамдар ээрчишкенин көрүп турабыз. Ошондуктан биз силердин эч бир артыкчылыгыңарды да көрбөй жатабыз. Биз силерди жалганчы гана деп эсептейбиз», - дешти.

28. Нух: «Эй, элим! Көрдүңөрбү? Эгебиз тараптан өзгөчө бир далилге ээ болсом, анан Ал Өзү мага ырайым берип, ал силерге көрүнбөсө да силер Аны жок деп ойлосоңор, биз силерге (динди) зордоп кабыл алдыра алмак белек?

29. Эй, элим! Мен силерден мал-мүлк сурабаймын. Менин акым бир гана - Аллахтан. Мен ыйман келтиргендерди кубалоочулардан эмесмин. Анткени, алар - Эгелерине (акыретте) жолугуучулар. Бирок, мен силердин наадан (эл) экениңерди көрүп турам»

30. Эй, элим! Эгерде мен аларды кубаласам, анда мени Аллахтан ким коргоп кала алат? Эсиңерди жыйбайсыңарбы?!

31. Мен силерге: «Жанымда Аллахтын казыналары бар деп айтпаймын жана көмүскө-кайыпты да билбеймин. Мен периште да эмесмин. Ошондуктан, силер көзүңөргө илбегендерге[6]: «Аллах силерге жакшылык жибербейт», - деп да айтпаймын. Аллах - алардын дилиндегилердин баарын жакшыраак билет. Андай кылсам[7], анда мен заалымдардан болуп калам» (деди).

32. Алар: «Эй, Нух! Сен биз менен жаңжалдашып, көпкө талашып-тартыштың. Эгер сөзүң чын болсо, өзүң бизди коркутуп жаткан нерсеңди жиберчи!» - дешти.

---

1 Бейиште

2 Каапыр жана мусулман

3 Каапырдын мисалы

4 Момундун мисалы

5 Көчөдө калган

6 Кедей мусулмандарга

7 «Аллах силерге жакшылык жибербейт», - деп жалган айтсам

33. (Нух) мындай деди: «Аны каалаcа, бир гана Аллах жиберет. Силердин ага чамаңар да келбей калат[1].

34. Эгер Аллах силерди адаштырууну кааласа, мен силерге[2] насаат айтсам да, ал силерге пайда бербейт. Ал (Аллах) - силердин Эгеңер[3]. Ага кайтып барасыңар»[4].

35. [5]Же алар: «Куранды өзү эле жазып койгон», - дешеби?! Аларга: «Эгер аны мен жазган болсом, анын күнөөсү мага тийет. Андыктан, мен силер иштеген күнөөлөрүңөрдөн оолакмын», - деп айткын.

36. Ошентип Нухка: «Элиңдин ыйман келтиргендеринен башкалары (эч качан) ишенишпейт. Эми алардын жасаган иштерине кейибе», - деген айан түшүрдүк.

37. » (Биздин) көз алдыбызда, айаныбыз менен кеме жаса. Зулум кылгандар (каапырлар) үчүн[6] Мага кайрылба! Эми алар (Топон суугa) чөктүрүлөт», - дедик.

38. [7]Кемени жасап жатканда элинин бийлери жанынан өткөн сайын аны келекелеп жатышты. (Нух) аларга: » Эгер силер бизди шылдыңдасаңар, биз да силерди өзүңөр шылдыңдагандай кылып шылдыңдайбыз», - деди.

39. Кордуктуу азап кимге келээрин жана туруктуу жабыр кимдин башына түшөөрүн тез арада билесиңер.

40. Биздин буйругубуз менен тандырдан[8] суу оргуштап чыкканда (Нухка: ) «Ар бир жаныбардан бирден жуп кылып, ыйман келтиргендерди жана өз үй-бүлөңдүн өкүм чыккандарынан[9] башкаларын алып кемеге чык», - дедик. Чындыгында, аны менен ыйман келтиргендер абдан аз (болчу).

41. (Нух): «Кемеге олтургула! Анын жүрүшү да, токтошу да Аллахтын ысмы менен! Чындыгында, Эгем - Кечиримдүү, Ырайымдуу!» - деди.

42. Ал кеме аларды тоолордой болгон толкунда алып жүрдү. Нух айрыларда[10] уулуна: «Эй, уулум! Биз менен бирге кемеге олтур. Каапырлардан болбо!» - деп чакырды.

---

1 Аллах жиберген кырсык келген кезде качууга, кутулууга да үлгүрбөй каласыңар

2 «Аллахтын динине кирип өзүңөрдү сактап калгыла» деп

3 «Жаратуучуңар, Ал силерди жоктон бар кылып жараткан»

4 Өлүм аркылуу

5 Эй, Мухаммед!

6 Кечирим сурап

7 Нух (а.с.)

8 Бул жерде «тандыр» (арабча «таннур«) деген сөз «жердин тереңинен, жердин тандырдай ысык катмарынан» - деген маанини берет

9 «Каапырларга кошулуп, күнөөгө батышкандыктан Аллах тарабынан жазаланууга - топон суу алдында калып өлүүгө буйурулгандардан башкаларын» деген мааниде

10 Кеме сууга түшүп, Аллахтын каргышына калган шаардан узап жыла баштаган кезде

43. (Уулу): «Мени суудан сактай турган тоого чыгамын!» - деди. Анда (атасы): «Аллах ырайым кылгандардан башкаларга бүгүн Аллахтын буйругунан сактап калар эч нерсе жок!» - деди. Ошондо экөөсүнүн ортосун толкун каптап, ал[1] чөктүрүлүүчүлөрдөн болду[2].

44. «Эй, Жер! Сууңду тарт[3]! Асман сен да токто[4]!» - деп айтылды да, суу тартылып, иш орундалды[5]. Ал эми кеме Жудий тоосуна токтоду. «Заалымдар жок болсун!» - деп айтылды.

45. Нух Эгесине кайрылып: «Оо, Эгем! Чындыгында уулум менин үй-бүлөмдөн эле го. Албетте, Сенин убадаң сөзсүз аткарылат. Сен өкүмдарлардын Өкүмдарысың!» - деди.

46. (Аллах): «Эй, Нух! Ал сенин үй бүлөңдөн эмес. Анткени, анын жасаган иши дурус эмес. Ошондуктан билбеген нерсеңди Менден сураба. Наадандардан болбошуңду насаат кыламын», - деди.

47. (Нух): «Оо, Эгем! Чындыгында билбегенимди Сенден суроодо Өзүң менен сактанам. Эгер мени кечирип, ырайым кылбасаң, зыйанга учуроочулардан болом», - деди.

48. «Эй, Нух! Өзүң менен бирге болгон топторго: «Биз тараптан тынчтык жана береке менен кемеден түш», - деп айтылды. Башка бир коомду дүйнө (жыйноо) менен алек кылып, анан аларды Биз тараптан сыздатуучу азап ороп алат.

49. Мына ушулар кайып байандардан. Аны сага жашыруун кабар кылдык. Мындан мурда аны сен да, коомуң да билген эмес эле. Андыктан сабыр кыл. Чындыгында, ийгилик - такыбалардыкы.

50. Аад коомуна тууганы Худду4. жибердик. Ал: «Эй, элим! Аллахка гана сыйынгыла! Силердин Андан башка Кудайыңар жок. Чындыгында, силер абдан жалганчы элсиңер».

51. «Эй, элим! Мен силерден акы сурабаймын. Менин эмгегим - мени Жаратканга гана таандык. Акыл жүгүртсөңөрчү?»

52. «Эй, элим! Эгеңерден кечирим сурап, Ага тообо кылгыла. Силерге асмандан жамгыр жаадырып, күчүңөргө-күч кошот. Андыктан күнөөкөр болуп, (ыймандан) баш тартпагыла», - деп айтты.

53. Алар: «Эй, Худ! Сен бизге (жетээрлик) далил келтире алганың жок. Биз сенин сөзүң менен кудайларыбызды таштабайбыз жана сага ишенбейбиз», - дешти.[6]

---

1 Нухтун Кенган аттуу баласы

2 Чөгүп кетти

3 Кайра сиңирип ал!

4 Нөшөрүңдү токтот!

5 Аллах буйургандай аткарылды

6 Пайгамбар кылып

**54.** Алар: «Сага кээ бир кудайларыбыздын жамандыгы жетиптир деп айтабыз», - дешти. Худ: «Чындыгында мен Аллахты күбө кыламын. Мен силердин Аллахка кошкон шериктериңерди четке кагарыма өзүңөр да күбө болгула».

**55.** «Андан[1] башка (кудай жок). Баарыңар Мага болгон айла-амалыңарды жасай бергиле. Андан соң мөөнөт бербегиле[2]».

**56.** «Чындыгында, менин да, силердин да Эгеңер болгон Аллахка тобокел кылдым[3]. Кандай гана жан болбосун, Аллах - анын дал көкүлүнөн кармайт[4]. Ырасында Эгем - Туура Жол үстүндө».

**57.** «Эгер (ыймандан) жүз үйрүсөңөр да, мен өзүм аркылуу (жиберилген) насааттарды силерге жеткирдим. Эгем ордуңарга башка коомду алмаштырса, силер Ага эч бир зыйан кыла албайсыңар. Чындыгында, Эгем - бардык нерсени Сактоочу!» (деди)

**58.** Буйругубуз келген кезде Худ менен ыйман келтиргендерди ырайымыбыз менен куткардык. Аларды оор азаптан куткардык.

**59.** Ошол Аад эли Эгеңдин айаттарына каршы чыгып, Анын элчилерине мойун сунбай, зөөкүр текеберлердин буйруктарына баш ийишти.

**60.** Бул дүйнөдө да, Кыйамат Күнүндө да аларды каргыш коштоп жүрөт. Эсиңерде болсун: Аад эли Эгеңерге каршы чыкты. Эсиңерде болсун: Худдун коому Аад ырайымдан алыс калды.

**61.** Самуд элине өздөрүнүн тууганы Салихти (пайгамбар) кылып жибердик. (Ал): «Эй, элим! Аллахка гана сыйынгыла. Силердин Андан башка эч бир Кудайыңар жок[5]. Ал силерди жерден жаратып, анда өмүр сүргүздү. Эми Андан кечирим сурагыла. Ага тооба кылгыла. Чындыгында, Эгем (бизге) жакын. Ал тилектерди кабыл кылуучу», - деди.

**62.** Алар: «Эй, Салих! Сен мындан мурда биздин арабызда үмүт кылдырган[6] адам элең. Эми ата-бабаларыбыз сыйынган нерсеге бизди сыйынуудан тыйасыңбы? Ырасында, сенин бизди чакырган нерсеңе[7] күмөн менен карайбыз, ары такыр ишенбейбиз», - дешти.

---

1 Аллах Тааладан

2 Кутулууга (эгер силердин кудайыңардын колунан келсе)

3 Тайандым

4 Эч ким Андан качып кутула албайт

5 Аллах Тааладан башка кудай жок. Ал - бардык жан- дуу-жансыз заттардын, макулуктардын, асман-жердин, ай- ааламдын...жана бардык элдердин Кудайы!

6 Салих (а.с.) Мухаммед (а.с.) сыйактуу пайгамбар бол- гонго чейин абдан туура, адилет, чынчыл жашоо кечирген мыкты адам болгону үчүн, анын коому аны абдан сыйлашкан жана андай адамдар ал кезде падыша шайлануусу да мүмкүн эле. Бирок Салих мушрик коом менен келишим, ымала түзүүгө барган эмес. Мушриктер болсо анын жалгыз кудай Аллах Тааладан баш тартуу жолу менен алардын сый-урматында жүрүшүн каалашкан. А Салих андай мансап үчүн эмес, Аллах Тааланын улуу дини үчүн туулган адам болгон

7 Кудайыңа

63. (Салих): «Эй, калкым! Айткылачы, эгер мен Эгем тараптан ачык далилдүү болсом, Ал Өзү тараптан мага ырайым кылган болсо, анан мен Ага каршы чыксам, анда мени Аллахтан ким коргоп кала алат? Андай болгондо силер мага адашуудан бөлөк эч нерсе алып келе албайсыңар», - деди.

64. «Эй, коомум! Мына бул Аллахтын ингени[1] - силерге[2] керемет. Ошондуктан ага тийишпегиле, Аллахтын жеринде (кенен-кесир) оттоп жүрсүн. Ага жамандык кылбагыла. Эгер жамандык кылсаңар, анда заматта азапка кабыласыңар», - деди.

65. Бирок, алар[3] аны[4] сойуп салышты. (Ошондо Салих): «Журтуңарда үч күн[5] жашап тургула. Бул жалганга чыкпай турган убада!» - деди.

66. Ал буйругубуз келген кезде Биздин ырайымыбыздан Салих жана аны менен бирге ыйман келтиргендерди[6] ошол күндүн оор кордугунан куткарып калдык. Албетте, Эгең - Күчтүү, Ызааттуу!

67. Заалымдык кылгандарды добуш алып[7], өз журттарында үстөмөн түшкөн бойунча тыптыйпыл болушту.

68. Ал жер эч качан, эч ким жашабагандай тыптыйпыл кылынды. Эсиңерде болсун: Чындыгында Самуд эли Эгесине[8] каршы чыкты. Билип койгула: Самуд[9] элине ырайым кылынбайт!

69. Чындыгында, элчилерибиз[10] Ибрахимге жагымдуу куш кабар менен салам беришти. Ибрахим аларга: «Салам!» - деди да, дароо музоонун куурулган этин (дасторконго) алып келди[11].

70. (Ибрахим): алардын колдору этке эч бир тийбегенин көрүп, чоочуркап, шекшиди. Алар: «Коркпо!» Чындыгында, биз Лут коомуна жиберилдик», - деди.

71. Ибрахимдин жанында турган айалы күлүп жиберди. Ошондо ага[12] Исхак, Исхактан кийин Йакупту сүйүнчүлөдүк[13].

1 Туут курактагы ургаачы төө
2 Силердин ыйманга келишиңерге себеп болушу үчүн атайын Аллахтан түшүрүлгөн керемет
3 Каапырлар
4 Ингенди
5 Каалагандай
6 Өзүбүз жиберген балээден
7 Аллах жиберген катуу үндөн жүрөктөрү жарылып өлүп
8 Аллах Таалага
9 Аллах тарабынан
10 Биз жиберген периштелерибиз
11 Меймандарды сыйлоого шашты
12 Айалына
13 Исхак жана Йакуп аттуу эки уулдуу болоору тууралуу кубанычтуу кабарды!

72. (Ибрахимдин жубайы): «Оой, мен - кемпир, күйөөм - чал болсо, анан кайдан төрөмөк элем. Албетте, бул - таң калыштуу нерсе», - деди.

73. (Периштелер ага): «Сен Аллахтын амирине таң каласыңбы? Аллахтын ырайымы менен берешендиги силерге болсун! Чындыгында, Аллах - мактоого татыктуу, өтө Улуу!» - дешти.

74. Ибрахимден коркуу (сезими) кетип, ага кубаныч (сезими) келген кезде Биз менен[1] Лут эли тууралуу талашып тартыша баштады[2].

75. Чындыгында, Ибрахим жумшак мүнөздүү, камкор, сыпаа (адам эле).

76. (Периштелер): «Эй, Ибрахим! Мындан баш тарт[3]. Анткени Эгеңдин буйругу келген. Шексиз, аларга кайтарылбай турган апаат келет» (дешти).

77. Элчилерибиз (жаш жигиттердин кейпинде) Лутка келген кезде, ал[4] тынчсыздана жана кайгыра баштады да: «Чындыгында, бул оор күн», - деди.

78. (Луттун) коому[5] ага чуркап келишти. Чындыгында алар мурдатан эле ыплас иштер менен алек болушчу. (Лут аларга): «Эй, калкым! Мына, кыздарым, алар силер үчүн тазараак. Аллахтан корккула. Конокторумдун алдында мени шерменде кылбагыла. Араңарда туура ой жүгүрткөн бир да адам калган эмеспи?» - деди.

79. Алар: «Сенин кыздарыңда биздин жумушубуз жок. Ырасында, сен биздин эмнени каалаганыбызды жакшы билесиң», - дешти.

80. (Лут): «Аттиң, менин силерге өтө турган бийлигим, же тайанычым болгондо кана?» - деди.

81. (Периштелер): «Эй, Лут! Чындыгында биз Эгеңдин элчилерибиз. Алар сага эч качан тийише алышпайт. Түндүн бир оокумунда үй-бүлөң менен дароо жолго чык. Жубайыңдан башка эч кимиси артта калбасын. Анткени, келе турган апаат ага да жетет. Алардын убадасы таң[6]. Таң жакын эмеспи?» - деди.

82. Аларга апаат маалы келген кезде ал жердин үстүн астына келтирдик[7] да, бышырылган[8] таштарды тынымсыз жаадырдык.

1 Биз жиберген периштелер менен

2 Лут коомун жок кылбоо жөнүндө

3 Луттун коомун кыйратпай туруу керектиги тууралуу бизди ынандырууга аракет кылбай эле кой. Анткени Аллах Тааланын буйругу кайтарылбайт

4 Лут өз элинин каапырлыгын, адашканын эстеп мейман- дардан уйалып, уйатынан улам

5 Луттун коому жалпы бачабаз болуп кеткендиктен, Лут- тун үйүнө сымбаттуу жигиттердин келгенин Луттун айалы аларга жеткирген соң, дароо

6 Ушул таңда Аллах Тааланын буйругу менен алар тирүүлөй чыккыс кырсыкка кабылышып, жок болушат

7 Астын үстүн кылып оодарып салдык

8 Ылайдан от менен бышырылып, өтө ысытылган түрдө

83. Бул - Эгеңдин алдында белгиленген эле. Мындай апаат - заалымдардан узак эмес[1].

84. Мадйанга[2] тууганы Шуайпты (пайгамбар кылып) жибердик. (Ал): «Эй, элим! Аллахка гана сыйынгыла. Силердин Андан башка эч бир Кудайыңар жок. Өлчөмдү[3] жана салмакты (таразадан) кемитпегиле[4]. Чындыгында, мен силерди жакшылыкта көрүп турам. Бирок, мен силер үчүн Кыйамат Күнүнүн ороп алуучу оор азабынан корком» (деди).

85. «Эй, элим! Өлчөөнү, (таразада) тартууну толук аткаргыла, адамдардын нерселерин (акыларын)[5] кемитпегиле! Жер жүзүндө бузукулук кылбагыла.

86. Эгер момун болсоңор, анда чындыгында силер үчүн Аллахтын калтырган (адал[6]) нерсеси жакшыраак. Мен силердин үстүңөрдөн кароолчу эмесмин», - деди.

87. Алар: «Эй, Шуайп! Биздин ата-бабаларыбыз сыйынган нерсени таштоону, же өз мал-мүлкүбүздү кантип иштетүүнү эмне, сага намазың буйуруп жатабы? Чындыгында, сен өтө жумшак, туура жолдо болуучусуң», - дешти.

88. (Шуайп): «Эй, калкым! Айткылачы: эгер мен Эгем тарабынан ачык далилдер үстүндө болсом[7], анан (Аллах) Өз алдынан жакшы ырыскыларды жиберип жатса, мен силерге каршы чыгып, силерди тыйып жаткан нерсени өзүм жасоону каалабаймын. Мен алымдын жетишинче түзөтүүнү гана каалаймын. Менин ийгилигим - Аллахка гана таандык. Ага тобокел кылдым жана Ага гана мойун сунамын.

89. Эй, элим! Мага каршы чыгышыңар силерге Нухтун элине, Худдун элине, же Салихтин элине келгендей оор кыйынчылыктын келишине себепчи болбосун. Ошондой эле, Лут эли да силерден алыс эмес[8].

90. Эгеңерден кечирим сурагыла. Ага тообо кылгыла. Чындыгында, менин Эгем абдан Мээримдүү, өзгөчө Сүйүүчү!» - деп айтты.

91. Алар: «Эй, Шуайп. Биз айткандарыңдын көбүн түшүнбөйбүз. Анын үстүнө биз сени өзүбүздөн төмөн деп эсептейбиз. Эгер сенин тууган-

---

1 Мындай апаат Аллах Таала тарабынан заалымдарга качан гана болбосун кечиктирилбестен жиберилет

2 Элдин аты

3 Кезди

4 Кемитип сатып, арам жол менен байууну көздөбөгүлө

5 «Соода сатыкта иштегендер таразадан тартып берип жатканда, кардарды алдап кымтып калбастан, толук тартып соода кылгыла, Анткени Аллах Таала силерди дайым көрүп турат!» Ал эми соодаңар кез менен өлчөнө турган буйум болсо, кымтып калбай толук өлчөгүлө!

6 Адал эмгек менен иштеп тапкан байлык, мүлк, киреше...

7 Четке кагууга мүмкүн болбогон, Аллах Таала тарабынан түшүрүлгөн далилдерим боло туруп

8 Лут элиндей жазаланып калууңар деле узак убакытта болуучу нерсе эмес

дарың болбогондо[1] ташбараңга алып өлтүрмөкпүз. Анткени сен биз үчүн кадырлуу эмессиң» - деди.

92. (Шуайп): «Эй, элим! Силерге Аллахтан да туугандарым кадырлуубу? Аллахты артыңарга таштап жатасыңар. Албетте, Эгем силер эмне кылып жатканыңарды билип, ороп алуучу!

93. Эй, калкым! Колуңардан келгенин жасагыла, мен да (колумдан келгенин) жасаймын[2]. Жакында кордук алып келүүчү азаптын кимге келе турганын жана кимдин жалганчы экенин билесиңер. Эми [3]күткүлө, мен да силер менен чогуу күтөм», - деди.

94. [4]Буйругубуз келген кезде Шуайпты жана аны менен бирге ыйман келтиргендерди ырайымыбыз менен куткардык да, заалымдык кылгандарды өтө катуу чыккан үн менен алдык[5], алар үстөмөн түшкөн бойунча өз журттарында жок болушту.

95. Алар эч качан жерде жашабагандай (тыптыйпыл кылдык). Эсиңерде болсун! Самуд эли ырайымдан[6] оолак калгандай эле, Мадйан эли да ырайымдан четте калды.

96. Акыйкатта, Мусаны айаттарыбыз жана даана далилдер менен (пайгамбар кылып) жөнөттүк.

97. Фараонго жана анын жан-жөкөрлөрүнө жиберсек, алар[7] Фараондун буйругуна баш ийишти[8]. Фараондун буйругу туура эмес болчу.

98. Фараон Кыйамат күнү өз элинин алдына түшүп, (баштап барып) аларды тозокко түшүрөт. Ал түшө тургандардын (ичинен) эң жаман жер!

99. Бул дүйнөдө да, Кыйамат күнүндө да каргыш аларды коштоп жүрөт. Ал - кандай жаман «белек«!

100. [9]Ушул - (кыйратылган) шаарлардын кабары. Сага аны (Биз) байан кылуудабыз. Алардын айрымдары али тирүү, айрымдары жер бетинен жок болгон.

101. Биз аларга зулумдук кылбадык. Алар өздөрүнө зулумдук кылышты. Эгеңдин[10] буйругу келген кезде, алардын Аллахтан башкага жалбарган-

1 Шуайптын каапырлардын арасында карылуу саналган туугандары болгон. Каапырлар Аллах Тааладан эмес, ошолордон тартынышкан

2 Аллах Таала алдындагы өз милдетимди так аткарууну уланта берем

3 Келе турган азапты

4 Аларды жазалоо тууралуу

5 Жандарын сууруп алып

6 Аллах Тааланын ырайымынан

7 Фараондун жан-жөкөрлөрү

8 Ыйманга келбей койушту

9 Эй, Мухаммед!

10 Аларды кыйратуу тууралуу

дары өздөрүнө эч бир пайда алып келген жок. Зыйандарын гана арттыргандан башка кымындай да ишке жарабады.

**102.** [1]Эгең аларды алганда[2], шаарлардын заалым элдерин ушунтип алат. Албетте, Анын соккусу[3] жан чыдагыс катуу.

**103.** Акыйкатта, бул айтылган байандарда акырет азабынан корккон адамдар үчүн насааттар бар. Кыйамат - бардык адамдар жыйнала турган жана күбө боло турган күн[4].

**104.** Ал эми Кыйамат күнүн белгилүү бир убакытка чейин гана кечиктиребиз.

**105.** Ал Күн келгенде, Аллахтын уруксатысыз эч ким сүйлөбөйт. Алардын (адамдардын) шордуусу[5] да, бактылуусу[6] да бар.

**106.** Шордуулар Тозокто какшап ыйлашат, онтошот, озондошот.

**107.** Алар Тозокто асмандар менен жер канча турса ошончо[7] жылдап калышат. Бирок, Эгең кааласа... анда - башка[8]. Чындыгында, Эгең Өзү каалагандай жасайт.

**108.** Ал эми бактылуу болгондор, Бейиште болушат. Алар бейиште асмандар менен жер канча турса, ошончо жыл жашап калышат. Бирок, Эгең кааласа... анда башка. Бул[9] - эч качан түгөнбөгөн сыйлык.

**109.** Анда алардын[10] сыйынгандары тууралуу күдүктөнбө[11]. Алар ата-бабалары сыйактуу эле (өздөрү билип билбей) мурдатан сыйынып келгендерге сыйынышат. Албетте, Биз алардын шыбагаларын[12] кемитпестен беребиз.

**110.** [13]Ырасында, Мусага Китеп бердик. Ошондо да ал (Тоорат) тууралуу ка-

---

1 Эй, Мухаммед!

2 Кыйратуу менен жандарын алган кезде

3 Алуусу, кармоосу, азабы, жазасы

4 Адамдардын азап-жыргалына, тозок-бейишине күбө боло турган

5 Тозокко түшүүчүлөр

6 Бейишке кирүүчүлөр

7 Узак жылдар бойу, өлүм, кайгы, оору, ичитардык, көралбастык ж.б.у.с. жамандыктарды билбестен, бейпил турмушта, бакытка мелт-калт болгон, бир да кемчилиги жок өмүр кечиришет

8 Аллах Таала дүйнөлөрдүн өмүр сүрүү мөөнөтүн Өзү каалагандай өзгөртүшү мүмкүн

9 Бейиш

10 Мушриктердин, сөлөкөткө сыйынгандардын кудайлары тууралуу

11 Алардын акыйкат жолдон чыгып кеткени шексиз жана алар кыйроого учуроочулар

12 Жазасын

13 Эй, Мухаммед!

йчылаш пикирлер болгон. Эгер Эгеңден Сөз[1] берилбегенде, анда аларга өкүм жиберилмек. Албетте, алар Курандан[2] шектенишүүдө.

**111.** Ант болсун! [3]Албетте, Эгең алардын бардыгынын жасагандарынын акысын толук кылып берет[4]. Чындыгында, Ал алардын кылып жаткан иштеринен Кабардар!

**112.** [5]Сен жана сени менен бирге тообо кылган адамдар да силерге (Аллахтан) буйурулгандай Туура жолдо[6] болгула. Чектен ашпагыла. Чындыгында, Ал[7] - жасап жаткан ишиңерди толук Көрүүчү!

**113.** Ошондуктан зулумдук кылгандарга ыктабагыла[8]. Антчү болсоңор анда, Тозок оту силерге да жетет. Силер үчүн Аллахтан башка дос жок. Анда[9] силерге жардам да болбойт!

**114.** [10]Күндүздүн эки тарабында[11], түндүн таңга ыктаган бөлүгүндө[12] намаздарды толук аткаргыла. Чынында жакшылыктар - жамандыктарды кетирет[13]. Бул - түшүнгөндөр үчүн эскертүү.

**115.** [14]Сабырдуу бол[15]. Чындыгында, Аллах жакшы иш-амалдарды жасагандардын мээнетин текке кетирбейт.

**116.** Силерден мурдакы кылымдардагы акыл ээлери жер жүзүндөгү бузукулуктан тыйылышкан болсо...[16] Бирок алардын азыраагын гана куткардык[17]. Заалымдар өздөрүнүн жеке турмушунун жыргалчылыктарынын артынан сайа кууп түшүп алышты да, күнөөгө батышты[18].

---

1 Кыйамат күнү болот деген убада Аллах тарабынан уба- да кылынбаган болгондо, анда алардын сөзү туура, же туура эмес экени дароо эле ачык билдирилип, жазасы, же сыйы да дароо берилмек.

2 Тораттан билип турушуп да, Куран Аладан түшкөн Китеп экендигинен күмөнсүрөөдө

3 Эй, Мухаммед!

4 Же толук жаза менен жазалайт, же толук сый менен сыйлайт

5 Эй, Мухаммед!

6 Исламдын ичинде, жолунда

7 Аллах

8 Тайанбагыла

9 Эгер силер аларды ээрчип, ыктап кетсеңер

10 Эй, Мухаммед!

11 Багымдат жана дигер намаздары учурунда

12 Тахажжут намазы учурунда

13 Жакшы амалдар күнөөлөрдүн жуулуп кетишине себеп болот

14 Эй, Мухаммед!

15 Каапырлардан, мушриктерден келүүчү азаптарды тарт- кан кезде динден кайтпастан

16 Кыйроого учурашмак эмес.

17 Анткени алардын арасында Аллахка ыйман келтирип, жакшылыкка чакырып, жамандыктан тосуучулар абдан аз болчу.

18 Ошондуктан Биз аларды кыйраттык

117. [1]Эгең калкы түз жүргөн шаарлардын элин орунсуз жерден кыйратпайт
118. [2]Эгер Эгең кааласа, адамдарды бир[3] коом кылып койор эле. Бирок (эми) алар түбөлүк карама-каршылыкта болушат[4].
119. Бирок, Эгең мээримин төккөндөр гана (Исламга кирет). Аларды ошол үчүн жаратты. Ошол үчүн Эгеңдин: «Албетте, Тозокту бүткүл жиндер жана адамдар менен толтурамын», - дегени шексиз орундалат.
120. [5]Сага пайгамбарлар байанын дилиңди кубаттандыруу үчүн айтып бердик. Мында сага акыйкат жана момундар үчүн насыйкат, эскертүү келди.
121. [6]Ошентип ыйман келтирбей турган адамдарга: «Силер билгениңерди кыла бергиле[7]! Биз да өз ишибизди кыла беребиз[8]», - дегин.
122. Ошондой эле, күтө бегиле[9]. Биз да күтүүчүбүз[10] .
123. Асмандар менен жер Аллахка гана таандык. Бардык иштер Ага кайтарылат. (Аллахка) сыйынгыла жана Ага гана тобокел кылгыла! Эгеңер - силер жасап жаткан иштерден кабарсыз эмес!

## 12. ЙУСУП СҮРӨСҮ

**Меккеде түшүрүлгөн Жүз он бир айаттан турат**

***Мээримдүү, Ырайымдуу Аллахтын аты менен***

1. Алиф, Лам. Ра[11]. Мына ушул айаттар ачыкка чыгаруучу[12] Китептен[13].
2. Чындыгында, биз аны арабча[14] Куран кылып түшүрдүк. Мүмкүн силер акыл калчаарсыңар?

1 Эй, Мухаммед!
2 Эй, Мухаммед!
3 Баары түз жолдо жүргөн, күнөөдөн корккон, ыймандуу, бир эле динди карманган
4 Анткени Аллах Таала алардын бир үммөт болушун каалаган жок. Анын сырын болсо бир гана Аллах Таала билет.
5 Эй, Мухаммед!
6 Эй, Мухаммед!
7 Анткени баары бир Тозокко түшөсүңөр
8 Биз жакшылыкка чакырып, жамандыктан кайтарууну уланта беребиз
9 Аллахтан жазанын келишин
10 Биз Бейишти күтөбүз
11 Мааниси бир гана Аллах Таалага маалым
12 Ак менен караны, адал менен арамды, жакшы менен жаманды, туура менен туура эмести
13 Курандан
14 Араб тилинде жазылган

3. Сага бул Куранды түшүрүү менен байандардын эң жакшысын айтып беребиз. Чындыгында, сен мындан мурун, албетте, бул тууралуу кабарсыз элең.

4. Ошол убакытта Йусуп, атасына[1]: «Атаке, мен түшүмдө он бир жылдыздын, күндүн жана айдын мага сежде кылып турганын көрдүм», - дегенде,

5. (Йакуп): «Оо, уулум! Түшүңдү (бир) туугандарыңа айтпа, (алар) сага айла- амал жасап[2] койушат. Чындыгында, шайтан адам баласына анык душман», - деди.

6. «Ошентип Аллах сени тандап[3] алып, түштөрдү жорууну үйрөтөт. Ата-бабалырың Ибрахим, Исхактарга жакшылыктарын толук кылып бергендей, сага жана Йакуп урпактарына да толук кылып берет. Акыйкатта, Эгең - Билүүчү, Даанышман!» - деди.

7. Чындыганда Йусуп менен анын туугандарынын байанында сурoочулар[4] үчүн жакшы үлгүлөр бар.

8. Ошондо (Йусуптун) бир туугандары[5]: «Йусуп жана анын бир тууганы[6] атабызга бизден жакшы көрүнөт. Биз болсо мыкты топбуз. Албетте, атабыз анык адашууда», - дешти.

9. (Алардан) бири: «Йусупту өлтүргүлө, же (алыс) бир жерге алпарып таштагыла. Силерге атаңардын алды бош калат. Андан кийин силер мыкты иштерди жасоочу топ болосуңар», - деди.

10. Алардын ичинен дагы бирөөсү: «Эгер менин айтканымды жасай турган болсоңор, Йусупту өлтүрбөй эле, аны бир кудуктун түбүнө таштап жибергиле. Жолоочулардын бири таап алар», - деди.

11. Алар[7]: «Оо, атаке! Йусуп туурасында[8] сен бизге ишенбегендей, эмне болду? Биз, ырасында, ага камкор мамиледебиз[9] го», - дешти.

---

1 Йакупка

2 Кыйанаттык, кыйдылык, жамандык, ичитардык, көралбастык

3 Адамдардын ичинен сени пайгамбарлыкка

4 Аллах Тааланын чындыгын издеп, илимге суусап, билимге кызыккан

5 Йакуп пайгамбардын кийинки айалы эки уул төрөп, алардын биринин аты Йусуп, экинчисиники Банйамин болгон. Йусуп улуусу, Банйамин кичүүсү. Йакуптун мурунку айалынан 1. уулу болгон жана ошолор кийинки өгөй апасынан төрөлгөн аталаш туугандарын: Йусуп менен Банйаминди жек көрүшкөн. Анткени Йусуп (а.с.) ошол кенже уулдарын өзгөчө жакшы көргөнү үчүн аталаш агалары аларга ичи тардык, көралбастык кылышкан

6 Банйаминди (айрым аалымдардын пикири бойунча Банйамин, Йусуптун жаш жагынан улуу агасы болгон)

7 Йусуптун агалары атасына келишип:

8 «Йусупту биздин ойнотуп келишибизге ишенбейсиң, аны ойнотуп келгенге бизге бербейсиң«

9 Жакшы көрөбүз го

12. «Эртең аны биз менен бирге жибер. [1]Тамактансын, ойносун. Чынды-
гында биз аны коргоочубуз[2]», - дешти.
13. Йакуп: «Чындыгында силердин аны алып кетишиңер мени убайымга
салат. Кокус силер андан бейкапар болуп калганыңарда, аны карышкыр
жеп кетүүсүнөн корком», - деди.
14. Алар: «Ант болсун! Биз мыкты бир топ болуп туруп, аны карышкыр
жесе, албетте, анда биз зыйанга учуроочулардан[3] болобуз», - дешти.
15. Ошентип (убада берип) алар Йусупту алып кетишип[4], (анан) аны ку-
дуктун түбүнө таштап жиберүүгө чечим кылышкан кезде Биз ага (Йу-
супка): «Бир туугандарыңдын ушул иштери тууралуу кабар бересиң.
А алар болсо сезбей[5] калышат», - деп кабарладык.
16. Алар[6] иңир кирген маалда атасына ыйлаган тейде келишип:
17. «Оо, атаке! Биз жарышып[7] кеткенде, Йусупту буйумдарыбыздын жа-
нына калтырган болчубуз, ошол жерден карышкыр жеп кетиптир. Чын
айтсак деле бизге (эмне үчүн) ишенбейсиң?» - дешти.
18. Ошентип, алар анын көйнөгүн жалган канга[8] (бойоп), алып келишти.
Атасы: «Андай эмес. Силерге дилиңер бир (жаман) ишти көркөмдө-
гөн экен. Эми көркөм (нукура) сабыр керек. Айткандарыңарга[9] эми
Аллахтан гана жардам тилеш керек болот», - деди.
19. Жолоочулар келип, дароо суучуларын жиберишти, ал чакасын (кудук-
ка) салып: «Ой, сүйүнчү! Мына бир эркек бала!» - деди. Алар аны со-
ода буйумдарына кошуп бекитип койушту. Аллах алардын эмне иш
кылгандарын толук Билүүчү.
20. Алар аны абдан арзан баага, бир нече тыйынга сатып жиберишти. Ант-
кени, алар Йусупка муктаж эмес эле.

---

1 Биз менен

2 Ар кандай жамандыктан

3 «Аллах Тааланын каргышына, сенин наалатыңа калабыз, тозокто күйүп кетпейбизби?!» деген мааниде

4 Йусупту аталаш агалары тоого алып чыгышып, жаш наристеге айоосуз жапа чектирип кыйнап, акыры өлтүрүп эле таштамак болушат, Йусуп аларга жалынып-жалбарып, адам баласынын сай-сөөгүн сыздата ыйлагандыктан, агаларынын таш жүрөгү Аллах Тааланын амири менен бир аз жибип, көйнөгүн чечип алып кудукка жип менен байлап туруп таштап жиберишмек болгон кезде Аллах Тааладан Йусупка ал пайгамбар экендиги жана Йусуп кийин, учуру келгенде агаларынын бул кылмыштары тууралуу айтаары тууралуу айан-кабар түшөт.

5 Ошондо сенин Йусуп экениңди

6 Йусуптун аталаш агалары

7 «Аң уулоодо жарышуу, же аңчылыктын кызыгына түшүп, алыстап кеткенде» деген мааниде

8 Йусуптун канын эмес, (анткени Йусуп тирүү калган болчу), башка жандыктын канын сүртүп

9 Силер бир кыйанаттык кылгансыңар. Эми Аллах Тааладан жардам суроодон башка чара жок

21. Мисирде аны сатып алган адам өз айалына: «Муну жакшылап бак, балким бизге пайдасы тийип калар, же болбосо бала кылып аларбыз», - деди. Ошентип Йусупту ошол жерге жайгаштырып, ага түш жорууну үйрөттүк. Аллах өз ишинде Үстөм[1], бирок адамдардын көбү аны билишпейт.

22. Ал (Йусуп) эрезеге жеткен кезде ага дааналык жана илим бердик. Жакшылык кылуучуларды ошентип сыйлайбыз.

23. Йусуп турган үйдүн айалы[2] анын көңүлүн өзүнө тартмакчы болду да эшиктерди бекитип: «Кана, кел бери!» - деди. Йусуп: » Аллах сактасын! Ал (күйөөң) - менин кожойунум. Мени жакшы орунга койду[3]. Чындыгында, заалымдар[4] кутулушпайт[5]», - деди.

24. Ырасында, айал ал тууралуу ойлоду[6]. Эгер ал (Йусуп) Эгесинин далилдерин көрбөгөн болсо, Йусуп да аны кааламак. Йусуптан жамандыкты, бузукулукту алыстатуу үчүн[7] Биз ошенттик. Анткени ал ыкластуу момун пенделерибизден эле.

25. Экөө[8] эшикке карай чуркады да, айал анын көйнөгүнүн артын айрып салды. Экөөсү тең эшик алдында айалдын күйөөсү менен бетме-бет келишип, айал күйөөсүнө: «Сенин жубайыңа жамандык ойлогон адамдын жазасы сөзсүз абак, же жан чыдагыс азап эмес беле?» - деди.

26. (Йусуп): «Ал[9] көңүлүмдү өзүнө тартмакчы болду», - деди. Айал жактан бир күбө[10]: «Эгер Йусуптун көйнөгү алдынан жыртылса, анда айал чын айткан болот, ал эми ал (Йусуп) жалганчылардан болот», - деди.

27. «Анын (Йусуптун) көйнөгү артынан жыртылган болсо, анда айал жалган айткан болот да, ал чынчылдардан болот» - деп күбөлүккө өттү.

28. Ошондо анын көйнөгүнүн арт жагынан жыртылганын көргөн күйөөсү: «Бул, айалдар, силердин куулугуңар. Чындыгында, силердин айла-амалыңар аша көп.

29. Йусуп, мындан жүз үйрүп, жашыр[11]. Айалым, сен күнөөң үчүн

1 Ал каалаган нерседен эч ким баш тарттыра албайт

2 Зулайка

3 Жакшы мамиле кылып жатса

4 Өзүнө зулум кылгандар

5 Аллах Тааланын азабынан

6 Аны менен чогуу болууну каалады

7 Йусуптун күнөө иштен алыс болуусу үчүн

8 Йусуп Зулайканын чакырыгына келбей, эшикке карай бет алган кезде, Зулайка анын артынан жетип барып көйнөгүнөн катуу тартканда, көйнөктүн далы тушу айрылып кетти

9 Жубайың

10 Айалдын ошол үйдө жүргөн наристе тууганы күбөлүккө өтүп:

11 Эми муну ойлобо да, бирөөгө да айтпа

Аллахтан кечирим тиле. Ырасында сен - ката кетирүүчүлөрдөнсүң», - деди.

**30.** Шаардагы айалдар: «Жетекчинин айалы кызматчы баласын азгырууну көздөптүр. Чындыгында, ал айал (кызматчысын) жүрөгүнүн түпкүрүнөн сүйүп калыптыр. Албетте, биз аны даана адашуучулар катарында көрүп турабыз», - деп сөз кылышты.

**31.** Ал [1]шаардык айалдардын өзүн жамандашканын уккан кезде, аларга чакыруу жиберип, алар сүйөнүп олтура турган жумшак олтургучтарды дайардады да, алардын[2] ар бирине бычак берип: «Чык, мобуларга көрүн», - деди. Аны (Йусупту) көргөн кезде[3] айалдар таң калуудан улам өз колдорун кескилей башташты. Айалдар: «Оо, Аллах! Бул адам эмес. Бул - бир кереметтүү периште го», - дешти.

**32.** Ал[4] аларга: «Мына ушул силер мени келекелеген бала. Чындыгында анын көңүлүн мен кааладым. Ошондо да ал абройун сактап калды. Эгерде ал менин буйругумду мындан ары да орундатпай турган болсо, албетте, абакка салынып, кор болуучулардан болот», - деди.

**33.** (Йусуп: ) «Оо, Эгем! Булар мени жасоого чакырган иштерин жасагандан көрө зындан жакшыраак. Эгер бул айалдардын айла-амалдарын менден алыстатпасаң, анда мен алардын азыгырыгына туруштук бере албай, наадандардан болуп калам», - деп жалбарды.

**34.** Ошондо Эгеси[5] анын тилек-дубасын кабыл кылып, алардын айла-амалдарын андан[6] алыстатты. Анткени Ал - баарынан Кабардар, Билүүчү.

**35.** Анан, алар далилдерди көрүшкөн соң, аны белгилүү бир мөөнөткө чейин абакка салуу маалым болду.

**36.** Йусуп менен кошо эки жигит абакка салынды[7]. Ал экөөнүн бири: «Мен түшүмдө жүзүм сыгып (шарап жасап) жатыпмын десе, экинчиси: «Мен төбөмө нан көтөрүп жүрүпмүн. Аны куштар жеп жатыптыр. Бизге бул түштөрдүн жорулушун айтып бер. Чындыгында, биз сени жакшылык кылуучулардан деп билебиз», - деп айтты.

**37.** (Йусуп аларга): «Силерге мен көргөн түшүңөрдүн чечилишин тамак келгенге чейин айтып беремин. Бул - мага Эгемдин үйрөткөндөрүнүн

1 Зулайка

2 Алар келип, үйдөн орун алышкан соң, алардын алдына алма, анар, эт сыйактуу... кесип жей турган тамактардан мол койуп

3 Йусуптун сымбаттуулугунан эстери оогон айалдар, алманын ордуна өз колдорун кескилей баштады

4 Зулайка

5 Аллах Таала

6 Йусуптан

7 Бирок алар башка иш үчүн олтургузулган болчу

бир бөлүгү. Чындыгында, Аллахка ишенбеген жана акырет күнүнө каршы чыккан бир элдин динин четке какканмын», - деди.

38. Ата-бабаларым: Ибрахим, Исхак жана Йакуптардын динин кармандым. Биздин Аллахка шерик кошуубуз эч бир жарабайт. Бул - бизге, өзгөчө бүткүл адам баласына Аллахтын ырайымы. Бирок адамдардын көбү (Аллахка) шүгүр кылышпайт.

39. Эй, менин абакташ жодошторум! Ар башка кудайдын болгону жакшыбы, же бардык нерсеге Кудуреттүү, Жалгыз, Бир Кудайдын болгону ийгиби?

40. Силердин Андан[1] башка сыйынган нерселериңер -силердин ата-бабаңар ойлоп тапкан курулай аталыштар гана[2]. Аллах аларга сыйынуу боюнча бир да далил түшүргөн эмес. Өкүмдарлык - бир гана Аллахка таандык. Ал Өзүнө гана ибадат кылууну буйуруган. Мына ушу - эң туура дин. Бирок, адамдардын көбү билишпейт.

41. Эй, абакташ жолдошторум! [3]Бирөөң мурдагыдай эле кожойунуңа арак ташый бересиң[4]. Ал эми экинчиңер болсо, дароо дарга асылып, башыңды кузгун жейт. Мына, экөөң сураган түштүн жорулушу бүттү», - деди.

42. Аман калат делгенине карап: «Кожойунуңдун жанында[5] мени айт», - деди. Ошондо шайтан кожойунуна[6] айтууну унуттурду да, Йусуп абакта бир нече жыл жатып калды.

43. Бир күнү падыша: «Түшүмдө жети семиз уйду жети арык уй жеп жатканын, жети жашыл сабак[7] менен кошо жети куураган сабак көрдүм. Эй, кечилдер! Эгер түш коруй алсаңар, анда менин ушул түшүмдү жоругула», - деди.

44. Алар: «Бул абдан чаташкан түш экен. Ошондуктан биз мындай түштү жорууну билбейбиз», - дешти.

45. Ал экөөсүнүн кутулуп чыкканы[8] бир далайдан кийин Йусупту эстеди да: «Мен силерге анын жорулушун айтып беремин. (Ал үчүн) мени дароо абакка жибергиле», - деди.

46. (Ал абакка барып): «Эй, чынчыл Йусуп! Бизге (түштөгү) жети семиз уйду жети арык уй жеп жатканын, жети жашыл сабак менен жети куу-

1 Аллах Тааладан

2 Кудай эмес, кудай атыгып кеткен жөн эле ысымдар

3 Эми түш жорууга келсек мындай болот:

4 Абактагылардын бири - падышанын арак дайардоочусу, экинчиси - ашпозчусу эле. Муну аракчыга карап айтып жатат

5 Зындандан чыккандан кийин

6 Ашпозчу абактан чыккандан кийин

7 Өсүмдүктүн сабагын

8 Йусуп менен абакта бирге олтурган экөөсүнүн аман калганы

раган сабактын жорулушун айтып берчи? Адамдар да билсин үчүн (бул түштүн) жорулушун аларга айтып барайын», - деди.

47. (Йусуп: ) «Жети жыл адаттагыдай эле эгин эгип, анан оруп алганыңардын баарын (кырманга) бастырып салбай, сабактары менен калтырып, бирок жей тургандарыңарды аз-аздан гана алып турушуңар керек.

48. Андан кийин жети жыл катуу ачарчылык келет. Аз-аздан сактаганыңардан, мурунтан ошол үчүн[1] жыйнап келе жатканыңардан жейсиңер.

49. Ал эми андан кийин адамдар жамгырга канып, ошондо жемиштердин суусун сыга турган (токчулук) жылдар келет», - деди.

50. Муну уккан падыша: «Аны мага алып келгиле», - деп буйурду. Чабарман ага келгенде, (Йусуп): «Кожойунуңа кайтып бар. Колдорун кесип алган[2] айалдардын абалдары эмне болгонун сурасын! Акыйкатта, Эгем алардын куулуктарын мыкты билет!» - деп айтты.

51. (Падыша айалдарды жыйнап[3]): «Йусупту азгырууну каалаган кезиңердеги абалыңар кандай болду эле?» - деп сурады. Айалдар: «Аллах сактасын! Ага байланыштуу бир да жамандык билгенибиз жок», - дешти. Башчысынын айалы: «Мына, чындык ачыкка чыкты. Аны азгырууну мен каалаган элем. Чындыгында ал (Йусуп) анык чынчылдардан», - деди.

52. (Йусуп): «Муну[4] - ырасында ага[5] тымызын кыйанат кылбаганымды падыша билсин үчүн (жасатып жатам). Албетте, Аллах кыйанатчылардын куулугун тууралыкка багыттабайт.

53. Албетте, мен өз жанымды[6] актабаймын[7]. Чындыгында напси адамды жамандыкка гана буйруйт. Бирок Эгем ырайым кылса, ал - башка (кеп). Албетте, Эгем - Кечиримдүү, Мээримдүү!» (деди).

54. Падыша: «Аны мага алып келгиле. Мен аны өзүмө жакын адамдардан кылып алайын», - деди. Падыша Йусуп менен сүйлөшүп жаткан кезде: «Албетте, сен бүгүн[8] биздин алдыбызда ишеничтүү, улук орундасың», - деди.

---

1 Сактоо үчүн жыйнап келе жатканыңардан

2 Зулайканын чакыруусу боюнча Йусуптун кожойунун үйүнө конокко келген жана Йусупту көргөндө колдорун бычак менен кесип алышкан айалдар тууралуу сөз болууда

3 Айткан сөзү:

4 Айалдарды чакыртуу

5 Өз кожойунума

6 Бул жерде «жан» деген түшүнүк колдонулганы менен бул сөздүн арабчадагы мааниси «нафс», же кыргызчага «напсы» деп колдонулуп келе жаткан сөз экенин эске туттуу зарыл

7 Өзүмдү, же өз напсимди актоо ниетим такыр жок. Абийиримдин актыгын далилдөө зарылдыгынан улам айалдарды чогултууну сурангам

8 Бүгүнтөн баштап

55. (Йусуп падышага): «Мени өлкөнүн казына башчылыгына дайында. Анткени мен аны кантип коргоону/сактоону) билемин», - деди.

56. Ошентип Йусупту ошол жерге жайгаштырдык. (Ал) каалаган жеринде жүрө алат[1]. (Биз) каалаганыбызга ырайымыбызды жеткиребиз[2]. (Аллах) жакшылык кылгандардын мээнетин текке кетирбейт.

57. Чындыгында, ыйман келтирип, такыба болгондордун акыреттеги сыйлыгы мындан да жакшы.

58. ([3]Ачарчылык келген жылдары) Йусуптун бир туугандары[4] келишип, анын алдына киришти[5]. Ошондо Иусуп аларды тааныды. Алар (болсо) аны таанышкан жок[6].

59. Иусуп алардын жүктөрүн дайардаткан учурда аларга: «Мага[7] аталаш бир тууган иниңерди[8] ала келгиле. Чындыгында мен силерге толук өлчөп бергенимди[9] жана меймандос адам экенимди көрүп турасыңар», - деди.

60. «Эгер силер аны мага алып келбесеңер, мен силерге өлчөп берээрим[10] жок жана мага жакындабагыла[11]».

61. Алар: «Биз аны атасынан сурап алууга аракеттенебиз. Албетте, биз муну[12] аткарабыз», - дешти.

62. Иусуп жигиттерине: «Алардын азык үчүн алып келген нерселерин[13] да жүктөрүнө кошуп койгула. Албетте, үйлөрүнө кайтып барышкан кезде, аны[14] билишип, мүмкүн кайра келишээр», - деди.

---

1 Аны хансарайда эркин басып жүрүүчү кадырлуу даражага жеткирдик

2 Каалаганыбызга ырайым кылабыз

3 Мурда Йусуп түш жоруу учурунда айткан жылдар

4 Кудукка таштап жиберишкен аталаш агалары

5 арасында бир күнү Иусуптун (а.с.) аталаш бир туугандары да, алтындарына азык-түлүк алмаштыруу үчүн зарыгып, жалдырап келишкен болчу.

6 Ушул жерде белгилей кетүүчү бир жагдай: Иакуп (а.с.) балдарынын ичинен Йусупту (а.с.) абдан жакшы көрчү, мурда аны чоң балдары «жоготуп», анын көйнөгүн канга чылап, ыйлап келишкенде ал Йусуптун (а.с.) тирүү экенинен үмүт үзгөн эмес жана Аллахка тобокел кылып, анын качандыр бир кезде үйгө тирүү кирип келээрин күтүп, күткөнчө ыйлап жүрүп, көзү көрбөй калган эле

7 Азык сурап кийин дагы келгениңерде

8 Банйаминди

9 Кемитпей, төлөгөн акчаңарга жараша толук (ашыкча эмес!)

10 «Силер убадаңарга турбагандыктан мен да силер менен соодалашууну токтотом», - деген мааниде

11 Келбей эле койгула

12 Сенин талабыңды аткарабыз

13 Алтын акчаларын дан салынган каптарынын ичине кайра салып, катып койгула

14 Акчалары кайра келгенин, акы төлөнбөй калганын билип...

**63.** Ошондо алар аталарына кайтып барышып: «Оо, ата! Бизден өлчөө токтотулду[1]. Ошондуктан бир тууганыбызды[2] биз менен бирге жиберсең гана өлчөө[3] алабыз. Чындыгында, биз аны коргойбуз!» - дешти.

**64.** (Йакуп): «Мындан мурунку бир тууганын[4] силерге ишенгеним сыйактуу муну да силерге ишенип берейинби? Канткен менен Аллах - толук Коргоочу жана Ал - ырайымдуулардын эң ырайымдуусу!» - деди.

**65.** Алар жүктөрүн ачкан кезде өздөрүнө кайтарылган нерселерин табышты да (кубанып): «Оо, ата! Эмне издейбиз[5]... мына нерселерибиз өзүбүзгө кайтарылыптыр. [6]Үй-бүлөбүздү азык менен камсыз кылып, туугандарыбызды сактайбыз[7]». Буга (бул акчага) дагы бир төө дан-азык сатып алууга болот. Чындыгында, бул өлчөп алып келгенибиз аз эле да[8]», - дешти.

**66.** Аталары: » Силерге өлүм эле жетпесе аны[9] милдеттүү түрдө алып келериңер тууралуу мага Аллахтын аты менен убада бермейиңерче, аны мен силер менен чогуу жибере албаймын», - деди. Ошентип алар аталарына убада беришкен кезде аталары: «Аллах айтканыбызга күбө!» - деди.

**67.** Балдарына: «Эй, балдарым! Шаарга[10] бир капкадан[11] кирбестен, бөлөк-бөлөк капкалардан киргиле. Бирок Аллахтын буйругу болсо[12] мен силерден эч нерсени кайтара албаймын[13]. Өкүм - Аллахка гана таандык. Ага гана тобокел кылдым[14]. Ага[15] тобокел кылуучулар - тобокел кылсын!» - деди.

**68.** Алар аталарынын буйругундай (кылып ар башка капкалардан) киришсе деле Аллахтын (жазган) тагдырынан эч нерсени кетире алышмак эмес.

1 Бизге мындан ары азык-түлүк сатпай турган болушту

2 Банйаминди

3 Сатып ала алабыз

4 Йусупту

5 «Мына кубаныч, көктөн издегенибиз жерден табылды: азык да берип, акчабызды да кайра жибериптир!» - деген мааниде

6 Кайтып келген акча менен дагы бир жолу соода кылып

7 Ачарчылыктан, кыйынчылыктан...

8 Бир эле төө азык, эки төө азык болсо мындан да жакшы болмок

9 Йусуптун бир тууганы Банйаминди (Бул экөөсү бир ата, бир энеден)

10 Азык алганы баруучу Мисир шаарына

11 Дарбазадан

12 Жолдо бараткавда силерге кандайдыр-бир тоскоолдук болсо, же кайгы келсе

13 Мен куткара албаймын. Куткаруучу - бир гана Аллах Таала!

14 «Аллах Таалага гана тайаңдым!»

15 Аллах Таалага

Бирок Йакуп өз дилиндеги бир зарылдыкты гана аткарды[1]. Анткени ал Биз үйрөткөн илимдин ээси эле. Бирок, аны адамдардын көбү билбейт.

69. Алар Йусуптун жанына кирген кезде, Йусуп бир тууганын өз алдына алып: «Мен - сенин бир тууганыңмын. Алардын жасагандарына кайгырба!» - деди.

70. Йусуп алардын жүктөрүн (сатып алган буйумдарын) камдаганда, суу ичүүчү идишин бир тууганынын (Банйаминдин) жүгүнүн арасына (катып) койуп, алар жолго аттанаарда бирөө: «Эй, кербенчилер! Силер анык ууру экенсиңер!» - деп үн салды.

71. Алар[2] тигилерге[3] бурулуп: «Эмне жоготтуңар?» - дешти.

72. Беркилер: «Падышанын суу өлчөөчү идишин жоготтук. Аны таап келген кишиге бир төө жүк (берилет). Мен ага кепилмин», - деди.

73. Алар: «Аллахтын аты менен ант беребиз! Чындыгында бул жерге бузукулук (жасоо) үчүн келбегенибизди билесиңер. Ошондуктан, биз - ууру эмеспиз», - дешти.

74. Булар: «Эгер жалганчы болсоңор, анын жазасы эмне болсун?» - дешти.

75. Алар: «Анын жазасы - ал идиш кимдин жүгүнүн ичинен чыкса ошол өзү жазалансын. Биз заалымдарды ошентип жазалайбыз», - дешти.

76. (Йусуп) өз бир тууганынын жүгүнөн мурун, тигилердин жүгүн тинттирип, акырында идишти өзүнүн бир тууганынын жүгүнөн алып чыкты. Йусуп үчүн мына ушундай айла кылдык. Анткени, (Йусуп) падышанын[4] мыйзамы бойунча бир тууганын алып кала алмак эмес. Бирок Аллахтын каалоосу (ушул). Биз каалаган гана кишинин даражасын көтөрүп койобуз. Ошентип ар бир илимдин ээсинин үстүндө бир Билүүчү[5] бар.

77. Алар: «Эгер бул (инибиз) уурулук кылган болсо, анда, албетте, анын тууганы[6] да мурда уурулук кылган эле», - дешти. Ошондо Йусуп ал сөздү[7] жүрөгүндө сактап, аларга ачык айткан жок. (Ичинен): «Силер

---

1 Аталык насаатын айтып, аталык милдетин аткарды: «Аракет кылсаң - берекет», «сактанганды сактаймын» нускаларын эскертти

2 Йусуптун агалары

3 Йусуптун кызматчыларына

4 Ошол кездеги Мисир падышасынын

5 Баарынын үстүнөн Аллах Таала карап турат

6 Йусупка күнөөнү оодарууга далалат жасап, агаларынын бири: «Йусуп да жаш кезинде Лии аттуу тайжэсинин баалуу курун, же тайатасынын сөлөкөт-кудайын уурдап алган болчу», - деп жалган айтып, учурдан пайдаланып, ага да жалаа жаап калууга үлгүрүштү

7 Агалары өздөрү ошол Йусуптун алдында турганын билишпей, жалаа жаап жатканын билип туруп

абдан жаман орундасыңар[1]. Силер сыпаттап[2] жаткандарыңарды [3]Аллах жакшы билет», - деди.

**78.** Алар: «Эй, кожойун! Мунун улгайган атасы бар[4]. Ошондуктан анын ордуна (биздин) бирибизди алып кал. Чындыгында, биз сени жакшылык кылуучулардан экениңди көрүп турабыз», - дешти.

**79.** (Йусуп): «Нерсебизди жанынан тапкан адамдан башкасын алып калуудан Аллах сактасын. Андай кылсак, биз анык заалымдардан болуп калабыз», - деди.

**80.** Алар Йусуптан күдөр үзүшкөн соң[5], өздөрүнчө шыбырашып, алардын эң жашы улуусу: «Билбейсиңерби? Атаңар силерден Аллахтын аты менен убада алган. Мурда Йусуптун жоголушуна да силер айыптуусуңар. Ошондуктан, мага атам уруксат бергенге чейин, же болбосо мен үчүн Аллах бир өкүм кылганга чейин ушул жерден эч кетпеймин. Аллах - өкүм кылуучулардын эң мыктысы», - деди.

**81.** Силер атабызга кайтып баргыла да: «Оо, ата! Уулуң чындыгында ууруулук кылды. Биз билгенибизге гана күбө өтөбүз. Биз көмүскө кайыпты билүүчү эмеспиз,

**82.** Аны биз ичинде болгон шаардан жана биз кездешкен кербенден сура. Биз чынын айтып жатабыз» - дегиле!

**83.** (Йакуп[6]): «Андай эмес. Силердин напсиңер бир нерсени[7] кооздоп көрсөткөн экен. Эми мага көркөм[8] сабыр керек. Балким Аллах алардын баарын[9] мага кайра алып келээр. Анткени, Ал - Билүүчү, Даанышман!» - деди да,

**84.** Алардан терс бурулуп: «Оо, кайраным Йусуп!» - деп кайгыдан көздөрү агарып (тунарып), ачуусун кармап тим болду.

**85.** Алар аталарына: «Аллахтын аты менен ант ичебиз! Сен кайгыдан жок болгонго чейин, же өлүп тыптыйпыл болгонго чейин Йусупту жоктой бересиң!» - дешти.

**86.** (Йакуп): «Мен өзүмдүн кайгымды да, ыйымды да Аллахка гана тапшырдым. Анткени (мен) Аллахтан[10] силер билбеген нерсени билемин.

---

1 Силер өтө ыплас адамдарсыңар

2 сүрөттөп айтып

3 Чындыгы кандай болгонун

4 «Атасы аны абдан жакшы көрөт» мааниде

5 Йусуптун Банйаминди бербешине көздөрү жетишкен сон

6 Балдары баары кайтып келишип, дагы сүйүктүү уулу Банйамин келбей калганын көрүп

7 Дагы бир жаман ишке

8 Чыныгы, нукура, таза...

9 Жакшы көргөн эки уулумду тең

10 Келген айан кабарлар аркылуу

87. Эй, уулдарым! Баарыңар Йусупту жана анын бир тууганын издегиле! Кантсе да, Аллахтын ырайымынан күдөр үзбөгүлө. Анткени, Аллахтын ырайымынан каапыр болгон коом гана үмүт үзөт...» - деди.

88. Алар Йусупка кайра барышып, (анын алдына) киришип: «Эй, кожойун! Бизге жана үй бүлөбүзгө ачарчылык келди. Андыктан арзыбас аз нерсе (акча) менен келдик. Ошентсе да толук өлчөп бере көр. Ага кошумча бизге садака да бер. Албетте, Аллах садака берүүчүлөрдү сыйлайт», - дешти.

89. (Йусуп): «Силер билбестиктен Йусупка жана анын бир тууганына[1] эмне кылганыңарды билесиңерби?[2]» - деди.

90. Алар: «Сен өзүң чын эле Йусупсуңбу?» - дешти. (Йусуп): «Мен - Йусуп, а бул менин бир тууганым. Чындыгында, Аллах бизге ырайым кылды. Эгер ким Аллахтан корксо[3], сабыр кылса[4], албетте, Аллах жакшы иштерди жасагандардын эмгегин текке кетирбейт», - деди.

91. Алар: «Аллахка ант беребиз! Чындыгында, Аллах сени бизден артык кылып койду. Анткени, биз туура эмес ишти кылган элек», - дешти.

92. (Йусуп): «Бүгүн силерге жемелөө жок. Аллах силерди кечирээр. Ал - мээримдүүлөрдүн эң Мээримдүүсү!

93. Эми, мына менин көйнөгүмдү алпарып, атамдын бетине жапкыла, көзү айыгып кетет[5]. Анан бүт үй-бүлөңөр менен чогулуп мага келгиле!» - деди.

94. Кербен жолго чыккан кезде алардын атасы: «Эгер алжып калыптыр», - дебесеңер мага, ырасында эле Йусуптун жыты келип жатат», - деди.

95. Тигилер: «Аллахтын аты менен ант ичебиз! Албетте, сен эски адашууңда элесиң», - дешти.

96. Сүйүнчүлөп келишип, көйнөктү Йакуптун жүзүнө жабышканда анын көзү көрө баштады да: «Силерге Аллах тараптан билбеген нерсени билемин», - деп айтпадым беле?» - деди.

97. Уулдары: «Оо, атаке! Биздин күнөөлөрүбүздүн кечирилишин (Аллахтан) тиле! Биз, чындыгында эле ката кетирген экенбиз», - дешти.

98. Йакуп: «Силер үчүн Эгемден кечирим сураймын. Анткени, Ал - Кечиримдүү, Боорукер!»

99. Алар Йусуптун алдына барышкан кезде, ата-энесин дароо кабыл алып:

1 Банйаминге

2 Эстейсиңерби

3 Күнөө кылуудан корксо, такыба болсо, күнөө жасоодон абдан этийаттанса

4 Кыйынчылык башка түшкөн учурда

5 Мурда айтылып өткөндөй, Йакуптун көзү Йусупту эстеп ыйлай берип, сокур болуп калган болчу

«Аллахтын каалоосу менен Мисир жергесине сак-саламат кириңиздер!» - деди да,

100. Ата-энесин өз тактысына чыгарып олтургузду. Баары Йусупка ийилип таазим кылышты[1](да). Аллах үчүн сеждеге жыгылышты, Йусуп: «Оо, атакем! Мына байакы көргөн түштүн жорулушу. Чындыгында, аны Эгем акыйкатка чыгарды. Шайтан мени менен бир туугандарымдын ортосун бузган соң, мени абактан чыгарып, чөлдөн силерди алып келип, мага жакшылык кылды. Чынында, Эгем Өзү каалаган адамына абдан Мээримдүү! Ал - Билүүчү, Даанышман!

101. Оо, Эгем! Сен мага өкүмдарлык[2] бердиң жана түштөрдүн жорулушун үйрөттүң. Асмандар менен жердин Жаратуучусу болгон Сен дүйнөдө да, акыретте да Кожойунумсуң! Менин жанымды Сага мойун сунган абалда алып, жакшы иштерди жасоочуларга ээрчите көр!

102. [3]Бул байанда көмүскө-кайып кабарлардан билдирдик. Алар[4] иш жүзүндө биригип, (Йусупка) кыйанаттык кылууну ойлонгон кезде, албетте, сен алар менен болгон эмессиң.

103. Сен канчалык ынтызар болбогун[5], (баары бир) адамдардын көбү[6] ыйман келтиришпейт.

104. (Кылган жакшылыгыц үчүн) алардан сен акы сурап жаткан жериң жок. Куран - бүткүл ааламга[7] татыктуу насаат!

105. Асмандар менен жерде канчалаган [8]далилдер бар. Бирок адамдар ага көңүл бурушпайт.

106. Алардын көбү Аллахка ыйман келтиришпейт. Алар (Аллахка) шерик кошушат[9].

107. Алар Аллахтын ороп алуучу азабынан, же капилет келчү Кыйамат Күнүнөн коопсуз бекен?

108. [10]«Менин жолум ушул - бир гана Аллахка чакырамын. Мен жана мени

---

1 Ошол кезде алардын саламдашуу адеби бойунча бир аз ийилип койуу салт болгон

2 Бийлик...

3 Эй, Мухаммед!

4 Йусуптун аталаш агалары

5 Катуу каалабагын

6 Аллах Таалага

7 Бир эле улутка (м: Арабдарга эле), же кайсы бир элге эле эмес, жер жүзүндөгү бардык улуттарга, элдерге түшүрүлгөн эскертүүчү

8 Аллах Тааланын дини исламга үгүттөп, адам баласын Жаратуучу Аллах Таалага гана ибадат кылууга чакырып турган

9 Маселен, Исаны же Будданы кудай дешип, тоого-сууга, арбактарга, мазарларга сыйынгандар бар

10 Эй, Мухаммед!

ээрчигендер, ачык далил үстүндөбүз[1]. Аллахты аруулаймын. (Ага) шерик кошуучулардан эмесмин», - деп айткын.

**109.** Сенден мурун да, шаарлардын калктарынын өздөрүнө эскертүү менен кишилерди[2] гана жибердик. Алар эмне, өздөрүнөн мурункулардын (күнөөсүнүн) акыр-айагы кандай бүткөнүн көрүшпөйбү? Албетте, акырет журту - такыбалар үчүн жакшы экенин түшүнбөйсүңөрбү?

**110.** Ал тургай пайгамбарлар[3] үмүт үзүп, алар чындыгында эле «жалганчы атыгып кеттик» деп ойлогон кезде, аларга жардамыбыз келип, (Биз) каалагандарыбыз[4] (азаптан) куткарылган. Чындыгында, (Биз жиберген) балээлер каапыр коомдордон кайтарылбайт[5].

**111.** Албетте, пайгамбарлардын байанында акыл ээлери үчүн өрнөктөр бар. Куран - ойдон чыгарылган сөз эмес! Бирок, ал - өзүнөн мурда түшүрүлгөн китептерди тастыктап турат. Ошондуктан, ал (Куран) - ыйман келтирген коом (эл) үчүн ар нерсени ачык-айкын кылуучу[6] Жол жана Ырайым[7]!

# 13. РААД[8] СҮРӨСҮ

**Мединада түшүрүлгөн Кырк үч айаттан турат**

***Мээримдүү, Ырайымдуу Аллахтын аты менен***

**1.** Алиф, Лам, Мим, Раа[9]. Бул Китептин[10] айаттары. Эгең тарабынан сага жөнөтүлгөн акыйкат. Бирок адамдардын көпчүлүгү ага ишенишпейт.

**2.** Аллах асмандарды тайанычсыз көтөрүп койду. Андан соң Аршка

1 Аллах Тааланын жалгыздыгына чакыруу үчүн колубузда жетишерлик далилдерибиз бар

2 Периштелерди, же айалдарды эмес, жалаң эркек кишилерден тандап

3 Аллах Тааладан жардам келеринен

4 Биз азаптан куткарууну каалаган пайгамбарлар. (Мисалы, Исаны өлтүрмөк болушканда аны Аллах Таала тирүү бойдон асманга алып чыгып кетип, каапырлар адашып Исаны асуу тууралуу сунуш киргизген, түс-турпаты Исага окшош өздөрүнүн бир жолдошун асып салышкан

5 Жолдон тосулуп калбайт, каапырларды Аллах Тааланын жиберген балээсинен эч ким жана эч нерсе (амалкөйлүгү да, акылдуулугу да...) сактап, куткарып кала албайт

6 Жаман менен жакшыны, арам менен адалды, каапыр менен мусулманды, ак менен караны

7 Кыйамат күнү ким Куранда көрсөтүлгөн Аллах Тааланын жолу менен кеткен болсо ошол ийгиликке жетет

8 Күн күркүрөө

9 Маанилери бир Аллах Таалага маалым.

10 Куран

истиваа[1] болуп, күн менен айды башкарды. Алардын баары белгилүү мөөнөткө чейин жүрөт. Ал силер өзүңөрдүн Эгеңер менен кездешүүңөргө ишенүүңөр үчүн, бардык иштерди башкарат жана айаттарын түшүндүрөт.

3. Ал жерди жайып төшөгөн, анын үстүнө тоолорду кадап, дарыйаларды жасаган. Ар бир мөмө жемишти Ал жуп кылып жараткан. Күндүздү түн менен жапкан. Акыйкатта, мында акыл жүгүрткөн адамдар үчүн белгилер бар.

4. Жер үстүндө катарлаш турган талаалар, жүзүм бактары, эгиндер, кошмок[2] жана жалгыз курма дарактары бар. Баары бир суу менен сугарылат, бирок Биз алардын биринин даамын экинчисинен жакшы кылабыз. Акыйкатта, мында акыл калчаган адамдар үчүн белгилер бар.

5. Эгер сен таң калсаң, алардын сөздөрү андан да таң калаарлык: «Биз топуракка айланган соң кайрадан кандайча тирилмек элек?» (дешет.) Булар Эгесине каапыр болгондор. Алардын мойундарында чынжырлар болот, алар тозок ээлери[3]. Алар анда түбөлүк болушат.

6. Алар жакшылыктан[4] мурун сени жамандыкка[5] шашылдырышат. Булар га окшогондордун жазасы мурун да (болуп) өткөн. Акыйкатта, Эгең алардын заалым экенине карабай кечирет. Бирок, Эгеңдин жазасы катуу.

7. Каапырлар: «Эгесинен ага бир белги[6] келбейби?» - дешет. Чынында сен эскертүүчү ганасың. Ар бир элде (түз жолго) баштоочу бар.

8. Аллах ар бир ургаачынын курсагындагыны жана анын канчалык кемип, же өсүп жаткандыгын билет. Анын алдында баарынын өлчөмү бар.

9. Ал жашыруунду жана ачыкты билет. Ал - Улук жана Бийик.

10. (Ага) ойун жашырып тургандар да, сүйлөп жаткандар да, түндө жашырынгандар да, күндүзү ачык чыккандар да баары бирдей[7].

---

1 «Истиваа» - сөзү өзүнө бир нече маанини камтып: барабарлануу, жогору болуу, көтөрүлүү, камынуу, ээлик кылуу, багыт алуу дегенди туйундурат. Бирок, Аллах Таала эч нерсеге окшобогондугу үчүн «истиваа» кандай көрүнүштө болоору адам баласына маалым эмес. Демек, бул сөздөн Аллах Таала эмнени каалаcа ошого ыйман келтирүүгө милдеттүүбүз. Ар кандай чечмелөөрдү айтып, талашып - тартышууга акыбыз жок. Ошол үчүн өткөн улуу Имамдардын бардыгы бул маселеге өтө кылдат мамиле кылуу керек экенин баса белгилешкен. Тарыхта алтын тамгалар менен жазылып калган төмөнкүдөй таамай сөздөрдү Имам Малик мындай баяндаган: «Истиваа - маалым, аны сүрөттөө белгисиз. Ага ыйман келтирүү ваажиб, ал туралуу суроо салуу бидаат.»

2 Тамыры бир

3 Тозокко түшүүчүлөр

4 Ырайымдан

5 Азапка

6 Керемет

7 Анткени Ал баарын көрүп жана алардын эмне ойлоп тургандарын билип турат

**11.** Анын алдынан да, артынан да Аллахтын буйругу менен коргоп, ээрчип жүрө турган (периштелер) бар. Акыйкатта, коом өздөрүндөгү нерсени өзгөртмөйүнчө, Аллах аны өзгөртпөйт[1]. Эгерде Аллах коомду жазаламакчы болсо, анда Анын Өзүнөн башка эч бир кайтаруучу жок. Алар үчүн Андан башка эч бир жардамчы да жок.

**12.** Ал силерге чагылганды көргөзөт. Анда коркунуч менен үмүт бар. Ал оор булуттарды түшүрөт.

**13.** Күндүн күркүрөшү Аны мактап, аруулайт. Андан коркуп, периштелер да (аруулашат). Ал чагылганды жиберип, каалаганына тийгизет. Алар Аллах жөнүндө талашышат. Ал азаптоодо күчтүү.

**14.** Чыныгы чакыруу Ага[2] гана. Алардын Андан башка тиленгендери[3]: бирөө сууга колун созуп, (алаканын жайып) оозуна жеткирүүнү каалаганда суу жетпеген өңдүү эле, аларга эч жооп бербейт. Каапырлардын табынуусу адашуу гана.

**15.** Асмандар менен жердегинин ар бири жана алардын көлөкөлөрү да Аллахка эрки менен да, эрксиз түрдө да эртели-кеч сежде кылышат[4].

**16.** Алардан: «Асмандар менен жердин Эгеси ким?» - деп сура да: «Аллах!» деп айткын. «Силер Аны койуп, өзүңөргө жардам да, зыйан да келтире албай турган башкаларды коргоочу кылып алдыңарбы?» - дегин. «Сокур менен көзү соо, же караңгы менен жарык барабарбы?» - дегин. Же алар Аллахка Ал жараткан нерселер өңдүүлөрдү жаратқандарды шерик кылып алыштыбы? Жана бул жаратуу алар үчүн бирдей эле сезилдиби? «Аллах бардык нерселердин жаратуучусу. Ал - Жалгыз, Кудуреттүү», - дегин.

**17.** Дарыйалар өз деңгээлинде толсун үчүн Ал асмандан жамгыр жаадырат, а көбүктөр анын (суунун) үстү менен агып келет. Кооздук жасалга, же буйумдарды жасоо үчүн оттун үстүндө эриткенде да ушундай көбүк болот. Аллах чыңдык менен жалганды мына ушундайча мисал кылат. Көбүк жел өңдүү жок болот, ал эми адамдарга пайдалуулар жер үстүндө кала берет. Аллах мына ушинтип мисалдарды келтирет.

**18.** Эгесине баш ийип ишенгендер үчүн жакшы нерсе[5] дайардалган. Ал эми Аны укпагандар - аларга жер жүзүндөгүлөрдүн баары тиешелүү болуп жана дагы ошончолук бар болсо да, алар ошонун баарын берип

---

1 «Урматтуу мусулман! Сиз коомдун оңолушун, жакшырышын каалап, ошого аракет кылып жатасызбы? Анда биринчи өзүңүздөн баштап, өзүңүздү оңдоңуз» (котормочулар)

2 Инсандарды Аллах Тааланын динине чакырып, Ал жалгыз экенин жеткирүү жөнүндө сөз болууда

3 Жалган кудайлары, же буд-сөлөкөттөрү

4 Бул айат «сежде айаты» деп аталып, окуган да, уккан да сежде кылууга тийиш. А сежде кандай тартипте жасаларын билүү үчүн «Мухтасар» аттуу фикх китебинин кыргызча котормосунун Тилават сеждеси - он үчүнчү бөлүмүн караңыз

5 Эмне кааласа бар - Бейиш

кутулууну каалай тургандарга катуу эсеп-кысап болот. Алардын жайы тозок. Кандай жаман жай!

19. Ырас эле, Эгең тарабынан сага түшүрүлгөндү чындык деп билген (киши) сокур (чындыкты билбеген) сыйактуубу? Бирок муну акыл жүгүрткөндөр гана эске алышат.

20. Алар Аллахка берген убадаларын аткаргандар жана анттарын бузбагандар.

21. Алар Аллах бириктирүүнү буйруганды бириктиришет[1] жана Эгесинен коркушуп, эсептин жаман болушунан кооптонушат.

22. Алар Эгесинин ыраазылыгын издеп, сабыр кылгандар, намаз окугандар. Биз аларга берген ырыскылардан жашыруун жана ачык сарптагандар[2], жакшылык аркылуу жамандыкты жойгондор. Акырет жайы - мына ушулардыкы.

23. Алар Адн[3] бейишине киришет. Такыба ата-бабалары, жубайлары жана урпактары да (киришет). Периштелер[4] бардык эшиктерден (ар тараптан) киришет.

24. (Алар): «Сабырдуу болгонуңар үчүн, силерге салам (тынчтык болсун). Акыркы жайдын акыбети кандай сонун!» (дешет.)

25. Аллах менен келишим бекемделген соң аны бузгандар, Аллах бириктирүүгө буйруганды ажыраткандар, жер жүзүндө бузукулук кылгандар - мына ушуларга наалат. Алар үчүн жаман жай (дайардалган).

26. Аллах каалагандарына ырыскы берет, (аны) чектеп да койот. Алар бул дүйнөдөгү жашоого ыракаттанышат. Бирок, бул дүйнөдөгү жашоо тиги дүйнөдөгүгө караганда өтө кыска ырахат.

27. Каапырлар: «Ага[5] Эгесинен белги[6] түшпөйбү?» - дешет. «Акыйкатта, Аллах кимди кааласа адаштырат, Өзүнө кайрылгандарды туура жолго салат», - дегин.

28. Ыймандуулар - Аллахты эскергенде жүрөгүндө тынчтык орногондор. Демек, Аллахты эскергенде жүрөктөр тынчтык табат.

29. Ыйманга келип, жакшылык кылгандарга «жакшылык[7]» жана сонун жай ыроолонот.

---

1 Ыйманга келүү, туугандар менен болгон тыгыз мамиле ж.б.у.с.

2 Аллах Тааланын ыраазылыгы үчүн жардам, кайыр-садага, зекет, үшүр бергендер

3 Адн - түбөлүк жаштык, ыракат, жылгалдар жайы

4 Куттуктоо үчүн

5 Пайгамбарга

6 Кереметтер

7 «Тууба» - сөзү да бирден көп мааниге ээ болуп, экинчи мааниси Бейиштеги даракты билдирет

**30.** Биз сага айан кылып жибергенди[1] аларга окуп берүүң үчүн мурунку үммөттөр сыйактуу эле сени да бир үммөткө элчи кылып жөнөттүк. Бирок алар Мээримдүүгө[2] ишенишпейт. Аларга: «Ал менин Эгем. Андан башка Кудай жок. Ага гана тобокел[3] кыламын. Ага кайтуум (шексиз)» - дегин.

**31.** Эгер тоолорду ордунан жылдыра турган, жерди жарып ажырата турган, же өлгөндөрдү сүйлөтө турган Куран келтирилсе да (алар ыйман келтиришмек эмес). Бирок, бардык бийлик Аллахка таандык. Эгер Аллах кааласа бардык адамдарды туура жолго салаарын ыймандуулар билишпейби? Аллахтын убадасы аткарылганга чейин каапырларга алардын кылгандары үчүн улам талкалоочу кырсык келет, же алардын турагынын жанына түшөт. Эч качан Аллах убадасын бузбайт.

**32.** Сага чейин да көптөгөн пайгамбарлар шылдыңдалган. Бирок Мен каапырларга мөөнөтүн узарткам. Андан соң аларды азапка салдым. Менин азабым кандай болду.

**33.** Ал[4] ар бир жандын эмне кылып жатканын билип турбайбы?! А алар Аллахка шерик кошушат. «Алардын аттарын айтып бергиле», - дегин. Ага жер үстүндө Ал билбеген бир нерсени көрсөтүүнү каалайсыңарбы? Же бул болбогон сөзбү? Жоок. Каапырларга өздөрүнүн амалкөйлүгү көркөм көрүнөт, алар ошол себептүү жолдон тайышты. Аллах кимди туура жолдон адаштырса, аны туура жолго салуучу жок.

**34.** Аларга бул дүйнөдө эле азап жетет. Бирок, тигил дүйнөдөгү азабы абдан катуу. Эч ким аларды Аллахтын жазасынан куткарып кала албайт.

**35.** Такыбаларга убада кылынган Бейиштин сыпаты: анын алдында өзөн-дарыйалар агып турат. Алардын бардык жемиштери жана көлөкөсү да түбөлүктүү. Бул такыбалардын акыбети[5] . Каапырлардын акыбети - Тозок.

**36.** Биз Китеп бергендер[6] сага түшүрүлгөнгө кубанышат. Ал эми топтордун ичинен бирөөлөрү анын[7] бир бөлүгүн жокко чыгарышат. «Акыйкатта, мага Аллахка сыйынуу жана Ага шерик кошпоо буйрулган. Мен Аллахка чакырамын[8] жана кайтуум (да) Ага!»

**37.** Ушинтип, Биз аны[9] араб тилинде, өкүм түрүндө түшүрдүк. Сага илим

1 Куран
2 Аллах Таалага
3 Тайанамын
4 Аллах Таала
5 Натыйжасы
6 Иудейлер жана христиандар. Аларга Тоорат менен Инжил түшүрүлгөн
7 Курандын
8 Сыйынууга
9 Куранды

келгенден кийин, сен алардын каалоолоруна ээрчисең, сага Аллахтан башка жардамчы да, коргоочу да табылбайт.

38. Сенден мурун да пайгамбарларды жөнөткөнбүз жана аларга жубайлар менен урпактарды бергенбиз. Аллахтын уруксатысыз эч бир пайгамбар айат келтире албайт. Ар бир учур үчүн өзүнүн Китеби болгон.

39. Аллах каалаганын өзгөртөт жана бекемдейт. Анда китептердин энеси[1] (турат).

40. Биз аларга убада кылгандардын баарын сага көрсөтөбүз, же сени эртерээк жай алдырабыз. Сага (Аллахтын кабарларын) жеткирүү гана милдет. Ал эми эсеби - Бизге (таандык).

41. Алардын жерине келип, ар тарап- тан кемиткенибизди көрбөйбү?[2] Эгерде Аллах бир нерсеге өкүм кылса, ага эч ким каршы тура албайт. Ал эсеп кылууда өтө тез.

42. Алардан мурункулар да айлакерлик кылышкан. Бирок, айла-амалдардын баары Аллахта. Ал бардык жандар эмне кылып жатканын билет. Каапырлар акыркы сонун жай кимдер үчүн экендигин (жакында) билишет.

43. Каапырлар: «Сен пайгамбар эмессиң», - дешет. «Силер менен менин ортомдо Аллах жана Китепти[3] билгендер жетиштүү күбө», - дегин.

## 14. ИБРАХИМ СҮРӨСҮ

**Меккеде түшүрүлгөн Элүү эки айаттан турат**

***Мээримдүү, Ырайымдуу Аллахтын аты менен***

1. Алиф, Лам, Раа[4]. Бул[5] - адамдарды Аллахтын уруксаты менен караңгыдан нурга[6], Ызааттуу, Мактоого ылайык, Эгеңдин жолуна чыгарууң үчүн Биз сага түшүргөн Китеп.

2. Аллахка асмандардагылар менен жердегилердин баарысы таандык. Капырларга тозоктун катуу азабынын кайгысы болсун!

3. Бул дүйнөнү акыреттен жакшы көргөндөр жана башкаларды Аллахтын жолунан тосуп, адаштыргандар, алар узак адашууда.

4. Биз бардык коомдорго ачык түшүндүрүп берсин деп, ал элдин гана ти-

1 Эч кимдин колу жете албаган, өзгөрбөй турган китеп.

2 Исламдын күчөп, алардын азайып бара жатканын

3 Мурунку жана кийинки Ыйык Китептерди билгендер, момундар, иудейлер, христиандар

4 Маанилери бир Аллах Таалага маалым

5 Куран

6 Жарыкка

линде сүйлөгөн элчилерди жөнөттүк. Аллах кимди кааласа адаштырат, кимди кааласа туура жолго салат. Ал - Ызааттуу, Даанышман.

5. Биз Мусаны өзүбүздүн белгилерибиз[1] менен: «Элиңди караңгылыктан жарыкка чыгар. Аларга Аллахтын мээримдүүлүгүн эстет» (дедик). Акыйкатта, мында сабырдуулар жана шүгүр кылуучулар үчүн өрнөктөр бар.

6. Ошондо Муса өз элине: «Аллахтын силерге берген жакшылыктарын эстегиле. Анткени, Ал силерди Фараондун элинен куткарды. Алар силерди оор азаптарга салып, эркек балдарыңарды өлтүрүп, айалдарыңарды тирүү калтырчу. Мына ушунда Эгеңер тарабынан силерге чоң сыноолор болгон», - деди.

7. Эгеңер: «Эгер шүгүр кылсаңар, силерге (жакшылыктарымды) көбөйтөмүн, эгер каапырлык кылсаңар, анда азабым катуу», - деп жарыйалады.

8. Муса: «Эгерде силер жана жер жүзүндөгүлөрдүн баарысы шүгүрчүлүк кылбаса да, албетте, Аллах муктаждыгы жок, мактоого татыктуу», - деди.

9. Силерге өзүңөрдөн мурунку жашап өткөн Нух, Аад жана Самуд элдери, алардан кийин жашап өткөн элдер жөнүндө кабарлар жетпедиби? Алар тууралуу Аллахтан башка эч ким билбейт. Аларга элчилери[2] далилдер менен келишкен. Алар ооздорун манжалары менен калкалашып: «Силер аркылуу жиберилгенге биз ишенбейбиз. Силер чакырган нерсеңерге биз терең шектенебиз», - дешкен.

10. Алардын элчилери[3]: «Асмандар менен жердин жаратуучусу Аллахта шек барбы? Ал силердин күнөөңөрдү кечирүүгө жана белгиленген мөөнөткө чейин узартууга (кеңчилик кылууга) чакырат» - дешкен эле. (Алар, пайгамбарларына): «Силер да биз сыйактуу эле адамсыңар. Бизди ата-бабаларыбыз сыйынган нерселерден[4] тоскуңар келеби? (Анда) бизге ачык далилдерди келтиргиле», - дешти.

11. Элчилери[5] аларга мындай дешти: «Албетте, биз силер сыйактуу эле кишилербиз. Бирок, Аллах пенделеринен кимди кааласа, ошону Өз мээримине алат. Аллахтан буйруксуз биз силерге далил келтирүүбүз мүмкүн эмес. Момундар Аллахка гана тобокел[6] кылышсын»,

12. чынында, эмне үчүн бизди Туура жолго салган Аллахка тобокел кыл-

1 Мужизаларыбыз (алар тогуз болгон)

2 Пайгамбарлары

3 Пайгамбарлары

4 Буд-сөлөкөттөргө, айга, күнгө, тоо-таштарга, отко, арбактарга, падышаларга, мазарларга ж.б.у.с.

5 Пайгамбарлары

6 Тайануу

байбыз? Биз силер тараптан келген ызага сабыр кылабыз. Тобокел кылуучулар Аллахка гана тобокел кылышсын.»

**13.** Каапырлар пайгамбарларына: «Эгер динибизге кирбесеңер, силерди жерибизден кууп чыгабыз», - дешти. Эгеси аларга айан кылды: «Албетте, заалымдарды[1] ойрон кылабыз,

**14.** албетте, ал жерге алардан кийин силерди жайгаштырабыз, бул - Менин алдымда туруудан жана эскертүүлөрүмдөн корккондор үчүн (болот).»

**15.** Алар жеңиш суранып дуба кылышты, (бирок) текебер, акыйкатты чангандын баары зыйан тартты.

**16.** Андан ары аларга тозок бар. (Тозокто аларга) ириңдүү суу ичирилет.

**17.** Ал ага зордоп жуткурулат. Демек аны аргасыздан ичет. Ага ар тараптан өлүм келет. Бирок, ал өлө албайт. Анын артынан оор азап (күтөт).

**18.** Эгесине каапыр болгондордун иштери[2] бороондуу күндө шамал учурган күл сыйактуу. Жасаган эмгектерине ээлик кыла да алышпайт. Бул өтө узак (терең) адашуу!

**19.** Аллах асмандар жана жерди акыйкаттык менен жаратканын көрбөдүңбү? Эгер Ал кааласа, силерди жок кылат да, жаңы элди алып келет[3].

**20.** Бул Аллахка эч (деле) кыйын иш эмес.

**21.** Алардын баарысы Аллахтын алдына чыгып келишет[4]. Алсыздары менменсингендерге (кайрылып): «Чынында, биз силерди ээрчидик эле. Силер жок дегенде бизди Аллахтын жазасынын азыраагынан куткара аласыңарбы?» - дешет. Анда тигилер: «Эгер Аллах бизди Туура жолго багыттаганда, биз да си- лерди багыттаар элек. Азыр биз сабыр- сыздансак да, чыдасак да баары бир. Бизге кутулуу жок», - дешет.

**22.** Иш бүткөн соң[5], шайтан: «Ырасында, Аллах силерге чындыкты убада кылган. Мен да убада кылдым, (бирок) силерди алдадым. Менде силерди чакыргандан (азгыргандан) башка бийлигим жок эле. Ошентсе да, чакыруумду кабыл алдыңар. Андыктан мени жемелебестен, өзүңөрдү жемелегиле. Мен силерди куткара албаймын. Силер да мени куткара албайсыңар. Чынында, мен мурда эле мени Аллахка шерик кылууңарга каршы болчумун», - дейт. Албетте, заалымдарга оорутуучу азап (бар).

**23.** Ыйман келтиргендер, жакшы иш кылгандар Эгесинин уруксаты ме-

---

1 Каапырларды

2 Амалдары - аракеттери, кылган ниеттери.

3 Жаратат

4 Мүрзөлөрүнөн

5 Бейишке кире тургандар Бейишке, ал эми Тозокко кире тургандар Тозокко кирген сон

нен ичинде түбөлүк кала турган, алдынан дарыйалар аккан бейиштерге киргизилет. Алардын Бейиштеги амандашуулары: «Салам![1]» - болот.

24. Аллах жакшы сөздү[2] бекем тамырдуу, бутагы көктү тиреп өскөн, мыкты даракка салыштырып мисал кылганын көрдүңбү?

25. Ал (дарак) Эгесинин буйругу менен бардык убактарда мөмө берет. Насаат алуулары үчүн Аллах адамдарга мына ушундай мисалды келтирет.

26. Ал эми жаман сөз[3] - тамырлары жерден ажыраган жаман дарак сыйактуу

27. Аллах ыйман келтиргендерди бул дүйнөдө да, тиги дүйнөдө да жакшы сөзгө[4] бекем кылат. Бирок, Аллах ишенбеген заалымдарды адаштырат. Аллах эмнени кааласа, ошону жасайт.

28. Аллахтын берген жакшылыктарын[5] каапырлыкка алмаштырган жана коомдорун кыйроо жайына алып баргандарды көрбөдүңбү?

29. Алар тозокко киришет. Ал кандай жаман жай.

30. Адамдарды Анын[6] жолунан адаштыруу үчүн алар Аллах менен бирге башкаларга да табынышты. Аларга: «Жыргай тургула! Кайтаар орундарыңар тозок», - деп айт.

31. Ыйман келтирген пенделериме: «Намазды (өз убагында) окушсун. Биз берген ырыскылардан жашыруун жана ашкере да, сатып алуу да, достук да болбой кала турган Күн жетип келгенге чейин тийиштүү орунга жумшашсын», - деп айт.

32. Аллах асмандар менен жерди жаратып, асмандан жамгыр жаадырат жана аны менен силердин азыктануунар үчүн мөмө жемиштерди чыгарды. Деңизде Анын уруксаты менен сүзүп жүрсүн үчүн силерге кемени башкартты. Ошондой эле дарыйаларды да силерге баш ийдирди[7].

33. Ал силер үчүн Күндү жана Айды башкарды, алар токтоосуз айланышат. Ошондой эле силерге түн менен күндүздү да башкарып берди.

34. Ал силерге сураган нерселериңердин баарын берди. Эгер силер Аллахтын берген жакшылыктарын эсептеп көрсөңөр, аны санап бүтө албайсыңар. Акыйкатта, инсан заалым[8] жана шүгүр келтирбейт.

---

1 Тынчтык

2 «Лаа илааха иллАллахаху» сөзү

3 Аллах Таалага шерик кошкон, ыймансыз, каапырлык сөздөр

4 Жакшы сөздөрдүн эң мыктысы: «Бир Аллах Тааладан башка кудай жок, Мухаммед Анын элчиси» (Лаа илаха ил- лал-лааху, Мухаммадур-расулул-лаахи), - деп келме келтириш

5 Шүгүр кылууну

6 Аллах Тааланын дининен

7 Каалагандай пайдаланасыңар

8 Өз жанына көп зулум кылат

**35.** Ибрахим: «Эгем! Бул калааны[1] тынч кыл. Мени жана уулдарымды сөлөкөттөргө табынуудан сакта!» - дегенин эсте.

**36.** «Эгем, алар көптөгөн элдерди (жолдон) адаштырышты. Ким мени ээрчисе - ал менден, а ким баш ийбесе[2] - анда, акыйкатта, Сен - Кечирүүчү, Мээримдүүсүң!

**37.** Эгебиз! Урпактарымдын кээ бирин[3] эгин өспөгөн өрөөнгө, Сенин Ыйык Үйүңдүн[4] жанына, алар намаз окуу үчүн көчүрүп келдим. Адамдардын жүрөгүнө аларга карата мээрим сал, жемиштер менен ырыскыландыр, алар шүгүр кылышсын.

**38.** Оо, Эгебиз! Чындыгында, Сен жашыруун, ашкерелерибизди билесиң. Жердеги, асмандагы нерселер Аллахка жашыруун эмес.

**39.** Улгайган чакта Исмаил менен Исхакты берген Аллахка мактоо! Акыйкатта, Эгем - тилектерди Угуучу.

**40.** Оо, Эгем! Мени жана урпактарымды намазды толук окуучу кыл. Эгебиз! Тилегибизди кабыл кыла көр.

**41.** Эгебиз! Мени, ата-энемди жана момундарды эсеп алына турган Күндө[5] кечир» (деди).

**42.** Аллах заалымдардын иштеринен капарсыз экен деп ойлобо! Акыйкатта, Ал (Аллах) алардын көздөрү чанагынан чыга турган Күнгө чейин гана мөөнөтүн узартат.

**43.** Алар чанагынан чыккан көздөрү, бош калган жүрөктөрү менен баштарын көтөрүп, алдыга карай жүткүнүшөт.

**44.** Андыктан, аларга азап келе турган Күндү эскерт. Ошондо заалымдар: «Эгебиз! Бизди жакын мөөнөткө чейин кечиктире көр. Чакырууңа баш ийип, пайгамбарларыңды ээрчийбиз», - дешет. «Мурун силер ойрон болбойбуз деп ант берген жок белеңер?» (делинет).

**45.** Силер өздөрүнө заалымдык кылгандардын журттарында өмүр өткөрдүңөр. Аларга Биз кандай кылганыбыз силерге маалым болду. Силерге (үлгү болчу) мисалдарды келтирдик.

**46.** Алар түрдүү айла-амалдарды кылышты. Ал эми Аллах алардын айла-амалдарын, алар тоону козголтоор болсо дагы ишке ашыртпай койот.

**47.** Аллах пайгамбарларына берген убадасынан тайат деп (эч) ойлобо. Чынында, Аллах - Кудуреттүү, Өч алуучу.

**48.** Ал Күнү жер башка жерге, асмандар да башкага алмаштырылат. Алар Жалгыз, Кудуреттүү Аллахтын алдына чыгышат.

---

1 Меккени

2 Күнөөкөр болсо

3 Исмаиил жана анын апасы

4 Эскиден келе жаткан адамдар Сага сыйынчу жай

5 Кыйамат күнү

49. Ошол Күнү күнөөкөрлөрдүн чынжырларга байланганын көрөсүң.
50. Алардын көйнөктөрү капкара майдан болот, беттерин от каптайт.
51. (Бул), Аллах ар бир жанды жасаган (күнөөлөрүнө жараша) жазалоо үчүн. Чынында, Аллах - бат эсептешүүчү.
52. Бул[1] - адамдарга жеткирүү[2]. Бул аркылуу сестенишсин, Аллахтын жалгыз Кудай экенин билишсин. Акыл калчагандар насаат алышсын!

## 15. ХИЖР[3] СҮРӨСҮ

**Меккеде түшүрүлгөн Токсон тогуз айаттан турат**

***Мээримдүү, Ырайымдуу Аллахтын аты менен***

1. Алиф, Лам, Раа[4]. Булар Китептин жана ачык-айкын Курандын айаттары.
2. Мүмкүн каапырлар мусулмандардан болууну каалашар.
3. Аларды жөн кой! Жешсин, пайдаланышсын[5], кыйалдары менен алектене беришсин. Анан жакында билишет[6].
4. Биз эч бир калааны белгиленген мөөнөтсүз жок кылбадык.
5. Эч бир эл ажалын илгерилете да албайт, кечеңдете да албайт.
6. Алар (пайгамбарга): «Эй, өзүнө Насаат[7] түшүрүлгөн! Сен анык жиндисиң», - дешет.
7. «Эгер сен чынчылдардан болсоң, эмнеге периштелерди алып келбейсиң?» (дешет).
8. Периштелерди Биз жөн[8] гана түшүрбөйбүз! Анда аларга мөөнөт берилбейт.
9. Ырасында эскертмени (Куранды) Биз түшүрдүк. Эми аны Өзүбүз сактайбыз.
10. Сенден мурдагы элдердин тобуна да (элчи) жөнөткөнбүз.

1 Куран
2 Адамдарга Аллах Тааланын өкүмдөрүн жеткирүү үчүн түшүрүлгөн
3 Хижр - Өрөөн
4 Маанилери бир Аллах Таалага маалым
5 Ырахатка бөлөнүшсүн
6 Кылган иштеринин акыбетин билишет
7 Куран
8 Азап менен түшүрөбүз

**11.** Үстүнөн күлүп, шылдыңга кабылбаган эч бир пайгамбар болгон эмес.

**12.** Ушинтип, Биз күнөөкөрлөрдүн жүрөгүнө аны[1] да киргизебиз.

**13.** Алар ага ишенишпейт, мурункулардын жолу да ушундай болгон эле.

**14.** Ал түгүл, Биз аларга асман эшигин ачып койсок, алар ошолор аркылуу көтөрүлүшсө да

**15.** Алар анда: «Албетте, биздин көзүбүз тосулуп (тумандап) калды, биз сыйкырланган эл болдук», - дешээр эле.

**16.** Биз асманга топ жылдыздарды жайгаштырып, кароочулар үчүн аны кооздодук.

**17.** Биз аны таш бараңга алынган бардык шайтандардан сактадык.

**18.** Андан сырткары, ким жашыруун түрдө тыңшаса, ага айкын жалын[2] жетет.

**19.** Биз жерди жайдык, ага бекем туруучу тоолорду кададык. Жана да андан[3] бардык нерселерди өлчөм менен чыгардык.

**20.** Биз анда силерге жана силер ырыскы бере албай тургандар үчүн жашоо кылдык.

**21.** Биз ээлик кылбаган эч бир казына жок. Биз андан белгиленген өлчөмдө гана түшүрөбүз.

**22.** Биз чаңдаштыруучу[4] (жамгырлуу) шамалды жөнөтөбүз жана асмандан силерге жаан жаадырабыз, силерди ошону менен сугарабыз. Анын казыналары силердин колуңарда эмес.

**23.** Чынында, жашоону, өлүмдү Биз тартуулайбыз жана баарына Биз гана мураскорбуз.

**24.** Биз силерге чейинки жашагандарды да, силерден кийинки жашай тургандарды да билебиз.

**25.** Акыйкатта, Эгең алардын баарысын жыйнайт. Албетте, Ал - Даанышман, Билүүчү.

**26.** Акыйкатта, Биз шыгыраган кебетелүү[5] кургак чоподон инсанды жараттык.

**27.** Жиндерди андан мурун түтүнсүз оттон жаратканбыз.

**28.** Ошондо Эгең периштелерге: «Мен шыгыраган, кебетелүү кургак чоподон инсанды жаратамын», - деди.

1 Шылдындарын өздөрүнө көргөзүп, билгизип, түшүндүрүп

2 Жарык берүүчү жылдыз

3 Жер бетинен

4 Уруктарды бир жерден экинчи жерге учуруп барып, бак- дарак, өсүмдүктөрдү чаңдаштырат

5 Адам кейпиндеги

29. Анын турпатын айактап, Өз рухумдан киргизгенимде ага сежде[1] кылгыла! (деди).
30. Ошондо[2] бардык periштелер сежде кылышты,
31. Иблистен[3] башкалары. Ал сежде кылуудан баш тартты.
32. «Эй, Иблис! Сен эмнеликтен сежде кылуучулар менен бирге болбодуң?» - деди.
33. (Ал): «Мен шыгыраган кебетелүү кургак чоподон жасалган инсанга сежде кыла албайм», - деди.
34. (Аллах): «Сен мындан чыккын, анткени сен куулдуң», - деди.
35. «Сага Кыйамат күнүнө чейин каргыш (болсун).»
36. «Оо, Эгем! Алар кайрадан тириле турган Күнгө чейин мага мөөнөт бер», - деди[4].
37. «Чынында, сен мөөнөт берилгендерденсиң,
38. убактысы белгиленген Күнгө чейин», - деди[5].
39. (Иблис айтты): «Оо, Эгем! Мени адаштырганың үчүн аларга жер жүзүндөгүлөрдүн баарын сонун көргөзүп отуруп, алардын баарын азгыра беремин,
40. Сага берилген пенделериңден башкаларын.»
41. (Аллах) айтты: «Бул мага карай эң Туура жол,
42. Чындыгында, адашып сени ээрчигендердин үстүнөн гана болбосо, Менин пенделериме сен бийлик кыла албайсың».
43. Акыйкатта, алар үчүн дайардалган жай - Тозок.
44. Анын жети эшиги бар. Ар бир эшикке бөлүнгөн (дайындалган) топ бар.
45. Акыйкатта, такыбалар бейиш бактарында жана булактардын арасында болушат.
46. (Аларга айтылат): «Тынчтык, амандык менен киргиле!»
47. Алардын көкүрөктөрүндөгү кектерди чыгарып салабыз. Алар бири бирине бир тууган болушат жана мамыктардын үстүндө бет маңдай олтурушат.
48. Мында алар чарчашпайт жана алар мындан эч качан куулуп чыгарылбайт.
49. Пенделериме кабарла! Мен акыйкатта, Кечиримдүү, Мээримдүүмүн.
50. Албетте, Менин азабым - ал оорутуучу азап.

1 Башын ылдый эңкейтүү
2 Адамды жасап болгон
3 Периштелердин башчысы болуп турган жин
4 Иблис
5 Аллах Таала

51. Аларга Ибрахимдин конокторунун байанын жеткир.
52. Ошондо, (периштелер анын) жанына кирип: «Салам!» - дешти. Ал[1]: «Чынында, биз силерден коркуп турабыз», - деди.
53. (Алар): «Коркпо! Биз сени илимдүү уулдуу (боло тургандыгың) менен сүйүнчүлөйбүз», - дешти.
54. (Ибрахим): «Мага карылык келгенде сүйүнтөсүңөрбү? Деги мага эмнени сүйүнчүлөйсүңөр?» -деди.
55. (Периштелер): «Биз сага чындыкты сүйүнчүлөдүк. Эми үмүт үзүүчүлөрдөн болбо!» - дешти.
56. (Ибрахим): «Эгесинин мээриминен адашкандардан башка ким үмүт үзмөк эле», - деди.
57. «Эй, элчилер! Силер эмнеге келдиңер эле?» - деди (Ибрахим).
58. «Биз күнөөлүү элге жөнөтүлгөнбүз», - дешти (алар):
59. «Луттун үй-бүлөсүнөн башкаларына;
60. анын айалынан башкаларын. Биз ага (айалга) мында калуучулардын арасында болууну буйруп койгонбуз».
61. Элчилер[2] Луттун үй-бүлөсүнө келгенде,
62. (Ал): «Чындыгында, силер тааныш эмес элсиңер», - деди.
63. (Алар): «Жок, биз алар ар дайым шектенип мойун сунбаган себептен келдик».
64. «Биз сага (даана) чындыкты алып келдик, биз чын айтабыз».
65. «Өзүңдүн үй-бүлөң менен түндүн бир оокумунда жолго чык жана артынан бас. Силердин эч кимиңер артыңарга кайрылып карабагыла жана белгиленген жерге жеткенче токтобогула», - дешти (периштелер).
66. «Биз таң атканда күнөөкөрлөр бири да калбай кыргын боло тургандыгы жөнүндө ага айан кылганбыз».
67. Шаардын жашоочулары сүйүнүп жетип келишти[3].
68. (Ал)[4]: «Булар менин конокторум, менин абийиримди төкпөгүлө,
69. Аллахтан корккула. Мени шерменде кылбагыла!» - деди (Лут).
70. (Алар): «Биз сен дүйнөдө (эч кимди коргобо деп) тыйбадык беле?» - дешти.
71. Ал: «Эгер кааласаңар, мына кыздарым», - деди.

1 Ибрахим (а.с.)

2 Периштелер

3 Шаардын бузулган адамдары Луттун коноктору менен бузуку (бачабаздык) «иш» кылгылары келген. Ал шаардын адамдары ошондой иштерди мурунтан кылып жүрүшкөн

4 Лут (а.с.)

72. Сенин өмүрүңө ант! Алар өздөрүнүн мастыгында аң-таң болушат (экиленишет).
73. Ошондо, күн чыгарда аларды катуу бир үн кармады.
74. Биз аны[1] астын-үстүн кылып, анын үстүнөн бышкан чопо таштарды жаадырып салдык.
75. Чынында, кыраакылар үчүн мында белгилер[2] бар.
76. Алар[3] жолдун бойунда эле.
77. Акыйкатта, момундар үчүн мында белгилер бар.
78. Акыйкатта, Аль-Айканын[4] жашоочулары да адашкандардан болгон эле.
79. Ошондуктан Биз аларды жазаладык. Алар ар тараптан көрүнгөн бир жолдо[5] жатышат.
80. Аль-Хижрдин[6] жашоочулары да элчилерин[7] жалганга чыгарышкан.
81. Биз аларга белгилерибизди[8] келтиргенде, алар андан жүз бурушту.
82. Алар тоонун бетин ойуп үй салышып, өздөрүн толук коопсузбуз (деп сезишти).
83. Бирок, таң азандан кулак жарган добуш угулду.
84. Алардын жасап алгандары аларга эч жардам бере албады.
85. Биз асмандар менен жерди, алардын арасындагыларды акыйкаттык менен жаратканбыз. Кыйамат күнү сөзсүз келип жетет. Андыктан, аларды кең пейилдик менен кечир[9].
86. Акыйкатта, Эгең - Жаратуучу, Билүүчү.
87. Биз сага жети кайталануучуну[10] жана Улуу Куранды бердик.
88. Каапырлардын кээ бирлерине, биз пайдаландырган нерселерге көз артпа. Алар үчүн капаланба, момундарды канатыңа калкала.
89. Айт: «Акыйкатта, мен болгону эскертүүчү жана айкындоочу ганамын.»

---

1 Содом менен Гоморраны. Аравийа менен Сирийанын аралыгындагы, Өлүк Деңиз өрөөнүндө жайгашкан Содом жана Гоморра шаарлары

2 Өрнөктөр

3 Бүгүнкү күндө Хижаз менен Сирийанын аралыгында Өлүк Деңиздин чыгыш жээгине катарлаш байыркы жолдун нугу созулуп жаткандыгын космостон тартылган сүрөттөр толук далилдеди

4 Шуайп (а.с.)дын коому

5 Аль-Айка менен Аль-Хижрдин жашоочулары да жогоруда сөз болгон жолдорду бойлой жайгашкан

6 Медина менен Сирийанын ортосундагы бир өрөөн

7 Пайгамбарларын

8 Кереметтерибизди (мисалы, инген)

9 Мухаммед (а.с.)га карата айтылууда

10 Фатиха сүрөсү. Себеби Фатиха ар бир ирекетте эки жолудан кайталанат

90. Бөлүүчүлөргө (топторго)[1] жөнөткөнүбүз өңдүү,
91. алар Куранды бөлүк-бөлүк кылгандар[2].
92. Эгеңе ант! Алардын баарысын суракка тартабыз;
93. алар эмне кылгандыктары тууралуу.
94. Сага буйрулгандар тууралуу ачык- айкын кабарла! Мушриктерден жүз үйрү.
95. Акыйкатта, Биз сени шылдыңдоолордон коргойбуз.
96. Алар Аллахка башка Кудайды[3] шерик кылышат. Бирок алар жакында билишет.
97. Алардын айткандарынан сенин жүрөгүң кысылганын билебиз.
98. Өз Эгеңди даңазалоо менен аруула, сежде кылуучулардан бол!
99. Сага өлүм келгенге чейин Эгеңе сыйын!

## 16. НАХЛ[4] СҮРӨСҮ

**Меккеде түшүрүлгөн Жүз жыйырма сегиз айаттан**

***Мээримдүү, Ырайымдуу Аллахтын аты менен***

1. Аллахтын буйругу келди[5]. Ага[6] шашылбагыла. Аллах - алар кошкон шериктен Аруу да, Бийик да!
2. Аллах Өз пенделеринен каалаган адамга Өз буйругу менен периштелерди: «Чындыгында, Менден башка эч бир кудай жок. Ошондуктан Менден гана коркушсун деп эскерткиле!» - деген кабар менен түшүрөт.
3. Ал (Аллах) асмандарды жана жерди чындык менен жаратты. (Ал) алардын кошкон шериктеринен бийик.
4. (Ал) адам баласын бир тамчы суудан жаратты. Ошондой болсо да ал ачык жаңжалчыл.
5. Анан (Ал) малдарды жаратты. Малдарда да силерди жылыта турган[7] жана башка да пайдалар бар. Ошондой эле аларды жейсиңер.

---

1 Бул тууралуу түрдүү түшүндүрмөлөр бар. Ошолордун бири: Иудейлер менен христиандар. Алар Ыйык Китептен өздөрүнө жаккандарын алып, калгандарын таштап койушкан

2 Кээ бирине ишенип, кээ бирине ишенбей

3 Жок кудайды

4 Нахл - Бал аары

5 Каапырларды жазалоо бойунча

6 Буйруктун келишине

7 Терисинен кийим тиксе, чатыр курса ж.б.у.с.

6. Силер малдарды (оттоткону) айдап чыкканыңарда жана (оттотуп) кайра айдап келе жатканыңарда жагымдуулук бар.

7. Малдар - жаныңар кыйналып, аран шаарга жеткире турган жүктөрүңөрдү көтөрөт. Чындыгында, Эгеңер - Мээримдүү, Боорукер!

8. (Аллах) жылкыларды, качырларды, эшектерди минишиңер жана кооздук үчүн жаратты. Ошондой эле Ал силер билбеген нерселерди да жаратат.

9. Туура жолду түшүндүрүү - Аллахка гана таандык. Анткени жолдордун кыйшыгы[1] да бар. Эгер Аллах кааласа - баарын туура жолго салып коймок.

10. Ал силерге асмандан жамгыр жаадырып, андан суу, ал аркылуу малдарыңарды жайа турган дарак (жайыт)[2] жаратат.

11. Аллах силерге суу аркылуу эгин, зайтун, курма дарактарын, жүзүмдөр жана бардык мөмөлөрдү өстүрөт. Дал мына ушунда түшүнө турган коомдор үчүн белгилер бар.

12. Ал силер үчүн түндү, күндүздү жана күн менен айды баш ийдирди. Жылдыздар да Анын буйругуна баш ийишет. Так ушунда ойлонгон коом үчүн белгилер бар.

13. Силер үчүн жер жүзүндө өстүрүп койгон түрлүү түстөрдөгү нерселерде, коом үчүн чындап насаат ала турган өрнөк бар.

14. Ошондой эле, Аллах жаңы эт жешиңер жана кооз нерселерди табынуунар үчүн денизди (силерге) багындырып койду. Аллахтан ырыскы издешиңер үчүн кеме сууну жиреп бара жатканын көрөсүн. Балким (Аллахка) шүгүр кыларсыңар.

15. Силерди термелтпөө үчүн жер жүзүндө аска тоолорду жайгаштырды. Багыт таап жүрүшүңөр үчүн өзөндөрдү, жолдорду жаратты.

16. Алардын[3] жол таап жүрүүсү үчүн (зарыл) белгилерди жана жылдыздарды (жаратты).

17. Жаратуучу менен жарата албаган[4] бирдей болобу?! Эми эсиңерге келбейсиңерби?

18. Аллахтын жакшылыктарын санасаңар - санына жете албайсыңар. Чындыгында, Аллах - Кечиримдүү, Ырайымдуу!

19. Аллах - жашыруун жана көрүнөө эмне иш жасап жатканыңарды билип турат.

---

1 Туура эместери да

2 Токойлуу жашыл талааларды

3 Адамдардын

4 Буддар-сөлөкөттөр

20. Ошондой! Аллахтан башкага сыйынгандары[1] эч нерсе жарата албайт. Алар - жаратылгандар.

21. Алар - өлүктөр. Тирүү эмес. Ошондуктан алар качан тирилишерин[2] да билишпейт.

22. Кудайыңар - Жалгыз Аллах. Акыретке ишенбегендердин жүрөктөрү жокко чыгаруучу[3]. Ошондуктан алар текеберлер.

23. Аллах алардын жашыргандарын жана көрүнөө жасагандарын Билүүчү экени анык! Чындыгында, Аллах өзүн жогору көтөргөндөрдү жакшы көрбөйт.

24. Алардан: «Эгеңер эмне түшүрдү?» - деп суралса: «Мурункулардын жомоктору», - дешет.

25. Ошентип, алар Кыйамат күнү өз күнөөлөрүн толук, наадандыктан улам адаштыргандардын күнөөлөрүнүн айрымдарын көтөрүшөт. Байкагыла: алар үстүнө алган нерсе (күнөө) кандай жаман!

26. Чындыгында, булардан мурункулар да айлакерлик кылышкан. Ошондуктан Аллах алардын пайдубалын титиретип, жогор жагы алардын өздөрүнүн үстүнө кулап түштү. Ошентип, аларга алар күтпөгөн тараптан азап келди[4].

27. Акырында, Кыйамат күнү Аллах аларды кордойт да: «Силер Мен тууралуу талашкан жердеги шериктерим кайда?» - деп сурайт. Ошондо илим ээлери: «Чындыгында, бүгүн кордук менен жамандык каапырлардын үстүнө!» - дешет.

28. Өздөрүнө зулумдук кылгандардын жанын периштелер алаарда, алар: «Баш ийишип, эч бир жамандык жасаган эмес элек», - дешет[5]. Андай эмес! Акыйкатта, Аллах силердин кылганыңарды жакшы билет.

29. Ошондуктан ичинде түбөлүк кала турган Тозоктун эшиктеринен киргиле. Өзүн жогору көтөргөндөрдүн орду кандай жаман!

30. Аллахтан корккондорго: «Эгеңер эмне түшүрдү?» - деп айтылса, алар: «Жакшылык!» - дешет. Ошондуктан бул дүйнөдө жакшылык кылгандарга жакшылык бар. Акырет журту андан жакшыраак. Такыбалардын журту кандай сонун!

31. Алар алдыларынан өзөндөр агып турган Адн (аттуу Бейиш) багына киришет. Алар ал жерде эмнени каалашса, баары бар. Такыбаларды Аллах ошентип сыйлайт.

1 Буддар-сөлөкөттөр

2 Адамдардын Кыйаматта тирилүүсү жана буд- сөлөкөттөрдүн такыр билбөөсү тууралуу сөз болууда

3 Аллах Таалага ыйман келтирүүнү

4 Бул айаттар Вавилондун кыйрашы тууралуу

5 Деп актанышат

**32.** Такыбалардын жанын периштелер жакшы (жагдайда) алышып: «Силерге тынчтык болсун! Ишиңерге жараша Бейишке киргиле!» - дешет.

**33.** (Каапырлар) өздөрүнө периштелердин[1] келишин, же Эгеңдин буйруктарынын келишин гана күтүп жатышабы? Булардан мурункулар да ушундай кылышкан болчу. Аларга Аллах зулумдук кылган жок. Алар өздөрүнө зулумдук кылышты.

**34.** Ошондуктан кылган жамандыктары өздөрүнө тийип, мазактаган нерселери өз баштарына жетти.

**35.** Аллахка шерик кошкондор: «Эгер Аллах кааласа, анда биз да, ата-бабаларыбыз да Аллахтан башка эч нерсеге сыйынбайт элек. Анын[2] буйругусуз эч нерсени арамга да чыгарбайт элек», - дешет. Алардан мурункулар да ушундай кылышкан. Ошондуктан элчилерге[3] ачык-айкын кылып жеткирүү гана милдет.

**36.** Чындыгында, ар бир коомго: «Аллахка гана сыйынгыла. Таагуттан[4] оолак болгула», - деп айтуучу элчи жибергенбиз. Алардын (коомдордун) кай бирлерин Аллах түздөп, айрымдарына адашуу буйурулган. Ал эми жер жүзүн кезип көрүп, жалганга чыгаргандардын акыбети эмне болгонун байкагыла.

**37.** [5]Эгер алардын түзөлүүсүнө канчалык дилгир болсоң да, Аллах Өзү адаштырган адамды Туура жолго багыттабайт жана алар үчүн жардамчы да жок.

**38.** Ошондой эле, алар: «Аллах өлгөн адамды тирилтпейт», - дешип, Аллахтын аты менен катуу ант ичишти. Андай эмес! (Өлүктү тирилтүү тууралуу) Аллахтын убадасы - акыйкат. Бирок адамдардын көбү (муну) билишпейт.

**39.** Аллах каршылыкка түшкөн нерселерин аныктоо жана каапырлардын жалганчы экенин аларга билдирүү үчүн (өлүктөрдү тирилтет!).

**40.** Бир нерсенин болушун каалаганыбызда Биздин: «Бол!» - деген гана сөзүбүз жетиштүү. Ошондо ал болот да калат.

**41.** Зулумдукка учурагандан кийин Аллах жолунда көчкөндөрдү[6], дүйнөдө жайлуу конушка жайгаштырабыз. Эгер алар билишсе, акыреттеги сыйлык андан да чоң.

---

1 Жан алгыч периштелердин

2 Аллах Тааланын

3 Пайгамбарларга Аллах Тааланын айаттарын

4 Аллах Тааладан башка сыйынуучу нерселер. М: шайтан, буд-сөлөкөттөр, айкелдер ж.б.у.с.

5 Эй, Мухаммед! (а.с.)

6 Аллах Тааланын динин сактап калуу үчүн

42. Алар сабыр кылышып[1], (Аллахка гана) тобокел кылгандар[2].

43. [3]Сенден мурун да өздөрүнө кабар түшүрүп, кишилерди[4] гана элчи (пайгамбар) кылып жибергенбиз. Эгер билбесеңер, илимдүүлөрдөн[5] сурагыла.

44. (Пайгамбарларды) далилдер жана китептер менен (жибердик). Сага да адамдар үчүн түшүрүлгөндөрдү ачык байан кылып беришиң үчүн Куранды түшүрдүк. Балким алар түшүнүшөөр.

45. Жамандыктын айлакерлери Аллахтын аларды жерге жуттуруп жиберишинен, же алар ойлобогон тараптан өздөрүнө азап келишинен коопсузбу?

46. Же болбосо алар жер кезип сапарда бараткан кезде, өздөрүн апааттан тышпыз деп эсептешеби? Анда[6] алар качып кутула алышпайт[7].

47. Же алар өздөрүнө коркутуп келүүчү апааттан (коопсузбу?). Чындыгында, Эгеңер - Мээримдүү, Boорукер.

48. Алар Аллахтын жараткан нерселеринин (дарактардын) көлөкөлөрү оңго, солго ийилип, Аллахка сежде кылып ийилип жатышканын көрүшпөйбү?

49. Асмандар менен жерде болгон ар бир жаныбар жана периштелер тынымсыз Аллахка сежде кылып турушат[8]. Алар текеберденишпейт.

50. (Алар) Өздөрүнөн үстөм болгон Эгелеринен коркушат. Ошондуктан [9]берилген буйруктарды орундатышат.

51. Аллах: «Эки кудай жасап албагыла. Чындыгында, Ал (Аллах) - Жалгыз Кудай! Ошондуктан Менден гана корккула», - деди.

52. Асмандар менен жерде болгон нерселер Анын бийлигинде. Бардык сыйынууларга - Ал гана татыктуу! Аллахтан башкадан да коркосуңарбы?

53. Силерге (келген) ар бир жакшылык - Аллахтан. Өзүңөргө зыйан жетсе (гана) Аллахка жалбарасыңар[10].

---

1 Аллах Таала ыразылыгына жетиш үчүн бардык азаптарга

2 Тайангандар

3 Эй, Мухаммед!

4 Периштелерди эмес

5 Тоорат менен Инжилди мыкты билген аалымдардан

6 Сапардагы кырсыктан

7 М: учак, же башка унаа менен бараткан кезде, жолдо

8 Бул айат «сежде айаты» деп аталып, окуган да, уккан да сежде кылууга тийиш. А сежде кандай тартипте жасаларын билүү үчүн «Мухтасар» аттуу фикх китебинин А. Исмаиловдун кыргызча котормосунун Тилават сеждеси - он үчүнчү бөлүмүн караңыз.

9 Аллах Таала тарабынан

10 Ал эми Аллах Таала силерге жыргал күндөрдү насип кылып койсо, Жаратуучуңарды эстеп

54. Акырында, силерден Ал кыйынчылыкты алып салган кезде бир бөлүгүңөр Эгеңерге шерик кошосуңар[1].

55. Алар (Биз) берген жакшылыктарыбызга шүгүр кылышпайт. Азырынча (жердеги жыргалдардан) пайдалана тургула. Жакында билесиңер.

56. (Мушриктер[2]) өздөрүнө (Биз) берген ырыскыларыбыздын эмне экенин билбегендерге[3] шыбага[4] арнашат. Аллахка ант! Бул жалгандан ойлоп тапканыңар үчүн сөзсүз суракка[5] тартыласыңар!

57. Анан да, алар Аллахка кыздарды[6] ыйгарышат[7]. Аллах андан аруу! Өздөрүнө болсо каалаганын[8] арнашат.

58. Эгер алардын бирөөсү кыз менен сүйүнчүлөнсө[9], анын ачуусу келип, бети карара баштайт.

59. Өзүнө келген «жаман» кабардын таасиринен улам элден жашырынат. Аны[10] эмне кордукка салып, же топуракка көмүп таштоо керекпи[11]? Алар кандай жаман[12] өкүм чыгарышат.

60. Жаман сыпат - акыретке ишенбегендер үчүн. Ал эми сыпаттардын эң бийиги - Аллахка таандык. Ал - Өкүмдар, Даанышман!

61. Аллах адам баласын алардын кесирлиги себептүү колго ала турган[13] болсо, жер жүзүндө эч бир жан калбас эле. Бирок аларды белгилүү бир

---

да койбойсуңар

1 Бул жакшылыкты жасалма кудайыңар жибергендей кабылдап, же өз акылыңар менен жасап алгандай, өз акылыңарга, талантыңарга, же башка жөндөмүңөргө сыйына баштайсыңар, же жардам берген туугандарыңарды Аллах Тааладан жогору койуп, мушриктик кыласыңар да, Аллах Таалага шүгүр келтирүүнү унутасыңар. Билип койгула: Аллах Тааланын буйругусуз силерге эч ким жардам бере албайт!

2 Аллах Таалага шерик кошуучулар

3 Буд-сөлөкөттөргө

4 Насип

5 Кыйаматта

6 Периштелер Аллах Тааланын кыздары деп...

7 Периштелерди Аллах Тааланын кыздары дешет

8 Жалаң уул балдарды.

9 Айалы кыз төрөгөнү тууралуу кабар келсе

10 Төрөлгөн кызды

11 Ислам келгенге чейинки наадан доордо мушрик арабдардын айрымдарынын жаңы төрөлгөн кыздарын тирүүлөй жерге көмүп салгандары да болгон

12 Өздөрү жана кыздары тууралуу

13 Күнөөсүнө жараша катуу жазалап, жандарын ала турган болсо

мөөнөткө чейин[1] кечиктирет. Ал эми алардын мөөнөтү келгенде, алар[2] аны[3] бир саатка кечиктире да, илгерилете да алышпайт.

**62.** Алар өздөрү жек көргөндөрдү (кыздарды) Аллахка ыйгарып, тилдери менен: «Бизге жакшы нерселер буйрулган», - деп жалган айтышат. Аларга тозок бар экени шексиз. Чындыгында, алар (Тозокко) сүйрөлүп баруучулар.

**63.** Аллахка ант болсун! Чындыгында сенден мурун да коомдорго элчилерди (пайгамбарларды) жиберген болчубуз. Ошондо да шайтан өз кылыктарын кооз кылып көрсөттү. Ошондуктан бүгүн да ал (шайтан) алардын досу. Аларга сыздатуучу азап бар.

**64.** Сага Куранды алар талашкан нерселерин аныктоо, ыйман келтирген коом үчүн туура жол жана ырайым түрүндө гана түшүрдүк.

**65.** Аллах асмандан жамгыр жаадырып, өлгөн жерди аны менен тирилтти. Чындыгында, бүгүн да кулак салган коом үчүн чыныгы үлгүлөр бар.

**66.** [4]Чындыгында, силер үчүн малдарда да ибарат бар[5]. Малдардын ичиндеги (курсагындагы) каны менен жининин арсынан чыккан ичкенге жагымдуу, нагыз сүттү силерге ичтирүүдөбүз.

**67.** Курма дарактарынын жемиштеринен, жүзүмдөрдөн арактарды[6] жана көркөм[7] суусундуктарды жасап аласыңар. Ырас, мында ой жүгүрткөн элге даана үлгүлөр бар.

**68.** [8]Эгең бал аарыга: «Тоолорго, жыгачтарга жана адамдардын курулуштарына уйа сал», - деп буйуруп[9];

**69.** «ар түрлүү өсүмдүктөрдөн жеп, Эгеңдин жеңил кылып койгон жолуна түш!» - дедик. (Аллах) аарынын ичинен түрлүү-түрлүү балдарды чыгарды. Анда адам баласы үчүн шыпаа бар. Чындыгында, мында да ой жүгүрткөн коом үчүн ибарат-өрнөктөр бар.

**70.** Аллах силерди жаратты жана өлтүрөт. Кээ бирөөлөрүңөр[10] билгенинен кийин билбей кала турган[11] өмүрдүн кордугуна кайтарылат. Албетте, Аллах - Билүүчү, Кудуреттүү.

---

1 Лавху Махфузда белгиленип койулган, ажалы жеткен күнгө, саатка чейин

2 Ажалы жеткендер

3 Ажалды

4 Эй, Мухаммед!

5 Ибарат - сабак, үлгү, өрнөк

6 Бул айат аракка тыйуу салынгандан мурда түшкөн

7 Жакшы, жагымдуу, таттуу...

8 Эй, Мухаммед!

9 Жана ошого жараша жөндөм берди

10 Аллах Таала тарабынан

11 Өтө картайуудан улам эсте тутуусу начарлап, мурда мыкты билгендерин да эстей албай

**71.** Аллах ырыскыда[1] бириңерди бириңерден артыгыраак кылды. Ырыскы- насиби молураактар кол алдындагыларга бербейт[2]. Болбосо алар (ошол) ырыскыда[3] тең (укуктуу). Алар эмне, Аллахтын насибине каршы келишеби?

**72.** Аллах жыныстарыңардан[4] жубай жаратты. Жубайларыңар аркылуу силерге балдарды, неберелерди пайда кылды. Силерди таза нерселер (ырыскылар) менен азыктандырды. Ошондо да алар (каапырлар) болбогон нерселерге ишенишип, Аллахтын жакшылыктарына шүгүрсүздүк кылышабы?.

**73.** Алар, Аллахтан башка, өздөрүнө жер менен асмандан бир да ырыскы бере албаган жана колунан эч нерсе келбеген нерселерге (буд-сөлөкөттөргө) сыйынышат.

**74.** Аллахка мисал келтирбегиле[5]! Чындыгында, Аллах - ар нерсени билет, силер болсо билбейсиңер!

**75.** Аллах (силерге) бир мисал келтирет. Кимдир бирөөнүн кол астында эч нерсе колунан келбеген кул болсо, ал өзүнө Биз берген көркөм[6] ырыскыдан көрүнөө да, көмүскө сарптай ала турган кожойун менен тең боло алабы? Ошондуктан, бардык мактоолор - Аллахка гана таандык! Бирок алардын көбү билишпейт.

**76.** Аллах эки кишини мисал келтирет: экөөсүнүн бири дудук, колунан эч нерсе келбейт. Ал кожойунуна жүк. Аны кайда гана жумшабасын[7] андан жакшылык келбейт[8]. Эмне ошол (дудук) адилеттүү өмүр кечирип, туура жолдо жүргөн адам менен теңби?

**77.** Асмандар менен жердеги сырлар Аллахка гана таандык. Кыйамат сааты кирпик каккандай (тез келет), андан да жакын (калды). Албетте, Аллах - бардык нерсеге Кудуреттүү.

**78.** Аллах силерди энеңердин курсагынан эч нерсе билбеген абалда чыгарды да, силерге угуу, көрүү жана ойлоо жөндөмдөрүн берди. Балким шүгүр кыларсыңар.

**79.** Алар асман мейкиндигиндеги [9]тартылуу күчүн көрүшпөй жатышабы?

---

калган куракка чейин жеткирет

1 Силердин топук, сабырыңарды ырыскынын молдугу (байлык) жана жетишсиздиги (кедейлик) жагынан сыноо үчүн

2 Анткени алар абдан зыкым, саран

3 Байларга берилген ырыскыда кедейлердин үлүшү сөзсүз бар

4 Адамдардан (периштелерден эмес!)

5 Эч кимди окоштурбагыла, салыштырбагыла, теңебегиле!

6 Адал, жакшы...

7 Кожойуну

8 Анткени ал убара болгону эле болбосо, бирөөгө бир нерсе түшүндүрүп, маселе чече албайт.

9 Асман телолорунун жана галактикадагы жылдыздардын бири бирине чексиз

Аларды[1] Аллах гана кармап турат. Чындыгында, ушунда да ыйман келтирген коом үчүн белгилер бар.

80. Аллах силерге үйлөрүңөрдү турак- жай кылып койду. Силер үчүн малдардын терилеринен көчкөн кезде, же отурукташкан учурда жеңил пайдаланыла турган башпаанектер (курулат[2]), (малдардын) койдун жүндөрүнөн, төөнүн түктөрүнөн, эчкинин тыбыттарынан кайсыл бир мөөнөткө чейин пайдаланууга боло турган үй буйумдарын жана соода буйумдарын жаратты.

81. Аллах Өзү жараткандарына (дарактардан) көлөкө жасап, тоолордон баш баанек[3] берди. Ошентип, силерге ысыктан сактай турган кийимдерди, согушта коргоно турган соот кийимдерин пайда кылды. Ушундай түрдө, силерге жакшылыктарын толуктады. Балким, (Аллахка) мойун сунасыңар.

82. [4]Ошондо да алар[5] баш[6] тартышса...[7]Сага - аларга айкын (кабарды) жеткирүү гана милдет.

83. Алар Аллахтын жакшылыктарын мойунга алышат да, кийин кайра ага каршы чыгышат. Чындыгында, алардын көбү - каапырлар.

84. Кыйамат Күнү ар бир коомдон бир күбө жиберебиз. (Аллахтын айаттарына) каршы чыккандарга[8] уруксат да берилбейт, алардан жакшылык да күтүлбөйт.

85. Зулумдук кылгандар азапты көргөндө[9], аларга азап жеңилдетилбейт, артка да жылдырылбайт.

86. Аллахка шерик кошкондор, өздөрү кошкон шериктерин көргөн кезде: «Оо, Эгебиз! Сенден башкага сыйынган [10]шериктер ушулар» - дешет. Алар[11]: «Чындыгында силер баарыңар жалганчысыңар!» - деп сөздү аларга ыргытат.

---

тартылышууларын, асман жылдыздарынын системалары миллиарддаган жылдардан бери бузулбай, бир калыпта, бирдей ылдамдыкта айланып турушканын

1 Жылдыздар системасын, галактикаларды

2 Маселен кийизден...

3 Убактылуу пааналоо үчүн үңкүрлөрдү жаратып койду

4 Эй, элчим (пайгамбарым)!

5 Мушриктер, каапырлар, мунафыктар...

6 Сенин Исламга чакырыктарыңды кабыл албай, мойун толгоп, текеберленип...

7 Аларды азап гана күтөт

8 Каапырларга жалган айтып актанууга

9 Тообо кылышып, Кыйаматтын чындыгына ишенишип, чыркырап ыйлап Аллах Тааладан кечирим сурашканы менен

10 Сага биз билбей кошуп алып, ушул күнгө чейин сыйынып келген

11 Ширктер (шериктер)

**87.** Алар (каапырлар) ошол Күнү Аллахка мойун сунушат. Алардын жасалма кудайлары болсо, алардан кайып болот[1].

**88.** Ошентип, каапырларга жана Аллахтын жолунан тоскондорго бузукулук кылгандары үчүн күнөө үстүнө күнөө кошобуз.

**89.** Кыйамат күнү ар бир коомдун ичи- нен бирден күбө алып келебиз. [2]Сени болсо ушул коомго күбө кылабыз. Ошондуктан сага ар нерсени түшүндүрүп бере турган жана мусулмандар үчүн Туура жол, мээрим, кубаныч түрүндө Куранды түшүрдүк.

**90.** Чындыгында, Аллах - адилеттүүлүктү, жакшылыкты жана тууган-урукка кайрымдуу болууну буйуруп, уйатсыздыктан, каапырлыктан жана чектен ашуудан тыйат. Аллах силерге (ушундайча) насыйат берет. Балким түшүнөөрсүңөр.

**91.** Эгер убада берсеңер, Аллахка берген убадаңарды (сөзсүз) аткаргыла. Антташууда Аллахты өздөрүнө кепил кылган соң, аны бузбагыла. Аллах эмне кылганыңарды Билүүчү!

**92.** Бул жамаат тиги жамааттан[3] артык деген шылтоо менен араңардагы келишимдерди бузуп, жибин мыктылап ийиргенден кийин, жазып жиберген айалга окшобогула. Чындыгында, Аллах ушулар менен[4] сынайт. Ошондуктан талаш-тартышууга түшкөн нерселериңерди Кыйамат күнү силерге аныктап берет[5].

**93.** Эгер Аллах кааласа, силерди бир гана (бирдиктүү жалгыз) үммөт кылып койор эле. Бирок, Аллах кимди кааласа адаштырып, кимди кааласа туура жолго[6] салат. Албетте, кылган ишиңерден суралasыңар[7].

**94.** Анттарыңарды[8] (кимдир бирөөнү) алдоо үчүн пайдаланбагыла. Кадамыңар бекем болгондон кийин (жолдон) тайып[9], Аллахтын жолунан

---

1 Көздөн кайым болуп жок болот

2 Эй, Мухаммед!

3 Эл (мисалы, иудейлер бардык улуттардан артык дегендей)

4 Убада, ант, келишим, сөз берүү, касам ичүүңөр аркылуу да

5 Антты оболу ким бузганын ортого койот, күнөөлүү жазаланат

6 Ислам динине кирүүгө шарт түзүп койот

7 Кыйаматта, Аллах Тааланын алдында ар бир ишиңер үчүн сурак бересиңер

8 Келишимдериңерди, убадаңарды...

9 Ислам дининин жолуна түшүп, жүрөгүңөргө бейпилдик орноп, күрөштөрдө кадамыңар бекем болгондон кнйин кайра (билбестиктен, же башка себептен улам) динден чыгып кетпегиле...

тосконуңар[1] үчүн анын[2] жамандыгын тартып каласыңар. Андай кылсаңар[3] силерге абдан чоң азап бар.

**95.** Аллахтын келишимин[4] арзыбас нерсеге сатып жибербегиле. Эгер билсеңер, Аллахтын алдындагы[5] гана жакшы.

**96.** Силердин алдыңардагы нерсе түгөнөт, ал эми Аллахтын алдындагы түбөлүк. Албетте, сабырдуулардын сыйлыгын, жасаган иштеринен да жакшыраак (кылып кайра) беребиз.

**97.** Эркекпи же айалбы ыйман келтирип, изги[6] иштерди жасаса, ага мыкты жашоо беребиз. Ошентип, аларга кылган иштеринен жакшыраак сыйлык беребиз.

**98.** Куран окуган кезивде, ташбараңга алынган шайтандан коргонууну Аллахтан өтүн[7]!

**99.** Чындыгында, ыйман келтирип, Эгесине тобокел кылгандарга[8] шайтандын өкүмү өтпөйт.

**100.** Чынында, анын өкүмү - аны дос кылып, Аллахка шерик кошуучуларга гана өтөт.

**101.** Биз бир айаттын ордун башка айат менен алмаштырсак...[9], Аллах эмнени[10] түшүргөнүн жакшы билет. Бирок, алар пайгамбарга: «Сен анык жалганчысың», - дешет. Андай эмес! Алардын[11] көбү түшүнүшпөйт.

**102.** Жебреил Куранды акыйкат менен[12] ыйман келтиргендерди кубаттандыруу жана мусулмандар үчүн Туура жол, ошондой эле кубаныч түрүндө Эгең тараптан түшүрдү.

**103.** Чындыгында, (Биз) билебиз, алар: «Куранды Мухаммедге бир адам үйрөтөт», - дешет. Бирок алар шылтоологон адамдын[13] тили башка. Куран болсо - даана араб тилинде.

---

1 Өзүңөрдүн жаман аракетнңер менен башкаларга начар өрнөк көрсөтүп, ошол кылыгыңар үчүн башкалардын Ислам диннне кирбей калышына себепчи, терс таасириңер менен анын да адашуусуна алып келип, Туура жолдон оолактатып...

2 Аракетиңердин азабын

3 Жогоруда аталгандай жаман иштерге себеп болсоңор

4 «Силер такыба болсоңор бейишке киргизем», - деген Аллах Тааланын мусулмандарга берген убадасын

5 Бейиштен жакшы нерсе жок

6 Жакшы

7 Куран окуу алдында: «Ауузу биллахи минаш-шайтаа- нир-ражим», - деп баштоо

8 Тайангандарга

9 Анын сыры бир гана Аллах Таалага белгилүү. Бирок

10 Кандай маанидеги айатты

11 Каапырлардын, мунафыктардын, мушриктердин...

12 Өзү бир да сөз кошумчалабастан

13 «Куранды үйрөтүп жатат» делген адамдын тили

**104.** Чындыгында, Аллахтын айаттарына ишенбегендерди, Аллах түзөбөйт. Ошондуктан алар үчүн сыздатуучу азап бар.

**105.** Акыйкатта, Аллахтын айаттарына ишенбегендер орунсуз жалгандарды ойлоп чыгарышат. Мына ошолор - жалганчылар.

**106.** Жүрөгү ыйман уйалагандан[1] кийин зомбулукка учураган адамдан башка бирөө[2] - ыйман келтирип, анан кийин (кайра) Аллахка каршы чыкса ошентип, дилин ыймансыздыкка берсе, ага Аллахтын ачуусу келет жана аларга катуу азап бар.

**107.** Бул жагдай алардын бул дүйнөнү акыретке баалап[3], (дүйнөнү) жакшы көрүшкөндөрүнөн улам. Чындыгында, каапыр элди Аллах оңдобойт[4].

**108.** Мына ошолор[5] ошондой: Аллах алардын жүрөктөрүн, кулактарын жана көздөрүн бүтөп койгон. Алар[6] такыр кабарсыз.

**109.** Алар акыретте зыйан тартуучулардан экенинде эч шек жок.

**110.** Чындыгында, Эгең - жапа чеккенден кийин көчкөндөрдүн, согушкандардын жана сабыр кылгандардын (жардамчысы!). Мындан кийин[7] Эгең - Кечиримдүү, Боорукер!

**111.** Кыйамат күнү ар ким өзүн куткарууга умтулат. Ошондой эле ар кимге өзүнүн жасаган амалынын акысы (сый же жаза) берилет. Аларга адилетсиздик кылынбайт.

**112.** Аллах силерге бейпилчиликтеги кыштакты мисал келтирет. Ага ар тараптан мол ырыскы (Аллахтын амири менен) келип турчу. Акырында, Аллахтын жакшылыгына каапырлык кылышты, ошондуктан Аллах аларга жасаган зулумдугу себептүү ачарчылык жана коркунуч тонун кийгизип, жапа тарттырды.

**113.** Чынында, аларга өздөрүнөн элчи келип, алар аны жалганчыга чыгарышкан болчу. Ошондуктан заалымдарды азап колго алды.

**114.** Аллахтын силерге берген ырыскысынын адал жана тазасын жегиле. Эгер Ага гана пендечилик кыла турган болсоңор, анда Аллахтын жакшылыгына шүгүр кылгыла.

**115.** Чындыгында, (Аллах) силерге өлүктүн этин, канды, чочконун этин жана Аллахтан башканын аты аталып мууздалган (малдын этин) арам

---

1 Дили бейпилдикке жеткенден кийин

2 Ыймандуу адамды аргасыз абалда ыйман келтиргенинен баш тартууга аргасыз кылса, бирок ал дилинде ыймандуу бойунча калып, тили менен ыймандан кайтканы тууралуу калп айтып, ошондой ыкма менен оор абалдан чыкса, ага кечиримдүү...

3 Убактылуу бул дүйнө бактысын түбөлүктүү акырет бактысынан артык көрүп

4 Оң жолго, түз жолго салбайт, ишин оңдобойт, анын иши тескери бойунча кете берет

5 Каапырлар

6 Бейиш, Тозок тууралуу маалыматтардан

7 Көчкөндөн, согушкандан жана сабыр кылгандан...

кылды. Кимде-ким мажбур болсо[1], баш тартпастан[2], чектен чыкпастан[3], (жесе) анда Аллах - Кечиримдүү, Боорукер!

116. Тилиңер: «Бул - арам, бул - адал», - деп жалган сыпаттаганын айтпагыла[4]. Анда Аллахка жалаа жапкан болосуңар. Чындыгында, Аллахка жалган жалаа жапкандар (азаптан) кутулушпайт.

117. Дүйнө - аз күндүк жыргал. Алар[5] үчүн сыздатуучу азап (бар).

118. [6]Иудейлерге арам кылынган нерселер тууралуу мурун сага байан кылган элек. Биз аларга адилетсиздик кылган жокпуз. Алар өздөрүнө өздөрү адилетсиздик кылышты.

119. Чындыгында, Эгең - билбестен жамандык жасап, андан кийин тооба кылып, иштерин түзөткөндөр тарабында. Акыйкатта, Эгең, мындан кийин да Кечиримдүү, Ырайымдуу!

120. Чындыгында, Ибрахим - Аллахка чыныгы мойун сунуучу (момун) адам жана таза берилген[7] болчу. Ал мушриктерден эмес эле.

121. Аллахтын жакшылыктарына шүгүр кылуучулардан болчу. Аллах аны тандап, туура жолго салды.

122. Ага дүйнөдө жакшылык бердик. Ал эми акыретте болсо, ал - мыктылардан.

123. [8]Сага таза берилген Ибрахимдин жолун карманышың үчүн айан кылдык. Ал мушриктерден эмес.

124. Чындыгында, ишемби[9] ... ал тууралуу талашкандарга (майрам) кылынды. [10]Акыйкатта, Эгең Кыйамат күнү алар талашкан күн тууралуу өкүмүн угузат.

125. Адамдарды Эгеңдин жолуна даанышмандык жана көркөм үгүт аркылуу[11] чакыр. Алар менен көркөм ыкмада талаш. Чындыгында, Эгең Өзүнүн жолунан адашкандарды да, туура жолдогуларды да жакшы билет.

126. Эгер душмандарды жазаласаңар, өзүңөрдү жазалагандай жаза менен жазалагыла. Эгер сабыр кылсаңар - сабырдуулар үчүн жакшы болот.

---

1 Ачкалыктан, же башка себептен улам аргасыз абалда калса
2 Шариат эрежелеринен
3 Аллах Таала буйруган чектерден
4 Жалган айткан нерсе, эгер ал чын дилден айтылбаса, андан арам болуп калбайт.
5 Каапырлар, мушриктер, мунафыктар...
6 Эй, Мухаммед!
7 Ханиф - Аллах Таалага бүткүл дити менен берилип, Аллах Таалага өзүн арнаган
8 Эй, Мухаммед!
9 Ишембинин мааниси тууралуу
10 Эй, Мухаммед!
11 Сөзгө чеберлик, сөзгө чечендик менен

**127.** Сабыр кыл[1] . Сабырың - Аллахтын колдоосу менен гана (болот). Аларга кейибе да, алардын жасаган бузукулугуна ичиң кысылбасын!

**128.** Чындыгында, Аллах - такыбалар жана жакшы иштерди жасоочулар менен бирге!

## 17. ИСРА[2] СҮРӨСҮ

**Меккеде түшүрүлгөн Жүз он бир айаттан турат**

***Мээримдүү, Ырайымдуу Аллахтын аты менен***

**1.** Харам мечитинен[3] белгилерибизден ага көрсөтүү үчүн айланасын Биз кут даарыткан Аксаа мечитине[4], түн ичинде пендесин[5] сейил жасатканга[6] аруулук! Акыйкатта, Ал - Угуучу, Көрүүчү.

**2.** Мусага Китеп бердик жана аны Исраил урпактары үчүн жетектөөчү кылдык: «Менден башка эч кимди колдоочу кылып албагыла».

**3.** Нух менен бирге Биз (кемеге) жүктөгөндөрдүн урпактары! Акыйкатта, ал Мага шүгүр кылган пендем эле.

**4.** Биз Исраил урпактарына Китепте[7] айан кылдык: «Силер жер үстүндө эки ирет бузуку иш кылдыңар жана абдан текеберлендиңер».

**5.** Качан кылынган убадалардын биринчиси келгенде, Биз силерге зор күчкө ээ болгон[8] пенделерибизди жөнөттүк, алар силердин турак-жайларыңарга аралап кирип барды. Убада ушинтип орундалды.

**6.** Андан соң Биз силерге алардын үстүнөн бийлик бердик, анан да байлык, бала-чакаларды ыроолоп, силердин саныңарды көбөйттүк.

**7.** Силер жакшылык кылсаңар - өзүңөр үчүн, жамандык кылсаңар да өзүңөр үчүн. Экинчи жолу убада кылынган мезгил жеткенде, беттериңерди бузуп[9], биринчи киргендей эле мечитке[10] кирип, баарысын таш-талкан кылуу үчүн[11] (жибердик).

---

1 Эй, Мухаммед!

2 Исра - Түнкү жүрүш

3 Ыйык Меккеден

4 Палестинадагы Ыйык Ал-Аксаа Мечитине

5 Мухаммед (а.с.)

6 Аллах Таалага

7 Тооратты жибердик

8 Айбаттуу Вавилондун падышасы Навухдоносор (Бахтынасыр)

9 Кайгыга салып, кебетеңерди кетирип

10 Иерусалим шаарындагы ыйык үйгө -Байт-Ал Мукаддас.

11 Душмандардын аскерлери жиберилген

8. Силердин Эгеңер мүмкүн силерге мээрим кылаар. А эгер кайрадан эле мурункуга кайрылсаңар, анда Биз дагы кайтабыз[1]. Биз тозокту каапырлар үчүн камак жай кылдык.

9. Акыйкатта, Куран тууралыкка жол баштайт жана жакшылык кылган момундарга зор сыйлык боло тургандыгын сүйүнчүлөп жеткирет.

10. Тиги дүйнө жашоосуна ишенбегендерге оорутуучу азапты дайардадык.

11. Инсан жамандыкты жакшылык тилегендей тилейт. Акыйкатта, инсан шашма.

12. Түн менен күндүздү эки белги кылдык. Түндү караңгы кылып, күндүздү Эгеңердин кеңчилигинен насип издөөңөр, жылдардын санын, (мезгилдин) эсебин билүүңөр үчүн жарык кылдык. Жана да ар нерсени бөлүп байан кылдык.

13. Ар бир инсандын мойнуна анын амалын илдик. Кайра тирилүү Күнүндө Биз алардын алдына китепти ачабыз[2];

14. «китебиңди оку! Бүгүн сенин жаның өзүңө эсеп кылууда жетиштүү» делинет.

15. Ким туура жолдо жүрсө, ал өзү үчүн туура жолдо (жүргөн болот). А ким адашса, ал өзүнүн гана зыйанына адашат. Эч ким башка бирөөнүн жүгүн (күнөөсүн) көтөрбөйт. Биз элчи жөнөтмөйүнчө эч качан жазага тартпайбыз.

16. Качан бир айылды (калааны) жок кылгыбыз келсе, алардын дөөлөтүнө чиренгендерине[3] буйрук кылабыз. Бирок алар каршылашып, бузукулугун улантышат. Ошондо аларга деген сөз (өкүм) чындыкка айланат. Ошентип, аны түбү менен ойрон кылабыз.

17. Нухтан кийин Биз канчалаган муундарды ойрон кылдык. Эгең Өз пенделеринин кылган күнөөлөрүн көрүп, билип турат.

18. Ким дүнүйөнү[4] кааласа, Биз да кимге кааласак, бул дүйнөдө каалаганыбызды беребиз. Анан аны жемеленген жана кордолгон түрдө тозокко салабыз.

19. А ким момун болуп, акыретти каалап, ал үчүн аракеттенсе, мына ошолор аракеттерине сыйлык алышат.

20. Тигилерге да, буларга да[5] Эгеңден (энчилерин) беребиз. (Эч кимге) Эгеңдин берери тыйылбайт.

21. Алардан бирөөлөрүнө экинчилеринен кандай артыкчылык бергенибиз-

1 Азапка салабыз

2 Амалдары күнөө, сооптору жазылган китеп

3 Башчыларына

4 Жалган дүйнөнү

5 Дүйнө кызыкчылыгын көздөгөндөргө да, акырет кызыкчылыгын көздөгөндөргө да

ди карап көр. Бирок акырет жашоосу даражалар жагынан да, артыкчылык жагынан да зор.

22. (Эй, инсан!) Жек көрүнүп, өкүнүчтө калбооң үчүн, Аллахка башка кудайларды[1] кошуп алба!

23. Эгең силерге Анын Өзүнөн башка эч кимге сыйынбоону жана ата-энеңерге жакшылык кылууну буйруду. Эгер алардын бирөө, же экөө тең карылык куракка жетсе, аларга: «Уф-ф!» - дебе, зекибе! Жылуу-жумшак сөз сүйлө!

24. Аларга мээримдүү канатыңды кенен жайып: «Эгем! Алар мени кичинемден чоңойтуп өстүргөндөй, аларды мээримиңе бөлө», - дегин.

25. Эгеңер силердин ичиңерде эмне барын жакшы билет. Эгер силер жакшы иш жасоочу болсоңор, Ал Өзүнө кайрылгандардын баарына кечирим берет.

26. Жакын туугандарыңарга, кедейлерге, жолоочуларга өз акысын[2] бергиле, бирок ысырап кылбагыла.

27. Акыйкатта, ысырапкорлор - шайтандын достору, а шайтан өз Эгесине каапыр болгон.

28. Эгер сен (колуң жукалыктан) алардан жүз үйрүп, Эгеңден ырайым издеп аны үмүттөнсөң, анда аларга жылуу- жумшак сөз сүйлө.

29. Сен жемеленип, же өкүнүп калбашың үчүн колдоруңду желкеңе байлап алба, аны жетишинче ачып да салба[3].

30. Акыйкатта, Эгең каалагандарына ырыскыны кенен кылат жана ченеп берет. Албетте, Ал Өз пенделеринин кылгандарын Билүүчү, Көрүүчү.

31. Кедейликтен коркуп өз балдарыңарды өлтүрбөгүлө. Анткени, аларга да, силерге да ырыскыны Биз беребиз. Акыйкатта, аларды өлтүрүү - чоң күнөө[4].

32. Зинага[5] жакындабагыла, анткени ал эң ыплас, жаман жол.

33. Аллах тыйуу салган эч бир жанды укуксуз түрдө[6] өлтүрбөгүлө. Эгер бирөө жазыксыз өлтүрүлсө, Биз анын жакынына (өлүк ээсине) өкүм[7]

---

1 Жалган кудайларды, сөлөкөттөрдү

2 Тууган урук менен катташууну үзбөө, ата-энеге жакшылык кылуу

3 Өтө сараң болбо, ысырап кылып кедей да болуп калба.

4 Исламга чейин кыздарын тирүүлөй жерге көмүп өлтүрүшкөн; кедейлик себептүү да балдар, кыздарын өлтүрүшкөн

5 Никесиз жыныстык катнаш. Айагы суйуктук

6 Өлтүрүүгө татыктуу кылмыш кылбаганды, же өлтүрүү тууралуу сот өкүмү, же падышанын өкүмү чыкпаганды

7 Исламда өч алуу иретинде өлгөндүн эң жакынына (б.а. өлүк ээсине) киши өлтүргөндү өлтүрүүгө, же андан кун (айып иретинде акча, мал-мүлк) алууга, же өлтүрбөй да, кун албай да бошотуп ийүүгө толук укук берилет

беребиз. Бирок өлтүрүү учурунда уруксат этилген чектен ашып[1] да кет-
пегиле. Албетте ага жардам берилген.

**34.** Баралына келгенче[2], ага пайда келтирүү үчүн гана болбосо, жетимдин мал-мүлкүнө жакындабагыла. Убадаңарды аткаргыла. Акыйкатта, убадаңарды аткарганыңар тууралуу жооп бересиңер.

**35.** Өлчөгөндө толук өлчөө менен бергиле жана туура тараза менен өлчөгүлө! Бул - мыкты, ары сонун жыйынтык (болот).

**36.** Билбегениңдин артынан ээрчибегин. Акыйкатта кулак, көз жана жүрөк, мунун баары жооп берүүгө тартылат.

**37.** Жер жүзүндө менменсинип жүрбө. Анткени сен жерди теше албайсың жана тоого тең боло албайсың.

**38.** Мунун баары Эгеңдин алдында жек көрүлгөн жаман нерселер.

**39.** Мына ушу, Эгеңдин сага кабар кылган даанышмандыктарынан, Аллах менен бирге башка кудайларды алба, антсең жемеленип жана жек көрүлүп тозокко ташталасың.

**40.** Эгеңер силер үчүн уулдарды, а Өзү үчүн периштелерден кыздарды тандап алдыбы? Силер, чынында улуу (күнөөлүү) сөздү айтып жатасыңар.

**41.** Чынында бул Куранды насаат алуулары үчүн байан кылдык. Бирок, бул алардын акыйкаттан алыстоолорун гана күчөттү.

**42.** Эгерде Аны менен бирге алар айткандай башка кудайлар болсо, анда алар Арштын ээсине катуу умтулмак.

**43.** Ал кемчиликтерден таза, алар айткан нерселерден өтө жогору.

**44.** Аны[3] жети асман жана жер, алардагынын бүт баарысы даңкташат. Аны аруулап, мактабай турган эч нерсе жок. Бирок силер алардын мактоолорун түшүнө албайсыңар. Акыйкатта, Ал - Жумшак, Кечиримдүү.

**45.** Сен Куранды угуза окуганда, сени менен акыретке ишенбегендердин ортосуна көрүнбөгөн тосмону койобуз.

**46.** Алар түшүнбөс үчүн жүрөктөрүн жаап-чулгап салдык жана кулактарын дүлөйлүк менен бекиттик. Куранда Эгеңдин жалгыздыгын эстеген кезиңде, алар иренжиген түрдө арттарына бурулуп кете берет.

**47.** Биз алар сени угуп жатканда кандай ойдо болгонун, бири-бири менен жашыруун сүйлөшүп жатышканда заалымдар: «Албетте, силер жөнөкөй эле бир кишини ээрчип жатасыңар, ал болгону сыйкырланып калган» - дешкенин Биз жакшы билебиз.

**48.** Алар сен тууралуу эмне деп жатканын карап көрчү. Алар терең адашууда жана туура жолду таба алышпайт.

---

1 М: бир кишини өлтүрүүнүн ордуна эки кишини (Сафват-Тафаасир).

2 Он сегиз жаш. (Тафсир Ал-Насафи)

3 Аллах Тааланы

**49.** Алар: «Биз сөөк болуп, чаңга айланган соң жаңыдан кайра тирилебизби?» - дешет.

**50.** Айт: «Ал турсун силер таш же темир болуп калсаңар да;

**51.** Же өз оюңарда андан да бөлөк бир катуурак жаратылган нерсе болсоңор да». Анда алар: «Бизди ким кайра тирилтет?» - дешет. (Аларга): «Силерди биринчи ирет жараткан (Аллах)», - дегин. Анда алар баштарын чайкашып: «Бул качан?»- дешет. «Мүмкүн бул өтө жакын», - дегин.

**52.** Ал силерди чакырган ошол Күндө, силер Аны мактап жооп бересиңер. Силер аз убакыт гана болгондой[1] ойлойсуңар.

**53.** Пенделериме айт: «Жакшы гана (сөздөрдү) сүйлөсүн». Акыйкатта, шайтан алардын ортолоруна кастык салат. Анткени шайтан-инсандын анык душманы.

**54.** Эгеңер силерди эң жакшы билет. Эгер Ал кааласа силерге ырайымдуулук кылат, кааласа жазалайт. Биз сени аларга коргоочу кылып жөнөткөн жокпуз.

**55.** Эгең асмандардагылар менен жердегилерди жакшы билет. Пайгамбарлардын кээ бирин, кээ биринен артык кылдык. Даудга Забурду бердик.

**56.** «Андан[2] башка ишенгениңерди чакыргыла. Бирок аларда силерден кырсыкты кайтара турган да, же аны башкаларга оодара турган да бийлик жок», - деп айт.

**57.** Алардын табынгандары[3] Эгебизге кимибиз жакын болобуз деп, (өздөрү) сыйынуу аркылуу ортомчу издешет. Мээриминен үмүт этишип, азабынан коркушат. Акыйкатта, Эгеңдин жазасынан коркуу зарыл.

**58.** Кыйамат күнүнө чейин Биз кыйратпай турган, же катуу жазага тартпаган бир да калаа болбойт. Булар Китепте[4] жазылуу.

**59.** Биздин белгилерибизди[5] жибербегенибиз, мурунку коомдор аларды жалганга чыгарганы үчүн гана болду. Ошондой көрүнөө далил катары Самуддарга төө жибердик. Бирок алар зулумдук кылып (өлтүрүштү). Биз белгилерибизди коркутуу үчүн гана жөнөтөбүз.

**60.** Бир кезде Биз сага: «Чынында, Эген адамдарды камтып алган», - деген элек. Сага[6] көрсөткөндү жана Куранда каргалган даракты[7] Биз адамдар

1 Бул дүйнөдө (же мүрзөдө)

2 Аллах Тааладан

3 Периштелер, жиндер, олуйалар ж.б.у.с.

4 Тагдыр китебинде (эч кимдин колу жете албаган, Аллах Тааладан башка эч ким өзгөртпөй турган китепте - Лавху Махфузда)

5 Мужизаларды (кереметтерди)

6 Меражда -Асманга көтөрүлгөн кезинде

7 Тозоктун түбүндө өсүүчү түрү суук заккум дарагы. Анын мөмөлөрү шайтандын башына

үчүн сыноо кылдык. Аларды коркутуубуз алардын адашуусун гана күчөтөт.

61. Биз периштелерге: «Адамга сежде кылгыла!» - дедик. Ошондо Иблистен башкасы сежде кылышты. Иблис мындай деди: «Сен топурактан жаратканга сежде кылмак белем?!

62. Кабарлачы: Менден көбүрөөк ардактаганын ушулбу[1]? Эгер Сен мага кайра тирилчү Күнгө чейин мөөнөт берсен, алардын урпактарынын азыраагынан башкасынын баарысын азгыраар элем»- деди (Иблис).

63. (Аллах) айтты: «Жогол мындан! Ким сенин артынан ээрчисе[2], анда силердин жазанар жазасы мол - Тозок!»

64. Алардын ичинен күчүн жеткендерин үнүн[3] менен азгырып кыйроого алып бар, аларга каршы атчан да, жөө да чык. Мал-мүлкүнө, бала-чакаларына орток бол[4] жана аларга убадаларды бер». Бирок, шайтан убада кылгандардын баары азгырык гана!

65. «Менин чыныгы пенделеримдин[5] үстүнөн сен укук-бийликке ээ боло албайсын. Эген - жетиштүү Коргоочу».

66. Эгенер Анын кенчилигинен насибинерди табуунар үчүн денииздерде кемелерди сүздүрөт. Ал - акыйкатта, силерге Мээримдүү.

67. Силерге деңизден кырсык жеткен кезде, анда силер Андан башкага табынганыңарды унутасыңар. Качан Ал силерди куткарып, кургакка чыгарганда, терс буруласыңар. Чынында, инсан (Аллахка) шүгүр кылбайт.

68. Ал силерди жерге жуткурбайт деп, же силерге таштан жаан жаадырбайт деп ишенесиңерби? Анан силерге коргоочу боло турган эч кимди таба албайсыңар.

69. Же болбосо, силерди артка кайтарып жана силерге кыйраткыч бороонду жөнөтүп, силерди каапырдыгыңар үчүн чөктүрүп салбастыгына көзүңөр жетеби? Мында силер Бизден өзүңөргө жардам кыла турган эч кимди таппайсыңар.

70. Биз адам балдарын (башка жандыктардан) артык кылдык. Аларды кургакта жана деңизде жүргүздүк. Аларга жакшы ырыскыларды бердик жана аларды Биздин жаратканадарыбыздан бөлүп (беделин) көтөрдүк.

71. Бардык элдерди өздөрүнүн жетекчилери менен чакыра турган күндү

---

окшош, а бутактары учтуу, тикенектүү болот. Бул мөмө тозоктогуларга мажбурланып жегизилет

1 Мен андан жакшыраакмын. Анткени, мени оттон жараттын

2 Шайтандын

3 Шайтандын үнү угулбаса да, ал сыйкыр аркылуу адамды жаман иштерге азгырып, анын башына туура эмес ой-пикирлерди салат, ыймансыздыкка үгүттөйт

4 Ошолор аркылуу азгырып. Көнүлдөрүн алаксытып, кудайдан башкага буруу ж.б.у.с.

5 Аллах Таалага берилген ыймандуу момундардын

эсте. Алардын амал китептери оң колунан берилгендери аны окушат жана аларга кымындай да заалымдык жасалбайт.

72. Ким бул дүйнөдө сокур[1] болсо, акыретте да сокур жана жолдон адашкан болот.

73. Алар Биз сага айан берип ачкандардан сен Биз тууралуу бир нерселерди ойлоп табууң үчүн сени аз эле жерден артка кайтара албай калышты[2]. Эгерде антишсе, алар сени дос кылып алышаар эле.

74. Эгер Биз сени бекемдебесек, анда сен алар тарапка бир аз ыктоого жакындадың эле.

75. Эгер андай болсо сени бул дүйнөдө да, тиги дүйнөдө да эки эсе жазага тартат элек, анда сен Бизге каршы өзүңө жардам бере турган эч кимди тапмак эмессиң!

76. Алар сени кысмакка алып, жеринден (Меккеден) чыгарып ийе жаздашты. Бирок, анда алар өтө аз убакыт гана турар эле.

77. Биз сенден мурун да ушундай жол менен элчилерибизди жөнөткөнбүз. Биздин жолубуздан өзгөртүүнү таппайсың.

78. Түш оогондон кийин түндү утурлап намазга жыгыл. Ошондой эле тан Куранын (намазын) оку[3]. Акыйкатта, тан намазы күбөлөнгөн[4] болот.

79. Эген сени мактоого татыктуу орунга тургузуусу үчүн түнкү уйкундан туруп, ыктыйардуу намаздарынды[5] оку!

80. «Оо, Эгем! Менин киришимди[6] да чындык менен, чыгышымды[7] да чындык менен жасай көр! Өзүн тараптан бекем жардам бер», - дегин.

81. «Акыйкат келди, жалган[8] жоголду. Албетте, жалган жок болуучу», - дегин.

82. Биз Куранды момундарга шыпаа, мээримдүүлүк (болсун) үчүн жөнөттүк, а каапырлар үчүн - зыйанды гана арттырат.

83. Биз инсанга жакшылыктарды бергенде, ал жүз үйрүйт да терс бурулат. А ага кайгы-кырсык жеткен кезде, ал терен үмүтсүздүккө батат.

---

1 Кудайды, динди тааныбаган ыймансыз, каапыр, же адашкан пенде болсо

2 Курейштин мушриктери пайгамбарга биздин кудайларыбызды сен тааны, ошентсең сенин Аллах Тааланды биз да таанып сыйыналы жана сени өзүбүзгө жетекчи да кылып алалы деген сыйактуу сунуштары менен кайрылышкан. Пайгамбар (а.с.) алардын сунуштарын четке каккан

3 Беш маал намаз

4 Периштелер күбө болот

5 Тахажжуд намазы. Кошумча сыйынууну

6 Мединага

7 Меккеден

8 Каапырдык

**84.** «Баарысы өз жолунда иш кылат. Бирок Эгенер ким туура жолдо экендигин жакшы билет», - дегин.

**85.** Алар сенден рух[1] жөнүндө сурашат. «Рух Эгеме таандык иштерден. Силерге азыраак гана илим берилген», - деп айт.

**86.** Эгерде кааласак, сага түшүргөн кабарларыбызды кайта өчүрүп, кетирип койобуз. Анда сен Бизге каршы коргоочуну таба албайсың.

**87.** Эгеңдин мээримдүүлүгүнөн гана (табасың). Акыйкатта, Анын ырайымдуулугу өтө зор.

**88.** «Эгерде бардык адамдар жана жиндер чогулуп алышып, Куранга окшогон нерсени жаратууга аракет кылса да, ал турсун бири-бирине жардам кылышканда да, эч качан ага окшогон нерсени жарата албас эле», - дегин.

**89.** Биз адамдар үчүн бул Куранда ар түрдүү мисалдарды келтирип түшүндүрдүк. Ошондо да адамдардын көбү баш тартып, каапырлыкты тутунушат.

**90.** Алар айтышат: «Сен бизге бул жерден булак чыгарып бермейинче, такыр ишенбейбиз».

**91.** «Же курмадан, жүзүмдөн багың болсун. Ошондо алардын арасынан мол сууну агызып койорсуң».

**92.** «Өзүң кабарлагандай асманды кесик-кесик кылып үстүбүзгө түшүрөрсүң, же Аллахты, Анын периштелерин бетме-бет келтирерсиң».

**93.** «Же болбосо алтындан үйүң болсун. Же асманга чыгарсың. Анда да бизге окуй турган бир Китеп түшүрмөйүнчө, асманга чыкканыңа да такыр ишенбейбиз». «Эгемди аруулайм! Мен тек гана жөнөтүлгөн элчи адаммын», - дегин.

**94.** Аларга туура жол келгенде, адамдарды ыймандан токтоткон нерсе, ал алардын: «Чын эле Аллах адамды элчи кылдыбы?» - деп бири-бирине айткандары болду.

**95.** «Эгерде периштелер жер үстү менен жай баракат[2] жүрө турган болгондо, анда Биз аларга элчи кылып периште жөнөткөн болоор элек», - дегин.

**96.** «Мени менен силердин ортобузда Аллах - жетиштүү күбө. Ал - Өз пенделерин Билүүчү, Көрүүчү!

**97.** Аллах кимди жетектесе, ал туура жолдо. Ал кимди туура жолдон тайдырса, алар үчүн Андан башка коргоочуну эч качан таба албайсың. Биз аларды Кыйамат күнү жүздөрү шүмүрөйгөн, сокур, дүлөй, дудук түрдө

---

1 Рух - жан

2 Адамдар сыйактуу

чогултабыз[1]. Алардын жайлары тозок (болот). Качан анын жалыны өчкөнү калганда, Биз аны (кайра) күчөтөбүз.

**98.** Бул алардын Биздин айаттарыбызга ишенбегендиктери жана: «Биз качан сөөккө айланып чирип бүткөн кезде жаңыдан тирилебизби?» - дешкени үчүн көрсөтүлгөн жаза.

**99.** Алар чын эле асмандар менен жерди жаратkандыгын, аларга окшошторду жаратууга кудуреттүү экендигин көрүшпөйбү? Ал (Аллах) аларга мөөнөт берди, анда эч бир шек жок. Бирок бузукулар баарын четке кагышып, каапырлыкты карманышат.

**100.** Эгер силер Эгемдин мээримдүүлүк казынасына ээ болсоңор да, ошондо деле силерде ал түгөнөт деген кооптонуу болор эле. Анткени инсан - өтө сараң.

**101.** Биз Мусага тогуз айкын далилдерди бердик. Исраил урпактарынан ал аларга келгенин, Фараон ага: «Эй, Муса! Мен сени сыйкырланган деп ойлоймун», - дегенин сура.

**102.** Ал (Фараонго): «Сен мунун баары далил иретинде, асмандар менен жердин Эгесинен гана келгенин жакшы билесиң. Эй, Фараон, сен кыйроого кабыласың деп ойлоймун», - деген эле.

**103.** Ал алардын бул жерден чыгып кетүүсүн каалаган. Бирок, Биз аны жана аны менен бирге болгондордун баарын сууга чөктүрдүк.

**104.** Биз андан соң Исраил урпактарына: «Жер бетине жашап тургула. Келечек жашооңорго мөөнөт жеткен кезде, Биз бүт баарыңды жыйнап алабыз», - дедик.

**105.** Биз аны[2] чындык менен түшүрдүк. Ал чындык бойунча түштү. Сени Биз жакшы кабар угузуучу жана эскертүүчү кылып гана жөнөттүк.

**106.** Биз Куранды сен адамдарга шашпай окуп берүүң үчүн (аз- аздан) бөлүп түшүрдүк.

**107.** Силер ага[3] ишенесиңерби, ишенбейсиңерби баары бир мурун илим алгандар аларга[4] (Куран) окуп берилген кезде, эт-бети менен сеждеге жыгылышат[5].

**108.** Алар: «Эгебизди аруулайбыз! Акыйкатта, Эгебиздин берген убадалары аткарылат», - дешет.

---

1 Жалдырап туруп беришет

2 Куранды

3 Куранга

4 Куран окулган кезде анын чындыктыгына толук ишенген иудейлер менен христиандар жөнүндө сөз болууда. Алардын кээ бири исламды кабыл алышкан

5 Бул айат «сежде айаты» деп аталып, окуган да, уккан да сежде кылууга тийиш. А сежде кандай тартипте жасаларын билүү үчүн «Мухтасар» аттуу фикх китебинин кыргызча котормосунун, Тилават сеждеси - он үчүнчү бөлүмүн караңыз

**109.** Алар ыйлап, эт-беттери менен жыгылат. Аларга (бул) коркууну арттырат.

**110.** «Аны Аллах, же Рахман деп кандай гана ысымдар менен атабагын, эң мыкты (ал) аттар Ага гана жарашат», - дегин. Намазды үнүңдү өтө катуу чыгарып да, акырын да эмес[1], орточо жаса!

**111.** «Аллахка мактоо! Ал эч качан Өзүнө уул алган[2] эмес жана Өз бийлигинде шериги да жок. Аны басынтуудан коргоп калуу үчүн эч кандай коргоочунун да кереги жок», - дегин. Аны дал ушинтип жетээрлик улукта!

## 18. КАХФ[3] СҮРӨСҮ

**Меккеде түшүрүлгөн Жүз он айаттан турат**

***Мээримдүү, Ырайымдуу Аллахтын аты менен***

**1.** Өз пендесине[4] Китепти[5] түшүргөн жана аны[6] эч бир кемчиликсиз кылган Аллахка мактоо!

**2.** Катуу азапты эскертүү жана жакшы амалдарды[7] жасаган момундарга жакшы сыйлык бар экенин сүйүнчүлөө үчүн Анын[8] алдынан түз абалда (түшкөн).

**3.** Алар[9] Бейиште түбөлүк турушат.

**4.** Ошондой эле, «Аллахтын баласы бар[10]», - дегендерге[11] да эскертүү үчүн түшүрүлдү.

**5.** Алардын өздөрүндө да, ата-бабаларында да маалымат жок[12]. (Алардын)

1 Өтө акырын болгондо, артында (уйуп) тургандарга угулбай калат

2 Баласы жок

3 Кахф - Үңкүр

4 Мухаммед алейхи саламга

5 Куранды

6 Куранды

7 Сооптуу иштерди

8 Аллах Тааланын

9 Момундар

10 «Иса, Узайир - Аллах Тааланын балдары», - деген терен жаңылыш түшүнүктү карманган диндер да бар экенин эстеңиз

11 Тозоктун азабынын катуу болорун

12 Аллах Тааланын баласы болгону тууралуу эч бир

оозунан чыккан сөз абдан чоң (күнөө). Чындыгында, алар[1] жалганды гана сүйлөшөт.

**6.** [2]Эми алар бул Куранга ишенбесе, аларга абдан кейип, өзүңдү жок кылып жибергиң келет.

**7.** Биз адам баласынын кимиси жакшы амалдарды жасаарын сыноо максатында жер үстүндөгү нерселерди - жердин көркү кылып койдук.

**8.** Албетте, Биз жер бетиндеги бардык нерселерди өнүмсүз[3] топуракка айландырабыз.

**9.** [4]Үңкүрдөгүлөр менен (аттары) жазылган тактайды таң калаарлык белгилерден[5] деп ойлодуңбу[6]?

**10.** Ошол учурда жигиттер үңкүргө бекиништи да: «Оо, Эгебиз! Бизге Өз алдыңдан ырайым ырооло! Биз үчүн бул ишибизде[7] туура жол көрсөт!» - дешти.

**11.** Ошондо алардын кулактарын узак жылдар бойу парда менен тосуп койдук[8].

**12.** Кийин, зки тараптын[9] кайсынысы алардын жаткан мезгилин (так) эсептегендигин аныктоо үчүн аларды ойготтук.

**13.** Биз сага[10] алардын кабарын чындык түрүндө байан кылабыз. Алар өздөрүнүн Эгесине[11] чыныгы ишенген жигиттер болчу, ошентсе да алардын такыбалыктарын арттырып койдук.

**14.** Алардын жүрөктөрүн бекемдедик. Ошол убакытта алар тике туруп мындай дешти: «Биздин Эгебиз - асмандар менен жердин да Эгеси! Андан башка кудайга эч качан жалбарбайбыз. Андай кылсак, анда биз чектен абдан ашкан болобуз;

**15.** Мына, элибиз Аллахтан башканы кудай тутунуп алышты. Бирок алар

1 Каапырлар, мушриктер, мунафыктар же динди бурмалагандар

2 Мухаммед (а.с.) га кайрылуу

3 Кургак, эч нерсе өспөгөн какыраган жерге

4 Эй, Мухаммед!

5 Кереметтерден

6 Бул айатта өткөн бир доорлордун биринде Тасус шаарындагы Дакйанус аттуу падышанын заалымдыгынан динин сактап калуу үчүн качкан мусулман адамдар тууралуу болууда. «Кахф» - ошолор бекинген үңкүрдүн аты, ал эми «ракым» - алардын аты-жөнү жазылып калган тактайдын аталышы

7 Аллах Тааланын динине чакырууда

8 Кулактары эч нерсени укпай турган кылып катуу уктатып салдык

9 Үңкүрдө уктап калгандар менен сыртта, шаарда жашоо кечирип жаткан адамдар ортосунда

10 Эй, Мухаммед!

11 Аллах Таалага

ага[1] байланыштуу даана далил да келтире алышкан жок. Аллахка жалган жалаа жапкан[2] адамдан да ашкан заалым барбы?!»

**16.** (Алар өз ара): «Адашкан элден да, алардын Аллахтан башка сыйынгандарынан да жүз буруп, үңкүргө бекингиле! Аллах ырайымын чачсын. Ошентип, биздин ишибизге оңойлук буйрусун» (дешти).

**17.** [3]Күн чыккан мезгилде [4]үңкүрлөрүнүн оң жагынан эңкейип[5], күн батып баратып аларды сол жакта калтырганын[6] көрмөксүң. Алар үңкүрдүн кенен жеринде (уктап жатышты). Бул - Аллахтын белгилеринен. Аллах кимди түзөсө, ошол - Туура жолдо. Ал кимди адаштырса, анда ага эч бир жардамчы да, Туура жолго баштоочу да таба албайсың.

**18.** Аларды[7] ойгоо жатышат деп ойлойсуң. Чындыгында алар уктап жатышкан эле. Аларды оңго, солго оодарып турдук[8]. Ити эки бутун жазданган бойунча босогодо (жатты). Эгер аларды[9] көргөн болсоң, алардан[10] ичиңе коркунуч толуп, бурулуп качмаксың.

**19.** Ошентип, алар бири-биринен сурашсын деп ойготтук. Алардын бири: «Канча убакыт[11] жаттык?!» - деп сурады. (Экинчиси): «Бир күн, же жарым эле күн (уктап калыппыз)», - дешти. (Үчүнчүсү): «Канча убакыт жатканыңарды Эгебиз[12] мыкты билет. Мына бул акчалар менен бирөөбүздү шаарга жиберели. Тамактардын кайсынысы адал болсо ошонусун (сатып) алып, кайра келсин. Бирок этийат болуп эч кимге сездирбесин», - дешти[13].

**20.** «Анткени, эгер шаар калкы силер тууралуу билип калса, таш бараңга

---

1 Жалган кудайларына

2 «Аллах Тааланын баласы бар, же кызы бар, Иса кудай ж.б.у.с.», - деп жалган айтып, элдин башын айландырып, Аллах Таалага жок нерселерди жармаштырып

3 Эй, Мухаммед!

4 Алар уктап калган

5 Үңкүргө нурун чачып

6 Нурлары үзүлбөй

7 Эгер ошентип денелери үч жүз жыл бойу чирип кетпей, тирүү адамдай бейпил жатканын көрсөң, албетте

8 Бир жагы такай жерде калып, денеси залал тартып калбасын деп, периштелер кезек-кезеги менен, Аллах Тааланын буйругу менен оодарып турушту

9 Ошол кейипте

10 Алардын түрүнөн, сүрүнөн

11 Үңкүрдө өлүү-тирүү экенибизди билбестен, катуу уктап

12 Аллах Таала

13 Бул үчөө каапыр падышанын куугунтугунан качышып, шаар четиндеги ээн үңкүргө жеткенде, Аллах Таала аларды каапырлардын кыйноосунан аман чыгарып койуш үчүн кирген үңкүрлөрүндө үч жүз жылга уктатып койгон болчу. Үч жүз жылдан кийин ойгонушуп, ушинтип сүйлөшүп жатышат. Бирок алар үч жүз жыл уктаганын азырынча билише элек

алышат, же болбосо өз диндерине кайтарышат. Андай болсо[1] эч качан кутула албайсыңар», - дешти.

**21.** Ошентип, Аллах Өз убадасынын чындыгын, Кыйаматтын шексиздигин адамдарга туйунтуу үчүн аларга (элге) маалым кылды[2]. Ошол кезде алар[3] - тигилер[4] жөнүндө талашып жатышты. Кээ бирөөлөрү: «Алардын үстүнө үй салуу керек[5]», - деди. Алардын[6] жетекчилери болсо: «Ырасында, булардын үстүнө мечит куруп алалы», - дешти.

**22.** (Айрымдар): «Алар үчөө, төртүнчүсү ити болчу», - дешсе, кээ бирөөлөр: «Алар бешөө, алтынчысы ити болчу», - дешти. Ал эми башкалары: «Алар жетөө, сегизинчиси ити», - деди. [7]«Алардын санын Эгем жакшы билет. Адамдардын өтө азы гана[8] билет», - дегин. Ошол үчүн алар жөнүндө өтө терең талашып, алар тууралуу эч бирөөнөн маалымат сураба.

**23.** [9]Эч нерсени: «Ушуну эртең жасаймын!» - деп айтпа.

**24.** «Аллах кааласа (жасаймын)», - дегин. Эгер[10] унутуп калсаң, Эгеңди эстээриң менен: «Эгем мени мындан да тууралыкка жакыныраак жолго салуудан үмүткөрмүн», - деп айткын[11].

**25.** Алар[12] үңкүрдө үч жүз жыл жатышты. Дагы тогуз жыл кошулду[13].

**26.** [14]«Алардын канча жатканын Аллах жакшы билет. Асмандар менен жердеги кайып-сырларды билүү Ага гана таандык. Ал - Көрүүчү, Кабардар! Аларга Аллахтан башка бир да көмөкчү жок. Ал өз өкүмүнө эч кимди шерик кылбайт», - деп айткын.

**27.** Эгеңдин Китебинен сага түшүрүлгөндөрдү окуп бергин. Анын[15]

---

1 Колго түшүп, мусулман экениңерди билип каласа

2 Өлтүрүп, тирилтүү - Аллах үчүн түккө турбагандай оңой иш экенин

3 Шаардыктар

4 Үңкүрдөгүлөр

5 Мушриктер: «Алардын үч жүз жыл жашаган үңкүрүнө эстелик тургузуп койолу, кийинки муундар бул үчөөсүн даңктап жүрсүн», - дешти.

6 Шаардыктардын

7 Эй, Мухаммед! Сен аларга:

8 Кайып илимден анча-мынча

9 Эй, Мухаммед!

10 «Аллах Таала кааласа жасаймын», - дешти кокус унутуп калган болсон

11 Пайгамбарыбыз Мухаммед (а.с.) иудейлер сураган суроо- нун жообун «Аллах Таала кааласа», - дегенди унутуп калып: «Эртең жооп берем», - дегендиктен Аллах Тааладан келүүчү кабар кечигип, андан улам берилүүчү жооп да кечигип, анан ушул айат түшүрүлгөн.

12 Үңкүрдөгү үч жигит

13 Демек күн эсеби бойунча 300. ал эми ай эсеби бойунча 30. жыл

14 Эй, Мухаммед!

15 Аллах Тааланын

Сөздөрүн алмаштыруучу жок[1]. [2]Андан башка баш калкалаар жай да таба албайсыңар.

**28.** [3]Эгеңерге таңда жана кечинде, Анын ыраазылыгын эңсеп жалбаргандар менен чогуу өзүң да сабыр кыл. Бул дүйнө тиричилигинин жыргалын каалап, көздөрүңдү (мусулмандардан) башкага[4] бурба. Анткени Биз жүрөктөрүн Бизди эстөөдөн капарсыз кылып койгон жана өз кумарданууларын гана ээрчиген, иши чектен ашкан адамдарга баш ийбе.

**29.** «Бул Акыйкат (Куран) - Эгеңерден (түшкөн)!» - деп айткын. Ошондон кийин ким кааласа (Аллахка) ишенсин, ким кааласа каапыр болсун. Чындыгында, Биз заалымдар үчүн дубалдары курчап ала турган Тозок отун дайардап койгонбуз. Эгер алар суу сурап жалбарса, майдын калдыгы сыйактуу, беттерди куйкалап кетүүчү суу берилет. Ал кандай гана жаман суусундук жана ал жер - кандай гана жаман жер!

**30.** Ыйман келтирип, жакшы иштерди жасагандардын жана сооптуу амалдарды кылгандардын мээнетин текке кетирбейбиз.

**31.** Мына ошолор үчүн алдынан дарыйалар агып турган Адн (аттуу) Бейиш бар. Алар анда алтындан жасалган билериктер менен жасанышат. Алар калың жана жука жашыл жибектен кийимдерди кийишет да, мамыктарга сүйөнүп олтурушат. Бул - кандай улуу сыйлык жана кандай сонун жай!

**32.** [5]Аларга эки адамдын мисалын байан кылып бер: «Бирөөсүнө жүзүмдөрдөн эки бак жасадык. Ал эки бактын аралыгын курма дарактары менен курчап (койдук). Ошол эки бактын аралыгын эгинзар кылдык.

**33.** Эки бак тең жемиштерин берди. Андан эч нерсе кемитилген жок. Ортолорунан булак агызып койдук.

**34.** Анын (эки бактан түшкөн) мөмөлөрү бар эле. Ошондо ал жолдошу менен сүйлөшүп жатып (мактанды): «Мен сага караганда мал-мүлк жагынан молчулукта, баш (бала-чака) жагынан да үстөмдүк кылам»[6].

---

1 Анын сөздөрүн өз сөзү менен алмаштырууга эч кимдин акысы да, укугу да жок жана колунан да келбейт. Анткени Жаратуучу Аллах Тааланын сөздөрүн жаратылган пенде-макулук алмаштырууга чамасыз! Бирок ким кара ниети менен алмаштырууга далалат кылса, ал сөзсүз Аллах Тааланын жазасына кабылат! (Инжил менен Тооратта өзгөртүүлөр бар экенин Аллах Таала Куранда кабарлайт. Ошон үчүн ал китептер Аллах Тааладан түшкөнүнө карабастан, амал кылууга тыйуу салынган. Куранды болсо өзгөртүүсүз Кыйаматка чейин Өзү сактаарын Куранда кабарлаган)

2 Эгер Куранды өзгөртүп бузсаңар, Аллах Тааланын каарынан качып кутула албайсыңар жана

3 Эй, Мухаммед!

4 Каапырларга жана алардын бай-бардар турмушуна

5 Эй, Мухаммед!

6 Бул жерде убактылуу дүйнөнүн дөөлөтүнө мас болуп, Аллахка шерик кошуп, дөөгүрсүгөн, акыретти унуткан каапыр Парос менен, сабырдуу, каниеттүү, ток пейил мусулман Йахуза тууралуу кеп болууда

35. Ал (каапыр) ошентип, өзүнө зулумдук кылган тейде бакчасына кирди да мындай деди: «Мунумдун жок болуп кетүүсү ойума да келбейт[1];

36. анын үстүнө Кыйаматтын болорун да ойлобоймун[2]. Эгер чындап эле Жаратканга кайта турган болсом, мындан да жакшы жерди (ал жактан да) сөзсүз табам».

37. Жолдошу ага жооп берип: «Сени (оболу) топурактан, андан кийин бир тамчы суудан жаратып, анан келбет берип адам кылган Аллахка каапырлык кыласыңбы?

38. Менин Эгем - Аллах. Эгеме эч кимди шерик кылбаймын!»

39. Өз багыңа кирген убагыңда эмне үчүн минтип айтпадың: «Эгер азыр мени мал-мүлк жана бала жагынан өзүңдөн кем көрсөң да, бул - Аллахтын каалоосу. Аллахтан башка эч бир кубат жок!

40. Эгем мага сенин багыңдан жакшыраагын бериши, сеникинин үстүнө көктөн апаат (чагылган) жиберип, тептегиз какыр топуракка айлантышы мүмкүн.

41. Болбосо багыңдын суусу тартылып, аны эч качан издеп таба албай каласың», - деп айтканың жок?

42. Анан, анын жемиштери жок болуп[3], чатыры бузулуп, бош калган багына сарптаган нерселерине[4] өкүнүп, ал эки алаканын укалай баштады да: «Аттиң! Эгеме эч кимди шерик кошпосом болмок экен», - деди.

43. Ага Аллахтан башка жардам берээр бир да тайпа жок. Ал тургай өзүнө (өзү) да жардам бере албайт.

44. Анткени чыныгы жардам - Аллахка гана таандык! Ал - сыйлык берүүнүн мыктысы жана натыйжа чыгаруу жагынан да эң жакшысы.

45. [5]Аларга бул дүйнө тиричилигинен бир мисал келтир: Бул дүйнө тиричилиги - Биз асмандан жаадырган жамгыр сыйактуу. (Жамгыр жааса) жердин өсүмдүктөрү бири-бирине оролушуп, кулпуруп, анан кургак үйүндүгө айланып, андан соң шамал учуруп кеткен өңдүү... (эле бир көрүнүш). Чындыгында, Аллах - бардык нерсеге Кудуреттүү!

46. Мал-мүлк менен бала-чакалар - дүйнө тиричилигинин (гана) көркү. Ал эми түбөлүк кала турган жакшылыктар болсо - Эгеңдин алдында. Жакшы иштер - сыйлык жагынан да, үмүт жагынан да мыкты.

47. Кыйамат күнү тоолорду козгойбуз да, жердин тептегиз болгонун көрөсүң. Алардын[6] баарын, эч кимисин калтырбай жыйнайбыз.

---

1 «Эч качан жоголбойт. Байлыгымды коргоп калууга ме- нин толук күчүм жетет«

2 «Кыйаматтын болоруна такыр ишенбеймин«

3 Аллах Таала жиберген апаат келип, жүзүм бактары толук кыйратылды...

4 Бак үчүн жумшалган көп өлчөмдөгү акча каражаттарына ж.б.

5 Эй, Мухаммед!

6 Момундардын жана каапырлардын

**48.** Алар Эгесинин алдына сапка (тизилип) алып келинет. Аларга: «Оболу кандай жаратkan болсок, ошол кейипте (жылаңач) келдиңер. Силерге убада кылынган мөөнөт берилбейт[1] деп ойлогонсуңар» (деп айтылат).

**49.** (Ар бир адамга) амал дептери койулат. Ошондо каапырлардын андан корkконун көрөсүң. Алар: «Оо, азаптуу күн! Бизге кандай өкүнүч (камдалган). Мына (амал) китепте кичинени да, чоңду да калтырбай тизмелептир!» - дешет. Ошондо алар (өздөрү) жасагандарды өз алдынан табышат[2]. Бирок Эгең эч кимге адилетсиздик кылбайт[3].

**50.** [4]Ошол убакта[5] периштелерге: «Адамга сежде кылгыла!» - деген элек. Иблистен[6] башка бардык периштелер сежде кылышты. Жалындан жаратылган ал Эгесинин буйругунан (аткаруудан) баш тартты. Эми Менден башка[7] аны[8] жана анын урпактарын дос тутасыңарбы?![9] Алар[10] - силерге душман! [11]Заалымдар үчүн кандай жаман өзгөрүш!

**51.** Мен асмандар менен жерди жаратканда жана алардын (шайтандардын) өздөрүн жараткан кезде - аларга муктаждыктан жараткан эмесмин. Азгыруучуларды[12] көмөкчү да кылган эмесмин[13].

**52.** Кыйамат күнү - Аллах (каапырларга): «Өзүңөрдүн Мага шерик деп ойлогонуңарды чакыргыла!» - деп буйурат. Ошондо аларды[14] чакырышат. Бирок алар (сөлөкөттөр) аларга жооп беришпейт[15]. Ошондуктан алардын ортолоруна бир азап өрөөнүн жасайбыз.

**53.** Күнөөкөрлөр Тозоктун отун көрүп, ошондо ага өздөрү түшө турганын билишет. Бирок андан бурулар[16] жер таба алышпайт!

---

1 Жердеги жашоо сыноо үчүн гана убактылуу бир мөөнөт катары берилгенин ойлоп да койбой, пайгамбарлар, момундар айтса кулак салбай

2 Кылган жамандык-жакшылыктарынын баары алардын көз алдына келтирилип, дапдаана көрсөтүлөт

3 Ар ким өз колу менен жасаган күнөөсүнө жараша гана жазаланат. Ашыкча жазаланбайт

4 Эй, Мухаммед!

5 Адам атаны жаңы жараткан кезде

6 Иблис- Шайтандардын атасы

7 Шайтандарды жана жалган кудайларды (айрым элдер болсо пайгамбарларды, олуйаларды, баатырларды ж.б.у.с. кудай дешкенге чейин жетишкен)...

8 Шайтанды

9 «Мен буйруган адал иштерди кылбай, ал (шайтан) буй- руган арам иштерди кыласыңарбы?!»

10 Шайтандар

11 Чыныгы Кудай Аллах Таала турса, шайтандар менен достошуу бул -

12 Шайтандарды

13 Шайтандар, макулуктар гана эч нерсени жарата албайт!

14 Жалган кудайларды, сөлөкөттөрдү, буддарды ж.б.у.с.

15 Анткени алар жансыз, ары алсыз нерселер....

16 Качып кутулаар

54. Чындыгында, ушул Куранда адамдар үчүн бардык нерсени ачык бөлүп байандадык. Бирок адам баласы көп нерселерде жаңжалчыл[1].

55. Адам баласына туура (сүйлөгөн) жетекчи[2] келсе, алардын ыйман келтирүүлөрүнө, Эгелеринен кечирим суроолоруна кедерги болгон нерсе, бул мурункуларга келген апааттардын өздөрүнө да жетишин[3], же көрүнөө азаптын өздөрүнүн дал алдына келишин[4] каалагандыктары болгон.

56. Чындыгында, элчилерди[5] [6]кубандыруучу жана [7]эскертүүчү кылып жибердик. (Бирок), каапырлар (тамыры) бош, жараксыз нерселер[8] аркылуу чындыкты[9] жокко чыгарууга аракет кылышат. Ошондуктан Менин айаттарымды жана эскерткен нерселеримди келеке кылышат.

57. Эгеңердин айаттары аркылуу үгүттөлүп, андан жүз үйрүгөн жана мурунку өз колу менен жасагандарын унуткан кишиден да заалымыраак ким бар? Чындыгында, алардын жүрөктөрүнө аны түшүнбөй турган тосмону жана кулактарына кереңдикти пайда кылдык. Аларды тууралыкка чакырсаң да, эч качан (ал) жолго келишпейт.

58. Эгең - Кечиримдүү, Ырайымдуу. Эгер аларды өз кылыктарынан улам азапка сала турган болсо, албетте, аларга азапты тездетмек. Алар үчүн белгилүү бир мөөнөт бар. Ошондо алар Аллахтан башка баш калкалар жай таппай калышат.

59. Алар зулумдук кылган кезде ошол[10] шаарларды (дароо) жок кылмак. (Бирок) алардын жок кылынышы үчүн да бир мөөнөт белгиледик.

60. [11]Ошол убакытта Муса жардамчысына: «Эки деңиздин кошулган жерине жетмейинче канчалаган узак жылдар өтсө да токтобоймун», - деди.

61. Экөө[12] эки деңиз куйган жерге жеткен кезде балыктарын унутушту. А балык деңизде өз жолун жиреп бараткан эле.

---

1 Билип-билбей эле талашып тартыша берет. «Кайра тирилүү, акырет бар. Кыйамат шексиз болот», - дегендерди шылдыңдашат

2 Мухаммед! (а.с.) сыйактуу

3 Пайгамбарлар айткан чындыктын ошондой жол менен далилденишин

4 «Өз көзүбүз менен көрмөйүнчө, эч нерсеге ишенбейбиз», - деп сокур, дудук, дүлөй болуп алыштары - алардын кыйроого учуроосуна бирден бир себеп (Бакара сүрөсүнүн 1. -айатын караңыз)

5 Пайгамбарларды

6 Мусулмандарды Бейиш менен

7 Каапырларды Тозок менен

8 Жалган маалыматтар

9 Чындыктын кадырын

10 Алар жашаган

11 Бул жерде Аллах Тааладан Мусага (а.с.) эки деңиз кошулган жерге барып, Кыдыр алейхи саламды күтүп, андан илим алууга көрсөтмө келген кез тууралуу сөз болууда

12 Муса (а.с.) менен анын кызматчы жигити

62. Экөө илгерилеп бараткан кезде Муса жардамчысына: «Азыгыбызды алып келчи[1], ырасында, сапарда чарчадык», - деди.

63. «Ташка (олтуруп) дем алган жерде балыкты унутуп калыпмын. Мага аны эстөөнү шайтан унуттурган экен. Ал[2] таң калыштуу түрдө деңизге жол алган болчу», - деди.

64. (Муса): «Мына, издегенибиз ушу болчу», - деп, экөө (келген) издери менен ээрчишип кайра кайтышты.

65. Ошондо экөө Биз тараптан жакшылык берилип, Өз алдыбыздан илим берилген пенделерибизден бир пендени табышты.

66. Муса ага: «Сага үйрөтүлгөн дааналыктан мага да үйрөтүүң үчүн сени ээрчисем болобу?» - деп сурады.

67. (Ал) айтты: «Чындыгында, сен мени менен бирге болгонго чыдай албайсың.

68. Ички сырын билбеген нерсеге кан- тип чыдай аласың?«

69. (Муса): «Аллах кааласа, мени сабырдуу (абалда) табарсың[3]. Ошондуктан сага эч бир иште каршы чыкпаймын», - деди.

70. (Ал): «Эгер мага кошулсаң, сага (мен өзүм) айтып бермейинче, менден эч нерсе сураба», - деди.

71. Ошентип экөө жолго чыгышты да, кемеге түшүп[4], аны теше баштады. Муса: «Кемедегилерди сууга чөктүрүү үчүн тештиңби? Чындыгында орунсуз иш кылдың», - деди.

72. (Ал): «Мен сага мени менен бирге эч качан сабыр кыла албайсың дебедим беле?» - деди.

73. (Муса): «Унутканым себептүү мени жазалаба. Менин ишимди оорлотпо», - деди.

74. Экөө дагы жолго чыгышып, бир уул бала жолукту эле, (ал) аны өлтүрүп салды. (Муса): «Адам өлтүрбөгөн жазыксыз эле бирөөнү өлтүрдүңбү? Чындыгында, жаман иш кылдың», - деди.

75. (Ал): «Сен мени менен бирге жүрүүгө эч качан чыдай албайсын дебедим беле?» - деди.

76. «Эгер мындан кийин да бир нерсе сурасам, мени жолдош кылба. Чындыгында, менден сага жакшы шылтоо табылды», - деди (Муса).

77. Ошондо экөө дагы жол жүрүп, бир шаардын калкына барышып, тургундарынан тамак сурашты. Алар экөөнү конок кылуудан баш тартышты. Анан экөө ошол жердеги жыгыла турган дубалды көрүшүп,

1 Тамактанып алалы

2 Балык. Алар азык катары баштыктарына балык салып алышкан болчу.

3 «Сабырдуулугума күбө болосуң», - деген мааниде

4 Деңизден өткөндө

аны ал тикеледи[1]. (Муса): «Эгер кааласаң буга эмгек акы алсан болоор эле», - деди.

**78.** (Ал): «Мына ушул мени менен сенин айрылышыбыз. Эми сага сабыр кыла албаган нерселериндин сырын айтайын», - деди.

**79.** (Ал): «Кеме - денизде[2] тиричилик кылган жакыр адамдардыкы болчу. Аны мен жараксыз кылгым келгенинин себеби: анын артынан ар бир (мыкты) кемени тартып алып туруучу падыша (кууп) келе жаткан.

**80.** А (тигил) баланын болсо, момун ата-энеси бар эле. Ал[3] ата-энесин (ыймандан) баш тартууга, каапырлыкка зордоосунан корктук.

**81.** Эгеси анын ордуна өздөрүнө андан дагы таза, андан да мээримдүү бала берүүсүн кааладык.

**82.** Ал эми (тамдын) дубалы болсо, ошол шаардагы эки жетим балага таандык болуп, анын астында ал экөөнө тиешелүү казына бар эле. Алардын ата- энеси жакшы киши болгондуктан, Эген ал экөөнүн эрезеге жетип, ошол казынаны чыгарып алуусун каалады. Бул - Эгендин бир жакшылыгы болчу. Ошондуктан муну[4] мен өзүм билгендей эле жасап салганым жок. Мына ушулар сенин сабыр кыла албаган иштериндин чечмелениши», - деди.

**83.** (Эй, Мухаммед!) Алар сенден Зулкарнайн тууралуу[5] сурашат. (Сен): «Силерге анын жайын түшүндүрөйүн», - деп айт.

**84.** Чындыгында, (Биз) Зулкарнайнды жер жүзүндө күчкө ээ кылдык. Ага ар бир иште жеңилдик бердик.

**85.** Ал да бир жолго түштү[6].

**86.** Акыры[7], ал күн баткан чөлкөмгө жеткенде, аны (күндү) кара балчыктуу булакка баткан түрдө көрдү[8]. Анын алдында бир элге кез келди. (Биз): «Эй, Зулкарнайн! Кааласаң ал элди азаптаарсың, болбосо аларга жакшылык кылаарсың», - дедик.

---

1 Хызыр алейхи салам ылай чылап, дубал уруп, кайра тургузду

2 Денизден балык кармап жеп, сатып

3 Чонойгон кезде зөөкүрлүк менен

4 Жогоруда аталган иштерди

5 Куранда аталган Зулкарнайн менен айрым окумуштуу- лар атын чаташтырып келе жаткан Александр Македонскийдин эч кандай окшоштугу да, жакындыгы да жок. Куранда аталган Зулкарнайн такыба, момун падыша болгон. А.Македонский болсо Филипптин уулу, жөн жай жаткан элдерди басып алууну көздөгөн, башка жолдогу падыша. Экөөсүнүн доорлору да дал келбейт. (Зулкарнайн: кош мүйүздүү дегенди туйунтат.)

6 Ал Аллах Тааланын адилеттүүлүгүн орнотууну максат кылды, адилетсиз жолду тандап алган жок. Согуштарда Аллах Тааланын чийген чек араларынан чыкпоонун амалын тапты

7 Аллах Тааланын Динин жайылтып жүрүп олтуруп

8 Деңиз жээгинде жашаган адамга күн деңизге баткан сыйактуу көрүнгөндөй эле, Зулкарнайнга күн балчыктуу сазга батып бараткандай болуп көрүндү

87. (Зулкарнайн) аларга: » Эми ким зулумдук кылса, аны жазалайбыз. Ал[1]
Эгесине[2] кайтат. Эгеси (мындан да) катуу жаза берет», - деди.
88. Ал эми ким ыйман келтирип, жакшы иштерди жасаса, ага жакшы сыйлык бар. Ошондуктан ишибизди жеңил кылууну айтабыз.
89. Андан кийин ал дагы[3] жолго түштү.
90. Акыры[4] күн чыга турган жерге жеткенде, анын (күндүн) бир элдин үстүнөн чыкканын көрдү[5]. Ал элге күндүн алдынан парда жасабаган элек[6].
91. Ушундай болчу. Чындыгында анын эмне иш кылганын толук билебиз.
92. Андан кийин да бир жолго түштү[7].
93. Эки тоонун ортосуна жеткен кезде, сөздү түшүнө албай турган бир элге кездешти.
94. Алар: «Эй, Зулкарнайн! Йажууж, Мажууж деген эл бул жерде бузукулук кылууда. Сага төлөм (төлөп) берсек, алар менен биздин ортобузга бир бөгөт жасайсыңбы?» - дешти.
95. Зулкарнайн: «Эгемдин мага бергени жетиштүү. Силер мага күчтөн көмөк кылгыла да, мен силер менен алардын ортосуна бөгөт жасайын», - деди.
96. (Анан): «Мага темир кесиндилерин алып келгиле», - деди. Эки тоонун эки тарабы[8] теңелген кезде: «Көөрүктөгүлө!» - деди. Ал кызыган маалда: «Мага эриген жез алып келгиле, үстүнө куйайын», - деди.
97. Ошондо алар[9] өтө да, теше да алышкан жок.
98. (Зулкарнайн): «Бул - Эгемдин ырайымы. Эгемдин убадасы (Кыйамат) келген кезде, аны жер менен жексен кылат. Анткени, Эгемдин убадасы - акыйкат[10]!» (деди).
99. Кыйамат күнү аларды бири-бирине кошулган түрдө жөн койобуз да, сурнай чалынганда, аларды толук жыйнайбыз.
100. Ал күнү Тозокту каапырларга анык көрсөтөбүз.

---

1 Жазаланган адам
2 Аллах Таалага
3 Чыгышка карай бет алды да, ошол жактарда жашаган динсиз элдерге каршы
4 Жүрүп олтуруп
5 Ал эл жер бетин бербегендей көп болчу
6 Алардын үйлөрү да, кийимдери да жок болчу
7 Чыгышка карай дагы жүрүшкө чыкты
8 Ортосу
9 Йажууж, Мажууждар
10 Аткарылуусу кымындай да шек жаратпаган акыйкат.

**101.** Алар (Менин) насаатымдан көздөрү пардалуу жана кулактары такыр уга албай тургандар.

**102.** Каапырлар Мени эмес, (Менин) пенделеримди кудай кылып алышабы[1]? Чындыгында, Тозокту каапырларга конок үй кылып дайардап койдук.

**103.** [2]«Силерге кылган ишинен улам зыйанга учуроочулар ким экенин айтып берейинби?» - дегин.

**104.** Алар дүйнөдөгү аракеттери текке кеткендер[3]. (Бирок) алар өздөрү: «Чындыгында жакшы иш кылып жатабыз», - деп ойлошот.

**105.** Мына ошолор Эгелеринин айаттарына жана Эгесине жолугууну жокко чыгаргандар. Ошондуктан алардын амалдары жок болот[4]. Кыйамат күнү аларга эч нерсе бербейбиз.

**106.** Алар каршы чыгып, айаттары- бызды, элчилерибизди келеке кылгандыгы үчүн жазалары - Тозок (болот).

**107.** Чындыгында, ыйман келтирип, жакшы иштерди кылгандар үчүн Фирдаус[5] бактары - конок үй болот.

**108.** Алар анда түбөлүккө калышат да, ал жерден которулууну такыр каалашпайт.

**109.** [6]«Эгер Эгеңдин сөздөрүн (жазуу) үчүн деңиз сыйага айланса, ага дагы ошончону[7] кошсок, чындыгында, Эгеңдин сөзү түгөнгөндөн мурда, деңиздер түгөнмөк», - деп айт.

**110.** «Чындыгында, мен деле силер сыйактуу адаммын. Мага силердин кудайыңар бир гана Кудай (Аллах) экени кабардалуууда. Ким Эгесине жолугууну үмүт кылса, анда ал жакшы амалдарды[8] жасап, Эгесине жасаган ибадаттарында Ага эч кимди шерик кошпосун!» - деп айткын.

---

1 Маселен, Иса Аллах Тааланын пендеси болгону менен айрым топтор аны кудай катары карашат. Будда, Конфуций, Дао ж.б.у.с. баары кудай эмес. Бар болгону Аллах Тааланын пенделери

2 Эй, Мухаммед!

3 Анткени алар ар бир аракетти эл көрсүн да, мени мактасын деген ниетте жасашчу. Алар бир дагы ишти Аллах Таала ыраазычылыгы үчүн жасашкан эмес

4 Текке кетет, Аллах Таала тарабынан кабыл кылынбайт

5 Фирдаус - Бейиштин кап ортосунун, тагыраак айтканда эң бийик жеринин аталышы

6 Эй, Мухаммед!

7 Дагы бир ошончолук чоңдуктагы деңизди

8 Иштерди, аракеттерди...

# 19. МАРЙАМ СҮРӨСУ

**Меккеде түшүрүлгөн Токсон сегиз айаттан турат**

***Мээримдүү, Ырайымдуу Аллахтын аты менен***

1. Каф, Ха, Йа, 'Айн, Сод[1].
2. (Бул) Эгесинин өз пендеси Закарийага ырайымы (жөнүндө) эскерме.
3. Ал Эгесине купуйа үн менен жалбарган эле;
4. «Эгем! Менин сөөктөрүм бошоду, чачтарым агарды. Бирок менин Сага кылган тилектерим кабыл болбой калчу эмес эле.
5. Мен өзүмдөн кийинки жакындарымдан[2] коркомун. Менин жубайым төрөбөс. Антсе да, мага өз тарабыңдан бир перзент бере көр!
6. Ал мага жана Йакуп урпактарына да мураскор болсун. Эгем, аны Өз ыраазылыгыңа бөлө.»
7. «Эй, Закарийа! Биз сени уулдуу боло тургандыгың жөнүндө сүйүнчүлөйбүз, анын аты Йахйа болот, мындай ат менен мурун эч кимди атаган эмеспиз».
8. Ал[3]: «Эгем! Менин айалым төрөбөсө, а мен өзүм карып калсам, кантип балалуу боломун?» - деди.
9. Ошондо Ал[4]: «Бул ушундай. Эгең үчүн бул өтө эле жеңил. Анткени, сен эч нерсе эмес экениңде сени жараткам», - деди.
10. (Закарийа): «Эгем! Мага бир белги бер», - деди. Ал: «Себепсиз үч түн бойу эл менен сүйлөшө албай каласың, (ошол) сенин белгиң», - деди.
11. Ошондо (Закарийа) михрабдан[5] (өз) коомуна чыгып, эртели-кеч (Аллахты) аруулоого чакырды.
12. «Эй, Йахйа! Китепти бекем карман» деп жаш кезинен ага акылмандык берген элек.
13. Ага Өз алдыбыздан мээримдүүлүк, тазалык бердик. Өзү да такыба эле.
14. Ата-энесине да жакшылык кылуучу эле. Зордукчул, күнөөкөр эмес эле.
15. Андыктан туулган, өлгөн жана кайрадан тириле турган күнү ага тынчтык болсун».

---

1 Маанилери бир Аллах Таалага маалым

2 Мураскор боло албайт деп

3 Закарийа

4 Аллах Таала

5 Мечиттен

16. Китептеги[1] Марйам тууралуу билдир. Ал өз жакындарынан алыстап, чыгыш тараптагы бир жайга барды.

17. Ал алардан[2] парда менен жашырынды. Биз ага Рухубузду[3] жөнөттүк. Ал анын алдына киши келбетинде келди.

18. (Марйам): «Эгер сен такыба болсоң да, мен сенден (этийаттанып) Мээримдүүдөн коргоо издейм,» - деди.

19. Ал: «Акыйкатта, мен сага таза уул берүүгө жиберилген Эгеңдин элчисимин», - деди.

20. (Анда Марйам): «Мага бир да эркек жакындабаса, жана да мен айагы суйук болбосом, кантип мага бала бүтсүн», - деди.

21. (Жебрейил а.с.): «Ал ошондой». Анткени Эгең: «Бул Мага оңой. Ал - Бизден адамдарга бир белги жана ырайым. Бул чечилген иш», - деди.

22. Марйам ал балага кош бойлуу болуп, аны менен алысыраак бир жерге кетти.

23. Ошондо анын толгоосу келип, курма дарагынын түбүнө барды да: «Аттиңай! Мен мындан мурун өлүп, таптакыр эле унутулуп калсам кана», - деди.

24. Ошондо төмөндөн үн угулду: «Кайгырбагын. Эгең сенин алдыңдан арык (суу)[4] чыгарып берет

25. Курманын бутагын өзүңө карай силк. Сага жаңы курма түшөт.»

26. Жеп, ичип көңүлүңдү көтөр. Эгерде бир кишини көрсөң: «Акыйкатта, мен Мээримдүүгө[5] орозо кармоого сөз бергем жана бүгүн эч ким менен сүйлөшпөймүн», - дегин.

27. Ал аны[6] колуна көтөрүп алып элине келди. Алар: «Эй, Марйам! Сен өтө чоң иш[7] алып келдиң.

28. Эй, Харундун карындашы! Сенин атаң жаман киши эмес эле, апаң бузуку эмес болучу!» - дешти.

29. Ал аны (бөбөктү) көргөздү[8]. Алар: «Биз бешиктеги бөбөк менен кантип сүйлөшмөк элек», - дешти.

---

1 Курандагы

2 Адамдардан, жакындарынан

3 Жебрейилди

4 Булак, мурун кургап калган эле

5 Аллах Таалага

6 Жаңы төрөлгөн баланы

7 Атасыз бала

8 Муну менен сүйлөшкүлө дегендей ишаарат кылып

30. Ал (бала)[1]: «Акыйкатта, мен Аллахтын пендесимин. Ал мага китеп берди жана мени пайгамбар кылды;

31. Ал мен кайда гана болбойун мага кут даарытты, тирүү турганымда мага намаз окууга, зекет берүүгө тапшырма берди.

32. Ал мени (мүнөзү) кекирейбеген, күнөөкөр да эмес, энеме болсо ыйбаалуу кылды.

33. Андыктан, төрөлгөн, өлгөн[2] жана кайрадан тириле турган күнү мага тынчтык болот», - деди.

34. Марйам уулу Иса мына ушундай. Бул акыйкат сөз. Алар буга шектенишет.

35. Аллах Өзүнө уул күтүүгө ылайык эмес. Ал (андан) аруу. Ал бир нерсени жасоону каалаганда ага: «Бол!» - деп айтары менен, ал болот да калат.

36. «Акыйкатта, Аллах менин Эгем жана силердин да Эгеңер. Ага сыйынгыла. Туура жол мына ушул гана».

37. Алар[3] өз ара пикирлери келишпей бөлүнүшөт. Каапырларга Улуу Күн келгенде азап болсун.

38. Алар алдыбызга келген күнү: алардын угуулары жана көрүүлөрү кандай улуу![4] Бүгүнкү заалымдар анык адашууда.

39. Ошондуктан, азыр кайдыгер болуп, ишенбегендерге бардыгы чечиле турган, катуу өкүнүч боло турган Күн тууралуу айтып эскерт.

40. Чынында, жер менен анын үстүндөгүлөрдүн баарын Биз мурастайбыз жана алар Бизге гана кайтарылат.

41. Китептеги Ибрахим тууралуу эскерт. Ал такыба-чынчыл пайгамбар эле.

42. Ал атасына айтты: «Атаке! Сен эмнеликтен көрбөй, укпай жана эч кандай пайда келтире албагандарга сыйынып жатасың?»

43. «Атаке! Мага сага келбеген илим келди. Мен сени Туура жолго алып чыгуум үчүн мени ээрчи.»

44. «Атаке! Шайтанга мойун сунба. Акыйкатта, шайтан Мээримдүүгө күнөөкөр болгон.»

45. «Атаке! Акыйкатта, мен сага Мээримдүүдөн жаза келеринен жана сен шайтандын досу болуп каласыңбы деп коркомун.»

---

1 Иса (а.с.)

2 Иса крестке кадалып өлтүрүлгөн эмес. Исанын шакирти болгон Варнава жазган Инжил бойунча крестке кадалып өлтүрүлгөн чыккынчы Иуда болгон. Ал Аллах Тааланын амири менен кадимки эле Исанын дал өзүнө опокшош болуп кубултулган. Иса периштелер тарабынан алынып кеткен

3 Иудейлер жана христиандар

4 Алар коркунучтуу улуу нерселерди көрүп угушат

46. Ал (атасы): «Эй, Ибрахим! Сен менин кудайларымды айыптап жатасыңбы? Эгер сен мунуңду токтотпосоң мен сени ташбараң кыламын. Узак убакыт менден оолак болгун», - деди.

47. Ал: «Сага тынчтык болсун. Мен сен үчүн Эгемден кечирим сурайм. Анткени, Ал мага жакшылык кылуучу.

48. Мен Аллахтан башка сен сыйынып жаткандардан алыстаймын жана өзүмдүн Эгеме сыйынамын. Менин кылган дубаларымды Эгем кабыл кылбай койот деп ойлобоймун», - деди.

49. Ал алардан[1], Аллахтын ордуна алар сыйынып жаткандардан алыс кеткенде, Биз ага Исхакты, Йакупту берип, баарын пайгамбар кылдык.

50. Биз алардын баарына өз мээримдүүлүгүбүздү жана бийик чынчыл тилди[2] тартууладык.

51. Китептеги Мусаны эсте. Акыйкатта, ал тандалган пайгамбар жана элчи эле.

52. Биз аны Турдун[3] оң тарабынан чакырдык жана шыбырап сүйлөшүү үчүн жакындаттык.

53. Биз ага ырайым кылып, бир тууганы Харунду пайгамбар кылып бердик.

54. Китептеги Ысмайылды эсте. Ал ар дайым өз убадаларын аткарган, пайгамбар, ары элчи болгон.

55. Ал өз элине намаз окууну, зекет берүүнү буйруган жана Эгесинин мээримине татыган.

56. Китептеги Ыдрысты[4] эсте. Акыйкатта, ал чынчыл такыба элчи болгон.

57. Биз аны жогору жайга көтөрдүк.

58. Бул пайгамбарлар, Аллах өз мээримдүүлүгүн көргөзгөн Адамдын жана Нух менен бирге (кемеде) ташыгандарыбыздын урпактарынан, Ибрахим менен Исраилдин урпагынан туура жол көрсөтүп, тандаган кишилерибизден. Аларга Мээримдүүнүн айаттары окулган кезде, алар эт-бетинен кетип ыйлаган абалда сежде кылышат[5].

59. Бирок алардын артынан намаздарын таштаган жана өздөрүнүн кумар-

---

1 Үйүнөн жана элинен

2 Чын сүйлөөнү

3 Тоонун аты

4 Ыдрыс (а.с.) Нух (а.с.)дын үчүнчү атасы (Тафсир Аль- Жалалайн). Шис (а.с.) Нух (а.с.) дын бешинчи атасы. Ыдрыс (а.с.)дын өзүнүн аты «Ахнух» - болгон. А Ыдрыс деп аталып калуусу - билимге болгон умтулуусу жогору болгон. Жер бетиндеги алгачкы калем менен жазууну баштаган адам. Математика жана астрономия илимдерине да көз чаптырган. «Ыдырыс» сөзү өзү «дарс – сабак» деген араб сөзүнөн алынган (Тафсир Ал-Байзавий)

5 Бул айат «сежде айаты» деп аталып, окуган да, уккан да сежде кылууга тийиш. А сежде кандай тартипте жасаларын билүү үчүн «Мухтасар аттуу фикх китебинин кыргызча котормосунун Тилават сеждеси - он үчүнчү бөлүмүн караңыз

данууларына ээрчиген урпактар келди. Ошондуктан алар жамандыкка кабылышат[1].

**60.** Алардын тообо кылгандары, ыйман келтиргендери, жакшылык иштерди кылгандарынан башкалары. А алар (жакшылар) Бейишке киришет жана аларга эч кандай адилетсиздик кылынбайт.

**61.** (Алар) Мээримдүү, өз пенделерине көрсөтпөй туруп убада кылган, Адн[2] бейишинде (болушат). Акыйкатта, Ал убадасын сөзсүз орундоочу.

**62.** Алар анда «тынчтыктан[3]» башка маанисиз сөздөрдү угушпайт, аларга эртели-кеч ырыскылар берилип турат.

**63.** Бул бейишти Биз пенделерибиздин ичинен такыбаларына ыйгарабыз.

**64.** Биз Эгеңдин буйругу бойунча гана түшүп турабыз. Ага биздин алдыбыздагы да, артыбыздагы жана анын да, мунун да арасындагы бүт бардыгы таандык. Эгең эч нерсени унутпайт.

**65.** (Ал) асмандар менен жердин жана алардын арасындагылардын Эгеси. Андыктан Ага гана сыйын, Ага ибадат[4] кылууда сабырдуу бол. Ал сыйактуу аталыш бар экенин билесиңби?![5]

**66.** Инсан: «Мен өлгөндөн соң кайра жакында тирилемби?» - деп сурайт.

**67.** Инсан Биз аны мурун жаратканыбызды эстебейби? Ал такыр жок эмес беле?!

**68.** Эгеңдин атына ант! Биз аларды жана шайтандарды сөзсүз чогултабыз. Биз аларды тозоктун айланасына чөгөлөтүп[6] алып келебиз.

**69.** Ошондо Биз ар бир топтон Мээримдүүгө көбүрөөк каршы болгондорун (өзгөчө) терип алабыз.

**70.** Анткени, Биз гана ага[7] кирүүгө ким көбүрөөк ылайык экендигин жакшы билебиз.

**71.** Силердин ичиңерден эч ким анын[8] алдында болбой кала албайт. Бул Эгеңдин (шексиз болуучу) милдеттүү өкүмү.

**72.** Андан соң такыбаларды куткарабыз, а заалымдарды анда чөгөлөтүп калтырабыз.

**73.** Аларга айаттарыбыз ачык-айкын окулган кезде, каапырлар момундар-

---

1 Тозоктун бир өрөөнүнө түшүшөт. (Тафсир Ал Жалалайн)

2 Түбөлүк жаштыктын, ырахат-жыргалдардын бейиши

3 Саламдашуу жана жакшы сөздөрдөн башканы

4 Табынуу, сыйынуу

5 Жок, билбейсиң. Андан башка Кудай жок

6 Тизелетип, мойнун төмөн ийдирип

7 Тозокко

8 Тозоктун

га: «Эки топтун кайсынысы орду (бойунча) жакшы жана тобу жагынан көркөм?» - дешет.

**74.** Булардан мурдагы муундардан далайын жок кылдык. Алар байлык жана көрүнүштөрү жагынан булардан артык эле.

**75.** «Ким адашуунун жолунда болсо, аны Мээримдүү[1] аларга убада кылынган нерсе, же жазалоочу саат келмейинче анда (адашуусунда) мөөнөтүн узартып койот. Ошондо алар кимдердин абалы жаман экендигин жана кимдердин жардамчылары алсыз экенин билишет», - дегин.

**76.** Аллах кутулуу үчүн Ага умтулгандарга тууралыгын көбөйтөт. Калган жакшылыктар Эгеңдин алдында сооп жагынан да, кайтуу жагынан[2] да эң мыкты.

**77.** Биздин айаттарыбызга ишенбеген каапырдын: «Албетте, мага байлык менен балдар берилет», - дегенин көрдүңбү?

**78.** Ал эмне кайыпты билип, же Мээримдүүдөн убада алдыбы?

**79.** Жок! Биз анын айткандарын сөзсүз жазып койобуз жана анын азабын күчөтөбүз.

**80.** Ал айткандардын баарын Биз мураска алабыз. Ал Бизге жалгыз өзү келет[3].

**81.** Алар өздөрүнө Аллахтан башка кудайларды күч-кубат үчүн алышты[4].

**82.** Ооба! Алар[5] өздөрүнө тигилердин табынгандары тууралуу эч нерсе билишпейт, (кайра) тигилердин душмандарына[6] айланат.

**83.** Сен чын эле Биз каапырларды күнөөгө тукуруу үчүн аларга шайтандарды жөнөткөнүбүздү көрбөдүңбү?

**84.** Андыктан, алардын жазасын тездетүүгө шашылба. Алардын эсебин Өзүбүз гана алабыз.

**85.** Ал Күндө Биз такыбаларды Мээримдүүнүн алдына расмий өкүл кылып алып келебиз.

**86.** Күнөөкөрлөрдү тозокко жан талаштыра айдайбыз!

**87.** Мээримдүүдөн келишим[7] алгандан башка эч кимиси колдоого ээ боло алышпайт.

**88.** Алар: «Мээримдүү өзүнө уул алды», - дешкен.

**89.** Акыйкатта, өтө ыплас нерсени айттыңар!

---

1 Аллах Таала

2 Кылган сооп иштери текке кетпей акыбети кайтат. Ал эми каапырлар андай болбойт

3 Байлыгына, мансабына, балдарына ээ чыга албайт

4 Аллах Тааланын алдында бизди колдойт деп ойлоп

5 Буддар - сөлөкөттөр

6 Буддар - сөлөкөттөр тигилерге каршы сөздөрдү сүйлөшөт.

7 «Лаа илааха иллаллооху Мухаммад расуулуллаахи» - деп, күбөлүк берүү

90. Андан[1] асмандар менен жер жарылып, тоолор быркырап кетүүгө жакын калат;

91. алар Рахманга[2] бала ыроологондо[3].

92. Мээримдүү Өзүнө бала алуусу[4] ылайык эмес!

93. Асмандар менен жердегилердин ар бири Мээримдүүгө пенде абалда гана келет.

94. Ал алардын баарысын эсептеп, санын алып койгон[5].

95. Кыйамат күнү баары жалгыз өздөрү[6] гана келишет.

96. Акыйкатта, ыймандууларга жана сооптуу иш кылгандарга Мээримдүү жакшы көрүү сезимин тартуулайт[7].

97. Ушинтип, такыбаларга кубанычты кабарлооң жана катуу талашып жаткандарга эскертүүң үчүн Биз аны[8] сенин тилиңе жеңил кылдык.

98. Биз алардан мурун канчалаган муундарды ойрон кылдык! Сен алардан бирөөн да таппайсың, же алардын дабышын да уга албайсың!

## 20. ТОХА[9] СҮРӨСҮ

**Меккеде түшүрүлгөн Жүз отуз беш айаттан турат**

***Мээримдүү, Ырайымдуу Аллахтын аты менен***

1. То, ха[10].

2. Сага Куранды машакат тартууң үчүн түшүргөнүбүз жок.

3. Бирок (Аллахтан) корккон адамга насаат үчүн түшүрдүк.

4. (Курандын) түшүрүлүүсү - жер менен бийик асмандардын Жаратуучусунан.

5. истиваа болду[11].

---

1 Аллах Тааланын баласы бар деген сөздүн кесепетинен

2 Мээримдүү Аллах Таала

3 Алар Иса Кудайдын уулу дешет

4 Балага, же айалга муктаж эмес

5 Демек эч нерсе илиминен сыртта эмес

6 Коколой гана башы, жылаңач абалда, мал-дүйнө, бийликсиз

7 Бири-бирине болгон жакшы көрүү күчөп, натыйжада Аллахтын сүймөнчүлүгүнө ээ болушат

8 Куранды. Бут кийимиңди чеч. Анткени, сен касиеттүү Туваа өрөөнүндөсүң

9 Маанисн Аллах Тааланын езүнө гана маалым

10 Мааниси бир гана Аллах Таалага маалым

11 «Истиваа» - сөзү өзүнө бир нече маанини камтып: барабарлануу, жогору болуу, көтөрүлүү,

6. Асмандар менен жердеги жана бул экөөсүнүн ортосундагы нерселер менен топурактын астындагы нерселер - Ага[1] гана таандык.

7. Сөзүңдү ашкере[2] кылсаң..., чындыгында, Ал - сырды да, өтө жашырууңду да Билүүчү!

8. Ал - Аллах! Андан башка Кудай жок. Эң жакшы ысымдар - Ага таандык.

9. [3]Сага Мусанын байаны жеттиби[4]?

10. Ошондо ал бир от көрүп, үй бүлөсүнө: «Туруп тургула. Бир от көрдүм. Балким силерге шамана[5] алып келермин, болбосо ошол от тараптан бир жол көрсөтүүчү табармын», - деди.

11. Ал отко жеткен кезде: «Эй, Муса!» - деген үн чыкты:

12. «Чындыгында, Мен сенин Эгеңмин. Бут кийиминди чеч. Анткени, сен касиеттүү Тувaa өрөөнүндөсүң.

13. Сени тандадым. Эми, түшүрүлүүчү (айан) кабарларды тыңда.

14. Чындыгында, Мен - Аллахмын. Менден башка кудай жок! Ошондуктан Мага сыйын. Ошентип Мени эстөө үчүн намазды толук аткар!

15. Ар ким иштеген акысын алуу үчүн Мен (болоор) мезгилин купуйа сактап келе жаткан Кыйамат анык келет.

16. Ошондуктан, Кыйаматка ишенбей, өз каалоолорун ээрчигендер сени (ыймандан) тоспосун. Анда жок болосуң[6]!»

17. «Эй, Муса! Оң колуңдагы эмне?»

18. Муса айтты: «Бул - тайагым. Ага тайанамын. Аны менен койлорума жалбырак кагып беремин жана анын мындан башка да пайдалары бар».

19. «Эй, Муса! Аны ташта!»

20. (Муса) аны таштады. Ошондо ал жылан болуп сойлоп жөнөдү.

21. «Аны карма. Коркпо! Оболку абалына кайтарабыз!» - деди.

---

камынуу, ээлик кылуу, багыт алуу дегенди түйүндүрат. Бирок, Аллах Таала эч нерсеге окшобогондугу үчүн «истиваа» кандай көрүнүштө болоору адам баласына маалым эмес. Өзүнө (Аллах Тааланын) улуктугуна ылайык болгон абалда... (Тафсир Ал-Жалалайн). Өзүнө (Аллах Тааланын) улуктугуна ылайык болгон абалда.. .эч бир окшоштуруусуз жана салыштыруусуз (Сафват-Тафаасиир)

1 Аллах Таалага

2 Ачык айтып билдир

3 Мухаммед (а.с.) кайрылуу

4 Бул жерде Муса (а.с.) жубайы менен Маднандан Мисирге - атасына жолугуу үчүн баратып, кыштын караңгы түнүндө Тур өрөөнүнө жеткенде бир жагынан аналы толготуп, экинчи жагынан жолдон адашыш, бороондо койлору жоголуп кеткени тууралуу кеп болууда

5 Кыска жыгачтын башына майлуу пахта оролуп, жарык кылуу үчүн жагылуучу шам

6 Кыйаматтын болоруна ишенбесең, анда...

22. Ал айтты: «Колуңду койнуңа кат. Оорусуз, аппак болуп башка[1] керемет болуп чыксын»
23. «Бул сага чоң кереметтерибизди көрсөтүү үчүн (жасалды)».
24. «Фараонго бар! Ал чектен ашкан (бузуку)», - дедик.
25. «Эгем! Көөдөнүмдү ача көр[2]!
26. Ишимди жеңил кыл.
27. Тилимдин түйүнүн чеч;
28. алар сөзүмдү түшүнүүсү үчүн.
29. Менин үй бүлөмдөн бирөөнү мага жардамчы кыл;
30. бир тууганым Харунду.
31. Ал аркылуу мени кубаттуу кыл.
32. Аны иштериме шериктеш кыл;
33. биз Сени ар дайым аруулашыбыз үчүн;
34. Сени көп эстөөбүз үчүн[3].
35. Чындыгында, Сен бизди Көрүүчүсүң»,- деди.
36. (Аллах): «Эй, Муса! Тилегиң сага берилди!
37. Чындыгында, сага мурда да бир жакшылык кылганбыз (жана ал мындайча болгон):
38. Ошондо сенин апацдын дилине (тиешелүү) нерсени[4] салган элек.
39. Аны[5] сандыкка салып, дарыйага ташта. Дарыйа аны кургакка чыгарсын. Аны ага да, мага да душман болгон бирөө таап алсын»,- дегенбиз[6]. (Аллах): «Эй, Муса! Сага Биздин көз алдыбызда төрөлүшүң үчүн Өзүм тараптан сүйкүмдүүлүк тартууладым[7].
40. Ошондо эжең (сени таап алган Фараонго) барып: «Силерге ага кепил боло турган бирөөнү көрсөтөйүнбү?» - деди. Ошондо апаңдын көзүн кубантуу[8] жана аны кайгыртпоо үчүн сени апаңа кайтардык. Андан

1 Экинчи

2 Дилимди ыймангa

3 Аруулайбыз, даңктайбыз...

4 Сени Аллах Таала өлүмдөн сактап калаарын, коркпо- стон Аллах Тааланын буйруктарын аткара берүүсүн

5 Жаңы төрөлгөн Мусаны

6 Мусаны жөөттөргө абдан өч Фараондун айалы таап алып, бала кылып багып алышат. Ошол тууралуу айтылууда

7 Аллах Таала Мусаны наристе кезинде ушунчалык сүйкүмдүү кылып койгон, жөөт наристелердин баарын өлтүрүүнү буйруган Фараондун өзү да аны өлтүрүүгө көзү кыйган эмес

8 Апаңдын сени эстеп кайгырып, ыйлай берип ысык жаш- тан шишиген көзүн ыйдан сактоо үчүн

кийин бир адам өлтүрдүң[1]. Ал кайгыдан да куткарып, сыноолор менен сынаган элек. Ошентип узак жылдар Мадйан элинде жашадың[2]. Анан илимдүү болуп кайтып келдиң, эй, Муса!

41. Мен сени Өзүм тандап алдым[3].

42. Сен бир тууганың Харун экөөң, кереметтеримди алгыла (да Фараонго жөнөгүлө). Мени эстөөдө кемчилик кетирбегиле.

43. Экөөң Фараонго баргыла, анткени ал чектен чыккан.

44. Ага жумшак сүйлөгүлө. Балким ал насаатты угаар, же (тозоктон) коркоор[4]».

45. (Муса менен Харун): «Оо, Эгебиз! Анын бизге жамандык кылуусунан жана чектен чыгуусунан коркобуз»,-дешти.

46. (Аллах): «Коркпогула! Мен силер менен биргемин. Угуп да, көрүп да турамын»,-деди.

47. «Экөөң барып: Биз - Эгебиз сага жиберген элчибиз. Эми Исраил урпактарын биз менен чогуу жибер[5]. Эми аларды кыйнаба. Сага Эгеңдин кереметтери менен келдик. Тынчтык-амандык - Туура жолдогуларга (буйрулган).

48. Бизди жалганчыга чыгарып, жүз үйрүгөндөргө азап боло турганы кабар кылынды»,- дегиле.

49. (Фараон): «Эй, Муса! Силердин Эгеңер ким?» - деди.

50. «Эгебиз - бардык заттарга келбет-турпат берип, анан аларды туура жолго салган», - деди.

51. «Андай болсо, мурунку доордогулардын жагдайы кандай (болгон)?»

52. «Алар тууралуу маалыматтар Эгемдин алдындагы Китепте[6] бар. Эгем жаңылбайт да, унутпайт», - деди.

53. Аллах - жерди силер үчүн бешик кылып, анда силер үчүн жолдорду пайда кылып, асмандан жамгыр жаадырат. Суу аркылуу түрдүү өсүмдүктөрдү жуп-жубу менен чыгарды[7].

54. Жегиле жана малдарыңарды жайгыла. Чындыгында, акыл ээлери үчүн мында өрнөк бар.

---

1 Муса жигит кезинде бир жердешин токмоктоп жаткан гректи тыйам деп атып, капилеттен өлтүрүп алат

2 Адам өлтүрүп койгон соң, куугунтуктан качып Мисир- ден чыгып кетип, Мадйан элинде Шуайп пайгамбардын малын багып, кызына үйлөнүп, ошол жакта сегиз жыл жашайт

3 Пайгамбар кылууну чечтим

4 Акыры ыйманга келээр

5 Эркиндикке чыгар

6 Лавху Махфуз

7 Аллах Тааланын сөзү

55. Андан (топурактан) силерди жараттык. Ага кайтарабыз да, экинчи ирет андан кайра чыгарабыз.

56. Чындыгында, Фараонго бардык белгилерди[1] көрсөттүк. Бирок ал жалганга чыгарып, баш тартты.

57. (Ал): «Эй, Муса, сыйкырың менен бизди жерибизден чыгаруу үчүн келдиңби?

58. Чындыгында, биз да сеникиндей сыйкырларды көрсөтө алабыз. Ошондуктан ортобузда бир жерди убада кыл. Биз да, сен да айныбай турган ортодогу (ыңгайлуу) бир орун болсун»,-деди.

59. (Муса): «Убадалашкан учурубуз - майрам күнү эл жыйналган шашке убактысы болсун», - деди.

60. Ошондо Фараон кайтып кетти да, (белгиленген майрам күнү) өз сыйкырчыларын жыйнап келди.

61. (Муса) аларга: «Азапка түшкүрлөр! Аллахка жалган жалаа жаппагыла. Болбосо силерди азап менен жок кылат. Чындыгында, ким жалаа жапса, ал толук зыйанга учурайт»,-деди.

62. Алар[2] өз ара тартышып, жашыруун кеңешишти.

63. Алар: «Бул экөөсү[3] - сыйкырчылар. Сыйкырлары аркылуу силерди журтуңардан чыгарат, ыйык диниңерди жок кылууну каалашат», - дешти.

64. (Фараон): «Ошондуктан бардык сыйкырларыңарды жыйнап, катарыңар менен келгиле. Чындыгында, бүгүн ким үстөм болсо, ошол ийгиликке жетет!» - деди.

65. Алар: «Эй, Муса! Тайагыңды (жерге) ташта, болбосо оболу биз таштайлы», - дешти.

66. (Муса): «Жок, силер таштагыла!»- деди. Ошол замат алар таштаган жиптери менен тайактары сыйкырлангандыктан, Мусага карай (сойлоп) келе жаткан жылан болуп элестеди.

67. Ошондо Муса көөдөнүндө бир кооптонууну сезди.

68. (Биз): «Коркпо! Сен үстөмдүк кыласың!» - дедик.

69. «Оң колуңдагыны (тайакты) ташта! Алардын жасагандарын жутуп алат. Алардын жасаганы, чындыгында, сыйкырчынын гана айла-амалдары. А сыйкырчы кайакка барбасын (Аллахтан) кутула албайт!» - дедик.

70. Ошондо бардык сыйкырчылар сеждеге жыгылышып: «Муса менен Харундун Эгесине ыйман келтирдик»,- дешти.

71. (Фараон сыйкырчыларга): «Мен силерге уруксат берүүдөн мурун

1 кереметтерди

2 Фараондор

3 Муса менен Харун

(Аллахка) ыйман келтирдиңерби?! Чындыгында, ал (Муса) силерге сыйкыр үйрөткөн чоңуңар экен. Эми, албетте, колуңарды да, буттарыңарды да кайчылаштыра кесемин. Анан силерди курма дарактарынын бутактарына асамын. Ошондо кимибиздин азабыбыз катуу да, туруктуу да экенин билесиңер», - деди.

72. Алар: «Бизге келген далилдерден (кереметтерден) улам бизди Жаратуучудан[1] сени артык көрө албайбыз. Эмне өкүм бере турган болсоң, дароо бер. Албетте, сен ушул (убактылуу) дүйнөдө гана өкүм жүргүзө аласың.

73. Чындыгында, биз кетирген каталарыбызды жана сен бизди жасоого зордогон сыйкырларыбызды кечирүүсү үчүн Эгебизге[2] ыйман келтирдик. Анткени, Аллах - Эң Мыкты, Кечиримдүү!»

74. Ким Эгебизге күнөөкөр абалда келсе, албетте, ал үчүн Тозок бар. Ал жерде ал жашай да, өлө да албайт.

75. Ким Ага ыйман келтирип, жакшы иштерди жасаган[3] абалда келген болсо, мына ошолорго жогорку даражалар бар:

76. Алдынан дарыйалар агып турган Адн[4] бактары (ошолор үчүн). Алар ал жерде түбөлүккө калышат. Бул - тазалангандын сыйлыгы.

77. (Биз Мусага): «Пенделеримди[5] түндөсү алып чыгып кет. Аларга деңизден кургак жол жаса. Алардын[6] кууп жетишинен (жана чөгүп кетүүдөн да) коркпо!», - деген кабар жибердик.

78. Ошондо аларды кууган Фараон менен анын аскерлерин деңиз каптады (чөктүрдү).

79. Фараон өз элин адаштырып, туура жолго салбаган эле.

80. Эй, Исраил урпактары! Силерди душмандарыңардан куткарып, Тур тосунун оң жагын силерге убада кылдык. [7]Силерге «манна[8]», «салваа[9]» аттуу тамактарды (асмандан) түшүргөнбүз.

81. Биз силерге берген таза ырыскыдан (гана) жегиле. Мында чектен чыкпагыла. (Антсеңер) силерге каарым жетет. Кимге каарым жетсе, албетте, ал тозокко түшөт.

---

1 Аллах Тааладан

2 Аллах Таалага

3 Жүрүп Анын алдына

4 Бейиштин аты

5 Исраил урпактарын

6 Фараондун аскерлеринин

7 Чөлдө калган кезиңерде

8 Асмандан Аллах Таала тарабынан түшүрүлгөн тамак

9 канаттуу

**82.** Анткени, мен ким тообо кылып, ыйман келтирип, Туура жолдо[1] жүрсө, албетте, аны кечиремин.

**83.** [2]«Эй, Муса! Сени коомуңдан эмне шаштырды?[3]», - дедик.

**84.** «Оо, Эгем, алар менин артымдан (сайа түшкөндүктөн), сенин ыраазылыгың үчүн Сага шашылдым», - деди[4].

**85.** (Аллах): «Чындыгында, Биз, сенден кийин[5] элиңди сынадык. Ошентип, аларды Саамирий жолдон чыгарды», - деди.

**86.** Ошондо Муса ачууланып, кейиген абалда элине кайтты да: «Эй, элим! Эгеңер[6] силерге жакшы[7] убада кылбады беле? Силерге убада узак сезилдиби[8]? Же силерге Эгеңердин каарынын келишин каалап, мага берген убададан айныдыңарбы?», - деди.

**87.** Алар: «Убададан өз эркибиз менен эле айнып кеткен жокпуз. Бизге ал элдин[9] сандыктары[10] артылган болчу[11]. Ошолорду отко салдык[12]. Саамирий да отко салды[13]»,-дешти.

**88.** Ошондо Саамирий [14]мөөрөй алган музоонун денесин жасап, алар[15] болсо: «Силердин да, Мусанын да кудайы ушул болчу. Ал (аны) унутуп калган»,- дешти.

**89.** Алар өздөрүнө анын жооп кайтара албагандыгын, ошондой эле аларга пайда да, зыйан да алып келүүгө кудуретсиз экенин көрүшпөйбү?

**90.** Ырасында, мурун Харун да аларга: «Эй, элим! Чындыгында силер ушул (музоо) аркылуу сыналдыңар[16]. Албетте, Эгеңер Ырайымдуу. Ошондуктан мени ээрчип, буйругума баш ийгиле» - деген болчу.

---

1 Ислам дининин ичинде

2 Муса өз коомунан 70. кишини шайлап алып, Тур тоосуна сапар тартканда түшкөн айат:

3 Алардан озуп кетүүгө, шашылууга түрттү?

4 Мусанын сөзү

5 Сен Тур тоосунда 40. күн калган кезде

6 Аллах Таала

7 Бейишти

8 Бейишке алып баруучу жол

9 Мисирлик гректердин

10 Кооздук, зер буйумдары

11 Алтын-күмүш салынган сандыктан алып чыгып кеткен элек

12 Алтын-күмүштөрдү отко эритип, алардын куймасынан буд-кудай жасоону чечтик

13 Уста Саамирий ошол алтын торпокту жасап, бизге ага сыйынууну үйрөттү

14 Шамалга тоссо жандуу сыйактуу

15 Иудейлер (жөөттөр)

16 Кээ бирөөңөр ыймандан ажырап калдыңар

91. Алар: «Муса бизге кайтканга чейин, буга[1] сыйынууну токтотпойбуз», - дешти.

92. (Муса): «Эй, Харун! Булардын адашканын көргөндө артымдан келүүңдөн (сени) тоскон эмне?

93. Же менин буйругума каршы чыктыңбы?», - деди.

94. (Харун): «Эй, энемдин уулу! Булар менин сакалым менен чачымдан кармап калышты[2]. Исраил урпактарынын мамилесин ыдыраттың, сөзүмдү сактабадың[3]»,- дешиңден корктум», - деди.

95. (Муса): «Эй, Саамирий! Же бул сенин кылганыңбы?[4]», - деди.

96. (Саамирий): «(Мен) алар көрбөгөн бир нерсени көрдүм[5]. Элчинин[6] изинен бир ууч топурак алып, (музоонун) ичине салдым. Аны мага өз каалоом жагымдуу кылып көрсөттү»,-деди.

97. (Муса): «Эми сен өмүр бойу: «Кеткиле. Мага жолобогула!»- деп жүрүп өтөсүң. Сага мындан тышкары да эч качан өзгөртүлбөй турган дагы бир жаза бар. Сенин берилип сыйынган кудайыңды карачы[7]. Аны биз өрттөп, (күлүн) дарыйага ыргытып жиберебиз.

98. Кудайыңар - бир гана Аллах! Андан башка кудай[8] жок! Анын илими бардык нерсени камтыйт»,-деди.

99. [9]Ошентип, сага кээ бир болуп өткөн окуйаларды байан кылабыз. Сага Өз алдыбыздан эскертмени (Куранды) жибердик.

100. Ким Курандан жүз үйрүсө, ал Кыйамат күнү, албетте, күнөөсүн өзү көтөрөт[10].

101. Алар ал жерде түбөлүк калышат. Алар үчүн Кыйамат күнү кандай оор жүк (бар).

102. Сурнай тартылган Күнү күнөөкөрлөрдү (көздөрү) көгөргөн[11] абалда жыйнайбыз.

103. Алар өз ара: «Дүйнөдө он эле күн жашадык»,-деп шыбырашат.

---

1 Жандуудай сезилген алтын-торпок буйумга

2 Жибербей, койо бербей койушту

3 Аткарбадын

4 «Деги сенин каалаганың (талабың) эмне?» деген мааниде

5 Жебреил периштенин изин көрүп калдым да

6 Жебреил (а.с.)дын

7 Ушул жансыз торпок кантип кудай боло алсын?!

8 Кудай

9 Мухаммед (а.с.) га кайрылуу

10 Күнөөсү өзүнө оор жүк болуп, үстүнөн басып, ныгырып турат

11 Жүздөрү түнөргөн, көздөрү көгөргөн (жагымсыз)...

**104.** Алардын айткандарын (Биз) жакшы билебиз. Алардын эң туура сүйлөгөндөрү: «Силер дүйнөдө бир гана күн жашадыңар», - дейт.

**105.** [1]Алар сенден тоолор тууралуу[2] сурашат. Ошондо аларга: «Эгем тоолорду тозоң кылып учуруп жиберет», - деп айткын.

**106.** Аларды (тоолорду) жыпжылаңач[3], тептегиз жайыкка айлантабыз.

**107.** Сен ошондо эч бир ойдуң да, дөңсөө да таппай каласың.

**108.** Алар Кыйамат күнү чакыруучуга эч бурулбастан ээрчишет. Анткени Мээримдүүнүн[4] алдында үн чыкпай калат. Кадамдардын добушунан башка эч нерсе укпайсың.

**109.** Ал күнү Мээримдүү уруксат берген жана Анын сөзүнө ыраазы болгондордон, жактыргандардан башкалардын колдоо көрсөтүүсү[5] эч пайда бербейт.

**110.** Анткени Аллах алардын алдыларындагыны да, артындагыларды да билип турат! А алар болсо Аны[6] (эч качан) толук биле алышпайт.

**111.** Бардык баштар Тирүү жана Түбөлүктүүнүн (Аллахтын) алдында ийилет. (Ошондуктан) ким зулумдук кылган болсо, ал[7] кор болот.

**112.** Ал эми ким ыйман келтирген бойунча жакшы иштерди жасаган болсо, ошондо ал жамандыктарынын артышынан, жакшылыктарынын кемишинен коркпойт.

**113.** Ошентип, Куранды араб тилинде түшүрүп, анын ичинде түрдүү эскертүүлөрдү байандадык. Мүмкүн, алар такыба болушаар. Балким, аларга[8] эскертүү пайда берээр.

**114.** Чындыгында, Чыныгы Падыша Аллах - бардык нерседен жогору. Сага айтылган айан-кабардын бүтүшүнөн мурун Куранды окууга ашыкпай: «Оо, Эгем! Илимимди арттыр!» - дегин.

**115.** Чындыгында, мурда Адамга да өкүм жиберген элек[9]. Бирок, ал (аны) унутту. Биз анын сабырдуулугун[10] таба албадык.

**116.** Ошондо периштелерге: «Адамга сежде кылгыла!» - дедик. Алар сежде кылышты. Бирок Ибилис[11] сежде кылуудан баш тартты.

---

1 Мухаммед (а.с.) га кайрылуу

2 Кыйамат күнү тоолордун эмне болорун

3 Какырап, эч бир бир өсүмдүк өспөгөн

4 Аллах Тааланын

5 Шапааты, ортомчулугу, арага түшүүсү

6 Аллах Тааланы, Анын сырларын, сыпат-касиеттерин...

7 Дүйнөдө да, акыретте да, Аллах Тааланын алдында да

8 Курандагы эскертүү-үгүттөр, насаат-нускалар...

9 Насаат кылган элек

10 Этийаттуулугун

11 Шайтандардын атасы

**117.** Адамга: «Чындыгында, ушул (шайтан) сага да, жубайыца да душман. Экөөңдү Бейиштен чыгарып жибербесин. Андай болсо[1] бактысыз болуп каласыңар»,- дедик.

**118.** Албетте, Бейиште ач-жылаңач калбайсыңар.

**119.** Бул жерде суусоонун азабын тартпайсыңар жана шашкедеги[2] күндүн ысыгы өтпөйт.

**120.** Акыры аны шайтан азгырып: «Эй, Адам! Түбөлүктүүлүктүн дарагын жана түгөнбөй турган жыргалды[3] көрсөтөйүнбү?», - деди.

**121.** Ошондо алар экөө андан[4] жешти да, дароо уйаттуу жерлери көрүнүп калды. Ошондуктан экөө Бейиштин жалбырактарынан жамына башташты. Ошентип, Адам Эгесине күнөөкөр болуп, жолдон тайды.

**122.** Андан кийин Эгеси аны Өзүнө жакындатып, тообосун кабыл кылып, Туура жолго салды.

**123.** Бир-бириңе душман болгон бойунча (Бейиштен) баарыңар түшкүлө. Эгер экөөңө[5] Мен тараптан бир тууралык келип, ким Туура жолума түшсө, ошондо ал адашпайт да, бактысыз да болбойт.

**124.** Ал эми ким Менин эскертүүмдөн[6] баш тартса, анда, ага машакаты оор турмуш берерим шексиз. Андайларды[7] Кыйаматта сокур кейипте жыйнайбыз.

**125.** Ал: «Оо, Эгем! Мени эмнеге сокур кылып тирилттиң? Чындыгында, мен (дүйнөдө) көрчү эмес белем?» - дейт.

**126.** (Аллах): «Мына ушундай. Анткени сага айаттарыбыз келген эле. Ошондо сен аларды[8] унуткансың[9]. Ошол сыйактуу, бүгүн сен да унутта каласың»,- деп айтат.

**127.** Чектен чыгып, Эгеңдин [10]айаттарына ыйман келтирбеген адамды да ушундай жазалайбыз. Албетте, акырет азабы ары катуу, ары түбөлүктүү.

**128.** Аларды өз журттарында мурда болуп өткөн өздөрүнөн мурункулардын

---

1 Бейиштен кууп, жерде жашоо үчүн түшүрүп койсок, ал жерде абдан көп

2 Чак түштөгү

3 Байлыкты

4 Аллах Таала жешке тыйуу салган дарактын жемишинен

5 Адам ата менен Обо энеге

6 Курандан

7 Аллах Тааланын сансыз жакшылыктарын көрбөгөн, көргүсү да келбеген, тескерисинче баарын чанып: «Мен бардык ийгиликтерге өзүмдүн акылдуулугумдан жетип жатам!» - деген каапырларды Кыйамат күнү Махшар майданына

8 Курандын айаттарын (б.а. аткарган эмессиң, амал кылган эмессиң...)

9 Чангансың,

10 Курандагы

(кайгылуу) өрнөктөрү Жолго салбадыбы? Чындыгында эле мына ушуларда[1] акыл ээлери үчүн сабактар бар.

129. Эгер Эгең тарабынан берилген убада, же белгиленген мөөнөт болбогон- до, албетте, анда алардын иштери бүткөн болот эле[2].

130. Ошондуктан алардын[3] айткандарына сабыр кыл. Күндүн чыгышынан жана Күндүн батышынан мурун Эгеңди макта, (Аны) аруула! Кечки убактарда жана күндүздүн эки тарабында да[4] (Эгеңди) аруула. Балким, ыраазылыкка бөлөнөөрсүң.

131. Биз алардын кээ бирөөнө сыноо үчүн берген жыргал дүйнө жашоосуна суктанба. Эгеңдин[5] берүүчү ырыскысы - эң мыкты, түбөлүктүү.

132. Үй-бүлөңдү намазга буйруп, ага[6] сабыр кыл. Биз сенден ырыскы сурабайбыз. Сага Биз ырыскы беребиз. Жакшы акыбет - такыбаларга.

133. Алар: «Эгесинен бир керемет келтирбейби?» - деп айтышат. Аларга мурунку китептерде даана далилдер келбеди беле?

134. Эгер биз аларды андан мурда бир азап менен ойрон кылсак, анда алар: «(Эгебиз) бизге бир элчи жиберген бол- со, кор болуп жана шорго малынуудан мурун Анын айаттарына ээрчимекпиз», - дешчү.

135. ( Эй, Мухаммед!) Аларга: «Баа- рыбыз[7] айагын[8] күтөбүз. Силер да күткүлө. Жакында[9] кимдер туура жол- дун ээси экени, ким Туура жолду тап- кандыгын билесиңер», - деп айткын.

# 21. АНБИЙА[10] СҮРӨСҮ

**Меккеде түшүрүлгөн Жүз он эки айаттан турат**

***Мээримдүү, Ырайымдуу Аллахтын аты менен***

1. Адамдарга алардын эсеп берээр маалы жакындады. Алар болсо бейкапар терс бурулууда.

---

1 Ошол өткөн тарыхта

2 Анда алардан сурагын, Кыйаматка калтырбастан эле күнөө кылары менен дароо жок кылып, кыйратып турмакпыз

3 Каапырлардын, мунафыктардын, мушриктердин

4 Күнү бойу: түшкө чейин да, түштөн кийин да

5 Бейиште

6 Намазга

7 Азыр бул дүйнөдө кылып жаткан амалдарыбыздын

8 Натыйжасын

9 Кыйамат күнү

10 Анбийа - Пайгамбарлар

2. Аларга Эгесинен жаңы нерсе келген жок! Угуп, анан алар мазакка айланткан эле нерсе[1].

3. (Алар) бейкапар жүрөктөрү менен өз ара шыбыраша: «Чын эле бул[2] силер өңдүү киши эмеспи? Кантип эле силер аны көрүп туруп сыйкырланып калдыңар?» (дешет).

4. «Эгем асмандар менен жерде болгон сөздөрдүн баарын билет. Ал - Угуучу, Билүүчү», - деди.

5. Алар[3]: «Жок! Бул чаташкан түш[4]. Жок! Албетте, ал аны[5] өзү ойлоп тапты! Жок! Ал акын! Ал бизге мурунку пайгамбарларга берилген кереметтер менен келсин!» - дешти.

6. Биз жок кылган мурунку калаалардан эч кимиси ишенген эмес эле. Эми булар ишенеби?

7. Сага чейин Биз эркектерди гана[6] аларга айан берип жөнөткөнбүз. Эгер билбесеңер, анда илим ээлеринен[7] сурагыла.

8. Биз алардын денесин тамак татпагыдай жана аларды түбөлүккө өлбөс кылган эмеспиз.

9. Андан соң Биз аларга берген убадабызды чынга чыгарып, каалагандарыбызды куткардык жана чектен чыккандарды ойрон кылдык.

10. Биз силерге насааты бар Китепти (Куранды) жөнөттүк. Акыл калчабайсыңарбы?

11. Биз канчалаган калааларды жок кылдык. Алар адашкан заалымдар болушкан. Биз алардан соң башка элдерди пайда кылдык.

12. Биздин кыйратуубузду сезген мезгилде, алар андан качып жөнөшөт.

13. Качпагыла! Силерге берилген молчулукка жана турак-жайыңарга кайра кайтып келгиле - мүмкүн силер суралаарсыңар.

14. Алар: «Оо, биз куруп калалы! Чындыгында, биз заалымдардан болгон экенбиз!» - дешет.

---

1 Биздин замандын жетинчи кылымында Мухаммед пайгамбарга жаңы дин келген жок. Аллах Тааланын дини бирөө гана. Ал Ислам дини. Демек, Адам атадан бери келе жаткан дин - бул Ислам дини гана. Бир нече дин болгон эмес, болбойт дагы. Анын ичинде Муса пайгамбардын да, Иса пайгамбардын да дини - ислам дини болгон. Мухаммед (а.с.) кезектеги акыркы пайгамбар. Мындан кийин пайгамбар келбейт. Ошондой эле жаңы дин да келбейт. Бирок адамдар ар кайсы динди өздөрү ойлоп табышат. Албетте, бул туура эмес

2 Мухаммед (а.с.) тууралуу айтып жатышат

3 Каапырлар, мушриктер

4 Пайгамбардын айтып жаткандары

5 Куранды

6 Периштелерди эмес

7 Тоорат, Инжилди мыкты билген аалымдардан

15. Алардын өздөрүнө кыйроону тилөөсү, Биз аларды орулуп-бастырылган эгин талаасындай кылганга чейин[1] токтободу.

16. Биз асмандарды, жерди жана алардын ортосундагыларды ойноп жараткан жокпуз.

17. Эгерде Биз эрмек кылууну кааласак, анда аларды өз алдыбыздан деле жаратып алар элек[2].

18. Жок! Биз акыйкат менен жалганды кыйратабыз, ал аны быркыратып жок кылат. Силерге шерик кошконуңар үчүн азап болсун!

19. Ага асмандар менен жердегилердин баары таандык. Анын алдындагылар текеберденишпейт жана ибадат кылуудан чарчашпайт.

20. Алар Аны түндө жана күндүзү чарчабастан аруулашат.

21. Чын эле алар өздөрүнө жерден кудай таап алыштыбы? Алар[3] өлгөндү тирилте алышабы?

22. Эгерде асмандар менен жерде Аллахтан башка кудайлар болсо, анда (алар) бузулуп кетээр эле. Арштын Эгеси болгон Аллах алардын сыпаттаган нерселеринен таза.

23. Анын (Аллахтын) эмне кылганы суралбайт, а алар суракка алынат.

24. Же алар Аллахтан башкаларды кудай (кылып) алыштыбы? «Далилдериңерди келтиргиле! Бул (Куран) мени менен болгондорго жана мага чейин болгондорго эскертүү», - дегин. Жок! Алардын көпчүлүгү акыйкатты билишпейт жана терс бурулушат.

25. Биз саға чейин да: «Менден башка Кудай жок, Мага гана сыйынгыла!» - деп айтпай туруп, бир да пайгамбар жөнөтпөдүк.

26. Алар: «Мээримдүү Өзүнө уул алды», - дешти. Ал кемчиликтерден аруу! Жок. Алар[4] (Анын) ардактуу пенделери гана.

27. Алар Андан сөздө[5] өтүп кете алышпайт. Анын буйругу менен гана иш кылышат.

28. Ал аларга чейинки болгондорду да, андан кийинки боло турганды да билип турат, а алар кудайдын алкышына татыгандардан башка, эч кимге ортомчу боло алышпайт. Алар Андан корккону нан калтырашат.

29. Алардын арасынан кимиси: «Андан башка мен Кудаймын!» - деп айта алат? Ким антсе, аны Биз тозокко жөнөтөбүз. Адашкан заалымдарды Биз мына ушинтип жазалайбыз.

30. Чын эле каапырлар асмандар менен жер бирге болгондугун, а Биз алар-

1 Биз балээ жиберип кырып салганга чейин

2 Түбөлүк ааламдагы башка нерселерден деле

3 Буд-сөлөкөттөр, жалган кудайлар

4 Периштелер

5 Алар өздөрүнө өздөрү буйрук беришпейт. Аларга Жа- раткан өзү гана буйрук берет

ды бөлгөнүбүздү жана бардык жандууларды суудан жараткандыгыбызды көрүшпөйбү? Эми алар ыйман келтиришпейби?

31. Биз жер үстүндө алар аны менен бирге термелбесин үчүн бекем туруучу тоолорду жайгаштырдык жана алар туура жолдо баруусу үчүн капчыгайларды жараттык.

32. Асманды сакталган (түшүп кетүүдөн) шып кылдык. Алар Анын айаттарынан баш тартышууда.

33. Ал түн менен күндүздү, Күн менен Айды жараткан. Баарысы асман алкактарында[1] сүзүшөт.

34. Биз сага чейин эч кимге түбөлүктүүлүктү берген жокпуз. Кантип эле сен да өлсөң, алар түбөлүк өлбөс болуп калышсын.

35. Ар бир жан ээси өлүмдү татат. Биз силерди жакшылык менен да, жамандык менен да сынап көрөбүз жана Бизге кайтарыласыңар.

36. Ыймансыз каапырлар сени көргөн кезде, шылдыңдашып: «Силердин кудайларыңар жөнүндө айтып жаткан ушулбу?» - дешет. Мээримдүүнү эскерүүдө алар каапырлык кылышат.

37. Инсан шашма болуп жаратылган. Мен силерге белгилеримди көрсөтөмүн, Мени шаштырбагыла!

38. Алар: «Эгер сен чын болсоң (айтчы), анда бул убадалар качан аткарылат?» - дешет.

39. Эгерде каапырлар беттерин, аркаларын оттон коргой албаган жана аларга эч жардам да көрсөтүлбөй турган кезди билген болсо...

40. Ооба! Ал аларга капысынан келет да, аларды таң калтырат, алар аны кайтара да алышпайт жана аларга мөөнөт да берилбейт!

41. Сага чейинки пайгамбарларды да шылдыңдашкан, бирок шылдыңдагандардын шылдыңдаган нерселери өз баштарына жеткен.

42. «Силерди түндө жана күндүзү Мээримдүүдөн ким сактай алат?» -дегин. Ооба, алар өз Эгесин эскерүүдөн баш тартышат.

43. Чын эле алардын Бизден сактай турган кудайлары барбы? Алар[2] өздөрүнө өздөрү жардам кыла албайт жана Бизден да коргоно алышпайт.

44. Ооба, Биз аларга жана алардын аталарына узак жашоодо жакшы үлүш бергенбиз. Чын эле алар Биздин буйругубуз менен жерди ар тарабынан кыскартканыбызды[3] (кысканыбызды) көрүшпөйбү? Ошондо алар[4] жеңүүчү болушабы?

1 Орбиталарында

2 Буд-сөлөкөттөр, жалган кудайлар

3 Пайгамбардын жеңиши менен

4 Мушрик-каапырларды.

45. «Мен силерге жашыруун кабарды гана эскертүүчүмүн», - дегин. Бирок, дүлөйлөр[1] эскертилгендеги чакырыкты угушпайт.

46. Аларга Эгеңден азаптын эпкини жеткен кезде, алар: «Оо, биз куруп калалы! Биз адашкан экенбиз», - дешет.

47. Биз Кыйамат күнү үчүн туура таразаларды жайгаштырабыз. Бир да жан зулум кылынбайт. А эгерде сары кычынын[2] данынын салмагындай эле (амал) болсо, анысын келтирер элек. Биз толук жетээрлик эсепчибиз.

48. Биз мурун Муса менен Харунга Фурканды[3] , нурду[4] такыбалар үчүн эскертме катары бердик.

49. Алар Эгесин көрбөй туруп коркушуп, Кыйамат күнүнөн кооптонушат.

50. Бул (Куран) Биз силерге түшүргөн кут даарыган эскертме. Чын эле силер аны четке кагасыңарбы?

51. Биз мурун Ибрахимге туура жолду ыроолодук жана Биз аны билгенбиз.

52. Ал атасына жана өз коомуна: «Бул силер табынып жаткандар эмне деген айкелдер?» - деген эле.

53. Алар: «Биздин аталарыбыз да аларга табынганын биз билебиз», - дешти.

54. Ал: «Силер да, силердин аталарыңар да анык адашууда болуп келишкен», - деди.

55. Алар: «Чын эле акыйкат менен келдиңби, же сен ойун-тамаша кылуучулардансыңбы?» - дешти.

56. «Ооба, силердин Эгеңер - асмандар менен жердин Эгеси, аларды Ал жараткан. Мен болсо бул тууралуу күбө болуучумун», - деди.

57. «Аллахтын ысымына ант! Мен силер алардан алыстаган кезде, силердин буд-сөлөкөттөрүңөргө[5] каршы айла-амал табамын».

58. Ал, мүмкүн ушуга кайрылышаар (деп), алардын[6] эң чоңунан башкасынын баарын талкалап салды.

59. Алар: «Биздин кудайларыбызга бул ишти ким кылды? Ал нагыз заалым экен!» - дешти.

60. Алар: «Биз Ибрахим аттуу жаш жигиттин аларды айыптаганын уккан элек», - дешти.

---

1 Аллахтын буйругун угуп туруп амал жасабаса дүлөй деп эсептелет

2 Сары кычы - эгиндин арасына чыгуучу сары гүлдүү отоо чөп (Кыргыз тилинин түшүндүрмө сөздүгүнөн)

3 Жакшы-жаманды ажыратуучуну (Тооратты)

4 Тооратты

5 Идолдор. Ойлоп таап, колго жасалган жалган кудайлар, ар нерсенин түспөлдөрү

6 Буд-сөлөкөттөрдүн (идолдордун)

**61.** Алар: «Аны элдин көз алдына алып келгиле. Мүмкүн алар күбөлүккө өтүп беришээр», - дешти.

**62.** Алар: «Эй, Ибрахим! Биздин кудайларга бул ишти (жамандыкты) сен кылдыңбы?» - дешти.

**63.** Ал: «Жок! Муну булардын[1] эң чоңу кылды. Эгер сүйлөй алса, алардан сурап көргүлө!» - деди.

**64.** Алар өздөрүнө өздөрү кайрылып: «Силер өзүңөр адашкансыңар», - дешти.

**65.** Андан соң алар кайрадан каапырдыгына кайтышып: «Алар сүйлөй албасын сен билесиң да?!» - дешти.

**66.** (Ибрахим) мындай деди: «Силер чын эле Аллахтын ордуна силерге эч кандай жардам да, зыйан да келтире албай турган нерселерге табынасыңарбы?

**67.** Силерге жана силердин Аллахтын ордуна сыйынганыңарга - «туф-ф»! Эмнеге акылыңарга келбейсиңер?».

**68.** Алар: «Эгер бул ишке жарасаңар, аны өрттөгүлө жана кудайларыңарга жардам бергиле», - дешти.

**69.** Биз: «Эй, от! Ибрахимге салкын жана саламат бол», - дедик.

**70.** Алар ага каршы айла-амал кылышты, а Биз аларды зыйан тартуучулардан кылдык.

**71.** Аны жана Лутту куткарып, Биз ааламдар үчүн берекелүү кылган жерге[2] (жайгаштырдык).

**72.** Ага Исхакты жана кошумча Йакупту бердик. Алардын баарын таза-такыбалардан кылдык.

**73.** Аларды Биздин буйругубуз бойунча туура жолду көрсөтө турган башчы кылдык жана аларга жакшылыктарды кылууга, намаз окуп, зекет берүүгө жашыруун айан[3] бердик. Алар Бизге сыйынуучулардан болушту.

**74.** Лутка Биз даанышмандык жана илим бердик. Аны бузукулукка баткан калаадан[4] куткардык. Анткени, алар жаман иш жасаган бузуку коом эле.

**75.** Биз аны ырайымыбызга бөлөдүк. Анткени ал жакшылардан.

---

1 Буд-сөлөкөттөрдүн

2 Палестина жана Ханаан жерин өз кучагына алган байыркы гүлдөгөн Арамейа жана Сирийа аймактарынан...

3 Буйрук

4 Содом, Гоморра калааларынан

**76.** Мурун Нух да Бизге үн салган[1]. Биз ага жооп кылып, анын үй-бүлөсүн улуу кайгыдан куткардык.

**77.** Аны айаттарыбызды жалганга чыгарган адамдардан коргодук. Анткени алар өтө жаман адамдар болгондуктан, Биз аларды чөктүрүп ийдик.

**78.** Дауд менен Сулайман алардын коомунун малдары майкандап салган[2] эгин талаасына байланыштуу өкүм чыгарып[3] жатышканда, Биз өкүмдөрүнө күбө болуп турдук.

**79.** Биз Сулайманга бул тууралуу түшүндүрдүк. Алардын ар бирине Биз даанышмандык жана илим бердик. Даудка аны менен бирге Бизди даңктасын үчүн тоолорду жана куштарды баш ийдирдик. Муну Биз кылдык.

**80.** Биз ага согушта силер коргоонууңар үчүн соот[4] (кийим) жасоону үйрөттүк. Силер шүгүр кылбайсыңарбы?

**81.** Сулайманга анын буйругу менен Биз кут даарыткан жерге жүрсүн (соксун) деп катуу шамалды баш ийдирдик. Биз бардык нерселерди билебиз.

**82.** Суу түбүнө чумкуй турган жана андан башка иштерди кыла турган шайтандарды (жиндерди ага баш ийдирдик). Аларды өзүбүз сактаган элек.

**83.** Айуп Эгесине (жалбарып) үн салды: «Мага бир балээ келди, а Сен боорукерлердин боорукерисиң!»

**84.** Биз тараптан ырайым иретинде пенделерге эскерме[5] үчүн, анын тилегин кабыл кылып, андан балээлерди кетирдик, ага өз үй-бүлөсүн жана мурункусун эселентип бердик.

**85.** (Эстегин) Ысмайыл, Ыдрыс, Зул-Кифл баарысы сабырдуулардан эле.

**86.** Алардын баарын Биз ырайымыбызга бөлөдүк. Анткени алар жакшылардан эле.

---

1 Аллах Тааладан суранып дуба кылган

2 Тебелеп, тепсеп

3 Окуйа мындайча болот: Бир адамдын койлору экинчи бир кишинин эгин талаасына кирип, тебелеп, көп зыйанга учуратат. Зыйан тарткан киши Дауд (а.с.)га арызданып келет. Дауд (а.с.) тараптарды катыштырып, ишти териштирет да, койлордун баарын эгини тебелегенге берүүгө чечим кылат, анткени тебеленген эгиндин болжолдуу наркы койлордун жалпы санына туура келет. Бирок Сулайман (а.с.) атасынан чечимди кайра карап, өзгөртүп: койлорду зыйан тарткaнга бир жылга гана берүүнү, а эгин талаасын кайрадан иштетүү үчүн койлордун ээсине бердиртүүнү, бул арада эгини тебеленген киши койлордун козуларын, жүнүн жана сүтүн толук өзүнө пайдаланып алып калууга укуктуу болуусун, ал эми койлордун ээси эгин талаасын иштетип, эгин эгип калыбына келтирүүгө мүмкүнчүлүк берилүүсүн жана бир жылдан кийин ар ким өзүнүкүн өзү алуусуна чечим чыгаруусун суранат. Ошентип иш калыс чечилип, эки тарап тең ыраазы болот. Мындай акылмандуулук, албетте Аллах Таала тарабынан Сулайман (а.с.)га берилген эле

4 Темирден жасалган

5 Сабак болуусу үчүн

**87.** Зун-Нунду[1] (эсте). Биздин аларга[2] алыбыз жетпейт деп ойлоп, ал ачуулана кетип калган эле. Ал караңгылыктарда[3] Бизге жалынды: «Сенден башка Кудай жок! Сен аруусуң! Албетте, мен адашкандардан болдум!»

**88.** Биз аны уктук жана аны кайгыдан куткардык. Момундарды ушинтип куткарабыз.

**89.** Закарийа Эгесине: «Эгем, Сен мураскорлордун эң мыктысысың, мени жалгыз[4] калтырба», - деп жалынды.

**90.** Биз ага да жооп кылып, Йахйаны бердик жана анын айалын (төрөөгө) жарамдуу кылдык. Акыйкатта, алар[5] жакшы иштерге шашылышкан, Бизге үмүт жана коркуу менен дуба кылышкан. Алар Бизге мойун сунуп, баш ийишкен.

**91.** Ал (Марйам) өз абийирин сактаган эле, Биз ага Өз рухубуздан[6] үйлөдүк, аны жана уулун[7] бүткүл ааламдар үчүн белги[8] кылдык.

**92.** Акыйкатта үммөтүңөр бир эле үммөт[9]. Мен силердин Эгеңермин. Мага гана сыйынгыла!

**93.** Алар өз иштеринде ажырап-бөлүнүштү. Баарысы Бизге кайтарылат.

**94.** Ким жакшы иштерди жасап момун болсо, анын аракети жокко чыгарылбайт. Биз аныкын жазып койобуз[10].

**95.** Биз ойрондогон калаалардын жашоочулары кайра кайтуусу[11] тыйуу салынган,

**96.** Йажуж, Мажуж ар бир дөбөдөн агылып келгенге чейин.

**97.** Ошентип, убада кылынган чындык жакын келет, каапырлардын көздөрү алайып: «Оо, куруп калалык! Биз мындан капарсыз жана заалым болгон экенбиз», - дешет.

**98.** Акыйкатта, силер жана Аллахтын ордуна силердин табынып жаткандарыңар тозок үчүн отун гана. Силер ага киресиңер.

---

1 Йунус (а.с.) жүнүндө сөз болууда

2 Ассирийадагы Ниневийа шаарынын күнөөлүү иштерди кылып жаткан коомуна

3 Түндүн караңгылыгы, деңиздин караңгылыгы жана киттин ичиндеги караңгылык

4 Мураскорсуз

5 Жогоруда эскерилген пайгамбарлар

6 Жебреил (а.с.) аркылуу

7 Иса (а.с.)ды

8 Керемет

9 Бардыгыңардын дининер бирөө эле

10 Периштелер жазып койот

11 Биз аларды Кыйаматка тирилгенге чейин кайрадан кел- бегидей кылып ойрондодук

99. Эгерде алар[1] кудайлар болсо, анда ага[2] киришпес эле. Алар анда түбөлүккө калышат.

100. Алар[3] анда онтошот, а тигилер эч нерсе угушпайт.

101. Акыйкатта, Бизден жакшылык өткөн адамдар андан[4] алыс болушат.

102. Алар анда анын дабышын да угушпайт жана алардын напси[5] эмнени кааласа, ошонун арасында түбөлүккө болушат.

103. Аларды чоң коркунуч кайгыртпайт жана периштелер тосуп чыгышат: «Бул силерге убада кылынган Күн» (дешет алар).

104. Ошол Күндө Биз асманды жазылган барак оролгондой түрөбүз. Биз алгачкы жаратууну кантип кылган болсок, аны убадабыз боюнча кайрадан ишке ашырабыз. Акыйкатта, Биз жасоочубуз!

105. Эскертүүбүздөн[6] соң Забурда[7]: «Жакшы[8] пенделерим жерге мураскор болушат», - деп жаздык.

106. Акыйкатта, мында[9] (Аллахка) сыйынган коом үчүн кабар бар.

107. Биз сени бүткүл ааламдарга мээрим катары жөнөттүк.

108. «Акыйкатта, Силердин Кудайыңар - жалгыз Кудай экендиги мага кабар кылынды. Силер мойун сунуп мусулман болосуңарбы?» - дегин.

109. Эгерде алар баш тартышса, айт: «Силердин баарыңа бирдей эле кабарладым. Бирок, силерге убада кылынган нерсе жакынбы, же алыспы, биле албаймын.

110. Акыйкатта, Ал ачык сүйлөгөндү да, жашырганыңарды да билип турат.

111. Мен силер үчүн мүмкүн бул сыноо жана бир мөөнөткө чейинки пайдалануу экендигин биле албаймын.»

112. «Оо, Эгем! Акыйкаттык менен өкүм кыл! Биздин Эгебиз Мээримдүү! Силер сыпаттап жаткан нерсеге[10] каршы Андан гана жардам суроо ылайык», - деди.

---

1 Буд-сөлөкөттөр
2 Тозокко
3 Сөлөкөттөргө сыйынгандар
4 Тозоктон
5 Көңүлү, каалоосу
6 Тоорат
7 Даудга (а.с.) түшүрүлгөн китеп
8 Такыба - таза
9 Куранда
10 «Аллах Тааланын баласы бар» - деп айткандары

# 22. ХАЖ[1] СҮРӨСҮ

**Мединада түшүрүлгөн Жетимиш сегиз айатан турат**

***Мээримдүү, Ырайымдуу Аллахтын аты менен***

1. Эй, адамдар! Эгеңерден корккула. Чындыгында, Кыйаматтын силкинүүсү[2] улуу[3] нерсе.

2. Ал Күнү ар бир эмизүүчүнүн эмизген нерсесин[4] унутканын жана ар бир бойунда бар (ургаачы) бойундагысын таштап койгонун, а адамдарды (болсо) мас абалда көрөсүң. Акыйкатта, алар мас эмес, бирок, Аллахтын азабы катуу[5]...

3. Адамдардын айрымдары Аллах тууралуу билбей эле талашышат да, азгыруучу шайтанды ээрчишет.

4. Ырасында, ким шайтанды ээрчисе, ал аны адаштырып, Тозок азабына жетелээри тагдырга жазылган[6].

5. Эй, адамдар! Эгер өлгөндөн кийин тирилүүдөн шектенсеңер, албетте, биз силерди топурактан, анан бир тамчыдан[7], анан уйуган кандан, түспөлдүү- түспөлсүз бир үзүм эттен өзүңөргө (кудуретибизди) билдирүү үчүн жараттык. Ошентип, жатындарда (Өзүбүз) каалаган белгилүү мөөнөткө чейин койуп койобуз. Анан бөбөк кылып чыгарабыз. Андан кийин эрезеге жетесиңер. Кээ бирлериңер кайтыш болуп, кай бирлериңер ар нерсени билгенден кийин, эч нерсени билбей турган өмүрдүн начарлыгына кайтарыласыңар. (Какырап) кургаган жерди көрүп турасыңар го. Ага жамгыр жаадырсак кыймылга кирип, көөп, ар түрлүү кооз өсүмдүктөрдү өндүрөт[8].

6. Чындыгында булар[9] - Аллахтын Акыйкаттыгынан. Албетте, Ал өлүктү тирилтет. Анткени, Ал - ар нерсеге Кудуреттүү.

7. Албетте, Кыйамат келет. Анда эч шек жок. Чындыгында, Аллах мүрзөдөгүлөрдү тирилтет.

---

1 Хаж - Ажылык

2 Кыйаматтагы жердин силкинүүсү

3 Өтө коркунучтуу, ал үрөй учурган окуйа

4 эмчек эмизип жаткан баласын

5 Алар кыйаматтын коркунучунан улам ушундай абалда

6 Лавхул Махфузда

7 Бир тамчы урук суйуктугунан

8 Өндүрүп, өстүрүп чыгарат

9 Жогоруда айтылган адамдын жаралышынан тарта, жерди тирилтүүгө чейинкилер баары

8. Адамдардын айрымдары билимсиз, жол башчысыз[1] жана нур[2] берүүчү китеби да жок туруп эле, [3]Аллах жөнүндө талашышат.

9. Аллахтын жолунан адаштыруу үчүн бой көтөрүшөт. Андайларга бул дүйнөдө кордук бар. Ага Кыйамат күнү куйкалоочу азаптын даамын таттырабыз.

10. «Бул мурунку жасаган иштериңердин азабы» (дейбиз). Ырасында, Аллах - пенделерине адилетсиздик кылбайт.

11. Адамдардан[4] Аллахка кошкөңүл (күмөнсүрөп) гана сыйына тургандар да бар. Эгер ага (Аллахтан) бир жакшылык келсе, бейпил болуп калат. Эгер ага[5] бир балээ[6] келсе, ал жүз үйрүп[7], бул дүйнөдө да, акыретте да зыйанга учурайт. Мына ушул - ачык зыйан!

12. Алар Аллахтан башка өздөрүнө пайда да, зыйан да бере албай турган нерселерге[8] сыйынышат. Мына ушул - абдан терең адашуу!

13. Ошентип, алар пайдасынан зыйаны жакын бирөөлөргө табынышат. Албетте, ал (сыйынгандары) кандай жаман жардамчы, кандай жаман тууган!

14. Албетте, Аллах - ыйман келтирип, дурус иштерди жасагандарды (Эгеси[9]) алдыларынан дарыйалар агып турган бактарга киргизет. Чындыгында, Аллах Өзү каалаганын жасайт.

15. Эгер ким: «Аллах, бул дүйнөдө да, акыретте да ага[10] жардам бербейт» , - деп ойлосо, ал дароо бир жип менен асманга[11] асылып, анан аны кесип көрсүн[12]. Анын бул амалы өзүнүн ачуусун келтирген нерсесинен[13] арылта алганын карап көрсүн.

16. Ошентип, Куранды ачык айаттар түрүндө түшүрдүк. Ырасында, Аллах кимди кааласа, ошону туура жолго багыттайт.

17. Акыйкатта, ыйман келтиргендер иудейлер, сабиилер, христиандар, от-

1 Пайгамбарсыз
2 Насаат
3 Ошондой караңгы боло туруп дагы
4 Адамдардын арасында
5 Аллах Тааланын сыноолорунун бири катары
6 Кайгылуу күндөр, кырсыктар, оору, кедейлик, кордук- ...сыйактуу
7 Аллах Тааланын алдында шексиз кабыл болуучу улуу жана таза дин Исламдан
8 Сөлөкөттөргө, тоого, ташка, мазарларга, сууларга ж.б.у.с.
9 Аллах Таала
10 Пайгамбары Мухаммедке
11 Бийик жайгашкан нерсеге, бийик нерсеге (мисалы, даракка, шыпка...)
12 Өлүп көрсүн
13 Эгер пайгамбар (а.с.) ошончолук эле ачуусу келсе, анда муунуп эле өлүп алсын

парастар жана Аллахка шерик кошкондордун арасын[1] Аллах, Кыйамат күнү ажыратат. Чындыгында, Аллах - бардык нерсеге Күбө.

**18.** (Эй, Мухаммед!) Көрбөйсүңбү: Аллахка асмандарда, жерде болгон бардык нерселер Күн, Ай, жылдыздар, тоолор, дарактар, айбанаттар жана адамдардын көбү сежде кылышат[2]. Ошондой эле, алардын көбүнө[3] азап буйрулган. Аллах кимди кордосо, анда аны бир да урматтоочу болбойт. Ырасында, Аллах Өзү каалаганын жасайт.

**19.** Эки топ[4] Эгелери тууралуу талашышат. Бул экөө жаңжалдашуучу топ. Каапырларга оттон кийим бычылат да, төбөлөрүнөн кайнап турган суу куйулат.

**20.** Ошону менен алардын ичиндегилери[5] менен терилери эритилет.

**21.** Алар үчүн темир барскандар бар (аларды баштарына чабуу үчүн).

**22.** Алар Тозоктун азабынан чыгууну каалашса, кайра түртүп түшүрүлөт да: «Куйкалоочу азаптын даамын таткыла!» (деп айтылат).

**23.** Ырасында, Аллах ыйман келтирип, жакшы иштерди жасагандарды, алдыларынан дарыйалар агып турган бактарга киргизет. Алар анда алтын жана бермет билериктер менен жасанышат. Андагы кийимдер жибектен болот.

**24.** Мына ушулар жакшы сөзгө[6] көндүрүлүп, Даңктуу Аллахтын жолуна салынгандар.

**25.** Чындыгында, каапыр болуп, Аллахтын жолунан жана[7] Биз анын[8] тургандары жана четтен келүүчү адамдар үчүн бирдей (ыйык) кылып койгон Ыйык Мечиттен тоскондорго, ошондой эле ким зулумдук менен жолдон чыгууну каалаstarса, ага жан чыдагыс азаптын даамын таттырабыз.

**26.** Ибрахимди Кабанын ордунда: «Мага эч бир нерсени шерик кылба.

---

1 Ушул аталгандардын кудай тууралуу талашкан маселелери боюнча Кыйаматта Аллах Таала Өз өкүмүн чыгарат

2 Бул айат «сежде айаты» деп аталып, окуган да, уккан да сежде кылууга тийиш. А сежде кандай тартипте жасаларын билүү үчүн «Мухтасар» аттуу фикх китебинин А. Исмаиловдун кыргызча котормосунун Тилават сеждеси - он үчүнчү бөлүмүн караңыз

3 Аллах Таалага сежде кылбаган көптөгөн адамдардын жана жандуу, жансыз нерселердин баарына

4 Момундар жана каапырлар тобу

5 Арам ойлору

6 Бул жерде: «Жакшы сөз», - деген: «Аллах Тааладан башка кудай жок», - деген күбөлүк берүү келмеси

7 Меккедеги жана Мединадагы эки ыйык Мечитке алып барчу жолдордо каапырлардын жүрүүсүнө тыйуу салынган

8 Мекке шаарынын

Тооп кылуучуларга[1] тик туруп, эңкейип жана баш койуп (Аллахка) сыйынуучулар үчүн[2] таза карма», - деп, Биз байан кылган кезди (эсте)[3].

**27.** Адамдарды ажылыкка чакыр. Алар (сага) жөө жана арык төөнүн үстүндө абдан алыс жолдордон келишет.

**28.** Алар өздөрүнө арналган пайдаларын көрүшсүн. Ошентип, өздөрүнө берилген малдардан белгилүү күндөрдө Аллахтын ысмы менен курмандык чалышсын! Андан өзүңөр да жегиле жана кедей-кембагалдарга да жегизгиле.

**29.** Анан алар кирлерин кетиришсин[4]. Ошондой эле, айткан убадаларын[5] аткарышып, Эски үйдү[6] тооп кылышсын[7].

**30.** Мына ушул, ким Аллахтын ардактагандарын жогору бааласа, (ошолор үчүн парыз). Аларга Эгесинин алдында жакшылыктар бар. Силерге арам экендиги[8] билдирилгендерден башка малдар адал кылынды. Эми ыплас сөлөкөттөрдөн[9] сактангыла! Ошондой эле жалган сөздөрдөн[10] сактангыла!

**31.** (Эгеңерге) чыныгы пенде болуп, Аллахка шерик кошпогула. Ким Аллахка шерик кошсо, анда ал асмандан жыгылып, аны куш чеңгелдеп алып кеткен, же болбосо шамал алыс жерге учуруп кеткен нерсе сыйактуу[11] (болот).

**32.** Мына ошол (зыйанга учурайт). Ал эми ким Аллахтын белгилерин[12] улуктаса, албетте, ал жүрөктүн такыбалыгынан.

**33.** Курмандыктан белгилүү бир мөөнөткө чейин пайдалансаңар болот[13]. Андан соң анын орду Эски Үй[14].

**34.** Биз ар бир коом үчүн аларга берген малдардан, Аллахтын гана ысмын

---

1 Каабага

2 Сыйынуулары үчүн

3 Адам ата тарабынан алгач ирет курулуп, Бүткүл дүйнөлүк топон суу учурунда урап калган болчу, андан кийин Ибрахим алейхи саламдын дооруна чейин кайра курулган эмес.

4 Чач, тырмактарын алышып, ихрамдан чыгышсын.

5 Аллах Таала үчүн жасаймын деп өз ара убада кылып койгон курбандыгын чалат

6 Каабаны

7 Жети жолу айланышсын

8 Мааида сүрөсүнүн 3-айатын караңыз!

9 Наадан доордо адамдар сыйынган, кээ бир өлкөлөрдө азырга чейин сакталып калган эстелик кейиптүү сөлөкөттөргө сыйынуудан

10 Жалган сүйлөөдөн, жалганды берилип угуудан...

11 Аллах Тааладан алыс калат

12 (Курбандыктарынын) мыктысын, семизин сойуп

13 Курбандыкка чалынганга чейин малды минүүгө, жүк ташууга, төлүнөн, сүтүнөн, жүнүнөн пайдаланууга болот. Ал эми курбандыкка сойулгандан кийин көптөгөн соопко ээ болот.

14 Каабанын жанында курбандык чалынат

атап, курмандык чалууну буйурдук. Анткени, Кудайыңар жалгыз - Аллах! Ошондуктан Ага мойун сунгула. [1]Мойун сунгандарды кубандыр[2].

**35.** Аллахтын аты аталганда алардын[3] жүрөктөрү титиреп турат[4]. Өздөрүнө келген кыйынчылыктарга чыдап, намаздарын өз убагында аткарып, (Биз) берген ырыскылардан тиешелүү жерлерге сарпташат[5].

**36.** Төөлөрдү силер үчүн Аллахтын белгилери катары жараттык. Мына ушунда силер үчүн жакшылык бар. Аларды тургузуп[6] койуп, ага Аллахтын ысмын атагыла. Качан алардын жамбаштары жерге тийсе, (жаны чыккандан кийин) өзүңөр жеп, муктаждарга да, муктаж эместерге да жегизгиле[7]. Ошентип силер (Аллахка) шүгүр кылышыңар үчүн, малдарды силерге багындырып койдук.

**37.** Курбандыгыңардын эттери жана кандары эч качан Аллахка жетпейт[8]. Бирок, силердин такыбалыгыңар гана (Аллахка) жетет[9]. Силерге Туура жол көрсөткөн Аллахты улукташыңар үчүн ушинтип малдарды силерге багындырып койдук. [10]Жакшылык кылгандарды (Бейиш менен) кубандыр.

**38.** Албетте: Аллах ыйман келтиргендерди коргойт. Албетте, Аллах бардык кыйанатчыларды жана жакшылыктын[11] баркын билбегендерди сүйбөйт.

**39.** Чындыгында чабуул жасалып[12], зулумдукка учурагандар үчүн согушуу үчүн уруксат берилди. Албетте, Аллахтын аларга жардам берүүгө күчү толук жетет.

**40.** Алар: «Эгебиз - Аллах!» - дегендиги үчүн гана жазыксыз жерден журттарынан куулгандар. Эгер Аллах адамдардын кээ бирин башкасы аркылуу коргобосо кечилканалар[13], чиркөөлөр, иудейлердин сыйынуу

---

1 Мухаммед (а.с.)га кайрылуу!

2 Аллах Таалага сыйынууга дилгир адамдарды Бейиш кабары менен сүйүнчүлө

3 Момундардын

4 Жаратkандан коркуусу күчөйт

5 М: зекет, үй-бүлөсүн багуу, үшүр, садака, кайрымдуулук ж.б.у.с.

6 Алардын буту колун байлап туруп

7 Катып албагыла!

8 Аллах Таалага силер сойгон малдын эти да, каны да, эч нерсесинин кереги жок. Ал эч нерсеге муктаж эмес. Аллах Таала силер өзүңөр жакшы көргөн малыңардан Эгеңердин ыраачылыгын табуу үчүн сарптоого эркиңер жетеби-жетпейби, ошону сыноо үчүн курбандыкты буйруп койгон

9 Курбандык чалуу - силердин канчалык такыба экендиктериңерди да көрсөтүп турат...

10 Мухаммед (а.с.)га кайрылуу

11 Аллах Тааланын жасаган жакшылыктарын

12 Силерге каапырлар тараптан

13 Чиркөөлөр

жайлары[1] жана ичинде Аллахтын ысмы көбүрөөк аталган мечиттер кыйратылмак. Ким Аллах жолунда[2] жардам берсе, Аллах да ага жардам берет. Чындыгында, Аллах - Күчтүү жана Ызааттуу!

**41.** Эгер аларды[3] жер жүзүнө (бекем) жайгаштырсак, алар намаздарды аткарып, зекет беришип, жакшылыкка чакырып, жамандыктан тыйышат. Акыйкатта, иштердин акыбети[4] - Аллахка таандык.

**42.** [5]Эгер алар[6] сени жалганчыга чыгарышса, ырасында, алардан мурун Нухтун эли, аад жана самуд эли да (өз пайгамбарларын) «жалганчы» атыктырышкан.

**43.** Ошондой эле, Ибрахим эли менен Нух эли да (аларды «жалганчы» дешкен).

**44.** Мадйан эли да (Шуайпты) жалганчыга чыгарышып, Муса да «жалганчы» атыккан. Ошентип каапырларга (бир аз) мөөнөт бердим[7]. Андан соң аларды катуу кармадым[8]. Каарым кандай экен?!

**45.** Канчалаган заалым шаарларды тыптыйпыл кылдык. Алардын шыбы астын-үстүн түшүп жатат. Ошондой эле ээн калган кудук, ойрон болгон хансарайларды (карагылачы!).

**46.** Алар[9] эмне (сайакаттап) жер кезбей жатышабы? Анан да, алардын түшүнө турган жүрөктөрү, уга турган кулактары болсо кана. Ырасында (каапырлардын) көздөрү сокур эмес[10]. Бирок көөдөндөгү жүрөктөрү сокур[11]!

**47.** [12]Алар сенден азаптын тез келишин талап кылышат. Аллах Өз убадасына каршы чыкпайт. Чындыгында, Аллахтын алдындагы бир күн - силердин санак бойунча миң жылга тете.

**48.** Канчалаган шаарларга, алар заалым болгонуна карабастан (белгилүү бир) мөөнөт берип, андан кийин гана алдым[13]. Кайтуу Мага (гана).

---

1 Монастырлар

2 Мусулмандарга жана ислам динине

3 Мусулмандарды, момундарды, такыбаларды

4 Натыйжасы

5 Мухаммед (а.с.)га кайрылуу

6 Каапырлар, мушриктер, мунафыктар...

7 Бул дүйнөдө өмүр сүрүү мөөнөтүн узагыраак кылып койдум...

8 Өтө катуу азап менен алдым

9 Каапырлар

10 Кыйрап калган Помпей, Вавилон сыйактуу шаарларды кароого жете турган көрүү касиетин аларга деле тартуулаганбыз.

11 Көзү менен көрүп, кулагы менен угуп, колу менен кармап турган нерселерден туура тыйанак чыгарууга кудуретсиз, жөндөмсүз, алсыз...

12 Мухаммед (а.с.)га кайрылуу

13 Кырсык аркылуу кыйноо менен жандарын алдым

49. [1]«Эй, адамдар! Чындыгында, мен - бар болгону силерге ачык эскертүүчүмүн»,-дегин.

50. Ал эми (Аллахка) ыйман келтирип, жакшы[2] амалдарды жасагандарга (Аллахтын) кечирими жана сыйлуу ырыскылар бар.

51. Айаттарыбызды бузууга жарышып аракет кылгандар - алар Тозок ээлери.

52. Сенден мурун деле элчи, же пайгамбар жиберсек жана ал окуса, анын окуганына шайтан адашуу салган. Аллах - шайтандын адаштыруусун жокко чыгарып, анан Өз айаттарын бекемдейт. Аллах - Билүүчү, Даанышман!

53. Шайтандын үстөмдүгү - жүрөктөрүндө күмөн ооруусу барларга, жүрөктөрү катып калгандарга, аларды сыноо үчүн (жасалды). Албетте, заалымдар[3] абдан терең адашууда.

54. Илим берилгендер Курандын Эгеңден келген Акыйкат экендигин билип, андан жүрөктөрү жай алуусу үчүн (түшүрүлдү). Албетте, Аллах ыйман келтиргендерди, туура жолго Багыттоочу!

55. Ал эми каапырлар келе турган Кыйамат кокустан келгенге чейин, же акыркы күндүн азабы келгенге чейин ыйык Курандан шектене беришет.

56. Ошол Күнү Кожойундук - Аллахка гана таандык (болот). Алардын араларында[4] (Аллах) өкүм чыгарат. Ошондо ыйман келтиргендер, жакшы амалдарды жасагандар - Ырахат бактарында[5] (болушат).

57. Каапырлык кылып, [6]айаттарыбызды жалган дегендерге кордоочу азап бар.

58. Ал эми Аллах жолунда көчкөндөр[7], анан өлтүрүлгөн же өлгөн адамдарга, Аллах мыкты ырыскыларды тартуу кылат. Албетте, Аллах - ырыскы берүүчүлөрдүн эң Мыктысы!

59. Аллах аларды ыраазы боло турган жайга киргизет. Чындыгында, Аллах - Билүүчү, Жумшак!

60. Мына ушундай, ким өзүнө (жамандык) жасалган деңгээлде гана жаман-

---

1 Мухаммед (а.с.)га кайрылуу

2 Бир гана Аллах Тааланы ыраазычылыгына жетүү үчүн

3 Зулумдук менен шугулданган адилетсиз каапырлар

4 Алар тынбай талашып келген маселелер тууралуу

5 Бейиште

6 Куранды

7 Аллах ыраазычылыгы үчүн Меккеден Мединага көчкөндөр

дык кылууга укуктуу[1]. Эгер ким чектен ашса, албетте, Аллах тигиге[2] жардам берет. Чындыгында, Аллах - Кечиримдүү, Боорукер.

61. Мына, ырасында Аллах түндү күндүзгө, күндүздү түнгө кошот. Акыйкатта, Аллах - ар нерсени Угуучу, Көрүүчү!

62. Ырасында, Аллах - Акыйкат! Албетте, алардын Аллахтан башкага сыйынгандары теке кетүүчү (сыйынуу). Акыйкатта, Аллах - Бийик, Улуу!

63. Карабайсыңбы: Чындыгында, Аллах - асмандан жамгыр жаадырып, жер жапжашыл болууда. Албетте, Аллах - Ырайымдуу, Билүүчү!

64. Асмандар менен жердеги нерселердин баары - Аллахтыкы! Чындыгында, Аллах - Бай, Даңктуу!

65. Чындыгында, Аллахтын жердегилерди жана Өз буйругу менен деңиздерде (сүзүп) жүргөн кемелерди силерге багындырып койгонун жана Өз буйругусуз асмандын жерге түшүшүн токтотуп турганын көрбөй жатасыңарбы? Чындыгында, Аллах - адамдарга Ырайымдуу, Боорукер!

66. Аллах - силерди тирилтти, анан өлтүрөт. Анан (Кыйаматта) кайра тирилтет. Ырасында, адам баласы (Аллахка) шүгүрсүздүк кылат[3].

67. Ар бир коом үчүн, алар аткара турган бир эреже[4] жасадык. Ошондуктан алар [5]сени менен бул иш тууралуу тартышпасын. (Сен) Эгең тарапка чакыр. Сен, албетте, туура жол үстүндөсүң.

68. Эгер алар сени менен талашса, анда аларга: «Аллах эмне жасап жатканыңарды жакшы билет»,- дегин.

69. Аллах Кыйамат күнү алар (силер менен) талашып-тартышкан нерселер тууралуу өкүм чыгарат.

70. Аллахтын жердеги, асмандардагы нерселердин (баарын) биле турганын билбейсиңби? Албетте, булар[6] Китепте жазылуу. Чындыгында, бул[7] - Аллахка оңой!

71. Алар Аллахтан башка, ага[8] эч бир далил түшүрүлбөгөн жана ал жөнүн-

---

1 Өзүнө канчалык зулумдук жасалган болсо, ошончолук денгээлде өч алуу менен жооп берүүсү керек. Чектен ашып, кайра-кайра өч алууга Аллах Таала жол бербейт. Андайды Аллах Таала сөзсүз жазалайт

2 Ашыкча зулумдукка учураган адамга

3 Аллах Тааланын сансыз жакшылыктарын көрүп туруп, шүгүр келтирип, ыраазы болуп койбойт

4 Шариат

5 Мухаммед (а.с.)га кайрылуу

6 Бул дүйнөдө болуп өткөн, болуп жаткан жана келечекте болуучу бардык окуйалар... Акыретте эмнелер болоору...

7 Эч нерсени калтырбай, баары тууралуу билүү -

8 Мушриктер сыйынган сөлөкөттүн кудай экендигине

дө өздөрүндө да эч бир маалымат болбогон нерселерге[1] сыйынышат. Ал заалымдар[2] үчүн (Кыйаматта) бир да жардамчы болбойт[3].

**72.** Ар качан аларга айкын[4] айаттарыбыз окулса, каапырлардын жүзүнөн каршылыкты сезесиң. Ошондуктан алар өздөрүнө айаттарыбызды окуган адамды баса кала жаздашат[5]. Аларга: «Эми силерге мындан да жаманынын кабарын берейинби? Ал - от! Аллах аны каапырларга[6] убада кылган кандай жаман жай!»- деп айткын.

**73.** Эй, адамдар! (Силерге Аллахтан) бир мисал келтирилди. Эми ошого кулак салгыла: «Силердин Аллахтан башкага сыйынгандарыңардын баары жыйналып келсе, бир чымынды да жарата албайт. Эгер чымын алардын бир нерсесин алып качса, андан аны куткарып да кала алышпайт. Анткени кубалаган да, кууган да алсыз[7].

**74.** Алар Аллахтын кадырын билип, чындап баалай алышпайт! Аллах - Кубаттуу, Ызааттуу!

**75.** Аллах периштелерден да, адамдардан да элчилерди тандап алат. Чындыгында, Аллах - Угуучу, Көрүүчү!

**76.** Алардын алдындагыларды да[8], Курандагы айаттардын чындыгына каршы чыккандарга артындагыларды[9] да билет.

**77.** Эй, ыйман келтиргендер! Рүкү[10], сежде кылып[11], Эгеңерге сыйынгыла жана (адамдарга, туугандарыңарга) жакшылык кылгыла. Балким, (тозоктон) кутулаарсыңар.

**78.** Аллах жолунда чын дилиңерден күрөшкө чыккыла. Силерди Ал[12] тан-

---

1 Сөлөкөт-буддарга... ж.б.у.с.

2 Өз жандарына өздөрү зулумдук кылып, Тозокко түшүрүүчүлөр

3 Аларды Тозоктон куткарып алаар

4 Маанилери түшүнүктүү

5 Абдан жек көрүшөт. Анткени ал айаттарда алардын орду тозок экени ачык айтылып, жердеги алардын жыргалдарын жокко чыгарып жатпайбы

6 Курандагы айаттардын чындыгына каршы чыккандарга

7 Өтө алсыз...кудуретсиз, колунан эч нерсе келбеген, Аллах Таала тарабынан жаратылган жандар...

8 Алар эми, мындан ары баштарынан кечире турган окуйаларды

9 Алардын башынан мурда өткөн окуйаларды

10 Намаз учурундагы колду тизеге койуп, эңкейип турган көрүнүш

11 Бул айат «сежде айаты» деп аталып, окуган да, уккан да сежде кылууга тийиш. А сежде кандай тартипте жасаларын билүү үчүн «Мухтасар» аттуу фикх китебинин кыргызча котормосунун Тилават сеждеси - он үчүнчү бөлүмүн караңыз.

12 Аллах Таала

дап алды[1]. Силерге динде[2] кыйынчылык жараткан жок. (Ислам) атаңар[3] Ибрахимдин жолу. Аллах мурун да, ушул Куранда да пайгамбардын (Кыйаматта) силерге күбө болушун, силердин болсо башка (замандаш адамдарыңарга[4]) күбө болушуңар үчүн «мусулман» деп атады. Эми намазды толук аткаргыла. Зекет бергиле жана Аллахты бекем кармангыла[5]! Кожойунуңар - Ошол[6]. Ал - кандай мыкты Жардам берүүчү!

## 23. МУМИНУН[7] СҮРӨСҮ

**Меккеде түшүрүлгөн Жүз он сегиз айаттан турат**

***Мээримдүү, Ырайымдуу Аллахтын аты менен***

1. Чындыгында, момундар - ийгиликке жетишти.
2. Алар намаздарында коркуу[8] менен (окушат).
3. Маанисиз иштерден (сөздөрдөн) жүз үйрүшөт,
4. алар зекетин да беришет;
5. уйаттуу жерлерин сакташат[9];
6. жубайлары менен күңдөрүнөн башкалардан; булар үчүн алар жемеге алынбайт[10];
7. ким мындан артыкты издесе, алар чектен чыккандар;
8. Алар аманатын сакташат жана убадаларын аткарышат;
9. намаздарын дайыма окушат[11].

---

1 Ушул доордо, ушул чөйрөдө жаратып, адашуучулардын арасынан чыгарып, Бейишке кирүүчү мусулманга айландырды

2 Ислам дининин эрежелерин аткарууну бардык шарттарга ылайыктап: үйдө да, сапарда да баратып, (ал тургай ооруп калгандар) намазды олтуруп, же жатып окуй турган кылып жөнөкөйлөтүп койду

3 Ибрахим ( а.с.) - бүткүл мусулмандар үчүн өрнөк болуучу улуу пайгамбарлардын бири, Мухаммед (а.с.) пайгамбарыбыздын түпкү аталарынын бири, ал өтө такыбалыгы менен «ханиф» атка конгон

4 Алардын Аллах Таалага, Анын акыркы пайгамбары Мухаммед (а.с.)га канчалык мойун сунуп, же четке какканына Кыйамат күнү күбө болушуңар үчүн

5 Аллах Тааланын жолун бекем карманып, ислам жолунан чыгып кетпештин бардык аракеттерин жасагыла

6 Аллах Таала

7 Муминун - Момундар, Аллах Таалага чын ыкластан берилген пенделер, анык мусулмандар

8 Аллах Тааладан

9 Күнөөлүү ишке жумшабайт

10 Бул күнөө эмес

11 Намаздар өз убагында жана кунт койуп, чын ниеттен окулуусун билдирет

10. Ошолор мураскорлор болушат.

11. Алар Бейишке мураскор болушат да, анда түбөлүккө калышат.

12. Биз инсанды тандалма чоподон жараттык.

13. Андан соң аны тамчы түрүндө бекем орунга жайгаштырдык.

14. Андан соң тамчыдан уйуган кан жараттык, уйуган кандан бир үзүм этти (жасап), бир үзүм эттен сөөк жасадык да, сөөктү эт менен каптадык. Андан соң Биз аны башка бир жаратылышта өстүрдүк. Жаратуучулардын эң мыктысы Аллах улук болду!

15. Андан соң силердин өлөрүңөр анык.

16. Андан соң Кыйамат күнүндө тирилтилесиңер.

17. Силердин үстүңөргө жети асманды жараттык. Жаратууда Биз кайдыгер болбодук.

18. Биз асмандан өлчөм менен жаан жаадырып, аны жерге жайгаштырабыз. Биз аны токтотуп да койо алабыз.

19. Биз аны менен силердин курма, жүзүм багыңарды өстүрөбүз, буларда силер үчүн көптөгөн жемиштер бар, андан жейсиңер.

20. Тур тоосуна дарак[1] өстүрдүк. Андан жегендер үчүн май жана татымал[2] өсөт.

21. Акыйкатта, малдарда силер үчүн үлгүлөр бар. Алардын ичиндегини[3] ичиребиз. Аларда силер үчүн көп пайда[4] бар, алардан азыктанасыңар.

22. Аларда жана кемелерде жүрөсүңөр.

23. Биз Нухту анын коомуна жөнөттүк. Ал: «Эй, элим! Аллахка сыйынгыла, андан башка кудай жок. Эми коркпойсуңарбы?» - деди.

24. Анын коомунун жетекчилери болгон каапырлар: «Бул силерге эле окшогон киши. Ал силердин үстүңөрдөн үстөмдүккө жетүүнү каалоодо. Эгер Аллах кааласа, периштелерди жөнөтөөр эле. Бул өңдүүнү биз ата-бабаларыбыздан[5] уккан жок элек.

25. Бул акылы айный түшкөн бир киши. Бир аз убакытка чейин күтө тургула», - дешти.

26. Ал: «Эгем! Мага жардам кыл! Алар мени жалганга чыгарышты», - деди.

27. Ага Биз кабар бердик: «Биздин көзөмөлүбүз жана кабарлообуз менен кеме жаса. Биздин буйругубуз келип, тандыр кайнап, суу атылганда, ар

---

1 Инжир

2 Зайтун майы ар түрдүү татымалдарга, тамактарга кошулуу үчүн, сыйпоочу майларды дайардоо үчүн колдонулат.

3 Сүттү

4 Эти, майы, териси, жүнү, мүйүзү

5 Мурдакы

бир жыныстагы (айбандардан) жуптарды жана үй-бүлөңдү, өздөрүнө каршы буйрук[1] өткөндөрдөн башкаларды алып, кемеге түш. Жана Менден заалым болгондор үчүн (кечирүүнү) суранба, анткени алар сууга чөктүрүлөт.»

28. Сен жана сени менен бирге болгондор кемеге жайгашкан кезде: «Аллахка мактоо! Ал Бизди заалым коомдон куткарды», - деп айт.

29. «Эгем! Мени кут даарыган - жакшы жайга[2] түшүр, сен жай берүүчүлөрдүн эң мыктысысың!» - дегин.

30. Акыйкатта, мында белгилер бар. Чындыгында, Биз сынаган элек[3] (Нухтун коомун).

31. Алардан соң Биз башка бир коомду жараттык.

32. Аларга өздөрүнөн пайгамбар жөнөттүк: «Аллахка сыйынгыла! Силерге Андан башка кудай жок. Эми сактанбайсыңарбы?»

33. Акыретти жалганга чыгарышкан, Биз аларга бул дүйнө менен ырахаттана турууну берген, каапырлардан болгон коомдун ичиндеги башчылары айтышты: «Бул жөн эле силерге окшогон киши, ал силер жегениңерди жейт, ичкениңерди ичет;

34. эгер силер өзүңөргө окшогон кишиге баш ийсеңер, албетте зыйан тартасыңар;

35. ал силер өлүп топурак менен сөөк болгондон кийин (кайра тирилип) чыгарыңарды чын эле убада кылабы?

36. Силерге убада кылынгандар узаак, узаак!

37. Бул дүйнө гана бар. Биз өлөбүз жана жашайбыз, бирок биз кайрадан тирилбейбиз.

38. Ал жөн эле киши. Ал Аллахка жалган жалаа жаап жатат, биз ага ишенбейбиз».

39. Ал[4]: «Эгем! Мага жардам кыл. Алар мени жалганчы кылышты», - деди.

40. Ал[5]: «Жакын арада алар өкүнүүчүлөрдөн болушат», - деди.

41. Аларга акыйкаттык менен[6] катуу чыккан үн жетти. Аларды таштандыдай кылдык. Заалым коомго кыйроо жетсин!

42. Андан соң Биз башка муунду жараттык.

---

1 Алардын жок болушу буйрукта болгон

2 Кемени алып барып токтотуп жана жайгаша турган жакшы жер

3 Нухтун коомун, Аллах Таала сынап, аларга пайгамбар жиберип, туура жолго чакырткан. Алар Нухка ишенбей, шылдындашкан

4 Худ (а.с.)

5 Аллах Таала

6 Мурун Аллах Таала тарабынан пайгамбар аркылуу убада кылынгандай

43. Эч бир коом белгиленген мөөнөттөн ашып да, же андан кечигип да калбайт.

44. Андан соң пайгамбарларыбызды биринин артынан бирин жөнөттүк. Ал коомго алардын пайгамбарлары ар жолу келген сайын, аларды жалганга чыгарышты. Биз биринин артынан башкасын ойрондоп, аларга үлгү-насаат кылдык. Ишенбеген коомго узактык[1] болсун!

45. Андан соң Биз Мусаны, анын бир тууганы Харунду Биздин айкын далилдерибиз менен жөнөттүк.

46. Фараонго жана анын жан-жөкөрлөрүнө, алар текеберленишти. Алар бой көтөргөн коом эле.

47. Алар: «Эли бизге кул болгон, өзүбүзгө окшогон эки кишиге чын эле баш ийебизби?»

48. Алар ал экөөнү жалганга чыгарышты жана кыйрагандардан болушту.

49. Биз Мусага Китеп бердик. «Мүмкүн алар Туура жолго түшөөр».

50. Биз Марйамдын уулун жана анын[2] энесин белги кылдык жана аларга тегиз дөңсөөдөн булактуу жай бердик.

51. Эй, элчилер! Адалдарды гана ичип- жегиле жана жакшылык иштерди кылгыла! Акыйкатта, Мен силердин эмне кылганыңарды жакшы билүүчүмүн.

52. Чындыгында, силердин үммөтүңөр бир эле эл[3]. Мен силердин Эгеңермин. Менден корккула!

53. Алар өздөрүнүн бир динин түрдүү топторго ажыратып алышты. Ар бир топ өздөрүндөгүгө гана кубанууда.

54. Аларды өздөрүнүн адашуусунда бир нече мөөнөт калтыра тур.

55. Ырас эле алар ойлошобу: аларды Биз байлык жана уулдар менен колдоп;

56. жакшылыктар менен сыйлаганы жатыптырбызбы? (Жок!) Балким алар сезишпейт.

57. Акыйкатта, Эгесинин алдында коркунучтан калтырагандар;

58. алар Эгесинин айаттарына ишенишет;

59. алар Эгесине шерик кошушпайт;

60. алар берилүүгө тийишин[4] беришет. Эгесине кайтып баруудан жүрөктөрү калтырайт;

61. алар жакшылыктарга умтулууда башкалардан озуп кетүүнү каалашат.

1 Аллах Тааланын ырайымынан узак болсун

2 Иса (а.с.)дын энесин

3 Бир бүтүн эл

4 Садака, зекет

62. Биз инсанга анын алы жеткенди гана жүктөйбүз. Бизде акыйкатты гана сүйлөгөн китеп[1] бар жана аларга адилетсиздик кылынбайт.

63. Бул[2] тууралуу алардын жүрөктөрү караңгылыкта[3]. Алардын мындан башка да жасап жаткан (күнөөлүү) иштери бар.

64. Биз алардын байларын жазага тартсак, алар жардам сурап зарлашат.

65. Бүгүн зарлабагыла. Чындыгында силерге Бизден жардам жок.

66. Менин айаттарым силерге жеткирилген. А силер кетенчиктеп;

67. менменсинип, түнү бойу (сандырактап) сүйлөшкөн абалда таштап койосуңар[4].

68. Алар бул Сөзгө (Куранга) ой чаптырышпайбы? Же аларга оболку ата-бабаларына келбеген нерсе келдиби?

69. Же алар өз пайгамбарын таанызбай, аны артка кайтара башташтыбы?

70. Же алар: «Аны жинди», - дешеби? (Жок!) Ал чындык менен келген, бирок алардын көбү чындыкты жек көрүшөт.

71. Эгерде чындык алардын каалоолоруна ээрчисе, албетте, асмандар менен жерлер жана алардагылар бузулуп кетээр эле. (Жок!) Аларга Биз эскертме[5] бердик. Бирок алар андан баш тартышууда.

72. Сен алардан акы сурадыңбы? Эгеңдин акысы мыкты. Ал - ырыскы берүүчүлөрдүн эң жакшысы.

73. Албетте, сен аларды туура жолго чакырасың.

74. Акыйкатта, каапырлар акырет жашоосуна ишенбей, жолдон тайууда.

75. Эгерде Биз аларга ырайымдуулук кылып, аларды кырсыктан куткарсак, алар өз адашууларын улантып, сокур түрдө кете беришээр эле.

76. Биз аларды жазаладык. Бирок алар өздөрүнүн Эгесине баш ийишпеди жана Андан сураныпшпады.

77. Биз аларга катуу азаптын эшигин ачканыбызда, алар үмүтсүздүккө кабылышты.

78. Ал силер үчүн кулак, көз жана жүрөктү жараткан. Силер аз шүгүр кыласыңар!

79. Ал силерди жер жүзүнө тараткан жана силер Ага карай чогуласыңар.

80. Ал тирилтет жана өлтүрөт, түндүн жана күндүздүн алмашуусу Ага тандык. Эмнеликтен акыл калчабайсыңар?

---

1 Жакшы-жаман, сооп-күнөө иштери жазылган амал китеби

2 Куран

3 Сабатсыздыкта, наадандыкта

4 Куранга маани бербей таштап койосуңар

5 Куран

81. Балким, алар[1] мурунку элдер айтканды эле айтышат.

82. Алар айтышат: «Биз өлүп, топурак жана сөөк болгонубузда, чын эле кайта тирилебизби?

83. Бизге жана биздин ата-бабаларыбызга бул небак убада кылынган. Бул байыркылардын гана жомогу».

84. «Эгер силер билсеңер, Жер менен анын үстүндөгүлөр кимге таандык?» - дегин.

85. Алар: «Аллахка», - дешет. «Анда эмнеге эстебейсиңер?» - дегин.

86. «Жети асмандын жана Улуу Арштын Эгеси ким?» - деп сура.

87. Алар: «Аллах», - дешет. «Анда да коркпойсуңарбы?» - дегин.

88. «Эгер силер билсеңер, бардык нерселердин үстүнөн бийлик кимде? Ал өзү коргоочу болуп, ага эч ким коргоочу боло албаган ким?» - дегин.

89. Алар: «Аллах», - дешет. «Анда эмнеге алдандыңар?» - дегин. Мушриктер - сөлөкөттөргө сыйынгандар.

90. Ооба, Биз аларга чындыкты алып келдик. А алар болсо жалганга чыгарышууда.

91. Аллах Өзүнө уул алган эмес[2]. Аны менен бирге (башка) кудай болгон эмес. Эгер андай болбосо, ар бир кудай өз жаратkандарын алып кетээр эле жана бир-биринин үстүнөн чоңдук кылат эле. Аллах алар сыпаттап жаткан нерселерден аруу, таза.

92. (Ал) кайыпты да, ачыкты да билип турат. Ал алар шерик кошуп жаткан шериктерден бийик.

93. «Эгем! Эгер зарыл болсо, Сен аларга убада кылынгандарды мага көргөзсөң,» - дегин.

94. Оо, Эгем! Мени заалым коомдун арасында калтыра көрбө!

95. Акыйкатта, Биз сага, аларга убада кылынгандарды көргөзүүгө кудуреттүүбүз.

96. Жамандыкты жакшылык менен артка кайтар. Алардын Биз сыпаттап жаткан нерселерин жакшы билебиз.

97. «Эгем! Шайтандардын азгырыктарынан коргоону биз Сенден издейбиз», - дегин.

98. Алардын мени ороп калуусунан, Эгем өзүң менен сактанам.

99. Алардын бирине өлүм келген кезде, ал: «Оо, Эгем! Мени артка кайтара көр!» - деп айтат.

100. «Мүмкүн, мен калтырган дүйнөдө жакшылыктарды иштермин». Жок! Бул өзү айтып келген эле сөз. Алардын артында алар тирилчү күнгө чейин тосмо бар.

1 Мушриктер – сөлөкөттөргө сыйынгандар

2 Баласы жок

**101.** Качан сурнай үнү жаңырган күнү, алардын ортосунда тууганчылыктар унутулат жана бир-биринен сурай алышпайт.

**102.** Кимдин таразасы оор болсо[1], алар ийгиликке жетүүчүлөр.

**103.** Кимдин таразасы жеңил болсо[2], алар өздөрүнө өздөрү зыйан кылгандар. Алар тозокто түбөлүккө калышат.

**104.** От алардын беттерин күйгүзөт жана анда эриндери түрүлүп (кейпи кетет).

**105.** «Менин айаттарым окулганда силер аны жалганга чыгарбадыңар беле?» (делинет).

**106.** Алар айтышат: «Эгебиз! Биздин бактысыздыгыбыз үстөмдүк кылып, адашкан эл болдук.

**107.** Эгебиз! Бизди бул жерден чыгар. Эгер биз кайрадан күнөө кылсак, анда биз заалымдардан болобуз».

**108.** Ал: Ошол жакта[3] алыс болгула! Мага сүйлөбөгүлө!

**109.** Менин пенделеримдин бир бөлүгү: «Эгебиз! Биз ишенебиз, биздин күнөөлөрдү кечир! Бизди мээримиңе бөлө. Сен мээримге бөлөөчүлөрдүн эң мыктысысың», - дегендер эле.

**110.** Силер аларды шылдыңга алдыңар. А түгүл аныңар[4] Мени эстөөнү такыр унуттурду.

**111.** Бүгүн Мен аларды сабыр кылганы үчүн сыйладым, алар ийгиликке жеткендерден болушту.

**112.** Аллах: «Силер жерде канча убакыт болдуңар?»[5] - деп сурайт.

**113.** Алар: «Биз бир күн, же жарым күндөй эле болдук. Бирок, эсептеп жүргөндөрдөн сурагыла», - дешет.

**114.** Ал айтат: «Эгер билсеңер, силер аз эле убакыт болдуңар,

**115.** Биз силерди жөн эле (ойноп) жаратып, силер Бизге «кайра кайтпайбыз» деп ойлодуңарбы?»

**116.** Аллах бардык нерселерден жогору турган Акыйкат, Өкүмдар. Андан башка кудай жок. Ал - Улуу Арштын Эгеси!

**117.** Ким эч кандай далили жок «кудайларга» Аллах менен бирге табынса, анын эсеп-кысабы Эгесинин алдында. Каапырлар ийгиликке жете алышпайт.

---

1 Сооп амалдары көп болсо

2 Сооп амалдары аз болсо

3 Тозокто

4 Шылдыңыңар

5 Аллах Таала пенделеринен сурайт. Пенделер бул дүйнөдө жүрүп, бүткүл өмүрү ушунчалык тез өткөнүн билбей калышат

118. «Эгем! Мени кечир жана ырайымыңа бөлө! Сен мээримдүүлөрдүн эң жакшысысың», - дегин.

# 24. НУР СҮРӨСҮ

**Мединада түшүрүлгөн Алтымыш төрт айаттан турат**

***Мээримдүү, Ырайымдуу Аллахтын аты менен***

1. Бул сүрөнү түшүрдүк да, анын өкүмдөрүн (аткарууну) парз кылдык. Насаат алышыңар үчүн мында ачык- айкын айаттарды түшүрдүк.
2. Айагы суйук[1] айал менен айагы суйук эркектин ар бирине жүз балак ургула. Эгер Аллахка жана акырет күнүнө ишенсеңер, анда аларга жумшактык кылбагыла. Албетте, экөөсүнүн жазасына момундардын бир тобу күбө болсун (көрүп турсун).
3. Айагы суйук эркек - айагы суйук айал менен, же болбосо мушрик[2] айал менен үйлөнүшү керек. Айагы суйук айал да, айагы суйук эркек, же болбосо мушрик эркек менен гана баш кошот. Бул[3] момундарга арам кылынды[4].
4. Таза айалдарга «айагы суйуктук кылды» деп жалган жалаа жапкандар эгер төрт (адамдан турган) күбө келтире албаса, анда алардан сексен балак алынсын. Мындан соң[5] алардын күбөлүктөрүн эч качан кабыл албагыла[6]. Мына ушулар[7] - бузукулар.
5. Бирок андан кийин тообо кылып, түзөлгөндөргө Аллах - Кечиримдүү, Мээримдүү!
6. Өз жубайларына «айагы суйуктук кылды», - деп жалаа жаап, өздөрүнөн башка эч бир далилдери,(күбөлөрү) болбогондордун ар биринин күбөлүгү - чын айтып жаткандары тууралуу төрт жолу Аллахтын аты менен карганат.
7. Бешинчи жолкусунда (эркек): «Эгер жалган айтуучулардан болсом, мага Аллахтын каргышы тийсин!» (дейт).

---

1 Никесиз, бузук иш жасаган

2 Көп кудайга сыйынуучу

3 Айагы суйуктар менен баш кошуу

4 Тыйуу салынды

5 Жалганчылар билингенден кийин

6 Алардын сөзүнө эч качан ишенбегиле

7 Таза айалдарга жалган жалаа жапкан жалганчылар

8. Күйөөсүнүн жалган жалаа жаап жатканы жөнүндө айалы да төрт ирет Аллахтын аты менен ант ичип, өзүнөн жазаны кетире алат[1].

9. Бешинчи жолкусунда айал: «Эгер анын айткандары чын болсо, мага Аллахтын каары тийсин!» (дейт).

10. Эгер силерге Аллахтын кең пейилдиги жана ырайымы болбогондо... (эмне деген гана азапты тартпайт элеңер!). Чындыгында, Аллах - тообolорду кабыл кылуучу, Даанышман.

11. Чындыгында, силердин ичиңерден жалган айткан топтун сөзүн (өзүңө келген) жамандык катары түшүнбөгүлө. Тескерисинче, ал силер үчүн жакшылык (болуп саналат). Алардын ар бири күнөөгө ээ болду. Алардын башчылык кылган чоңуна зор азап бар[2].

12. Эгер аны укканыңарда момун эркек менен момун айалдар дилдеринде жакшылыкты гана ойлоп: «Бул даана жалаа», - деген болсо (өздөрүнө жакшы болор эле).

13. Алар ага төрт күбө келтириши керек болчу. Албетте, алар күбө (далил) келтирише алган жок. Мына ушулар - Аллахтын алдында жалганчы болгондор.

14. Эгер силерге бул дүйнө менен акыретте Аллахтын жакшылыгы[3], ырайымдуулугу болбогондо, албетте, жалган жалаа жапканыңардын айынан зор азапка дуушар болмоксуңар.

15. Ошол убакта өзүңөр билбеген нерсени (жалааны) оозеки жайылтып, ага жеңил карадыңар. Ал (жалаа), чындыгында, Аллахтын алдында чоң күнөө.

16. Аны угуп жаткан кезде: «Мындайды биздин айтуубузга болбойт. Оо, Аллах, Сени аруулайбыз. Бул - чон жалаа»,- дебедиңер беле?!

17. Эгер момун болсоңор, анда Аллах мындайды эч качан кайталабашыңарды эскертет.

18. Аллах силерге айаттарын ачык байан кылууда. Анткени, Аллах - Билүүчү, Даанышман!

19. Ырасында, ушундай момундардын ичинде чагымчылык, жалаа таркалуусун жактыргандарга дүйнөдө жана акыретте оорутуучу азап бар. Аллах - билет, силер - билбейсиңер!

---

1 Өзүнө буйрулуучу жазаны четке кагып, (эгер чындыгында эле айалы таза болсо) жазадан кутулууга болот

2 Сүйүктүү пайгамбарыбыз Мухаммед (а.с.) Бану Мусталык согушунан кайткан кезде түнөгөн бир жерде Айша апабыз (Аллах Таала андан ыраазы болсун) түзгө олтуруп келсе, мойнундагы шурусу жок. Кайра барып алып келгенче көч жүрүп кетет. Журтка короолчулук кылып калган Сапувван Мугтал Айша апабызды өз төөсүнө мингизип алып келген кезде, Абдулла Убай башында турган мушриктер Айша апабыз тууралуу жалган жалааларды жайылтууга аракет кылышат. Кеп ошолор тууралуу болууда

3 Кең пейилдиги

20. Эгер силерге Аллахтын жакшылыгы, ырайымдуулугу болбогондо... (кандай гана катуу жазаланмаксыңар). Чындыгында, Аллах - Боорукер, Мээримдүү!

21. Эй, момундар! Шайтандын жолу менен жүрбөгүлө! Ким шайтандын жолу менен жүрсө[1], ал шайтан, албетте, уйатсыздык жана тыйуу салынган иштерге буйруйт. Эгер силерге Аллахтын жакшылыгы, мээрими болбогондо, эч бириңер, эч качан (күнөөдөн) тазалана албайт элеңер. Бирок, Аллах Өзү каалаган пендесин (күнөөдөн) тазалайт. Аллах - бардык нерсени Угуучу, Билүүчү!

22. Силерден кеңчилик, молчулукка ээ болгондор[2], (өзүнүн) жакындарына, карып-мискиндерге, Аллах жолунда көчкөндөргө[3] Аллах жолунда бербөөгө ант ичпесин. Кечиришкиле жана элдешкиле. Аллахтын силерди кечиришин каалабайсыңарбы?! Аллах - Кечиримдүү, Боорукер!

23. Акыйкатта, абийирдүү, ак ниеттүү момун айалдарга жалаа жапкандар - бул дүйнөдө да, акыретте да каргышка калышат. Албетте, алар үчүн чоң азап бар.

24. Кыйамат күнү аларга тилдери, колдору, буттары эмне иш кылгандарына күбө болушат.

25. Ошол күнү Аллах аларга ылайыктуу жазасын толук берет. Анткени алар Аллахтын (бар экени) ачык Акыйкат экенин билишет.

26. Бузулган айалдар - бузулган эркектерге; бузулган эркектер - бузулган айалдарга; таза[4] айалдар - таза эркектерге; таза эркектер - таза айалдарга ылайык. Булар[5], алардын[6] айткандарынан ак. Алар үчүн кечирим[7] жана улуу ырыскы бар.

27. Эй, момундар! Өз үйлөрүңөрдөн башка үйлөргө уруксат алмайынча жана үй ээсине салам бермейинче кирбегиле. Бул[8] силер үчүн жакшы. Мүмкүн эсиңерге келээрсиңер.

28. Эгер үйдө эч ким жок болсо, (кирүүңөргө) уруксат берилмейинче кирбегиле. Эгер силерге: «Кайткыла», - делсе, анда кайткыла. Бул силер үчүн жакшыраак. Аллах эмне кылганыңарды жакшы Билүүчү!

29. Ичинде жашоого болбой турган, буйумдарыңар сакталган үйгө[9] урук-

1 Ээрчисе
2 Аллах Таала байлык насип кылып койгондор
3 Меккеден Мединага Ислам дини үчүн көчкөндөр
4 Такыба, момун
5 Момундар
6 Каапырлардын
7 Аллах Тааланын кечирими
8 Ушундай кылуу
9 Маселен уктоочу бөлмөгө

сатсыз кирүүдө силерге такыр күнөө болбойт. Аллах - ачык жасаганыңарды да, жашыруун кылганыңарды да Билүүчү!

30. (Эй, Мухаммед!) Момундарга айткын: «(Ар кайсыл айалдарды карай берүүдөн) көздөрүн сакташсын жана уйаттуу жерлерин[1] (айагы суйуктук кылуудан) сактасын. Бул - алардын өздөрү үчүн абдан жакшы. Чындыгында, Аллах эмне жасагандарынан Кабардар!

31. Момун айалдарга айт: «(Ар кайсыл эркекти кароодон) көздөрүн сакташсын жана уйаттуу жерлерин (айагы суйуктук кылуудан) сакташсын. [2]Сулуулуктарын көрсөтпөсүн, көрүнүп тургандан башкасын[3]. Жоолуктарын көкүрөктөрүнө чейин жаба салынышсын. Сулуулугун көрсөтүшпөсүн. Бирок, өз күйөөсүнө, аталарына, кайын аталарына, өз уулдарына, өгөй уулдарына, (бир тууган) ага-инилерине, алардын уулдарына, эже-синдилеринин уулдарына, мусулман айалдарга, кол алдындагы күңдөргө, айалга муктаждыгы (кумардануусу) болбогон[4] кызматкерлерге, же болбосо айалдардын уйаттуу жерлерин билбеген[5] наристелерге көрсөтсө болот. Анан да, көмүскө кооздуктарын башкаларга көрсөтүү үчүн буттарын жерге катуу уруп жүрүшпөсүн[6]. Эй, момундар! Баарыңар Аллахка гана тообо кылгыла! Балким (азаптан) кутулаарсыңар.

32. Араңардагы бойдокторду, кол алдыңардагы кул-күңдөрдүн такыбаларын[7], дурустарын үйлөндүргүлө. Ал тургай алар кедей-жакыр болсо да. (Анткени) аларды Аллах Өз берешендиги менен[8] байытат. Аллах - Берешен, Билүүчү!

33. Үйлөнө албагандар, Аллах Өз берешендиги менен байытканга чейин жаман жолдон[9] сактансын. Кол алдыңардагылардын (күңдөрдүн ичинен) кимиси боштондукту каалаbackup, алардын жакшы адам экенин билсеңер, боштондук бергиле. Андан сырткары силерге Аллах берген мал-мүлктөн аларга да бергиле. Өздөрү абийирдүү болууну каалаган күңдөрүңөрдү дүйнө тиричилигиңердин пайдасы үчүн жамандыкка[10]

---

1 Жыныстык мүчөсүн

2 Башка эрекектерге

3 Бети, колу, бутунун томуктан ылдый жагы

4 Абдан картайган, өтө жаш, же дагы башка (маселен; эч нерсенин түшүнбөй калган, кумардануусу такыр жок, жинди...)

5 Ага азырынча баам-парасаты жете элек наристе

6 Айалдар буттарына мончокторду, же башка жасалгаларды тагып алып, анын үнү угулсун үчүн буттарын жерге урбасын, же бийлебесин

7 Момундарын

8 Учур келген кезде бай адамга айландырат

9 Айагы суйуктуктан

10 Айагы суйуктукка, зинакорлукка

зордобогула. Ким аларды (жамандыкка) аргасыз кылса, анда ал аргасыз кылгандан кийин деле...[1] Аллах -Кечиримдүү, Боорукер.

34. Акыйкатта, силерге айкын айаттарды, силерден мурунку өткөндөрдөн өрнөктөрдү жана такыбалар үчүн насааттарды түшүрдүк.

35. Аллах - асмандар менен жердин нуру! Анын нурунун мисалы - ичинде нуру бар шамдан[2] сыйактуу. Нур айнектин ичинде (жайгашкан). Ал айнек бермет жылдызындай. Ал Чыгышта да, Батышта да жок, кут даарыган зайтун менен тамызылат. От тийбестен күйгөн анын майы абдан жарык нур чачат. Ошентип, нур үстүндө нур... Аллах Өзү каалаган адамды нурга бөлөйт. Аллах адамдарга ушинтип мисал келтирет. Аллах - бардык нерсени Билүүчү!

36. (Бул нур) Аллах кадырлаган, ичинде Өз ысымынын (ар дайым) аталып турушун буйруган үйлөрдө[3] гана болот. Анда[4] Аны[5] эртели-кеч аруулашат.

37. (Ал үйлөрдө) Аллахты эстөөдөн[6], намазды окуудан, зекет берүүдөн аларды соода-сатык да тосо албай турган адамдар бар. Алар жүрөктөр менен көздөр калтырай турган Күндөн[7] коркушат.

38. Ошондуктан Аллах аларга өздөрү жасаган (жакшылык) иштеринин сыйлыгын, Өз жакшылыгынан ашыгы менен берет. Аллах - каалаган пендесин эсепсиз ырыскыга бөлөйт.

39. (Аллахка) каршы болгондордун[8] иштери чөлдөгү закым сыйактуу. Чөлдө бараткан адам аны суу деп ойлойт. Акыры ага жеткен кезде болсо эч нерсе таба албай, дал алдынан Аллахты (гана) табат. Ал[9] анын эсебин толук алат[10]. Аллахтын эсеби абдан тез[11]!

40. Же алардын мисалы: түбү терен деңиздеги карангылык сыйактуу. Толкун үстүндө толкун (уйулгуп), анын үстүнөн булут каптаган, бири-биринин үстүнөн чүмкөгөн[12] караңгылыктар[13]. Адам колун чыгарса, аны көрө алышпайт. Аллах жарык бербеген адамда жарык болбойт.

1 Эгер чындап тообо кылса...
2 Чырактын астына койулуучу идиш
3 Момундардын үйүндө, мечиттерде
4 Ал үйлөрдө
5 Аллах Тааланы
6 Зикр кылуудан (зикир чалуудан)
7 Кыйаматтан
8 Каапырлардын
9 Аллах Таала
10 Адилет сурак кылып, татыктуу жазасын берет
11 Аллах тез жазалайт жана тез сыйлайт
12 Ороп алган, каптап калган, тумчулаган...
13 Үч кабат караңгылык: 1. булуттун караңгылыгы, 2. деңиздин карңгылыгы, 3. кабатталган

**41.** Асмандар менен жердеги ар бир заттын, а түгүл катар-катар учкан куштардын да Аллахты аруулаганын көрбөйсүңбү? (Алардын) баары өздөрүнө таандык намаздарын жана тасбихтерин[1] билишет. Аллах - алардын эмне жасап жатышканын Билүүчү!

**42.** Асмандар менен жердин казынасы - Аллахка гана таандык. Анан да, (алардын) кайта турган жагы да - Аллах тарап.

**43.** Карабайсыңбы: чындыгында, Аллах булуттарды айдайт да, анан алардын ортолорун бириктирип, аларды кабат-кабат кылат. Ошондо булуттун араларынан жамгыр төгүлгөнүн көрөсүң. Асмандан ичинде мөндүрү бар (булутту) тоолордон түшүрөт да, ал аркылуу каалаган пендесине апаат алып келип, каалаганынан[2] буруп кетет. (Көрбөйсүңбү): Чагылгандын жаркылдагы көздөрдү алып кете жаздаганын[3]!

**44.** Аллах - күндүз менен түндү алмаштырат. Акыйкатта, мында акылы тунук[4] адамдар үчүн, албетте, далилдер[5] бар.

**45.** Аллах ар бир жандыкты суудан[6] жаратты. Алардын айрымдары боору[7] менен жылат, айрымдары эки буттап басат жана кай бирлери төрт айактап жүрөт. Аллах - Өзү каалагандай жаратат. Акыйкатта, Аллах - бардык нерсеге Кудуреттүү!

**46.** Чындыгында, ачык-айрым байан кылуучу айаттарды түшүрдүк. Ошентип, Аллах - Өзү каалаганын туура жолго салат.

**47.** Алар: «Аллах менен Анын пайгамбарына ыйман келтирдик да, мойун сундук», - дешип, кийин кайра алардын бир бөлүгү жолдон тайат. Мына ошолор (чындап) ыйман келтирбегендер.

**48.** Алардын араларында өкүм чыгаруу үчүн Аллахка жана Анын пайгамбарына чакырылган кезде[8], алардын бир бөлүгү андан баш тартышат[9].

**49.** Эгер аларга бир тиешеси боло турган болсо[10], ага шашылып келишет.

**50.** (Эмне) алардын жүрөктөрүндө дарты барбы? Болбосо күдүктөнө[11] тур-

---

толкундардын караңгылыгы

1 Аллах Тааланы эстөөнүн жана сыйынуу ыкмаларынын бири болгон зикир чалууну

2 Апаатты, кырсыкты...

3 Эй, пенделер! Жок дегенде ушул чагылганды жараткан Улуу Аллах Таала тууралуу бир саамга болсо да ой жүгүртпөйсүңөрбү?!

4 Акылы зирек, сезимтал, өз Жаратуучусун акылы менен таанууга умтулган

5 Ой жүгүртүүгө, сабак алууга түрткөн өрнөктөр, окуйалар...

6 Аталык жана энелик уруктан

7 Сойлоп

8 Ислам дини үчүн согушка аттанууга буйрук чыкса

9 Барбай койуунун шылтоосун табышат

10 Маселен, аларды олжо, зекет, садака алууга чакырса

11 Күмөнсүп, шек санай турган

ган эмне бар? Же аларга Аллах менен Анын пайгамбары адилетсиздик кылат деп коркушабы? Андай эмес! Алар өздөрү заалым.

**51.** Чындыгында, момундардын араларында өкүм[1] берүү үчүн Аллахка жана Анын элчисине чакырылганда, алардын сөзү: «Уктук, мойун сундук»,- деген (гана) сөз болот. Ошолор - ийгиликке жетүүчүлөр.

**52.** Кимде-ким Аллах менен Анын пайгамбарына баш ийсе, ошентип, Аллахтан коркуп, такыба болсо, мына ошолор -жеңишке[2] жеткендер.

**53.** (Эй, Мухаммед! Мунафыктар): «Эгер буйрук берсең, албетте, (согушка) чыгабыз», -деп Аллахтын аты менен ант ичишет. Аларга: «Ант ичпей эле койгула! (Канчалык) мойун сунганыңар маалым. Чындыгында, Аллах эмне жасап жатканаңарды жакшы Билүүчү!» - деп айткын.

**54.** [3](Аларга): «Аллах менен Анын пайгамбарына мойун сунгула!» - деп айт. Эгер мойун сунуудан баш тартсаңар, чындыгында, пайгамбар өзүнө жүктөлгөнгө, а силер өзүңөргө жүктөлгөндөргө гана (жооп берүүгө) милдеттүүсүңөр. Ал эми пайгамбарга мойун сунсаңар, анда туура жолду табасыңар. Ошентип, [4]ачык-айрым кылып силерге жеткирүү гана пайгамбарга милдет.

**55.** Аллах силердин араңардан ыйман келтирип, жакшы иштерди жасагандарга, өздөрүнөн мурунку элдерди орун басар[5] кылгандай эле жер жүзүндө силерди да (Өзүнө) орунбасар кылууну убада кылды. Ошентип, алар үчүн (Аллах) Өзү ыраазы болгон динин бекем орнотуп, аларга коркунучтан кийин бейпилдикти алмаштырып берди[6]. (Анткени) алар Мага сыйынышат; Мага эч кимди (жана эч нерсени) шерик кылышпайт. Ким мына ушундан кийин (Аллахка) каршы чыкса[7], мына ошолор - бузукулар.

**56.** Намазды толук аткарып, зекет бергиле жана пайгамбарга мойун сунгула. Ошондо мээримге[8] бөлөнөсүңөр.

**57.** Ошентип, (Аллахка) каршы чыккандар[9]: «Жер жүзүндө бизди алсыратты», - деп ойлобо[10]! Алардын (барар) жайы - Тозок. (Ал) кандай жаман жай!

---

1 Аллах Таала ыраазылыгына жетүү үчүн күрөшкө аттанууга чакырылган кезде

2 Бейишке

3 Аллах Таала Өз пайгамбары Мухаммед алейхи салам- га кайрылып жатат

4 Аллах Тааланын айаттарын, Куранды, шарийатты...

5 Аллах Таала жердеги жан-жаныбарлардын ичинен өзгөчө акылдуу кылып жаратып жана ошого жараша өзгөчө жоопкерчилик да жүктөп...

6 Кооптуу мезгилдин артынан бейпил заман жиберди

7 Каапырлык кылса

8 Аллах Тааланын мээримине

9 Каапырлар

10 Аллах Таала Өз пайгамбары Мухаммед (а.с.) га кайрылып жатат

**58.** Эй, момундар! Кол алдыңардагы кул-күңдөрүңөр жана али бой жете элек балдарыңар, үч мезгилде (бөлмөңөргө) уруксат сурап киришсин: таң намазынын[1] алдында, чак түштө кийимиңерди (чечип) койгон учурда жана куптан намазынан кийин. Силер үчүн мына ушул үч мезгил уйала турган убакыт[2]. Булардан кийин[3] силерге да, аларга да айып эмес. Анткени силер бири-бириңерге[4] кирип-чыгып турушуңар керек. Аллах силерге Өз айаттарын ушундай (ачык) байан кылат. Аллах - Билүүчү, Даанышман!

**59.** Эр жеткен балдарыңар, мурункулар уруксат сурап киргендей[5] эле (уктоочу бөлмөңөргө) уруксат сурап киришсин. Аллах (Өз) айаттарын силерге ушинтип айкын байан кылат. Аллах - толук Билүүчү, Даанышман!

**60.** Никелешүүдөн күдөр үзүп, үйдө олтурган кемпирлер[6] сулуулугун көрсөтпөстөн, сырт кийимдерин чечип олтуруусу - айып эмес. Эгер мындан да сактанса[7], алар үчүн ого бетер жакшы. Аллах - бардыгынан толук Кабардар, бардык нерсени Билүүчү!

**61.** (Силер менен бир үйдө тамак жеген) сокурга күнөө жок, аксакка күнөө жок, оорулууга күнөө жок. Ошентип, силерге өз үйлөрүңөрдөн (айалдарыңардын, балдарыңардын), аталарыңардын үйлөрүнөн, энеңердин үйлөрүнөн, ага- инилериңердин үйлөрүнөн, эже-карындаштарыңардын үйлөрүнөн, же аталарыңар менен бир тууган агаларыңардын үйлөрүнөн, аталарыңар менен бир тууган эжелериңердин үйлөрүнөн, бир тууган тайакелериңердин үйлөрүнөн, бир тууган тайэжелериңердин үйлөрүнөн, же силер ачкычтарына ээ болгон [8]досторуңардын үйлөрүнөн тамак жесеңер айып жок. Аталгандар менен чогуу тамактансаңар да, бөлөк-бөлөк тамактансаңар да күнөө болбойт. Үйлөргө[9] кирген кезде өзүңөргө[10] Аллах тараптан мыкты берекелердин түшүрүлүшүн тилеп, салам айтып киргиле. Ушинтип, Аллах силерге (Өз) айаттарын ачык-айкын байан кылат. Балким, акыл калчаарсыңар...

**62.** Акыйкатта, момундар - Аллахка, Анын пайгамбарына ыйман келтиришип, эгер алар пайгамбар менен бирге бир жыйналышта болушса, пай-

---

1 Багымдаттын
2 Анткени бул үч мезгилде адамдар жеңил кийимчен болушу мүмкүн
3 Мындан башка мезгилдерде силердин уктоочу бөлмөңөргө уруксатсыз кирсе
4 Бири-бириңердин бөлмөңөргө
5 Силерден мурдакы мусулмандарга да мына ушундай кылуу буйурулган
6 Айызы токтоп, төрөттөн калган...
7 Сырт кийимин деле чечинбей. (Бул жерде «сырт кийим» деп көйнөк аталууда)
8 Ачкычтарын силерге ишенип берген
9 Мусулмандар - бири-бириңердин үйлөрүңөргө
10 Мусулмандарга

гамбардан уруксат алмайынча кетишпейт. Ырасында, [1]сенден уруксат сурагандар - мына ошолор Аллахка, пайгамбарга ыйман келтиргендер. Алар кээ бир жумуштары үчүн уруксат сурашса, каалаганыңа уруксат бер жана алар үчүн Аллахтан кечирим сура. Чындыгында, Аллах - Кечиримдүү, Мээримдүү!

63. [2]Пайгамбардын чакырыгын өз ара бири-бириңердин чакырыгыңарга окшотпогула[3]. Акыйкатта, Аллах силердин араңардагы жашырынып, билгизбей[4] чыгып кетүүчүлөрдү билет. Андыктан, Анын[5] буйругуна каршы чыккандар[6] өздөрүнө (Аллахтан) бир апаат келеринен, же болбосо жан чыдагыс азап келеринен сактанышсын.

64. Эсиңерде болсун: асмандар менен жердеги нерселер - Аллахтыкы! Чындыгында, Ал[7] силердин кандай абалда экениңерди (ар дайым) билип турат. Ошондуктан, Ал Өз тарабына[8] кайткан күнү[9], алар эмне иш кылгандарынан кабар берет. Аллах - бардык нерселерди Билүүчү!

## 25. ФУРКАН[10] СҮРӨСҮ

**Меккеде түшүрүлгөн Жетимиш жети айаттан турат**

***Мээримдүү, Ырайымдуу Аллахтын аты менен***

1. Ааламдарга эскертүүчү болсун үчүн Өзүнүн пендесине[11] Фурканды[12] жөнөткөн[13] - улук болсун.

2. Асмандар менен жердин мүлкү Ага гана таандык, Ал өзүнө бала алган жок жана Анын бийлигинде шериктер да болгон эмес. Ал бардык нерселерди жараткан жана белгилеп-өлчөп койгон.

1 Аллах Таала Өз пайгамбары Мухаммед (а.с.)га кайрылып жатат
2 Эй, момундар!
3 Анткени, пайгамбардын чакырыгы - Аллах Тааланын буйругу менен болот
4 Пайгамбардан уруксат суроонун ордуна, тымызын nurun кетүүчү эки жүздүүлөрдү
5 Аллах Тааланын
6 Каапырлар, мушриктер, мунафыктар
7 Аллах Таала
8 Аллах Таала тарапка
9 Кыйамат Күнү
10 Фуркан - жамандык менен жакшылыкты ажыратуучу
11 Мухаммед (а.с.)га
12 Куран
13 Аллах Таала

3. Алар[1] эч нерсени жарата албаган, өздөрү жаратылган кудайларды Анын ордуна кудай кылып алышкан. Алар өздөрү үчүн зыйан да, пайда да келтире алышпайт жана алар өлүмгө да, жашоого да жана өлгөндөн кийин кайра тирилтүүгө да эч ээлик кыла алышпайт.

4. Каапырлар: «Бул өзү ойлоп тапкан гана жалган. Ага башка кишилердин тобу да жардамдашты», - дешет. Албетте, (булар ушинтип) зулум[2] жана жалганга кабылышты.

5. Алар: «Оболкулардын гана жомогу[3]. Ал аларды өзү үчүн жазууну суранды жана аларды эртең менен жана кечинде окуйт», - дешти.

6. «Аны асмандар менен жердин сырларын Билүүчү түшүргөн. Ал чындыгында Кечирүүчү, Мээрбан», - дегин.

7. Алар: «Бул эмне деген пайгамбар? Ал тамак жейт жана базарда жүрөт. Ага[4] аны менен бирге насаат кыла турган периште жиберилбеди бекен?!

8. Же ага бир кенч жөнөтүлсөчү? Же анда (өзү гана) жей турган бак болсочу?»[5] - дешет. Адашкандар: «Силер болгону сыйкырланган кишини гана ээрчийсиңер», - деп айтышат.

9. Карап көрчү! Алар сен жөнүндө кандай гана мисалдарды келтиришпеди. Алар жолдон адашты. Жолго чамалары да жетпейт.

10. Ага (Аллахка) улуктук болсун! Эгер кааласа сага андан да мыктыны: алдынан өзөн-дарыйалар агып турган бактарды жана сарайларды жасаар эле.

11. Балким, алар Кыйамат күнүн да жалганга чыгарышат. А Биз Кыйаматка ишенбегендерге отту дайардап койдук.

12. Алар аны[6] алыс жайдан көрүшкөндө албууттанганын жана катуу үндүгүшат.

13. Алар кишенделген абалда андагы тар жайга ташталганда (өздөрүнө) өлүмдү тиленишет.

14. «Бүгүн силер өзүңөргө кыйроону бир эле эмес, көп ирет чакыргыла» (делинет).

15. Силерге ушул жакшыбы, же такыбаларга убада кылынган түбөлүк бейиш жакшыбы? (Бейиш) аларга сыйлык жана кайтуучу жай болот.

---

1 Буд-сөлөкөттөр

2 Каапырлык

3 Каапырлар Курандын айаттары тууралуу айтып жатышат

4 Мухаммедге (а.с.)

5 Башка жактан жебей...

6 Тозокту

16. Алар үчүн анда[1] түбөлүктүүлүк, алар эмнени кааласа баары бар. Бул Эгеңден суралган убада эле.

17. Ал аларды жана алардын Аллахтын ордуна табынгандарынын баарын чогулткан күнү: «Менин бул пенделеримди силер адаштырдыңарбы, же алар өздөрү жолдон чыгыштыбы?» - дейт.

18. Алар: «Сени аруулайбыз! Сенден башканы биз коргоочу кылып албайбыз. Бирок Сен аларга жана аталарына ырахаттана турууга мөөнөт бердиң, ушундан улам алар эскертүүнү унутуп, кыйроого учуроочу коом болду», - дешет.

19. Алар[2] силер айтып жаткандар жөнүндө силерди жалганга чыгарышты. Силер аны[3] артка кайтара албайсыңар жана тосо да албайсыңар. Силердин араңардагы заалымдарга Биз улуу жазаны беребиз.

20. Биз сага чейин да пайгамбарларды жөнөткөнбүз, алар тамак жебей жана базарда жүрбөй койушкан эмес. Биз силердин кээ бириңерди башкалар үчүн сыноо кылдык. Сабыр кыласыңарбы? Эгеңер (баарын) көрүп турат.

21. Биз менен кездешүүнү күтпөгөндөр: «Эмнеге бизге периштелер жөнөтүлбөдү, же биз Эгебизди көрсөк», - дешет. Алар өздөрүн өтө бийик санашты жана чектерден аша чыгышты[4].

22. Алар периштелерди көргөн күнү, күнөөкөрлөр үчүн кубанычтуу күн болбойт. Периштелер аларга: «Чечкиндүү тыйуу салынган!» - дешет.

23. Биз алар кылган иштерине киришип, аларды тозоңдой кылып текке кетиребиз.

24. Ал күнү Бейиш ээлеринин турар жайлары жакшы, эс алчу жайлары да сонун болот.

25. Ал күндө асман, булуттар жарылып, периштелер катарлаша түшөт.

26. Ал күндө бардык бийлик Мээримдүүнүкү гана болот. Ал күн - каапырлар үчүн оор күн.

27. Ал күндө заалым бармактарын тиштеп минтет: «Оо, аттиң! Мен Пайгамбардын артынан ээрчисемчи?

28. Оо, мен куруп калайын! Мен баланчаны дос кылбасамчы...

29. Ал мага келгенде мени Аллахты эскерүүдөн тосту.» Албетте, шайтан инсанды жарамсыз кылып таштап кетет.

30. Жана пайгамбар айтты: «Оо, Эгем! Менин элим Куранды таштап койду».

---

1 Бейиште

2 Жалган кудайлар, буд-сөлөкөттөр

3 Азапты

4 Чектен чыга зор күнөөгө батышты

31. Ар бир пайгамбарга Биз күнөөкөрлөрдүн ичинен душман пайда кылдык. Эгеңдин жетекчилиги жана жардамы сага жетиштүү.

32. Каапырлар: «Эмне үчүн Куран бир эле жолу (толук) түшүрүлбөдү?» - дешет. Муну ушинтип, сенин жүрөгүңдө бекемдөө үчүн Биз аны[1] бөлүп түшүрдүк.

33. Алар сага кайсы бир мисалды келтиришсе, Биз сага (ага карата) чындыкты жана эң жакшы чечмелөөнү келтиребиз.

34. Тозокко жүзү менен ташталгандар - мына ушулар, орундары жаман, жолдон адашкандар.

35. Биз Мусага Китеп бердик, аны менен бирге анын бир тууганы Харунду вазир[2] кылдык.

36. Биз: «Биздин айаттарыбызды жалганга чыгарган коомго баргыла», - дедик жана аларды Биз жок кылдык.

37. Нухтун коому пайгамбарларды жалганга чыгарганда, Биз аларды чөктүрдүк жана аларды адамдар үчүн үлгү кылдык. Заалымдар үчүн оорутуучу азапты дайардадык.

38. Аад, Самуд (коомдору), кудук ээлери жана алардын аралыгында өткөн көптөгөн муундар;

39. Биз алардын баарына мисалдарды келтирдик жана алардын баарына толук кыргын салдык.

40. Алар[3] жамандыктын жааны[4] жаадырылган калаанын[5] жанынан өтүштү[6]. Чынында алар аны көрүшпөдүбү? Жок, алар кайра тирилүүнү күтүшпөдү.

41. «Ушуну Аллах пайгамбар кылып жөнөтүптүрбү?» - деп, алар сени көргөндө шылдың гана кылышат.

42. «Эгерде биз ага чыдап (бекем) туруп койбогонубузда бизди кудайларыбыздан кайтарып сала жаздады (дешет).» Алар азапты көргөн кезде, ким жолдон көбүрөөк тайганын билишет.

43. Сен өзүнүн кумардануупарын кудай кылып алганды көрдүңбү? Сен аларга көзөмөлчү боло аласыңбы?

44. Же алардын көбү угушат, же ойлонушат деп ойлойсуңбу? Алар айбандар сыйактуу. Балким, алар андан да катуураак жолдон адашкандар.

45. Эгең көлөкөнү кантип узартканын көрбөдүңбү? Эгер ал кааласа аны

1 Куранды, Курандын айаттарын

2 Жардамчы

3 Меккеден чыккан Курейштер

4 Кырсык-балээлер жөнөтүлгөн

5 Өлүк Деңиздин айак жагындагы Содом жана Гоморра шаарлары жөнүндө сөз болууда

6 Соода-сатык кылып Сирийага баратышканда

өзгөртүүсүз кылып коймок. Андан соң биз Күндү анын көрсөткүчү[1] кылып койдук.

46. Андан соң Биз аны өзүбүзгө акырындык менен жыйабыз[2].

47. Ал силер үчүн түндү - кийим, уйкуну - тынчтык жана күндүздү - жашоого кайтуу кылып койду.

48. Ал Өз Мээриминин[3] алдынан шамалды кубанычтуу кабар менен жөнөтөт жана асмандан жаан жаадырдык;

49. өлүк жерди тирилтүүбүз жана аны менен Биз жараткан малдарга жана көптөгөн адамдарга суу берүүбүз үчүн.

50. Биз булардын баарын алар эскерүүлөрү үчүн түшүндүрдүк. Бирок, адамдардын көбү каапырлыктан бөлөктөн баш тартышат.

51. Эгер Биз кааласак, ар бир айылга эскертүүчү (элчи) жөнөтөөр элек.

52. Каапырларга баш ийбе жана анын[4] жардамы менен аларга чоң күрөш жүргүз!

53. Ал эки деңизди катар койду: бири тузсуз таза суу, экинчиси - туздуу, ачуу; алардын араларына бузулгус парда - тосмо[5] койду.

54. Ал инсанды суудан[6] жараткан жана ага бир туугандарды жана жек-жааттарды берген. Эгең - Кудуреттүү.

55. Алар Аллахтан башка аларга жардам да, зыйан да кыла албагандарга табынышат. Каапыр өзүнүн Эгесине каршы (шайтанга) жардамдашат.

56. Биз сени кабар берүүчү жана эскертүүчү кылып жөнөттүк.

57. «Каалагандар өз Эгесинин жолунда болуусунан башка[7], бул үчүн мен эч кандай акы сурабаймын», - дегин.

58. Эч өлбөй турган, түбөлүк Тирүүгө[8] тобокел кыл жана Аны мактоо менен аруула! Өз пенделеринин күнөөлөрү тууралуу Ал толук кабардар.

59. Ал асмандар менен жерди жана ал экөөнүн ортосундагыларды алты күндө жараткан. Андан соң Аршка истиваа болду[9]. Ал Мээримдүү, ал жөнүндө билүүчүлөрдөн сурагын.

---

1 Эгерде Күн болбогондо, ал көлөкөнү билмек да эмес

2 Күн канчалык жогору көтөрүлгөн сайын, көлөкө ошончолук кыскарат

3 Жамгырдан мурда

4 Куран

5 Дүйнөдөгү деңиздерде айрым жерлеринде суусун кадимкидей ичүүгө жарай турган тузсуз аймактар кездешет. Жер Ортолук Деңизи менен Атлантика океанынын кошулган жеринде да ушундай

6 Уруктан

7 Аллах Тааланын ыраазылыгы үчүн бей-бечараларга кайрымдуулук жасаса, ага да каршы эмесмин... (бирок, өзүм албайм)

8 Аллах Таалага

9 «Истиваа» - сөзү өзүнө бир нече маанини камтып: барабарлануу, жогору болуу, көтөрүлүү,

**60.** Аларга: «Мээримдүүгө сежде кылгыла[1]» делгенде, алар: «А Мээримдүү деген эмне? Сен буйруган нерсеге биз сежде кылмак белек?» - дешет жана бул алардын баш тартуусун күчөтөт.

**61.** Асманда топ жылдыздарды жасап, анда чыракты (күндү) жана жарык берүүчү Айды Жараткан улук болду!

**62.** Ал түндү жана күндүздү - эскерип, шүгүр кылуучулар үчүн кезектештирип койду.

**63.** Мээримдүүнүн пенделери жер үстүндө тынч абалда жүрүшөт жана аларга наадандар тил тийгизсе: «Тынчтык!» - деп койушат.

**64.** Алар Эгесинин алдында сежде кылып жана тике туруп[2] түндү өткөрүшөт.

**65.** Алар: «Эгебиз! Бизден тозоктун азабын кайтар! Чындыгында, анын азабы сөзсүз болуучу», - дешет.

**66.** Акыйкатта, ал - өтө жаман орун жана жай.

**67.** Алар сарп кылганда ысырап кылышпайт жана сараңдык да кылышпайт, орточо сарпташат.

**68.** Алар - Аллахка кошуп, башка кудайларга табынбагандар, Аллах өлтүрүүгө тыйуу салган тирүү жанды укуксуз[3] өлтүрбөгөндөр жана айагы суйуктук[4] кылбагандар. Кимде-ким муну[5] жасаса, ал жазага тартылат.

**69.** Кыйамат күнүндө алардын жазасы эки эсе болот жана ал[6] анда түбөлүккө кор кылынат.

**70.** Ал эми, ким өкүнүп тообо кылса жана жакшылык иштерди иштесе, анда Аллах алардын жаман иштерин жакшы менен алмаштырып койот[7]. Акыйкатта, Аллах - Кечиримдүү, Мээрбан.

---

камынуу, ээлик кылуу, багыт алуу дегенди туйундурат. Бирок, Аллах Таала эч нерсеге окшобогондугу үчүн «истиваа» кандай көрүнүштө болоору адам баласына маалым эмес. Демек, бул сөздөн Аллах Таала эмнени каалаcа ошого ыйман келтирүүгө милдеттүүбүз. Ар кандай чечмелөөрдү айтып, талашып - тартышууга акыбыз жок. Ошол үчүн өткөн улуу Имамдардын бардыгы бул маселеге өтө кылдат мамиле кылуу керек экенин баса белгилешкен. Тарыхта алтын тамгалар менен жазылып калган төмөнкүдөй таамай сөздөрдү Имам Малик мындай баяндаган: «Истиваа - маалым, аны сүрөттөө белгисиз. Ага ыйман келтирүү ваажиб, ал туралуу суроо салуу бидаат.»

1 Түн ичннде туруп, ыктыйардуу түрдө окула турган намаздарды окушат

2 Түн ичннде туруп, ыктыйардуу түрдө окула турган намаздарды окушат

3 Киши өлтүргөнгө соттун (муфтийдин, казынын) өкүмү менен жаза белгиленет. Ал бойунча: 1. же өлтүрүлөт; 2. эгер өлүк ээлери каалаcа, жүз төөнүн болжолдуу баасында кун (айып) төлөтүлүп берүүгө милдеттендирилет; 3. же өлүк ээлери кечип жиберүүнү каалаcа, өлтүрүлбөй да, кун да төлөнбөй куткарылат

4 Никесиз жыныстык катнаш; эринин, же айалынын көзүнө чөп салуу

5 Жогоруда айтылган үчөөнүн бирөөн эле жасаса

6 Аллах Таалага шерик кошуп өткөндөр

7 Аллах Таала өтө кечиримдүү жана мээримдүү болгондуктан зор күнөөкөр пендеге да өкүнүп, тообо кылуу эч убакта кеч болбойт

71. А ким тообо кылса жана жакшылык иштерди иштесе, акыйкатта ал Аллахка чын ыклас менен тообо кылып кайрылат.

72. Алар жалганга күбөлүккө өтүшпөйт жана пайдасыз сөздөрдү сүйлөп жаткандардын жанынан наркы[1] менен өтүп кетишет.

73. Аларга Эгесинин айаттары эскертилип жатканда алар дүлөй жана сокур болуп, ийилишпейт[2].

74. Алар: «Оо, Эгебиз! Бизге жубайларыбыздан жана урпактарыбыздан көзүбүзгө кубаныч тартуула жана бизди такыбалар үчүн үлгү кыл!» - дешет.

75. Алар сабырдуулуктары үчүн эң жогорку орунга[3] ээ болушат да, анда саламдашуу жана тынчтык менен кезигишет.

76. Анда түбөлүк болушат; эң сонун орун жана туруучу жай!

77. «Эгер өзүңөр кайрылбасаңар, Эгем силер үчүн эмнеге кам көрсүн? Силер жалганга чыгардыңар жана силер үчүн жакында жаза бар» - дегин.

## 26. ШУАРА[4] СҮРӨСҮ

**Меккеде түшүрүлгөн Эки жүз жыйырма жети айаттан турат**

***Мээримдүү, Ырайымдуу Аллахтын аты менен***

1. Та, Син, Мим.

2. Бул айкын Курандын айаттары.

3. «Алар[5] ыйман келтиришкен жок», - деп өзүңдү өзүң жок кыла жаздадың.

4. Эгер (Биз) кааласак асмандан бир керемет түшүрүп, аларды ага мойун сунуучуларга (дароо) айлантмакпыз.

5. Аларга Мээримдүүдөн бир насыйат келсе, андан жүз үйрүшөт.

6. Алардын жалганга чыгарып, мазактаган нерселеринин түшүнүгү өздөрүнө жармаштырылат[6].

7. Алар жер жүзүнө карашпайбы? Анда ар түрлүү көркөм өсүмдүктөрдү өстүрүп койдук.

---

1 Өзүн билип, шарийатка ылайык маданийат менен

2 Аллах Таалага сежде кылышпайт

3 Бейишке

4 Шуара - Акындар

5 Аллах Таала Өз элчиси Мухаммедге (а.с.) кайрылууда

6 Өздөрү жалганчыга айланып, шерменде болушат да, отко ыргытылат

8. Чындыгында мында[1] белгилер[2] болгону менен, алардын көбү ыйман келтиришпейт.

9. Чындыгында, Эгең - Ызааттуу, Ырайымдуу!

10. Ошол[3] убакта[4] Эгең Мусага: «Заалым элге[5] бар»,- деп буйруду:

11. - «Фараондун элине. Алар коркпойт бекен (көрөлү)?»

12. - Оо, Эгем! Чындыгында, мени алар жалганчыга чыгарышынан корком.

13. Көөдөнүм кысылуу[6], тилим байлануу[7]. Ошондуктан (бир тууганым) Харунга да пайгамбарлык бер.

14. Мен аларга күнөөкөрмүн[8]. Ошондуктан, алардын мени өлтүрүп салуусунан корком.

15. (Аллах): «Эч качан андай болбойт! Экөөң тең (Биз берген) кереметтер менен баргыла. Чындыгында, Биз силер менен бирге (болуп), баарын угуп турабыз.

16. Дароо экөөң Фараонго барып: «Биз бүткүл ааламдардын Эгесинин[9] элчилерибиз;

17. Исраил урпактарын биз менен бирге койо бергиле», - деп айт.

18. [10]Фараон: «Сени биз бала кылып асырабадык беле? Өмүр бойу канча жыл арабызда жүрдүң.

19. Сен кыларыңды кылдың. Сен жакшылыкка жамандык жасадың», -деди.

20. (Муса) мындай деди: «Мен ал ишти жасаган кезде адашкандардан болчумун.

21. Ошондуктан силерден коркуп, качып кеткем. Акыры Эгем мага даанышмандык берип, пайгамбарлардан кылды.

22. Сен Исраил урпактарын кул кылдың, мага милдет кылган жакшылыгын ошол».

23. (Фараон): «Ааламдардын Эгеси дегенин эмне?» - деди.

---

1 Ошол өсүмдүктөрдө

2 Аллахтын Жалгыздыгын жана Түбөлүктүүлүгүн тастыктап турган

3 Аллах Таала Өз элчиси Мухаммедге (а.с.) кайрылууда

4 Мусанын доорунда

5 Жалган кудайларга сыйынган Мисирлик каапырларга

6 Илимим жок

7 Сөзгө да чечен эмесмин

8 Мисирде жүргөн кезимде жердеш-уруулашыма жардам деп жатып бир гректи өлтүрүп койгом.

9 Аллах Тааланын

10 Муса (а.с.) менен Харун (а.с.) Фараонго келген кезде

**24.** (Муса): «Эгер чындан [1]ишене турган болсонор, анда, Ал[2] - асмандар менен жердин жана ал экөөсүнүн арасындагылардын Эгеси» - деди.

**25.** (Фараон) тегеректеп тургандарга[3]: «Укпай жатасынарбы?» - деди.

**26.** (Муса): «Ал - силердин Эгенер, (силерден) мурда өткөн ата-балаларыңардын да Эгеси», - деди.

**27.** (Фараон): «Так ушул силерге жиберилген пайгамбар[4] - анык жинди», - деди.

**28.** (Муса): «Эгер акыл калчай турган болсонор, Ал - чыгыштын да, батыштын да жана ал экөөнүн ортосундагылардын да Эгеси» - деди.

**29.** (Фараон): «Эгер менден башканы кудай тутуна турган болсон, албетте, сени зынданга саламын»,-деди.

**30.** (Муса): «Эгер сага анык далил келтирсем дагыбы?» - деди.

**31.** (Фараон): «Эгер чын айтуучулардан болсон келтир», -деди.

**32.** Ошондо ал тайагын таштады эле, ал даана жыланга айланды.

**33.** Анан колун (чөнтөгүнөн) чыгарды. Ал (колу) карап тургандарга аппак болуп көрүндү.

**34.** (Фараон) айланасындагы төбөлдөргө айтты: «Чындыгында, мына бул абдан билерман сыйкырчы экен.

**35.** Ал сыйкыр менен силерди журтунардын чыгаргысы келүүдө. Эми буга эмне (жаза) буйрасынар?»

**36.** Алар: «Муну[5] да, мунун бир тууганын[6] да токтото туруп, калааларга жыйноочуларды[7] жибер.

**37.** Бардык билерман сыйкырчыларды сага жыйнап келишсин».

**38.** Ошондо белгиленген күнү айтылган жерге[8] сыйкырчылар жыйналышты.

**39.** Адамдарга да: «Силер жыйналдынарбы?» - делип суралды[9].

**40.** (Эл): «Эгер жеңишке жетсе, албетте, сыйкырчыларды ээрчийбиз» (дешти).

**41.** Сыйкырчылар (белгиленген жерге) келишип Фараонго: «Эгер биз жеңсек, албетте, бизге сыйлык бар да?» - дешти.

---

1 Аллах Таалага

2 Аллах Таала

3 Жандоочуларына

4 Мусаны (а.с.) айтып жатат

5 Мусаны

6 Харунда

7 Сыйкырчыларды чакыруучу чабармандарды

8 Фараон менен Муса келишим кылган белгиленген жерге жана белгиленген күнү

9 Фараон тарабынан

42. (Фараон): «Ооба, чындыгында, андай болсо силер мага жакындардан[1] болуп каласыңар», - деди.

43. Муса сыйкырчыларга: «Эмне таштасаңар, кана таштагыла!» - деди.

44. Ошондо алар аркандары менен тайактарын ташташып: «Фараондун абройу үчүн биз жеңишке жетебиз»,-дешти.

45. Ошондо Муса да тайагын таштады. Дароо ал[2] алардын[3] жасалма нерселерин[4] жалмап кирди.

46. Ошондо сыйкырчылар сеждеге жыгылышты[5].

47. Алар мындай дешти: «Ааламдардын Эгесине ыйман келтирдик,

48. Муса менен Харундун Эгесине».

49. (Фараон) аларга: «Мен силерге уруксат берүүдөн мурун ага[6] ыйман келтирдиңерби? Чындыгында, ал - силерге сыйкырчылыкты үйрөткөн чоңуңар экен. Эми (менден) көрөсүңөр: колу-бутуңарды кайчылаштыра кесип, баарыңарды (дарга) астырамын»,-деди.

50. (Сыйкырчылар) айтышты: «Анын кайгысы жок! Чындыгында[7], Эгебизге кайтабыз.

51. Чындыгында, биз (Аллахка) ыйман келтиргендердин алдынкыларынанбыз. Эгебизден биздин күнөөлөрдүн кечирилишин үмүт кылабыз».

52. Мусага: «Пенделеримди[8] түн катырып алып кет[9]. Албетте куугунтукка учурайсыңар», - деп аян-кабар жибердик.

53. Ошондо Фараон шаарларга (аскер) жыйноочуларды жиберди да мындай деди:

54. «Чындыгында, булар[10] аз топ;

55. Ошентсе да алар бизди ачууландырууда;

56. Чындыгында биз күчтүү тайпабыз».

57. Ошентип, (Фараон тарапты) бактарынан, булактарынан чыгардык[11].

---

1 Хансарай кызматчыларынан

2 Мусанын ажыдаарга айланган тайагы

3 сыйкырчылардын

4 Сыйкырчылардын жыланга айланган тайактарын жана аркандарын

5 Аллахка тообо кылышты

6 Мусага

7 Асып өлтүрсөң да, кесип өлтүрсөң да, баары бир эртедир-кечтир Аллах Тааланын алдына барабыз

8 Исраил урпактарын

9 Аллахка тайанып, Мисирден алып чыгып кет

10 Исраил урпактары

11 Мекенсиз калтырдык

**58.** (Аларды) казыналарынан да, салтанаттуу мекендеринен да[1] (кууп чыктык).

**59.** Аларга Исраил урпактарын мураскор кылдык.

**60.** Ошондо алар[2] Исраил урпактарын күн чыккан кезде кууп жөнөштү.

**61.** Эки топ бири-бирин көргөн кезде, Мусанын жолдоштору: «Колго түшөөрүбүз шексиз», - дешти.

**62.** (Муса): «Эч качан! Чындыгында, Эгебиз биз менен бирге. Ал мага жол көрсөтөт», - деди.

**63.** (Биз) Мусага: «Тайагың менен деңизди чап!» - дедик. Ошондо деңиз (экиге тең бөлүнө) жарылып, ар бир бөлүгү аскар тоодой болду.

**64.** Арткыларды[3] да ошол жерге жакындаттык.

**65.** Мусаны жана аны менен чогуу болгон адамдардын баарын куткардык[4].

**66.** Анан башкалардын баарын сууга чөктүрүп жибердик.

**67.** Албетте, мында белги-эскертүү бар. (Бирок) ошондо да алардын көбү ишенген жок.

**68.** Акыйкатта, Эгең - Өкүмдар, Мээримдүү!

**69.** Аларга[5] Ибрахимдин байанын айтып бер:

**70.** Ошондо ал атасына жана элине: «Эмнеге сыйынып жатасыңар?», - деди.

**71.** Алар: «Сөлөкөттөргө табынабыз жана аларга имериле беребиз», -дешти.

**72.** (Ибрахим) минтти: «Алар[6] чакырсаңар угуп жатабы?

**73.** Же болбосо алар силерге пайда, зыйан келтире алабы?» - деди.

**74.** Алар: «Жок. Ата-бабаларыбыз ушундай кылганын көргөнбүз», - дешти.

**75.** (Ибрахим) айтты: «Эмнеге сыйынып жатканыңарды көрбөй жатасыңарбы?«

**76.** Силер да, мурунку ата-бабаларыңар да (адашкандар).

**77.** Ааламдардын Эгесинен башка (кудай жок). Алар[7] менин душмандарым.

1 Деңизге чөктүрүп жок кылдык

2 Фараондун күчтүү куралданган аскерлери артынан түштү. Анткени Муса а.с. Исраил урпактарын ээрчитип, түн жамынып Мисир шаарынан чыгып, Палестина тарапка бет алып, Кызыл Деңизге жетээрине аз калган болчу

3 Фараондун аскерлерин

4 Деңиздин толкундарынын алдында калып, кырылып калуусунан аман алып чыктык

5 Аллах Таала Өз элчиси Мухаммедге (а.с.) кайрылууда

6 Буд-сөлөкөттөр

7 Буд-сөлөкөттөр

78. Ал[1] мени жараткан, мага Туура жол көрсөтөт.
79. Ал мени жедирет[2], ичирет[3].
80. Мен оорусам, мага шыпаа берет.
81. Ал мени өлтүрөт, анан[4] тирилтет.
82. Ал ошондой (абдан ырайымдуу) Кудай! Кыйамат күнү күнөөлөрүмдүн кечирилишин Андан үмүт кылам.
83. Оо, Эгем, мага даанaлык (илим) берип, мени жакшыларга[5] кошо көр!
84. Мени кийинки жаратылуучу адамдардын тилинде[6] да чыныгы үлгү кыла көр.
85. Мени берекелүү Бейиштин мураскорлорунан кыл.
86. Атамды[7] кечир. Анткени ал адашуучулардан[8].
87. Кабырдан[9] турган күнү мени кайгыга сала көрбө.
88. Ал Күнү мал-мүлк да, бала-чака да эч пайда бербейт.
89. Бирок, ким Аллахка таза жүрөгү менен[10] келсе гана (ошол пайда берет)»
90. Кудайдан корккондорго[11] Бейиш жакындатылат.
91. Адашкандарга Тозок көрсөтүлөт.
92. (Ошондо) аларга мындай деди: «Сыйынгандарыңар кайда?
93. Аллахтан башкалар силерге жардам бере алабы? Же (жок дегенде) өздөрүнө жардам бере алышабы?«
94. (Анан Аллахтан башка нерселерге) сыйынгандар да, адашкандар да Тозокко үстөмөн кылынып[12] ыргытылат.
95. Иблистин аскерлеринин[13] баары толугу менен (Тозокко ташталат).
96. Алар анда (Тозокто) мындай деп талашышат:

---

1 Аллах Таала
2 Азыктандырат, тамактандырат, ырыскы берет
3 Суусасам суусунумду кандырат
4 Кыйамат күнү кайра
5 Такыбаларга
6 Адамдар ар дайым такыбалыгымды сөз кылган момундардан кыл
7 Атамдын мушриктик күнөөлөрүн
8 Ибрахимдин (а.с.) атасы сөлөкөт-эстелик жасаган усталардан болгон жана ошол адатынан, буд-сөлөкөттөргө сыйынуудан баш тартпай койгон
9 Мүрзөдөн, гөрдөн, көрүстөндөн
10 Ыйманы менен
11 Такыбаларга
12 Бети ылдый каратылып, сүйрөлүп барып
13 Шайтандардын баары

97. Аллахтын ысмы менен ант болсун: «Адашканыбыз ак экен го!»
98. «Силерди ааламдардын Эгесине теңечү элек».
99. «Бизди күнөөкөрлөр адаштырган экен».
100. «Эми биздин эч бир ортомчулук кылаарыбыз[1] жок».
101. «Жан күйөөр досубуз да жок».
102. «Аттиң! (Эгер дүйнө жашоосуна кайра) кайтарыла турган болсокчу, ыйман келтиргендерден болоор элек».
103. Чындыгында, ушунда да[2] белгилер бар. Бирок, алардын[3] көбү ыйман келтиришпейт.
104. Акыйкатта, Эгең - Улуу Өкүмдар, Ырайымдуу!
105. Нухтун эли да пайгамбарларды жалганчыга чыгарышкан.
106. Ошондо алардын тууганы Нух айтты: » (Аллахтын каарынан) коркпойсуңарбы?
107. Ырасында, мен силерге жиберилген ишенимдүү элчимин.
108. Эми Аллахтан коркуп, мага мойун сунгула.
109. Ал үчүн мен силерден акы сурабаймын. Менин акым - ааламдардын Эгесине таандык.
110. Аллахтан коркуп, мага мойун сунгула».
111. Алар: «Сага кор болгон адамдар баш ийишти деп мойун суналыбы?» - дешти.
112. (Нух) айтты: «Алардын эмне иштегенин билбеймин.
113. Эгер түшүнсөңөр, алардын эсептери[4] Аллахка таандык.
114. (Аллахка) ыйман келтиргендерди кубалабаймын.
115. Анткени, мен болгону эскертүүчү[5] ганамын».
116. Алар: «Эй, Нух! Эгер тыйылбасаң, албетте, таш бараңга алынуучулардан болосуң»,- дешти.
117. (Нух) айтты: «Оо, Эгем! Чындыгында, элим мени жалганчыга чыгарууда,
118. эми алар менен менин ортомдо акыйкат бир өкүм чыгар[6] да, мени жана мени менен бирге момундарды куткар».

1 Колдоочубуз
2 Адам баласына сабак болуучу
3 Адамдардын
4 Соопторун, сыйлыктарын Аллах Таала гана берет...
5 Тозок менен Бейиш тууралуу
6 Тигилерге менин жалганчы эмес экенимди бир кереметин менен көрсөтүп койчу

**119.** Ошондо (Биз) аны да, аны менен бирге болгондорду[1] да куткардык[2].

**120.** Анан, калгандарды (топон) суу алдына чөктүрдүк.

**121.** Чындыгында, ушунда да (адамдарга сабак болуучу) белгилер бар. Ошондо деле алардын көбү ишенишпейт.

**122.** Акыйкатта, Эгең - Ызааттуу, Мээримдүү!

**123.** Аад эли да элчилерди[3] жалганчыга чыгарышты.

**124.** Ошондо аларга тууганы - Худ мындай деди: «(Аллахтан) коркпойсуңарбы?!

**125.** Чындыгында, мен силер үчүн ишенимдүү элчимин.

**126.** Аллахтан коркуп, мага мойун сунгула.

**127.** Бул үчүн мен силерден акы сурабаймын. Акым - ааламдардын Эгесине таандык.

**128.** Ар кайсыл дөбөгө эле пайдасыз буд-сөлөкөттөрдү ойноп жасай бересиңерби?

**129.** Же бул дүйнөдө түбөлүк калуу үмүтү менен кооз хансарайларды кура бересиңерби?[4].

**130.** Кармасаңар таш боордук менен катуу кармайсыңар[5].

**131.** Эми Аллахтан[6] коркуп, мага мойун сунгула.

**132.** Силерди өзүңөр билген нерселериңер[7] менен камсыз кылып жаткан Аллахтан корккула.

**133.** Ал силерге мал-мүлк, бала-чака берди.

**134.** (Ал) силерге бактарды, булактарды берди[8].

**135.** Мен силерге келүүчү Улуу күндүн азабынан коркомун».

**136.** Аларминтишти: «Сен бизге эскертесиңби, же эскертпейсиңби - баары бир.

**137.** Бул - мурункулардын гана адаты.

**138.** Биз азапка дуушар болбойбуз.[9]«

1 Момундарды

2 Бүткүл дүйнөлүк топон суудан

3 Аллахтын элчилерин -пайгамбарларды

4 Сарайларыңар баары бир түбөлүктүү эмес, эртең эле урап калат, андан көрө ыйман аркылуу өз рухуңарды оттон сактап калууга ашыкпайсыңарбы?

5 «Башка коомдорго, же адамдарга кол салсаңар, аңдоосуз, таш боордук менен мамиле кыласыңар», - деген мааниде

6 Аллах Тааланын жазасынан

7 түрлүү-түрлүү ырыскылар

8 Силер үчүн Ал - жер үстүндөгү не деген гана таттуу ырыскыларды жаратып койду

9 «Бизден мурдакыларга да ушунтип айтышкан. Бирок дагы эле Кыйамат Кайым болгон жери жок», - деп текеберленишкен

**139.** Алар аны жалганчыга айландырышкандыктан, Биз аларды кыйратып жок кылдык. Мына ушунда да[1] үлгү бар. Бирок алардын[2] көпчүлүгү (Аллахка) ишенишкен эмес.

**140.** Албетте[3], Эгең - Ызааттуу, Ырайымдуу!

**141.** Самуд эли да элчилерди жалганчыга чыгарышкан.

**142.** Ошондо алардын тууганы Салих мындай деди: «(Аллахтын каарынан) коркпойсуңарбы?

**143.** Ырасында, мен силерге жиберилген ишенимдүү элчимин.

**144.** Эми Аллахтан коркуп, мага мойун сунгула.

**145.** Ал үчүн мен силерден акы сурабаймын. Менин акым - ааламдардын Эгесине таандык.

**146.** Силер деги ушул жерде түбөлүк[4] кала аласыңарбы?

**147.** Бактарда, булактарда,

**148.** эгиндерде, жумшак кабыктуу курма дарактарында (Аллахтын) улуу белгилери турганын көрбөй жатасыңарбы?!

**149.** Ошондуктан кыйынсынуу менен тоолорду ойуп үй кура бересиңерби?

**150.** Аллахтан коркуп, мага мойун сунгула.

**151.** Чектен чыгуучулардын буйругуна багынбагыла.

**152.** Алар жер бетинде бузукулукту таратып, жакшы иштерди жасашпайт».

**153.** Алар Салихке айтышты: «Чындыгында, сен акылдан азгандардансың.

**154.** Сен биз сыйактуу эле бир адамсың. Эгер[5] чын айтып жаткан болсоң, кана бир керемет көрсөтчү».

**155.** (Салих) айтты: «Мына, силерге керемет - ушул боз инген[6]. Суу (алуу, же ичүү) кезеги - бир (күн) аныкы, белгилүү бир (күн) силердики[7].

**156.** Ага (ингенге) кара ниеттенип жамандык кылбагыла. Андай кылсаңар, [8]анда силерди улуу күндүн азабы алып кетет!»

**157.** Алар аны өлтүрүпташташты да, кайгыга кабылышты.

---

1 Адамзатка сабак болчу

2 Адамдардын

3 Аллах Таала Өз элчиси Мухаммедге (а.с.) кайрылууда

4 «Өлүмдү, Кыйаматты эстегиле. Бул жерде түбөлүк жашап калуу эч качан болбостугун унутпагыла. Түбөлүктүү жашоонун - акыреттин камын жегиле» деген мааниде

5 Пайгамбармын деп

6 Ботолуу каймал төө

7 Булактан сууну кезектешип аласыңар, ичесиңер. Сууну кызганып төөнү өлтүрбөйсүңөр

8 Аллах Таала силерге Өз керемети катары жок жерден дароо жаратып берген касиеттүү инген төөнү өлтүрсөңөр, анда Аллахтын каарына калып, жер бетинен жок кылынып, кыйратыласыңар

**158.** Ошондо аларды (Аллах жиберген) апаат алып кетти. Чындыгында, мында[1] үлгү бар. Алардын көбү (Аллахка) ишенбегендер эле.

**159.** Чындыгында, Аллах - Ызааттуу, Мээримдүү!

**160.** Лут эли да элчилерди жалганчыга айландырышты.

**161.** Ошондо алардын тууганы Лут мындай деди: » (Аллахтын каарынан) коркпойсуңарбы?

**162.** Ырасында, мен силерге жиберилген ишенимдүү элчимин.

**163.** Аллахтан коркуп, мага мойун сунгула.

**164.** Ал үчүн мен силерден акы сурабаймын. Менин акым - ааламдардын Эгесине таандык.

**165.** Дүйнөдө (көптөгөн айалдар туруп) эркектер менен кошуласыңарбы?

**166.** Эгеңер силер үчүн жараткан айалдарыңарды карабай койосуңарбы? Силер бузуку элсиңер!»

**167.** Алар: «Эй, Лут! Эгер[2] тыйылбасаң, албетте, журтуңдан куулуп кетесиң»,-дешти.

**168.** Лут айтты: «Албетте, мен силердин кылыктарыңардан жийиркенемин.

**169.** Оо, Эгем! Мени жана менин үй бүлөмдү булардын кылыктарынан куткар».

**170.** Ошондо биз аны - үй бүлөсү менен толук куткардык.

**171.** Жок боло тургандардын ичиндеги кемпирден башкаларын.

**172.** Анан, калгандарын[3] да кыйратып жок кылдык.

**173.** Аларга жамгыр жаадырдык. Эскертүү берилгендердин[4] жамгыры кандай жаман!

**174.** Ырасында, мында да бир үлгү[5] бар.

**175.** Эгең, чындыгында, Ызааттуу, Мээримдүү!

**176.** Айка эли да элчилерди жалганчыга чыгарышты.

**177.** Ошол убакта аларга Шуайп мындай деди: «(Аллахтын каарынан) коркпойсуңарбы?

**178.** Ырасында, мен силерге жиберилген ишенимдүү элчимин.

**179.** Эми Аллахтан коркуп, мага мойун сунгула.

**180.** Ал үчүн мен силерден акы сурабаймын. Менин акым - ааламдардын Эгесине таандык.

---

1 Адамзатка сабак болуучу

2 Бизди Туура жолго чакыруудан

3 Луттун бузулган коомун толугу менен

4 Аллах Таала тараптан эскертүү берилгенден кийин жаза катары кылмышкер коомго жиберилген жамгыр

5 Жалпы адамзатка сабак боло турган

**181.** Өлчөөнү толук кылгыла да, кемитүүчүлөрдөн болбогула.

**182.** Туура тараза менен тарткыла.

**183.** Адамдардын нерселерин[1] кемитпегиле да, жер бетинде бузукулук кылбагыла[2].

**184.** Силерди жана силерден мурдакы элдерди жараткан Аллахтан коркку-ла!»

**185.** Алар айтышты: «Сен, албетте, акылдан азгандардансың.

**186.** Сен биз кейиптүү эле бир адамсың. Анын үстүнө биз сени жалганчы деп ойлойбуз.

**187.** Эгер чын айтуучулардан болсоң, кана анда үстүбүзгө асмандын бир бөлүгүн таштап жиберчи».

**188.** (Шуайп): «Эгем силердин эмне кылып жатканыңарды жакшы билет!» - деди.

**189.** Ошентип, алар аны (Шуайпты) жалганчыга чыгарышты да, аларды ошол түнү апаат алып кетти. Ырасында, ал оор күндүн апааты болчу.

**190.** Чындыгында, мында да[3] бир үлгү бар. Бирок, алардын көпчүлүгү (Аллахка) ишенбегендерден эле.

**191.** Эгең[4], чындыгында, Ызааттуу, Мээримдүү!

**192.** Албетте, ал ааламдардын Эгесинин түшүрүүсү.

**193.** Аны ишенимдүү Рух (Жебреил жерге) алып түштү.

**194.** (Ал[5]) Эскертүүчүлөрдөн болушуң үчүн (Куранды) жүрөгүңө жайгаштырды;

**195.** ачык-айкын араб тилинде.

**196.** Чындыгында, ал[6] мурункулардын[7] китептеринде да бар болчу.

**197.** Исраил урпактарынын аалымдары муну[8] билиши - алар үчүн бир далил эмес бекен?!

**198.** Эгер Куранды арабдардан башка бир элге түшүрсөк

---

1 Соода-сатык кылган учуруңарда таразадан, же башка өлчөмдөрдөн өз пайдаңарга кымтып, бирөөнүн акысын жеп, оңой байууну көздөбөгүлө. Антип тапкан байлыгыңар баары бир силерге насип кылбай, же өрттөнүп кетет, же өзүңөр жоготууларга, кайгыларга учурайсыңар. Адамдарды алдоого болгону менен ар дайым көрүп, угуп турган Аллахты алдоо эч качан мүмкүн эмес!

2 Мындай бузукулуктан тыйылгыла

3 Бардык адамдарды ой жүгүртүүгө түртүп турган улуу

4 Аллах Таала Өз элчиси Мухаммедге (а.с.) кайрылууда

5 Аллах Таала

6 Ыйык Куранда айтылган айрым байандар, эскертүүлөр, насааттар...

7 Иудейлерге жана христиандарга түшүрүлгөн Тоорат, Забур, Инжилдерде да

8 Курандын жана Мухаммед (а.с.) пайгамбардын келиши тууралуу алар өз китептери аркылуу билишкени...

199. муну аларга (иудейлерге, христиандарга) ал окуп берсе деле (баары бир) ишенишмек эмес.

200. Куранды каапырлардын жүрөктөрүнө[1] ушундай түрдө киргиздик.

201. Оорутуучу азапты көргөнгө чейин алар[2] ишенишпейт.

202. Азап алар туйбаган жактан, капилеттен келет.

203. Ошондо алар: «Бизге бир мөөнөт берилээр бекен», -дешет.

204. Анан акырында алар: «Азабыбыздын тездетилишин тилейлиби?» - дешет.

205. Көрдүңбү: аларды нечендеген жылдар бойу жыргал турмушта жашатып койсок да, (Аллахка ыраазы болушпайт).

206. Анан аларга сөзсүз убада кылынган апаат келген кезде;

207. алардын пайдаланган нерселери коргоп кала албайт.

208. Эгер Биз кайсыл бир шаарды жок кылган болсок, албетте, (жок кылуудан мурда) аларга эскертүүчү жибергенбиз.

209. (Аларга) эскертүүлөрүбүз (толук) жеткирилген. Биз зулумдук кылуучу эмеспиз.

210. Бул Куранды шайтандар түшүргөн жок[3].

211. Бул аларга ылайык иш эмес, колдорунан да келбейт!

212. Чындыгында, алар (тымызын) тыншоодон толук куулду[4].

213. Аллахка шерик кошпо! Андай кылсан сен азапка учуроочулардан болуп каласын.

214. Жакын туугандарына да эскерт[5].

215. Момундардан сени ээрчигендерге канатынды жай[6].

216. Анан эгер алар сага каршы чыкса, анда: «Мен силердин кылганынардан жүз бурдум!», - дегин.

---

1 Аларды ыймандан алыстатуучу кылып

2 Аллах Таалага да, Куранга да, Мухаммед алейхи саламга да, кыйамат күнүнүн болоруна да....

3 Куран жаны түшүрүлгөн кезде, айрым каапырлар: «Муну ага шайтандар үйрөтүп жатса керек», - деген кара ниеттүү ойлорду эл ичинде таратып, бузукулук кылууга чейин жетишкен. Мындай улуу Китепти, Улуу Жаратуучу Аллах Таала гана жарата алат! Шайтандардын колунан бузукулуктан, адаштыруудан башка эч нерсе келбейт. Алар өздөрү жаратылган макулуктар.

4 Шайтандар мурун асманга чыгып, периштелерден болочок иштерди тыншап, билип алышып, ошол уурдап алган билими менен адамдар арасында бузукулук кылышкан. Курандын түшүрүлүшү менен алардын андай кылуусуна Аллах Таала тарабынан бөгөт койулган

5 Аллах Таалага шерик кошушпасын

6 Калкала, корго, кам көр, аларга күй

217. Ызааттуу, Мээримдүү Аллахка гана тобокел кыл[1].
218. Ал сени, сен тике турган учурунда көрүп турат.
219. Сежде кылуучулардын арасында айланып турганыңды да, түнкү (тахажжут намаздары) учурунда да көрүп турат.
220. Чындыгында, Аллах - бардык нерсени Угуучу, Билүүчү!
221. Шайтандар кимге түшөрүн силерди маалымдар кылайынбы?
222. Алар ар бир жалганчыга жана күнөөкөрлөргө түшөт.
223. Алар[2] (ага[3]) кулак салышат. Анткени алардын көбү жалганчылар.
224. Акындарды адашкандар (гана) ээрчишет.
225. Чындыгында алардын өрөөндөрдө кангып жүргөндөрүн көрбөдүңбү?
226. Чындыгында, алар өздөрү жасабаган иштерди (жасагандай кылып көркөмдөп жалган) айтышат.
227. Бирок, ыйман келтирип, жакшы иштерди жасагандар, Аллахты көп эстегендер, зулумдукка кабылганы үчүн, кийин кегин алгандардан башкалар[4] (тууралу сөз башка). Ал эми зулумдук кылгандар[5] кандай (оор) абалга кабыларын жакында билишет.

## 27. НАМЛ[6] СҮРӨСҮ

**Меккеде түшүрүлгөн Токсон үч айаттан турат**

***Мээримдүү, Ырайымдуу Аллахтын аты менен***

1. То, син[7]. Бул Курандын жана ачык Китептин[8] айаттары.
2. (Бул) момундар үчүн жол көргөзүүчү жана кубанычтуу кабар.
3. Алар намаз окушат, зекет беришет жана акыретке ишенет.

---

1 Тайан

2 Каапырлар

3 Шайтанга

4 Маселен, оболу таш боор адамдардын катаал мамилесине кабылып, кийин алар тууралуу жазып, бирок чектен ашпай, аны токтоткон акындардан абалы башка....Ушулар Аллах Таала жолунда. Аларга Аллах Тааланын алдында сый бар. Андай акындар: Абдулла ибн Раваха, Хасан ибн Сабит, Кахаб ибн Захир, Кахаб ибн Малик ж.б.у.с.

5 Аллах Таала, Куран жана пайгамбарлар тууралуу жалган ырларды чыгарып, өзүнө өзү зулумдук кылгандар

6 Намл - Кумурска

7 Мааниси бир Аллах Таалага маалым

8 Куран

4. Акыретке ишенбегендердин амалдарын Биз көркөмдүү көргөзүп кой-
дук, алар айран-таң болуп жүрө беришет.
5. Алар үчүн күчтүү жаза бар жана акыретте катуу зыйанга учурашат.
6. Сен Даанышман, Билүүчү тараптан Куранды аласың.
7. (Ошол кезде) Муса айалына: «Мен отту көрдүм[1]. Ал жактан силерге
кабар, же жылынууңар үчүн шамана алып келем», - деди.
8. Ал ага жакындаганда: «Оттун жанындагыга[2] жана анын айланасында-
гыларга кут даарысын. Ааламдардын Эгеси Аллахка аруулук!» - деген
үн угулду.
9. «Эй Муса! Акыйкатта, Мен - Улуу, Даанышман Аллахмын».
10. «Тайагыңды ташта!» Ал тайагы жыландай сойлогонун көргөн кезде,
артын карабай жөнөдү. «Эй, Муса! Коркпогун! Менин алдымда пай-
гамбарлар коркушпайт.»
11. «А бирок ким заалымдык кылса, анан жамандыгын жакшылык менен
алмаштырса, Мен анда Кечиримдүү, Боорукермин».
12. «Колуңду койнуңа сал! Ал эч оорусуз эле[3] аппак болуп чыгат, Фараон-
го жана анын коомуна (көрсөтүлгөн) тогуз белгинин[4] (бири). Анткени,
алар бузулган-күнөөкөр коом».
13. Аларга көз көрүнөө белгилерибиз[5] келгенде: «Бул анык сыйкыр», -
дешти.
14. Алар акыйкат экендигине ичтеринен ынанып турушса да, бой
көтөрүүчүлүк, адилетсиздик менен аларды четке кагышты[6]. Бузуку-
лардын акыбети кандай болгонун кара[7]!
15. Биз Дауд менен Сулайманга илим бердик, алар: «Бизге көптөгөн ый-
мандуу момун пенделеринин арасынан артыкчылык берген Аллахка
мактоо!» - дешти.
16. Сулайман Даудга мураскор болду. Ал[8]: «Эй, адамдар! Бизге куштардын
тилин билүү жана бардык жакшылыктар берилди. Акыйкатта, бул на-
гыз артыкчылык», - деди.

---

1 Мадйандан Мисирге бараткан жолдо

2 Мусага

3 Эч кандай оору себептүү эмес эле, Аллах Тааланын кудурети менен

4 Кереметтин

5 Кереметтерибиз

6 Аллах Тааланын буйругу менен Муса көргөзгөн тогуз кереметтерди

7 Ошолорго ишенгендей түр көргөзүп барып эле кайра ишенбей койгондуктары үчүн, сууга чөктүрүлүп өлтүрүлдү

8 Сулайман (а.с.)

17. Сулаймандын жиндерден, адамдардан жана куштардан болгон аскерлери жыйналды жана алар токтотулушту[1].

18. Алар кумурскалуу өрөөнгө жеткен кезде бир кумурска: «Эй кумурскалар! Уйаңарга киргиле. Сулайман жана анын аскерлери силерди байкабастан майкандап кетпесин», - деди.

19. Ал анын сөзүн угуп жылмайып күлдү да, мындай деди: «Эгем, мен Сага жагаарлык жакшылык иштерди кылуум үчүн Сенин мага жана ата-энеме көргөзгөн мээримдүүлүктөрүңө шүгүр кылуучулардан жаса, мени Өз мээримиңе алып, Өзүңдүн жакшы иштерди жасоочу пенделериңдин катарына кошо көр.»

20. Ал куштарды түгөлдөдү да анан мындай деди: «Эмнеликтен үпүптү көрбөй жатам? Же ал жоголуучулардан болдубу?

21. Мен аны катуу жазалайм, же аны сойуп таштаймын, же ал мага ачык далилдер менен келсин».

22. Ал[2] көп турбай (күттүрбөй) эле келди да: «Мен сен билбегенди билдим. Мен сага анык кабар менен Сабадан[3] келдим», - деди.

23. Мен бир айалды[4] таптым, ал алардын өкүмдары экен жана ага бардык нерселер берилген. Анын зор тактысы бар экен.

24. Мен ал жана анын эли Аллахтын ордуна Күнгө сыйынаарын көрдүм, шайтан алардын жоругун аларга көркөмдүү кылып көргөзүп, түз жолдон адаштырыптыр. Алар туура жол менен барышпайт.

25. (Шайтан аларды) асмандар менен жердеги жашыруундарды ачыкка чыгарган, силер жашырганды да, ачык кылгандарды да билген Аллахка сежде[5] кылбастыгы үчүн (адаштырган).

26. Аллах, Андан башка кудай жок! Ал- Улуу Арштын Ээси.

27. (Сулайман) мындай деди: «Сен чын айттыңбы, же жалганчылардан болдуңбу? Байкап көрөбүз.

28. Менин бул китебимди[6] алып баргын да аларга ташта. Анан алар эмне дешээр экен, карап тур.»

---

1 Алдындагылар артындагыларды күтүп жатты

2 Үпүп

3 Саба - Иемендеги чоң аталарынын аты менен аталган бир уруунун аты. (Тафсир Ал-Жалалайн)

4 Билкыс аттуу падыша айал

5 Бул айат «сежде айаты» деп аталып, окуган да, уккан да сежде кылууга тийиш. А сежде кандай тартипте жасаларын билүү үчүн «Мухтасар» аттуу фикх китебинин кыргызча котормосунун Тилават сеждеси - он үчүнчү бөлүмүн караңыз.

6 Катымды

**29.** Ал (падыша айал) айтты: «Эй, төбөлдөрүм! Мага ардактуу китеп[1] келди.

**30.** Ал Сулаймандан экен. Анда: «Мээримдүү, Боорукер Аллахтын аты менен«- деп жазылган.

**31.** «Силер менин алдымда бой көтөрбөшүңөр үчүн, баш ийген абалда мага келгиле!» (делинген).

**32.** Ал (айал) мындай деди: «Эй, төбөлдөрүм! Бул иш бойунча мага кеңеш бергиле. Силер келип кеңешиңерди бергенге чейин мен бул ишти (так) кесе чече албаймын».

**33.** Алар: «Биз чоң кубатка жана күчкө ээбиз. Өкүм кылуу өзүңө таандык. Кандай буйрук кыласың, карап көр».

**34.** (Падыша айал) айтты: «Падышалар (башка) өлкөгө киришсе, аны талкалашып, элинин урматтууларын кор кылышат. Алар (баары) ушундай кылышат.

**35.** Мен аларга бир белек жиберип, элчилер эмне менен кайтаарын күтө турайын.»

**36.** (Элчилер) Сулайманга келген кезде ал мындай деди: «Силер мени дүйнө- мүлк менен (алдамакчысыңарбы)? Аллахтын мага бергендери силер бергендериңерден артык эмеспи. Сыйлыктарыңарга өзүңөр гана кубанасыңар;

**37.** аларга кайтып бар, биз аларга аскер менен барабыз. Алар ага каршы тура алышпайт. Аларды басынган жана кор болгон абалда ал жерден чыгарабыз».

**38.** «Эй, төбөлдөр! Силердин араңардан ким ал (айал) мага баш ийген абалда келгенден мурун анын тактысын алып келе алат?» - деди[2] ал.

**39.** Жиндердин ичинен Ифрит: «Мен аны сага сен ордуңдан турганга чейин келтирем. Менин буга күчүм жетээри ишеничтүү» - деди.

**40.** Китептен илими болгон бирөө туруп: «Мен аны сага көзүңдү ачып-жумганча келтиремин», - деди[3]. Өзүнүн жанында тактынын турганын көргөндө (Сулайман): «Бул Эгемдин ырайымдуулугунан, мен ага шүгүр келтиремби же жокпу, ошону сыноо үчүн болду. Ким шүгүр келтирсе, ал өз жаны үчүн шүгүр келтиргени. А ким шүгүр кылбаса, Эгем - Бай, Кең пейил», - деди.

**41.** Ал: «Анын тактысын өзгөрткүлө[4]. Ал өз тактысын тааныр бекен же таанызбайбы карап көрөбүз» - деди.

---

1 Кат

2 Сулайман (а.с.)

3 Деди да тактыны көз ачып-жумганча келтирди

4 Ал көргөндө таанбай турган кылып койгула

42. Качан ал[1] келген кезде: «Сенин тактың ушундай беле?» - деп сурашты.
Ал: «Бул ошол өңдүү», - деди. Ал[2]: «Бизге илим андан мурун берилген
жана биз Аллахка берилгендерденбиз», - деди.

43. Аны[3] Аллахтан башкага табынып жүргөндүгү тоскон[4] (эле). Анткени,
ал каапыр коомдон болуучу.

44. Ага: «Сарайга кир!» - деп айтылды. Качан ал аны көргөндө, суунун
ирими экен деп ойлоп, шыйрагын ачты[5]. Ал (Сулайман): «Бул сарай
айнектен салынган», - деди. Ал (Билкыс): «Эгем, мен өз жаныма өзүм
заалымдык кылгам. Мен эми Сулайман менен бирге ааламдардын Эге-
си болгон Аллахка мойун сундум», - деди.

45. Биз Самудка[6] алардын тууганы Салихти жөнөттүк: «Аллахка табынгы-
ла» (деди ал). Бирок алар бир-бирине каршы душман болгон эки топко
бөлүнүп кетти.

46. Ал: «Эй, элим! Силер эмне үчүн жакшылыктын ордуна жамандыкка
шашыласыңар? Силер эмнеге Аллахтан кечирим суранбайсыңар? Мүм-
күн силерге ырайым кылынаар», - деди.

47. Алар: «Биз сенден жана сени менен бирге жакшы эмес жышаандарды[7]
көрүп жатабыз», - дешти. Ал: «Силердин жышаандар Аллахка көз ка-
ранды. Ооба, силер сыноодогу элсиңер», - деди.

48. Калаада жер үстүнө жакшылыкты эмес, бузукулукту таратып жүргөн
тогуз киши бар эле.

49. Алар: «Аллахтын аты менен бир- бириңерге ант бергиле. Түн ичинде
аны үй-бүлөсү[8] менен бирге өлтүрүп, анан анын жакынына: «Биз алар-
дын өлгөнүн көрбөдүк. Биз чынын айтуучуларбыз дейли», - дешти.

50. Алар айла-амал кылышты. Биз да айла-амал жасадык. А алар муну се-
зишпеди.

51. Алардын айла-амалдарынын арты кандай болгонун карап көрчү. Биз
аларды жана алардын коомун бүтүндөй жок кылдык.

52. Мына бул ойрон болгон алардын үйлөрү - алардын заалымдыктары
үчүн болгон. Акыйкатта, мында акыл калчагандар үчүн үлгүлөр бар.

53. Биз ыймандууларды жана такыбаларды куткардык.

---

1 Билкыс

2 Сулайман

3 Билкысты

4 Илимден, Аллахка ишенип, ыйман келтирүүдөн тоскон эле

5 Суу тийбесин деп, көйнөгүнүн этегин Билкыс өйдө тартты

6 Самуд элине

7 Анткени, узак убакыт жаан болбой, ачарчылыкты баш- тарынан өткөрүп жатышкан

8 Анын пайгамбар экенине ыйман келтиргендер

54. Лут өз коомуна мындай деди: «Чын эле силер бузукулук[1] кыласыңар-
бы? Силер аны[2] көрүп турасыңар го.

55. Чын эле силер айалдардын ордуна эркектерди каалайсыңарбы? Ооба,
силер акылдан азган коомсуңар», - деди.

56. Анын коому мындай жооп берди: «Лутту үй бүлө, жакындары менен
биздин айылдан чыгарып салгыла, анткени булар тазасынган киши-
лер.»

57. Биз аны жана анын үй бүлөсүн айалынан башкаларын куткардык. Ага
(айалга) Биз калгандардын арасында[3] болуусуну алдын-ала белгилеген-
биз.

58. Биз аларга жаан[4] төктүрдүк. Бул жаан эскертилгендер үчүн өтө катуу
кыйраткыч эле.

59. Аллахка мактоо! Анын тандаган пенделерине салам! Аллах жакшыбы,
же Ага шерик кылынып жаткандар[5] жакшыбы?

60. Же асмандар менен жерди жараткан жана силерге асмандан жаан жа-
адырып берген[6] (жакшыбы)? Силер аны өстүрүүгө күчүңөр жетпеген-
де көркөмдүү бактарыңарды өстүрүп бербедиби? Аллах менен бирге
башка кудай барбы? Ооба, алар жолдон чыккан коом эле.

61. Ал жерди катуу кылып, ал аркылуу дарыйаларды алып өтүп, анын
үстүнө тоолорду орнотуп жана эки деңиздин аралыгына тосмо кыл-
ган. Аллах менен бирге башка кудай барбы? Балким, алардын көпчүлү-
гү акыл калчабайт.

62. Же Ага кайрылганда запкы чеккенге жооп берген, жамандыкты кетир
ген жана силерди жер үстүнө орун басар кылып жараткан[7] (жакшыбы)?
Аллах менен бирге башка кудай барбы? Силер аз эстейсиңер.

63. Же силерди караңгылыкта кургактык жана деңиздер аркылуу алып
өткөн, өз мээримдүүлүгүнүн кубанычтуу кабары кылып шамалдарды
жөнөткөн[8] (жакшыбы)? Аллах менен бирге башка кудай барбы? Аллах
Аны менен бирге табынып жаткандардан бийик[9].

64. Же биринчи ирет жаратууну баштап, андан кийин аны кайталаган, си-

1 Эркек менен эркектин жыныстык катнаш кылуусу (бачабаздык) күчөп кеткен эле

2 Мунун баарысынын бузукулук экендигин

3 Луттун айалынын көңүлү ошол бузулган коом менен бирге болгон. Ошолордун кылык-жоруктарын туура көргөн

4 Асмандан күл менен таш жаап, шаарды толугу менен басып калган

5 Сөлөкөттөр (идолдор, жалган кудайлар)

6 Аллах Таала

7 Аллах Таала

8 Аллах Таала

9 Алар теңеген нерселерден бийик турат

лерге асмандан жаан жаадырып берген (жакшыбы)? Аллах менен бирге башка кудай барбы? «Эгер силер туура айтып жатсаңар далилдериңерди келтиргиле», - дегин.

65. «Асмандар менен жерде болгон жашыруунду Аллахтан башка эч ким билбейт. Алар качан тириле тургандыгын да туйушпайт», - дегин.

66. Алар акыреттеги жашоонун маанисин түшүнүшпөйбү? Жок! Алар ал[1] тууралуу өтө шектенүүдө. Ооба, алар сокурлар.

67. Каапыр болгондор: «Чын эле биз жана биздин аталарыбыз топурак болуп кеткен соң, кайрадан (тирилип) чыгарылабызбы?» - дешет.

68. «Бул бизге жана биздин ата-бабаларыбызга мурунтан эле убада кылынып келген нерсе. Бул мурункулардын жомогу гана.»

69. «Жер үстүндө жүрүп, күнөөлүүлөрдүн арты кандай болгондугун карап көргүлөчү», - дегин.

70. Алар тууралуу кайгырбагының жана алардын кылып жаткан айла-амалдарына кысылбагын!

71. «Эгер чынчыл болсоңор, бул убада качан (аткарылат)?» - дешет.

72. «Силер шаштырганыңардын кээ бири мүмкүн силерге жакын калды», - дегин.

73. Акыйкатта, Эгең адамдарга карата ырайымдуулук ээси. Бирок, алардын көбү шүгүр кылышпайт.

74. Акыйкатта, Эгең алардын көкүрөгүндө эмне катылгандарын жана эмне ачыкка чыгарылгандарын жакшы билет.

75. Асмандар менен жерде ачык китепке[2] жазылбай калган эч бир жашыруун нерсе жок.

76. Акыйкатта, бул Куран Исраил урпактарынын эмне жөнүндө талашкан нерселеринин[3] көп бөлүгүн байан кылат.

77. Акыйкатта ал момундар үчүн Туура жол жана мээримдүүлүк.

78. Албетте, Эгең алардын араларында Өзү адилеттүүлүк менен өкүм кылат. Ал Ызаттуу, Билүүчү.

79. Аллахка гана тобокел кыл. Анткени сен, ачык-айкын акыйкаттын үстүндөсүң[4].

80. Акыйкатта, сен өлүктөргө да, дүлөйлөргө да алар артка кетип баратышканда чакырыгыңды угуза албайсың.

81. Сен сокурларды алардын адашуусунан туура жолго чыгара албайсың.

---

1 Тигил дүйнөдөгү жашоого

2 Лавху Махфууз - тагдырлар жазылган китеп

3 Алар ажырашып, бири-бирине наалат айтып, каргаганга чейин барышкан

4 Ак диндесин

Сен Биздин айаттарыбызга ишенгендерге гана угуза аласың. Мына ошолор мойун сунгандар.

**82.** Биз аларга жазалай турган мезгил жеткенде жер алдынан бир жаныбар[1] чыгарабыз, ал аларга Биздин айаттарыбызга ишенбеген адамдар жөнүндө айтып берет.

**83.** Ошол күнү Биз ар бир элден айаттарыбызды жалган деп эсептегендердин топторун чогултабыз. Аларды бөлүштүрөбүз.

**84.** Алар келишкенде Ал[2]: «Билимиңер жетпей туруп, чын эле силер Менин айаттарымды жалганга чыгардыңар беле? Кана, силер эмне кылгансыңар?» - дейт.

**85.** Алар заалым болгондуктары үчүн алардын үстүнө өкүм түшөт. Алар түк сүйлөй алышпайт.

**86.** Чын эле алар Биз түндү эс алуу үчүн кылганыбызды, а күндүздү жарык болуу үчүн жасаганыбызды көрүшпөйбү? Акыйкатта, мында ыймандуулар үчүн белгилер бар.

**87.** Сурнай тартылган мына ошол күндө асмандар менен жердеги Аллах каалагандардан башкалары катуу коркушуп, Аллахка кор болгон абалда келишет.

**88.** Ошондо сен кыймылсыз деп эсептеп келген тоолор бардыгын мыкты кылып орундаган Аллахтын аракети менен булут өңдүү жылып келе жаткандыгын көрөсүң. Ал силердин кылып жатканыңар тууралуу толук кабардар.

**89.** Кимде-ким жакшылык менен келсе, ага андан да мыктысы[3] берилет. Алар Кыйамат күнүндө толук коопсуздукта болушат.

**90.** А ким жамандык менен келсе, алар жүздөрү менен отко ташталат: «Ырас эле силерге кылган ишиңерге жараша (жаза) берилген жокпу?» (делинет).

**91.** «Мага бул шаардын Эгесине сыйынууга буйрук кылынган. Ал аны[4] (күнөө иштерге) арам кылган. Ага баары таандык жана мойун сунуучулардан[5] болуу мага буйрук кылынган,

**92.** Куран окууга да (буйрулдум)». А ким Туура жол менен барса өзүнүн

---

1 Бул жаныбар хадисте айтылгандай: узундугу алтымыш зираа (1 зираа = 0,6. м), төрт буттуу, канаттары бар, талап кылган (издеген) жетпейт, качкан кутулбайт. Бул жаныбар акыр заманда адамдар бузулуп, Аллахтын буйруктарын аткарбай, ак динди бузук динге алмаштырган кезде Аллах Таала чыгарат. Меккеден чыгат деп айтылат. Акыр замандын чоң белгилеринин. Бул жаныбардын чыгышы ошол он белгинин бири. (Тафсир Ибну Касир)

2 Аллах Таала

3 Сыйлыктар

4 Ыйык Мекке шаары. Ал жерде бирөөнүн канын төгүү ж.б.у.с. күнөөлөр катуу арам кылынган

5 Мусулман болуу

гана жанынын пайдасына, а ким адашса, ага: «Мен эскертүүчүлөрдөн ганамын» - деп айт.

93. «Аллахка мактоо! Ал силерге Өзүнүн белгилерин[1] көргөзөт, а силер аны көрөсүңөр. Силердин Эгеңер эмне кылып жатканыңарды билип турат!» - деп айт.

# 28. КАСАС[2] СҮРӨСҮ

**Меккеде түшүрүлгөн Сексен сегиз айаттан турат**

***Мээримдүү, Ырайымдуу Аллахтын аты менен***

1. То, син, мим[3].
2. Бул ачыктоочу[4] Китептин[5] айаттары.
3. (Эй, Мухаммед!) сага Муса менен Фараондун байанын ишенүүчү эл үчүн жакшылап окуп беребиз.
4. Чындыгында, Фараон жер бетинде үстөмдүк кылып, элин топторго бөлдү. Алардын бир тобун эзип, уул балдарын мууздап, айалдарын тирүү калтырчу. Анткени ал бузукулардан болчу.
5. (Биз) ал жердеги эзилгендерге камкордук кылууну, аларды[6] жол башчы кылып, өздөрүн мураскор[7] кылууну каалайбыз:
6. Аларды жерге (Мисирге) отурукташтырууну; Фараонго, Хаманга жана ал экөөсүнүн аскерлерине өздөрүнүн корккон нерселерин көрсөтүүнү каалadык.
7. Мусанын апасына[8]: «Аны эмиз да, ага бир нерсе болот деп корксоң[9], анда аны дарыйага салып жибер. Коркпогун да, кайгырбагын. Чындыгында аны сага кайтарып, пайгамбарлардан кылабыз», - деп айан бердик.
8. Ошондо Фараондун үй бүлөсү өздөрүн кайгыртып, душман боло турган

1 Кереметтерин
2 Касас - Аңгемелер, болгон окуйалар
3 Мааниси бир гана Аллах Таалага белгилүү
4 Белгисиз нерселерди ачыкка чыгаруучу, ачык-айкын кылуучу, байандоочу
5 Ак менен караны, адал менен арамды, жаман менен жак- шыны ажыратуучу Китеп (Куран)
6 Эзилгендерди
7 Фараондун байлыгына
8 Муса (а.с.) жаңы төрөлгөн саатта
9 Фараондун буйругу бойунча ар бир жаңы төрөлгөн жөөт наристелер өлтүрүлүүгө тийиш болгон.

баланы[1] таап алышты. Акыйкатта, Фараон менен Хаман жана алардын аскерлери (оор) күнөөгө батышкан.

**9.** Фараондун айалы: «Менин да, сенин[2] да көзүңдү кубанычка бөлөсүн. (Ошондуктан) аны өлтүрбөгүлө. Балким бизге пайдасы тийер, болбосо бала кылып алаарбыз», - деди. А алар[3] сезишкен жок.

**10.** Мусанын апасы пайдасыз санаага батып, таң атырды. Эгер анын жүрөгүн (Аллахка) ишенүүчүлөрдөн кылып бекемдебеген болсок, анда аны[4] билдирип коймок.

**11.** Апасы Мусанын эжесине: «Анын (Мусанын) артынан барчы», -деди. Ал алар[5] байкабаган жактан акмалап жүрүп олтурду.

**12.** Мурда ага эмизүүчүлөрдү тыйуу салып койгон элек[6]. Ошондо анын[7] эжеси[8]: «Аны силер үчүн багып бере турган, ага камкор бир үйдү көрсөтөйүнбү?» - деди.

**13.** Ошентип, Аллахтын убадасы акыйкат экенин билүүсү үчүн аны апасынын көзүн кубантып, кайгыртпай турган кылып (кайра) кайтардык. Бирок, алардын көбү билишпейт.

**14.** (Муса) эрезеге жетип теңелген[9] кезде, ага даанышмандык жана илим бердик. Жакшылык кылуучуларды ушинтип сыйлыкка бөлөйбүз.

**15.** (Муса) эл капарсыз жаткан убакта шаарга кирди да, анда мушташып жаткан эки адамды көрдү. (Алардын) бири өз тобунан[10], бири душман тараптан[11] эле. Ошондо өз тобунан болгону душманына каршы Мусадан жардам сурады. Ошондо Муса аны муш менен урганда, ага өлүм келди. (Муса): «Бул - шайтандын иши. Анткени ал даана адаштыруучу душман» (деди).

**16.** Оо, Эгем! Чындыгында мен өзүмө (күтүүсүздөн) жамандык кылып алдым. Мени кечире көр!» - деди. Ошондуктан, Аллах аны кечирди. Анткени, Ал - Кечиримдүү, Ырайымдуу!

---

1 Наристе Мусаны (а.с.)

2 Фараонду айтып жатат

3 Бул бала келечекте пайгамбар болуп Фараонго каршы күрөшөрүн жана акыры Аллах Тааланын буйругу менен ал бардык аскерлери менен кошо Кызылдеңизге чөгүп өлүшүнө себеп болоорун

4 Фараондун үй бүлөсү дарыйадан таап алган наристе, алар жек көргөн душманы экенин

5 Фараондор

6 Муса төрөлгөндө эле башка айалдарды эмбей турган кылып койгон болчубуз. Ошондуктан ал өз апасынан башка эч бир айалдын эмчегин эмбей ыйлай берди

7 Муса (а.с.)дын

8 Ал баарын байкап, билип тургандыктан, Фараондун айалына:

9 Акыл-эс жагынан, өздөрүн акылдуу санаган Фараонго жана анын төбөлдөрүнө

10 Исраил урпактарынан

11 Кыптийлерден (египеттиктерден)

17. (Муса): «Оо, Эгем! Мага берген ырыскыңа ант! Эми күнөөкөрлөргө жардам бербеймин», - деди.

18. (Ошол түнү Муса) шаарда коркуп, алаңдап таң атырды. Ал эми кечээки андан[1] жардам сураган неме дагы жалбарып (жардам сурап) жатат[2]. Муса ага: «Сен чындап адашкан неме экенсиң», - деди.

19. Ошондо (Муса) экөөнүн тең душманын[3] чапчыгысы келген кезде, ага: «Эй, Муса! Кечээ бир адамды өлтүргөндөй, бүгүн мени өлтүрөсүңбү? Сен бул жерде тынчтыкты каалоочулардан болбой, зомбулардан болууну каалайсыңбы?», - деди.

20. Шаардын четинен бир киши чуркап келип: «Эй, Муса! Төбөлдөр сени өлтүрүү тууралуу кеңешип жатышат. Дароо (шаардан) чыгып кет! Чындыгында, мен сага насаат айтуучулардanмын», - деди.

21. Ошол учурда Муса корко баштады да, шаардан чыгып: «Оо, Эгем! Мени заалым элден куткара көр!» - деди.

22. Ал Мадйан жакка жөнөгөн кезде: «Оо, Эгем! Мага туура жолду көрсөтүүңдү үмүт кыламын», - деди.

23. Мадйан суусуна жеткенде, ал жерде мал сугарган бир топ адамды көрдү. Анан, алардан обочолонуп, малдарын суудан тосуп турган эки айалды көрдү да: «Экөөңөрдүн тартынганыңар эмне?» - деди. Экөө: «Малчылар малын алып кеткенге чейин (биз малдарыбызды) сугара албайбыз. Атабыз болсо улгайган карыйа», - дешти[4].

24. Муса алардын малдарын сугарып берди да, анан көлөкөгө бурулуп: «Оо, Эгем! Сен мага эмне жакшылык жиберсең да муктажмын», - деди.

25. Ошентип эки айалдын бири келип, уйалган түр менен: «Атам бизге мал сугарып берген акыңды берүү үчүн сени чакырып жатат», - деди. Муса ага[5] келгенде, болгон окуйаны айтып берди. Шуайп: «Коркпо! Заалым элден кутулдуң!», - деди.

26. Эки кыздын бири: «Ата, аны (ишке) жалдап алып кал. Чындыгында, ал жалданган адамдардын мыктысы, күчтүүсү жана ишенимдүүсү», - деди.

27. (Кыздардын атасы Мусага): «Мага сегиз жыл жалданып иштеп берсең, мына бул эки кызымдын бирин сага никелеп берээр элем. Эгер онду толуктасаң, ал сенин өз ишиң[6]. Сага машакат пайда кылууну каалабаймын. Аллах кааласа менин жакшы адам экенимди көрөөрсүң», - деди.

1 Мусадан (а.с.)

2 Дагы мушташып, жардам сурап жатат

3 Кыптийди

4 Булар Шуайп пайгамбардын кыздары эле

5 Шуайп (а.с.)га Муса (а.с.)

6 «Ал өз эркиң, бирок анын да акысын толук беремин», - деген мааниде.

28. (Муса): «Ушул сени менен менин ортобуздагы келишим боюнча (сен атаган) эки мөөнөттүн кайсынысын аткарсам да, мага каршылык жок (болсун). Айтканыбызга Аллах күбө», - деди.

29. Муса (жалданган) мөөнөтүн бүтүрүп, жубайы менен жолго чыкканда, Тур жактан бир от көрүп, жубайына: «Туруп тургула. Ырасында, бир от көрдүм. Балким, бир кабар, же силер жылынышыңар үчүн (ошол) оттон бир шамана алып келермин», - деди.

30. Ал жерге[1] келген кезде кут даарыган жердеги өрөөндүн оң жагындагы дарактын жанынан: «Эй, Муса! Акыйкатта, Мен - ааламдардын Эгеси, Аллахмын!» - деген үн чыкты:

31. «Тайагыңды ташта!» - дедик. (Ал таштады да) ошондо аны[2] ийрелеңдеген жылан таризинде көрүп[3], бурула калып, артын карабастан жолго түштү. «Эй, Муса! Бери бурул, коркпо! Чындыгында, сен амандыкта болуучулардансың!

32. Колуңду койнуңа сал. Оорусуз, аппак болуп чыгат. Коркуудан салбыраган[4] колдоруңду жыйна. Бул экөөсү - Фараонго да, анын адамдарына да Эгеңден (түшкөн) эки далил (болот). Анткени, алар бузуку эл...» (дедик).

33. (Муса): «Эгем! Чындыгында, алардын бир адамын өлтүрүп койгон элем. Ошондуктан алар мени өлтүрүп койушунан коркомун.

34. Бир тууганым Харун мага караганда сөзгө чеченирээк. Ошондуктан, аны мени менен бирге жардамчы кылып жибер, тайаныч болсун. (Анткени) алардын мени жалганчыга чыгарышынан коркомун», - деди.

35. (Аллах): «Тууганың аркылуу билегиңди күчтүү, экөөңдү алар жете албай тургандай, үстөм кыламын. (Биздин) айаттарыбыз менен экөөң да, силерди ээрчигендер да жеңишке ээ болосуңар», - деди.

36. Муса, аларга[5] ачык-айкын айаттарыбыз менен келген кезде, алар: «Бул жасалма сыйкырчылык гана. Муну мурда өткөн ата-бабаларыбыздан укканбыз», - дешти.

37. Муса: «(Аллахтын) Өзүнүн алдынан ким тууралыкты алып келгенин жана акыркы конуштун акыбети[6] кимдики болорун Эгем жакшы билет. Чындыгында, (силер сыйактуу) заалымдар[7] кутулушпайт!», - деди.

38. Фараон: «Эй, төбөлдөр! Мен силердин менден бөлөк кудайыңар бар

1 От күйгөн

2 Тайагын

3 Чоочуп кетти да

4 Калтыраган, титиреген

5 Фараонго жана төбөлдөрүнө

6 Акыретте жакшы акыбет кимдики болоорун

7 Тозок азабынан

экенин билбеймин. Эй, Хаман! Мен үчүн балчыкка от жагып[1], бир мунара жаса. Балким, ошондо Мусанын Кудайын көрөрмүн. Чындыгында, аны[2] жалганчы деп ойлоймун», - деди.

39. Ал жана анын аскерлери жер бетинде өздөрүн орунсуз орой алып жүрүшөт. Чындыгында, алар өздөрүн Биз жакка кайтарылбайбыз деп ойлошот.

40. Аны[3] да, анын аскерлерин да колго алып[4], деңизге (чөктүрүп) таштадык. Заалымдардын (аракетинин) акыбети кандай болгонун[5] көр!

41. Аларды[6] Тозокко чакыра турган жолбашчы кылып койдук[7]. Ошондой эле Кыйамат күнү алар жардам көрүшпөйт.

42. Алардын артынан бул дүйнөдө да каргыш ээрчитип койдук. Андан сырткары, Кыйамат күнү да көрүнүксүздөрдөн[8] болушат.

43. Чындыгында, оболку муундарды[9] жок кылгандан кийин, адамдар Мусага түшүнүшү үчүн Китепти[10] көрүнөө далилдер жана тууралык менен ырайым түрүндө бердик.

44. Биз Мусага буйрук берген кезде сен Батыш тарапта эмес элең[11]. Ошондуктан көрүп тургандардан эмессиң[12].

45. Канчалаган муундарды (элди) жараттык. Аларга узун өмүрлөр берилди[13]. (Сен[14]) айаттарыбызды окуп берүү үчүн Мадйан элинин ичинде да болгон эмессиң[15]. Бирок (ал кабарларды) сага жөнөтүүчү - Бизбиз.

1 Өтө бышык бышкан кыш жасап,

2 Мусаны

3 Фараонду

4 Азаптап

5 Ушундан

6 Каапырларды

7 Аларды эрчигендер Тозокко түшөт

8 Жек көрүлгөндөрдөн

9 Нух (а.с) эли, Аад, Самуд элдери, ж. б.у.с.

10 Тооратты Эмне үчүн бизге бир пайгамбар жибербедиң? Ошондо айаттарыңа мойун сунуп, момун болоор элек», - деп айтышат.

11 Аллах Таала сүйүктүү пайгамбарыбыз Мухаммед (а.с.- )га айтып жатат

12 Анткени, сени алардан кийин бул дүйнөгө алып келдик

13 Аллах тараптан

14 Аллах Таала сүйүктүү пайгамбарыбыз Мухаммед (а.с.- )га айтып жатат

15 Будда динине сыйынгандар, чаташып айтып жүрүшкөндөй, Аллах бир эле рухтан кайра-кайра пайгамбар жарата бербейт. Ар бир пайгамбар бир гана жолу жаратылат жана жер бетинде бир гана жолу өмүр кечирип, бир гана жолу өлөт. Буддизм дининдеги жандардын, рухтардын улам бир денеден экинчи денеге көчүп жүрүүсү тууралуу илим жалган илим. (Иса (а.с.) гана пайгамбарлардан жерге эки жолу келүүсү аркылуу бир аз айырмаланып турат, бирок ал өлтүрүлбөй, тирүү бойдон Аллахтын алдына чыгарылып кеткен үчүн жерге кайра түшүрүлөт. Ал Куранда эскертилгендей өлүм даамын тата элек...)

**46.** Биз Мусага сүйлөгөн кезде Тур жакта эмес элең. Бирок, сага ырайым түрүндө сенден мурун өздөрүнө эскертүүчү (пайгамбар) келбеген элди[1] эскертүү үчүн жиберилдиң. Мүмкүн, алар түшүнүшөөр.

**47.** Эгер аларга өз колдору менен жасагандарынын айынан бир балээ келе турган болсо, анда алар: «Оо, Эгебиз!

**48.** Ал эми аларга Өз алдыбыздан Акыйкат[2] келген кезде, алар: «Мусага берилген нерсе (керемettер) эмне үчүн буга[3] берилген жок?«- дешти. Алар мурда Мусага берилгенге[4] да каршы чыгышкан эмес беле? (Муса менен Харунду) «Бири-бирине жардамдашкан сыйкырчылар» - дешип: «Биз экөөсүнө тең[5] каршыбыз»,- дешкен.

**49.** (Сен[6]): «Эгер чын айтуучулардан болсоңор, Аллах тараптан ал экөөсүнөн[7] туурараак бир китеп алып келгиле, ошондо мен аны ээрчиймин»,- деп айт.

**50.** Ошондо да сага жооп бербесе, анда чындыгында, алардын өз каалоолору сүйрөгөн жакка кетти деп биле бер. Аллахтын көрсөтмөсүн ээрчибестен, өз каалоолору оогон жакка ээрчигендерден да адашкан адам барбы? Албетте, Аллах заалым элди туура жолго салбайт.

**51.** Акыйкатта, аларды эскертүү үчүн сөзүбүздү[8] улап айттык.

**52.** Мурун өздөрүнө китеп берилгендер ага[9] ишенишет.

**53.** Аларга[10] окулганда: «Биз буга ишендик. Чындыгында, ал Эгебиз тараптан түшүрүлгөн Акыйкат Сөз. Ырасында, мурда эле мойун сунган элек», - дешти[11].

**54.** Мына ошолорго сабыр кылгандыгы[12] себептүү сыйлыктары[13] эки эсе кылып берилет. Ошондой эле алар жамандыкты жакшылык менен жой-

1 Тозок жана Бейиш тууралуу

2 Куран

3 Мухаммед (а.с.)га

4 Тооратка

5 Тооратка да, Куранга да

6 Аллах Таала сүйүктүү пайгамбарыбыз Мухаммед (а.с.) га айтып жатат

7 Тоорат менен Курандан

8 Курандын айаттарын

9 Куранга

10 Куран

11 Бул айат иудейлерден жана христиандардан мусулман динин кабыл алгандар тууралуу

12 Өз коомунун кысым-кугунтуктарына ж.б.

13 Бейиштен

уп[1], өздөрүнө берген ырыскыларыбыздан тийиштүү жерлерге[2] жумшашат.

**55.** Алар пайдасыз сөздөрдү уккан кезде, андан жүз үйрүшүп: «Биздин жасаганыбыз өзүбүзгө, силердин кылганыңар - өзүңөргө таандык. Аман эле болгула![3] (Силердей) наадандарды (дос кылууну) каалабайбыз», - дешет.

**56.** Чындыгында, жакшы көргөндөрүңдү эле туура жолго сала албайсың[4]. Бирок, Аллах кимди кааласа, аны Туура жолго салат. Анткени, Ал - Туура жолду таба тургандарды жакшы билет.

**57.** (Курайш тобу): «Эгер сени менен бирге туура жолго түшсөк, жерибизден куулуп кетебиз», - дешти. Аларды Өз алдыбыздан[5] өсүмдүктөрү ырыскы түрүндө өсүп чыга турган ыйык, ары бейпил жерге (Меккеге) Биз жайгаштырбадык беле? Бирок, алардын көпчүлүгү түшүнбөйт.

**58.** Турмушуна[6] мактанган канчалаган калааларды жок кылдык. Мына, алардан кийин конуштарында аз гана адам жашап, журттары бош калды[7]. Алардын жерине Биз мураскор болдук.

**59.** (Эй, Мухаммед!) Эгең, калааларга[8] Биздин айаттарыбызды окуп бере турган элчилерди (элдин) негизги бөлүгүнө жибербей туруп, жок кылган эмес. Калкы заалым[9] калааларды гана жок кылабыз.

**60.** Силерге берилген нерселер - бул дүйнө тиричилигинин буйумдары жана кооздуктары гана. Ал эми Аллахтын алдындагы нерсе - ары мыкты, ары түбөлүктүү. Акыл калчабайсыңарбы?

**61.** Ал эми Аны[10] менен жолугуусу[11] убада кылынган адам[12] - Биз бул дүйнө тиричилигинде пайдаландырып[13], анан өзү Кыйамат күнү жазага кабылуучулардан болгон адамга[14] кантип эле окшош болсун?

---

1 Эгер кокус бир жамандык кылып койушса, артынан дароо жакшылык кылышып, күнөөлөрдөн тазаланышат

2 Садака, зекет, үшүр сыйактуу шарийат буйруган жактарга

3 Кыйаматка чейин өз билгениңерди кыла бергиле

4 Бул айат сүйүктүү пайгамбарыбыз Мухаммед (а.с.) дын атасынын бир тууганы Абу Талиптин ислам динин кабыл албай койгону тууралуу

5 Буйругубуз менен

6 Байлык менен дөөлөткө

7 Бул жерде эч ким, эч качан жашабагандай тыптыйпыл болуп жатат!

8 Калаа тургундарына

9 Аллах Тааланын айаттарын, (Куранды) четке каккан коомдорду гана

10 Аллах Таала

11 Бейиште

12 Момун мусулман

13 Өзүн турмуштук кемчиликтерден арылтып, жанын жыргатып

14 Каапырга

62. Аллах ал күнү аларга: «Силердин Мага кошкон шериктериңер кайда?» - деп сурайт.

63. Өздөрүнө сөз берилгендер[1]: «Оо, Эгебиз! Булар - биз адаштыргандар. Аларды өзүбүз адашкандай адаштырдык. Алардан качып, Сага[2] келдик. Алар чындыгында бизге деле сыйынышчу эмес»,- дешет.

64. Ал аларга: «(Мага) кошкон шериктериңерди чакыргыла!» - дейт. Ошондо алар[3] чакырышат. Чакыргандары жооп бербейт[4]. Ошентип, алар Тозокту көрүшөт. Алар Туура жолдо[5] жүргөн болгондо... (Тозоктон кутулушаар эле)!

65. Аллах ал күнү аларга: «Элчилерибизге[6] кандай жооп бердиңер?!» - дейт.

66. Ал күнү аларга кабарлар да берилбейт, өз ара да сүйлөшүшпөйт.

67. Ал эми ким тообо кылып, ыйман келтирип, жакшы иштерди жасаган болсо, анда алардын (Тозоктон) кутулуучулардан болушу күтүлөт.

68. Эгең Өзү каалаганын жаратат да, (Өзү) каалаганын (Бейиш үчүн) тандап алат. Аларда[7] болсо тандоо ыктыйары жок. Аллах - алар кошкон шериктерден Аруу да, Бийик да!

69. Эгең алардын көөдөндөрүндө жашырган нерселерин да, көрүнөө жасаган нерселерин да билет!

70. Ал - Аллах. Андан башка Кудай жок. Оболкуда да, акыретте да бардык мактоолор Ага! Өкүм чыгаруу - Ага гана таандык. Ага кайтарыласыңар.

71. Аларга: «Көрдүңөрбү, эгер Аллах силерге Кыйамат күнүнө чейин түбөлүктүү караңгылык кылып койсо, аны жарык кылып берээр кудайыңар ким? Укпайсыңарбы[8]?» - деп айт[9].

72. «Көрдүңөрбү: эгер Аллах силерге Кыйамат күнүнө чейин түбөлүктүү күндүз кылып койсо, Аллахтан башка силерге дем алдыруучу түндү жарата турган кудайыңар кайсы? Көз жүгүртпөйсүңөрбү[10]?» - деп айт.

73. Аллах силерге Өз ырайымы менен түндү тыныгышыңар, ал эми

1 Тозокко кирүүгө татыктуу болгондор

2 Аллах Таалага

3 Аллах Таалага кошкон шериктерин

4 Анткени, алар жансыз сөлөкөттөр...

5 Ислам динин тутунуп, момун болуп...

6 Алардын Аллах Тааланын динине чакыруусуна

7 Мушрик адамдарда

8 Пайгамбардын сөзүнө дыкат көңүл бур. Ошондо балким акылыңардын көзү ачылмак...

9 Аллах Таала сүйүктүү пайгамбарыбыз Мухаммедге (а.с.) айтып жатат

10 Аллах Таала жаратып, силерге кызмат кылдырып койгон айланаңардагы сансыз белгилерге

күндүздү Анын жакшылыгын[1] издешиңер үчүн жараткан. Балким, (Аллахка) шүгүр кылаарсыңар.

**74.** Ошол күнү (Аллах) аларга: «Менин шеригим деп ойлогонуңар кайда?» - деп айтат.

**75.** Ал күнү ар бир коомдон бирден күбө (ортого) чыгарылып: «Далилдериңерди көрсөткүлө!»- дейбиз. Ошондо, алар чыныгы Акыйкат Аллахка таандык экенин билишет да, алардын ойдон чыгарган нерселери[2] жок болот.

**76.** Чындыгында, Карун Мусанын элинен болчу, бирок аларга каршы чыкты. Ага[3] ачкычтарын күчтүү бир топ араң көтөрүп жүрө турган казыналарды берген элек. Ошондо ага анын эли: «Кубанба! Чындыгында, Аллах көпкөндөрдү жакшы көрбөйт!»- деди.

**77.** «Аллахтын сага берген дөөлөтү аркылуу акырет конушуна жетүүгө умтул да, бул дүйнөдөгү ырыскыны да унутпа[4]. Аллах сага жакшылык кылгандай, сен да жакшылык кыл. Жер бетинде бузукулук кылууну көздөбө. Аллах бузукуларды сүйбөйт.

**78.** (Карун): «Чындыгында, муну (байлыктарды) мен өз илим-билимим менен таптым[5]», - деди[6]. Чындыгында, Аллах андан[7] мурун, андан да күчтүү, андан да бай коомдорду[8] кыйратканын билбедиби? Күнөөкөрлөр күнөөлөрү тууралуу суралбайт[9].

**79.** Ал (Карун) коомунун алдына шаңдуу салтанат менен чыккан кезде, бул дүйнө жашоосун сүйгөндөр: «Аттиң! Бизде да Карунга берилгендей (байлык) болсо, анткени, Ал зор үлүштүн ээси!»- дешти[10].

**80.** Өздөрүнө (Аллахтан) илим-билим берилгендер: «Ыйман келтирип, жакшы иштерди жасагандардын Аллах берүүчү сыйлыгы мындан да мыкты! Ал эми ага сабырдуулар гана жетет!» - дешти.

**81.** Акыры аны[11] да, анын турагын да жерге жуттуруп жибердик.

---

1 Ырыскыларын

2 Кудайлары, сөлөкөттөр...

3 Карунга

4 Бул дүйнө ырыскыларында да акың бар экенин унутпай, ысырап кылбай керегинче пайдалан

5 Кантип байуунун жолун мен мыкты билемин. Анткени мен акылдуумун. Акылдуулар гана бай болот...»

6 Көзүн май баскан Карун...

7 Карундан

8 Алардын текеберлигинен, көпкөндүгүнөн, өз Жаратуу- чуларын тоотпой калгандыгынан...

9 Алардын бардык күнөөлөрү алардын амал-китептеринде жазылуу. Ошондуктан суралбастан эле дароо Тозокко ыргытылат

10 Суктанышты, көз артышты...

11 Карунду

Аллахтан башка ага жардам берээр бир да тайпа болгон жок, ары көмөк көрсөтүүчүлөр да болгон жок[1].

82. (Ошондо) кечээ эле анын ордунда болуп калууну[2] көксөгөндөр: «Мына азап! Аллах пенделеринен кимди кааласа, ошонун ырыскысын кенен кылып, (кимдикин кааласа) тар[3] кылып койот тура. Эгер Аллах бизге камкордук кылбаганда, албетте, бизди да жерге жуткузуп салмак. (Аллахтын) айткандарынан каапырлар кутула алышпайт» (дешти).

83. Мына, акырет журт[4]. Аны жер бетинде менменсинбегендерге, бузукулук кылбагандарга насип кылып койобуз. Чындыгында, (жакшы) акыбет - такыбалардыкы.

84. Ким бир жакшылык жасаса, ага[5] андан жакшыраак сыйлык бар. Ал эми ким бир жамандык жасаса, ал жамандыкты жасагандарга, ошол кылган иши үчүн гана жаза берилет.

85. (Эй, Мухаммед!) Куранды сага түшүргөн - Аллах. Албетте, (Ал) сени кайтар жериңе[6] кайтарат. (Сен): «Эгем - туура жүргөн кишини да, ачык адашкан адамды да жакшы Билүүчү!» - дегин.

86. Сен өзүңө Китеп түшүрүлө тургандыгын үмүт кылган эмес элең. Бирок, бул - Эгеңдин ырайымы. Каапырларга жардам берүүчү болбо!

87. Аллахтын айаттары сага түшүрүлгөндөн кийин, алар сени андан[7] тосушпасын. Аларды Эгеңе[8] чакыр да, эч качан Ага шерик кошуучулардан болбо.

88. Аллах менен катар[9] башка нерселерге сыйынба. Андан башка Кудай жок! Анын Өзүнөн башка бардык нерселер жок болуучу. Өкүмдарлык - Ага гана таандык. Ага гана кайтасыңар!

---

1 Карун зекет да, садака да, үшүр да берген эмес.. Өтө сараң, бай болуп, кедейлерди кемсинткен.

2 Абдан бай болууну

3 Жакыр

4 Бейиш

5 Бейиште, Аллахтын алдында

6 Бул жерде эки маани жатат: 1). Мединадан Меккеге, 2). Аллах Тааланын алдына

7 Курандагы буйруктарды аткаруудан

8 Аллах Таалага, Анын алдында кабыл болуучу чыныгы дин - Исламга...

9 Мушриктердей, Ага шерик кошуп

# 29. АНКАБУТ[1] СҮРӨСҮ

**Меккеде түшүрүлгөн Алтымыш тогуз айаттан турат**

***Мээримдүү, Ырайымдуу Аллахтын аты менен***

1. Алиф, Лам, Мим[2].
2. Адамдар: «Биз ыйман келтирдик», - дешсе эле, сыналбай калып калабыз деп ойлошобу?
3. Биз аларга чейинки болгондорду да сынаганбыз. Албетте, Аллах чынчылдарды да, жалганчыларды да билет.
4. Же жамандык иштерди кылып жаткандар Бизден ашып кетебиз деп ойлошобу? Алар чыгарган өкүм кандай жаман.
5. Ким Аллах менен кезигүүнү кааласа, албетте, Аллахтын белгилеген мөөнөтү[3] келет. Ал - Угуучу, Билүүчү.
6. Ким күрөшүп аракеттенсе, ал өз жаны үчүн аракеттенип умтулат. Акыйкатта, Аллах ааламга муктаж эмес.
7. Ыйман келтиргендердин жана жакшылык иштерди кылгандардын жамандыктарын жойуп салабыз[4], аларга жакшылыктары үчүн жакшыраак кылып сыйлык беребиз.
8. Биз инсанга ата-энесине жакшылык жасоону буйрудук. Эгер ал тууралуу сенде илим жок болсо да, алар Мага шерик кошууга сени түрткүлөй башташса, анда аларга баш ийбегин[5]. Мага кайтасыңар жана Мен силердин эмне кылганыңардан кабар берем.
9. Ыйман келтиргендерди жана жакшылык иш кылгандарды Биз жакшы иш жасоочулардын катарына киргизебиз.
10. Адамдардын ичинде: «Биз Аллахка ишенебиз», - дегендер бар. Качан аларга Аллахтын жолунда зыйан жетсе, адамдардын сыноосун Аллахтын жазасындай көрүшөт. А Эгенден жеңиш келген кезде алар: «Биз силер менен болгонбуз», - дешет. Чын эле Аллах ааламдардын көкүрөгүндө эмне бар экенин билбейби?
11. Аллах ыйман келтиргендерди да, эки жүздүүлөрдү да билет.
12. Ишенбеген каапырлар ыйман келтиргендерге: «Биздин жолубуз менен

1 Анкабут - Жөргөмүш

2 Мааниси бир Аллах Таалага маалым

3 Аллах Таала менен жолугуу мөөнөтү

4 Алардын жакшылык иштеринин натыйжасында жаман иштери таптакыр өчүрүлүп салынат (Сафат ат-Тафасир)

5 Эгерде, инсандын ата-энеси кудайсыз, же сөлөкөттөргө табынган инсандар болсо да, аларга жакшылык кылып, камкордук көрүү керек

баргыла. Биз силердин күнөөнөрдү өзүбүзгө алабыз», - дешет. Алар алардын күнөөлөрүнүн эч нерсесин алышпайт. Алар жалганчылар.

**13.** Алар өздөрүнүн жүктөрүн (күнөөлөрүн) өздөрүнө ээрчигендердин күнөөлөрү (жүктөрү) менен бирге[1] көтөрүшөт жана Кыйамат күнүндө өздөрүнүн эмнени ойлоп тапкандары тууралуу сурак беришет.

**14.** Биз Нухту анын коомуна жөнөттүк, ал алардын арасында элүүсү кем мин[2] жыл турду. Аларды топон суу каптады. Алар адилетсиз заалымдар болушкан эле.

**15.** Биз аны жана аны менен кемеде бирге жүргөндөрдү куткардык. Аны ааламдар үчүн белги кылдык.

**16.** Ибрахимди (эсте). Ал өз элине мындай деди: «Аллахка сыйынгыла жана Андан корккула! Эгер билсеңер, бул силер үчүн жакшы,

**17.** силер Аллахтын ордуна сөлөкөттөргө табынып, жалганчылыкты жасап жатасыңар. Акыйкатта, Аллахтын ордуна силер сыйынып жаткандар - силер үчүн ырыскы бере албайт. Ырыскыны Аллахтан гана талап[3] кылгыла. Ага сыйынгыла жана Ага шүгүр кылгыла. Силер Ага кайтарыласыңар».

**18.** Эгер силер муну жалганга чыгарсаңар, анда силерге чейинки коомдор да жалганга чыгарып келген. Элчинин милдети - айкын (кабарды) жеткирүү гана.

**19.** Чын эле алар Аллах жаратууну алгач ирет баштап, андан соң аны кайталаарын көрүшпөйбү? Акыйкатта, бул Аллах үчүн жеңил.

**20.** «Жер үстүндө жүрүп, Ал алгачкы жаратууну кандайча баштагандыгын карап көргүлө. Анан Аллах акыркы жаратууну пайда кылат. Аллах бардык нерсеге кудурети жетүүчү», - дегин.

**21.** Ал кимди кааласа жазалайт, кимди кааласа ырайымдуулук кылат жана силер Ага кайтарыласыңар.

**22.** Силер асмандар менен жерде эч нерсени алсыздандыра албайсыңар жана силерге Аллахтан башка коргоочу да, жардамчы да жок.

**23.** Аллахтын айаттарына жана Аны менен кездешүүгө ишенбеген каапырлар - Менин мээримимден үмүттөрүн үзгөндөр. Алар үчүн оорутуучу азап бар.

**24.** Ошондо анын элинин айткан жообу: «Аны[4] өлтүргүлө, же өрттөп ийгиле», - гана болду. Аллах аны оттон куткарды[5]. Акыйкатта ыймандуулар үчүн мында белгилер бар.

---

1 Башкаларды да Туура жолдон бузук жолго үндөгөндөрү үчүн

2 Нух пайгамбар 95. жыл элин Аллах Тааланын динине чакырган

3 Издөө, суранууу, өтүнүү

4 Ибрахим (а.с.)ды

5 Аллах Таала отту салкын жана жагымдуу болууга буйруду. Ибрахим андан эч зыйансыз

25. (Ибрахим): «Силер бул дүйнө жашоосунда өз араңардагы сүйүү үчүн Аллахтан башка сөлөкөттөрдү өзүңөргө алдыңар. Андан соң Кыйамат күнүндө бириңер экинчиңерден баш тартасыңар жана бириңер экинчиңерди каргап-шилейсиңер. Силердин жайыңар тозок болот. Силерге жардамчылар жок», - деди.

26. Аны Лут[1] тастыктады. «Мен өзүмдүн Эгеме көчүүчүмүн, анткени Ал Ызааттуу, Даанышман», - деди[2].

27. Биз ага Исхакты жана Йакупту бердик. Анын урпактарына пайгамбарлыкты жана Китепти ыроолодук. Ага бул дүйнөдө сыйлык ыйгардык, а акыретте, албетте, ал жакшылардан (болот).

28. Лут (өз) элине: «Албетте, Силер өтө бузук иш кылып жатасыңар, мындайда ааламда эч ким силерден ашкан эмес.

29. Чындыгында, силер эркектерге барасыңар[3] жана жолдорду кесесиңер[4], чогулуштарыңарда жаман иштерди кыласыңар[5]. Анын элинин айткан жообу: «Эгер сен чынчылдардан болсоң, анда бизге Аллахтын азабы менен келгин», - деген гана болду.

30. Ал: «Эгем! Бузулган элге каршы мага жардам бер!» - деди.

31. Биздин элчилер кубанычтуу кабар менен Ибрахимге барган кезде, алар: «Биз бул калаанын[6] жашоочуларын жок кылабыз. Чындыгында, ал калаанын ээлөөчүлөрү заалымдардан болушкан», - дешти.

32. Ал: «Албетте анда Лут бар», - деди. Алар[7]: «Биз анда кимдер барын жакшы билебиз. Биз аны жана үй- бүлөсүн - айалынан башкаларын куткарабыз. Ал[8] болсо анда калуучулардан», - дешти.

33. Биздин элчилерибиз ага келген кезде, ал алар үчүн кайгыра түштү[9] жана аларды[10] (айап) көкүрөгү кысылды. Алар: «Коркпо да, кайгырба. Биз сени жана үй-бүлөңдү - айалыңдан башкасын куткарабыз, ал[11] мында калуучулардан», - дешти.

---

чыкты

1 Лут Ибрахимге от эч зыйан келтирбегенин көргөндө Ибрахимди...

2 Ибрахим

3 Бачабаздык кулач жайган эле

4 Келген, же ары-бери өтүп бара жаткан жолоочуларды кармап, тоноп алышып, бир топторун зордукташкан

5 Бачабаздыкты алар чогулуштарда да бири-биринен эч уйалбай эле көз-көрүнөө жасашкан

6 Лут (а.с.) жашап келген калааны

7 Жебрейил (а.с.) баш болгон периштелер

8 Айалы

9 Анткени, периштелер келишимдүү жаш жигиттердин түспөлүндө келишкен. Лут: «Бузулган коом келип, аларды бузукулук ишке зордойт»,- деп ойлоп, кайгыра баштады

10 Татынакай (периште) конокторду

11 Луттун айалы. Ал айал бузулган коомго жан тарткан.

34. «Биз бул калаанын жашоочуларына бузулгандыктары үчүн асмандан азап түшүрөбүз».

35. Биз мындан акылы бар адамдар үчүн ачык белги[1] калтырдык.

36. Мадйандыктарга алардын тууганы Шуайпты (жөнөттүк). Ал: «Эй, элим! Аллахка сыйынгыла жана Кыйамат күнүнө ишенгиле. Жер үстүндө бузукулуктарды таратпагыла», - деди.

37. Алар аны жалганга чыгарышты, аларга жер титиреп, кыйроо жетти. Алар эртең менен өз үйлөрүндө кыймылсыз, бүк түшүп (өлүп) кала беришти.

38. Аад, Самуд (коомдору) да... Силерге алардын калган журттарынан ачык байкалат. Шайтан алардын иштерин кооз көргөзүп, аларды жолдон чыгарды. А алар көрүп туруучулар[2] эле.

39. Карун, Фараон жана Хаман... [3]Муса аларга ачык белгилер менен келди, а алар жер үстүндө менменсине бой көтөрүп жүрүштү жана алар (антип) узакка кете алышпады.

40. Алардын баарын Биз күнөөлөрү үчүн туттук. Алардын бирине бороондуу куйунду жөнөттүк[4], бирине кыйраткыч үн[5] жетти, бирин жерге жуткуздук[6], кээ бирин чөктүрүп салдык[7]. Аллах аларга заалымдык кылуу үчүн минткен жок, алар өздөрүнө-өздөрү зулумдук кылышты.

41. Өздөрүнө Аллахтан башканы жакын кылып алгандардын мисалы, өзүнө үй курган жөргөмүш өңдүү. Анткени, эгер алар билишкен болсо, үйлөрдүн эң начары жөргөмүштүн үйү.

42. Акыйкатта, Аллах Анын ордуна, Андан башканы чакырып[8] жаткандарды билет. Ал - Ызааттуу, Даанышман.

43. Бул мисалдарды Биз адамдарга келтиребиз, бирок муну билгендер гана түшүнөт.

44. Аллах асмандар менен жерди акыйкат менен жаратты. Албетте, мында момундар үчүн белги[9] бар.

45. Аларга китептен сага кабар берилгендерди окуп бер да, намаз оку.

---

1 Үлгү, сабак

2 Алар көрүп тургандан кийин, жаман жолдон кайтып, туура жолго түшүүлөрү керек эле. Алар антишпеди

3 Баары ойрон кылынган эле

4 Лут (а.с.)дын эли

5 Самуд эли

6 Карун

7 Нух (а.с.)дын жана Фараондун коомдорун

8 Аллах Тааладан башкага жалган кудайларды

9 Аллах Тааланын кудуретине далил бар

Анткени намаз бузукулуктан жана күнөөдөн тыйат[1]. Ал эми Аллахты эскерүү андан да чоң[2]. Аллах силердин эмне кылып жатканыңарды билип турат.

46. Алардын заалымдарынан башка китеп ээлери менен жакшы абалда гана талашып-тартышкыла[3]. Жана: «Биз өзүбүзгө түшүрүлгөнгө да, силерге түшүрүлгөнгө да ишенебиз. Биздин Кудай да, силердин Кудай да бир. Биз Ага мойун сунгандарданбыз», - дегин.

47. Ушинтип Биз сага Китеп жөнөттүк. Биз Китеп ыроологондор[4] ага ишенишет. Булардын арасынан да[5] ага ишенгендер бар. Биздин айаттарыбыздан каапырлар гана баш тартат.

48. Сен ага чейин эч кандай китепти окуган жоксуң жана аны өз колуң менен жазган да эмессиң[6]. Эгер антпегенде муну болбогон нерсе деп жаткандар (катуу) шектенишмек.

49. Ооба, бул илим берилгендердин көкүрөгүндөгү ачык-айкын айаттар. Биздин айаттарыбызды заалымдар гана четке кагат.

50. Алар: «Ага эмне Эгесинен белгилер[7] түшүрүлбөйт?» - дешет. «Акыйкатта, кереметтер Аллахтын гана алдында, а мен болсо эскертүүчү гана-мын», - дегин.

51. Чын эле аларга окулуп жаткан, Биз сага жөнөткөн Китеп жетишсизби? Акыйкатта, мында ырайым жана ыйман келтирген коом үчүн насаат бар.

52. Менин жана силердин араңарда Аллах жетиштүү күбө. Ал асмандардагы жана жердегилерди билет. Ал эми жалганга ишенип, Аллахка ишенбегендер болсо, алар зыйанга учурагандар.

53. Алар сени азап келтирүүгө шаштырышат. Эгерде белгиленген мөөнөт болбогондо, анда аларга азап келер эле жана ал аларга күтүүсүздөн, алар билбеген учурда келет.

---

1 Намазды чын ыкластан, эрежелерин толук аткарып, окуган болсо ыплас иштерден, күнөөлөрдөн алыс болот. А эгерде намаз окуп, бирок күнөөлөрдөн, бузукулуктан арылбаса, анда анын намазынын кабыл болбой жатканынын белгиси. Туурасын Аллах Таала билет

2 Биз Аллахты эстесек, Аллах Таала бизди эстейт (Бакара сүрөсүнүн 152-айатын караңыз). Эгерде Аллах Таала бизди эстесе, анда толук жардамдын келгени. Анткени Аллах Таала биздин муктаждыгыбызды жакшы билет. Демек, эмнеге муктаж болсок, Аллах Таала аны токтоосуз чечип койот

3 Аллах Тааладан тилеп, айаттарды, далилдерди келти- рип, жылуу-жумшак сөздөр менен

4 Иудейлер менен христиандардын ичиндеги чыныгы момундары. Алар пайгамбарлардын баарына, анын ичинде Мухаммед (а.с.)га да ишенишкен

5 Меккеликтердин арасынан

6 Пайгамбарыбыз окуганды да, жазганды да билген эмес

7 Кереметтер

54. Алар сени азап келтирүүгө шаштырышат. Акыйкатта, тозок каапырларды курчап алган[1].

55. Азап алардын үстүнөн да, айак астыларынан да туткан кезде, Ал: «Кылганыңарды таткыла!» - деп айтат.

56. Эй, Менин ыймандуу пенделерим! Албетте, Менин жерим кенен, Мага гана сыйынгыла!

57. Ар бир жан өлүмдү татат[2]. Андан соң силер Бизге кайтарыласыңар.

58. Ыйман келтирип, жакшылык иш кылгандарды Биз алдында дарыйалар агып турган, Бейиштин бийик жайларына жайгаштырабыз, алар анда түбөлүккө калышат. Амал кылгандардын сыйлыгы кандай жакшы.

59. Алар сабырдуу болушкан жана Эгесине тобокел[3] кылышат.

60. Канчалаган айбандар өздөрүнө азыгын камдай алышпайт. Аллах аларга да, силерге да ырыскы берип жатат. Ал - Угуучу, Билүүчү.

61. А эгер сен алардан: «Асмандар менен жерди ким жараткан, күн менен айды ким баш ийдирген?» - деп сурасаң, алар албетте: «Аллах», - дешет. Алар кандай алысташкан?![4]

62. Аллах өз пенделеринен кимди каалаcа ырыскысын кеңейтет жана өлчөп берет. Акыйкатта, Аллах - баарын Билүүчү.

63. А эгер сен алардан: «Асмандан жаан жаадырып жана аны менен жериңер өлгөндөн кийин кайра тирилткен ким?» - деп сурасаң, алар албетте: «Аллах», - дешет. «Аллахка мактоо!» - дегин. Бирок, алардын көпчүлүгү акыл калчашпайт.

64. Бул дүйнөдөгү жашоо ойун-күлкү гана, а акыреттеги - анык жашоо, эгер алар муну билген болсо.

65. Качан алар кемеде келе жатышканда ыймандарын тазалап, Аллахка кайрылып дуба кылышат. А качан кургакка чыкканда, алар Ага шериктерди кошот.

66. Биз бергендерге ишенбөө үчүн жана алар ырахаттанып алыш үчүн ушуну жасашат. Алар жакында билишет[5].

67. Анын айланасындагы элдерге кол салып, туткундап турганда, Биз (Меккени) ыйык жана тынч[6] жай кылганыбызды алар көрүшпөдүбү?

1 Тозок отунда азапталышат

2 Өлбөй тирүү жан калбайт

3 Эгесине гана тайанышат, Андан гана жардам сурашат

4 Бул жеткен наадандык. Баарын жараткан Аллах эке- нин тастыкташат да, Ага кайра ыйман келтиришпейт

5 Кылмыштарынын акыбетин

6 Ал жерде (Меккеде) өлтүрүүгө, тилдөөгө тыйуу салынган.

Кантип эле алар жалганга[1] ишенишет да, Аллахтын жакшылыгын танышат?!

68. Акыйкат келген кезде Аллахка каршы жалганды жаап, же акыйкатты калпка чыгаргандан ашкан заалым барбы? Баса, каапырлардын жайы - тозок эмеспи?

69. Биз үчүн умтулуп аракеттенгендерди, Биз Туура жолдо алып барабыз. Акыйкатта, Аллах жакшылык кылуучулар менен бирге.

# 30. РУМ[2] СҮРӨСҮ

**Меккеде түшүрүлгөн Алтымыш айаттан турат**

***Мээримдүү, Ырайымдуу Аллахтын аты менен***

1. Алиф, лам, мим[3].

2. Рум жеңилди[4].

3. Эң жакын жерде алар жеңилгенден кийин кайра жеңишет.

4. Бир нече жылдын ичинде[5]. Иш[6] мурун да, кийин да Аллахтын эркинде (болот). Ошол күнү момундар кубанышат[7].

5. Аллахтын жардамы менен. Ал Өзү кимге каалаcard жардам берет. Ал - Ызааттуу, Мээримдүү.

6. Бул - Аллахтын убадасы. Аллах убадасынан кайтпайт. Бирок адамдардын көбү (аны) түшүнбөйт.

7. Алар бул дүйнө тиричилигинде көрүнүп турган нерселерди гана билишет да, акыреттен бейкапар (жүрүшөт).

8. Аллах асмандар менен жерди жана ал экөөсүнүн ортосундагыларды

---

1 Буд-сөлөкөттөргө, жалган кудайларга

2 «Рум» - Чыгыш Рим империйасы, Византийа аталган мамлекеттин араб тилинде аталышы

3 Мааниси бир Аллахка маалым

4 Чыгыш Римдиктер Китеп ээлери эле. Аларды Перси империйасы басып алган учур болгон. А перстер китеп ээлери эмес болчу, будпарастар болушкан. Ошондо Меккелик каапырлар кубанычка бөлөнүп, мусулмандарга кайрылып: «Перстер Византийалыктарды басып алгандай, биз да силерди жеңип алабыз» , - дешкен (Тафсир Ал-Жалалайн)

5 3төн 9га чейинки жылдар аралыгы

6 Окуйалардын кандай нукта өнүгүшү

7 Византийа жеңилгенден туура жети жыл өткөн соң кайра персилерди жеңип алышкан. Ошондо мусулмандар кубанышты. Меккелик каапырлар будпарастарга жан тарткандай эле, мусулмандар да китеп ээлерине жан тартышкан. Кызыгы: бул окуйаны Куран жети жыл мурун кабарлаган. Курандын ушул сүрөсүнүн 4-айатында «фии биз-и синиин» деп кабардалган. Араб тилинде «биз-у» 3төн 9га чейинки сандардын аралыгын туйундурат. Куран - Жаратқандын Сөзү экенине мына бул далил эмей эмине?!

чындык менен белгилүү бир мөөнөткө (чейин өмүр сүрүүлөрү) үчүн жаратты. (Адамдар жок дегенде) өздөрү тууралуу ой жүгүртүшпөйбү? Чындыгында, адамдардын көпчүлүгү Эгесине жолугууга каршы чыгышат.

9. Алар жер жүзүн кыдырып, өздөрүнөн мурункулардын акыбетинин кандай болгонун көрүшпөйбү? Чындыгында, алар[1] булардан[2] күчтүүрөөк болчу. Алар буларга караганда жерлерди да көбүрөөк айдашып, көбүрөөк дан себишчү. Аларга ачык далилдер менен элчилер да келген. Аллах аларга зулумдук кылган эмес. Бирок, алар өздөрүнө зулумдук кылышкан.

10. Ошондуктан жамандык кылгандардын акыбети - Аллахтын айаттарын жалганга чыгарып, аны келекелегендер үчүн жаман болот!

11. Алгачкы жараткан да Аллах, кийин Өзүнө кайтара турган да Ал Өзү. Ага кайтарыласыңар.

12. Кыйамат болгон күнү күнөөкөрлөр (Бейиштен) күдөр үзүшөт.

13. Аларга, Аллахка кошкон шерик- теринин жардамы тийбей, алар өздөрү (Аллахка кошкон) ошол шериктерине каршы чыгышат.

14. Кыйамат күнү - ошол күнү (каапырлар менен момундар) ажыратылат.

15. Ал эми (Аллахка) ыйман келтирип, жакшылык кылгандар (Бейиш) бактарда сайрандашат.

16. Каапыр болуп, Менин айаттарымды жана акыретте Мага жолугууну жалганга чыгаргандар, мына ошолор - Тозокко дайардалгандар.

17. Ошондуктан, кеч киргизип, тан атырган убагынарда[3] жана тан атаарда[4] Аллахты аруулагыла!

18. Асмандар менен жерде, кечке маал жана түшкү тыныгуунарда да[5] бардык мактоо - Аллахка гана!

19. Ал өлүктөн тирүүнү чыгарып, тирүүдөн өлүктү чыгарат да, жерди ал өлгөндөн кийин кайра тирилтет. Ошол сыйактуу эле силер кайра чыгарыласынар[6].

20. Анын белгилеринин бири - силерди топурактан жаратышы. Кийин силер адам болуп (жер бетине) таркатылдынар.

21. Ага байыр алуунар үчүн өзүнөрдөн жубай жаратып, ортонорго махабат жана мээримдүүлүк берип койгону да - Анын белгилеринен. Чындыгында, ой жүгүрткөн эл үчүн ушуларда белгилер бар.

---

1 Мурда өткөн муундар: Аад, Самуд сыйактуу элдери

2 Рим, Перси империйаларынан

3 Шам жана куптан маалдары

4 Багымдат намазында

5 Бешим жана дигер маалдары

6 Мүрзөлөрдөн

22. Асмандар менен жердин жаратылышы, силердин тилинердин, түсүнөрдүн ар түрдүүлүгү да - Анын белгилеринен. Акыйкатта, буларда билимдүүлөр үчүн белгилер бар.

23. Кече-күндүз укташынар, Аллахтын жакшылыктарын издешинер да - Анын белгилеринен. Ырасында, кулак салган коом үчүн мында да белгилер бар.

24. Силерге коркуу жана үмүттөнүү түрүндө чагылганды көрсөтүп, асмандан жамгыр жаадырып, аны менен өлгөн жерди тирилтүүсү да Анын белгилеринен. Чындыгында, мында да акыл жүгүрткөн эл үчүн үлгүлөр бар.

25. Асмандар менен жердин Анын буйругу менен турушу да Анын белгилеринен. Ошондуктан, чакыруучу силерге үн салган кезде, силер дароо чыга келесиңер.

26. Асмандар менен жердеги бардык нерсе - Аныкы! Баары Ага баш ийет.

27. Ал жоктон бар кылып, анан кайра жаратат. Бул Ага оңой. Асмандар менен жердеги эң бийик мисалдар - Ага гана таандык. Ал - Ызааттуу, Даанышман!

28. Ал силерге өзүңөрдөн мындай мисал келтирет: Силерге Биз берип жаткан ырыскыларга, кол алдыңардагы кулдар да, силер менен тең шерик[1] болсо, алардан өзүңөрдөн сестенгендей жазганаар белеңер[2]? Айаттарыбызды мына ушинтип акыл жүгүрткөн элге ачык байан кылабыз.

29. Албетте, заалымдар (жакшылап) билбей туруп эле, каалоолорун ээрчип кете беришет. Аллах адаштырган адамга ким Туура жолду көрсөтө алмак? Аларга эч бир жардамчы жок.

30. (Эй, Мухаммед!) (Аллахка) берилген, таза абалда жүзүңдү динге түздө. Аллах адамдарды ошого[3] арнап жараткан. Аллахтын жараткан нерселеринде өзгөрүү болбойт. Ушу (Ислам дини) - туура, түз дин. Бирок, адамдардын көбү билишпейт.

31. Аллахка мойун сунган түрдө Андан коркуп туруп намаздарды аткаргыла. Эч качан Ага шерик кошуучулардан болбогула!

32. Алар[4] өз диндерин бөлүп-жарып, топ-топ болуп (бөлүнүп) алышкан. Ар бири өз (кол) алдындагыларга гана кубангандар.

33. Качан адамдарга бир балээ келсе, ошондо алар Эгесине кайрылышкан

---

1 Тең укуктуу болуп, теңтайлаша өкүм жүргүзсө

2 Силер өзүңөрдүн насибиңерге кул-күңдөрүңөрдү шерик кылбайсыңар. Анан кантип Аллах Тааланын кулдарын Ага шерик кылып жатасыңар?

3 Ислам динине

4 Мушриктер

абалда жалбарышат. Эгер аларга Аллах Өзүнүн мээримин таттырса, ошондо алардын кай бирлери өздөрүнүн Эгесине[1] шерик кошушат[2].

34. Муну Биз аларга берген ырыскыларыбызга шүгүрсүздүк кылуу үчүн жасашат. Мейли, (Биздин ырыскылардан убактылуу) пайдаланып тургула. Анан билесиңер!

35. Же Аллахка шерик келтирүүнү аларга айтып бере турган далил түшүрдүкпү?!

36. Качан адамдарга бир ырайым таттырсак, ошондо алар ага абдан кубанат. А эгер өздөрү колдору менен жасагандарынын жазасы (кайгысы) келсе, алар (Аллахтан) үмүт үзүшөт.

37. Чындыгында, Аллах Өзү каалаган пендесине ырыскыны кеңейтип, же тарытып жатканын көрүшпөйбү? Чындыгында, ыйман келтирген коом үчүн ушунда да белгилер бар.

38. Ошондуктан жакындарыңарга, бей-бечараларга, жолоочуларга акысын бергиле[3]. Аллахтын ыраазылыгын самагандар үчүн ушул жакшы. Мына ошолор - (Тозок азабынан) кутулуучулар.

39. Силер адамдардын мал-мүлкүнө (өз байлыгыңарды) көбөйтүү үчүн үстөк кошконуңар - Аллахтын алдында көбөйбөйт. Аллахтын ыраазылыгы үчүн берген зекеттериңер - мына ушулар эселенип көбөйүүчүлөр. Акырында, мына ошолор артыкча соопторго ээ болушат.

40. Аллах силерди жаратып, анан ырыскы берет. Андан кийин өлтүрөт, анан кайра тирилтет. Силердин Аллахка кошкон шериктериңердин арасынан ким силерге мына ушулардын[4] бир нерсесин жасай алат? Аллах - алардын кошкон шериктеринен Аруу да, Бийик!

41. Адамдар өз колдору менен жасагандарынын кай биринин[5] жазасын тарттыруу үчүн кургактыкта жана деңизде бузукулук ачыкка чыкты. Балким, алар кайра тартышаар.

42. (Эй, Мухаммед!) «Жер жүзүн кыдырып, мурункулардын акыбети кандай болгонун көргүлө», - дегин. Алардын көбү Аллахка шерик кошуучулар болчу.

43. Аллахтан кайтарылбай турган күн келүүдөн мурун жүзүңдү туура динге[6] түздө! Ал күнү алар[7] ажыратылат.

1 Аллах Таалага

2 «Биз бул ийгиликке өз акылыбыз менен жеттик», - дешет

3 Жакшылык кылгыла, садака бергиле, сыйлагыла...

4 Азыр эле саналып өткөндөрдүн

5 Өздөрү жасаган жамандыктарды алар да башкалардан тартып көрсүн деп жер бетиндеги жана деңиздердеги адамдардын каракчылыктарын азырынча токтоткон жокпуз

6 Исламга

7 Каапырлар менен момундар

44. Ким каапыр болсо, каапырлыгы өзүнө! Ал эми ким жакшы амал жасаса, анда ал өзү үчүн (жыргалдуу) орун дайардайт.

45. Ошентип, Аллах ыйман келтирип, жакшылык кылгандарга Өз жакшылыктарынан сыйлык берет. Чындыгында, Ал[1] - каапырларды жакшы көрбөйт.

46. Силерге жакшылык даамын таттыруу үчүн кубандыруучу шамалдарды жиберип, Өз берешендигинен ырыскы издөөңөр үчүн Өз буйругу менен кемелерди жүргүзүп койгону - Анын белгилеринен. Балким, (Аллахка) шүгүр кылаарсыңар.

47. Чындыгында, сенден мурун да алардын коомуна элчилерди жибергенбиз. Ошентип (элчилерибиз) аларга далилдер менен келишкен. Ошондо алардын күнөөкөрлөрүнөн өч алдык (жок кылдык). Анткени, момундарга жардам берүү - Биздин милдет.

48. Аллах шамалдарды жиберет да, булуттарды жылдырып, аны Өз каалоосу бойунча асманга жайат. Булуттарды кыймылга келтирип турат. Ошондо алардын ортолорунан жамгырдын чыкканын көрөсүң. Ал жамгырды пенделеринен каалаганына жеткирет. Ошол убакта алар кубанычка ээ болот.

49. Чындыгында, алар өздөрүнө жамгыр келүүдөн алда канча мурун эле күдөр үзгөн болчу.

50. Аллахтын ырайымынын издерине кара: Жерди өлгөндөн кийин аны кандай тирилтти! Акыйкатта, Ал - өлүктөрдү тирилтет. Ал бардык нерсеге Кудуреттүү!

51. Албетте, эгер (Биз) шамал жиберсек, алар эгиндеринин саргайганын көрсө да..., андан кимин да каапырлык кылышат[2].

52. (Эй, Мухаммед!) Чындыгында, сен өлүктөргө угуза албайсың. Ошондой эле жүз буруп, кетип бараткан дүлөйлөргө да чакырыкты угуза албайсың.

53. Сокурду да адашкан багытынан туура жолго сала албайсың. Айаттарыбызга ыйман келтирип, мойун сунган адамдарга гана угуза аласың.

54. Аллах - силерди алсыз суудан жаратып, анан алсыздыктан кийин күч берет. Анан күчтөн кийин кайра алсыратып, картайтат[3]. Ал Өзү каалагандай жаратат. Анткени, Ал - Кабардар, Кудуреттүү!

55. Кыйамат күнү күнөөкөрлөр бир сааттан көп турганыбыз жок» деп ант ичишет. Алар дүйнө жашоосунда да ошентип адашкан болчу.

56. Ал эми билимдүүлөр менен ыйман келтиргендер: «Чындыгында,

---

1 Аллах Таала

2 Тообо келтирип, апаатка сабыр кылбайт

3 Адам наристе кезинде абдан алсыз болуп, эр жеткенде жалтанбаган күчкө толуп, картайган кезде кайра алсырайт.

Аллахтын алдындагы тириле турган Күнгө чейин турдуңар. Тириле турган Күн ушул. Бирок, силер билбейт элеңер», - дешет.

57. Ошол күнү зулумдук кылгандардын шылтоолору пайда бербейт. Алар жемелөөгө да альшбайт[1].

58. Чындыгында, бул Куранда адам баласы үчүн ар түрдүү мисалдарды келтирдик. Аларга бир белги келтирсең да, каапырлар: «Силер бузуку ганасыңар», - дешет.

59. Ошентип, Аллах билбегендердин[2] жүрөктөрүн мөөрлөп[3] салат.

60. (Эй, Мухаммед!) Эми сабыр кыл. Анын убадасы акыйкат! Ишенбегендер сени жеңил санашпасын![4]

# 31. ЛУКМАН[5] СҮРӨСҮ

**Меккеде түшүрүлгөн Отуз төрт айаттан турат**

***Мээримдүү, Ырайымдуу Аллахтын аты менен***

1. Алиф, Лам, Мим[6].
2. Бул даанышман Китептин[7] айаттары;
3. жакшылык кылгандарга - Туура жол жана Ырайым (катары түшүрүлдү).
4. Алар намаз окушат, зекет беришет жана акыретке ишенет.
5. Мына ушулар Эгеси тарабынан Туура жолдо. Дал ошолор ийгиликке жетүүчүлөр! [8]
6. Адамдардын арасында эч илимсиз эле, Аллахтын түз жолунан чыгаруу жана мыскыл-тамаша кылуу үчүн негизсиз сөздөрдү[9] жайгандар бар. Алар үчүн кор кылуучу азап (бар!)
7. Ага Биздин айаттарыбыз окулганда, ал аны укпаган өңдүү, же кулагы оор[10] сыйактуу кекирейе терс бурулат. Ага катуу жазаны «сүйүнчүлө»!

---

1 Сестендирүүчү эскертүүлөр да жасалбайт. Анткени анын ага баары бир пайдасы жок болот. Аларды жаза гана күтүп турган болот

2 Аллах Тааланын жалгыздыгын жана кудуреттүүлүгүн билүүнү каалабагандардын

3 Куранды түшүнбөй турган кылып, кулпулап, бекитип...

4 Чыныгы кордукту Кыйамат күнү көрүшөт!

5 Лукман - Улукман

6 Мааниси бир Аллах Таалага маалым

7 Куран

8 Алардын сыйлыгы Бейиш болот

9 Имиштерди, жоромолдорду

10 Дүлөй.

8. Акыйкатта ыйман келтирип, жакшылык иш кылгандарга жыргалдуу Бейиш бар.

9. Алар анда түбөлүккө калышат. Аллахтын убадасы чындык. Ал - Ыза-аттуу, Даанышман.

10. (Ал) асмандарды[1] тирөөчсүз жараткан жана сен аларды көрүп турасың. Силер менен бирге ал термелбесин үчүн жер үстүнө бекем тоолорду кадаган[2], (жерде) түрдүү жан-жаныбарларды тараткан. Биз асмандан жаан жаадырып, анын үстүндөгү өсүмдүктөрдүн түрүн өстүрөбүз.

11. Бул Аллахтын жараткандары. Силер Андан башканын жараткандарын Мага көргөзгүлөчү? Ооба, заалымдар анык адашууда.

12. Биз, акыйкатта, Лукманга акылмандыкты ыроолодук: «Аллахка шүгүр кыл. Ким шүгүр кылса - ал өз жаны үчүн шүгүр кылат, а эгер шүгүр кылбаса, Аллах муктаж эмес, (Ал) мактоого татыктуу.»

13. Лукман өз уулуна насаат кылып: «Эй, уулум! Аллахка ширк[3] кылбагын! Акыйкатта, ширк кылуу өтө чоң заалымдык», - деди.

14. Биз инсанга өз ата-энесине жакшылык кылууну буйрудук. Энеси аны алсыздыктын үстүнө алсыз болуп көтөрөт. Аны эмизүү мөөнөтү эки жыл. Биз буйруганбыз: «Мага жана ата-энеңе шүгүр кыл. Кайтуу Мага.»

15. А эгер алар сени ал тууралуу сен билбеген нерселерди Мага шерик ко-шууга үндөй баштаса, анда аларга баш ийбе. Аларга мээримдүү бол жана Мага мойун сунгандардын жолу менен бол. Андан соң кайтууңар Мага. Мен силердин эмне кылгандарыңар тууралуу кабар берем.

16. «Уулум! Эгер бул аскада, асманда, же жерде сары кычынын данындай салмактагы жамандык болсо дагы, Аллах (Кыйаматта) аны келтирет. Акыйкатта, Аллах - Жумшак, Кабардар.

17. Уулум, намаз оку. Жакшылыкка чакыр, жамандыктан кайтар. Сага жеткен кыйынчылыктарга сабыр кыл, анткени бул иштердеги милдет-түүлүк[4].

18. Адамдарга кекирейбе жана жер үстүндө текеберлене баспа. Акыйкатта, Аллах бардык мактанчаактар менен кекирейгендерди сүйбөйт.

19. Жүрүшүңдү орточо кыл, үнүңдү басаңдат. Анткени үндөрдүн эң жама-ны эшектердин үнү.»

20. Чын эле силер асмандар менен жердегилерди баш ийдиргендигин жана

---

1 Асмандардын катмары жетөө экендиги азыркы илим тарабынан небак далилденген

2 Азыркы учурда илимий изилдөөлөр тоолор кагылган казык сыйактуу милдеттерди аткарып, жерди тынымсыз термелип, чайпала берүүдөн сактап тургандыгын далилдеди

3 Аллах Тааладан башкага табынуу

4 Сабырдуулук кылынбаган иш шариатта жарамсыз деп табылып, ээси айыпталат. Демек ар бир пенде сабырдуу болуусу милдет

силерге жашыруун да, ачык да өз жакшылыктарын толук кылып бергенин билбедиңерби? Адамдардын арасында ал тууралуу илими, жол көргөзүүчү жана нурдуу[1] Китеби жок болуп туруп Аллах тууралуу талашкандар бар.

21. Аларга: «Аллах силерге түшүргөндүн артынан ээрчигиле» - дегенде, алар: «Жок, биз аталарыбыз тапкандардын артынан ээрчийбиз», - дешет. Ал түгүл шайтан аларды тозок азабына чакырса деле (ээрчий береби)?

22. А ким жүзүн Аллахка буруп, жакшылык иштерди кылса, ал ишенимдүү бекем тутканы[2] карманганы. (Бардык) иштердин жыйынтыгы Аллахка таандык.

23. А ким ишенбесе, анын каапырлыгы сени кайгыртпасын. Алардын кайтып келүүсү Бизге гана. Биз аларга эмне кылгандыгы тууралуу кабар беребиз. Акыйкатта, Аллах көкүрөктөгү нерселерди билет.

24. Биз аларды азыраак пайдаландырып, андан соң оор азапка аргасыз кылабыз.

25. А эгер сен алардан: «Асмандар менен жерди ким жараткан?» - деп сурасаң алар албетте: «Аллах», - дешет. «Аллахка мактоо!» - дегин. Бирок, алардын көпчүлүгү билишпейт.

26. Аллахка асмандар менен жердегилер (баары) таандык. Акыйкатта, Аллах - Бай, Даңазалуу.

27. Эгерде жер үстүндөгү дарактардын баарысы калем болуп, а деңиз, ага кошулуп (дагы) жети деңиз сыйа болсо, Аллахтын сөздөрү түгөнбөйт. Акыйкатта, Аллах - Ызааттуу, Даанышман.

28. Силердин жаралууңар жана кайра тирилүүңөр бир жанды тирилткен сыйактуу эле. Акыйкатта, Аллах - Угуучу, Көрүүчү.

29. Аллах түндү күндүзгө киргизгенин жана күндүздү түнгө киргизгенин, Күн менен Айды баш ийдиргенин, ар бири белгиленген убакытка карай бара жатышкандыгын жана силер змне кылып жаткандыгыңар тууралуу Аллах кабардар экендигин билбейсиңерби?

30. Анткени Аллах акыйкат, ал эми алар Андан башкага сыйынып жаткандары жалган. Ошондой эле Аллах - Бийик, Улуу.

31. Чын эле сен Анын белгилерин силерге көргөзүү үчүн, Аллах өз жакшылыгы менен кемени деңиз аркылуу жүргүзөөрүн көрбөдүңбү? Акыйкатта, мында бардык сабыр, шүгүр кылуучулар үчүн белгилер бар.

32. Качан аларды (зор) толкундар үргүлай баштаган кезде, алар чын ыкластан Аллахка гана жалынышат. Ал аларды куткарып, кургакка

1 Жол көрсөтүүчү

2 Бекем кармоочтуу

алып чыкканда, алардын арасынан кээ бирлери ишеним менен каапырлыктын ортосунда олку- солку болушат. Бирок, Биздин белгилерибизди кыйанатчыл каапырлар гана танат.

33. Эй, адамдар! Эгеңерден жана атасы баласына эч жардам бере албай турган, баласы атасына эч (төлөм) төлөп куткара албай турган күндөн корккула. Акыйкатта, Аллахтын убадасы чындык. Силерди бул дүйнө жашоосу азгырбасын жана силерди алдоо Аллахка каршы азгырбасын.

34. Акыйкатта, Кыйамат күнүнүн мөөнөтүн Аллах гана билет. Ал жаан жаадырат жана курсактагыны билет. Бир дагы жан эртең эмне болорун жана кайсы жерде өлөрүн билбейт. Акыйкатта, Аллах - Билүүчү, Кабардар.

## 32. САЖДА[1] СҮРӨСҮ

**Меккеде түшүрүлгөн Отуз айаттан турат**

***Мээримдүү, Ырайымдуу Аллахтын аты менен***

1. Алиф, Лам, Мим[2].

2. Китептин түшүрүлүүсү ааламдардын Эгесинен экенинде шек жок[3].

3. Кантип эле алар: «Аны[4] ойунан чыгарды», - дешет? Ооба, сага чейин аларга эскертүүчү келбеген элди сен Туура жолго чакыруун үчүн, сенин Эгең тарабынан жөнөтүлгөн акыйкат. Мүмкүн, алар туура жолду табышаар.

4. Аллах асмандар менен жерди, алардын ортосундагыларды алгы күндө жаратып, андан соң Аршка истиваа болду[5]. Силерде Андан башка коргоочу да, жардам берүүчү да жок. Чындыгында эле силер эсиңерге келбейсиңерби?

5. Ал асман менен жерде ишти башкарат. Андан соң силердин эсебиңер бойунча миң жылга созулган бир күндө, ал[6] Ага көтөрүлөт.

6. Ал жашыруундарды жана ачыктарды билүүчү, Ызааттуу, Мээримдүү.

7. Ал бардык нерселерди сонун кылып жараткан. Ал инсанды ооолу чоподон жараткан.

1 Сажда - Мандайын жерге тийгизип сежде кылуу

2 Мааниси бир Аллах Таалага маалым

3 Курандын түшүрүлүүсүн

4 Куранды

5 Фуркан сүрөсүнүн 59-айатынын 29-катардагы түшүндүрмөсүн караңыз.

6 Иштер - амалдар

8. Андан соң анын тукумун жарамсыз суудан (айланган) уйуган кандан пайда кылды.

9. Андан соң анын келбетин келтирген жана ага Өз рухунан үйлөгөн[1]. Силерге кулак, көз жана жүрөк ыроологон. Силер аз шүгүр кыласыңар.

10. Алар: «Чын эле биз жер үстүнөн жоголгон кезде, (кайра) жаңыдан жаратылабызбы?» - дешет. Ооба, алар өз Эгеси менен кездешүүнү жокко чыгаруучулар.

11. «Силерди силерге атайын дайындалган өлүм периштеси жаныңарды алат. Андан соң Эгеңерге кайтарыласыңар», - дегин.

12. Эгер сен күнөөкөрлөр өз Эгесинин алдында баштарын төмөн салып: «Оо, Эгебиз! Биз көргөнбүз жана укканбыз, бизди жакшылык иштерди жасоо үчүн артка кайтар, анткени биз (диндин) чындык экендигине эми ишенебиз», - дегендерин көргөнүңдө (өтө коркунучтуу абалды көрмөксүң)!

13. Эгерде Биз кааласак ар бир жанга туура жол берээр элек. Бирок Менин: «Тозокту жиндер жана адамдардын тобу менен толтурамын», - деген сөзүм чындык болот.

14. Ушул кездешүү Күнү жөнүндө унутканыңар үчүн (жазаңарды) таткыла! Акыйкатта, эми Биз да силерди унуттук[2]. Кылган ишиңер үчүн түбөлүк жазаны таткыла.

15. Биздин айаттарыбыз эстетилгенде эт-бетинен кетип сежде[3] кылгандар жана өз Эгесин даңктап аруулагандар ыйман келтиришет. Ошондой эле алар текеберленишпейт.

16. Алардын капталдары төшөктөрүнөн ажырап турат да, өздөрүнүн Эгесине коркуу, үмүт менен жалынышат жана Биз аларга берген ырыскылардан сарпташат.

17. Бир да жан алардын (жакшылык) кылгандары үчүн сыйлык катары бериле турган көздөрүн кубантуучу жыргалдарды[4] билбейт.

18. Кантип эле момун, бузуку сыйактуу болсун? Алар тең эмес!

19. Ал эми ыйман келтирип, жакшы амалдарды кылгандарга алардын жасаган нерселери үчүн конок жайы болгон Маа-ваа бактары[5] бар.

20. Жамандык иш кылгандардын барар жайы - Тозок. Алар андан чыгууну каалаган сайын, артка кайтарылат жана аларга: «Силер жалганга чыгарган от азабын таткыла!» - делинет.

---

1 Аллах Таала өзү жан салган

2 Азапка таштайбыз

3 Бул айат «сежде айаты» деп аталып, окуган да, уккан да сежде кылууга тийиш. А сежде кандай тартипте жасаларын билүү үчүн «Мухтасар» аттуу фикх китебинин кыргызча котормосунун Тилават сеждеси - он үчүнчү бөлүмүн караңыз

4 Бейиштин жыргалдарын

5 Бейиш бактары

**21.** Биз аларга зор азапка[1] чейин, жакынкы азапты[2] таттырабыз. Мүмкүн алар (ыйманга) кайтаар.

**22.** Эгесинен келген айаттар эскертилгенде, андан жүз бургандардан ашкан адилетсиз болобу? Акыйкатта, Биз күнөөкөрлөрдөн өч алабыз[3].

**23.** Биз Мусага Китеп бердик. Ага[4] жолугарыңа шектенбе. Биз аны Исраил урпактары үчүн жол көрсөтүүчү кылдык.

**24.** Биздин айаттарыбызга сабырдуу жана ыймандуу болгондуктары үчүн, Биз алардын ичинен жол башчыларды кылдык. Алар Биздин буйругубуз бойунча жетектешет.

**25.** Акыйкатта, Эгең Кыйамат күнү алардын талашкандарынын ортосун ажыратат[5].

**26.** Биз аларга чейин канчалаган муундарды ойрон кылганыбызды, алар ошолордун жайларында[6] басып жүргөндөрүн билишпейби? Акыйкатта, мында белгилер бар. Алар эмне, угушпайбы?

**27.** Биз какыраган жерге суу агызып, андан чөптөрдү өстүрүп чыгаргандыгыбызды, андан алардын малдары жана өздөрү жеп жатышкандыгын билишпейби? Алар эмне, көрүшпөйбү?

**28.** Алар[7]: «Эгер силер чынын айтып жатсаңар, анда бул жеңиш качан болот?» - дешет[8].

**29.** «Жеңиш күнү[9], каапыр болгондор үчүн алардын ишеними эч жардам кылбайт жана аларга мөөнөт да берилбейт», - дегин.

**30.** Алардан жүз үйүр жана күтө тур. Албетте алар да күтүшөт.

---

1 Акырет азабына

2 Бул дүйнөнүн азабын

3 Жазалайбыз

4 Мусага

5 Өкүм кылат

6 Меккенин каапырлары жөнүндө айтылып жатат

7 Буд-сөлөкөттөргө, жалган кудайларга табынуучулар

8 Мусулмандарга айтышат

9 Чечүү күнү

# 33. АХЗАБ[1] СҮРӨСҮ

**Мединада түшүрүлгөн Жетимиш үч айаттан турат**

***Мээримдүү, Ырайымдуу Аллахтын аты менен***

1. Эй, пайгамбар! Аллахтан корккун. Каапырлар менен мунафыктарга[2] баш ийбе. Чындыгында, Аллах - Билүүчү, Даанышман!

2. Эгеңден кабар кылынгандарды ээрчи. Албетте, Аллах эмне кылып жатканыңардан Кабардар.

3. Аллахка тобокел кыл[3]. Ал Колдоочулукка жетиштүү!

4. Аллах эч бир адамдын көөдөнүнө эки жүрөк жасаган эмес. (Силер) энеңерге окшоткон айалдарды эне кылган эмес[4]. Ошондой эле асыранды балдарыңар - өз балдарыңар эмес. Булар[5] силердин оозеки айтылган сөзүңөр гана. Аллах - чындыкты айтып, Туура жолду көрсөтөт.

5. (Ошондуктан) аларды өз аталарынын аты менен чакыргыла[6]. Ошол Аллахтын алдында адилеттүүрөөк. Эгер алардын аталарын[7] билбесеңер, анда (баары бир) дин жагынан бир тууганарыңар, досторуңар. Алар тууралуу билбестен ката кетирип алсаңар, күнөө эмес. Бирок, атайылап жүрөктөрүңөр менен ката кетирсеңер, анда (болбойт)[8]. Аллах -Кечиримдүү, Боорукер!

6. Пайгамбар - момундарга өздөрүнөн да артык. Анын[9] жубайлары - алардын[10] энелери. Аллахтын Китебинде: бир туугандар бири-бирине момундардан да, көчкөндөрдөн[11] да жакын. Бирок, досторуңарга (момундарга) камкордук кылганыңар дурус. Булар Китепте жазылган эле.

7. (Эй, Мухаммед!) Ошондо пайгамбарлардан убада алган элек. Сенден,

---

1 Ахзаб - Топтор

2 Эки жүздүүлөр

3 Аллахка гана тайан

4 Исламга чейинки наадан доордо арабдар айалын энесинин мүчөсүнө окшотуп, ант берген кезде: «Энем болуп калды», - деп ажырашып кетүүчү. Кеп ошол тууралуу болууда

5 Аларды «балам» дегениңер

6 Ислам шарийаты бойунча асыранды балдарды өздөрүнүн атына жаздырып алуу да туура эмес. Себеби ал бала баары бир чочун болуп эсептелет. Демек эрезеге жеткен кезде башка эркектер сыйактуу эле багып алган кишинин айалына, кыздарына кароосу жана алар менен бир үйдө туруусу дурус эмес.

7 Аталары ким экенин, алардын атын

8 Аллах Таала тыйуу салгандан кийин деле билип туруп жасагандар

9 Пайгамбардын

10 Момундардын

11 Мухажирлер, б.а. Меккеден Мединага көчкөндөр

Нухтан, Ибрахимден, Мусадан, Марйам уулу Исадан. Ушулардын ба-
арынан катуу убада алганбыз.

8. Аллах чынчылдардын чынчылдыгын суроо үчүн ушинтти. Каапырлар-
га оорутуучу азап дайардады.

9. Эй, момундар! Аллахтын силерге жасаган жакшылыктарын эстеги-
ле. Силерге аскерлер келген болчу. Ошондо аларга бороон жана си-
лер көрбөгөн аскерлерди жибергенбиз[1]. Аллах - эмне жасаганыңарды
Көрүүчү!

10. Ошол убакта алар[2] силердин жогор жагыңардан да, төмөн жагыңардан
да келген болчу. Көздөрүңөр (корккондон) жалтанып жүрөктөрүңөр ал-
кымыңарга жетип, Аллах тууралуу ар түрдүү ойлорду ойлодуңар.

11. Мына ошол кезде момундар сыналып, катуу титирешти.

12. Ошол убакта мунафыктар менен жүрөктөрүндө дарты барлар: «Бизге
Аллах да, Анын элчиси да алдап гана убада берген экен», - дешти.

13. Ошол убакта алардын бир бөлүгү: «Эй, йасрибдиктер![3] Эми силерге
турууга болбойт. Дароо кайткыла», - десе, дагы бир бөлүгү пайгамбар-
дан: «Үйлөрүбүз кароосуз ээн калган болчу», - деп уруксат сурашты.
Чындыгында, алардын үйлөрү кароосуз ээн калган эмес болчу, алар
(согуштан) качууну ойлошкон.

14. Эгер аларга ар тараптан (душмандар) басып кирип, алардан (Исламдан)
баш тартууну талап кылышса, алар дароо баш тартышмак.

15. Болбосо мурун кайра качпоо тууралуу Аллахка ант беришкен болчу.
Аллахка берген убадалары үчүн жооп беришет.

16. (Эй, Мухаммед!) Аларга: «Эгер өлүмдөн, же өлтүрүүдөн качсаңар, ал
(качуу) силерге эч кандай пайда бербейт. Качсаңар деле (турмуш жы-
ргалчылыгынан) аз эле пайдаланасыңар[4]», - деп айткын.

17. Эгер Аллах силерге бир жамандыкты кааласа, же ырайымды каала-
са, алар өздөрүнө Аллахтан башка колдоочу да, жардамчы да таба
алышпайт.

18. Акыйкатта, Аллах силерден согушка чыгууга кедерги болгондорду да,

---

1 Хижраттын бешинчи жылы көптөгөн уруулардан куралган он эки миң кишилик мушриктерден жана китеп ээлеринин калың колу Мединага чабуул койгон. Мухаммед (а.с.) үч миң киши менен аңгек казып, коргонууга өтөт. Бир айга жакын убакытка созулган согушта мусулмандар абдан жапа чеккендиктен, Аллах Таала катуу бороон жөнөтүп, жоо артын көздөй качууга шашат... Айат ошол тууралуу

2 Периште аскерлер. Аллах Тааланын буйругу менен

3 Мединанын мурунку аталышы

4 Андан кийин деле көпкө жашабайсыңар. Анткени ажа- лыңар жеткен болсо, кай жерде болсо да өлөсүңөр

бир туугандарына: «Бизге келип кошулгула», - дегендерди да билет. Алардын[1] өтө азы гана согушка катышат.

19. Алар силерге сараңдык кылышат. Кандайдыр-бир коркунуч келсе, алардын өздөрүн өлүм курчап калгандай, көздөрү айланып карап турганын көрөсүң. Ошондо кооптуулук кеткен соң, жакшылыктарга сараңдык кылган абалда силерге курч тилдери менен зыйан беришет. Мына ошолор - ыйман келтирбегендер. Ошондуктан, Аллах алардын амалдарын жокко чыгарды. Бул Аллахка оңой.

20. Алар (жоолашкан[2]) уруулар кеткен жок деп ойлошту. Эгер ал уруулар кайра келсе, алар чөлдөгү көчмөн арабдардын арасына кирип кетип, силерден кабар күтүп турууну каалашат. Эгер алар силердин араңарда болсо да, жарытып согушушпайт.

21. Чындыгында, силер үчүн да, Аллахты, акырет күнүн үмүт кылгандар жана Аллахты көп эске алган адамдар үчүн да, Аллахтын элчисинде көркөм өрнөктөр бар.

22. Момундар жоолашкан топторду[3] көргөн кезде: «Мына Аллахтын да, Анын элчисинин да бизге убада кылган нерсеси. Аллах да, Аллахтын элчиси да туура айткан»,- дешти. Ошондуктан, алардын ишенимдерин жана мойун сунууларын ого бетер арттырды.

23. Момундардын арасында Аллахка берген убадаларын чындыкка чыгарган эркектер[4] бар. Алардын кай бирлери жандарын (да) курман кылышты. Дагы бирөөлөрү (ошондой жагдайды) күтүүдө. Алар (убада-анттарын эч нерсеге) алмаштырышкан жок.

24. Аллах чынчылдарды чынчылдыгы үчүн сыйлайт. Ал эми мунафыктарды кааласа жазалайт, кааласа аларга тообо насип кылат. Чындыгында, Аллах - Кечиримдүү, Боорукер!

25. Аллах каапырларды долуланган бойунча кайтарат. Алар ийгиликке жете алышпайт. Аллах момундарга (согушта да) жетишээрлик (Колдоочу). Аллах - Күчтүү, Үстөмдүк кылуучу!

26. Аллах китеп ээлеринен жоого жардам бергендерди чептеринен чыгарды. Ошентип алардын жүрөктөрүнө коркунуч салды. Алардын бир бөлүгүн өлтүрүп, бир бөлүгүн туткунга алдыңар.

27. Алардын жерлерине, үйлөрүнө, мал- мүлкүнө жана силер мурда жетпеген жерлерге, силерди мураскор кылды[5]. Бардык нерсеге Аллах - Кудуреттүү!

---

1 Мунафыктардын

2 Жоолашкан, жоо болгон, душман болгон

3 Каапырларды

4 Жигиттер

5 Бул Хайбарды мусулмандар алганда акыйкатталган. (Пайгамбарыбыздын өмүр жолун байандаган «Сийран» аттуу китепти караңыз)

28. Эй, пайгамбар! Жубайларыңа: «Дүйнө тиричилигин жана анын кооздугун кааласаңар дароо келгиле, силерге пайда келтирип[1], жакшылык менен ажырашайын», - деп айткын.

29. «Эгер Аллахты, Анын элчисин жана акырет журтун кааласаңар, анда Аллах силердин араңардан жакшылык жасагандарга зор сыйлык дайардап койгон», - дегин.

30. Эй, пайгамбардын айалдары! Силердин араңардан бирөө ачык уйатсыз иш кыла турган болсо, анын азабы эки эсе көбөйтүлөт. Бул Аллахка оңой.

31. Силердин араңардан ким Аллахка, Анын пайгамбарына баш ийип, жакшылыктарды жасаса, ага да эки эсе сыйлык беребиз[2]. Ошентип, ага мол ырыскы дайардадык[3].

32. Эй, пайгамбардын айалдары! Силер катардагылардан (жөн эле айалдардан) эмессиңер. Эгер такыбалык кылсаңар[4], (кумарлангандай) өтө назик сүйлөшпөгүлө. Анда жүрөгүндө дарты барлар силерге кызыгып калуусу мүмкүн. Ошондуктан (баары менен) каадалуу сүйлөшкүлө.

33. Үйлөрүңөрдө олтургула. Наадандык доорундагыдай (кооз жасалгаларды тагынып) ачык жүрбөгүлө. Намазды аткарып, зекет берип, Аллахка, Анын элчисине баш ийгиле. (Эй, пайгамбардын) үй бүлөсү! Чындыгында, Аллах силерден арамдыкты оолак кылып, силерди (күнөөдөн) тазалоону каалайт.

34. Аллахтын окулган айаттары менен даанышмандыгын үйлөрүңөрдө (да) эстегиле. Чындыгында, Аллах - Жумшак, Билүүчү!

35. Ырасында, мусулман эркектер жана мусулман айалдар, момун эркектер жана момун айалдар, мойун сунуучу эркектер жана мойун сунуучу айалдар, чынчыл эркектер жана чынчыл айалдар, сабырдуу эркектер жана сабырдуу айалдар, ыкластуу эркектер жана ыкластуу айалдар, садака берүүчү эркектер жана садака берүүчү айалдар, орозо кармоочу эркектер жана орозо кармоочу айалдар, уйаттуу жерлерин (арамдан) сактоочу эркектер жана уйаттуу жерлерин (арамдан) сактоочу айалдар, Аллахты көп эстөөчү эркектер жана Аллахты көп эстөөчү айалдар үчүн Аллах кечирим жана зор сыйлык дайардап койду.

36. Аллах менен Анын элчиси кайсыл- бир иш тууралуу өкүм чыгарса, момун эркек менен момун айал үчүн тандоонун[5] кажети жок. Ошондук-

---

1 Силер эгерде мени менен ажырашуу өзүңөргө пайдалуу болоруна ишенсеңер, анда...

2 Бейиште

3 Бул Мухаммед (а.с.)дын жубайларына карата айтылган

4 Мусулман эркектер менен да

5 «Муну аткаралабы, же жокпу» , «же башкача кылсак болобу?» - деп талкуулап олтурушпасын. Аллах Тааланын буйругу - акыркы чечим. Ал талкуулоого жатпайт. Аткарылуусу керек.

тан ким Аллахка, Анын элчисине каршы чыкса, анда ал ачык адашкан болот.

37. (Эй, Мухаммед!) Ошол учурда Аллах да жакшылык кылган, сен да жакшылык кылган адамга (Зайитке[1]): «Айалыңды өзүңө алып кал. Аллахтан корк!» - деп, сен Аллахтын жарыйа кыла турган нерсесин жашыргың келген. Адамдардан[2] кооптонгон элең. Чындыгында, корккууга - Аллах гана татыктуу. Кийин, андан Зайиттин иши бүткөн (ажырашкан) соң, аны сени менен никелештирдик. Анткени, момундарга асыранды балдары менен ажырашкан айалдарга үйлөнүү күнөө болбой турганын көрсөтүү үчүн (ушундай кылдык). (Анызгында) алар (күйөөлөрү) айалдарынан өз максаттарын бүтүрүшкөн (ажырашкан) соң Аллахтын буйругу аткарылды.

38. Пайгамбарга, Аллахтын ага парз кылган нерсесинде айып жок. Мурунку өткөндөргө да Аллахтын жолу ушундай болгон. Аллахтын буйругу тагдырда бекемделген.

39. Пайгамбарлар Аллахтын насааттарын (элге) жеткирип, Андан коркушат жана Аллахтан башкадан коркушпайт. Аллах - эсеп алууда Жетиштүү!

40. (Эй, мусулмандар!) Мухаммед силерден эч бир эркектин атасы эмес[3]. Ал - Аллахтын элчиси жана пайгамбарлардын акыркысы. Аллах - бардык нерсени Билүүчү!

41. Эй, момундар! Аллахты көп эстегиле!

42. Аны эртели-кеч аруулагыла!

43. Аллах - силерди туңгуйуктардан[4] жарыкка чыгаруу үчүн Өзү да ырайым кылып, периштелери да ырайым кылат[5]. Ал - момундарга Ырайымдуу!

44. Алар Аллахка жолуккан күнү саламдашуулары[6]: «Тынчтык[7]» болот. Ошондой эле Аллах аларга кадырлуу сыйлык дайардап койгон.

---

1 Зайит ибну Хаариса - Мухаммед (а.с.)дын асыранды баласы

2 Алардын жаман сөздөрүнөн

3 Бул жерде эркектердин бөлүп айтылышынын себептери- нин бири - Мухаммед (с.а.)дын эркек балдары балагатка жете элек наристе кезинде эле чарчап калышкан. Калыптанган салт- адат бойунча эркек бала балагатка (12-1. жашка) жеткенден кийин гана киши деп аталат. Экинчиден Ал (а.с.) Зайиттин атасы эмес. Демек, Зайит ажырашкан соң, анын айалына үйлөнүү башкалар сыйактуу эле ага (а.с.) деле тыйуу салын- байт (Тафсир Ал-Жалалайн).

4 Караңгылыктардан

5 Мусулмандардын күнөөлөрүнүн кечирилишин сурап Аллах Тааладан Анын ырайым кылышын тилешет

6 Саламдашуу учурунда айткан сөздөрү

7 «Салам!»

**45.** Эй, пайгамбар![1] Биз сени күбө болуучу, кубантуучу жана эскертүүчү катары жибердик.

**46.** Аллах тарапка Анын буйругу менен чакыруучу нурдуу чырак кылып жибердик.

**47.** (Эй, Мухаммед!) Чындыгында, момуңдарга Аллахтан зор сыйлык бар экенин сүйүнчүлө!

**48.** Каапырлар менен мунафыктарга мойун сунба. Алардын чектирген запкысын жөн кой[2]. Аллахка тобокел кыл. Аллах - кепилдикке Өзү Жетиштүү!

**49.** Эй, момундар! Эгер момун айалдар менен никелешип, бирок кошула электе ажырашсаңар, анда аларга силердин санай турган мөөнөтүңөр болбойт[3]. Андай учурда алардын акысын[4] берип, жакшылык менен ажырашкыла[5].

**50.** Эй, пайгамбар! Чындыгында, калыңдарын төлөгөн жубайларыңды Аллах сага насип кылып, өз ээлигиңдеги күңдөрдү, сени менен бирге көчүп келген атаң менен бир тууган эркектердин, атаң менен бир тууган айалдардын, тайакелериңдин жана тайежелериңдин кыздарынын никесин адал кылдык[6] жана дагы эгер бир момун айал өзүн пайгамбарга арнаган болсо, пайгамбар да аны өз никесине алгысы келсе, аны башка момундарга караганда сага гана (адал кылдык)[7]. Момундарга алардын жубайлары, кол астындагылары (күңдөрү) тууралуу эмнени парз кылганыбызды билдиргенбиз. Сага кысым[8] болбос үчүн (ушинттик). Аллах - Кечиримдүү, Мээримдүү.

**51.** (Эй, Мухаммед!) Жубайларыңдан кимисин артка калтырып[9], каалаганыңды жаныңа аласың, (ал сенин ишиң). Бөлүп койгондоруңдан[10] бирөөсүн кааласаң да, сага күнөө жок. Бул алардын кубанышы, кайгырбашы жана аларга берген нерсеңден толук ыраазы болушуна дагы

1 Мухаммед (а.с.)

2 Унчукпа, сабыр кыла тур

3 Иддага олтурунун кажети жок

4 Калыңдарын

5 Эгер калың убадалашылган болсо, анын жарымы, болбосо азбы-көппү бир нерсе берилиши керек

6 Аталгандарга үйлөнө берсең болот

7 Демек, кимде-ким пайгамбарга өзүн тартууласа, анда калыңсыз эле баш кошууга уруксат

8 Никелешүүнүн шарттары бир жактуу болбошун Аллах Таала пайгамбар (а.с.)га толук билдирген. Мисалы: кыздын макулдугу, күбөлөрдүн болушу, калыңдын (арабча: «махр«) төлөнүшү, ошондой эле, эгер кыз калың албоого ыраазы болсо, өзүн тек гана тартуу кылса, анда калыңдын берилиши шарт эмес экендиги ж.б.у.с.

9 Айалдарыңдын ортосунда түнөө мөөнөтүн алардын өздөрүнүн ыраазылыгы менен алмаштыруу өз эркиңде

10 «Ниса» сүрөсүнүн 34-айатын караңыз

жакынырaак. Аллах жүрөгүңөрдөгү нерселерди билип турат. Аллах - Билүүчү, Жумшак!

52. Сага мындан[1] кийин айалдар адал эмес, ал тургай алардын сулуулуктары кызыктырса дагы. Жубайларыңды алмаштырууга (бирин койо берип, кайрадан башкасы менен баш кошууга да болбойт). Бирок кол алдыңдагы күңдөр боло берет. Аллах - бардык нерсени байкап турууч у!

53. Эй, момундар! Пайгамбардын үйлөрүнө силерге (кирүүгө) урусат берилмейинче кирбегиле да, тамактын бышышын да күтпөгүлө. Бирок, (атайы) чакырылган болсоңор киргиле да, тамак желип бүтөөр менен дароо таркагыла. Сөзгө алаксып калбагыла[2]. Чындыгында, анда пайгамбарга зыйан (ыза) кылып койосуңар, а ал силерден[3] уйалат. Бирок, Аллах чындыктан уйалбайт. Эгер пайгамбардын жубайларынан бир нерсе сурасаңар, парданын артынан сурагыла. Бул силердин да, алардын да жүрөктөрүнүн тазалыгын (билдирет). Ошентип, силер Аллахтын элчисине зыйан кылып койбос үчүн, андан кийин анын жубайларын никелеп алууга да такыр болбойт. Андай кылсаңар Аллах алдында чоң күнөө (болот).

54. Кандайдыр бир нерсени ашкерелесеңер да, жашырсаңар да, албетте, Аллах - бардык нерсени Билүүчү!

55. (Пайгамбардын) жубайларына - аталары, уулдары, бир туугандары, алардын уулдары, эже-сиңдилеринин уулдары, мусулман айалдар жана кол алдындагылары[4] (кирсе) эч айып жок. (Эй, айалдар!) Аллахтан корккула! Аллах - бардык нерсеге Күбө.

56. Чындыгында, Аллах пайгамбарга ырайым кылат. Ошондой эле ага[5] периштелер да салават айтып турушат. Эй, момундар! Ага[6] салават жана салам айткыла.

57. Акыйкатта, Аллах менен Анын элчисине зыйан бергендерди Аллах бул дүйнөдө жана акыретте наалат кылат[7]. Аларга кор кылуучу азап дайардап койгон.

58. Ошентип, момун эркектерди, момун айалдарды жазыксыз ызаланткандар - албетте, өздөрүнө жалааны жана ачык күнөөнү жүктөп алышты.

59. Эй, пайгамбар! Жубайларыңа, кыздарыңа жана момундардын айалда-

---

1 Тогуз айалдан кийин. Анткени пайгамбар (а.с.)га тогуз айал алууга уруксат берилген, биз, мусулмандар төрт айал менен чектелген сыйактуу

2 Сөзгө алаксып олтуруп, пайгамбардын убактысын текке кетирбегиле

3 Силерди «кеткиле» дештен

4 Күңдөрү

5 Пайгамбарга (а.с.)

6 Пайгамбарга (а.с.)

7 Каргайт, каргышка калтырат

рына айткын: «Үстүлөрүнө сырткы (кенен) кийимдерди жамынышсын. Бул - алардын таанылуусуна[1] жана кордолбоолоруна[2] жакынырак. Аллах - Кечиримдүү, Мээримдүү!

60. Эгер мунафыктар, жүрөктөрүндө дарты болгондор жана Мединада жалган жалаа тараткандар тыйылбаса, албетте, сени аларга үстөм кылып койобуз. Ошондо алар сага бир азга гана каршы чыга алат[3].

61. Алар каргышка учурап, кайдан табылса да кармалып өлтүрүлөт.

62. Аллахтын мурунку өткөндөргө да жолу ушул. Аллахтын жолунан эч бир өзгөртүүнү таба албайсың.

63. (Эй, Мухаммед!) Адамдар сенден Кыйамат мөөнөтүн[4] сурашат. Аларга: «Анын илими Аллахтын алдында. Кайдан билесиң, балким мөөнөтү жакындап калгандыр», - деп айткын.

64. Чындыгында, Аллах каапырларды каргыштайт[5] жана аларга жалындаган Тозокту дайардап койгон.

65. Алар ал жайда түбөлүк калышат. Дос да, колдоочу да таба алышпайт[6].

66. Алардын беттери от ичинде оодарыла турган күнү: «Аттиң! Аллахка баш ийип, элчисин ээрчисек болмок экен...

67. Оо, Эгебиз! Башчыларыбызга, чоңдорубузга мойун сунган элек. Ошолор бизди туура жолдон адаштырды.

68. Оо, Эгебиз! Аларга азаптан эки эсе бер! Ошондой эле аларды чоң азап менен азапта», - дешет.

69. Эй, момундар! Силер да Мусаны ызаланткандар сыйактуу болбогула. Бирок, Аллах алардын айткандарынан (Мусаны) актады[7]. Ал Аллахтын алдында кадырлуу (пайгамбар) болчу.

70. Эй, момундар! Аллахтан корккула да, туура сөздү айткыла.

71. (Ошондо) Аллах ишиңерди оңдоп, күнөөңөрдү кечирет. Ким Аллахка, Анын элчисине мойун сунса, албетте, ошол зор ийгиликке жетишет.

---

1 Айалдардын «хижап» (Ислам шариатында мусулман айалдардын кийими ушундай аталат) кийүүсү, денесин чоочун эркектерге көргөзбөөсү жөнүндө Куранда Аллах Таала мын- дай айткан: «Момун айалдарага айткын көздөрүн төмөн түшүрүшсүн! Абийирлерин сактасын! Көрүнүп тургандан башкасын (манжалары жана кызыл ашыктан ылдый жактарынан башкасын) көрсөтпөсүн! Ошондой эле жамынчактары менен көкүрөктөрүн жапсын...» (24-сүрө, 31-айат). Демек тийиштүү жерлерин жаап жүрүү айалдарга Аллах Тааладан болгон түздөн- түз буйругу. Ошондуктан дүйнөдөгү бардык мусулман аялдар (улутуна карабастан) бул буйрукту аткарышат

2 Себеп болот

3 Анан биротоло тыйылып калышат

4 Качан болоорун

5 Каргайт

6 Тозоктон куткара турган

7 Мусаны жеңишке жеткирип, тигилерди кор кылды

72. Чындыгында аманатты асмандар менен жерге жана тоолорго сунуш кылдык. Ошондо алар аны мойунга алуудан баш тартышты, андан[1] коркушту. Аны адам баласы мойнуна алды. Анткени ал өтө заалым, такыр билимсиз...

73. Натыйжада, Аллах мунафык[2] эркектер менен мунафык айалдарды жана мушрик эркектер менен мушрик айалдарды азапка салды да, момун эркектер менен момун айалдардын тообосун кабыл кылуу үчүн (аманатты[3] көтөртүп) койду. Аллах - Кечиримдүү, Ырайымдуу!.

# 34. САБА[4] СҮРӨСҮ

**Меккеде түшүрүлгөн Элүү төрт айаттан турат**

***Мээримдүү, Ырайымдуу Аллахтын аты менен***

1. Аллахка мактоо! Ага асмандардагылар менен жердегилердин баары таандык. Ага акыретте да мактоо! Ал - Даанышман, Кабардар.

2. Ал жерге киргендерди да, андан чыккандарды да, асмандан түшкөндөрдү[5] да, ага көтөрүлгөндөрдү да билет. Ал - Мээримдүү, Кечиримдүү.

3. Каапырлар: «Кыйамат күн бизге келбейт» - дешет. «Жок! Кайыпты билүүчү Эгемдин атына ант! Ал силерге келет. Асмандар менен жерде кыпындын салмагындай да, андан кичирээк да, андан чоңураак да (нерселер) Ага жашыруун болуп, ачык Китептен сырткары калбайт», - дегин.

4. Ыйман келтирген жана жакшылык иштерди кылгандарга ыйгаруу үчүн кечирим жана мол ырыскы бар.

5. А Биздин айаттарыбызды алсыздантууга аракеттенгендер үчүн ооруткуучу жаман азап бар.

6. Илим берилгендер Эгеңден сага берилгендин акыйкат экендигин жана ал Ызааттуу, Макталуучунун жолуна алып бара тургандыгын көрүшөт.

7. Каапырлар: «Силерге, (өлүп) биротоло тытылып[6] кеткениңерден кийин, жаңыдан (кайрадан) жараласыңар» - деген кишини көрсөтөлүбү?

8. Ал Аллахка жалаа жаап жатабы, же жинди болгонбу?» - дешет. Жок!

---

1 Исламдын шарттарын толук аткара албай калуудан

2 Эки жүздүү

3 Милдеттерди

4 Саба - Бүгүнкү күндөгү Йемендин бир шаарына тиешелүү анын байыркы аталышы.

5 Периштелерди, айаттарды, кабарларды.

6 Биротоло чирип...

Акырет жашоосуна ишенбегендер азап чегишет жана (терең) адашууда.

9. Чын эле алар өздөрүнүн алдындагы жана артындагы асмандар менен жерден болгондорду көрүшпөдүбү? Эгер Биз кааласак аларды жерге жуткузабыз, же аларга асмандын кесимин (үзүмүн) таштайбыз. Акыйкатта, өкүнүп кайрылган ар бир пенде үчүн мында белгилер бар.

10. Даудка Биз өзүбүздөн артыкчылык ыроолодук: «Эй, тоолор! Аны менен бирге Мага (аруулоо менен) кайткыла. Куштар дагы». Ага Биз темирди жумшак кылдык.

11. «Кең-кесири соот[1] жаса, аны жакшылап өлчө. Жакшылык иштер кылгыла. Анткени Мен кылгандарыңды көрүп турам».

12. Сулайманга шамалды (баш ийдирдик), анын эртең мененки жолу бир ай, кечки жолу бир ай эле; Биз ал үчүн эрип куйулган жез булагын агыздык. Эгесинин буйругу боюнча анын алдында жиндерди иштей турган кылдык. Алардын кимиси Биздин буйругубуздан баш тартса, ага Биз тозок азабын таттырабыз.

13. Алар анын каалагандарын: бийик сарайларды, айкелдерди, көл сыйактуу табактарды, жерге бекемделген чоң казандарды (жана башкаларды) жасашты. » (Эй) Дауддун урпактары! Бизге шүгүрчүлүк кылгыла!» Бирок, пенделеримден шүгүр кылуучулар аз.

14. Биз аны[2] өлтүргөнүбүздү аларга билдирген эмеспиз, анын өлгөндүгүн жерден чыккан жаныбар[3] тайагын жеп, көргөзүп койду[4]. Ал жерге кулаган кезде, эгерде алар[5] өздөрү жашыруун кайыптарды (мурунтан) билишкенде, анда кордоочу жазанын[6] ичинде турмак эместиги[7] белгилүү болду.

15. Саба[8] эли үчүн алардын турак- жайларында белгилер болгон: оң жана сол тараптан эки бак. «Эгеңердин берген ырыскыларынан жегиле жана Ага шүгүр кылгыла! (Бул өлкө) сонун өлкө. (Аллах) - Кечиримдүү Эге».

---

1 Темирден жасалган соот, аскер кийими

2 Сулайман (а.с.)ды

3 Курт

4 Сулайман (а.с.) өлгөндө Аллах Тааланын амири менен тайагына сүйөнгөн абалда тура берген. Аллах Тааланын амири менен жер алдынан шамир аттуу курт чыгып, тайагын жеп, кесип салган. Ошондо Сулайман кулап түшкөн

5 Жиндер

6 Дауддун тукумдары ал жумуштарды кубануу менен аткарып, Аллах Таалага шүгүрчүлүк кылып жатышса, а жиндер өздөрү аткарып жаткан жумушту жаза катары түшүнүшкөн

7 Эгер Сулайман өлгөнүн билген болсо, жумуштарды мүмкүн ошол замат токтотмок

8 Саба - Араб урууларынын биринин аты. Чоң аталарынын атынан аталып калган. Ошондой эле, Йемен падышалыгынын титулу болгон. Сулайман (а.с.)дын доорунда, Билкыс падыша да ушулардан чыккан

16. Алар баш тарткан кезде Биз аларга тосмону[1] жаруучу сел жибердик да, алардын бактарын ачуу мөмөлүү жылгын жана азыраак суу өсүмдүктүү[2] эки бакка алмаштырдык.

17. Биз алардын каапыр болгондугу үчүн жазаладык. Биз каапырларды гана жазалайбыз.

18. Аны менен Биз кут даарыткан калаалардын арасына[3] (бирине-бири) көрүнүп турган калаалар жана өтө турган жолдорду жасадык. «Андан түндө да, күндүз да аман-эсен өтө бергиле»[4] (делинген эле).

19. Алар: «Эгебиз, биздин сапарыбыздын аралыгын узарт[5],» - дешти. Ошентип өздөрүнө кесир кылышты. Биз аларды байанга айлантып, быт-чыт кылып бардык жакка бөлүп салдык. Акыйкатта, мында сабырдуулар жана шүгүр кылуучулар үчүн үлгү бар.

20. Иблис кээ бир момундардан башкасын гана өзүнө ээрчитип, өз ойлорун туура көрүүгө мажбурлады.

21. Анда[6] акыретке ишенгендер менен ага ишенбегендерди ажыратуу үчүн алардын үстүнөн (тескөө жүргүзгүдөй) укук жок эле. Эгең бардык нерселерди сактоочу.

22. «Силер Аллахтын ордуна ойлоп тапканыңарды чакыргыла. Алар асмандар менен жерде кыпындын салмагындай да үлүшкө ээ эмес. Алар мында тиешеси да жок. Алардын арасынан Ага жардамчы да жок», - дегин.

23. Анын алдында ал уруксат бергендерден башка эч ким колдоо[7] көрсөтө

---

1 Аллах Тааланын амири менен жаралган эң сонун, ыңгай- луу жерде жашашкан жана суу токтоткуч зор тосмо болгон. Жерлер ошону менен сугарылып, гүлдөгөн

2 Сууда өскөн өсүмдүктөр

3 Йеменден Сирийага кеткен жолдо. Бул жол Аравийаны Сирийа менен бириктирген. Ушинтип ал бир тарабынан Евфратты жана Тигрди, экинчи тарабынан Мисирди; дагы бир тарабынан Жер Ортолук Деңизинин бойундагы Рим империйасынын аймактары менен бириктирип жана ошондой эле Йемендин экинчи тарабынан Индийа, Малайзийа, Кытайга чыга турган деңиз жолуна кошулган

4 Йеменден Сирийага бараткан жолдо киши-кара өтө көп болгондуктан анда эс алчу, тамактанчу жайлар да өтө көп болуп, каракчылардын жолоочуларга кол салуу коркунучу дээрлик жокко эсе болгон

5 1. Алар Аллах Тааланын жолдогу аманчылык-коопсуздугуна шүгүр кылышпастан, тескерисинче жолдон элдүү калааларды көргүлөрү келбеди. 2. Өзүмчүлдүк жана ач көздүктүн күчөөсүнүн себебинен Сабанын эли ошол жолдордогу эс алуу жайларын менчиктештирип, ээлеп алышкан. Мунун кесепети соодагерлердин нары-бери эркин өтүүсүнө чоң тоскоол болгон. Жол тартуунун мөөнөтү жасалма түрдө узартылып, кечиктирилген. Кийин бул соода жолу жабылган

6 Иблисте

7 Мекке каапырлары: «Биз сыйынып жаткан сөлөкөттөр тиги дүйнөдө шапаат кылат (колдойт)», - дешкенде, Аллах Таала аларга жооп кылып, бул айатты түшүргөн. Демек, айатта айтылгандай, шапаат кылуучулар каалагандай эле колдоо көрсөтө алышпайт. Шапаат Аллах Тааланын уруксаты менен гана болот. Аллах Таала уруксат бербесе, эч ким колдоо

албайт. Алардын жүрөгүнөн коркунуч алынган[1] соң: «Сенин Эгең эмне деди», - дешет. Тигилер: «Акыйкатты», - дешет. Ал - Бийик, Улуу.

24. «Силерди асмандардан жана жерден ким ырыскыландырат?» - деп сура да: «Аллах», - дегин. «Чындыгында, биз же силер Туура жолдо, же анык адашуудабыз».

25. «Силерден биз кылган күнөөлөр тууралуу сурабайт, бизден да силердин кылганыңарды сурабайт», - дегин.

26. «Эгебиз бизди жыйнайт, анан ортобузда акыйкат өкүм кылат. Ал - Өкүмдар, Билүүчү», - дегин.

27. «Ага кошкон шериктериңерди мага көргөзгүлөчү?» - дегин. Жок! Аллах - Ызааттуу, Даанышман.

28. Биз сени бардык адамдарга кубанычты кабарлоочу жана эскертүүчү кылып жөнөттүк. Бирок, адамдардын көпчүлүгү муну билишпейт.

29. Алар[2]: «Эгер силер чынын айтып жатсаңар, анда бул убада качан ишке ашат?» - дешет.

30. «Силерге убада кылынган Күн бар. Силер бир аз убакыт артка да кечиге албайсыңар, бир аз убакытка алдыга да озуп кете албайсыңар», - дегин.

31. Каапырлар: «Биз Куранга да, ага чейинки түшүрүлгөндөргө да ишенбейбиз», - дешет. Эгерде сен заалымдардын Эгесинин алдында тургузулганын көргөн болсоң! (Ошондо) алардын ичинен алсыз болгондору[3], алдуу болгондоруна кайрылып: «Эгер силер болбогондо биз ыймандуу, момун болоор элек», - деп айтышат.

32. Текебер болгондор[4], алсыз болгондорго кайрылып: «Кантип, ал[5] силерге келген соң, биз силерди түз жолдон (зордоп) чыгарып ийдикпи? Жок! Өзүңөр күнөөкөр болдуңар», - дешет.

33. Алсыздар текеберлерге: «Ооба! Силер түндө да, күндүзү да алдап, амалкөйлүк менен бизди Аллахка ишенбөөгө жана Ага шериктерди кошууга буйрудуңар», - дешет. Алар жаза келген кезде өкүнгөндүктөрүн жашырышат. Биз каапырлардын мойнуна богоо[6] тактык. Алар кылган нерселери үчүн гана жазаланышат.

34. Биз эч бир кыштакка (андагы) дөөлөтүнө чиренгендер: «Силер аркылуу

---

көрсөтө албайт. А сөлөкөттөр, дегеле колдоо көрсөтө албайт. Анткени, алар болгону таш, же жыгач ж.б.у.с.

1 Шапаат кылуучуларга уруксат берилген соң....

2 Меккенин мушриктери - сөлөкөттөргө сыйынуучулар

3 Бул дүйнөдө жашап жүргөндө

4 Бул дүйнө жашоосунда

5 Туура жол

6 Кишен, мойунтурук

жөнөтүлгөнгө биз ишенбейбиз», - демейинче, эскертүүчүнү (элчини) жөнөтпөдүк.

**35.** Алар: «Биздин мал-мүлк жана бала-бакырабыз көп. Биз жазага тартылбайбыз», - дешти.

**36.** «Эгем кимге кааласа ырыскысын көбөйтөт жана тарытат[1], бирок адамдардын көпчүлүгү билишпейт», - дегин.

**37.** Силердин байлыгыңар жана балдарыңар Бизге силерди жакындата албайт. Ыйман келтирип, жакшылык иш кылгандардан башка. Аларга иштери үчүн эселенген сыйлыктар, аларга бийик жайларда тынчтык жана амандык (болот).

**38.** А Биздин белгилерибизди начарлатуу үчүн жан үрөп аракеттенгендер - алар азапка тартылышат.

**39.** «Акыйкатта, Эгем Өз пенделеринен кимге кааласа ырыскыны кенен берет жана аны ченеп да койот. Эгер силер бир нерсени кайыр-садака кылсаңар, Ал анын ордуна башкасын берет. Ал ырыскы берүүчүлөрдүн эң мыктысы», - дегин.

**40.** Ошол Күнү Ал алардын баарын жыйнайт да, андан соң периштелерге: «Чын эле булар силерге сыйынчу беле?» - дейт.

**41.** Алар: «Сени аруулайбыз! Биздин коргоочубуз алар эмес, Сенсиң. Ооба, алар жиндерге сыйынышкан, алардын көбү аларга ишенишкен эле», - дешет.

**42.** Ал Күнү силердин бириңер башкаларыңар үчүн пайда да, зыйан да келтире албайсыңар. Биз зулум кылгандарга: «Силер жалганга чыгарган тозоктун азабын таткыла», - дейбиз.

**43.** Аларга Биздин айкын айаттарыбыз окулганда, алар: «Бул биздин ата-бабаларыбыз сыйынып келгендерден[2] силерди кайтарганы жаткан гана киши[3]!» - дешет. Алар: «Бул ойлонуп табылган гана калп», - дешет. Аларга акыйкат келгенде ага ишенбей каапыр болгондор: «Бул анык сыйкыр», - деп айтышат.

**44.** Биз сага чейин алар окуганга Китеп берген жана эскертүүчү жөнөткөн эмеспиз.

**45.** Аларга чейинкилер да жалганга чыгарышкан. Биз аларга ыроологондордун ондон бир бөлүгүнө да жетишпеди жана алар Биздин пайгамбарларыбызды жалганга чыгарышты. Менин тануум кандай (катуу)!

**46.** «Мен силерге бир гана нерсени эскертемин, силер Аллах үчүн экиден, бирден туруп ой жүгүрткүлөчү: «Силердин жолдошуңар жинди эмес[4].

---

1 Аз кылат

2 Буд-сөлөкөттөрдөн, жалган кудайлардан

3 Мухаммед (а.с.)

4 Каапырлар Мухаммед (а.с.)ды «жинди болду» деген сыйактуу ушактарды таратышкан.

Акыйкатта, ал катуу азапты алдын ала силерге эскертүүчү гана», - дегин.

47. «Мен силерден өзүм үчүн акы сурабаймын, ал силердин өзүңөргө. Мен үчүн Аллахтын алдындагыдан башка сыйлык жок. Ал бардыгынын үстүнөн күбө болуучу», - дегин.

48. Акыйкатта, Эгем чындыкты гана айан кылат. (Ал) - кайыптарды Билүүчү.

49. «Акыйкат[1] келди, эми жалган[2] көрүнбөйт да, кайтып да келбейт!» - дегин.

50. «Эгер мен адашсам, анда өз жанымдын зыйанына адашам; а эгер туура жолдо барсам, ал мага Эгемден берилген айан. Акыйкатта, Ал - Угуучу, Жакын», - дегин.

51. Эгер сен алардын качып кетүүгө мүмкүндүктөрү болбой[3] жана жакынкы бир орундан кармалышканда корккондорун[4] көргөн болсоң!

52. Алар: «Биз Ага ишенгенбиз», - дешет, бирок алар кантип өтө алыс жерден (ыйманды) кабылдашсын[5].

53. Алар Ага мурун да ишенген эмес жана кайып тууралуу өтө алыс орундан[6] ой жорушкан.

54. Мурун да алар сыйактуулардын топтору менен болгон өңдүү эле, алардын жана алардын каалоолорунун ортосуна тосмо койулган. Акыйкатта, алар чаташкан шектенүүдө болушкан!

## 35. ФААТИР[7] СҮРӨСҮ

**Меккеде түшүрүлгөн Кырк беш айаттан турат**

***Мээримдүү, Ырайымдуу Аллахтын аты менен***

1. Асмандар менен жердин Жаратуучусу жана эки, үч, төрт канаттуу пе-

---

Жогорудагы айатта ар ким бирден, экиден болуп, өз алдынча ой жүгүртүп, чындыкты салмактап, өздөрүнөн өздөрү бул чынбы, же жалганбы деп сурашса, анда мунун жалган ушак экендигине, ал эми пайгамбардын сопсоо экендигине ишенүүгө аргасыз болооруна ишаарат кылынууда

1 Куран

2 Каапырлык. Сөлөкөттөргө жана жалган кудайларга сыйынуу

3 Өлүмдөн, ажалдан

4 Каапырлар Кыйамат күнүндө

5 Өлүм алдында, же Кыйамат башталып калганда кылган тообо кабыл болбойт

6 Бул дүйнөдө жүрүп, тигил дүйнөгө бара элек кезде

7 Фаатир - Жаратуучу

риштелерди элчи кылган[1] Аллахка мактоолор! Ал жаратууда каалаганын көбөйтөт. Чындыгында, Аллах - бардык нерсеге Кудуреттүү!

2. Аллах адамдарга ырайымын[2] ачса, аны тосуучу жок[3]. Кимден мээримин то- суп койсо, андан кийин аны жиберүүчү да жок. Ал - Ызааттуу, Даанышман!

3. Эй, адамдар! Аллах силерге берген жакшылыгын эстегиле: силерге асмандардан, жерден ырыскы бере турган башка Жаратуучу барбы?! Андан (Аллахтан) башка Кудай жок! Кайда адашып бара жатасыңар?

4. (Эй, Мухаммед!) Алар сени жалганчыга чыгарса[4], чындыгында, сенден мурунку элчилер да жалганга чыгарылган. Бардык иштер Аллахка кайтып барат.

5. Эй, адамдар! Аллахтын убадасы - акыйкат[5]. Ошондуктан бул дүйнө тиричилиги[6] силерди эч качан азгырбасын. Ошондой эле катуу азгыруучу[7] да силерди Аллах тууралуу азгырбасын[8].

6. Чындыгында, силерге шайтан душман. Ошондуктан силер да аны душман деп билгиле. Акыйкатта, шайтан өз тобун[9] тозок ээлеринен болууга чакырат.

7. (Аллахка) каршы чыккандарга[10] катуу азап бар. Ал эми ыйман келтирип, жакшы иштерди жасагандарга болсо кечирим жана чоң сыйлык берилет.

8. Жаман жорук өзүнө кооз көрсөтүлүп, аны жактырып калган бир адам (жакшы адам менен кантип тең болсун?) Акыйкатта, Аллах каалаганын адаштырып, каалаганын Туура жолго салат. Ошондуктан аларга[11] кайгырып, өзүңдү жок кылып жибербе. Чындыгында, Аллах алардын кылган иштерин толук Билүүчү.

9. Аллах шамалдарды жиберип, булуттарды козгоп, аны өлүп жаткан шаарга айдап келебиз. Жана жамгыр аркылуу жансыз калган жерлерди кайра жандандырабыз. Өлүктүн тирилиши да ушул сыйактуу.

---

1 Пайгамбарларга кабар ташуучу катары жиберип турган

2 Жакшылыгын

3 Тосуп калууга кудуреттүү жан жок

4 Кайгырба, анткени...

5 Сөзсүз аткарылат

6 Анын азгырма кооздуктары, жалган сулуулуктары

7 Шайтан

8 «Аллах Таала кечиримдүү» - деп алдап, күнөөлөрүңөрдү башыңардан ашырып жибербесин. Шайтан Тозокко баштайт.

9 Аллах Таала тууралуу жаман, ылайыксыз нерселерди айттырып, түрдүү күнөөгө азгырып...

10 Каапырларга

11 Каапырларга

10. Ким мартабалуу болууну кааласа... (анысынан майнап чыкпайт) анткени, бардык урмат-сый Аллахка гана таандык. Жакшы сөз[1] Ага көтөрүлөт. Жакшы амал[2] аны көтөрөт. Ал эми жамандык кылуу үчүн айла-амал жасагандарга катуу азап бар. Алардын айла-амалы кыйроого учурайт.

11. Аллах силерди (эң оболу) топурактан, анан уруктан[3] жаратып, анан силерди жуп-жуп кылып койду. Эч бир ургаачы Аллахтын билиминен тышкары жүктүү боло албайт[4], аны койо да албайт[5]. Аллахтын Китебинде жазылган өмүр узартылбайт да, кыскартылбайт. Албетте, бул Аллахка оңой.

12. Эки деңиз тең эмес[6]: Мунусу абдан таттуу, ичүүгө жагымдуу. А тигиниси өтө туздуу. (Бирок, экөөсүнөн тең жаңы эт (балык алып) жейсиңер жана тагына турган[7] кооздуктарды чыгарасыңар. Ошондуктан Аллахтын жакшылыгынан ырыскы издөө үчүн кеменин сууну жарып бара жатканын көрөсүң. Балким, (Аллахка) шүгүр кылаарсыңар.

13. Аллах түндү күндүзгө киргизип, күндүздү түнгө киргизет. Ошентип, ай менен күндү багындырды. (Алардын[8]) баары белгилүү бир мөөнөткө чейин гана жүрүп турат. Ушулардын баары - Эгеңер Аллахтыкы! Ээлик кылуу[9] - Ага гана таандык. Андан башка сыйынгандарыңар - бир данектин кабыгына да ээ эмес!

14. Эгер аларга[10] жалбарсаңар, алар үнүңөрдү да укпайт. Кокус укса деле силерге жооп кайтара албайт. Кыйамат күнү силердин (Мага) кошкон шериктериңер[11] (силерди) танышат. (Баарынан) толук кабар берүүчү Аллахтай сага эч ким кабар бере албайт.

15. Эй, адамдар! Силер Аллахка муктажсыңар! Аллах болсо эч нерсеге Муктаж эмес, Макталуучу!

16. Кааласа силерди жок кылат да, жаңы эл алып келе алат[12].

17. Бул Аллахка кыйын эмес.

---

1 Куран, ыйман, Ислам дини

2 Жакшы амал - Аллах Таалага сыйынуунун бардык түрлөрү

3 Ата-эненин уругунан

4 Аллах Тааланын каалоосунан тышкары бойуна бүтпөйт...

5 Төрөй да албайт

6 Кеп туздуу жана тузсуз (ичилиүүчү) суулар тууралуу болууда

7 Анжир, маржан....

8 Планеталардын, галактикалардын

9 Чыныгы кожойундук

10 Буд-сөлөкөттөргө

11 Өздөрүнүн «кудайлыгын«

12 Жаратат

18. Эч бир күнөөкөр, башканын күнөөсүн көтөрбөйт[1]. Күнөөсү оор болгон бирөө көтөрүүгө чакырса, эгер жакыны болсо да, ага эч нерсе жүктөлбөйт[2]. (Эй, Мухаммед!) Чындыгында, Эгелерин көрбөй туруп корккондорду, намазды аткаргандарды гана эскерте аласың. Ал эми ким күнөөдөн тазарса, ал өзү үчүн тазарат[3]. Ошондой эле, (баарынын) бараар жагы - Аллах тарап!

19. Сокур менен көрүүчү тең эмес[4].

20. Караңгылык менен жарык тең эмес[5].

21. Көлөкө менен күнөс да тең эмес[6].

22. Тирүүлөр менен өлүктөр да тең эмес! Чындыгында, Аллах кимди каалаcа, уга турган кылып койот. (Эй, Мухаммед!) Сен мүрзөлөрдөгү адамдарга угуза[7] албайсың[8].

23. Сен бир эскертүүчү ганасың.

24. Акыйкатта, сени чындык менен кубантуучу, эскертүүчү кылып жибердик. Ырасында, эскертүүчүсү болбогон бир да коом жок.

25. Эгер сени жалганга чыгарышса, чындыгында, алар кереметтер, барактар жана нурлантуучу Китептерди (Менден) алып келген (башка) пайгамбарларды да жалганчыга чыгарышкан.

26. Андан соң, (Мага) каршы чыккандарды алдым[9]. Мына, Менин каарым кандай (катуу)!

27. Чындыгында, Аллахтын асмандан жамгыр жаадырганын көрбөйсүңөрбү? Аны менен түрдүү мөмөлөрдү чыгардык. Тоолордогу ак, кызыл, капкара жана түрдүү-түмөн чыйырларды[10] көрбөй турасыңбы[11]?

28. Адамдардан, курт-кумурскалардан жана ири жандыктардан түрдүү түстөгүлөрү да ушундай эле (бир мисал эмес бекен?) Чындыгында, пенделеримдин билимдүүлөрү Аллахтан коркушат. Ырасында, Аллах - Ызааттуу, Кечиримдүү!

---

1 Башканын күнөөсү үчүн жооп бербейт.

2 Кыйамат күнү ар бир адам жеке өзү үчүн жооп берет жана өз кылган иштеринин гана азабын тартат.

3 Анын тазарганынан АллахТаалага кымындай пайда да, зыйан да жок!

4 Ошол сыйактуу, каапыр менен мусулман да тең болбойт.

5 Ошол сыйактуу илим менен наадандык, жалган менен чындык да тең боло албайт!

6 Ошол сыйактуу Бейиш менен Тозок тең болбойт!

7 Эмнени гана айтпа

8 Бул айатта каапырлар өлүктөр менен салыштырылып жатат.

9 Кыйраттым

10 Жолдорду

11 Кызыл, ак, жашыл, сары жана башка толгон-токой түстүү гүлдөрү жол бойун бербей жайнаган, жыпар жыттуу, тоо койнундагы, жашыл жайлоолордогу чыйырларды...

29. Чындыгында, Аллахтын Китебин окуп, намазды толук аткаргандар жана өздөрүнө (Биз) берген ырыскылардан көрүнөө, жашыруун түрдө тиешелүү жерлерге сарптагандар эч качан зыйанга учурабай турган соданы (соопту) үмүт кыла алышат.

30. Аллах алардын сыйлыктарын толук берип, анан да Өз жакшылыктарын көбөйтүп койот. Албетте, Ал - Кечиримдүү, шүгүр Ээси!

31. (Эй, Мухаммед!) Сага Биз кабарлаган Куран - акыйкат! Мурдагыларды[1] тастыктоочу. Чындыгында, Аллах - пенделеринен Кабардар, Көрүүчү!

32. Анан ал Китепти пенделерибиздин арасынан Өзүбүз тандаган адамдарга[2] бердик. Алардын арасынан кээ бирөөлөрү өзүнө зулумдук[3] кылат да, кээси орточо (жакшылык) кылат. Ал эми дагы бирөөлөрү Аллахтын буйругуна ылайык жакшылыктарда[4] алга озуучулардан болушат[5]. Мына ушул[6] - улуу ырайым.

33. Ошолор «Адн[7]» бактарына киришет. Анда[8] алтын жана бермет билериктерди тагынышат. Анда[9] алардын кийимдери жибектен болот.

34. Алар (анда) мындай дешет: «Бардык мактоо - бизден кайгыны жок кылган Аллахка (болсун)! Чындыгында, Эгебиз - Кечиримдүү, шүгүр Ээси!

35. Ал Өз жакшылыгы менен бизди туруктуу жайга жайгаштырды. Бизди бул жерде чарчоо да, чаалыгуу да албайт»

36. Ал эми (Аллахтын Куранына) каршы чыккандар үчүн Тозок оту бар. Аларга «өлөмүн!» - дешсе да өлүм өкүмү берилбейт. Аларга азап да жеңилдетилбейт. Бардык каршы чыгуучуларды ушинтип жазалайбыз.

37. Алар Тозокто: «Бизди Тозоктон (кайра дүйнөгө) чыгар. Биз мурда жасаган иштерибизден башка жакшы амалдарды жасайлы», - деп жалбарышат. (Ошондо аларга): «Силерге, үгүт кылган адамдан үгүт алууга жете тургандай (узак) өмүр бербедикпи? Анын үстүнө силерге эскертүүчү да келген болчу. Эми (азап даамын) таткыла. Заалымдар үчүн эч колдоочу болбойт! (деп айтылат)

---

1 Театр, Забур, Инжилди ж.б.

2 Сахабалар, аларды ээрчигендер, кыйаматка чейин келүүчү ислам дининин такыба аалымдарына

3 Куранды билип туруп ага амал кылбайт, адамдарды жакшылкка чакырбайт, жамандыктан кайтарбайт

4 Аллах Таалага сыйынуу, ибадат кылуу, табынуу иштеринде

5 Куранда айтылган бардык парздарды жана сүннөттөрдү так аткаруу бойунча абдан айырмаланган такыба аалым болот

6 Жакшылыктарда озуу, баарынан озуп кетүү

7 Бейиштин аты

8 Бейиште

9 Бейиште

**38.** Ырасында, Аллах асмандар менен жердеги кайыпты билип турат. Чындыгында, Ал көөдөндөгүлөрдү да Билүүчү!

**39.** Аллах (өзүнө) силерди жер жүзүндө орун басары кылып койду. Кимдир бирөө каапырлык кылса, анда каапырлыгынын күнөөсү өзүнө[1]. Каапырлардын каршылыгы алардын Эгесинин алдында Анын ачуусун гана арттырат. Анын үстүнө, каапырлардын каршылыгы (алардын) өздөрүнүн зыйандарын гана көбөйтөт.

**40.** (Эй, Мухаммед!) «Аллахтан башкага сыйынганыңарды көрдүңөрбү? Кана Мага да көрсөткүлөчү! Алар деги жер үстүндө бир нерсе жарата алыштыбы?! Же алардын асмандарда[2] тиешеси барбы? Же Биз аларга Китеп берип, алар бир далил үстүндөбү[3]? Жок, андай эмес! Заалымдар[4] бирин-бири алдоону гана убада кылышат[5]»- деп айткын.

**41.** Чындыгында, Аллах асмандар менен жерди жок кылып жибербей кармап турат. Кокус экөө ордуларынан жылып кете турган болсо, аны Аллахтан башка эч ким кармап кала албайт. Ал - Жумшак, Кечиримдүү!

**42.** Алар өздөрүнө эскертүүчү келсе, башка коомдорго караганда дагы да адилеттүүрөөк болуу тууралуу Аллахка алдарынын жетишинче ант беришкен. Бирок аларга эскертүүчү келген кезде, ал алардын алыстоосун гана күчөттү.

**43.** Алар жер бетинде текеберленишти жана жаман айла-амалдарды жасашты. Айлакерликтин кесири (айлакерликтин) ээсине гана тийет. Алар мурункулардын жолун [6]күтүп жатышабы? Аллахтын жолунан эч бир өзгөрүш таба да албайсың, Аллахтын жолунун бурулушун[7] да таппайсың.

**44.** Алар жер жүзүн кыдырышып жүрүшпөйбү?[8] Ошондо[9] алар өздөрүнөн мурункулардын акыбети эмне болгонун көрүшмөк. Чындыгында алар-

---

**1** Зыйан алып келет

**2** «Асмандардагы галактика - планеталарды, жылдыздарды Мени менен кошулуп жаратууга кандайдыр-бир кымындай болсо да катыштыгы, тиешеси барбы?!» - деген мааниде

**3** Алардын кудай экендигине жок дегенде тырмакка илинээрлик болсо да далили барбы?

**4** Каапырлар, мунафыктар, мушриктер...

**5** Бирин-бири алдоо, азгыруу менен гана алек болушат...

**6** Мурункулардын башына келген азаптуу жазалардын келишин

**7** Кемчиликтерин... Анткени, Анын жолунда кынтык жок!

**8** Каапырлар үчүн Аллах Таала бул дүйнөнү жыргалдуу кылып, байлыкты да кенен-кесир бергендиктен, алар учактар, кемелер менен сайакаттап, ааламдагы аба ырайы жагымдуу деңиз жээктериндеги атактуу дем алуучу жайларга тандап барышып, кыдырып, шаң-салтанат менен өмүр кечирип көп жүрүшөт, бирок бир да жолу Аллах Тааланын кереметтери, жакшылыктары, жазалары, кудурети жана Анын эскертүүлөрү тууралуу ойлоп койушпайт. Кеп ушул тууралуу болууда

**9** Эгер Жаратуучу тууралуу жакшылап ой жүгүрткөн болсо

дын күчү булардыкынан да көп эле[1]. Асмандар менен жердеги нерселер Аллахты алсырата албайт. Ал - Билүүчү, Кудуреттүү!

45. Эгер Аллах адамдарды кылмыштары себептүү жазалай турган болсо, анда жер бетинде бир да жандык калтырбас эле. Бирок аларды белгилүү[2] бир мөөнөткө чейин кечиктирет[3]. Качан алардын мөөнөтү (ажалы) келсе, анда...[4] Аллах - Өзүнүн пенделерин Көрүп туруучу!

# 36. ЙАСИН[5] СҮРӨСҮ

**Меккеде түшүрүлгөн Сексен үч айаттан турат**

***Мээримдүү, Ырайымдуу Аллахтын аты менен***

1. Йа,Син.
2. Даанышман Куранга ант!
3. Ырасында, сен элчилерденсиң,
4. Туура жолдогу[6].
5. Бул - Ызааттуу, Мээримдүүнүн түшүргөнү,
6. Аталары эскертилбей калган[7] жана алар бейкапар болгон коомду эскертүүң үчүн;
7. Сөз[8] алардын көпчүлүгүнө (небак) бекемделген, а алар ишенишпейт.
8. Биз алардын мойундарына, ээктерине чейин богоо[9] койгонбуз[10], алар керкейип жүрүүгө аргасыз.
9. Биз алардын[11] алдынан да, артынан да тосмо койдук. Аларды ороп салдык, алар көрө алышпайт.

---

1 Мурунку каапыр коомдордун күч кубаты кийинкилердикинен да артык болгон

2 Лавху Махфузда белгиленип койулган

3 Жашатат, жашоо, өмүр берет

4 Аллах Таала бир да мүнөт кечиктирбестен алып кетет

5 Мааниси бир Аллах Таалага маалым

6 Аллахтын туура жолундагы

7 Өтө алыс эмес убакыттан бери карай (анткени мурунку заманда пайгамбарлар жөнөтүлүп турган)

8 Азапка алынуусу жөнүндөгү сөз

9 Кишен - мойунтурук

10 Каймана түрдө каапырлардын ал-абалына, кулк- мүнөзүнө карата айтылууда. Алар өз жаңылыштыктарын, ой-пикирлерин гана туура деп эсептешип, бой көтөргөн, текеберленген, кекирейген абалда жүрүшөт. Эгерде алар оңолбосо, Аллах Таала алардын жаңылыштыгын ого бетер күчөтө тургандыгына ишаарат берүүдө

11 Ыйман келтирүүнү каалабаган каапырлардын, мушриктердин

10. Аларды[1] сен эскертесиңби, же эскертпейсиңби, баары бир ыйман келтиришпейт.

11. Сен эскертүүгө ээрчигендерди жана Мээримдүүдөн жашыруун корккондорду гана эскерте аласың. Аларды кечирилгендиги жана зор сыйлык менен сүйүнчүлө!

12. Акыйкатта, Биз өлгөндөрдү тирилтебиз, алардын эмне кылгандыгын, өздөрүнүн артына эмнени калтыргандыктарын жана бардык нерселерди айкын жол башчыда[2] тактап койгонбуз.

13. Аларга[3] Биздин элчилер келгендеги айылдын жашоочулары жөнүндөгү мисалды келтир;

14. Биз аларга экөөнү жөнөттүк. Аларды жалганга чыгарышты, Биз экөөн үчүнчүсү менен кубаттадык. Алар: «Акыйкатта, биз силерге (жөнөтүлгөн) элчилербиз», - дешти.

15. (Алар): «Силер бизге окшогон эле адамсыңар. Мээримдүү[4] эч нерсе түшүргөн эмес. Силер жалган айтып жатасыңар», - дешти.

16. (Элчилер) айтышты: «Биздин силерге жөнөтүлгөндүгүбүздү Эгебиз албетте билет.

17. Бизге ачык-айкын кабарларды жеткирүү гана (жүктөлгөн).»

18. Алар: «Биз силерден жаман жышаандарды[5] көрүп жатабыз, эгерде тыйылбасаңар[6] биз силерди таш бараңга алабыз, силерге бизден оорутуучу азап жетет», - дешти.

19. (Элчилер): «Силердин жаман жышаандарыңар өзүңөрдөн. Силерге эскертилип жатабы? Ооба, силер чектен чыккан коомсуңар», - дешти.

20. Шаардын четинен бир киши шашып келди да: «Эй, элим! Элчилердин артынан ээрчигиле»,- деди.

21. «Силерден эч кандай акы сурабагандарды[7] жана туура жолдо жүргөндөрдү ээрчигиле».

22. «Эмне үчүн мен өзүмдү жаратканга жана бүт баарыңар кайрылып бара турган Ага[8] сыйынбаймын?«

---

1 Ыйман келтирүүнү каалабаган каапырларды, мушриктерди

2 Лавху Махфуз - тагдыр жазылган китеп

3 Меккелик каапырларга, сөлөкөттөргө табынгандарга

4 Аллах Таала

5 Жалган кудайларга табынган каапырлар элчилердин айткандарынан өздөрүнө ылайык келбеген жаман жышаандарды көргөндөй сезишти. Башкача айтканда, эч кандай жаман жышаан эч кайдан көрүнбөсө да, алар өздөрү жамандыкка жорушуп, элчилер тууралуу жаман ойлорду ойлошту

6 «Эгер бизге сүйлөгөнүңөрдү, чакырууңарды токтотпосоңор«

7 Ушул элчилерди

8 Аллах Таалага

23. «Чын эле мен Андан башка кудайларга табынамынбы? Эгерде Мээримдүү мага жамандык кааласа, алардын колдоосу менден эч нерсени тосо албайт жана мени куткара да албайт».

24. «Акыйкатта, анда мен адашууда каларым анык».

25. «Аныгында мен Эгеңерге ишендим. Эми мени уккула!»[1]

26. (Ага): «Бейишке кир!» - делинди[2]. Ал айтты: «Аттиң, эгер элим билсечи[3];

27. мени Эгем кечиргенин жана мени ардактуулардан кылганын (билсечи).»

28. Биз андан соң анын элине асмандан аскер түшүргөнүбүз жок. Биз аскер[4] түшүрбөдүк.

29. Болгону бир гана катуу үн угулду, ошентип алар жалп өчтү[5].

30. Элчи келип, алар анын үстүнөн шылдыңдашкан Менин пенделериме[6] өкүнүч (болот)!

31. Чын эле, Биз аларга чейин канчалаган муундарды ойрон кылганыбызды жана алар буларга кайрылып келбесин[7] көрүшпөйбү?

32. Акыйкатта, баарысы Бизге жыйналышат[8].

33. Өлүк жер силер үчүн бир белги: Биз аны тирилттик, андан дан өндүрүп чыгардык. А силер андан жейсиңер.

34. Биз анын үстүнө курма менен жүзүм бактарын өндүрдүк жана булактарды чыгардык.

35. Алардын[9] мөмөлөрүнөн жана алар колдору менен[10] кылынгандарынан жеши үчүн. Шүгүр кылбайсыңарбы?

---

1 Силер да мен сыйактуу ишенип, Аллах Таалага сыйынгылачы.

2 Каапырлар аны ошол жерден тепкилеп өлтүрүп ийишкен соң, Аллах Таала тарабынан: «Бейишке кир», - деп айтылып, Бейишке киргизилди

3 «Менин туура иш кылганымд, Аллах Тааланын ыраазылыгын таап, Бейишке кирип, ырахатжыргалда экендигимди, өздөрүнүн адашууда экендиктерин элим билсечи«

4 Талкалап-кыйратуучу периштелерди

5 Аллах Тааланын кырсыгы аларды бир заматта ойрон кылд. Аллах Таала кааласа периште аркылуу, кааласа башка жол менен заалымдарды жылас кылат

6 Каапырларга

7 Көпчүлүк учурда мурунку элдердин кыйроосунан кийинки элдер эч кандай мисал, же сабак албаганы байкалат

8 Кыйамат күнү

9 Аллах Таала өстүргөн бак-дарак, жемиштердин

10 Пенделердин колу менен иштелип, сугарылып, өстүрүлгөн...

36. Алар өздөрүнүн[1], жер өстүргөн нерселердин жана алар билбеген нерселердин[2] бардыгын жуп кылып жаратканга[3] аруулук!

37. Аларга бир белги - түн. Андан күндүздү ажыратабыз, анда алар караңгылыкта калат.

38. Күн (да) өзү үчүн белгиленген орунда жүрөт. Бул - Үстөмдүк кылуучу, Билүүчүнүн өлчөгөнү.

39. Айды куураган эски бутактай болгонго чейин орундарга[4] өлчөп койдук.

40. Күндүн Айга жетүүсү мүмкүн эмес, түн да күндүздөн илгерилебейт, ар бири көктө сүзөт.

41. Алардын урпактарын ичи толтура кемеде[5] ташыганыбыз алар үчүн бир белги.

42. Тигил сыйактуу[6] минип жүрө турган нерселерин[7] жараттык.

43. Кааласак, аларды чөктүрөбүз, анда аларга жардамчы да жок (болот). Алар куткарылбайт.

44. Бирок, (Бизден) ырайым жана белгилүү мөөнөткө чейин узартуу (гана болот).

45. Аларга: «Алдыңарда болуп өткөндөрдөн[8] жана артыңарда боло тургандардан корккула. Балким, мээримге бөлөнөөрсүңөр», - делинсе;

46. аларга Эгеңдин белгилеринен бир белги келгенде, алар ал белгиден жүз үйрүүчү болушту.

47. Аларга: «Аллах силерге берген ырыскылардан сарптагыла» - делинсе, ыймансыздар ыймандууларга: «Силерди биз тамактандырмак белек? Аллах кааласа силерди Өзү тамактандырмак. Силер анык адашуудасыңар», - дешет.

48. Жана айтышат: «Эгер чынчыл болсоңор, бул убада качан (аткарылат)?«

49. Талашып жаткан учурда, аларды алып кете турган бир гана катуу кыйкырыктан[9] башка эч нерсени көрө алышпайт.

---

1 Айал-эркектен тукум улаштырып

2 Атомдун йадросу оң зарйад, ал эми аны айланган элек рондор терс зарйадда экендиги кийинки замандарда гана белгилүү болуп, б.а. энергийанын бири-бирине карама-каршы болгон эки жуп формасы бар экендиги аныкталган

3 Аллах Таалага

4 Ар бир айда жыйырма сегиз түндөгү кубулуш. Ай отуз күн болсо, анда эки түнү көрүнбөйт. Ал эми жыйырма тогуз күн болсо, анда бир түнү көрүнбөйт. (Тафсир Ал-Жалаалайн)

5 Нух (а.с.)дын кемесинде

6 Нух (а.с.)дын кемеси сыйактуу

7 Нух пайгамбардын убагынан бери карай ушул күндөргө чейин жасалып жана колдонулуп келе жаткан сууда, кургакта жана асманда жүрүүчү көлүктөр

8 Мурунку ойрондолгон ыймансыз коомдордун тагдыры башыңарга түшүүдөн

9 Катуу үн менен коштолгон кыйроо аркылуу жок болушат

50. Алар осуйат да калтыра албайт жана өз үй-бүлөлөрүнө да кайтып бара алышпайт[1] .
51. Сурнай тартылганда[2], алар мүрзөлөрүнөн Эгесине карай шашып чыгышат.
52. Алар: «Оо, биз куруп калалык! Бизди жаткан жерибизден ким тургузду? Бул - Мээримдүү убада кылган нерсе жана элчилер чындыкты айтышкан экен», - дешет.
53. Катуу бир кыйкырыктан башка эч нерсе болгон жок. Мына алардын баары Биздин алдыбызга келип турушат.
54. Бүгүн бир да жанга зулум кылынбайт. (Анткени), силер кылганыңар үчүн[3] гана жазаланасыңар.
55. Акыйкатта, Бейиш ээлери бүгүн өз иштери менен жыргап-ырахаттанышат.
56. Алар жубайлары[4] менен көлөкөдө, мамыктарда сүйөнүп, жазданышат (жатышат).
57. Аларга анда (түрдүү) жемиштер жана каалагандары бар.
58. Боорукер Жараткандын сөзү - «Салам!» (болот).
59. «Эй, күнөөкөрлөр! Бүгүн ажырагыла[5]!» (делинет).
60. «Эй, адам урпактары! Мен силерге: «Шайтанга сыйынбагыла, акыйкатта, ал силер үчүн анык душман», - деп буйрубадым беле?
61. «Мага гана сыйынгыла - бул эн туура жол!»
62. Ал силерден көптөгөн муундарды жолдон адаштырган. Акыл жүгүрткөндөрдөн болбойсунарбы?
63. Мына бул силерге убада кылынган Тозок.
64. Каапыр болгонунар үчүн бүгүн ага киргиле!
65. Бүгүн Биз алардын ооздоруна мөөр басабыз[6]. Бизге алардын колдору сүйлөп берет. А буттары алар эмне кылгандары тууралуу күбөлүк берет.
66. Эгер Биз кааласак, алардын көздөрүн сокур кылып койор элек. (Ошон-

1 Мураскор калтыруу мындай турсун, Аллах Тааланын кырсыгы келген кезде, оозунда жеп жаткан тамагын жутууга үлгүрбөй жан беришет

2 Кыйамат күнүндө кайра тирилгенде

3 Күнөө, же сооп иштеринер үчүн

4 Бейишке кирген ыймандууларга жуп-жары, айалы боло турган келишкен сулуу үр кыздары жана ошондой эле алардан эч кем калбагандай сулуу абалга келтирилген өздөрүнүн айалдары ж. б.

5 Момундардан бөлүнгүлө делинет

6 Бүтөп салабыз

до) алар бир-биринен озуп, жолду издеп жөнөөр эле, бирок кантип көрө алышат?[1]

67. А эгер Биз кааласак, алардын турпатын үйлөрүндө эле өзгөртмөкпүз[2]. Алар алдыга да, артка да жыла алышмак эмес.

68. Кимге Биз узак жашоо берсек, анын жаратылыш турпатын алсыз кылып койобуз[3]. Акыл калчашпайбы?

69. Биз ага[4] ыр үйрөткөнүбүз жок жана бул ага ылайык да эмес. Бул эскертүүчү жана ачык-айкын Куран.

70. Тирүүлөрдү эскертүү, каапырлардын үстүнөн сөзүбүз чын болсун үчүн.

71. Биздин өз кудуретибиз менен жараткандарыбыздын ичинен Биз алар үчүн жаратып берген малдарыбызды жана аларга ээлик кылышаарын көрүшпөйбү?

72. Буларды (малдарды) аларга баш ийдирдик, алар кээ бирлерин минишет, кээ бирлеринин (этин) жешет.

73. Мында алар үчүн пайда жана суусундуктар бар. Бул үчүн алар шүгүр кылышпайбы?

74. Алар өздөрүнө Аллахтан башка кудайларды жардам берет деп тутунушкан[5].

75. Алар дайар аскер[6] болуп келишсе да, аларга жардам кыла алышпайт.

76. Сени алардын сөздөрү кайгыртпасын. Биз алардын жашыргандарын да, ачыкка чыгаргандарын да билип турабыз.

77. Биз аны бир тамчы суудан жаратканыбызды инсан көрбөдүбү? Ошентсе да, ал ачык жаңжалчы!

78. Ал өз жаралышын унутуп, Бизге: «Бул чириген сөөктөрдү ким тирилтет?» - деп мисал келтирет.

79. «Аны алгач жаратқандай эле (кайра) тирилтет. Ал бардык жаралгандарды Билүүчү», -дегин.

80. Ал силерге жашыл дарактан от кылды, андан силер от жагасыңар.

81. Асмандар менен жерди жараткан Ал аларга окшогондорду жарата албай калмак беле? Ооба. Ал - Жаратуучу, Даанышман.

---

1 Көздөрү сопсоо кездеринде ааламдагы Аллах Тааланын белгилерин көргүлөрү келбей, ага ишенбей жүргөндөр, көздөрүнөн айрылса кантип көрмөк?

2 Маселен дарак кылып

3 Карып, ал-күчтөн, ден соолугунан ажырай электе Аллах Таалага сыйынуу, илим үйрөнүү, жакшылык иштерди кылуу зарыл нерселер

4 Мухаммед (а.с.)га

5 «Кудайларынан»

6 Кыйамат күнүндө, акыретте, сөлөкөттөр өздөрүнө сыйынып жүргөндөргө каршы душман болуп чыга келишет

82. Ал бир нерсенин (болуусун) каалаганда, Анын иши тек гана «Бол!» - деп айтуу, (ошол замат ал) болуп калат.

83. Колунда баардыгынын үстүнөн бийлиги болгонго[1] аруулук! Силер Ага кайтарыласыңар.

## 37. СААФФАТ[2] СҮРӨСҮ

**Меккеде түшүрүлгөн Жүз сексен эки айаттан турат**

***Мээримдүү, Ырайымдуу Аллахтын аты менен***

1. Сапка тизилип турган (периштелерге) ант!

2. (Булутту) айдаган айдоочуларга (периштелерге) ант!

3. Эскертүүнү окуп берүүчүлөргө (периштелерге) ант[3]!

4. Акыйкатта, Кудайыңар[4] бирөө гана!

5. Асмандар менен жердин, алардын ортосундагылардын Эгеси жана Чыгыштын да Эгеси (Аллах)!

6. Чындыгында, бул дүйнөнүн асманын жылдыздар менен кооздоп койдук.

7. Бардык чектен чыккан шайтандан коргодук.

8. Алар жогорку ааламды[5] тыңшай алышпайт. Алар[6] туш-туштан[7] атылат.

9. (Аларды[8]) кубалап туруучу үзгүлтүксүз азап бар.

10. Эгер алардан[9] бирөө бир сөз уурдай турган болсо, аны күйгүзүүчү жылдыз кубалайт[10].

11. Эми алардан сура: «Аларды жаратуу кыйынбы? Же башка жараткан

1 Аллах Таалага

2 Сааффат - Сапка тизилүүчүлөр

3 Мусулмандарга Аллах Тааланын атынан башка нерсе менен ант берүүгө, карганууга болбойт. Бирок Аллах Таала Өзү каалаган макулугун ант катары күбөгө тартат. Аллах Таала -Улуу, Теңдешсиз, Чыныгы Өкүмдар!

4 Аллах Таала - Жалгыз, Теңи жок, Окшошу жок.

5 Аллах Таалага гана белгилүү болгон кайып дүйнө сырларын биле алышпайт

6 Жылдыздар Аллах Тааланын сырларын тыңшоого далалат кылган кезде

7 Жылдыздар менен

8 Шайтандарды

9 Шайтандардан

10 Ислам дини келгенге чейин жин-шайтандар асманга көтөрүлүп, периштелерден болочокто болуучу окуйаларды угуп келип, анан көзү ачыктарга кабарлашкан. Ислам дини келгенден кийин, алар асманга көтөрүлгөндө, Аллах Таала Өз буйругу менен жылдыз учуп келип күйгүзүп жибере турган кылып койгон

нерселерибиз кыйынбы? Чындыгында аларды (адам баласын) жабышкаак ылайдан жаратканбыз.

12. (Эй, Мухаммед!) Албетте, сен бул табиатка[1] таң калдың. Алар (шайтандар) болсо[2] келекелешет.

13. Аларга эскертүү келсе да, алар (баары бир) эстерине келишпейт.

14. Бир керемет көрүшсө, аны шылдыңдашат.

15. «Бул ачык сыйкырчылык», - дешет.

16. «Биз өлүп топуракка жана сөөккө айланган кезде кантип тирилмек элек».

17. «Оболку ата-бабаларыбыз дагы тирилишеби?»- дешет.

18. (Сен аларга): «Албетте, силер кор болуп тирилесиңер!»- дегин.

19. Чындыгында, ал үрөй учурган добуш[3]. Ошондо алар (алаңдап) карап калышат.

20. «Аттиң. Ушул эсеп күнү экен да!»- дешет.

21. «Бул - силер жалганга чыгарган ажыратуу күнү[4]».

22. «Заалымдарды да, алардын жандоочуларын да, алардын сыйынгандарын (кудайларын) да топтогула!»

23. «Алар Аллахтан башкага сыйынышкан. Ошондуктан аларды тозоктун жолуна багыттагыла!»

24. (Бирок азырынча) аларды токтоткула. Анткени алар суралуучулар!» (деп айтылат).

25. Алардан: «Эмне үчүн бири-биринен сурамжылашат?«- деп суралат.

26. Албетте, алар бүгүн аргасыз баш ийген кейипте.

27. Алар бири-бирине каршы суроо беришет.

28. (Алар[5] жол башчыларына): «Силер бизге оң жактан келчү элеңер го[6]«?, - дешет.

29. Алар: «Андай эмес. Өзүңөр ыйман келтирген эмессиңер!» - дешет.

30. «Анткени силерге биздин бийлигибиз өтчү эмес. Албетте, өзүңөр адашкан эл болчусуңар».

---

1 Бул табиатты, жаратылышты Аллах Тааланын кандай керемет кылып кынаптап, укмуштай шайкеш келтирип, адам акылын тумандаткан улуу айкалыш ичинде жаратканына

2 Сен алардан Аллах Таалага жакын экендигиңе карабастан, сенин ылайдан жаратылгандыгыңа

3 Кыйаматка адамдарды тирилтүү үчүн тартылган сурнайдын үнү

4 Мусулман менен каапырды, Бейиш эли менен тозок элин....

5 Шайтандын жетегинде калган

6 «Ушул туура жол деп айтчу элеңер», - деген мааниде

31. «Эгебиздин бизге жиберген сөзү чындык болуп чыкты. Биз чындыгында (азап) даамын татуучуларданбыз».
32. «Ошондо силерди азгырганбыз. Чындыгында, өзүбүз да адашкандардан элек».
33. Ошентип, алар ал күндүн[1] азабына шериктеш болушат.
34. Чындыгында, күнөөкөрлөрдү ушундай кылабыз.
35. Акыйкатта, аларга: «Аллахтан башка Кудай жок» - деп айтылса деле, текеберленишкен.
36. Алар: «Бир жинди акын[2] үчүн өз кудайларыбызды таштайлыбы?«- дешкен.
37. Чындыгында, ал чындыкты алып келген жана элчилерди тастыктаган.
38. Албетте, мына эми силер куйкалоочу азап даамын таткыла!
39. Силер өз колуңар менен жасаган иштериңердин гана жазасын тартасыңар.
40. Бирок, Аллахтын момун пенделери башка (Аларга жаза жок).
41. Мына ошолор үчүн белгилүү бир ырыскылар бар.
42. Мөмө-жемиштер да (ошолор үчүн). Алар урматка бөлөнүшөт,
43. жакшылык бактарында,
44. (Алар) мамыктардын үстүндө бетме-бет олтурушат.
45. Аларга суусундук булагынан чөйчөктөр менен тегерете сунулат.
46. Ал ичүүчүлөр үчүн аппак жана таттуу.
47. Анда акылдан адашуу болбойт[3], андан мас да болушпайт.
48. Алардын кашында[4] капкара көздүү сулуулар болот.
49. Чындыгында, алар оролгон[5] жумуртка сыйактуу[6].
50. Алар бетме-бет олтурушуп (ал- абал) сурашат.
51. Алардын бири мындай дейт: «Чындыгында, бир жакыным бар болчу.
52. Ошол мага айтчу: «Сен чындыгында эле ишенүүчүлөрдөнсүңбү?
53. өлүп, топуракка жана сөөккө айлансак да жазаланабызбы?«

---

1 Кыйаматтын

2 Каапырлар сүйүктүү пайгамбарыбыз Мухаммед (а.с.) ды: «акын», «жалганчы», «сыйкырчы», - деп аташкан. Бул жерде ошол сөз үчүн алар катуу жазаланышары тууралуу сөз болууда

3 Бул дүйнөнүн арагындай эмес

4 Бейиште

5 Аздектелип сакталган

6 Таптаза жана туптунук

**54.** (андан соң) жанында тургандарга карап: «Аны[1] көргүңөр келеби?«- деп сурайт.

**55.** Ошондо өзү акмалап карап[2], аны[3] Тозоктун ортосунан көрөт да,

**56.** айтат: «Аллахка ант! Мени да жок кыла жаздадың».

**57.** «Эгер Эгемдин жакшылыгы болбогондо, албетте, мен да тозокко жөнөтүлгөндөрдөн болмокмун».

**58.** «Биз өлбөйбүзбү?»

**59.** «Оболку өлүмүбүз гана (жетиштүү). Биз (эми) азапка да дуушар болбойбуз» (дешип Бейиштегилер өз ара маектешет).

**60.** Чындыгында Бейиш - өтө зор ийгилик!

**61.** Амал кылуучулар мына ушундайча амал кылышсын.

**62.** Ушул (Бейиштеги) сыйлуу орун жакшыбы? Же (Тозоктогу) заккум[4] дарагы жакшыбы?

**63.** Чындыгында, заккум дарагын заалымдар үчүн балээ кылдык.

**64.** Чындыгында, ал Тозоктун түбүнөн чыккан дарак.

**65.** Анын чанагы[5] шайтандардын башы сыйактуу.

**66.** Албетте, алар[6] ошондон жеп курсактарын толтурушат.

**67.** Анан аларга кайнап турган суудан аралашма берилет.

**68.** Андан соң, алардын кайтар жери, кайра эле Тозок болот[7].

**69.** Ырасында, алар ата-бабаларын адашкан абалда табышкан (жана ошолорду ээрчишкен).

**70.** Ошондо алар ата-бабаларынын (адашкан) жолу менен шашылып кетишкен болчу.

**71.** Алардан мурун да, оболкулардын көбү адашкандар эле.

**72.** Чындыгында, аларга да эскертүүчү (пайгамбар) жиберген элек.

**73.** Эскертилгендердин акыбети кандай болгонун көрүп ал![8]

**74.** Бирок, Аллахтын ыкластуу пенделери үчүн башка (орундар камдалган).

**75.** Акыйкатта, Нух Бизге жалбарды. Биз кандай жакшы жооп берүүчүбүз!

**76.** Аны да, үй бүлөсүн да зор кайгыдан куткардык.

---

1 Ошол жакынымды

2 Айланасын

3 Ошол сөз болуп аткан жакынын

4 Заккум - тозоктогуларга жемиши бериле турган уулуу, сасык дарактын бир түрү

5 Жемишинин чанагы

6 Тозоктогулар

7 Демек, бул суу Тозоктун сыртында. Аны ичүү үчүн чыгарылып, анан кайра киргизилет

8 Эскертүүчүгө кулак салбаганы үчүн аларды кыйратып, жер менен жексен кылып салдык го

77. Нухтун урпактарын (аман) калуучулардан кылдык.
78. Аны[1] кийинкилерге калтырдык.
79. Нухка бүткүл ааламдардан салам болсун!
80. Чындыгында, Биз жакшы иштерди жасагандарды ушинтип сыйга бөлөйбүз.
81. Анткени ал Биздин ыйман келтирген пенделерибизден болчу.
82. Анан, калгандарын (топон) сууга чөктүрүп жибердик.
83. Ырасында, Ибрахим да анын (Нухтун) туура жолунда (жүрдү).
84. Анткени, Ибрахим Эгесине таза жүрөк менен келген болчу.
85. Ошол убакта ал[2] атасына да, элине да: «Эмнелерге сыйынып жатасыңар?» - деди:
86. «Аллахтан башка, жалган кудайларга сыйынууну каалайсыңарбы?»
87. «Ааламдардын Эгеси тууралуу эмне ойдосуңар?»
88. Ошондо Ибрахим жылдыздар жакка назар таштап:
89. «Мен оорулуумун», - деди.
90. Эл андан бурулду да, кетип калды.
91. Ибрахим тигилердин кудайларнын[3] жанына жакын барып: «Жебейсиңерби?» - деди:
92. «Эмнеге сүйлөбөйсүңөр?«
93. Анан акмалап барып, оң колу менен урду[4].
94. Алар[5] ага чуркап келишти.
95. (Ибрахим) айтты: «Кол менен жасап алганыңарга сыйынасыңарбы?
96. Аллах силерди да, силер жасап алгандарды[6] да жараткан».
97. Алар: «Ага бир курулуш кургула да, отко таштагыла!» - дешти.
98. Ошондо алар ага бир айлакерлик кылууну ойлошту эле, Биз аларды төмөн (шерменде) кылып койдук.
99. Ибрахим мындай деди: «Эгем жакка кетемин. Ал мага жол көрсөтөт».
100. «Эгем! Мага бир жакшы уул бер».
101. Аны назик бир уул менен кубанттык.
102. Уулу (Исмаил) аны менен бирге жүрүүгө жарап калган кезде: «Уулум! Сени түшүмдө мууздап (курбан чалып) жатыпмын. Ойлонуп көрчү.

---

1 Нух тууралуу байандарды
2 Ибрахим
3 Буд-сөлөкөттөрү
4 Сөлөкөттөрдү оң колундагы балта менен барчалап чаап таштады
5 Буд-сөлөкөттөргө сыйынган мушриктер
6 Буд-сөлөкөттөрдү

Буга кандай карайсың?» - деди. Ал: «Оо, Атаке! Сага (Аллахтан) кандай буйрук келсе, ошону аткар. Аллах кааласа, менин сабырдуулардан экенимди табасың[1]», - деди.

**103.** Ошентип экөө тең Аллахка мойун сунушуп, атасы аны чекеси менен жаткызды[2].

**104.** Биз ага үн салдык: «Эй, Ибрахим!»

**105.** «Ырасында сен, түшүңдү чындыкка чыгардың. Албетте, Биз жакшы иштерди жасагандарды ушундай сыйлайбыз».

**106.** Чындыгында, бул ачык сыноо эле.

**107.** Аны[3] бир чоң курмандык менен алмаштырдык[4].

**108.** Кийинки муундарга ал тууралуу жакшы атак калтырдык.

**109.** Ибрахимге тынчтык!

**110.** Акыйкатта, жакшы иштерди жасагандарды ушундай кылып сыйлайбыз.

**111.** Анткени ал (Аллахка) ыйман кетирген пенделерибизден болчу.

**112.** Аны (келечекте) пайгамбарлардын жакшыларынын бири (боло турган) Исхак аттуу уулу менен кубанттык[5].

**113.** Анын өзүнө да, Исхакка да береке бердик. Ошентип, экөөнүн урпактарынын арасында жакшылары[6] да, өздөрүнө ачык зулумдук кылгандары[7] да бар.

**114.** Чындыгында, Мусага да, Харунга да жакшылык[8] бердик.

**115.** Экөөнү жана алардын элин чоң кайгыдан куткардык.

**116.** Аларга жардам бердик эле, алар жеңүүчүлөрдөн болушту.

**117.** Экөөнө түшүнүктүү Китеп[9] бердик.

**118.** Экөөнү түз жолго багыттадык.

**119.** Экөө тууралуу кийинки урпактарга (жакшы даңк) калтырдык.

**120.** Муса менен Харунга тынчтык!

**121.** Чындыгында, жакшы амалдарды жасагандарды ушинтип сыйга бөлөйбүз.

---

1 Көрөсүң

2 Пайгамбарлар тарыхын караңыз

3 Исмаилди

4 Ордуна кочкор түшүрдүк

5 Уулдуу болору тууралуу кабар жибердик

6 Момундары

7 Каапырлары

8 Пайгамбарлык

9 Тооратты

122. Анткени, экөө тең (Аллахка) ыйман келтирген пенделерибизден болчу.
123. Албетте, Илйас да элчилерден[1] эле.
124. Ал ошондо өз элине айтты: «Аллахтан коркпойсуңарбы?»
125. «Мыкты Жаратуучуну таштап, «Багылга[2]» сыйынасыңарбы?!»
126. «Аллах силердин да, мурунку өткөн ата-бабаларыңардын да Эгеси!»
127. Ошондо эли аны жалганчыга чыгарды. Ырасында, алар Отко кирүүчүлөр .
128. Бирок, Аллахтын такыба пенделери башка.
129. Кийинки муундарга ал тууралуу (жакшы атак) калтырдык.
130. Илйаска тынчтык!
131. Чындыгында, жакшы иштерди жасагандарды Биз ушинтип сыйга бөлөйбүз.
132. Анткени, ал (Аллахка) ыйман келтирген пенделерибизден болчу.
133. Акыйкатта, Лут - элчилерден[3] болчу.
134. Ошондо[4] аны да, үй бүлөсүн да куткардык.
135. Бирок (жер астында) калгандардын ичиндеги кемпирден[5] башкаларын.
136. Анан башкаларын кыйраттык.
137. Албетте, силер таңга маал алардын (көмүлүп жаткан жеринин) жанынан өтөсүңөр.
138. Түндө да (ошол жерден өттүңөр). Ошондо да түшүнбөйсүңөрбү?!
139. Акыйкатта, Иунус (да) элчилерден болчу.
140. Ошондо ал толо кемеге чыгып качкан эле[6].
141. Чүчү кулак[7] кармаганда ал жеңилүүгө учурады[8].

---

1 Пайгамбарларыбыздан

2 Буд-сөлөкөттүн аты

3 Аллах Тааланын элчилеринен, пайгамбарларынан

4 Жерди титиретип, Аллах Таалага ыйман келтирбеген ка пырларды кыйратып

5 Лут (а.с.)дын кемпири каапыр бачабаздар менен ынтымак мамиледе болгон жана Лут (а.с.) га сымбаттуу жигит кейпинде периштелер келген кезде, каапырларга дароо жетип барып кабарлагандыктан, каапырлар Лут (а.с.)га келишип, меймандарды аларга салып берүүсүн талап кылышкан. Аллах Таала аларды ошол түндүн таңында таш-талканын чыгарып, жерди үрөй учура силкинтип туруп, оодарып, баарын көмүп салган.

6 Эли анын пайгамбарлыгын чанып, келекелеп, сөзүн такыр укпай койушканда, башка элге кетүү үчүн камынып

7 Сөздүн маанисин билүү үчүн: Кыргызча түшүндүрмө сөздүктөрдү карасаңыз болот

8 Кеме жүктүн оорлугунан чөгө баштаганда, кеменин башчысы: «Арабызда кимдир бирөөнүн күнөөсү абдан оор экен. Ошону таап, деңизге ыргытсак, калгандарыбыз аман калабыз», - деп, чүчү кулак карматканда, ал Йунуска туура келип, аны кемеден деңизге ыргытып жиберет да, ал жерден аны кит жутуп алып, 4. күндөн кийин Аллах Тааланын буйругу менен аны, өз элине жакын жерге кайра алып келип, кургак жерге кусуп таштайт.

**142.** Ошондо балык аны айыпталган абалда жутуп алды. Ал анткени (Аллах тарабынан) айыпталган болчу[1].

**143.** Эгер ал Аллахты[2] улуктагандардан болбогондо (жок кылынмак).

**144.** Анда кайра тириле турган (Кыйамат) күнгө чейин балыктын ичинде калмак.

**145.** Ошондо аны (балыктын ичинен) жээкке чыгарып таштадык. Ал ооруга чалдыккан эле.

**146.** Ал үчүн ашкабактан жалбырактуу бир дарак өстүрдүк.

**147.** Аны Биз жүз миңдеген, же андан да көбүрөөк (сандуу) элге[3] жиберген болчубуз.

**148.** Ошондо алар ыйман келтиришип, (Биз) белгилүү бир мөөнөткө чейин (бул дүйнө жыргалчылыктарынан) пайдаландырдык[4].

**149.** Эми алардан[5] сура: «Кыздар Эгеңдики, ал эми уулдар алардыкы бекен?»[6]

**150.** Же периштелерди ургаачы кылып жаратканыбызга алар күбө болушуппу?

**151.** Алар жалгандан ушинтип айтышат.

**152.** «Аллахтын баласы бар», - деп жалган айтышат[7].

**153.** Аллах эмне, уулдардан кыздарды тандап алыптырбы[8]?

**154.** Силерге эмне болгон? Кандай (калпыс) өкүм чыгарасыңар?!

**155.** Эсиңерге келбейсиңерби?!

**156.** Же силердин[9] ачык далилиңер барбы?

**157.** Чынчыл болсоңор китептериңерди[10] алып келгиле.

**158.** Алар Аны менен периштелердин ортосунда туугандык пайда

---

1 Өз элинде Жалгыз Аллах Таалага сыйынууга чакырууну (дааватты) Аллах Тааланын чечимин күтпөстөн токтоткону үчүн

2 Киттин ичинде жатып да Йунус тообо келтирип, тынбастан Аллах Тааланы улуктай берген

3 Пайгамбар кылып

4 Өмүрүн узартып койдук

5 Меккелик мушриктерден

6 Дүйнөдөгү эң улуу дин Ислам келгенге чейин бүткүл адамзат караңгылыкта жашаган жана Мекке мушриктери да периштелерди: «Аллах Тааланын кыздары», - деп түшүнүп, ал эми өздөрүнө Аллах Таала тарабынан берилген кыздарды бала катары да санашкан эмес.

7 Узайир да, Иса да Аллах Тааланын балдары эмес! Бул мушриктер ойлоп тапкан жалган сөздөр.

8 Артык көрөт бекен?

9 Айтып аткан сөзүңөрдү далилдей турган

10 Забурду, Тооратты, Инжилди...

кылышты[1]. Чындыгында, периштелер Аллахтын алдына келишерин билишет[2].

159. Аллах алар сыпаттаган нерселеринен (шериктеринен) аруу!

160. Бирок, Аллахтын чыныгы пенделери (момундар) антип айтышпайт.

161. Албетте[3] силер да, силер табынган нерселер да,

162. Аллахка каршы бузукулук кыла албайсыңар[4].

163. Бирок ким Тозокко түшө турган болсо, ал башка...

164. (Периштелер): «Биздин арабызда орду белгиленбеген эч ким жок» (дешет).

165. «Чындыгында эле, биз катар тизилип туруучуларданбыз!

166. Албетте, биз - Аллахты аруулоочуларданбыз», - дешет.

167. Алар[5] мындай дешчү:

168. «Эгер бизде мурункуларга берилген насаат[6] болгондо,

169. Албетте, Аллахка берилген пенделерден болоор элек».

170. Кийин алар келген Китепке[7] дароо каршы чыгышты. Жакында (анын натыйжасын) көрүшөт!

171. Чындыгында элчи пенделерибизге сөзүбүз мурда эле[8] өткөн[9].

172. (Алар): «Албетте, алар[10] жардам берилгендерден».

173. «Чынында, жеңишке ээ боло тургандар - биздин аскерлер», - дешкен.

174. (Эй, Мухаммед!) Ошондо алардан (белгилүү) бир мөөнөткө чейин[11] жүз буруп тур.

175. (Анан) аларды карап тур. Алар да жакында көрүшөт!

176. Алар эмне азабыбыздын тез келишин каалашабы?

177. Аларга азап келгенде[12] эскертүү берилгендердин таңы кандай жаман!

---

1 Жалган айтып: «Туугандык мамилелер бар», - дешти.

2 Айрым наадан мушриктер Аллах Таала менен жиндер ортосунда туугандык байланыш бар дегенге чейин жетишкен. Бул айат алардын кандай жалганчы экенин далилдеп турат

3 Кыйамат күнү

4 Анткени силер жаратылган жансыңар, Аллах Таала болсо Жаратуучу!

5 Мушриктер жана китеп ээлери

6 Аллах Тааланын Китеби

7 Куранга

8 «Мужадала» сүрөсүнүн 21-айатын караңыз

9 Ортобузда келишим түзүлгөн

10 Пайгамбарлар

11 Бизден жаза келгенге чейин

12 Жер титиреп кыйрагандардын абалы

178. Ошондо алардан (белгилүү) бир учурга чейин оолактап тур[1].
179. Анан да көз салып тур. Жакында алар (азапты) көрүшөт!
180. Улуу Эгең алардын кошкон[2] шериктеринен аруу!
181. Аллахтын элчилерине тынчтык!
182. Мактоо бүткүл ааламдардын Эгеси - Аллахка таандык!

## 38. СОД[3] СҮРӨСҮ

**Меккеде түшүрүлгөн Сексен сегиз айаттан турат**

***Мээримдүү, Ырайымдуу Аллахтын аты менен***

1. Сод. Эскертме ээси болгон Куранга ант!
2. Ооба, каапырлар текеберленүүдө жана каршы чыгууда.
3. Биз аларга чейинки канчалаган муундарды жок кылдык. Алар жалбарышты, бирок калкаланчу убакыт эмес эле[4].
4. Алар өздөрүнүн арасынан эскертүүчү[5] келгенде таң калышып, каапырлар: «Бул сыйкырчы, жалганчы», - дешти.
5. «Чын эле ал кудайларды[6] бир кудайга айлантабы? Чынында бул шумдуктуу нерсе!»
6. Алардын арасынан бир тобу: «Баргыла жана кудайларыңарга бекем болгула. Чындыгында бул (ал) каалаган нерсе[7].
7. Акыркы динде[8] биз бул тууралуу эч уккан эмеспиз; бул ойдон чыгарылган нерсе.
8. Биздин арабыздан ага гана кабар түшүрүлгөнбү?» (дешет). Ооба, алар Менин кабарыма шектенишүүдө. Балким алар Менин жазамды али татыша элек.
9. Же аларда сенин Даңктуу жана Кайрымдуу Эгеңдин ырайым казынасы барбы?

---

1 Бизден бир белги-керемет түшүп алардын үрөйүн учурганга чейин

2 Жармаштырган

3 Мааниси бир Аллах Таалага маалым

4 Аллахтын каары жеткен кезде жалбарса да, жалбарбаса да баары бир кеч болуп калган

5 Аллах Тааланын элчиси

6 Сөлөкөттөрдү, жалган кудайларды

7 Меккенин каапырларынын арасынан: «Мухаммед биздин баарыбызга башчы болууну көздөп, ушундай кылып жатат», - дегендер болгон

8 Каапыр мушриктер сөлөкөттөргө жана жалган кудайларга табынууну ата-бабаларыбыздан бери келе жаткан акыркы дин деп билишкен

**10.** Же алардан асмандар менен жердин жана алардын ортосундагылардын үстүнөн бийлиги барбы? Кана, анда алар асманга көтөрүлүп көрүшсүнчү?!

**11.** Алар болгону - ошол жерде жеңилген аскерлердин бир бөлүк тобу.

**12.** Аларга чейин муну Нух, Аад жана казыктар ээси Фараондун коомдору жалганга чыгарышкан.

**13.** Самуддун, Луттун коому жана Айканын ээлөөчүлөрү[1] - мына ушул топтор;

**14.** Бардыгы элчилерди жалганга чыгарышкан. А Менин жазам акыйкатталды.

**15.** Аларга сурнайдын[2] үнүн күтүү гана калат. Ага кайтуу жок[3].

**16.** Алар[4]: «Эгебиз, биздин китебибизди[5] эсеп күндөн алдын эртелетчи?» - дешет[6].

**17.** Алар айткандарга чыдагын жана күч кубат ээси болгон Менин пеңдем Даудду эсте. Ал (Аллахка) кайтуучу[7] эле.

**18.** Анткени, Биз ага тоолорду багынттык. Алар аны менен бирге кечинде жана эртең менен (Аллахты) даңазалашчу эле.

**19.** Куштарды да (багынттык), (анын жанына) чогулуп, баары (Кудайды) даңазалашчу эле. Баары Ага кайтуучу эле[8].

**20.** Биз анын бийлигин бекемдедик жана ага даанышмандык менен туура, чечкиндүү сүйлөөнү ыроолодук.

**21.** Сага каршылаштар жөнүндө кабар жетти беле? Алар коргон аркылуу михрабка[9] чыгып барышкан.

**22.** Алар Даудга кирип барганда, ал алардан коркуп кетти. Алар: «Эки каршылаштан коркпо, биздин бирибиз экинчибизге жамандык кылганбыз. Бизге акыйкаттык менен өкүм чыгар. Чектен чыкпа. Бизди туура жолго алып бар», - дешти.

**23.** «Бул менин тууганым, анын токсон тогуз койу бар, а меники бирөө гана; жана ал аны да менин карамагыма өткөр деп, жаңжалда мени жеңип койду» (деди биринчиси).

---

1 Тургундары. Булар Шуайп (а.с.)дын эли

2 Кыйаматта кайра тирилүүнүн алдында тартылуучу сурнайдын үнү

3 Ал үн келбей койбойт

4 Каапырлар

5 Амалыбыз жазылган китебибизди

6 Бул алардын шылдыңдуу сөзү

7 Жаратканга катуу берилген эле

8 Жаратканга алар тасбих менен ибаадат кылышчу

9 Дауд (а.с.)дын мечитине

24. «Ал сенин (жалгыз) койуңду өзүнө өткөрүп алууну суроо менен сага зулум кылды. Анткени ыймандуулардан жана жакшылык иш кылгандан башка жолдоштор бири бирине жамандык көздөшөт. Алар (ыймандуулар) аз» - деп айтты да, (Дауд) ойго батты[1]. Биз аны сынаганыбызды билип, Эгесинен кечирим сурады, эт-бетинен[2] кетип, чөгөлөй (Аллахка) кайтты.

25. Биз мунусу үчүн аны кечирдик. Бизде ал үчүн жакындык жана сонун кайтуучу жай бар.

26. Эй, Дауд! Биз сени жер үстүнө орун басар кылдык. Адамдардын ортосунда адилеттүүлүк менен өкүм кыл, каалоо кумарын ээрчибе, антпесе ал сени Аллахтын жолунан адаштырып койот. Акыйкатта, Аллахтын жолунан адашкандар, Кыйамат күнүн унуткан үчүн катуу азапка татыктуу!

27. Биз асмандар менен жерди жана ал экөөнүн ортосундагыларды жөн эле жаратканыбыз жок. Каапырлар гана ушундай деп ойлошот. Ыймансыз каапырларга тозок азабы болсун!

28. Биз ыйман келтиргендерди жана жакшылык иштерди кылгандарды жер үстүндө бузук иштерди кылгандар өңдүү, же такыбаларды бузукулардай кылмак белек?

29. Сага түшүрүлгөн - анын сөздөрүнүн үстүндө ой жүгүртүү жана эскерүүлөрү үчүн акыл ээлерине жөнөтүлгөн куттуу Китеп.

30. Биз Даудга кандай сонун пендени Сулайманды ыроолодук. Акыйкатта, ал Бизге кайтуучу.

31. Анан кечинде ага мыкты күлүк аттар көрсөтүлдү.

32. Караңгылыкка ал[3] далдааланганга чейин: «Мен Эгеме сыйынууга караганда бул дүйнөнүн жыргалын артык көргөн экенмин», - деди[4].

33. «Аларды мага кайра алып келгиле!» Алардын шыйрактарын жана мойундарын сылай баштады.

34. Биз Сулайманды сынап, денени анын тактысынын үстүнө койдук. Андан соң ал Бизге кайрылды:

35. «Оо, Эгем! Мени кечир жана мага менден кийин эч кимде болбогондой бийлик бер. Анткени Сен Берешен тартуулоочусуң», - деди.

36. Биз ага шамалды багынттык, ал анын буйругу бойунча кайда кааласа мээлүүн гана агып жөнөйт.

---

1 Талашкандар кеткенден кийин

2 Бул айат «сежде айаты» деп аталып, окуган да, уккан да сежде кылууга тийиш. А сежде кандай тартипте жасаларын билүү үчүн «Мухтасар» аттуу фикх китебинин кыргызча котормосунун, Тилават сеждеси он үчүнчү бөлүмүн караңыз

3 Күн

4 Сулайман

37. Жана да шайтандарды[1], түрдүү курулушчулар менен суучулдарды[2];
38. ошондой эле чынжырга байлангандарды...
39. Бул Биздин белектер. Соопчулук иштерге сарп кыл, же эсепсиз өзүңө тут.
40. Аныгында ал үчүн Биздин кашыбызда жакындык жана сонун кайтуучу жай бар.
41. Биздин пендебиз Айупту эскер. Мына, ал Эгесине кайрылып: «Мени шайтан азгырып, азап жана кыйналууга учуратты», - деди.
42. «Бутуң менен жерди теп. Мына жуунууга жана ичүүгө муздак (суу)».
43. Биз ага анын үй-бүлөсүн жана алар менен бирге эле ал сыйактууларды Өз ырайымыбыз менен акыл ээлерине эскертүү катары бердик.
44. «Колуңа боо чыбык алып, аны менен ур, антыңды бузба[3]!» (делинди). Биз аны сабырдуу абалда таптык. Кандай сонун пенде. Акыйкатта ал кайтуучу[4].
45. Ибрахимди, Исхакты жана Йакупту - күч жана акыл ээлери болгон Биздин пенделерибизди эсте.
46. Анткени Биз аларды келечек жай жөнүндө ыклас кылуучулардан кылдык.
47. Алар Биздин алдыбызда тандалма, жакшылардан.
48. Ысмайылды, Алйасаны жана Зул- Кифлди эсте. Баарысы жакшылардан.
49. Бул эскертүү. Албетте, такыбалар үчүн сонун кайтуучу жай бар,
50. Адн бактары. Анын эшиктери ачылган абалда.
51. Алар анда жөлөнүп алышып, көптөгөн мөмө-жемиштерди жана суусундуктарды чакырышат (кызматчыларына буйрушат).
52. Аларда көздөрүн төмөн салган[5] курбалдаштары болот.
53. Мына, силерге эсеп күнү үчүн убада кылынгандар.
54. Акыйкатта, бул Биздин ырыскылар. Ал эч түгөнбөйт.
55. Мына, чектен ашкандар үчүн эң жаман кайтуучу жай!
56. Тозокко киришет. Бул кандай жаман орун.
57. Мына! Эми алар кайнак суу жана ириңди татышсын!

---

1 Жин-шайтандарды

2 Суу түбүнө түшүп бермет, коралл ж.б.у.с. кымбат баалуу таштарды алып чыгуу үчүн

3 Айуп (а.с.) айалы жай кыймылдаганы үчүн ачууланып жүз балак алам деп ант ичип койгон. Ошол жөнүндө сөз болууда

4 Жаратканга кылган тообосу бекем

5 Өтө татынакай, сулуу жубайлары. Алар өз күйөөлөрүнө гана көңүл бурушат. Башкаларды карашпайт

58. Жана башка ушул өңдүү[1] түрлөр.
59. Бул силер менен бирге кирүүчү топ[2]: «Силер үчүн орун[3] жок. Албетте, алар тозоко кирүүчүлөр».
60. (Алар)[4]: «Жок, силерге орун жок[5]. Ушул азапты бизге силер дайардагансыңар! Кандай жаман орун», - дешет.
61. (Алар): «Эгебиз! Муну бизге дайардагандардын оттогу жазасын эки эсе көбөйт», - дешет.
62. (Тигилер[6]): «Бизге эмне болду? Биз «жаман» деп эсептеп жүргөн кишилерди көрө албай жатабыз.
63. Биз аларды шылдыңга алганбыз. Же биздин көзүбүз (азыр) алардан тайып баратабы?» - дешет.
64. Албетте, бул чындык тозок ээлеринин талаш-тартышы.
65. Айткын: «Мен силерге эскертүүчү ганамын. Жалгыз, Каардуу Аллахтан башка кудай жок.
66. Асмандар менен жердин жана алардын арасындагылардын Эгеси - Ызааттуу[7], Кечирүүчү».
67. Айткын: «Бул улуу кабар[8].
68. Силер андан баш тартуучусуңар.
69. Менде алар талашып жаткан учурда улук периштелер тууралуу илим болгон эмес.
70. Албетте, мен ачык-айкын эскертүүчү экендигимден башка мага эч кандай жашыруун кабар берилбеди.
71. Эгең периштелерге (мындай) деди: «Мен инсанды ылайдан жаратамын.
72. Качан аны жасап бүтүп, ага өз рухумдан[9] (үйлөп) киргизгенимде, ага сежде кылган абалыңарда ийилгиле!»
73. Периштелердин баары чогуу сежде кылышты;
74. Иблистен башкасы. Ал текеберленди жана каапырлардан болду.

---

1 Кайнак суу, ириң сыйактуу

2 Бул дүйнөдө бири бирин жакшы көрүп, учурашып жүргөн ыймансыз кишилер жана алардын тобу акыретке барганда таптакыр тескерисинче бир-бирин көргүлөрү келбей жек көрүшөт. Анткени, бирин бири жолдон чыгарууга себеп болушкан

3 Күнөөгө жетелегендердин жетеленгендерге тигил күнү айтаар сөзү

4 Алсызыраактары өздөрүн азгырган алдуу-күчтүүлөрүнө айтышат

5 Жетеленгендердин сөзү

6 Бул дүйнөдө алдуу-күчтүү болуп жүргөндөр

7 Үстөмдүк кылуучу

8 Айаттардан, Аллах Тааладан келген кабар, буйруктарын

9 Жан

75. Ал[1]: «Эй, Иблис! Мен өз колум менен жасаганга сежде кылууңдан сени эмне тосту? Сен текеберлендиңби, же улуктардан болдуңбу?» - деди.
76. «Андан мен жакшыраакмын. Мени оттон жараттың, а аны ылайдан», - деди[2].
77. Ал[3] айтты: «Мындан чык! Анткени сен куулдуң.
78. Менин каргышым сага Кыйамат күнгө чейин (болот)».
79. «Эгем! Алар[4] кайра тирилүүчү күнгө чейин мага мөөнөт бер», - деди.
80. Ал[5] айтты: «Албетте, сен мөөнөт берилгендерденсиң;
81. белгилүү бир убакытка чейин.»
82. Ал[6] айтты: «Сенин Улуулугуңа ант! Мен алардын баарын азгырамын;
83. ыкластуу пенделериңден башкаларын».
84. Ал[7] айтты: «Акыйкат, чындыкты гана айтамын,
85. Тозокту сени жана сенин артыңдан ээрчигендердин бардыгы менен толтурамын».
86. Айт: «Мен[8] силерден бул үчүн[9] акы сурабаймын жана өзүмдүн күчүм жетпей турганды албаймын.
87. Бул[10] бүткүл ааламдар үчүн эскертүү гана.
88. Албетте, убакыт өткөндөн соң билесиңер.»

---

1 Аллах Таала
2 Иблис
3 Аллах Таала
4 Адамдар
5 Аллах Таала
6 Иблис
7 Аллах Таала
8 Мухаммед (а.с.)
9 Үгүт-насаат кылып, ыйманга чакырганы үчүн.
10 Куран, айаттар, кабарлар.

# 39. ЗУМАР[1] СҮРӨСҮ

**Меккеде түшүрүлгөн Жетимиш беш айаттан турат**

***Мээримдүү, Ырайымдуу Аллахтын аты менен***

1. Бул Китептин[2] түшүрүлүшү - Ызаattуу[3] , Даанышман Аллахтан.

2. (Эй, Мухаммед!) Акыйкатта, сага бул Китепти чындык менен түшүрдүк. Эми динде[4] Аллахка гана берилип, ибадат кыл[5].

3. Көңүл бөлгүлө! Дин - Аллахка гана таандык. Аллахтан башканы кудай туткандар: «Бизди Аллахка жакындаштырсын деп гана аларга сыйынабыз» (дешет). Алардын ортолорунда талашкан нерселер тууралуу Аллах, албетте, Өз өкүмүн чыгарат. Чындыгында, жалган айтуучуну[6], каапырлык кылганды Аллах Туура жолго салбайт.

4. Эгер Аллах балага ээ болууну кааласа, Өзү жараткандарынын ичинен каалаганын тандап алмак. Ал андан аруу! Аллах - Жалгыз, Каардуу!

5. (Аллах) асмандарды жана жерди чындык менен жаратты. Түндү күндүзгө айландырды, күндүздү түнгө айландырды жана Күн менен Айды Өзүнө багынтып койду. Баары белгилүү бир мөөнөткө чейин жүрүп турушат. Ал - Ызаattуу, Кечиримдүү!

6. Аллах силерди бир адамдан таратты. Андан[7] жубайын жаратты. Силер үчүн малдардан сегиз жубун[8] түшүрдү. Ошондой эле, силерди энеңердин ичиндеги үч[9] караңгылыкта бир жаратыштан[10] кийин, дагы бир жаратышта жаратты[11]. Мына ушундай кылган - Эгеңер Аллах. Өкүмдарлык - Ага гана таандык. Андан башка Кудай жок. Кайда бурулуп кетесиңер?!

7. Эгер каапырлык кылсаңар, анда... Аллах силерге эч муктаж эмес. (Ал) пенделеринин каапырлыгына ыраазы эмес. Эгер (Аллахка) шү-

---

1 Зумар - Тайпалар, топтор

2 Курандын

3 Үстөмдүк кылуучу

4 Ислам динин

5 Сыйын, табын

6 «Кудайдын баласы бар», - деп

7 Адам атанын кабыргасынан

8 Төөдөн экөөнү, койдон экөөнү....

9 1. Курсактын караңгылыгы; 2. жатындын караңгылыгы; 3. түйүлдүктүн тургунунун (чел кабыктын) караңгылыгы (Тафсир Ал - Табарий)

10 Бир калыптан

11 Оболу урук, анан уйуган кан, анан бир үзүм эт түрүндөгү баскычтардан өткөрүп

гүр кылсаңар, (Ал) силерге ыраазы болот. Эч бир күнөөкөр башканын күнөөсүн көтөрбөйт. Кийин, кайтып келээр жагыңар - Эгеңер тарап. Ошондо силерге (бул дүйнөдө) жасаган иштериңерден кабар берет. Анткени, Аллах - жүрөктөгүлөрдү Билүүчү.

**8.** Инсанга кыйынчылык келсе, Эгесине кайткан абалда жалбарат. Анан Аллах ага жакшылык берсе, мурун Ага жалбарганын унутат да, (башкаларды) Анын жолунан адаштыруу үчүн Аллахка шерик кошот[1]. (Эй, Мухаммед!) Ага[2]: «Каапырлыгың менен бир аз ырахаттанып тура тур. Албетте, сен Тозок ээлеринենсиң[3]», - деп айт.

**9.** Ал[4] - (Аллахка) мойун сунуп, түн ичинде сежде кылган жана тик турган абалда (намаз окуп), акыреттен[5] коркуп, Эгесинин ырайымынан үмүт кылган адам сыйактуу боло алмак беле? (Эй, Мухаммед!) Аларга: «Билгендер менен билбегендер тең боло алабы?» - деп айт. Чындыгында, акыл ээлери гана (Курандан) насаат алат.

**10.** (Эй, Мухаммед!) «Менин ыйман келтирген пенделериме: «Эгеңерден корккула! Бул дүйнөдө жакшылык кылгандарга - жакшылык бар. Аллахтын жери кенен. Чындыгында, сабыр кылуучуларга сыйлыктары эсепсиз (өлчөөсүз) берилет», - деп айткын.

**11.** (Эй, Мухаммед!) «Акыйкатта, мен динде бир гана Аллахка берилип[6], ибадат кылууга буйрулганмын», - дегин.

**12.** » (Мен Аллахка) моюн сунуучулардын[7] эң биринчиси болууга буйрулдум».

**13.** «Чындыгында, мен Эгеме каршы чыксам... Улуу күндүн[8] азабынан коркомун», - дегин.

**14.** «Динимде бир гана Аллахка берилип ибадат кылам[9]», - дегин.

**15.** «Силер болсо Аллахтан башка каалаганыңарга сыйына бергиле. Ырасында, зыйанга учурагандар[10] Кыйамат күнү өздөрүн да, үй бүлөсүн да зыйанга учураткандар болушат. Мына ошол - анык зыйанга учуроо», - дегин.

**16.** Алардын үстүлөрүнөн оттон (жасалган) жабуулар, астыларынан да от-

1 Мисалы: «Мен акылдуулугумдан бактылуу болдум» - деп, Аллах Тааланын жардамын унутуп, өзүнүн алсыз акылын Кудуреттүү Аллах Таалага шерик кылат

2 Текеберленип, Аллах Тааланын жакшылыгын чанган каапырга

3 Тозокко түшүүчүлөрдөн

4 Каапырлар

5 Акырет азабынан

6 Аллах Тааланын ыраазычылыгына жетүү үчүн

7 Мусулмандардын

8 Кыйаматтын

9 Сыйынам, сооптуу иштерди кылам...

10 Дини, руху зыйанга учурагандар

тон (жасалган) төшөнчүлөр болот. Мына, Аллах пенделерин ушул (от) аркылуу коркутат. Эй, пенделерим! Менден корккула!

**17.** «Таагутка» сыйынуудан оолак болушуп, Аллахка кайткандар үчүн кубаныч[1] бар, ошону менен пенделеримди сүйүнчүлө!

**18.** (Аллахтын буйруктарына) сөзсүз кулак салып, анын эң жакшысын[2] ээрчий тургандар, мына ошолор - Аллах Туура жолго салгандар. Дал мына ошолор - акыл ээлери.

**19.** (Эй, Мухаммед!) Азапталууга сөз бекемделип калган немени куткара турган сенби?[3]

**20.** Эгесинен корккондор үчүн алдыларынан дарыйалар агып туруучу кабат-кабат салынган бөлмөлөр бар. Бул Аллахтын убадасы. Аллах - Өз убадасына каршы чыкпайт!

**21.** Көрбөйсүңбү, Акыйкатта Аллах асмандан жамгыр жаадырып, аны жер бетиндеги булактарга кошту. Анан, ал аркылуу түрдүү-түмөн эгиндерди чыгарат. Анан алар куурап, саргайып калганын көрөсүң, анан аны Аллах күкүмгө айлантат. Мында акыл ээлери үчүн - эскертүү бар.

**22.** Аллах кимдин дилин Ислам үчүн ачкан болсо, анда ал Эгеси тараптан нур үстүндө болбойт бекен? Жүрөктөрү Аллахты эстөөдөн мерез болуп катып калгандарга азап болсун! Мына ошолор анык адашууда.

**23.** Аллах айаттары бири-бирине окшош (сыйактуу угулуп) кайталанып тура турган Сөздүн эң көркөмүн Китеп[4] түрүндө түшүрдү. Андан[5] Эгесинен корккондордун денелери титирейт. Анан[6] алардын терилери, жүрөктөрү Аллахты эстөө аркылуу жибийт. Бул (Куран) - Аллахтын Туура жолу. Аны менен (Аллах Өзү) кимди каалаcа Туура жолго багыттайт. Аллах бирөөнү адаштырган болсо, анда ага башка Туура жол көрсөтүүчү болбойт.

**24.** Кыйамат күнү жүзүн жаман азаптан коргоого тырышкан адам кандай[7]? (ошондо) заалымдарга[8]: «Кылган ишиңердин жазасын таткыла!» - делинет.

---

1 Бейиш

2 Бир каапыр мусулманга зыйан келтирсе, ага да ошол даражада зыйан келтирүүгө болот, бирок аны кечирип койуу андан да соонтуу иш. Мындай учурда кечирип койуу - эки чечимдин «жакшысы» болот

3 «Сенде андай укук кайдан болмок эле. Сен алар өздөрүн тозоктон сактоосу үчүн эскертүүчү ганасың да. Ошол үчүн көбүрөөк эскерт! Алар Аллах Таалага сыйынуу аркылуу өздөрүн өздөрү сакташсын» деген мааниде

4 Куран

5 Курандагы Тозок тууралуу айаттардан

6 Аллах Тааланын ырайымынын кендигин эстешкенде (Кудайга кайрылып, дуба кылып, же зикир чалган учурларында)

7 Оттогу адамды элестетип көрбөйсүңбү!

8 Аллах Таалага сыйынуудан баш тартып, өздөрүнө өздөрү зулумдук кылгандарга

25. Алардан мурункулар да (Аллахтын Сөздөрүн) жалганга чыгарышкан. Ошондо аларга күтпөгөн жактан азап келген.

26. Эгер алар билген болсо, акырет азабы андан да чоңураак. Аллах аларга бул дүйнө тиричилигинин да кордугун (жетишээрлик) таттырды.

27. Чындыгында Биз бул Куранда адамзатка ар түрдүү мисалдарды, алардын насаат алуулары үчүн келтирдик.

28. Бул араб тилиндеги кемчиликсиз Куран. Балким, алар коркушаар.

29. Аллах (силерге) бир мисал келтирет: өз ара мамилелери келишпеген кызматын кылган адам[1] жана жалгыз гана кожойундун кызматын кылган адамдын мисалындай: экөө теңби[2]? Бардык мактоо Аллахка таандык. Бирок алардын көбү билишпейт.

30. (Эй, Мухаммед!) Чындыгында сен да өлөсүң. Алар да өлөт.

31. Ошондуктан силер Кыйамат күнү Эгеңердин алдында талашып, тартышасыңар.

32. Ал эми Аллахка жалаа жапкандар..., өздөрүнө чындык келгенине карабай, жалган айткан адамдан заалымыраак ким бар? (Аллахтын айаттарына) каршы чыккандарга Тозокто орун бар эмеспи?

33. Чындыкты алып келген жана аны тастыктаган адамдар - мына ушулар такыбалар.

34. Аларга Эгеңердин алдында каалаган нерселери бар. Жакшылык кылуучулардын сыйлыгы ушул.

35. Анткени Аллах алардын иштеген иштеринин жаманын жойуп, өздөрү жасаган эң жакшы иштери менен сыйлайт.

36. Аллах пендесине Жетиштүү эмеспи? (Эй, Мухаммед!) Алар сени Аллахтан башкалар менен коркутат. Кимди Аллах адаштырса, ага Туура жол көрсөтүүчү жок.

37. Ал эми Аллах кимди Туура жолго салса, аны адаштыруучу жок. Аллах - Өч алуу ээси, Ызааттуу эмеспи?!

38. (Эй, Мухаммед!) Чындыгында, алардан: «Асмандар менен жерди ким жаратты?» - деп сурасаң, албетте, алар: «Аллах», - дешет. (Сен): «Айткылачы: эгер Аллах мага бир зыйан берүүнү каалаcа, Аллахтан башка сыйынгандарыңар Анын кайгысынан арылта алабы? Же Аллах мага бир жакшылык каалаcа, алар Анын жакшылыгын тосо алышабы? Аллах мага Жетиштүү! Тобокел кылуучулар Ага тобокел кылышсын[3]», - дегин.

1 Кул

2 Маселен, христиандар: «Кудай ата, Кудайдын уулу, ыйык рух»,- дешип үчөөнө сыйынышса, мусулмандар бир гана Аллахка сыйынышат

3 Тайанышсын

**39.** (Эй, Мухаммед!) «Эй, элим! Өз алдынча иштей бергиле. Албетте, мен да иштеймин. Жакында билесиңер», - деп айткын.

**40.** «Кордоочу азап кимге келсе - үстүнө үзгүлтүксүз азап түшкөнү».

**41.** (Эй, Мухаммед!) Чындыгында, Куранды сага акыйкат менен адамдар үчүн түшүрдүк[1]. Эми ким Туура жолго түшсө, ал өзү үчүн. Ал эми ким адашса, адашканы - өз зыйанына. Сен аларга өкүл эмессиң[2].

**42.** Өлөр мезгилде жанды Аллах алат[3]. Өлбөгөндөрдүн[4] жанын уйкуда (жатканда) алат[5]. Ошондой эле, өлүүгө өкүм кылынгандардын[6] жанын (Аллах Өз) алдында алып калат да, башкалардыкын[7] белгилүү бир мөөнөткө чейин кайра жиберет. Акыйкатта, мында түшүнгөн адамдар үчүн өрнөктөр бар.

**43.** Болбосо алар Аллахтан башканы колдоочу кылып алыштыбы? (Эй, Мухаммед!) «Эгер алар эч нерсеге ээ болушпаса да, акылдары эч нерсеге жетпесе да (кудай кыла беришеби)?» - деп айткын.

**44.** (Эй, Мухаммед!) «Колдоонун баары - Аллахка таандык[8]. Асмандар менен жердин ээлиги да Аныкы. Акыры Ал тарапка кайтасыңар»,- дегин.

**45.** Аллахтын гана аты аталса, акыретке ишенбегендердин жүрөктөрү кысылат. Ал эми Аллахтан башканын аты (кудай катары) аталса, алар кубанышат.

**46.** (Эй, Мухаммед!) «Оо, асмандар менен жердин Жаратуучусу, купуйаны да, ачыкты да билүүчү Аллах! Талаш- тартышка түшкөн нерселерде пенделериңдин ортосунда (кимиси туура экени тууралуу) Сен гана өкүм чыгарасың![9]»- дегин.

**47.** Эгер жер жүзүндө болгон бардык нерселер жана алар менен бирге дагы ошончо (көп байлык) заалымдардыкы болсо, Кыйамат күнүнүн катуу азабынан (кутулуу үчүн) ошонун баарын төлөөгө беришмек[10]. Алар (ошондо) эч ойлобогон нерселер[11] Аллах тараптан көрүнөт.

---

1 Кымындай да жалганы жок

2 Мажбурлай албайсың

3 Бардык жан-жаныбарлардын жандарын

4 Азырынча өлө электердин

5 «Уктап жатканда бардык сезим-туйумдарын, ой жүгүртүүлөрүн өлүк сыйактуу кылып токтотуп койот

6 Уктап жаткан кезде ажалы жеткендердин

7 Өмүр суусу түгөнө электердин

8 Акыретте, шапаат кылуучулар (колдоочулар) өздөрү каалагандарга эле колдоо көрсөтө алышпайт. Анткени шапааттын ээси - жалгыз Аллах Таала. Ал кимди кааласа Өзү шапаат кылууга уруксат берет

9 Акыркы чечимди чыгарасың

10 Бирок баары бир азаптан кутула алышмак эмес

11 Жазаларды

48. Аларга өздөрү жасаган жамандыктары (Кыйаматта көздөрүнө) көрүнөт[1]. Ошондой эле, алардын шылдыңдаган нерселери өздөрүн ороп алат.

49. Инсанды кандайдыр бир кыйынчылык кармаса[2], Бизге жалбарат. Анан ага Өзүбүздөн бир жакшылык берсек, ал: «Бул менин билгичтигиме берилди», - дейт. Жок! Андай эмес. Ал[3] бир сыноо. Бирок, алардын көбү билишпейт.

50. Чындыгында, алардан мурункулар да ошондой дешкен. Бирок алардын жасаган нерселери[4] (азаптан) куткарууга жараган жок.

51. Ошондуктан, алардын жасаган нерселеринин жамандыктары өздөрүнө тийет. Алардан заалым болгондордун жаман иштеринин жамандыктары өздөрүнө жакында тийет. Алар (Аллахтан келген) ал азапты жок кыла алышпайт.

52. Алар билишпейби: чындыгында, Аллах кимди кааласа, ошонун ырыскысын кеңири кылат, кимди кааласа анын насибин тар кылып койот. Ушуларда, ыйман келтирген[5] эл үчүн белгилер бар.

53. «Эй, өздөрүнө зыйан кылып жаткан пенделерим! Аллахтын жакшылыгынан үмүт үзбөгүлө. Аллах бардык күнөөлөрдү кечирет. Анткени, Ал - Кечиримдүү, Боорукер!» - деп айткын.

54. «Өзүңөргө жаза келгенге чейин Эгеңерге кайткыла! Ага мойун сунгула. Кийин[6] жардам ала албайсыңар»[7].

55. «Силерге капилеттен, күтүүсүз азап келгенге чейин өзүңөргө Эгеңерден түшүрүлгөн жакшы нерсени[8] ээрчигиле!».

56. Кимдир бирөө: «Аллахка байланыштуу (маселелерде) чектен чыккандыгым жана (момундарды) келекелегендерден болгонум үчүн мага өкүнүч» - дегенге чейин[9] (шашылып калгыла).

57. Же: «Эгер Аллах мени Туура жолго салса кана. Мен ошондо такыбалардан болмокмун[10]», - дегенге чейин...

1 Маалымдалат

2 Дуушар кылса

3 Жакшылык

4 Буд-сөлөкөттөрү

5 Аллахка ишенген

6 Өлгөн соң, дароо сурак башталат жана тооболор кабыл кылынбайт

7 Тирүүлүктө жасаган тооболоруңар жана ибадаттарыңар гана кабыл болот

8 Куранды

9 Кыйаматка

10 Кыйамат күнү каардуу сурак башталганда көптөгөн адамдар ушинтип арман кылышып, бармактарын тиштешет....

58. Же алар азапты (өз көздөрү менен) көргөн учурда[1]: «Аттиң! Мага (дүйнө жашоосуна) кайра кайтууга мүмкүнчүлүк болгондо, ошондо мен (жалаң гана) жакшы иштери жасаган адамдардан болоор элем», - дегенге чейин...

59. (Ошондо аларга): «Андай эмес! Чындыгында, сага айаттарыбыз[2] келгенде, аны жалганга чыгардың да, менменсинип, каапырлардан болдуң!»- деп айтылат.

60. (Эй, Мухаммед!) Кыйамат күнү Аллахка жалаа жапкандардын беттери капкара болгонун көрөсүң. Менменсинген текеберлердин орду Тозокто эмеспи?

61. Аллах такыбаларды (Аллахтан) өздөрүнүн ийгилиги менен (оттон) куткарат. Аларды от кармабайт[3]. Алар кайгырышпайт.

62. Аллах - бардык нерсенин Жаратуучусу! Аллах - бардык нерсеге Өзү өкүл[4].

63. Асмандар менен жердин ачкычтары Анын ээлигинде. Аллахтын айаттарына каршы чыккандар, мына ошолор - (Кыйаматта) зыйанга учуроочулар.

64. «Эй, наадандар! Мага Аллахтан башкага сыйынууга буйругуңар келеби?» - деп айткын[5].

65. Акыйкатта, сага да, сенден мурункуларга да: «Эгер Аллахка шерик кошчу болсоңор, албетте, (кылган) амалыңар жойулуп кетет да, чыныгы зыйанга учуроочулардан болосуңар«- деп айан берилген.

66. Жок! Андай эмес. Аллахка гана сыйын жана шүгүр кылуучулардан бол.

67. Алар[6] чындыгында эле Аллахты чыныгы кадырлоо менен кадырлай алышпайт. Ырасында, Кыйамат күнү бүткүл жер бети Анын уучунда (экенин көрөсүң). Асмандар да Анын колуна[7] жыйналат. Ал[8] алардын кошкон шериктеринен Аруу жана Бийик!

68. Сурнай тартылганда Аллахтын каалаганынан башка асмандардагы[9]

---

1 Кыйамат күнү

2 Куран

3 Тозок күйгүзбөйт

4 Ал Өзү каалагандай чечет. Анын чечимине эч ким жана эч нерсе - эч качан тоскоолдук кыла албайт!

5 Аллах Таала Мухаммед (а.с.)га кайрылууда

6 Каапырлар

7 Аллах Тааланын буйругу менен

8 Аллах Таала

9 Периштелер

жана жердеги жан ээлери[1] (баары) өлүшөт. Андан соң экинчи жолу сурнай тартылганда, алар (тирилип) күтүп[2] калышат.

69. (Ошондо) жер жүзү Эгеңдин нуру менен жаркыйт. (Амал) китептер койулат. Пайгамбарлар жана күбөлөр алып келинет. Алардын[3] ортолорунда Акыйкаттык[4] менен өкүм чыгарылат. Аларга[5] зулумдук жасалбайт.

70. Ар кимге кылган амалына жараша (жазасы) берилет. Аллах алардын эмне кылгандарын жакшы Билүүчү!

71. (Аллахтын айаттарына) каршы чыккандар топ-топ кылынып, тозокко айдалат. Ага жетишкенде эшиктери ачылат. Аларга анын күзөтүүчүлөрү: «Силерге өзүңөрдөн (чыккан) жана силерге Эгеңердин айаттарын окуп берүүчү, ушул Күнгө жолуга турганыңарды эскертүүчү элчи келбеди беле?» - дейт. Алар: «Албетте, келген[6]. Мына эми азап өкүмү каапырлар үчүн акыйкатка айланды», - дешет.

72. Аларга: «Ичинде түбөлүк кала турган Тозоктун эшиктеринен киргиле», - делет. Текеберлердин жайы кандай жаман!

73. Эгелерине каршы чыгуудан сактангандар топ-топ кылынып, Бейишке жөнөтүлөт. Ошондо алар ага барышканда анын эшиктери ачылат. Аларга анын сакчылары: «Силерге тынчтык болсун! Тазаландыңар! Түбөлүк кала турган жайга[7] киргиле», - дешет.

74. Алар: «Бизге берген убадасын чынга чыгарган жана бизди Бейиштин жерине мураскор кылган Аллахка мактоо! Эми Бейиштен каалаганыбыздай орун алабыз. (Жакшы) амал кылуучулардын акысы кандай жакшы!» - дешет.

75. (Эй, Мухаммед!) Периштелерди Арштын айланасын курчап, өздөрүнүн Эгесин мактап, аруулаган абалда көрөсүң. Алардын арасында Акыйкаттык менен өкүм чыгарылат. (Алар тарабынан): Ааламдардын Эгеси Аллахка мактоолор! - делет.

---

1 Адамдар жана башка жан-жаныбарлардын бардыгы

2 Эмне болоорун

3 Адамдардын

4 Аллах Тааланын Куранда эскертилген Улуу Акыйкаты

5 Аллах Таала тарабынан

6 Бирок биз ага ишенген эмеспиз

7 Бейишке

# 40. ГААФИР[1] СҮРӨСҮ

**Меккеде түшүрүлгөн Сексен беш айаттан турат**

***Мээримдүү, Ырайымдуу Аллахтын аты менен***

**1.** Ха, Мим[2].

**2.** Китеп түшүүсү - Ызааттуу, Даанышман Аллахтан.

**3.** (Ал) күнөөлөрдү кечирүүчү, тообону кабыл кылуучу, жазалоодо күчтүү жана жоомарттыктын ээси. Андан башка кудай жок. Кайтуу - Ага.

**4.** Аллахтын айаттары тууралуу каапырлар гана талашат. Сени алардын өлкөлөрдү кыдырып жүрүүсү азгырбасын.

**5.** Аларга чейин Нухтун коому да, андан кийинки топтор да (өз элчилерин) жалганга чыгарышкан. Ар бир коом өздөрүнүн элчилерин кармап алууга[3] тырышкан, жалган сөздөрдү айтып андагы чындыкты бузуу үчүн талашып- тартышкан. Бирок Мен аларды кандайча туттум. Менин жазам кандай болду?!

**6.** Ушинтип, каапырлардын үстүнөн Эгеңдин сөзү[4] акыйкатталды. Албетте, алар - от ээлери.

**7.** Тактыны көтөрүп жана анын айланасында Эгеңе мактоо айткандар, Ага ишенгендер жана кечирим сураган ыймандуулар: «Оо, Эгебиз! Сен баарын Өзүңдүн мээримиң жана илимиң менен курчап турасың. Тообо кылгандарды жана Сенин жолуңда жүргөндөрдү кечир, аларды Тозок азабынан сакта!»

**8.** Оо, Эгебиз! Аларды жана алардын аталарынан, жубайларынан жана тукумдарынан такыбаларды Өзүң убада кылган Адн[5] бактарына киргиз. Акыйкатта, Сен - Ызааттуу, Даанышмансың.

**9.** Аларды жамандыктардан[6] сактай көр. Сен ал Күндө жамандыктан коргогондоруңду Өз Мээримиңе аласың. Бул улуу ийгилик.

**10.** Ыймансыз каапырларга: «Өзүңөргө ачууланганыңардан Аллахтын силерге болгон ачуусу улуу! Анткени, силер ыйманга чакырылганда каапыр бойдон калдыңар», - деп үн салынат.

**11.** Алар: «Эгебиз! Сен бизди эки жолу өлтүрүп, эки жолу тирилттиң. Биз

---

1 Гаафир - Кечирүүчү

2 Мааниси бир Аллах Таалага маалым

3 Өлтүрүүгө аракет кылышкан

4 Аъраф сүрөсүнүн, 18-айатын караңыз

5 Бейиш

6 Азаптан

өз күнөөлөрүбүздү толук мойунга алабыз. Артка чыгууга[1] жол барбы?» - дешет.

**12.** Бул силердин бир гана Аллахтын динине чакырылганда, ишенбей каапыр болгонуңардан. А Ага шериктерди кошкондо ишенчүсүңөр. Өкүм - Бийик жана Улук Аллахтын өзүнө таандык.

**13.** Ал силерге Өз белгилерин көргөзүп, силер үчүн асмандан ырыскы түшүрөт. Бирок, мындан кайтуучулар[2] гана насаат алат.

**14.** Каапырлар муну жаман көрсө да, Анын алдында диниңерге берилип, Аллахка сыйынгыла.

**15.** Даражаны көтөрүүчү - Арштын Ээси. Ал Өз буйругу менен кездешүү күнү жөнүндө кабарды эскертүү үчүн пенделеринен кимге кааласа жөнөтөт.

**16.** Алар мүрзөлөрүнөн чыккан күнү Аллахка эч нерсе жашыруун болбойт. Ошол күндө падышалык кимдики? Жалгыз Каардуу Аллахтыкы.

**17.** Ал күнү ар бир жан кылган нерселери себептүү жазаланат. Ал күндө адилетсиздик болбойт. Акыйкатта, Аллах тез эсеп алуучу.

**18.** Аларга жакындап келе жаткан күн[3] жөнүндө эскерт. Жүрөктөр алкымга келип, кайгыга баткан абалда болот. Заалымдарга мээрим кылуучу да, баш ийген колдоочу да болбойт.

**19.** Ал көздөрдүн кыйанатын да, көкүрөктөрдөгү катылгандарды да билет.

**20.** Аллах акыйкаттык менен өкүм кылат. Анын ордуна табынылгандар[4] эч нерсеге өкүм кыла алышпайт. Акыйкатта, Аллах - Угуучу, Көрүүчү.

**21.** Алар жер үстүндө жүрүшпөдүбү жана аларга чейинкилердин акыбети кандай болгондугун көрүшпөдүбү? Алар күч-кубаты бойунча жана өздөрүнүн калтырган издери жагынан артыгыраак эле. Аллах аларды күнөөлөрү үчүн кыйратты. Аларга Аллахтан башка коргоочу болбоду.

**22.** Бул аларга Биздин элчилер ачык- айкын айаттарыбыз менен келишкенде ишенбегендиктеринен болду. Аллах аларды кыйратты. Ал Күч-кубаттуу, жазасы Катуу.

**23.** Биз Мусаны белгилер[5] жана айкын далил менен жөнөттүк,

**24.** Фараонго[6], Хаманга[7] жана Карунга[8]. Алар (аны): «Сыйкырчы, жалганчы», - дешти.

---

1 Бул дүйнөгө кайтып келүүгө

2 Ширктен кайтуучулар

3 Кыйамат

4 Сөлөкөттөр ж.б.у.с.

5 Кереметтер

6 Фараон - Байыркы Мисирдин каапыр падышасы

7 Хаман - Фараондун увазири

8 Карун - эсепсиз байлыгы бар, бирок эч кимге кайыр- садака бербеген сараң киши болгон.

25. Ал аларга Биздин алдыбыздагы акыйкат менен келгенде, алар: «Аны менен бирге ишенгендердин эркек балдарын өлтүргүлө, а айалдарын тирүү калтыргыла», - дешти. Бирок, каапырлардын айла-амалы бүтүндөй адашуу.

26. Фараон: «Мени жөн койгула, мен Мусаны өлтүрөм. Мейли, ал өз Эгесин чакырсын. Ал биздин динибизди өзгөртөрүнөн, же жер үстүндө жамандыкты таркатуусунан коркомун», - деди.

27. Муса: «Мен Кыйамат күндө болуучу эсепке ишенбеген текеберлерге каршы силердин жана менин Эгемден сактоосун сурадым», - деди.

28. Фараондун үй бүлөсүнөн өз ыйманын жашырган бир киши айтты: «Чын эле силер: «Менин Эгем Аллах» деген жана силерге ачык-айкын айаттар менен келген кишини өлтүрөсүңөрбү? Эгер ал жалган айтып жатса, жалганы өзүнө кайтат[1]. А эгер ал чындыкты айткан болсо, ал убада кылып жаткандардын кээ бири болсо да силерге жетет. Акыйкатта, Аллах аша чапкандарды жана жалганчыларды туура жолго багыттабайт.

29. Эй, элим! Силерде бүгүн жер үстүндө үстөмдүк кылган бийлигиңер бар. Эгер бизге Аллахтын кырсыгы келсе, анда бизге ким жардам бере алат?» Фараон: «Мен силерге өзүм көрүп жаткандарды гана көрсөтөм. Мен силерди туура жолго гана алып барам», - деди.

30. Ыйман келтирген киши: «Оо, элим! Мен байыркы элдерге келгендер (силерге да)келбесе экен деп коркомун.

31. Нухтун элинин, Аад, Самуд жана алардан кийинкилердин кылган адаттары өңдүү. Акыйкатта, Аллах пенделерине адилетсиздик[2] кылууну каалабайт.

32. Оо, элим! Мен силер үчүн бири-бириңди чакырчу күндөн[3] коркомун.

33. Силер артка качуучу ал Күндө[4] силерге Аллахтан коргоочу болбойт. Аллах кимди жолдон чыгарса, аны Туура жолго жетектөөчү жок.

34. Мурун Йусуп силерге ачык-айкын айаттар менен келген. Бирок, силер анын эмне менен келгендигине шектенүүңөрдү токтотподуңар. Ал өлгөн кезде силер: «Аллах андан кийин пайгамбар жөнөтпөйт», - дедиңер. Аллах аша чапкандарды, шектенүүчүлөрдү ушинтип жолдон чыгарат.

35. Аларга берилген укугу жок туруп, Аллахтын айаттары тууралуу та-

---

Ал тирүүлөй мал-мүлкү менен кошо жерге жуткурулган

1 Азабын өзү тартат

2 Зулумдук

3 Кыйамат күнүндө элдер бири-биринен жардам сурайт, бирок эч ким жардам бере албайт. Ал күндө Аллах Тааланын өкүмүнүн негизинде заалымдар, ыймансыздар тозокко карай айдалат

4 Кыйамат күнүндө

лашып жаткандар, Аллахтын жана ыймандуу- лардын өтө жек көрүүсүнө татыйт. Ушинтип, Аллах ар бир текебердин, зордукчулдун жүрөгүнө мөөр басып салат[1].

36. Фараон мындай деди: «Эй, Хаман! Мага мунара кур. Мүмкүн мен себептерге жетемин[2];

37. асман жолдору менен Мусанын Кудайына көтөрүлөм. Чынында, мен аны жалганчы деп ойлоймун». Ушинтип, Фараонго да анын жаман иштери коздолуп көрсөтүлдү жана ал Туура жолдон тосулду. Фараондун бардык айла- амалдары зыйанга учурады.

38. Ошол ыймандуу киши: «Оо, элим! Мени ээрчигиле. Мен силерди Туура жолго алып барам,

39. Оо, элим! Бул дүйнө жашоосу убактылуу пайдалануу гана, ал эми акырет, ал - түбөлүктүү жай,

40. Ким жамандык кылса ага ошондой гана жаза берилет. Эркек жана айалдардан ким момун болгон абалда жакшылык иштерди кылса, алар бейишке кирип, анда эсепсиз ырыскыга бөлөнөт,

41. Оо, элим! Эмне үчүн силерди мен кутулууга чакырсам, а силер мени отко чакырасыңар?

42. Силер мени Аллахка ишенбөөгө жана менде алар тууралуу илим жок нерселерди Ага шерик кошууга чакырасыңар. Мен силерди Ызааттуу, Кечирүүчүгө чакырамын,

43. акыйкатта, силер мени чакырып жаткандар - бул дүйнөдө да, акыретте да татыксыз нерселер. Бардыгыбыз Аллахка кайтабыз. Чектен чыккандар - алар от ээлери,

44. мен силерге айтып жатканды жакында эстейсиңер. Мен иштеримди Аллахка тапшырамын. Акыйкатта, Аллах - пенделерин көрүп туруучу».

45. Аллах аны тигилердин[3] айла- амалдарынын жамандыктарынан куткарды. Фараондун коомуна жаман[4] азап түштү.

46. Алар анда эртели-кеч күйө турган - отко (куйкаланат). Кыйамат болгон күнү: «Фараон коомун катуу жазага киргизгиле!» (делинет).

47. Алар отто жаңжалдашат. Алардын алсыздары текеберденгендерине: «Чындыгында биз силерди ээрчигенбиз. Силер бизди оттун үлүшүнөн куткара аласыңарбы?» - дешет.

48. Текеберлери: «Биз баарыбыз андабыз[5]. Чындыгында, Аллах пенделеринин арасында өкүм кылып койгон», - дешет.

1 Бүтөп салат

2 Кудайга алып баруучу жолго чыгамын.

3 Каапырлардын

4 Чөгүү

5 Тозоктобуз

49. Оттогулар тозоктун сакчыларына: «Биздин жазабызды бир күнгө болсо да жеңилдетсин, Эгеңерди чакыргылачы?» - дешет.

50. Алар[1]: «Силерге пайгамбарларыңар ачык-айкын айаттар менен келбеди беле?» - дешет. (Тигилер): «Ооба, келген», - дешет. Алар (сакчылар): «Анда (өзүңөр) чакыргыла», - дешет. Каапырлардын чакыруулары адашуу гана.

51. Биз элчилерибиз менен ыймандууларга бул дүйнөдө да жана күбөлөр турган Күндө да жардам кылабыз.

52. Ал Күндө заалымдарга алардын шылтоолору эч жардам бербейт. Аларга наалат! Алар үчүн эң жаман жай болсун.

53. Биз Мусага Туура жол жана Исраил урпактарына мураска Китеп[2] калтырдык;

54. акыл жүгүртүүчүлөр үчүн Туура жолду көргөзүүчү жана эскертүүчү.

55. Сабыр кыл! Албетте, Аллахтын убадасы акыйкат. Күнөөлөрүң үчүн кечирим сура жана Эгеңди мактоо менен эртели-кеч аруула.

56. Аныгында, аларга келген Аллахтын айаттары тууралуу укуксуз эле талашып-тартышкандардын жүрөгүндө текеберлик гана. Алар ага[3] жете алышпайт. Аллах менен сактан! Акыйкатта, Ал - Угуучу, Көрүүчү.

57. Албетте, асмандар менен жерди жаратуу адамдарды жаратууга караганда оорураак. Бирок, адамдардын көбү муну билишпейт.

58. Сокур менен көзү соо бирдей эмес жана ыйман келтирип, жакшылык иш кылгандар менен жамандык кылуучулар да тең эмес. Силер аз гана эстейсиңер!

59. Аныгында, Кыйамат күндүн келээринде эч шек жок. Бирок, адамдардын көбү буга ишенбейт[4].

60. Эгеңер: «Мени чакыргыла. Мен силерге жооп берем. Акыйкатта, Мага сыйынуудан текеберленгендер, кор болуп тозокко киришет», - деди.

61. Аллах, силер эс алууңар үчүн түндү кылган жана көрүүңөр үчүн күндүздү кылган. Акыйкатта, Аллах - адамдар үчүн мээрим ээси. Бирок, адамдардын көбү (буга) шүгүр кылышпайт.

62. Бул - Аллах силердин Эгеңер, бардык нерселерди жаратуучу. Андан башка кудай жок. Кайда баратасыңар?

63. Аллахтын айаттарынан баш тарткандар да мына ушундай бузукулар.

64. Аллах силерге жерди турак-жай, а асманды шып кылды. Силерди турпатка келтирип, көркөм келбет берди. Силерге жакшы ырыскыларды

1 Тозоктун сакчылары

2 Тоорат

3 Өздөрүнүн аткарылбас максаттарына

4 Ыйман келтиришпейт

берди. Аллах - силердин Эгеңер. Ааламдардын Эгеси болгон Аллахка улуктук болсун!

65. Ал тирүү, Андан башка кудай жок. Анын алдында дининерди тазартып[1], Ага жалынгыла. Ааламдардын Эгесине - мактоо!

66. «Эгемден ачык-айкын айаттар түшүп жана ааламдардын Эгесине сыйынууга буйрулган соң, силердин Аллахтан башка чакырып жаткандарыңарга сыйынууга мага тыйуу салынган», - дегин.

67. Ал силерди топурактан, анан бир тамчыдан, анан уйуган кандан жаратты, анан силерди ымыркай кылып чыгарып, анан эр жетүүңөргө, анан - картайууга жеткизет. Белгиленген чекке жетүүңөр үчүн[2] силердин араңардан эрте өлгөндөр бар. Мүмкүн акыл калчаарсыңар.

68. Ал тирилтет жана өлтүрөт. Ал кайсы бир ишти кылууну каалаганда, анда ага: «Бол!» - дейт. Ал болуп калат.

69. Сен Аллахтын айаттары тууралуу талашып жаткандарды көрбөдүңбү? Алар кандай адашкан?!

70. (Булар) Биздин Китептерибизди жана пайгамбарларыбыз аркылуу жөнөткөндөрүбүздү жалган дегендер, бирок алар жакында (чындыкты) билишет,

71. алардын мойундарындагы богоо жана чынжыр менен сүйрөлгөндө[3],

72. кайнап турган суугa, анан отко күйгүзүлгөндө,

73. андан соң аларга (минтип) айтылганда: «Силердин (Аллахка) шерик кылгандарыңар кайда,

74. Аллахтан башка?» Алар: «Алар бизге көрүнбөй жок болушту. Ооба, (балким) биз мурда эч кимге сыйынган эмеспиз», - дешет. Аллах каапырларды ушинтип адаштырат.

75. Бул силерге, силердин жер үстүндө орунсуз түрдө кубанганыңар жана менменсингениңер үчүн.

76. Түбөлүк болуу үчүн тозоктун эшигинен киргиле! Текеберлер үчүн кандай жаман жай.

77. Сабыр кыл. Албетте, Аллахтын убадасы акыйкат. Биз сага аларга убада кылынгандардын бөлүгүн көргөзөбүз, же сени мурда кайтыш кылабыз. Алардын кайтуулары Бизге гана.

78. Биз сага чейин да пайгамбарларды жөнөткөнбүз. Алардын кээ бирлери жөнүндө Биз сага айтканбыз, айрымдары жөнүндө айткан жокпуз. Эч бир пайгамбар Аллахтын уруксатысыз керемет келтире алган эмес.

1 Калыс кылып

2 Мына ушунун баары Аллах Тааланын өзү алдын ала белгилеп койгон чектерине пендесин жеткирүү үчүн. Ошол чектен жаш курагы узарып да, кемип да калбайт

3 Тозокто

Аллахтын өкүмү келген кезде, акыйкаттык менен өкүм кылынат. Анда жалганга чыгаргандар зыйанга учурайт.

79. Аллах силерге минүүңөр жана жешиңер үчүн малдарды жаратты.

80. Аларда силерге (түрдүү) пайдалар бар. Алардын үстүндө кургактыктагы көңүлүңөргө ке

81. Ал силерге Өз айаттарын көргөзөт. Силер Аллахтын кайсы айаттарын четке кагасыңар?

82. Чын эле алар жер үстүндө жүрүшпөдүбү жана аларга чейинкилердин[1] кандай болгондугун көрүшпөдүбү? Алар булардан көп, күч-кубаттуурак жана жер үстүндөгү издери бойунча мыктыраак эле. Бирок, тапкандары[2] аларды куткара албады.

83. Аларга элчилерибиз ачык-айкын айаттар менен келген кезде, алар өздөрүндө болгон илимге[3] кубанышты. (Анан) аларга шылдыңдагандары себептүү азап түштү.

84. Алар күч-кубатыбызды көргөндө[4]: «Биз бир Аллахка ишендик жана Ага шерик кошуп жүргөндөрүбүздөн баш тарттык», - дешти.

85. Бирок, Биздин күч-кубатыбызды көргөн кезде алардын ишене калганы, Аллахтын пенделерине байланыштуу келе жаткан жолу бойунча, аларга эч жардам кылбады. Каапырлар мында зыйанга учурашат.

## 41. ФУССИЛАТ[5] СҮРӨСҮ

**Меккеде түшүрүлгөн Элүү төрт айаттан турат**

***Мээримдүү, Ырайымдуу Аллахтын аты менен***

1. Ха, мим[6].

2. Түшүүсү[7] - Ырайымдуу, Мээримдүү Аллахтан.

---

1 Ойрондолгон мурунку коомдордун

2 Мансап-бийликтери, күч-кубаты, мал-мүлкү, бала-чакасы ж.б.д.у.с.

3 Каапырлар өздөрүнүн билгендерине, ой-пикирлерине ж.б.у.с.

4 Биз жана элчилерибиз тарабынан эскертилип-айтылган, убада кылынган нерселерди өздөрү көрүп билишкенде

5 Фуссилат - Ачык байандалды

6 Маанисин бир гана Аллах Таала билет

7 Куран тууралуу еез болууда

3. Бул Китеп[1] түшүнгөн[2] эл үчүн айаттары ачык-айкын байандалган арабча Куран.

4. (Ал) кубандыруучу, эскертүүчү. Бирок, алардын[3] көбү баш тартты[4]. Ошондуктан алар кулак салышпайт.

5. (Эй, Мухаммед!) Алар: «Сен бизди чакырган нерсеге[5] (каршы) жүрөгүбүздө бир парда, кулактарыбызда болсо оордук[6] бар. Биз менен сенин ортобузда тосмо бар. Ошондуктан сен өзүңчө иш кыл, а биз өзүбүзчө иш кылалы» дешет.

6. «Мен да силер сыйактуу эле адаммын. Мага: Кудайыңар бир гана Аллах экени, (Анын жалгыздыгы) тууралуу кабарлар келүүдө. Ошондуктан ошол багытта бекем болгула да, Андан кечирим сурагыла. Аллахка шерик кошкондорго азап болсун!» - дегин[7].

7. Зекеттерин бербегендер - акыретке да каршы (чыгуучу адамдар).

8. Чындыгында, ыйман келтирип, жакшылык жасагандар үчүн түгөнбөс сыйлыктар бар.

9. Аларга: «Силер жерди эки күндө Жаратканга[8] каршы чыгасыңарбы? Ага шерик кошууну каалайсыңарбы? Ал (Аллах) - бардык ааламдардын Эгеси!» - дегин[9].

10. Жер үстүнөн тоолорду жаратып, берекелүү кылып, жер жүзүндөгүлөрдүн ырыскыларын төрт күндө тегиз бөлүштүрдү. Бул суроочулар үчүн (туура жооп).

11. Анан (Аллах) асманды (жаратууну) максат кылды. Ал (асман) түтүн болчу. Ошондо (Аллах) асман менен жерге[10]: «Экөөң тең ыктыйардуу жана ыктыйарсыз абалда (Мага) келгиле!» - деди. Экөө: «Мойун сунган түрдө (Сага) келдик», - дешти.

12. (Аллах) аларды жети асман кылып эки күндө[11] жаратты. Анан, ар бир асмандын милдетин алардын өзүнө билдирди. (Биз[12] жерге) жакынкы

---

1 Куран

2 Арабдар

3 Адамдардын

4 Кураидагы Аллах Тааланын буйруктарын аткаруудан

5 Шариат буйруктарына

6 Дүлөйлүк

7 Аллах Таала пайгамбарыбыз Мухаммед (а.с.)га кайрылып жатат

8 Аллах Таалага

9 Аллах Таала пайгамбарыбыз Мухаммед (а.с.)га кайрылып жатат

10 Асман менен жерге

11 Аллах Тааланын алдындагы эсеп бойунча биздин жерде» ги элүү миң жыл - ал жактын бир күнүнө тете.

12 «Биз«- деп Аллах Таала айтууда

асманды жылдыздар менен кооздоп, коргоого алдык[1]. Ушул - Үстөмдүк кылуучу, Билүүчү Аллахтын өлчөгөнү.

13. Алар жүз үйрүсө: «Силерге Аад, Самуд элдеринин башына келген чагылгандай апааттын келишин эскертемин», - дегин[2].

14. Ошол мезгилде аларга мурда алдыларынан да, аркаларынан да элчилер келип: «Аллахка гана сыйынгыла» - дегенде, алар: «Эгер Эгебиз кааласа (пайгамбар кылып) периштелерди жибермек. Чындыгында, биз силер аркылуу жиберилген нерсеге каршыбыз», - дешкен.

15. Ошондо Аад эли жер жүзүндө (антүүгө) укугу жок туруп: «Бизден артык күчтүү ким бар?» - дешкен болчу. Алар өздөрүн жараткан Аллахтын аларга караганда күчтүүрөөк экендигин билишкен жокпу? Алар айаттарыбызга каршы чыгышты.

16. Аларга бул дүйнөдө кордук азабын таттыруубуз үчүн коогалуу күндөрдө суук бороон жибердик. Албетте, акырет азабы - андан да катуу кордойт. Аларга жардам берилбейт.

17. Ал эми Самуд элин алсак, аларга Туура жолду көрсөттүк. Бирок алар тууралыктан көрө сокурлукту жакшы көрүштү. Ошондуктан аларды өз кылыктарынан улам кордук азабы менен кошо чагылган алды.

18. Ал эми (Аллахка) ыйман келтирип, такыба болгондорду (ал азаптан) куткардык.

19. Ошол күнү Аллахтын душмандары айдалууга жыйналып, алар Тозокко айдалышат[3].

20. Акыры алар ага[4] жеткен кезде[5], аларга өздөрүнүн кулактары, көздөрү жана терилери алардын (бул дүйнөдө) эмне иш кылгандыгына күбөгө өтүшөт.

21. Алар терилерине: «Эмне үчүн бизге күбө болдуңар», - дешет. (Терилери): «Бизге баарын сүйлөткөн Аллах. Силерди алгач ирет жараткан Аллах жана Ага кайтарыласыңар», - деп айтышат.

22. Силердин өзүңөргө (Кыйамат күнү) кулактарыңар, көздөрүңөр жана терилериңер күбө болушунан жашырына албайсыңар. Аллах жасаганыңардын көбүн билбейт деп ойлочу элеңер.

23. Мына ошо Эгеңер тууралуу ойлогон ойлоруңар өзүңөрдү кыйратып, зыйанга учуроочулардан болдуңар.

24. Эгер алар эми чыдашса орундары - Отто. Алар (Аллахтан) ыраазылык сурашса да, кабыл кылынбайт.

---

1 Шайтандардын периштелерден маалымат уурдабасын үчүн

2 Аллах Таала пайгамбарыбыз Мухаммед (а.с.)га кайрылып жатат

3 Периштелердин айдоосунда жөнөшөт

4 Махшар майданына

5 Аллах Тааланын каардуу сурак-соту башталып

25. Аларга жандоочу[1] дайардап койдук[2]. (Шайтандар) аларга алды-артын-
дагы нерселерди кооз кылып көрсөтүп койду. Ошондуктан алардан му-
рун өткөн жин жана адамдардан болгон элдерге берилген азап буйругу
алардын да башына келди. Анткени, алар зыйанга учуроочулардан эле.

26. Каапырлар: «Бул Куранды укпагыла. Окулганда (башкаларга) угузбай
алжактагыла. Балким жеңишке ээ болорсуңар» (деди).

27. Албетте, каршы чыккандарга катуу азап таттырабыз. Кылган жаман-
дыктарынын эң жаманынын азабын беребиз.

28. Аллахтын душмандарынын жазасы - От. Алар үчүн ал жерде түбөлүк-
түү орун бар. Айаттарыбызга каршы чыккандардын жазасы (ушул).

29. Каршы чыккандар[3]: «Эгебиз жиндерден да, адамдардан да бизди
адаштырган экөөсүн көрсөтчү. Аларды тамандарыбыздын астында
тебелеп салалык. Алар эң төмөндөгүлөрдөн болсун!» - дешет.

30. Чындыгында: «Эгебиз Аллах», - деп, бекем тургандарга[4] периштелер
түшүп: «Коркпогула! Кайгырбагыла! Силерге убада кылынган Бейиш
аркылуу кубанычка бөлөнгүлө.

31. Биз дүйнө тиричилигинде да, акыретте да досуңарбыз. Силерге Бей-
иште көңүлүңөр көксөгөн нерселер бар. Эмне талап кылсаңар баары
бар», - дешет.

32. Бул - Кечиримдүү, Боорукер Аллах тарабынан (момундарга ыйгарыл-
ган) сый орун.

33. «Акыйкатта, мен - мусулмандарданмын», - деп (адамдарды) Аллахка
чакырып, өздөрү да жакшы иштерди жасаган адамдан жакшы сөздүү
ким бар?

34. Жакшылык менен жамандык тең эмес. Жамандыкты жакшылык ар-
кылуу жойгун. Ошентсең сени менен анын ортосунда душмандык бол-
гон адам да өтө жакын достой болуп кетет.

35. Бул касиет сабыр кылгандарга гана берилет. Мындай сыпатка[5], зор ий-
гиликке жетүүчүлөр гана ээ.

36. Ал эми сага шайтандан азгырык келсе, Аллах менен сактан. Албетте,
Ал - Угуучу, Билүүчү!

37. Түн менен күндүз жана Күн менен Ай - Аллахтын далилдеринен (гана).
(Ошондуктан) Күнгө да, Айга да сежде кылбагыла! Аларды жараткан

1 Шайтандардан

2 Алардын ар бир күнөөсүнүн көбөйүшүнө жардам берүүчү жана арамдан тамак таап берүүчү кылып

3 Каапырлар

4 Бул дүйнөдө такыбалыктын чегинен чыкпай бекем жана мыкты тургандарга

5 Сабырдуулукка

Аллахка сежде кылгыла[1], эгер Ага сыйына турган болсоңор (зыйанга учурайсыңар).

38. (Эй, Мухаммед!) Эгер алар[2] текеберленишсе... Эгеңдин алдындагылар[3] Аны[4] күнү-түнү аруулгандан тажашпайт.

39. (Эй, Мухаммед!) Чындыгында, жердин (какырап) кургап калганын көрөсүң. Анан биз ага жамгыр жаадырган мезгилде кулпуруп, көөп чыгышы да Аллахтын далилдеринен. Акыйкатта, аны тирилткен - Аллах. Ал өлүктөрдү да (ушинтип) тирилтет. Анткени, Ал - бардык нерсеге Кудуреттүү.

40. Чындыгында, айаттарыбызды кимдер бурмалап жатканы Бизге жашыруун эмес. Отко ташталган адам жакшыбы, же Кыйамат күнү аман-эсен калган адам жакшыбы?[5] Каалаганыңарды кыла бергиле[6]. Аллах эмне жасап жатканыңарды толук көрүп турат.

41. Чындыгында, аларга Куран келген кезде да, ага каршы чыккандар[7] бар. Акыйкатта, ал ардактуу Китеп.

42. Анын алдынан да, артынан да кур бекер сөз айтылбайт[8] (жана жазылбайт). (Ал) Мактоо ээси жана Даанышман Аллах тарабынан түшүрүлгөн.

43. (Эй, Мухаммед!) Сага, сенден мурунку элчилерге айтылгандар айтылды. Чындыгында, Аллах - Кечиримдүү, оорутуучу азап Ээси.

44. Эгер аны башка тилдеги Куран кылып түшүргөн болсок, албетте, алар: «Айаттары эмнеге ачык-айрым байандалбаган? (Куран) башка тилде, а (пайгамбар) араб (болобу)?» - дешмек. (Сен): «Бул Куран ыйман келтиргендер үчүн Туура жол жана шыпаа[9]», - дегин. Ал ыйман келтир-

1 Бул айат «сежде айаты» деп аталып, окуган да, уккан да сежде кылууга тийиш. А сежде кандай тартипте жасаларын билүү үчүн «Мухтасар» аттуу фикх китебинин кыргызча котормосунун, Тилават сеждеси - он үчүнчү бөлүмүн караңыз.

2 Каапырлар

3 Периштелер

4 Аллах Тааланы

5 Өзүңөр ой жүгүрткүлө

6 «Жасаган иштериңерге жараша, же жазага, же сыйга ээ болосуңар. Эмне кылсаңар да өзүңөр үчүн. Отто түбөлүккө куйкаланууга чыдай алам десеңер, анда Биз берген өмүрүңөр түгөнгөнгө чейин күнөө кыла бергиле», - деген мааниде.

7 Аллах Таалага каапырдык кылгандар

8 Эч жерин эч ким өзгөртүп, оңдой албайт. Кара ниет менен оңдогондун колу сынат.

9 Ооруп калган мусулмандарды айыктыруучу касиетке да эгедер

бегендердин кулактарында оордук[1] бар. Ошондуктан аларга - ал[2] бир сокурлук[3]. Аларга узак жерден үн салынгандай (сезилет).

45. Ырасында, Мусага Китеп бергенбиз. Ошондо ал[4] тууралуу да талаш чыккан. Эгеңден бир өкүм болбогондо[5], араларындагы талаш бүтмөк[6]. Чындыгында, алар шек ичинде калышууда[7].

46. Ким жакшы иштерди жасаса, ал - өзү үчүн. Ал эми ким жаман иштерди жасаса (да) өзүнө. Эгең - пенделерине зулумдук кылуучу эмес.

47. Кыйамат күнүнүн маалыматы - Аллахка гана таандык[8]. Анын билиминен тышкары жемиштердин эч бири чанагынан чыкпайт. Эч бир ургаачы жүктүү болбойт, туубайт. «Менин шериктерим кайда?» - деп аларга үн салынган күнү, алар: «Сага гана сыйынганбыз. Бизден ага[9] күбө болуучу жок экенин сага кабарлаганбыз», - дешет.

48. Мурунку сыйынгандары (Кыйаматта) көздөн кайым болуп кетет[10]. (Ошондо мушриктер) качаар жайы жок экенин анык билишет.

49. Инсан жакшылык суроодон тажабайт, бирок, ал бир жамандыкка дуушар болсо, ошондо (Аллахтан) үмүтүн үзүп, шүгүрсүздүк кылат.

50. Эгер кайгылуу мүшкүлдөн кийин, жаныбыздан жакшылык жиберсек, ал: - «Бул менин акым. Кыйамат кайым болот деп да ойлобоймун[11]. Эгер Эгеме кайтарылсам да сөзсүз мен үчүн Анын жанында мындан да жакшыраагы бар», - дейт. Албетте, ошондо каапыр болгондорго эмне кылгандарынан кабар беребиз. Ошентип, аларга катуу азапты таттырабыз.

51. А эгер инсанга бир жакшылык берсек, (Аллахтан) жүз үйрүп, (Эгеси-

---

1 Дүлөйлүк

2 Куран аларга алыстыктан араң угулган үндөй болуп, жүрөктөрүнө жетпейт. Анткени, алардын жүрөктөрүндө кулпу бар..

3 Караңгылык

4 Доорат

5 Каапырларга да өмүр сүрүү үчүн бөлүнгөн мөөнөт тууралуу Лавху Махфузда жазылуу турган Аллах Тааланын өкүмү

6 Кыйаматтын келишин тездетип, алар азыр Тозокто болуп калышмак. Бирок, Аллах Тааланын убадасы сөзсүз аткарылат.

7 Кыйаматтын болоруна ишенээр-ишенбесин билишпей, ыргылжың, арсар абалда. Анткени, аларда ыйман жок

8 Анын качан болорун Аллах Таала гана билет

9 Сенден башкага сыйынганыбызга

10 Анткени, эч качан андай кудайчалар болгон эмес

11 Кыйаматтын сөзсүз болорунан шек санап, динден чыгып кетет

нен) оолактайт[1]. Аны бир жамандык кармаса, ал көп дуба ээси болуп калат[2].

52. (Эй, Мухаммед!) «Көрдүңбү: Бул Куран Аллахтан келген, кийин силер ага каршы чыктыңар (ишенбедиңер). Акыйкаттан алыс болуп тескериленгенден катуу адашкан ким бар?» (дегин).

53. Курандын толук чындык экендиги айкындалганга чейин ааламдагы жана өздөрүндөгү белгилерибизди толук көрсөтөбүз. Чындыгында, Эгеңдин бардык иштерге күбө экендиги сага жетиштүү эмеспи?

54. Акыйкатта, алар Эгелерине жолугуудан шектенүүдө. Көңүл бургула! Албетте, Аллах бардык нерсени камтуучу!

# 42. ШУУРА[3] СҮРӨСҮ

**Меккеде түшүрүлгөн Элүү үч айаттан турат**

***Мээримдүү, Ырайымдуу Аллахтын аты менен***

1. Ха, Мим[4].

2. Айн, Син, Коф[5].

3. Мына ушинтип сага жана сага чейинкилерге айан жөнөтөт. Аллах - Ызааттуу, Даанышман.

4. Ага асмандагылар менен жердегилердин баары таандык. Ал - Бийик, Улук.

5. Анын алдында асмандар үстүнөн жарылып кете жаздашат[6]. Периштелер өздөрүнүн Эгесин мактоо менен аруулашат жана жер үстүндөгүлөр үчүн кечирим сурашат. Оо, (анткени) акыйкатта, Аллах - Кечирүүчү, Мээримдүү!

6. Андан башканы өздөрүнө коргоочу кылып алгандардын үстүнөн Аллах байкоочу. А сен алар үчүн өкүл эмессиң.

7. Ушинтип, Биз сага шаарлардын энесин[7] жана анын айланасындагыларды шексиз боло турган Кыйамат күнү жөнүндө эскертүү үчүн арабча

---

1 Кыргызча айтканда: «Кудайын таанабай манчыркап калат«

2 Аллах Таалага көп жалбарып калат

3 Шуура – Кеңешүү

4 Мааниси бир Аллах Таалага маалым

5 Мааниси бир Аллах Таалага маалым

6 Аллах Тааланын улуктугунан, Анын даңк-даңазасынан

7 Меккенин

Куранды айан кылдык. Алардын бир бөлүгү Бейишке, экинчи бөлүгү Тозокко (киришет).

8. Эгерде Аллах кааласа, анда силерди бир эл кылаар эле. Бирок, ал кимди кааласа өз мээримине киргизет, а заалымдарга дос, тууган да, жардам кылуучу да болбойт.

9. Чын эле алар Андан башканы өздөрүнө кожойун кылып алыштыбы? Аллах Өзү кожойун. Ал өлгөндөрдү тирилтет жана бардык нерселерге кудурети жетет.

10. А силер талашып, тартышкан нерселердин өкүмү Аллахка таандык. Мына бул менин Эгем - Аллах. Мен Ага гана тобокел кыламын жана Ага кайтамын.

11. Асмандар менен жердин жаратуучусу. Ал силердин өзүңөрдөн жубайларды жараткан жана малдардан жуптарды жараткан. Ал силерди ушинтип көбөйтөт. Ага окшош[1] эч нерсе жок. Ал - Угуучу, Көрүүчү.

12. Асмандар менен жердин казыналарынын ачкычтары Ага гана таандык. Ал кимге кааласа ырыскысын көбөйтөт жана азайтат. Акыйкатта, Ал бардык нерселерди билүүчү.

13. Ал Нухка осуйат кылган, сага айан кылган, Ибрахим, Муса жана Исага осуйат кылган динди силерге жол кылып берди. Минтип айткын: «Диниңерди тургузгула жана ал тууралуу талашып, тартышпагыла! Мушриктер үчүн сен чакырып жаткан нерсе өтө оор. Аллах кимди кааласа, Өзү аны[2] тандап алат жана ким кайрылса Өзүнө карай багыттайт.

14. Алар өз ара көрө албастыктары себептүү, өздөрүнө илим келгенден соң каршылашууга тушугушту. А эгерде мурдатан сенин Эгеңден алардын жазасын белгиленген чекке узартканы (тууралуу) сөз болбогондо, анда алардын арасындагы (иш) бүткөн болор эле. Акыйкатта, Китепти мураска алгандар андан соң ал тууралуу шектенип, олку- солку болушууда.

15. Андыктан чакыр жана сага буйрулгандай туруктуу бол. Алардын каалоолорунун артынан ээрчибе жана: «Мен Аллах түшүргөн Китепке ишенемин. Мен силердин араңарда адилеттүү болууга буйрулганмын. Аллах биздин да Эгебиз, силердин да Эгеңер. Бизге - өзүбүздүн жасаган иштер, силерге - өзүңөрдүн жасаган иштер таандык. Силердин жана биздин ортобузда талаш- тартыш кылууга себеп жок. Аллах бизди жыйнап алат жана кайтуу Ага».

16. Ал[3] кабылдангандан кийин, Аллахтын (дини) тууралуу талашып

1 Анын затына, сыпаттарына жана касиет-кудуретине эч нерсе теңдеше албайт жана окшобойт. Көзү бар, бирок макулуктардын көзүндөй эмес. Кулагы бар, бирок биздин кулагыбызга окшобойт ж.б.у.с.

2 Ислам динине

3 Аллах Тааланын дини

жаткандардын далилдери Эгесинин алдында жараксыз. Алардын үстүнөн каар жана катуу азап бар.

17. Аллах акыйкаттык жана адилеттүүлүк менен Китепти түшүрдү. Мүмкүн Кыйамат жакын эледир. А сен билбейсиң?

18. Кыйамат күнүнө ишенбегендер аны болтурууга шаштырышат[1]. А анын болоруна ишенгендер жана ал чындык экенин билгендер андан коркушат. Оо, Кыйамат сааты тууралуу шектенгендер, албетте, (алар) өтө терең адашкандар.

19. Аллах өз пенделерине мээримдүү, ал кимге кааласа ырыскы берет. Ал - Күчтүү, Үстөмдүк кылуучу.

20. Ким акыреттин үрөнүнө[2] умтулса, ага Биз анын үрөнүн көбөйтөбүз. А ким бул дүйнөнүн үрөнүн кааласа, Биз ага аны беребиз, бирок ага акырет жашоосунда үлүш жок!

21. Же Аллах тыйуу салгандарды[3] аларга дин жолу кылып берген шериктери[4] барбы? Эгерде Аллах тарабынан мөөнөттү узартуу[5] жөнүндө алдынала сөз болбогондо, анда алардын ортосундагы талаштар бүтмөк[6]. Заалымдар үчүн оорутуучу азап бар.

22. Сен заалымдардын өздөрү жасагандары[7] үчүн каар-азаптан кантип корккондорун көрөсүң. Ал аларга сөзсүз жетет. А ыйман келтирип, жакшылык иш кылгандар Бейиштин бактарында. Алар үчүн анда - Эгесинин алдында эмне кааласа баары бар. Бул - зор ырайым.

23. Мына ыйман келтирип, жакшылык иштерди кылган пенделерине Аллах кабар берет: «Мен силерден бул үчүн акы сурабаймын, бирок жакындоо үчүн жакшы көрүү болсун. Ким жакшылык кылса, ага Биз жакшылыкты кошобуз. Акыйкатта, Аллах - Кечирүүчү, Каниеттүү,» - дегин.

24. Же алар[8]: «Ал Аллахка жалганды ойлоп тапты!» - дешеби?[9] Эгер Аллах кааласа сенин жүрөгүңө мөөр басып салмак. Аллах ушинтип жалганды өчүрүп, акыйкатты Өзүнүн сөзү менен бекемдейт. Анткени, Ал көкүрөктөгүлөрдүн баарын билүүчү.

---

1 Каапырлар пайгамбарлардан: «Эгер Кыйамат, же кырсык, балээ болору чын десеңер, анда тез болтургула», - деп шаштырышкан

2 Соопко

3 Сөлөкөттөргө табынуу, жалган кудайларга сыйынуу ж.б.у.с.

4 Кудайлары

5 Кыйаматка чейин

6 Бул дүйнөдө эле бир кырсыкка учуратылып, же такыр жок кылынып иши бүтмөк

7 Табынган жалган кудайлары, буд-сөлөкөттөрү, Аллах Тааланын динине, же пайгамбарга каршы айткан, ушак, жалган, шылдың сөздөрү ж.б.у.с. үчүн

8 Араб мушриктери

9 Пайгамбардын айтып жаткандары жалган дешет

25. Ал Өз пенделеринин тообосун кабыл алат, күнөө иштерин кечирет жана силердин эмне кылып жатканыңарды билип турат.

26. Ал ыйман келтирип, жакшылык иштерди кылгандарга Өз ырайымдуулугун арттырат. А каапырлар үчүн катуу азап бар.

27. Эгерде Аллах өз пенделеринин ырыскыларын көбөйтүп ийсе, алар жер үстүндө чектен ашмак[1], бирок Ал Өзү каалаганынча, ченем менен түшүрөт. Анткени, Ал Өз пенделери тууралуу Кабардар, Көрүүчү.

28. Алар үмүттөрү үзүлө баштаганда Ал жаан жиберет жана Өз мээримдүүлүгүн таратат. Ал - Камкор, Макталуучу.

29. Асмандар менен жердин жана андагы тирүү жандуулардын таратылуусу Анын белгилеринен. Эгер Ал кааласа, аларды жыйнап алууга күчү жетет.

30. Эгер силерге бир кырсык жетсе, ал силердин колуңар менен кылгандардан[2] жана Ал көптөрүн кечирет.

31. Силер жер үстүндө кырсыктан качып кутула албайсыңар. Силерге Аллахтан башка колдоочу[3] да, жардамчы да жок.

32. Деңиздер аркылуу тоо сыйактуу сүзгөндөрү (кемелер) - Анын белгилеринен.

33. Эгер Ал кааласа шамалды токтотуп койот жана алар анын үстүндө[4] тынч гана кала беришет. Акыйкатта, мында бардык сабырдуулар жана шүгүр кылуучулар үчүн белгилер бар.

34. Же Ал аларды[5] күнөөлөрү үчүн чөктүрүп жиберет жана көбүн кечирет.

35. Биздин айаттарыбыз тууралуу талашып жаткандар качып кутула албасын билип алышсын!

36. Силерге берилгендердин баары бул дүйнөнүн жыргалы. А Аллахтын алдындагылар[6] ыйман келтирип, Эгесине тобокел кылгандар үчүн эң мыкты жана туруктуу[7].

37. (Алар) оор күнөөлөрдөн, бузукулуктардан чегингендер жана ачуусу келгенде кечиргендер

38. Эгесине жооп бергендер, намаз окугандар, өздөрүнүн ишин өз ара кеңешип чечкендер жана алар Биз бергендерден сарптагандар.

39. Аларга зулумдук жетсе, жеңишке ээ болушат.

1 Кудайды унута баштоо, текеберлик, мактануу, көпкөнчүлүк, ысырап, же кесир кылуу, таш боордук, кайрымсыздык ж.б.у.с. күчөмөк

2 Ошолор себеп болуп, кырсык жетет

3 Жакын, дос, тууган

4 Жапыз, майда толкундардын үстүндө

5 Күнөөкөрлөрдү

6 Бейиш жана андагы эсепсиз жыргалдар

7 Бейиштин жыргалдары түбөлүк жана кемтиксиз

40. Жамандыктын жазасы - ал сыйактуу эле жамандык. Ким кечирсе жана жарашса, анын сыйлыгы Аллахка таандык. Анткени ал адилетсиздерди сүйбөйт.

41. Ким зулумдук көрүп коргонсо, мында, албетте ага жеме жок.

42. Аныгында, жер үстүндө укуксуз түрдө чектен ашып, адамдарга зулумдук кылгандар жемеге татыктуу. Бул үчүн аларга оорутуучу азап (бар).

43. Бирок ким сабыр кылса жана кечирсе, албетте бул улуу иштерден.

44. Эгер Аллах кимди туура жолдон адаштырса, ага Андан башка коргоочу жок. Сен заалымдардын жазаны көргөн кезде: «Артка[1] кайтууга жол барбы?» - дегендерин көрөсүң.

45. Сен алардын мында[2] алынып келингенде кордолгон абалда көздөрүн төмөн салып, уурданып карагандарын көрөсүң. Ыймандуулар аларга: «Акыйкатта, зыйанга учуроочулар - алар өздөрүн-өздөрү жана үй-бүлөлөрүн[3] Кыйамат күнү зыйанга учураткандар!» - дешет. Ооба, албетте заалымдар туруктуу жазада (болушат).

46. Аллахтан башка аларга жардам бере турган эч ким болбойт. Аллах кимди Туура жолдон чыгарса, ага жол жок.

47. Артка кайтпай турган Кыйамат күн келгенге чейин Өзүңөрдүн Эгеңерге жооп бергиле. Ал Күндө силерге кутулчу жай да, танып кетүү да болбойт.

48. Эгер алар баш тартса, анда Биз сени алардын үстүнөн сактоочу кылган эмеспиз. Сага айкын кабарды жеткирүү гана милдет. Биз инсанга Өз мээримибизди тартууласак, ал кубанат. Ага ал өзүнүн колу менен мурун дайардалган жамандык жеткенде, анда, албетте, инсан шүгүр кылбайт.

49. Асмандар менен жердин бийлиги Аллахка гана таандык. Ал каалаганын жаратат: кимге кааласа кыз, кимге кааласа уул берет,

50. же Ал уулдарды да, кыздарды да берет. Кимди кааласа тукумсуз кылат. Анткени, Ал - Билүүчү, Кудуреттүү.

51. Аллах айан аркылуу, же тосмонун (парданын) артынан, же Өз уруксаты менен пайгамбар жөнөтүп Өз каалаганын кабар кылбай туруп, адамга сүйлөгөн эмес. Акыйкатта, Ал - Бийик, Даанышман.

52. Ушинтип, Биз сага Өз буйругубуз менен Рухту[4] айан кылдык. Сен[5] Ки-

---

1 Жалган дүйнөгө

2 Тозокко

3 Үй-бүлөлөрүн - айалын, бала-чакаларын да өзүнө окшогон ыймансыз, күнөөкөр кылгандар. Аларга акыл-насаат айтып, ыйманга чакырбагандар ж.б.у.с.

4 Рух - Ыйык Курандын дагы бир аталышы. Жан да рух деп аталат. Аллах Таала адамга өз рухунан жан салган. Жан эч убакта өлбөйт. Ал үчүн өлүм жок

5 Мухаммед (а.с.)

теп жана ыйман эмне экенин билген эмессиң. Биз аны нур кылдык. Аны менен Биз Өз пенделерибизден кимдерин кааласак Туура жолго алып барабыз. Албетте сен, анығында, Туура жолго баштайсың.

53. Ал асмандардагылар менен жердегилер таандык болгон Аллахтын жолу. Бардык иштер Аллахка кайтат.

## 43. ЗУХРУФ[1] СҮРӨСҮ

**Меккеде түшүрүлгөн Сексен тогуз айаттан турат**

***Мээримдүү, Ырайымдуу Аллахтын аты менен***

1. Ха, мим[2].
2. Анык Китепке ант!
3. Чындыгында, түшүнүүңөр үчүн аны арабча Куран кылдык.
4. Албетте, ал Биздин алдыбыздагы негизги Китепте[3] бийик жана даанышман.
5. Силерди чектен ашкан эл экен деп, эскертмени[4] кармап туралыбы[5]?
6. Мурункуларга канчалаган пайгамбарларды жибергенбиз.
7. Алар өздөрүнө келген пайгамбарды такай келеке кылышкан.
8. Ошентип, алардын күчтүүрөктөрүн да жок кылдык. Мурункулардын мисалы өттү[6].
9. (Эй, Мухаммед!) Эгер алардан: «Асмандар менен жерди ким жаратты?» - деп сурасаң, албетте, алар: «Аларды Ызаттуу, Билүүчү (Аллах) жаратты» , - дешет.
10. Аллах силерге жерди бешик кылып, туура жүрүүңөр үчүн жолдорду жаратты.
11. Аллах асмандан өлчөмдүү жамгыр жаадырат. Аны менен өлүк жерди кулпурттук. Ошол сыйактуу (силер да) тирилтилип чыгарыласыңар.
12. Аллах бардык жуптарды жаратты. Силерге кемеден жана айбандардан мине турган унааларды жаратты.
13. Алардын үстүнө минесиңер, анан Эгеңердин жакшылыктарын эске

---

1 Зухруф - Кооздуктар

2 Маанисин бир гана Аллах Таала билет

3 Лавху Махфузда

4 Куранды

5 Курандагы Аллах Тааланын буйруктарын силерге айтпастан, жөн койолубу?

6 «Алар тууралуу мурунку айаттарда сөз болду», - деген маани

алып: «Муну бизге багындырып койгон Аллахка - Арүүлук! Анткени, биз буга жакындай да албайт элек», - дейсиңер.

**14.** «Чындыгында, Биз Эгебизге кайтып баруучубуз.»

**15.** (Эй, Мухаммед!) Алар[1] Аллахка Анын кулдарынын бир бөлүгүн ыйгарышат[2]. Албетте, инсан - анык каршы туруучу[3].

**16.** Же Ал жараткандарынан кыздарды өзү алып, уулдарды силерге ыйгардыбы?

**17.** Алардын бирөөсүнө Мээримдүүгө арнаганынын[4] кабары сүйүнчүлөнсө[5], беттери карарып, аны ачуусу муунтат.

**18.** Кооздук ичинде тарбийаланып, талашта ачыкка чыга албаган[6] бирөөнү Аллахка ыйгарасыңарбы?

**19.** Алар Аллахтын пенделери болгон периштелерди ургаачы кылышты. Алар эмне, алардын жаралышына күбө болушуптурбу? Алардын бул күбөлүктөрү жазылып, анан[7] суракка алынат.

**20.** Ошондой эле алар: «Мээримдүү Аллах каалаган болсо, биз аларга[8] сыйынбас элек» , - дешет. Аларда ага тиешелүү маалыматтар жок. Алардыкы бүт (ойдон чыгарылган) жоромолдор гана.

**21.** Же аларга мындан мурун бир китеп берип, ошого тайанып жатышыптырбы[9]?

**22.** Тескерисинче, алар: «Ата-бабаларыбызды бир жол[10] үстүндө[11] таптык. Чындыгында биз да алардын издерине түшүп[12], туура жол табабыз», - дешет.

**23.** Ошентип, сенден[13] мурун бир айылга пайгамбар жиберсек, алардын

---

1 Мушриктер

2 Алар периштелерди - Аллах Тааланын кыздары дешкен. Чындыгында, уул болсун, кыз болсун бардык балдар атанын бир бөлүгү. Алар Аллах Таалага кыз да, бала да эмес. Аллах Тааланын баласы да, кызы да жок жана Ал аларга муктаж да эмес!

3 Каршы чыгуучу

4 Кыздын

5 Кыздуу болгону тууралуу кабар укса

6 Анткени ал өтө назик

7 Кыйаматта

8 Периштелерге

9 Ошол китепте периштелердин ургаачы экени, же кудай экени тууралуу жазылыппы? Жок! Андай эмес!

10 Диний жол-жобо

11 Ичинде

12 Ээрчип

13 Аллах Таала Мухаммед (а.с.)га кайрылууда

мансаптуулары: «Ата-бабаларыбызды бир жол[1] үстүндө[2] таптык. Чындыгында биз да алардын издеринен ээрчигенбиз», - деди.

24. (Пайгамбар): «Эгер силер ата-бабаларыңарды тапкан жолдон туураагын алып келсем[3] дагыбы?» - деди. Алар: «Чындыгында, силер аркылуу жиберилген нерсеге каршыбыз» , - дешти.

25. Ошондо биз да алардан өч алдык. Эми жалганга чыгаруучулардын акыбети кандай болгонун көрүп ал!

26. Ибрахим атасына жана элине: «Чындыгында, мен силердин сыйынган нерсеңерден баш тарттым», - деген кезди эсте.

27. «Бирок Мени жараткан Аллах башка[4]. Ал мени туура жолго салат...»

28. Ибрахим бул сөзүн кийинки урпактарына да калтырды. Албетте, алар ушуга кайра кайтышаар.

29. Ошондо аларды жана алардын ата- бабаларын Акыйкат[5] жана анык элчи келгенге чейин ырахаттандырып койдум.

30. Аларга Куран келген учурда алар: «Бул - бир сыйкыр. Чындыгында биз буга каршыбыз», - дешти.

31. Алар: «Бул Куран эки калаадан[6] чоң бир адамга түшүрүлгөн болсо да...[7]» - дешти.

32. Эгеңдин жакшылыгын алар бөлүп беришеби? Алардын дүйнө тиричилигиндеги ырыскысын араларын да Биз бөлүштүрдүк. Кээ биринен кээ биринин даражасын көтөрдүк[8]. Эгеңдин ырайымы алардын жыйнаган нерселеринен жакшыраак.

33. Эгер бардык адамдар бир элдей болгондо, албетте, Аллахка каршы чыккандардын[9] (айырмаланып турсун үчүн) үйлөрүнүн чатырын жана жогору чыга турган тепкичтерин күмүштөн кылып коймокпуз.

34. Үйлөрүнүн эшиктерин жана жөлөнүп олтура турган бийик отургучтарын да күмүштөн кылып коймокпуз.

35. (Аларды) Алтынга бөлөп таштамакпыз. Булардын баары дүйнө тири-

---

1 Диний жол-жобо

2 Ичинде

3 Көрсөтсөм

4 Силердин буд-сөлөкөттөрүңөрдөй эмес.

5 Куран

6 «Бул Куран меккелик, же таифтик бир атактуу кишиге түшпөйбү -деп, Мухаммед (а.с.)га ыраа көрүшпөдү. Анткени Мухаммед (а.с.) кедей болчу. Ал эми ал атактуулар: Меккелик Ал-Валид ибну Ал-Мугийра, же таифтик Урва ибну Мас-уд Ассакафий экенин Курандын маанисин чечмелөөчүлөр айтышкан (Тафсир Сафват Тафаасир).

7 Аллахка мойун сунмакпыз

8 Биринен биринин даражасын жогорураак кылып койдук

9 Каапырлардын

чилигинин гана пайдасы[1]. А Эгеңдин алдындагы акырет (жыргалы) такыбалар үчүн.

36. Эгер ким Мээримдүүнү эстөөдөн баш тартса, анда ага шайтанды жандоочу кылып койобуз, ал анын досу болуп калат[2].

37. Чындыгында, шайтандар аларды жолдон тосушат. Бирок, алар өздөрүн «туура жолго багытталдык», - деп ойлошот.

38. Акырет күнү[3] бизге келгенде[4]: «Аттиң! Мени менен сенин ортобуз Батыш менен Чыгыштын узактыгындай болсочу! Кандай жаман жолдошсуң!» - дешет.

39. Албетте, силерге бүгүнкү[5] өкүнүч пайда бербейт. (Анткени дүйнөдө) силер (бири-бириңерге) зулумдук кылгансыңар[6]. Андыктан азапка да шериктеш болосуңар.

40. (Эй, Мухаммед!) дүлөйлөргө сен угузуп, сокурду, же анык адашкан немени Туура жолго сала аласыңбы?

41. Эгер сени алып кетсек, анда аларга татыктуу жазаларын беребиз.

42. Же аларга убада кылынган азапты (сенин көзүңдүн тирүүсүндө келтирип), албетте, сага да көрсөтөбүз.Чындыгында, аларга кудуретибиз жетет!

43. (Эй, Мухаммед!) Сага айан кылынганды[7] бекем тутун. Сен, чындыгында, Туура жолдосуң.

44. Акыйкатта, Куран сен үчүн жана сенин үммөттөрүң үчүн бир насаат. Жакында[8] суракка алынасыңар.

45. Сенден мурун жиберилген элчилерибизден: Аллахтан башка сыйына турган кудайларды жасаган-жасабагандыгыбыз тууралуу сура.

46. Ырасында, Мусаны да белгилер[9] менен Фараонго жибергенбиз. Ошондо ал аларга: » Чындыгында, мен ааламдардын Эгесинин элчисимин», - деди.

47. Аларга кереметтерибиз менен келген кезде, алар ага күлүшкөн.

---

1 Ушул дүйнөдө гана пайдасы тийет

2 Шайтан баштаган жакка кете бере турган болуп калат

3 Кыйамат күнү

4 Шайтанга

5 Кыйамат күнүндөгү

6 Каапырлар, күнөөкөрлөр...

7 Куранды

8 Кыйаматта Куранга кандай мамиле жасадыңар, анын ичиндеги Аллах Тааланын буйруктарын канчалык даражада аткардыңар... мына ушулар тууралуу

9 Кереметтер

48. Аларга көрсөткөн белгилер[1] бири - биринен чоң болчу. Балким кайта-
ар деп (тигилерди[2]) азап менен кармадык.

49. (Алар Мусага): «Эй, сыйкырчы! Эгеңе сага берген убада бойунча жал-
бара бер. Албетте, биз туура жолдобуз», - дешти.

50. Ошондо Биз алардан азапты ачкан[3] кезде, алар дароо сөздөрүнөн баш
тартышты.

51. Фараон өз элине жар салып мындай деди: «Эй, элим! Мисирдин пады-
шалыгы меники жана алдымдан агып турган бул дарыйалар да меники
эмеспи? Карап көрбөйсүңөрбү?»

52. «Же мен өзү бир байкуш, сөзүн (жакшылап) түшүндүрө албаган Муса-
дан жакшы эмесминби?»

53. «Ага эмне үчүн алтындан билериктер тагылбаган, же аны менен бирге
периштелер эмне үчүн жолдош болуп келишпеди?»

54. Ошентип (Фараон) өз элин жемеледи. Ошондо эли аны урматтап, ага
баш ийди. Чындыгында, алар бузулган коом болчу.

55. Алар Бизди нааразы кылган кезде, алардын тийиштүү жазасын берип,
сууга чөктүрүп салдык.

56. Аларды кийинкилер үчүн өтүп кеткен бир (тарыхый) сабак кылып
койдук.

57. Марйам уулу мисал келтирилгенде[4] ага элиң шаттанып күлүшөт.

58. Алар: «Биздин кудайларыбыз жакшыбы? Же Иса жакшыбы?» -дешти.
Алардын сага муну айтуулары - жаңжал чыгаруу үчүн гана (кылынды).
Анткени, алар тартышчаак эл.

59. Ал (Иса) Биз ага жакшылык берген жана Исраил урпактарына мисал
кылынган бир пенде гана.

60. Эгер кааласак, силердин ордуңарга периште жаратат элек да, алар си-
лерге орун басар болуп калышмак.

61. Чындыгында, ал[5] - Кыйаматтын белгиси. Ошондуктан андан шектен-
бестен Мени ээрчигиле. Мына ушул Туура жол.

62. Силерди шайтан туура жолдон тосуп койбосун. Анткени, ал силер үчүн
анык душман.

63. Иса кереметтер менен келип аларга кээ бир талаш-тартыштарды бай-
андоо үчүн мындай деди: «Мен силерге даанышмандык алып келдим.
Аллахтан корккула. Мага баш ийгиле».

---

1 Кереметтер

2 Фараонду, жандоочуларын жана анын аскерлерин

3 Алып салган

4 Аллах Таала пайгамбарыбыз Мухаммед (а.с.)га кайрылып жатат

5 Иса пайгамбар

64. «Акыйкатта, Аллах - менин да, силердин да Эгеңер. Ошондуктан Ага сыйынгыла. Ушул Туура жол».
65. Анткен менен топтор өз ара талашка түштү. Сыздатуучу күндүн азабынан ошондой заалымдарга азап болсун!
66. Алар өздөрүнө Кыйамат күнүнүн келе жатканын билбеген абалда, кокустан келип калуусун гана күтүп жатышабы?
67. Ошол күнү такыбалардан бөлөк достор бири-бирине душман болушат.
68. (Аллах такыбаларга): «Эй, пенделерим! Бүгүн силерге кооптонуу жок жана кайгырбайсыңар» (дейт).
69. Алар Биздин айаттарыбызга ыйман келтирип, мойун сунуучулар.
70. «Бейишке киргиле. Силер да, жубайларыңар да сыйга бөлөнөсүңөр».
71. Аларды алтындан болгон табактар жана кеселер сунулуу менен айланып турулат. Анда көңүлдөр кызыга турган, көздөр кубана турган нерселер бар. Силер анда түбөлүккө каласыңар.
72. Мына ушул - өзүңөрдүн амалыңар аркылуу силерге мурас кылынган Бейиш.
73. Анда силер үчүн жемиштер көп. Андан жейсиңер.
74. Күнөөкөрлөр[1] Тозоктун азабында түбөлүккө калышат.
75. Алардын азабы жеңилдетилбейт. Алар анда (жакшылыктан) үмүт үзгөн бойунча калышат.
76. Аларга (Биз) зулумдук[2] кылганыбыз жок, алар өздөрүнө зулумдук кылышты.
77. «Эй, сакчы! Эгең ишибизди бүтүрсүнчү[3]» - деп үн салышат. (Сакчы): «Чындыгында, силер (түбөлүккө) калуучусуңар» - дейт.
78. (Аллах аларга): «Чындыгында силерге акыйкатты жибердик. Бирок көпчүлүгүңөр чындыкты жек көрдүңөр» (дейт).
79. Же алар (пайгамбарга каршы) чара колдонуштубу? Чындыгында, чара колдонууну бекемдөөчү - Биз.
80. Же алар өз сырларын жана жашыруун шыбырашкандарын Бизди укпайт деп ойлошобу? Жок, (андай эмес) элчилерибиз[4] жазып турушат.
81. Аларга: «Эгерде Аллахтын баласы болсо, анда мен сыйынгандардын алды болмокмун[5]», - дегин.

1 Каапырлар

2 Адилетсиздик

3 «Бизди кыйнабай өлтүрүп эле салсынчы«-дейт каапырлар

4 Периштелер

5 Силерден мурда билмекмин жана мойунга алмакмын

82. Асмандар менен жердин Эгеси жана Арштын Эгеси - алардын[1] сыпаттаган нерселеринен аруу!
83. Азырынча аларды жөн кой. Өздөрүнө убада кылынган күнгө чейин (тиричилик жыргалдарына) чумкуй беришсин, ойноп турушсун.
84. Ал асмандарда да Кудай, жерде да Кудай. Ал - Даанышман, Билүүчү.
85. Асмандар менен жердин жана бул экөөнүн ортосундагы бийлик таандык болгонго улуктук![2] Кыйаматтын маалыматы[3] Анын алдында. Ага кайтасыңар.
86. Алардын Аллахтан башкага сыйынгандары шапаат кылуу укугуна ээ эмес. Бирок Акыйкатты[4] билип, күбө болгондор башка[5].
87. Эгер алардан: » (Силерди) ким жаратты?» - деп сурасаң, албетте алар: «Аллах» - дешет. Анан кантип жүз үйрүшөт[6]?
88. (Пайгамбардын): «Оо, Эгем! Булар ыйман келтирбей турган эл» -дегенин (Аллах билет).
89. (Азырынча) алардан жүз бур да: «Аман болгула», - деп кой. Алар жакында[7] билишет!

# 44. ДУХАН[8] СҮРӨСҮ

**Меккеде түшүрүлгөн Элүү тогуз айаттан турат**

***Мээримдүү, Ырайымдуу Аллахтын аты менен***

1. Ха, Мим[9].
2. Айкын Китепке ант!
3. Биз Аны кут даарыган ыйык түндө түшүрдүк. Акыйкатта, Биз эскертүүчүбүз.
4. Бул түндө бардык даанышман иштер бөлүштүрүлөт.

---

1 Мушриктердин, каапырлардын

2 Эгер алар силерге жакшы болсо, демек, аны жакшы кылып койгон Аллах Таала! Баары Анын мүлкү!

3 Кыйаматтын качан болоору тууралуу Аллах Таала гана билет

4 Куранды

5 «Лаа илааха иллаллоох», - деп келме келтиргендер, мисалы: Иса, Узайр пайгамбарлар жана периштелер. Албетте, булар Аллах Тааланын уруксаты менен момун мусулмандарга колдоо көрсөтүшөт. Бирок буларга сыйынууга болбойт

6 Аллах Тааланын жалгыздыгын мойундарына алып туруп деле, каапырлык кыла беришет...

7 Кыйамат күнү..

8 Духан - Түтүн

9 Мааниси бир Аллах Таалага маалым

5. Бизден болгон буйрук бойунча Биз жөнөтүүчүбүз,
6. сенин Эгеңдин мээримдүүлүгү бойунча, анткени Ал - Угуучу, Билүүчү
7. Асмандагылар менен жердин, ал экөөнүн арасындагылардын Эгеси, эгер силер ишенүүчү болсоңор.
8. Андан башка Кудай жок, Ал тирилтет жана өлтүрөт. (Ал) Силердин жана оболку аталарыңардын Эгеси.
9. Жок! Алар шектенип, эрмек кылышууда.
10. Асман айкын түтүн менен келген күндү[1] күтүп тур.
11. Ал адамдарды каптап калат. Бул оорутуучу жаза.
12. (Ошондо алар минтишет): «Эгебиз! Бизден жазаны кайтар. Биз ишенүүчүлөрбүз».
13. Ачык-айкын айаттар менен аларга келген пайгамбардын эскертүүсү кайда?
14. Алар андан жүз бурушту да: «Окутулган[2] жинди», - дешти.
15. Чындыгында Биз азапты азыраак токтото турабыз. Анткени, Бизге кайтасыңар.
16. Биз чоң кыйроо менен кыйраткан күнү Биз акыйкатта өч алуучубуз.
17. Биз аларга чейин Фараондун элин сынаганбыз. Аларга ардактуу пайгамбар келген.
18. «Мага Аллахтын пенделерин тапшыргыла, мен силерге ишенимдүү пайгамбармын», - деди.
19. Аллахтын алдында көтөрүлбөгүлө, анткени, мен силерге негиздүү далилдер менен келем.
20. Силер мени таш менен урбооңор үчүн менин жана силердин Эгеңер менен сактандым.
21. А эгер силер мага ишенбесеңер, мага зыйан кылбагыла.
22. Ал Эгесине: «Бул адамдар күнөөкөр коом», - деп жалбарды.
23. «Түн ичинде Менин пенделерим менен бирге чык! Анткени, алар сени куугунтукка алышат[3],
24. деңизди ачык койуп кой[4], анткени, алар чөктүрүлүүчү аскерлер.»
25. Алар канча бактарды жана булактарды калтырды.
26. Эгин талааларын жана ардактуу орундарды,
27. жана алар ырахаттанган жакшылык жыргалдарды.

---

1 Кыйын кезең, ачарчылык келген күнү. Анткени катуу ачка болгон адам алсыздыгынан көзү тунарып, аны менен асмандын ортосун түтүн сымал көрөт. Тафсир Ал-Байзавий.

2 Бул Куранды бирөөдөн үйрөнүп жүрөт

3 Аллах Тааланын буйругу

4 Деңизден өтүп алгандан кийин.

28. Мына ушундай! Биз мунун баарына башка элди мураскор кылдык[1].
29. Алардын үстүнөн асман да, жер да ыйлаган жок жана алардын мөөнөтү узартылбады.
30. Биз Исраил урпактарын кордоочу азаптан куткардык[2],
31. Фараондон. Анткени ал текебер, чектен чыккандардан эле.
32. Биз аларды илим менен дүйнөнүн үстүнө тандап алдык[3].
33. Аларга Биз сыноо болгон ачык-айкын айаттарды келтирдик.
34. Мына алардын[4] айткандары:
35. «Бизде бир гана өлүм бар. Биз (өлгөн соң) тирилбейбиз.
36. Эгер силер чынын айтып жатсаңар биздин аталарыбызды (тирилтип) келтиргилечи».
37. Алар жакшыбы[5], же Тубба[6] коомубу, же аларга чейинкилерби[7]? Аларды Биз ойрон кылдык, анткени, алар күнөөкөрлөр эле.
38. Биз асмандар менен жерди, алардын арасындагыларды ойноп жаратканыбыз жок.
39. Биз аларды акыйкаттык менен жараттык, бирок көпчүлүгү аны билишпейт.
40. Акыйкатта, ажыратуучу күн[8] - алардын баарынын мөөнөтү.
41. Ал күнү дос досун куткара албайт жана аларга жардам берилбейт.
42. Аллах мээримдүүлүк кылгандарынан башкаларына. Анткени Ал - Улуу, Мээримдүү.
43. «Акыйкатта Заккум[9] дарагы,
44. күнөөкөрлөр үчүн тамак,

---

1 Фараон аскерлери менен кыргын болгондон кийин 1. Исраил урпактары Мисирге мураскор болуп калган (Хасан ал- Басринин пикири бойунча); 2. Башка да элдер (Катаданын пикири бойунча).

2 Египеттиктер аларды кулдукта кармап, каалагандай эзип, кичинекей эркек балдарын өлтүрүп турушкан.

3 Исраил урпактары кулдуктан кутулган соң, бир канча убакыттардан кийин алардын урпактары гүлдөгөн аймактарга отурукташкан. Дауд, Сулаймандын учурунда күчтүү мамлекетке айланган. Аллах Таала Исраил урпактары үчүн Тооратты жана Забурду берген

4 Сөлөкөттөргө, жалган кудайларга табынган араб мушриктери.

5 Меккелик сөлөкөткө табынуучулар жана алар менен байланыштуу болгон байлык, дөөлөт, мансап сыйактуу түшүнүктөр.

6 Йемендик Химйар падышанын династийасынын аталышы.

7 Байыркы күч-кубаттуу бөлөк да элдер

8 Кыйамат күнү

9 Заккум - Тозоктун түбүндө өсүүчү түрү суук дарак. Анын мөмөлөрү шайтандын башына окшош, а бутактары учтуу тикенектүү болот. Бул мөмө тозоктогуларга мажбурланып жегизилет

45. эриген жез өңдүү, курсактарында[1] кайнайт,
46. кайнаган суу өңдүү.
47. Аны алгыла да, тозоктун дал ортосуна сүйрөп баргыла!
48. Андан соң анын төбөсүнө кайнак суудан куйгула!
49. Таткын! Анткени, сен ызааттуу, улуксуң[2].
50. Акыйкатта бул силер шектенип келген нерсе» (делинет).
51. Анығында такыбалар тынч жайда[3],
52. Бак дарактардын жана суулардын араларында.
53. Алар жука жана жибектен кийим кийип, маңдай-тескей (орун алышат).
54. Мына ушундай. Биз аларды кара көз үр кыздары[4] менен үйлөндүрөбүз.
55. Алар анда түрдүү ишеничтүү жемиштен талап кыла алышат.
56. Алар анда биринчи өлүмдөн башка өлүмдү татышпайт жана Ал аларды от азабынан куткарган,
57. Эгеңдин мээримдүүлүгү бойунча. Бул улуу сыйлык!
58. Биз аны[5] сенин тилиңде жеңил кылдык. Мүмкүн алар насаат алышаар.
59. Күткүн, анткени алар да күтөт[6].

## 45. ЖААСИЙА[7] СҮРӨСҮ

**Меккеде түшүрүлгөн Отуз жети айаттан турат**

***Мээримдүү, Ырайымдуу Аллахтын аты менен***

1. Ха, Мим[8].
2. Китептин түшүүсү - Өкүмдар, Даанышман Аллахтан.
3. Чындыгында асмандарда да, жерде да момундар үчүн белгилер[9] бар.

---

1 Тозоктогу күнөөкөрлөрдүн

2 Өз ойунда өзүн ызааттуумун деп сезген

3 Эч нерседен бейкапар, чексиз бактылуу абалда Бейиш жайында болушат. Анда бардык нерселер жогорку көркөмдүктө, көз тайгылткан кооз абалда болот

4 Тил жеткистей келишкен сулуу кыздар, алардын көздөрү адамды өзүнө тарткандай өзгөчө көркөмдүү, алар Бейишке киргендердин жубайлары болушат.

5 Куранды

6 Эй, Мухаммед, алардын эмне болоорун күткүн, анткени алар сени кырсыкка калат деп күтүп жатышат. (Сафват Ал- Тафасир)

7 Жаасийа - Эңкейүүчү

8 Маанисин бир Аллах Таала билет

9 Аллах Тааланын жалгыздыгын далилдеп, тастыктап турган

**4.** Силердин жаралууңарда да, жандыктардын таралуусунда да чындап ыйман келтирген эл үчүн белгилер бар.

**5.** Түн менен күндүн алмашуусунда, Аллахтын асмандардан жамгыр жаадырып, өлгөн жерди ал аркылуу тирилткендигинде жана шамалдарды башкаруусунда акыл калчаган эл үчүн белгилер бар.

**6.** Ушулар Аллахтын айаттары. Сага буларды акыйкат менен окуйбуз. Эми алар Аллахтын айаттарынан кийин кайсыл сөзгө ишенишет?

**7.** Бардык жалганчы күнөөкөргө азап болсун!

**8.** Аларга окулган Аллахтын айаттарын тыңдашат да, менменсинип, эч нерсени укпагандай текеберленишет. Эми аларга оорутуучу азапты сүйүнчүлө.

**9.** Эгерде ал айаттарыбыздан бир нерсе билсе, аны келекеге айлантат. Мына ошолорго кордоочу азап бар.

**10.** Алардын артында[1] Тозок дайар. Алардын жасаган иштери да, Аллахтан башка жасап алган (сөлөкөт) достору да эч бир пайда бербейт. Аларга зор азап бар.

**11.** Бул[2] - туура жолго баштоочу. Эгеңдин айаттарына каршы чыккандар үчүн оорутуучу азаптын эң жаманы бар.

**12.** Аллах деңизди (пайдаланууну) силерге багындырды. Анын буйругу менен деңизде кемелерди жүргүзүп, Анын жакшылыгынан ырыскы издейсиңер. Балким, (Аллахка) шүгүр кылаарсыңар.

**13.** Ошондой эле, Ал Өзү тараптан силер үчүн асмандар менен жердеги бардык нерселерди силерге багындырып койду. Чындыгында, ушуларда ой жүгүрткөн эл үчүн белгилер бар.

**14.** Ыйман келтиргендерге[3] айткын. Аллахтын оор күнүн үмүт кылбагандарды кечирип койушсун. Анткени, Аллах ар бир элдин жасаган иштеринин жазасын берет.

**15.** Эгер ким жакшы иштерди жасаган болсо, ал өзү үчүн. Ал эми ким жамандык жасаган болсо, ал да өзүнө. Андан кийин Эгеңерге кайтасыңар.

**16.** Чындыгында, Исраил урпактарына китеп, өкүмдарлык, пайгамбарлык жана таза ырыскы берип ааламдарга артык кылган болчубуз.

**17.** Ошондой эле дин иштеринде аларга даана далилдерди берген болчубуз. Бирок аларга (Мухаммед алейхи саламдын пайгамбарлыгы жана адал менен арам ж.б.у.с. тууралуу) маалымат келгенден кийин өз ара ичи тардыктан улам, бүтпөс талаш-тартышка түшүп кетишти. Чынды-

---

1 Тозок тигил дүйнөдө болгондугу үчүн ушинтип айтылууда

2 Куран

3 Аллах Таала Мухаммед (а.с.)га кайрылууда

гында, Эгең Кыйамат күнү ортолорундагы талашка түшкөн нерселер тууралуу өкүм чыгарат[1].

18. Сени[2] шариат ишине койдук[3]. Эми ушуну менен жүр. Билбегендердин сөздөрүн ээрчибе.

19. Анткени алар сени Аллахтан эч качан коргой алышпайт. Чындыгында, заалымдар бири-бири менен дос. Аллах болсо - такыбалардын досу.

20. Бул Куран инсандар үчүн даана далилдер менен чындап ыйман келтирген элге жол башчы жана ырайым.

21. Же жаман иштерди жасагандар, өздөрүн ыйман келтирип, жакшы иштерди жасаган адамдар сыйактуу эле биз да жашоодо, өлүмдө алар менен бирдейбиз деп ойлошобу? Алардын (өздөрүнчө) чыгарган чечимдери кандай жаман?

22. Чындыгында, Аллах асмандар менен жерди акыйкат менен жаратты. Ар кимге кылган ишине жараша берилет[4] . Алар адилетсиздикке учурашпайт.

23. Каалоосун[5] кудай кылып алган адамды жана Аллах Өзү билип туруп адаштырып, кулагына, жүрөгүнө мөөр басып, көзүн парда менен тосуп койгон адамдарды көрдүңбү[6]? Эми, Аллах адаштыргандан кийин аны Туура жолго ким салат? Эсиңерге келбейсиңерби!?

24. Алар: «Жашообуз - ушул гана дүйнөдө. Өлөбүз, өмүр сүрөбүз. Бизди мезгил гана өлтүрөт»- дешет. Чындыгында, алардын буга байланыштуу[7] маалыматы жок. Алардыкы болжол гана.

25. Аларга айаттарыбыз түшүнүктүү кылынып окулган кезде: «Эгер сөздөрүңөр чын болсо, ата-бабаларыбызды тирилтип, алып келгилечи кана!»- дештен башка далилдери болбойт.

26. (Сен): «Силерди тирилтет, анан өлтүрөт. Анан кайра силерди шексиз болуучу Кыйамат күнү жыйнайт. Бирок адамдардын көбү (муну) билишпейт», - деп айткын[8].

27. Асмандар менен жердин ээлиги - Аллахка таандык. Кыйамат болгон кезде бузукулар[9] зыйанга учурашат.

28. (Эй, Мухаммед!) Бардык коомдордун (ошондо) эңкейип турганын

1 Ошондо акыйкат Мухаммед (а.с.) тарапта экенин көрүшөт!
2 Аллах Таала Мухаммед (а.с.)га кайрылууда
3 Дин иштеринин жолуна салдык
4 Демек, албетте, капыр менен момун окшош бааланбайт
5 Көңүлү самаган нерсени
6 Алар каапырлар
7 Өлүм менен кошо инсандын жашоосу толук бүтөбү, же жашоо чексизби, ал тууралуу...
8 Аллах Таала Мухаммед (а.с.)га кайрылууда
9 Каапырлар

көрөсүң. Ар бир коом амал китебине чакырылат да: «Бүгүн (тирүүлүктө) кылган иштериңердин акылары берилет».

29. «Бул Китебибиз силерге чындыкты гана сүйлөйт. Анткени силердин кыл- ган иштериңерди жаздырып алганбыз»- делинет.

30. Ал эми ыйман келтирип, жакшы иштерди жасагандарды Эгелери Өз ырайымына бөлөйт. Мына ошол анык ийгилик!

31. (Аллахтын айаттарына) каршы чыккандарга: «Силерге айаттарым окулбады беле!? Ошондо текеберлендиңер. Силер күнөөкөр эл элеңер».

32. «Чындыгында, Аллахтын убадасы - Акыйкат жана Кыйаматтын келишинде шек жок» - делген кезде: «Кыйаматтын эмне экенин билбейбиз[1]. Муну жөн эле болжол деп ойлойбуз. Биз ынангандардан эмеспиз» (дечү элеңер).

33. Кылган жамандыктары ашкереленип, алардын келекелеген нерселери өздөрүнүн баштарына түштү.

34. Аларга: «Силер ушул күндө жолугууну унуткандай, эми Биз да силерди[2] унутуп койобуз. Орундарыңар - От. Силер үчүн бир да жардамчы табылбайт», - деп айтылат.

35. Бул (азап) - силер Аллахтын айаттарын келекелегендигиңердин айынан (болот). Силерди дүйнө тиричилиги азгырды. Ошондуктан алар бүгүн Тозоктон чыгарылбайт, тооболору да кабыл кылынбайт.

36. Бардык мактоо - Эгебиз, асмандардын Эгеси, Жердин Эгеси жана ааламдардын Эгеси - Аллахка таандык.

37. Асмандарда да, жерде да улуктук - Ага таандык. Ал - Ызааттуу, Даанышман!

## 46. АХКАФ[3] СҮРӨСҮ

**Меккеде түшүрүлгөн Отуз беш айаттан турат**

***Мээримдүү, Ырайымдуу Аллахтын аты менен***

1. Хаа-Мим[4].

2. Китептин түшүүсү - Ызааттуу Даанышман Аллахтан.

3. Биз асмандар менен жерди жана ал экөөнүн ортосундагыларды чын-

1 Билгибиз да келбейт.

2 Отко таштатып койуп

3 Ахкаф - Кум дөбөлөр

4 Маанилери бир Аллахка маалым.

дык, белгиленген мөөнөт менен жараттык. А каапырлар болсо өздөрүнө эскертилген нерселерден жүз буруучулар.

4. (Аларга) айт: «Аллахтан башка табынып жатканыңардын[1] кандай экенинен кабар бергилечи? Алар (кудайыңар) жер үстүндө эмнелерди жараткандыгын, же болбосо аларда асмандарды жаратууда үлүшү барбы, көргөзгүлөчү. Эгер силер чындыкты айтып жатсаңар, анда мындан[2] мурунку китепти, же эң жок дегенде - илимдин[3] кичинекей бир бөлүкчөсүн келтиргилечи?!»

5. Кыйамат күнү кабыл алынбай турган нерселерге Аллахты таштап сыйынган адамдардан да көбүрөөк адашкан адам барбы? Алар[4] сыйынгандардын дубасынан кабарсыз.

6. А качан элдер чогулган кезде[5] алар[6] сыйынгандарга душман болуп чыга келет. Алардын сыйынууларын танышат.

7. Качан аларга Биздин анык айаттарыбыз окулган кезде, каапырлар өздөрүнө келген акыйкат тууралуу: «Бул анык сыйкыр!» - дешет.

8. Же: «Ал аны[7] ойлоп чыгарган» - дешет. (Аларга) айт: «Эгер мен аны ойлоп чыгарган болсом, анда силер мени Аллахтын азабынын азыраак нерсесин да коргой албас элеңер. Ал силер сүйлөп жаткан нерсе[8] тууралуу жакшы билет. Ал мени менен силердин ортобузда жетиштүү күбө. Ал[9]- Кечиримдүү, Боорукер».

9. Айт: «Мен биринчи келген пайгамбарлардан болгон эмесмин жана өзүмө эмне болорун да, силерге эмне болорун да билбейм. Мен өзүмө кабарланган нерсени гана ээрчиймин жана мен болгону ачык эскертүүчүмүн».

10. Айт: «Силер Куран Аллах тарабынан түшүрүлгөнүнө ишенбей жатсаңар, ал эми Исраил урпактарынын ичинен чыккан бирөө буга ишенип жатса эмне болоорун[10] айткылачы? Ал ага ишенди, а силер текеберде-не четке кагасыңар. Акыйкатта, Аллах адашкан коомду Туура жолго салбайт».

11. Каапырлар ыймандууларга мындай дешет: «Эгер ал[11] жакшы болгондо,

---

1 Ойдон чыккан, жасалма кудайыңардын, буд- сөлөкөттөрүңөрдүн.

2 Курандан

3 Силерге далил боло ала турган.

4 Сыйынып жаткан жасалма кудайлары, буд-сөлөкөттөр.

5 Кыйамат күндө

6 Жасалма кудайлар

7 Куранды

8 Куран

9 Аллах Таала

10 Эмне болоруңарды ойлодуңарбы?

11 Куран

анда алар[1] бизден мурда озмок эмес[2]». Өздөрү Туура жол таба албай жатышып: «Бул бир эски жалган», - дешет.

12. Ага[3] чейин да жол башчы жана мээримдүүлүк катары Мусага китеп түшүрүлгөн эле. А араб тилиндеги тастыктоочу бул Китеп (Куран) залымдарга[4] эскертүү жана жакшылык иш кылгандарга сүйүнүчтүү кабарды жеткирүү үчүн (түшүрүлгөн).

13. «Биздин Эгебиз Аллах гана» - деп айтып, кийин бекем турушкандарга коркунуч да болбойт, кайгыруу да болбойт.

14. Алар кылган жакшы иштеринин сыйлыгы үчүн Бейишке киришет, анда түбөлүккө калышат.

15. Биз инсанга ата-энесине жакшылык кылууну насаат кылдык[5]. Энеси аны кыйналып көтөрүп жүрөт жана кыйналып төрөйт. Аны (баланы) курсагында көтөрүп жүрүү жана эмчектен чыгаруу отуз айга созулат. Ал качан баралына жетип, кырк жашка келген кезде, ал: «Эгем! Өзүң мага жана менин ата- энеме көргөзгөн жакшылыгың үчүн мени Өзүңө шүгүр келтирүүчү кыл. Сени ыраазы кыла турган жакшы иштерге кубат бер. Менин жана урпактарымдын абалын[6] жакшырт. Өзүңө тообо кылдым. Мен мусулмандарданмын» - дейт.

16. Мындай адамдардан Биз алар жасаган иштеринин эң жакшыларын гана кабыл кылабыз жана алардын күнөөлөрүн бейиш ээлери катары кечиребиз. Бул аларга берилген чыныгы убада.

17. Өз ата-энесине айтты: «Уф! Экөөңө, менден мурда канчалаган кылымдар өтүп кетсе деле, менин тирилип кайра чыгуума убада берип жатасыңарбы?!» Ал экөө тең: «Оо куурагыр, Кудайга ишен! Анткени, Аллахтын айткандарынын бардыгы чындык!» - деп кайрылышат. (Анда) ал: «Бул илгеркилердин эле жомогу!» - дейт.

18. Аларга чейинки өткөн жиндер менен адамдардан болгон элдерге карата алардын үстүнөн (боло турган азап тууралуу) сөзү чын. Акыйкатта, алар зыянга учуроочулар.

19. Ар бир кишинин жасаган ишине ылайык берилүүчү даражалар болот. Ал алардын (амалдардын) энчисин берет. Аларга эч зулум[7] кылынбайт.

20. Кыйамат күнүндө каапырлар отко алынып келинген кезде: «Силер дүйнөдөгү жашооңордо өз жакшы нерселериңерди[8] кетирдиңер жана андан

1 Мусулмандар

2 Биринчи биз кабыл алмакпыз

3 Куранга

4 Каапырларга

5 Буйрук бердик

6 Туура жолго сал

7 Адилетсиздик

8 Ырахатыңарды түгөттүңөр

пайдаландыңар. А бүгүн жерде текеберлене басып, бузукулук кылганыңар үчүн кордоочу азап менен азапталасыңар» (делинет).

21. Аад коомунун бир тууганын[1] эсте! Ал кумдуу дөбөдөгү өзүнүн элине эскертти; а андан мурун да, андан кийин да пайгамбарлар: «Аллахтан башка эч кимге табынбагыла, мен силерге Улуу Күнү[2] боло турган азаптан коркомун», - деп эскертип, насаат кылышкан.

22. Алар: «Чын эле сен бизге, табынган кудайларыбыздан бизди кайтаруу үчүн келдиңби? Эгер сен чынчылдардан болсоң, анда бизге убада кылып жатканыңды алып келчи?» - дешти.

23. Ал айтты: «Илим Аллахта гана, мен болгону эмнеге[3] жөнөтүлгөн болсом, ошону гана жеткирем. Бирок, мен силердин сабатсыз эл экениңерди көрүп турамын».

24. Алар өз өрөөндөрүн көздөй жылып келе жаткан булуттарды[4] көрүшкөндө: «Бул булуттардан бизге жамгыр жаайт», - дешти. «Жок, ал силер шаштырып жаткан нерсе - бороондуу шамал, анда катуу азап бар!»[5].

25. «Ал[6] Аллахтын буйругу боюнча баарын кыйратат». Ошентип, эртең менен алардын (кыйраган) үй-жайларынан башка эч нерсе калган[7] жок. Биз күнөөлүү коомду ушинтип жазалайбыз.

26. Биз аларга, силерге[8] бербеген бийликти бердик. Аларга угуу, көрүү жана жүрөк бердик. Бирок кулагы да, көзү да, жүрөгү да аларга эч бир пайда келтирбеди. Анткени алар Аллахтын айаттарын танышты[9]. Анан алардын үстүнө өздөрү шылдыңдап жаткан нерсе түштү.

27. Биз силердин айлананардагы калааларды кыйратып жок кылганбыз; алар (Аллахка) кайрылсын үчүн көптөгөн айат-белгилерибизди түшүрдүк.

28. Аллахтан башканы Аллахка жакын кылат деп алышкан кудайлары (аларга) жардам бербедиби? Ошентип, алар жок болушту[10]. Бул - алардын жалаасы жана жалган сөздөрү.

29. Качан Биз сага Куранды угуу үчүн бир нече жиндерди жөнөткөнүбүздө,

1 Худ (а.с.)ды
2 Кыйамат
3 Эмне тапшырма менен
4 Аларды талкалоо үчүн жиберилген кырсыктуу булуттар
5 Бул Худ пайгамбардын сөздөрү
6 Бороон
7 Жашоочулары бүт өлүмгө учурады
8 Меккеликтер
9 Четке кагышкан
10 Жардам бермек түгүл

алар анын[1] жанында турушуп: «Уккула!» - дешти. Качан окуу айакталган кезде, алар өз элине (насаат-кабар менен) кайтып барышты[2].

**30.** Алар[3] мындай дешти: «Эй коомубуз! Биз Мусадан кийинки келген, ага[4] берилгендердин чындык экендигин тастыктаган Китепти уктук. Ал чындыкка жана Туура жолго алып барат.

**31.** Эй, коомубуз! Аллахка чакырып жатканды уккула жана ага мойун сунгула! Ал (Аллах)силердин күнөөлөрүңөрдү кечирет жана оорутуучу азаптан куткарат.

**32.** А ким Аллахка чакырып жатканды укпаса, анда ал жер үстүндө кутулбайт[5]. Ага Аллахтан башка коргоочулар жок[6]. Мындайлар анык адашууда.

**33.** Ырас эле алар - Аллах асмандар менен жерди жараткандыгын жана жаратууда алсыз болбогондугун, өлгөндөрдү кайрадан тирилте ала тургандыгын көрүшпөдүбү? Акыйкатта, Ал бардык нерселерге Кудурети жетүүчү.

**34.** Кыйамат күнүндө каапырлар оттун алдына койулат. «Бул чындык эмеспи?» (деп алардан суралат). «Ооба, Эгебизге ант беребиз! (Бул чындык экен дешет)». «Каапыр болгонуңар үчүн азабыңарды тарткыла!» - дейт.

**35.** Пайгамбарлардын арасынан туруктуулук ээлери[7] сабырдуу болгондой, сабырдуу болгун жана каапырларга шашылба[8]! Убада кылынган күндү[9] көрүшкөндө, күндүзү эле бир аз убакыт турушкансышат[10]. Кабар угузулган[11]. Бузулган эл гана жок болуп кетет[12].

---

**1** Пайгамбарыбыз Мухаммед (а.с.) дын

**2** Жиндер пайгамбарыбыздын учурунда бир нече ирет келип, динди үйрөнүп кетишкен

**3** Жиндер

**4** Муса(а.с.) га

**5** Аллах Тааланы алсыз кыла албайт

**6** Анын акыреттеги жазасынан

**7** Сабыр ээлери

**8** «Жаза качан болот» деп шашылба

**9** Кыйамат

**10** Кыйамат коркунучунан

**11** Дин жөнүндө толук кабар жеткен

**12** Кырсыкка кабылып, тозокко түшөт

# 47. МУХАММАД СҮРӨСҮ

**Мединада түшүрүлгөн Отуз сегиз айаттан турат**

***Мээримдүү, Ырайымдуу Аллахтын аты менен***

1. Каапыр болуп, Аллахтын жолунан тоскондордун амалдарын (Аллах) текке кетирет[1].
2. Ыйман келтирип, жакшы иштерди жасап, Мухаммедге Эгеси тарабынан чындык менен түшүрүлгөнгө ыйман келтиргендердин жамандыктарын (күнөөлөрүн) Аллах жойуп, акыбалын оңдойт.
3. Буга себеп: каршы болгондор[2] керексиз нерсени ээрчишкени. Ал эми ыйман келтиргендер Эгесинен келген Акыйкаттын жолуна түшүшкөндүктөрү. Аллах ушундай кылып адам баласына өз мисалдарын келтирет.
4. Согушта[3] каапырлар менен силер бетме-бет келсеңер, алар толук жеңилүүгө учураганга чейин мойундарына чапкыла! Ошондо аларды кишендеп, же ырайым кылгыла, же болбосо согуш бүтмөйүнчө (кайра өздөрүнө) акы алып тапшыргыла[4]. Эгер Аллах кааласа алардын үстүнөн[5] жеңишке жетишмек. Бирок, кээ бирөөңөрдү башка бирөөңөр аркылуу сыноо үчүн[6]. Аллах жолунда курман болгондордун амалдарын (Эгеңер) жоготпойт[7].
5. Аларды[8] Туура жолго салып, абалдарын жакшыртат.
6. Аларды өздөрүнө кабарлаган[9] Бейишке киргизет.
7. Эй, ыймандуулар! Эгер силер Аллахка жардам берсеңер, Ал[10] да силерге жардам берет жана силердин кадамыңарды бекем кылат[11].
8. Каапырларды болсо кыйроо күтүп турат жана алардын амалдарын текке кетирет[12].

---

1 Аллах Таала текке кетирет, жокко чыгарат
2 Ислам динине каршы болгон каапырлар
3 Ыйык согушта
4 Өткөрүп бергиле
5 Мусулмандар сөзсүз
6 Ыйманыңардын күчүн сыноо үчүн силерди Аллах баары бир согуштурат
7 Сооптору текке кетпейт
8 Аллах Таала
9 Аллах Таала кабарлаган
10 Аллах Таала
11 Күч-кубаттуу, душмандарыңарга караганда күчтүү кылып койот
12 Аллах Таала текке кетирет

**9.** Буга себеп: алар (каапырлар) Аллахтын жибергенин жек көрүшкөндүктөрүндө! Ошондуктан, Ал алардын амалдарын текке кетирди.

**10.** Алардан мурдагылардын[1] акыбети кандай болгонун[2] жер кыдырып көрүшпөйбү? Аллах аларды талкалады, башка каапырлар да дал ошондой кыйратылат!

**11.** Анткени, Аллах Өзүнө ыйман келтиргендердин[3] Ээси. Ал эми каапырлардын Ээси[4] жок.

**12.** Чындыгында Аллах ыйман келтиргендерди жана жакшы иштерди кылгандарды астынан дарыйалар агып турган Бактарга[5] киргизет. Каапырлар болсо айбандар сыйактуу эле жешип гана ырахаттанат[6], алардын жайы - Тозок.

**13.** Сени кууп чыккан шаардан мыкты канчалаган шаарлар[7] бар эле. Бирок, Биз аларды кыйраттык. Аларга эч ким жардам бере албады.

**14.** Ким Өз Эгесинен анык айандарга жана далилдерге ээ болсо, ал - жаман иштери кооздолуп көрсөтүлүп койулган жана напсисин ээрчиген адамга окшомок беле?

**15.** Такыбаларга убада кылынган Бейиштин көрүнүшү мындай: анда эч бузулбай[8] турган өзөн суулар, даамы өзгөрбөй турган сүттөн бүткөн дарыйалар, ичүүчүлөргө таттуу болгон суусундуктар, таза балдан бүткөн дарыйалар жана бардык мөмө-жемиштер, ошондой эле Эгеси тараптан кечирим (бар). Тозокто түбөлүккө калып, кайнак суу ичирилип, ичегилери кесилгендерди алар[9] менен окшоштурууга болобу?

**16.** Алардын арасынан сага кулак салгандар да бар. Бирок сенин алдыңдан чыгып кетишкен кезде (алар) илимдүүлөрдөн: «Азыр эмнени айтты?» - деп сурашат. Мына ушулар жүрөктөрүнө Аллах мөөр баскан[10] жана өз напсисин ээрчигендер.

**17.** (Аллах) Туура жолдогулардын тууралыктарын арттырып, аларга такыбалык берет.

**18.** Алар (каапырлар) Кыйамат күнүнүн капилет келишин күтүп жатыша-

---

1 Ата-бабаларынын, мурдагы каапырлардын

2 Каапыр элдер, коомдор кыйратылганын

3 Ишенгендердин

4 Колдоочусу

5 Бейиштерге

6 Айбандардын да эң чоң ырахаты - жеп-ичүү болгондой, каапырлар да бул дүйнөдө жепичкенден башканы билишпейт. Акырет тууралуу ойлонуп да койушпайт.

7 Тарыхта калган

8 Айныбай турган

9 Жогоруда аталып, ыймандуу болгону үчүн Аллах Тааланын Бейиштеги сыйына ээ болгондор

10 Так, (мөөр) баскан

бы? Анын белгилери келди. Кыйамат келгенде эскертүү алуунун канчалык кажети бар?

19. Билгин: чындыгында, Аллахтан башка кудай жок! Өзүңдүн күнөөлөрүңдүн, момун эркектердин жана момун айалдардын (күнөөлөрүнүн) кечирилишин сура. Аллах силердин жумушчу ордуңарды да, тыныгуучу ордуңарды да билет.

20. Ыйман келтиргендер: «(Дагы) бир сүрө[1] түшсө», - дешет. Өкүмү бар сүрө түшүп, анда күрөш[2] тууралуу эскерилсе, жүрөгүндө оорусу барлар өлүмдөн корккон көз караш менен сага караганын көрөсүң. Эң жакшысы - угуп, ага баш ийүү[3].

21. (Алар үчүн) баш ийүү[4] менен жакшы сөз (пайдалуураак). Маселе толук чечилген соң[5], Аллахка чынчыл болсо, ал алардын өздөрү үчүн жакшы болмок.

22. Эгер (силер күрөшкө) кирип, анан артыңарга кайтсаңар, анда силер жер жүзүндө бузукулукту таратып, бир туугандык байланыштарды[6] үзөсүңөрбү?

23. Аларды Аллах каргап, дүлөй жана сокур кылып салгандар.

24. Эмне үчүн алар Куран тууралуу ой жүгүртүшпөйт? Же алардын жүрөктөрүндө кулпулары[7] (барбы?)

25. Чындыгында, Туура жол айкын болгон соң, (күрөштөн) артка кайткандарды шайтан азгырып, жалган элестер менен алдады.

26. Анткени, алар Аллахтын түшүргөнүн жек көргөндөргө[8]: «Силерге кээ бир маселелерде баш ийебиз», - дешкен. Аллах алардын сырларын билет.

27. Периштелер алардын[9] беттерине жана жондоруна уруп, жандарын алса кандай болот?

28. Бул (азап) чынында, алар Аллахтын каарын келтирүүчү нерселерди ээрчип, Ал[10] ыраазы болгон нерселерди жек көргөндүктөрү үчүн (берилди), ошондуктан алардын амалдарын (Аллах) текке кетирет.

---

1 Исламдын алгачкы жалдарында каапырлар менен күрөшүүгө буйруган мындай айат түшө элек болчу

2 Аллах Таала жолунда Ислам дини үчүн күрөш

3 Бирок, алар аны аткарган жок

4 Аллах Тааланын буйруктарына

5 Күрөш тууралуу өкүм чыккан сон

6 Мамилелерди

7 Чындыкты кабыл ала албас кылып жабылып калганбы?

8 Каапырлар менен мушриктерге

9 Эки жүздүүлөрдүн

10 Аллах Таала

**29.** Же жүрөктөрүндө дарты барлар, Аллах алардын кара ниеттигин жарыкка чыгарбайт деп ойлошобу?

**30.** Эгер Биз кааласак эки жүздүүлөрдү сага көрсөтөөр элек, анда сен аларды маңдайындагы белгилеринен таанымаксың. Ошондой эле аларды сөзүнүн добуш-үндөрүнөн билмексиң. Аллах алардын амалдарын[1] билет.

**31.** Биз силердин араңардагы аракетчилдер[2] менен сабырдууларды жана силердин амалыңарды аныктоо үчүн, албетте, сыноодон өткөрөбүз.

**32.** Жүз үйрүп[3], Аллахтын жолунан[4] тоскондор жана өздөрүнө Туура жол белгилүү болгондон кийин пайгамбар менен талашкандар Аллахка эч качан зыйан келтире алышпайт. Аллах алардын иштерин текке[5] кетирет.

**33.** Эй, ыйман келтиргендер! Аллахка мойун сунгула жана элчиге баш ийгиле. Амалдарыңарды жараксыз кылбагыла[6].

**34.** Чындыгында (Аллахтын айаттарын) танышып[7], Аллахтын жолунан[8] тоскондор каапыр абалда дүйнөдөн өтсө, Аллах аларды эч качан кечирбейт.

**35.** Ошондуктан алсырабагыла[9], келишимге чакырбагыла[10], силер (акыры) үстөмдүк кыласыңар! Аллах силер менен бирге. Силердин амалыңарды текке кетирбейт.

**36.** Чындыгында, дүйнө жашоосу - ойун жана эрмек гана. Эгер ыйман келтирип, такыба болсоңор (Аллах) силердин сыйлыгыңарды берет. Силердин мал-мүлкүңөрдү сурабайт.

**37.** Эгер Ал силерден сурай турган болсо, анда оор тийип, сараңдык кылмаксыңар. Ал силердин сырыңарды[11] ачыкка чыгарып[12] коймок.

---

1 Иштерин

2 Каармандарды

3 Аллах Тааладан, Курандан, Чындыктан

4 Башкаларды

5 Аракеттерин

6 Текке кетирбегиле

7 Аллах Тааладан, Курандан, Чындыктан...

8 Башкаларды

9 Алсырап, артка чегинбегиле, сабыр кылгыла, күрөштү Аллах Тааладан жеңиш келгенге чейин туруктуулук менен уланткыла

10 Жеңилүүдөн коркуп кетип, каапырларды тынчтык келишимин түзүүгө жана согушту токтотууга үндөбөгүлө

11 Байлыкты жаныңардай катуу сүйгөн сараң жагыңарды

12 Ашкере

**38.** Мына, силер Аллахтын жолунда сарптоого[1] чакырылуудасыңар. Ал эми кээ бирөөлөр (баары бир) сараңдык кылат. Кимде-ким сараңдык кылса, өзүнө гана сараңдык кылат. Анткени Аллах - Бай, силер - кедейсиңер. Эгер Аллахтан жүз үйрүсөңөр, анда ордуңарга силерден башка элди алмаштырып койот. Ал эми алар силер сыйактуу (сараң) болбойт!

## 48. ФАТХ[2] СҮРӨСҮ

**Мединада түшүрүлгөн Жыйырма тогуз айаттан турат**

***Мээримдүү, Ырайымдуу Аллахтын аты менен***

**1.** Акыйкатта, Биз сени ачык жеңиш[3] менен камсыз кылдык.

**2.** Аллах сенин мурунку жана кийинки күнөөлөрүңдү кечирүү, сага жакшылыктарын толуктоо жана сени Туура жолго багыттоо үчүн,

**3.** жана да сага чоң жеңишке жардам кылуу үчүн;

**4.** Анткени ал ыймандуулардын жүрөгүнө - алардын ыйманы дагы да күчөөсү үчүн тынчтык салат. Асмаңдардын жана жердин аскерлерине Аллах гана ээлик кылат. Аллах - Билүүчү, Даанышман.

**5.** Ал (Аллах) момун[4] эркектер менен момун айалдарды алдынан дарыйалар агып турган жана алар анда түбөлүк болуучу Бейиш бактарына киргизүү үчүн жана алардын күнөөлөрүн кечирүү үчүн. Бул Аллахтын алдында улуу ийгилик.

**6.** Аллах Өзү жөнүндө жаман ой-пикирлерде болгон[5] эки жүздүү эркек жана айалдарды, мушрик эркектер менен мушрик айалдарды жазалоо үчүн. Аллахтын каары аларга түшөт. Аллах аларга ачууланды, наалат кылды жана аларга тозокту дайардап койду. Кандай жаман жыйынтык!

**7.** Асмандар менен жердин аскерлери Аллахка гана таандык, Аллах - Ызааттуу, Даанышман.

**8.** Акыйкатта, Биз сени күбө болуучу, жакшы кабар берүүчү жана эскертүүчү кылып жөнөттүк.

**9.** Силер Аллахка, Анын элчисине ишенүүңөр, Анын динине жардам берүүңөр, Аны урматтооңор жана эртели-кеч Аны даңазалооңор үчүн.

**10.** Акыйкатта, сага ант бергендер - Аллахка ант бергени. Аллахтын колу

1 Кайрымдуулук кылууга

2 Фатх - Ачылыш, жеңиш

3 Меккенин кайра мусулмандардын колуна өтүшү жөнүндө сөз болууда

4 Ыймандуу

5 Аллах Таалага шек келтиргендер

алардын колдорунун үстүндө[1]. Ким антты бузса, ал өзүнө гана зыйан келтирет. Ким Аллахка берген антын аткарса, Ал ага жакын арада зор сыйлыктарды тартуу кылат.

11. Өз үйлөрүндө калгандар[2] сага (жакында) мындай дешет: «Биз өзүбүздүн мал-мүлкүбүз жана үй-бүлөбүз менен алектенип калдык. Биз үчүн да кечирим сурап бер». Алар оозлору менен жүрөктөрүндө жок нерселерди айтышат. Аларга: «Эгер Ал (Аллах) силерге зыйан, же бир пайда келтирүүнү кааласа, анда Аны ким кайтара алат», - деп айт. Жок. Аллах силер жасап жаткан нерсеңерден кабардар.

12. Албетте, силер пайгамбар менен ыймандуулар өз үй бүлөлөрүнө эч качан кайтып келбейт деп ойлодуңар, бул силердин жүрөгүңөргө абдан жаккан жана да силер жаман ой-пикирде болдуңар. Силер жок болуучу коом болдуңар.

13. Ким Аллахка жана Анын элчисине ишенбесе, Биз андай каапырлар үчүн алоолонгон тозок отун дайардап койдук.

14. Асмандар менен жердеги бийликтин баары Аллахка таандык. Ал кимди кааласа кечирет жана кимди кааласа жазалайт. Аллах - Кечирүүчү, Мээримдүү.

15. Качан силер олжо алуу үчүн жөнөгөнүңөрдө, үйдө калгандар: «Силер менен бирге барууга уруксат бергилечи», - дейт. Алар Аллахтын убадаларын өзгөрткүлөрү келет. Аларга: «Силер эч качан биз менен бирге барбайсыңар, Аллах мурун мына ушундай айткан», - дегин. Анда алар: «Силер бизге көрө албастык кылуудасыңар», - дешет. Жок, алар аз гана нерсени түшүнүшөт.

16. Үйлөрүндө калып калган чөлдүктөргө[3] мындай дегин: «Жакында силер чоң күчкө ээ болгон эл менен согушууга чакырыласыңар, силер алар менен согушасыңар, же алар исламды кабыл алышат. Эгер силер Аллахка баш ийсеңер, Ал силерге сыйлыктарды берет, а эгер мурункудай эле баш тартсаңар, анда Ал силерди оорутуучу азап менен азаптайт.»

17. (Жүрүшкө чыга албаган) сокурларга, аксактарга жана оорулууларга кысым[4] жок. Ким Аллахка жана Анын элчисине баш ийсе, Ал аларды алдынан дарыйалар агып турган Бейиш бактарына киргизет. А ким баш тартса, Ал аны оорутуучу азап менен азаптайт.

18. Аллах алар дарактын түбүндө туруп ант бергенде, аларга чындап ыраазы болгон. Ал алардын жүрөгүндө эмне бар экенин билген, аларга

1 Аллах Таала алардын бардык амалдарын, ниеттерин көрүп, билип турат

2 Сенин жамаатыңа кошулбай калгандар

3 Көчмөндөргө

4 Күнөө

(жүрөктөргө) тынчтык салган жана аларды жакынкы жеңиш менен сыйлады.

**19.** Жана алар көптөгөн олжону алышат. Аллах - Кудуреттүү, Даанышман.

**20.** Аллах силерге көптөгөн олжолорду убада кылды, аны силерге нак берди, элдин колун силерден токтотуп турду[1], момундарга белги болуусу жана силерди Аллах бекем жолго баштоосу үчүн.

**21.** Дагы башка күчүңөр жетпегендер бар. Аллах аны курчап[2] койгон. Аллах - бардык нерсеге кудурети жетүүчү.

**22.** Эгерде каапырлар силер менен согушканда алар токтоосуз артка качып жөнөөр эле. Анан алар өздөрүнө досту да, жардамчыны да таба алышмак эмес!

**23.** Мурунтан болуп келгендей эле - бул Аллахтын жолу[3]. Анткени сен Аллахтын жолунан[4] эч кандай өзгөртүүнү таба албайсың.

**24.** Мекке ичинде алардын үстүнөн силерге үстөмдүк бергенден кийин Ал (Аллах) алардын колун силерден, силердин колуңарды алардан тыйып койгон. Аллах силердин эмне кылып жатканыңарды көрүп туруучу.

**25.** Алар ыймансыз каапыр болуп силерди Ыйык Мечиттен, курбандыкты да тосуп алып, өз ордуна жеткирүүдөн тыйгандар. Эгерде (Меккеде каапырлар менен бирге) момун эркектер менен бирге момун айалдар бар экенин билбестен, аларга баскынчылык кылып, билбестик күнөөсүнө кириптер болбошуңар (зарыл). Аллах өзү каалагандарды өз ырайымына киргизүү үчүн (ушинтип буйруду). Эгерде алар[5] айырмаланып турганда, алардан болгон каапырларды оорутуучу азап менен азаптамакпыз.

**26.** Каапырлар өз жүрөктөрүндө караңгылык мезгилиндеги текебердикти сактап турганда, Аллах өз элчисине жана момундарга тынчтык түшүрдү, аларга такыбалык сөзүн милдеттүү кылды. Алар буга акылуу жана татыктуу болчу. Акыйкатта, Аллах - бардык нерсени Билүүчү.

**27.** Аллах чындыгында Өз пайгамбарынын көргөн түшүн[6] ишке ашырды: «Эгер Аллах кааласа анда тынчтыкта башыңардын чачын алган жана кыскарткан абалыңарда, эч коркпостон Ыйык Мечитке[7] сөз-

---

1 Душмандардын жүрөгүнө коркунуч салды

2 Жакында силердики болоорун дайындап койгон Перси жана Рим империялары жөнүндө сөз болуп жатат

3 Тартиби, эрежеси

4 Эреже-тартибинен

5 Айтылган момундар

6 Мухаммед пайгамбардын жеңиш тууралуу түшүн

7 Харам мечити

сүз киресиңер. Аллах силер билбегенди билет. Андан[1] сырткары, Ал силерге кыска убакытта жеңиш берди.

28. Ал Өз элчисин түз жолду жана чыныгы динди өзгө диндердин баарынан үстөм кылуу үчүн жөнөткөн. Аллахтын өзү күбө болуусу жетиштүү.

29. Мухаммед Аллахтын элчиси жана аны менен бирге болгондор каапырларга катаал, ал эми бири-бирине мээримдүү. Алар рүкү[2], сежде кылышып, Аллахтын ырайымын жана ыраазылык талап кылышканыв көрөсүң. Алардын белгиси, маңдайларындагы сежденин изи. Алардын бул белгилери Тооратта да, Инжилде да берилген. Жерге ташталган урук сабагын чыгарып, анан бекемдей баштайт да, жоонойуп, сабагында бекем турат. Бул эгин сепкендерди таңдантып, каапырлардын ачуусун келтирүү үчүн. Алардын арасынан ыйман келтирип, жакшы иштерди кылгандар үчүн Аллах кечиримин жана зор сыйлыктарды убада кылган!

## 49. ХУЖУРАТ[3] СҮРӨСҮ

**Мединада түшүрүлгөн Он сегиз айаттан турат**

***Мээримдүү, Ырайымдуу Аллахтын аты менен***

1. Эй, ыймандуулар! Аллахтан жана Анын элчисинен алдыга умтулуп[4] кетпегиле! Аллахтан корккула! Чындыгында Аллах - Угуучу, Билүүчү.

2. Эй, ыймандуулар! Үнүңөрдү пайгамбардын[5] үнүнөн бийик көтөрбөгүлө. Өз ара бири-бириңерге кыйкыргандай, пайгамбарга кыйкырып сүйлөбөгүлө! (Анткени) амалыңар жокко чыкканын силер сезбей каласыңар.

3. Чындыгында, пайгамбардын алдында үнүн акырын чыгаргандардын жүрөктөрүн такыбалык үчүн Аллах сынаган эле. Аларга - кечирим жана улуу сый (бар).

4. Чындыгында, бөлмөлөрдүн артынан сага кыйкыргандардын көбү акыл калчашпайт[6].

1 Ыйык мечитке киришиңерден
2 Намазда тизени тайануу
3 Хужурат - Бөлмөлөр, үжүрөлөр
4 Озуп, чектен чыгып, аша чаап кетпегиле
5 Мухаммед (а.с.)дын
6 Кимге кыйкырып жатышканын аңдашпайт, сезишпейт, өз абалдарына маани беришпейт

5. Эгер сен алардын алдына чыкканга чейин[1] сабыр кылышса, анда өздөрүнө жакшы болоор эле. Аллах - Кечиримдүү, Боорукер!

6. Эй, ыймандуулар! Эгер силерге бир бузуку[2] (адам) кабар алып келсе, кайсыл бир коомго байкабастык[3] кылып, кийин өкүнүп калбаш үчүн оболу[4] аныктагыла!

7. Араңарда Аллахтын элчиси[5] бар экенин билгиле. Эгер ал көптөгөн иштерде силерге мойун сунса, анда силер кыйынчылыкка сөзсүз кабылмаксыңар. Бирок Аллах силерге ыйманды жакшы көрсөтүп, аны менен жүрөктөрүңөрдү коздоду[6]. Ошону менен бирге каапырлыкты, бузукулукту жана баш ийбестикти[7] жек көрсөтүп койду. Ошолор[8] Туура жолдогулар.

8. Бул - Аллахтын силерге ырайымы жана жакшылыгы! Аллах - (баарын) Билүүчү, Даанышман!

9. Ыймандуулардан эки коом бири- бири менен согуша турган болсо, алардын ортосун түзөгүлө. Эгер бири-экинчисине зомбулук кылса, анда баш тарткан[9] тарабы менен Аллахтын эркине алар баш ийгенге чейин согушкула. Ал эми баш ийишсе, адилеттүүлүк менен элдештирип, адилет болгула! Чындыгында, Аллах - адилеттүүлөрдү жакшы көрөт.

10. Чындыгында, ыймандуулар - бир тууган. Ошондуктан бири-бириңердин ортоңорду[10] түздөгүлө! Аллахтын ырайымына ээ болуу үчүн Андан корккула[11]!

11. Эй, ыймандуулар! Бир эл экинчи (башка) бир элди шылдыңдабасын: (анткени) балким, алар[12] тигилерден[13] мыктыраактыр; ошондой эле айалдар да башка бир айалдарды шылдың кылышпасын: мүмкүн тиги-

---

1 Пайгамбарыбыз үйүнөн сыртка чакырган кишиге, (ал) чыкканга чейин кайра-кайра кыйкырбай, сабыр кылып турса

2 Каапыр, же мушрик

3 Адилетсиздик

4 Ал кабардын чын-төгүнүнө жетип

5 Мухаммед (а.с.)

6 Ыйман аркылуу жүрөгүңөрдү кооз, сулуу кылып койду.

7 Текеберчиликти

8 Жүрөгү ыйман менен кооздолуп койулган мусулмандар

9 1. Аллах Таалага мойун сунуудан; 2. согушту токтотуу тууралуу келишим түзүүдөн

10 Өз ара мамилеңерди

11 Такыба болгула

12 Шылдың болгон эл

13 Шылдың кылган элден

лер[1] беркилерден[2] мыктыраак. Өзүңөрдү (бири-бириңерди) жемелебегиле![3]. Бири бириңди жакпаган[4] аттар[5] менен атабагыла! Ыйманга келгенден кийинки бузукулук - кандай ыплас! Кимде-ким тообо кылбаса[6], демек, алар - заалымдар.

12. Эй, ыймандуулар! Күмөн саноонун көпчүлүгүнөн арылгыла. Анткени, айрым шек саноолор - күнөө. Бири-бириңерди аңдыбагыла жана бири бириңерди артыңардан[7] кайбат кылбагыла. Силердин араңардан ким өлгөн бир тууганынын[8] этин жегенди жакшы көрсүн[9]?! Силер аны жактырбайсыңар! Аллахтан корккула. Чындыгында Аллах - тооболорду Кабыл Кылуучу, Боорукер.

13. Эй, адамдар! Биз силерди эркек[10]- ургаачыдан[11] жараттык. Ошондой эле бири бириңерди таанып-билишиңер үчүн урууларга жана элдерге бөлүп койдук. Аллахтын алдында силердин эң сыйлууңар[12] - такыбараагыңар[13]. Чындыгында, Аллах - (баарын) Билүүчү, (баарынан) Кабардар!

14. Араб көчмөндөрү айтышты: «Биз ыйман келтирдик». (Сен): «Силер ыйман келтиргениңер жок. Андан көрө «Биз Аллахтын эркине баш ийдик», - дегиле. «Бирок, азырынча силердин жүрөгүңөргө ыйман (толук) кире элек», - деп айткын. Эгер силер Аллахка жана Анын элчисине[14] мойун сунсаңар, Ал[15] силердин соопторуңарды эч кемитпейт. Чындыгында, Аллах -Кечиримдүү, Боорукер!

15. Момундар - Аллахка жана Анын элчисине[16] ыйман келтирип, шектен-

---

1 Шылдың кылган айал

2 Шылдың болгон айалдан

3 Өзгөчө кылып көрсөтүүгө аракет кылбагыла

4 Келекелүү

5 Маселен, кайсыл бир инсанды, же коомду алардын кемчилигинен улам бир лакап атка кондуруп келекелебегиле

6 Башкаларды шылдыңдоо, келекелөөдөн баш тартып

7 Мусулманды өзү жок жерде кайбат кылбагыла

8 Анткени мусулман - мусулманга бир тууган

9 Кайбат - кайбат кылынган (көзү жокто жамандалган) адамдын этин жеген менен барабар оор күнөө

10 Адам-Ата

11 Обо-Энеден

12 Аллах Тааланын сыйына, Аллах Тааланын Бейишине татыктууңар

13 Такыба - Аллах Тааланын буйруктарын бузуудан корккон, б.а. ыйманы (абдан) күчтүү мусулман

14 Мухаммед (а.с.)га

15 Аллах Таала

16 Мухаммед (а.с.) га

бестен[1], Аллах жолунда өз мал-мүлктөрү жана жандары менен согушка чыккандар. Мына ошолор - (нагыз) чынчылдар[2].

16. Айткын: «Диниңер тууралуу Аллахка билдиргиңер келип жатабы[3]? Аллах - асмандагылар менен жердегилерди (мыкты) билет. Аллах - баарын Билүүчү».

17. Алар сага мусулман болгондугун айтышат. (Сен) аларга: «Мусулман болгонуңарды мага милдет кылбагыла. Тескерсинче, эгер силер чынчыл болсоңор..., силерди ыйманга келтиргендиги үчүн Аллах силерге милдет кылат[4]!» - дегин.

18. Чындыгында, Аллах асмандардагы жана жердеги кайыпты билет. Аллах силер эмне кылып жатканыңарды Көрүүчү!

# 50. КАФ[5] СҮРӨСҮ

**Меккеде түшүрүлгөн кырк беш айаттан турат**

***Мээримдүү, Ырайымдуу Аллахтын аты менен***

1. Каф[6]. Ыйык Куранга[7] ант!

2. Аларга өздөрүнүн арасынан чыккан эскертүүчү келген кезде каапырлар: «Бул өтө таң каларлык нерсе», - дешти.

3. «Качан биз өлгөндө жана топуракка айланганда... Мындай кайра кайтуу (тирилүү) узак нерсе», - дешти.

4. Биз алардан[8] жер эмнени алып кеткендигин[9] билебиз жана Бизде баары сакталган Китеп бар.

5. Бирок алар өздөрүнө чындык келгенде аны жалган дешти. Эми алар - күмөнсүрөшүүдө.

---

1 Аллах Тааланын жалгыздыгынан, Мухаммеддин (а.с.) пайгамбарлыгынан, Кыйамат Күнүнүн болушунан ж.б.

2 Ислам дининдеги чыныгы чынчылдар

3 Аллах Таала силер айтпасаңар да, жүрөгүңөрдө катылган күкүмдөй сырлардан бери билип турат

4 Анткени, эгерде, Аллах Таала Өзү каалабаса силер эч качан ыйманга келип, эки дүйнөдө бактылуу боло албайт элеңер. Ошол үчүн, акыйкатта, ыймандуу болгонуңар үчүн Аллах Таала силерге эмес, ыйманга алып келгени үчүн силер Аллах Таалага карызсыңар!

5 Мааниси бир Аллах Таалага гана маалым

6 Мааниси бир Аллах Таалага гана маалым

7 Даңктуу, даңазалуу, атактуу деген да маанини билдирет

8 Өлгөн инсандардан

9 Жан калып жер денени гана алып кетет б. а. койнуна алат

6. Ырас эле алар үстүлөрүндөгү асманга карашпайбы? Биз аны кандайча курул кооздогонубузга жана анда (асманда) эч кандай жылчык[1] жок экендигине карашпайбы?

7. Биз Жерди жайып кенен кылдык жана анда тоолорду орноттук. Анан анда түрдүү кооз өсүмдүктөрдү жуп-жубу менен өстүрдүк.

8. Биз буларды бардык кайтуучу пенделерибизге эскертме жана үлгү үчүн жасадык.

9. Биз асмандан берекелүү жамгырды жаадырдык. Анан аны менен дарактарды жана орулуп, жыйналуучу дандарды өстүрдүк.

10. Жыш мөмөлүү катарлаш өскөн, узун өскөн курма дарактарын -

11. пенделерибиз ырыскылануу үчүн ... Аны[2] менен өлгөн жерди кайрадан тирилттик. Кайра чыгуу[3] да ушундай болот.

12. Аларга чейин да Нухтун коому менен Кудук ээлери жана Самуд эли жалганга чыгарышты.

13. Аад, Фараон жана Луттун[4] туугандары (да),

14. Бактын ээлери жана Тубба коому... Алардын баары пайгамбарларды жалганга чыгарышкан. Бул үчүн аларга азап болору акыйкатталды.

15. Биз алгачкы жаратууга алсыздык кылыптырбызбы? Жок, бирок алар жаңы жаратуу[5] жөнүндө шектенүүдө.

16. Акыйкатта Биз инсанды жараттык жана анын көңүлү азгырган нерселерди да билебиз. Биз ага күрөө (мойун) тамырынан да жакынбыз.

17. Оңдон жана солдон эки жазуучу[6] олтуруп жазып турат.

18. Эмне сөз сүйлөсө да, анын алдында көзөмөлдөп дайар турат.

19. Өлүм мастыгы чындап келет! Өлүм бул - сен андан качкан нерсе.

20. Сурнай тартылып, убада кылынган күн келип жетет.

21. Ошондо бардык жандар келишет. Алар менен айдоочу[7] жана күбө[8] бирге (келет).

22. «Сен бейкам элең, анан Биз сенден жабууңду ачып салдык, ошентип бүгүн сенин көзүң өткүр[9] (болду)», - делет.

---

1 Өтмө маанисинде: айып, кемтик ж. б.

2 Жаан менен. 30-айат, 24-сүрөгө караңыз

3 Кыйаматта мүрзөдөн кайра тирилип чыгуу

4 Караңыз: 26: 123. 2. 49-50

5 Кайра тирилтүү

6 Адамдын сооп жана күнөөлөрүн жазып туруучу периштелер

7 Периште

8 Жазып, каттап туруучу периште

9 Бул сөз каапырларга айтылат. Алар эми баарын ачык- айкын көрүп-билип түшүнүшөт

23. (Ошондо) анын жандоочусу[1]: «Бул - менин алдымдагы нерсе, баары дайар» (дейт).

24. «Каапыр жана чындыкка каршы чыккан көктүн[2] бүт баарын отко ыргыткыла;

25. жакшылык кылууга тоскоол болгон, заалым жана шек келтиргендерди...

26. ал Аллахка башка кудайларды[3] да шерик кылган, аны катуу азапка ыргыткыла!» (деп буйрулат).

27. (Ошондо) анын жандоочусу[4]: «Оо, Эгебиз! Аны мен жолдон чыгарганым жок, ал өзү терең адашты», - дейт.

28. Ал[5] айтат: «Менин алдымда тартышпагыла! Мен силерге алда качан эскерткем».

29. Менин алдымда сөз өзгөрүлбөйт жана Мен өз пенделериме адилетсиздик кылбаймын.

30. Ошол Күнү Биз тозоктон: «Сен толдуңбу?» - деп сурайбыз. Ал болсо: «Дагы ашыкча барбы?» - деп сурайт.

31. Бейиш жакындады. Ал такыбалар үчүн алыс эмес.

32. Бул ар бир кайтуучу жана сактоочуга[6] убада кылынган нерселер.

33. Мээримдүүнү[7] көрбөй туруп корккон жана тообо кылуучу жүрөк менен келгендерге:

34. «Ага[8] тынчтык менен киргиле! Бул - түбөлүктүүлүк Күн!» (делет).

35. Мында алар[9] эмнени кааласа бар. Бизде ашыкчасы[10] да бар.

36. Биз алардан мурунку доордо жашап өткөн, алардан да күч-кубаттууларын жок кылдык! Алар шаарларда тентип калышты. Анан алар (өлүмдөн) кутула алыштыбы?

37. Албетте мында[11] чын дилден берилгенге, же кулак салгандарга эскертме бар. Ага өзү күбө.

---

1 Периште

2 Акты танган тоң мойун

3 Бирок Аллах Тааладан башка кудай жок

4 Шайтан

5 Аллах Таала

6 Шарийатты

7 Аллах Тааланы

8 Бейишке

9 Бейиштегилер

10 Мухаммед (а.с.) айткан: «Бейиште көз көрүп, кулак укпаган жана адам баласынын ойуна келбеген нерселер бар»

11 Айтылгандарда

38. Акыйкатта Биз асмандар менен жерди алты күндө жараттык. Анда Биз-
ди чарчоо алган жок[1].

39. Алардын айткандарына сабыр кыл. Күн чыгардан жана күн батаардан
мурун өз Эгеңди мактап-аруула!

40. Аны түндө дагы аруула! Сежделердин[2] артынан да (арuула).

41. Уккун! Үн салуучу жакын эле жерден үн салган күнү...

42. Ошол күнү алар үндү чындап угушат. Бул (мүрзөлөрдөн) чыгуу Күнү!

43. Акыйкатта Биз тирилтебиз, өлтүрөбүз жана Бизге кайтуу бар.

44. Ошол Күнү бардык жерлер жарылат жана андан шашыла чыгып кели-
шет[3]. Бул жыйынды кылуу Биз үчүн жеңил.

45. Биз алардын эмне деп жаткандарынын баарын билебиз. Алардын
үстүнөн сенде бийлик жок. Андыктан убада кылынган күндөн корк-
кондорду гана Куран менен эскерт.

## 51. ЗААРИЙАТ[4] СҮРӨСҮ

**Меккеде түшүрүлгөн Алтымыш айаттан турат.**

***Мээримдүү, Ырайымдуу Аллахтын аты менен***

1. Уйулгутуучуга[5] ант!

2. Жүктү көтөргөндөргө[6] ант!

3. Жеңил сүзүп бараткан кемелерге ант!

4. Ишти бөлүштүрүүчүгө[7] ант!

5. Силерге убада кылынгандар[8] - албетте чындык.

6. Акыйкатта, Кыйамат күн болоору анык.

7. Жолдордун[9] ээси болгон асманга ант!

8. Албетте, силер түрдүү сөздөрдүн ичиндесиңер.

---

1 Бул Бизге кыйын эмес

2 Намаздардын

3 Тирилтилген пенделер

4 Заарийат-Уйулгутуучулар

5 Шамал; катуу шамал

6 Нымдуу, жаандуу булуттар

7 Периштелер, шамалдарды айдап, жамгыр жаадыруучу периштелер

8 Кыйамат, тирилүү, сыйлык, жаза - Бейиш, Тозок

9 Жылдыздардын, планеталардын жана кометалардын орбиталары. Асмандагы бардык нерселердин жолдору бар

9. Андан[1] кайтарылган адам гана кайтат.
10. Жалганчыларга өлүм болсун!
11. Алар наадандык, адашуу айлампасында агышат.
12. (Алар): «Кыйамат күн качан болот?» - деп сурашат.
13. Алар (качан) отто азапталганда (болот).
14. «Азабыңарды таткыла! Бул силер тезинен жетүүнү каалаган - шаштырган нерсе (болучу).»
15. Акыйкатта, такыбалар булактарда жана бактарда болот.
16. Алар мурунку жакшы иштери үчүн өз Эгесинен сыйлык алышат. Анткени, алар мындан мурда жакшы иштерди жасоочулардан эле.
17. Алар түндө аз убакыт гана укташкан[2].
18. Таң эрте менен (Аллахтан) кечирим сурашкан.
19. (Алардын) байлыгында тилемчилерге жана (андан) кур калгандарга[3] акы болгон[4].
20. Айкын ишенгендер үчүн Жер үстүндө белгилер бар.
21. Жана силердин өзүңөрдө[5] да бар, аны карап көрбөйсүңөрбү?
22. Асманда силердин ырыскыңар[6] жана силерге убада кылынып жаткан нерсе бар.
23. Андыктан асман менен жердин Эгсине ант! Акыйкат - ал силер сүйлөшүп жатканыңардай чын.
24. Ибрахимдин[7] сыйлуу коноктору жөнүндө[8] сага кабар келдиби?
25. Алар Ибрахимге киришкенде: «Тынчтык болсун!»[9] - дешти. Ал (Ибрахим да): «Чоочун элге тынчтык болсун», - деди.
26. Ал айалына чыкты да, музоонун бышырылган этин алып келди.
27. Аларга жакын койуп: «Жебейсиңерби?» - деди[10];
28. жана алардан чоочуркап турду. «Коркпогун!» - дешти алар жана ага илимдүү уулдуу болорун сүйүнчүлөштү.

---

1 Акыйкаттан, динден

2 Түндө туруп сыйынышкан

3 Тартынып, уйалып, же башка бир себептер менен сурабаган муктаж адамдар

4 Жогоруда аталган муктаж адамдарга соопчулук жардам беришкен

5 Адам жаны; тирүүлүк; тирүү жандын өзү ж.б.

6 Аллах Тааланын жаан чачыны жана алардын жер бетиндегилерди өстүрүүсү

7 Байыркы пайгамбар, Аллах Тааланын досу. Өз колу менен сөлөкөттөрдү (идолдорду) талкалаган

8 Адам түспөлүндө келген периштелер

9 Салам

10 Тигилердин жебегенин көргөндөн кийин ушинтти; анткени периштелер жеп-ичпейт

29. Ошондо анын айалы кыйкырып, өз бетине уруп: «Мен төрөттөн калган карыган айалмын», - деди.

30. Алар (периштелер): «Сенин Эген ушундай деди», - дешти. Акыйкатта, Ал - Даанышман, Билүүчү.

31. Ибрахим: «Силердин келген максатыңар эмне, эй, элчилер?» - деп сурады.

32. «Биз бузулган коомго[1] анык жөнөтүлгөнбүз», - дешти алар,

33. «чоподон болгон таштарды аларга жөнөтүүбүз үчүн»,

34. «(ал таштар) чектен чыккандарды жазалоо үчүн белгиленген[2]».

35. Анан Биз ал жерде[3] болгон ыймандуулардын баарын чыгарып жибердик.

36. Бирок, Биз ал жерден[4], мусулмандардан, бир үйдөн башка үй таппадык[5]

37. жана Биз ал жерге Кудайдын катуу азабынан коркуучулар үчүн белгилерди таштадык[6].

38. Мусада да, качан Биз аны Фараонго[7] ачык далил менен жөнөткөнүбүздө...

39. Ал (Фараон) аскери менен кошо баш тартты (жүз үйүрдү). Анан «Сыйкырчы, же жинди»[8], - деди .

40. Ошондо Биз анын өзү менен аскерлерин алдык да, деңиздин[9] түбүнө таштадык. Жана ал жемеленүүгө ылайыктуу.

41. Аад (коомун жок кылууда) да. Качан Биз кыйраткыч бороонду жөнөткөнүбүздө,

42. ал өзү өткөн жерлерде чириген күлдөн башка эч нерсе калтырбады[10].

43. Самуд (коомунда) да аларга: «Белгилүү убакытка чейин жыргай тургула», - делинди[11].

44. Бирок алар Өз Эгесинин буйругуна текеберденишти. Ошентип, аларды карап турган мезгилде катуу чагылган алды (урду).

---

1 Луттун коомуна. Ал коомдо бачабаздар жана ыймансыздар болушкан

2 Деп айтты периштелер

3 Өлүк деңиз өрөөнүндөгү Содом жана Гоморра шаары

4 Содом, Гоморрадан

5 Луттун үй-бүлөсүн (айалынан башкасын)

6 Содом менен Гоморраны толук талкалап

7 Мисирдин падышасына

8 Муса жөнүндө ошентти

9 Кызыл деңиздин

10 Толук кыйратып, жер менен жексен кылды

11 Муну, алар кыйроонун алдында аларга Салих пайгамбар айтып эскертти

45. Алар тура албай калышты[1] жана жардамчы да таба албады.
46. Аларга чейин Биз Нухтун коомун жок кылдык. Анткени, алар бузулган коом эле[2].
47. Биз Асманды өзүбүздүн кубатыбыз менен көтөрдүк[3] жана Биз аны кеңейтүүчүбүз[4]
48. жана Биз Жерди төшөп койдук. (Биздин) төшөгөнүбүз кандай сонун!
49. Бардык нерселерди Биз жуп кылып жараттык[5]. Мүмкүн силер эскертүү (насаат) аларсыңар.
50. Аллахка гана шашылгыла. Анткени мен силер үчүн Андан (келген) тек гана айкын эскертүүчүмүн.
51. Аллах менен бирге башка бир да «кудайга» табынбагыла. Мен Андан (келген) силер үчүн ачык эскертүүчүмүн.
52. Алардан мурунку өткөндөргө да (коомдорго) пайгамбар келсе, аны: «Сыйкырчы, же жинди», - дешкен[6].
53. Алар аны[7] бири-бирине насаат кылышканбы? Жок, алар чектен чыгышкан коом.
54. Алардан жүз үйрү! Сен алар үчүн жемеге алынбайсың[8].
55. Бирок эскерте бергин. Анткени, эскертүү ыймандууларга пайда берет.
56. Мен жин жана адамдарды Өзүмө сыйынуулары үчүн гана жараттым[9].
57. Мен алардан (эч кандай) ырыскы да каалабаймын жана алар Мени азыктандыруусун да каалабаймын[10].
58. Аныгында Аллах - ырыскы Берүүчү жана Ал - Күч-кубаттын Ээси.
59. Акыйкатта, заалымдар үчүн өздөрүнүн досторунун азап үлүшүндөй эле азаптан үлүш бар. Алар шашылбай турушсун![11]
60. Каапыр болгондорго убада кылынып жаткан күнү азап болсун!

---

1 Жыгылып, кыйраган бойдон турбай калышты

2 Ал коом суу каптоо менен чөктүрүлүп жок кылынган

3 Бүткүл аалам мейкиндиги, галактикалар, жылдыздар, планеталар ж. б.

4 Б.а.: «Ааламды кеңейтүүчүбүз». Ааламдын токтоосуз түрдө ар дайым жана ар тарапка кеңейип баратканын азыркы илимдер ачык-айкын далилдеди

5 Ааламдагы бардык жаратылган нерселердин жуптары бар, ак-кара, эркек-ургаачы гана эмес, бул электр энергийасы жана атом, анын бөлүкчөлөрүнө да тиешелүү

6 Б.а. келген пайгамбарларды ошондой сөздөр менен жамандашкан

7 Жинди, жалганчы деп айтууну

8 Тилин албай койгон бузулган коом үчүн пайгамбарлар күнөөлүү эмес

9 Аллах Таала жин жана адамдарды Өзүнө сыйынуу үчүн гана жараткан

10 Б.а. Аллах Таала эч нерсеге муктаж эмес

11 Б.а. «тозокко ансыз да барасыңар», - деген мааниде

# 52. ТУР[1] СҮРӨСҮ

**Меккеде түшүрүлгөн Кырк тогуз айаттан турат**

***Мээримдүү, Ырайымдуу Аллахтын аты менен***

1. Тур тоосуна ант!
2. Жана жазылган Китепке ант!
3. Териге жазылганга[2] ант!
4. Тургузулган Үйгө[3] ант!
5. Көтөрүлгөн шыпка[4] ант!.
6. Жагылган деңизге[5] ант!
7. Чындыгында Эгеңдин азабы орундалат.
8. Аны токтотуучу (күч) жок!
9. Ал Күнү[6] асман катуу силкинет.
10. Тоолор ордунан жылат[7].
11. Акыйкатты жалган дегендерге[8] ал Күнү азап (болсун)!
12. Алар бузуктукка чумкуп, ойун[9] кылышкан.
13. Ал Күнү алар Тозокко айдалышат
14. «Мына, силер жалган деген От!» (деп айтылат).
15. Бул силерге сыйкырбы, же көрбөйсүңөрбү[10]?
16. Тозокко күйгүлө! Чыдасаңар да, чыдабасаңар да силерге баары бир (эмеспи). Албетте, жасаган иш-амалыңардын жазасын гана тартасыңар!
17. Чындыгында, такыбалар бактарда[11] жана ырахатта (болушат).

---

1 Тур - Тур тоосу

2 Куранга, Тооратка

3 Асмандагы Кааба

4 Асманга

5 Таквиир сүрөсүнүн 6-айатын караңыз

6 Кыйамат күнү

7 Козголот

8 Каапырларга

9 Ыйык Китепти - Куранды өздөрү түшүнбөй туруп, түшүнгөндөй түр менен, билип-билбей сөз б.а. эрмек кылышат

10 Болуп жаткан окуйанын түпкү маңызын

11 Бейиште

**18.** (Алар) Эгеси берген жакшылыктын даамын татышат. Аларды Эгеси Тозок отунан сактайт.

**19.** Жасаган жакшы амалдарыңар[1] себептүү: «Жегиле жана ичкиле, (тамагыңар) таттуу болсун!»

**20.** «Тизилген мамыктарда жөлөнгөн абалда (олтуруп)». Биз аларды кара көз үр кыздарга үйлөндүрөбүз.

**21.** Ыйман келтиргендердин урпактары да ыйман келтирип, аларды ээрчишсе, аларды ошол урпактарына кошобуз. Биз алардын амалдарын[2] кымындай да азайтпайбыз. Ар ким өзү жасаган иш үчүн күрөөгө койулган.

**22.** Биз аларга өздөрү каалагандай жемиш менен этти мол беребиз.

**23.** Алар бири-бирине суусундуктарды сунушат. Ал жерде[3] пайдасыз жана күнөөлүү сөз сүйлөнбөйт.

**24.** Аларга тизилген бермет сыйактуу жигиттер айланып, кызмат кылышат.

**25.** Алар бетме-бет (олтуруп) бири-биринен сурашат:

**26.** «Чындыгында, биз мурда үй бүлөлөрүбүз менен чогуу коркчу элек[4],

**27.** Ошондуктан Аллах бизди ийгиликке жеткирип, заардуу азаптан сактады.

**28.** Биз мурда ага жалбарчу элек. Анткени, Ал[5]- Жакшылык кылуучу, Ырайымдуу» .

**29.** Ошондуктан эскерт[6]. (Анткени) сен[7], Аллахтын жакшылыгы менен көзү ачык да, жинди да эмессиң[8].

**30.** Же алар: «Ал - бир акын. Ошондуктан ага жаман учурдун келишин күтө туралы[9]!» - дешет.

**31.** Айткын: «Күтө бергиле! Мен да силер менен бирге күтөмүн!»

**32.** Аларды акылы ушул нерсеге буйруп жатабы, же алар чектен ашкан коомбу?

---

1 Дүйнөдөгү

2 Сооппторун

3 Бейиште

4 Күнөө кылуудан

5 Аллах Таала

6 Эй, Мухаммед! Адамдардын баарына, Бейиш, Тозок тууралуу айт, эскерт, түшүндүр, жакшылыкка чакыр, жамандыктан кайтар!

7 Эй, Мухаммед!

8 Айрым каапыр жана мушрик курайштер пайгамбарыбызды (а.с) «көзү ачык», «жинди» деп шылдыңдашкан. Бул айат болсо ошол караңгы каапыр-мушриктерге Аллах Тааланын жообу.

9 Каапырлар: «Акыры бир күн пайгамбардын акындыгы билинип, уйат болот» , - деп арам ойго алдырышкан.

33. Же алар: «Аны[1] өзү ойлоп тапкан» - дешеби? Жок, алар[2] ишенишпейт[3]!
34. Эгер алар чындыкты айтып жатышса, ушуга окшош Сөз[4] жаратышсын[5]!
35. Алар[6] Жаратуучусуз[7] жаралышканбы, же өздөрү Жаратуучубу?!
36. Асмандар менен жерди эмне, алар жаратышканбы?! Жок! Алар[8] ишенишпейт[9]!
37. Же Эгеңдин казыналары алардын карамагындабы? Же алар өкүмдарбы?!
38. Же аларда чыгып тыңшоочу[10] шатылары барбы? Андай болсо, алардын тыңшоочулары анык[11] далил келтиришсин!
39. Же кыздар Аныкы[12], уулдар силердикиби[13]?
40. Же алардан сен акы сурап жатасыңбы? Анан аларга акы төлөө оор келдиби?!
41. Же алардын кайыптан маалыматы бар болуп, алар ошону жазып жатышабы?
42. Же алар митайым-куулук кылууну каалашабы? Каапырлар өздөрү - алданып калуучулар.
43. Же алардын Аллахтан башка кудайы барбы?! Аллах алар ойлоп тапкан шериктерден Аруу, Таза.
44. Эгер асмандын бир бөлүгүнүн кулап баратканын көрүшкөн болсо: «Бул - булуттардын үймөгү» , - деп айтышмак.
45. Алар өздөрү кыйрай турган Кыйамат күнүнө жолукканга чейин жөн жайына кой.
46. Кыйамат күнү аларга куулугу эч кандай жардам да бербейт. Аларга жардам да берилбейт.

---

1 Куранды
2 Каапырлар
3 Аллах Таалага, Куранга, пайгамбарга ыйман келтире алышпайт. Анткени, Биз алардын жүрөгүнө мөөр басып койгонбуз.
4 Куранга теңдеш келе турган Китеп тууралуу сөз болууда
5 Алып келип көрсөтүшсүн
6 Каапырлар
7 Өзүнөн-өзү эле, Жаратуучусу жок эле
8 Каапырлар
9 Аллах Таалага, Куранга, пайгамбарга ыйман келтире алышпайт. Анткени Биз алардын жүрөгүнө мөөр басып койгонбуз.
10 Аллах Тааланын алдындагы сырларды
11 Куран сыйактуу
12 Аллах Тааланын
13 Мушрик арабдар: «Кудайдын кыздары», - деп периштелерди аташкан

47. Зулумдук кылгандарга[1] мындан да башка азап (бар). Бирок алардын көбү билишпейт[2].

48. Эгеңдин өкүмүнө сабыр кыл. Анткени сен Биздин көз алдыбыздасың. Турган[3] учурунда Эгеңди мактоо менен аруула!

49. Аны[4] түндүн бир бөлүгүндө жана жылдыздардын артынан[5] да аруула!

## 53. НАЖМ[6] СҮРӨСҮ

**Меккеде түшүрүлгөн Алтымыш эки айаттан турат**

***Мээримдүү, Ырайымдуу Аллахтын аты менен***

1. Батып бараткан жылдызга[7] ант!
2. Жолдошуңар[8] адашкан да, жолдон чыккан да жок.
3. Ал өз көңүлүнөн[9] чыгарып айтпайт.
4. Болгону ал[10] - түшүрүлгөн айан.
5. Ага[11] аны күч ээси[12] үйрөттү.
6. Ал кубаттуулук ээси; анан да турук тапты[13].
7. Ал жогорку мейкиндикте[14].
8. Анан жакындап келип, өтө жакын болду.
9. Ошентип[15] жаанын өлчөмүндөй болду[16], же андан да жакыныраак (келди).

1 Каапырларга, мушриктерге, мунафыктарга ...
2 Алдыда азап күтүп турганын
3 Бул сөз эки мааниге ээ: 1. уйкудан турган кезде, 2. намазга турган учурда
4 Аллах Тааланы
5 Жылдыздар тарай баштаган тахажжут намазы учурунда (намаз, Куран, зикр аркылуу)
6 Нажм - Жылдыз
7 Бул жерде Сириус жылдыиы тууралуу айтылууда
8 Мухаммед (а.с.) тууралуу айтылууда
9 Ойунан
10 Куран
11 Мухаммед алейхи салам
12 Жебреил (а.с.)
13 Орун алды
14 Орун алган. Адамдарга, жиндерге жана айрым периштелерге салыштырганда.
15 Экөөсүнүн ортосундагы аралык кыскарып
16 Мухаммед (а.с.) пайгамбарга

**10.** Айандарды Аллахтын кулунун[1] көкүрөгүнө салды[2].

**11.** Жүрөк[3] көргөнүн жалган деген жок [4].

**12.** Анын көргөн нерсеси тууралуу силер жаңжалдашасыңарбы?

**13.** Чындыгында, ал[5] аны[6] экинчи ирет көрдү.

**14.** «Сидратул-Мунтаханын»[7] жанында,

**15.** анын жанында «Маьва» аттуу Бейиш (бар).

**16.** Ошол учурда даракты каптоочу[8] каптап калды.

**17.** Көз[9] алаңдаган да, чектен ашкан да жок.

**18.** Чындыгында, Эгесинин улуу кереметтерин көрдү.

**19.** Лат[10] менен Уззаны[11] көрдүңөрбү?

**20.** Алардан башка, үчүнчүсү - Манааттычы[12].

**21.** Эркек силердики болуп, ал эми ургаачы[13] Аллахтыкыбы?

**22.** Андай болсо, мунуңар - адилетсиз бөлүштүрүү!

**23.** Бул[14] - силер жана силердин ата-бабаңар эле койуп алган ысымдар. Аллах алар[15] тууралуу эч бир далил[16] түшүргөн эмес! Алар[17] өз көңүлдөрү каалаган нерселерди гана ээрчишти. Чындыгында аларга өздөрүнүн Эгесинен Туура жол[18] келди!

**24.** Же инсанга озү каалаган нерсенин баары боло береби?

---

1 Б.а. Куран Мухаммед (а.с.)га Жебреил (а.с.) аркылуу түшүрүлгөн

2 Эгесинин буйругу менен

3 Мухаммед пайгамбардын (а.с.) жүрөгү туйганын шексиз чындык катары

4 Кабыл алды

5 Мухаммед (а.с.)

6 Жебреилди( а.с.)

7 Нилуфар дарагынын

8 Канаттуулар ж.б.у.с. менен

9 Мухаммеддин (а.с.) периштеден коркуп

10 Ислам келгенге чейинки караңгы (жахилийа) доорунда «кудай» эсептелген буд-сөлөкөт

11 Мекке менен Таифтин ортосундагы караңгы (жахил) курай- шиттер сыйынып, ыйык санашкан дарак-сөлөкөт.

12 Мекке менен Мединанын ортосундагы Худайда деген жерде жайгашкан «тагдыр жана өлүм кудайы» саналган буд-сөлөкөт

13 Кыз

14 Жогоруда аталган буд-сөлөкөттөрдүн аталыштары

15 Буд-сөлөкөттөр

16 Айан

17 Мушриктер (б.а. Аллах Таалага шерик кошуучулар)

18 Куран

**25.** Чындыгында, Акырет да, дүйнө[1] да Аллахтын ээлигинде!

**26.** Асманда канчалаган периштелер бар! Аллах каалаганына[2], ыраазы болгонуна гана уруксат бермейинче, алардын колдоосу эч нерсеге жарабайт.

**27.** Чындыгында, Акырет жашоосуна ишенбегендер периштелерди ургаачы ысымдар менен аташат.

**28.** Бирок аларда бул тууралуу[3] илим жок. Алар өз жоромолдорун гана ээрчишет. А жоромол болсо - Акыйкаттан эч нерсени тосо албайт[4]!

**29.** Ким Бизди эстөөдөн баш тартса жана дүйнө жашоосунан башка жашоону каалабаса, сен да алардан баш тарт.

**30.** Алардын илимден алчу үлүшү ушунчалык эле! Чындыгында, Эгең жолунан адашканды жана туура жолдогуну да Билүүчү.

**31.** Асмандардагылар да, жердегилер да бир гана Аллахка таандык. (Аллах) жамандык кылгандарды (кайра өзүнүн) жамандыгы менен жазалайт, жакшылык кылгандарды жакшылыгы менен сыйлайт.

**32.** Оор күнөөлөрдөн[5] жана ыпластыктардан[6] сактангандардын бир аз күнөөлөрү болсо да, аларга Эгеңдин кечирими шексиз кең. Силер топурактан (алгач ирет) жаратылган кезде жана энеңердин курсагында түйүлдүк болуп жаткан учурда эле Ал[7] силерди жакшы билген[8]. Ошондуктан өзүңөрдү өзүңөр актабагыла. Ал[9] ким такыба экенин мыкты билет.

**33.** Жүз үйрүгөндү карабайсыңбы?

**34.** (Ал[10]) аз гана берип, токтотту[11].

**35.** Анын кайыпты көрсөтө турган[12] илими барбы?

---

1 Бул жалган дүйнө да

2 Бул жерде, кыйазы инсандар тууралуу кеп болууда

3 Периштелер тууралуу

4 Күмөндөр дайым жалганга чыгып, кыйрап, чындык болсо бекем бойдон кала берет. Б.а. күмөн Чындыкка чындап жетүүнү каалаган адамга тоскоол эмес.

5 Анткени майда күнөөлөр - ибадаттар жана намаздар аркылуу кечирилет

6 Айагы суйуктук сыйактуу ыплас иштерди

7 Аллах Таала

8 Кандай адам болоруңарды

9 Аллах Таала

10 Валид ибн Мугийра

11 Валид ибн Мугийра бир курайш мушриги менен өз күнөөсүн ал өз мойнуна алышы үчүн акча төлөөгө келишим түзүп, ал сумманын жарымын гана берип, калганын бербей койот. Кеп ошол жалганчы каапыр тууралуу болууда.

12 Аныгына жеткире турган

36. Же ага Мусанын барактарындагы нерселер тууралуу кабар жеткен эмеспи?
37. Ошондой эле убаданы аткарган Ибрахимдин [1] дагыбы?
38. Эч бир күнөөкөр башканын күнөөсүн көтөрбөйт.
39. Ар бир инсанга жасаган жакшылыгы гана болот (пайдасын берет).
40. Албетте, анын эмгеги, натыйжасы жакында көрүнөт[2]!
41. Андан кийин амалы үчүн[3] толук сый менен сыйланат.
42. Албетте, жыйынтыктоо[4] - сенин Эгеңе гана (таандык).
43. Чындыгында, Ал[5] - кубантат жана ыйлатат.
44. Чынында, Ал - өлтүрүп, тирилтет.
45. Ал - эркек жана ургаачы кылып, (кош) жупту жаратты:
46. куйулган[6] бир тамчы суйуктуктан.
47. Экинчи жолу жаратуу да - Анын эркинде.
48. Албетте, Ал - байытып, өнүктүрөт.
49. Албетте, Ал - Шира жылдызынын[7] Эгеси.
50. Ал - оболку Аад элин жок кылды.
51. Самуд элин да жок кылып, (бирин да) калтырбады.
52. Андан мурда Нухтун элин (жок кылган). Алар[8] акыйкатта заалым жана чектен чыккандар болчу.
53. Ал - төңкөрүлгөн шаарды (да) жексен кылды.
54. Жана аларды апаат басып калды[9].
55. Андай болсо сен Эгеңдин жакшылыктарынын кайсынысынан шек санап жалганга чыгара аласың?!
56. Бул[10] - мурдагылар[11] сыйактуу эле эскертүүчү[12].

---

1 Баракчалары
2 Акыретте ар ким бул дүйнөдө жасаган жакшылыгынын үзүрүн сөзсүз көрөт.
3 Бул дүйнөдөгү
4 (Чек, чектөө), же ар бир иштин үзүрүн, же жазасын берүү
5 Аллах Таала
6 Жатынга
7 Сириус жылдызынын
8 Нухтун доорунда жашаган адамдар
9 Алардын апаат артынан апаат басып, кетпес кырсыктарга туш болушту
10 Мухаммед (а.с.)
11 Мурдакы пайгамбарлар сыйактуу
12 Адамзатка Аллах Таала, Кыйамат, дин, пайгамбарлар, ибадат, өмүр, өлүм, сурак, адилеттүүлүк, чынчылдык, такыбалык, туура жол, күнөө, соол ж.б. тууралуу эскертүүчү

57. Кыйамат жакындады.
58. Аллахтан башка эч ким аны[1] ашкере кыла албайт!
59. Ушул Сөзгө[2] эмнеге силер таң каласыңар?!
60. Ыйлабастан, (эмнеге) күлөсүңөр?
61. Силер кабарсызсыңар[3].
62. Аллахка гана сежде кылып[4], сыйынгыла!

## 54. КАМАР[5] СҮРӨСҮ

**Меккеде түшүрүлгөн Элүү беш айаттан турат**

***Мээримдүү, Ырайымдуу Аллахтын аты менен***

1. Убакыт[6] жакындады да, Ай жарылды[7].
2. Алар белгини[8] көрүшүп, тескерилленип: » (Бул) үзгүлтүксүз сыйкырчылык!»- дешет.
3. Жалганга чыгарып, наспилерин ээрчишти. (Анткен менен) ар нерсенин өз орду бар.
4. Чындыгында, аларга аларды тыйа турган кабар келген эле,
5. анда жеткиликтүү даанышмандык (бар). Бул эскертүү да пайда берген жок[9].
6. [10]Алардан жүз үйрү! Чакыруучу[11] бейтааныш нерсеге чакырган Күнү[12].
7. Алар көздөрү[13] корккон абалда мүрзөлөрдөн жайылган чегирткелер сыйактуу болуп чыга келишет.

---

1 Кыйаматтын болушун

2 Куранга

3 Кыйаматтан

4 Бул айат «сежде айаты» деп аталып, окуган да, уккан да сежде кылууга тийиш. А сежде кандай тартипте жасаларын билүү үчүн «Мухтасар» аттуу фикх китебинин А. Исмаиловдун кыргызча котормосунун Тилават сеждеси - он үчүнчү бөлүмүн караңыз.

5 Камар - Ай

6 Кыйамат

7 Экиге бөлүндү

8 Аллах Тааланын кереметин көрсө

9 Каапырларга

10 Эй, Мухаммед!

11 Кыйамат күнү адамдарды суракка чакыруучу периште

12 Кыйамат күнү

13 Адамдар өздөрү

8. Чакыруучу[1] тарапка умтулуп, каапырлар: «Бул - оор Күн!» - дешет.

9. Алардан мурда да Нухтун коому жалганга[2] чыгарышкан: Пендебизди[3] «жалганчы», «жинди», - деп айтышкан жана ал тыйылып калган[4].

10. Ал Эгесине: «Мен, акыйкатта, жеңилдим[5]. Жардам бер», - деп жалбарды.

11. Асман эшиктерин нөшөрлөгөн жамгыр менен ачтык[6].

12. Жерди жарып булактарды (чыгардык). Ошондо суулар мурда эле аныкталган[7] буйрук бойунча биригишти[8].

13. Аны[9] тактайлуу жана мыктуунун үстүндө[10] алып жүрдүк.

14. Биздин көз алдыбызда тыйылганга[11] сыйлык болуп сүзүп баратты[12].

15. Чындыгында, Биз аны эскертүү катары[13] калтырдык. Андан сабак алуучу барбы?

16. Азабым жана эскертүүм кандай болду!?

17. Чындыгында, Биз Куранды эске тутууну жеңил кылдык. Андан үлгү алуучу барбы?

18. Аад эли[14] жалганга чыгарышты[15]. Менин азабым менен эскертүүм кандай болду?!

19. Биз аларга бактысыз күндө үзгүлтүксүз, заар үндүү бороон жибердик.

20. (Ал бороон) адамдарды[16] тамыры менен кошо омкорулган курма дарагынын сөңгөгүндөй кылып жулуп кетет.

21. Азабым менен эскертүүм кандай болду?!

22. Чындыгында, Биз Куранды эске тутууну жеңил кылдык. Андан үлгү алуучу барбы?

---

1 Периште
2 Кыйаматтын болоорун
3 Нухту
4 Үгүтүн жүргүзө албай калган
5 Каапырлардан
6 Нөшөрлөтүп жамгыр төктүк
7 Лавхул Махфузда жазылган
8 Биригип, Улуу Топон сууга айланды
9 Нухту (а.с.)
10 Кеменин үстүндө
11 Нухка (а.с.)
12 Нухтун (а.с.) кемеси
13 Келечек муундарга
14 Худ (а.с,)дын эли
15 Аллах Тааланын жалгыздыгын, Кыйаматтын болорун жана Худдун пайгамбарлыгын,
16 Ошол шамал

23. Самуд эли да эскертүүнү[1] четке кагышкан:

24. Алар мындай дешти: «Арабыздагы бир адамды[2] ээрчийбизби? Андай болсо биз адашууда жана акылсыздык абалында (болобуз).

25. Биздин арабыздан эскертүү[3] бир гана ага түшүрүлдүбү!? Балким ал - жалганчы, текебер».

26. Алар жакында ким жалганчы текебер экенин билишет!

27. Албетте, Биз төөнү аларга сыноо үчүн жибердик[4]. Анда сен аларга байкоо салып,[5] сабыр кыл.

28. Суу[6] - алардын ортосунда бөлүштүрүлүшү керектиги тууралуу кабар жеткир. Ар бир суу ичүүчү[7] өз кезегинде[8] келсин!

29. Ошондо алар[9] жолдошун[10] чакырышты. Ал (болсо) кылычын алып, төөнү өлтүрдү[11]'.

30. Азабым менен эскертүүм кандай болгон?!

31. Биз аларга катуу добуш жибердик эле, алар чарбактын чөп-чарындай болуп сулап калышты.

32. Чындыгында, Биз Куранды эске тутууну жеңил кылдык. Андан үлгү алуучу барбы?

33. Луттун эли да эскертүүнү[12] четке кагышкан.

34. Биз аларга бороондуу таш жаадырдык. Бирок Луттун үй бүлөсүн эрте танда[13] сактап калдык.

35. Биз тараптан жакшылык ушул сыйактуу эле ким (Мага) шүгүр кылса, сыйлайбыз.

36. Чындыгында (Лут) аларга келүүчү апаат тууралуу эскерткен болчу. Бирок эскертүүнү жалганга чыгарышты.

---

1 Аллах Тааланын жалгыздыгы, кыйамат жана Салихтин пайгамбарлыгы тууралуу чындыкты

2 «Пайгамбар эмес, катардагы эле жөнөкөй бир адамды», - дешкени

3 Айа.н

4 Жараттык

5 Алардын жамандыктарына

6 Самуд эли менен ошол төө бир кудуктан кезектешип суу ичиши, адамдар сууну кызганып төөнү өлтүрбөшү керектиги Аллах Таала тарабынан эскертилген

7 Төө жана адамдар

8 Кудуктан суу ичүү үчүн

9 Самуд эли

10 Дагы бир «баатырын» чакырып

11 Катуу үндөн жүрөктөрү жарылып, ар кимиси турган жерлеринде дароо жан беришти

12 Аллах Тааланын жалгыздыгы, кыйамат жана Луттун пайгамбарлыгы тууралуу чындыкты

13 Луттун үй бүлө мүчөлөрүнүн ыйман келтиргендери шаардан чыгып кетишкен соң, шаарда таш учурган катуу бороон болгон

37. Чындыгында алар[1] (Луттун) конокторун[2] бузууну[3] ниет кылды. Ошондуктан алардын көздөрүн сокур кылып салдык: (Мына эми) азабымдын жана эскертүүмдүн даамын таткыла!

38. Таң эрте менен алар түбөлүктүү азапка кабылышты.

39. (Мына эми) азабым менен эскертүүмдүн даамын таткыла!

40. Чындыгында, Биз Куранды эске тутууну жеңил кылдык. Андан үлгү алуучу барбы?

41. Чындыгында, Фараондун үй бүлөсүнө эскертүү келди.

42. Кереметтерибиздин баарысын алар (Фараондор) жалганга чыгарышты. Ошондо аларды абдан катуу кармоо менен[4] кармадык.

43. Тигилердин каапырларына[5] караганда силердин каапырларыңар жакшыбы, же силер үчүн китептериңерде[6] тосмо[7] барбы?

44. Же алар: «Биз жеңүүчү жамаатпыз жана жеңишке[8] жетебиз», - дешеби?

45. Алардын тобу кыйроого учурайт жана артын көздөй качышат.

46. Жок! Анткени, Кыйамат - аларга убада кылынган (азап). Кыйамат - мындан да оор жана ачуу!

47. Чындыгында, ыймансыздар адашууда жана жалындуу Отто (болушат).

48. Кыйамат күнү жүздөрү менен Тозокко ташталып: «Тозоктун даамын-таткыла!» (деп айтылат).

49. Чындыгында биз баарын өлчөм менен[9] жараттык.

50. Биздин буйругубуз бир көз ирмем сыйактуу[10].

51. Чындыгында, силерге окшогондорду жок кылдык. Андан үлгү алуучу барбы?

52. Алар жасаган ар нерсе китепте[11] (бар).

53. Ар бир чоң жана майда иштер[12] (жазылган).

54. Чындыгында такыбалар Бейиштерде жана өзөн жакаларында,

---

1 Каапырлар
2 Периштелерди
3 Каапырлардын колуна өткөрүп берүүнү
4 Жазаладык
5 Мурда аталып өткөн коомдордун каапырларына
6 Забурда
7 Амандык убада кылынганбы
8 Сөзсүз
9 Ашык-кеми жок, кынтыксыз кылып
10 Тездикте ишке ашат
11 Амал китебинде
12 Амал китебинде

55. Кудуреттүү Падышанын[1] алдындагы чыныгы орундарда (болушат).

# 55. РАХМАН СҮРӨСҮ

**Мединада түшүрүлгөн Жетимиш сегиз айаттан турат**

***Мээримдүү, Ырайымдуу Аллахтын аты менен***

1. Мээримдүү[2] (Аллах)
2. Куранды үйрөттү.
3. Инсанды жараткан.
4. Ага сүйлөөнү үйрөткөн.
5. Күн жана ай эсеп менен (айланат).
6. Жылдыз да[3], дарактар да[4] сежде кылышат.
7. Асманды көтөрүп[5], таразасын[6] орнотуп койгон,
8. Өлчөмдөгү[7] чектен чыкпооңор үчүн.
9. Өлчөөнү[8] адилеттүүлүк менен кылгыла жана таразадан кемитпегиле[9]!
10. Жерди жандуулар үчүн төшөгөн.
11. Анда жемиштер жана бутак-шактуу курмалар (бар).
12. (Анда) кабыктуу урук жана жыпар жыттуу[10] өсүмдүктөр (өсөт).
13. [11]Эгеңердин жакшылыктарынын кайсынысын жалганга чыгара аласыңар?!
14. Инсанды бышырылган чоподой кургак ылайдан[12] жаратты.
15. Жиндерди түтүнсүз жалындан жаратты.

1 Аллах Тааланын

2 Аллах Тааланын улуу ысым-сыпаттарынын бири

3 «Жылдыз» маанисин берген араб тилиндеги «нажм» сөзү бир эле учурда «өсүмдүк» деген да маанини туйунтат Бул жерде ошол эки маани тең дал келет

4 Аллах Таалага баш ийип, аруулайт

5 Аллах Таала

6 Адилеттүүлүгүн

7 Аллах Тааланын мыйзамындагы (өлчөмүндөгү) чектен

8 Бул жерде тараза менен тартуудагы өлчөм тууралуу кеп болууда

9 Алдап соода кылбагыла, ар бир нерсени сатканда таразада так тартып саткыла!

10 Райхан сыйактуу

11 Эй, адамдар жана жиндер!

12 Топурактын угутунан

16. Эгеңердин жакшылыктарынын кайсынысын жалганга чыгара аласыңар?!
17. Эки Чыгыш жана эки Батыш Эгеси[1].
18. Эгеңердин жакшылыктарынын кайсынысын жалганга чыгара аласыңар?!
19. Эки деңизди кошуп агызды.
20. Экөөсүнүн ортосунда тосмо[2] бар. Бири-бирине кошулбайт.
21. Эгеңердин жакшылыктарынын кайсынысын жалганга чыгара аласыңар?!
22. Ал экөөсүнөн бермет менен маржан чыгат.
23. Эгеңердин жакшылыктарынын кайсынысын жалганга чыгара аласыңар?!
24. Тоолордой болуп деңизде сүзүп жүргөн кемелер да Аныкы[3] (бийлигинде).
25. Эгеңердин жакшылыктарынын кайсынысын жалганга чыгара аласыңар?!
26. Анын[4] үстүндөгүнүн баары жок болот.
27. Бир гана Берешендиктин жана Улуулуктун Ээси болгон Эгеңдин Өзү гана калат[5].
28. Эгеңердин жакшылыктарынын кайсынысын жалганга чыгара аласыңар?!
29. Асмандардагы жана жердегилердин баарысы Андан тилешет. Ал күн сайын иретке келтирүүдө[6].
30. Эгеңердин жакшылыктарынын кайсынысын жалганга чыгара аласыңар?!
31. Эй, эки тайпа![7] Биз силерге[8] көңүл бөлөбүз.
32. Эгеңердин жакшылыктарынын кайсынысын жалганга чыгара аласыңар?!
33. Эй, жиндердин жана адамдардын тайпалары! Асмандар менен жер-

1 Аллах Таала

2 Туздуу жана тузсуз деңизди аралыштырып жибербей турган парда бар. Ал тосмонун кандай турганына Аллахтан башка эч кимдин акылы жетпейт!

3 Аллах Тааланыкы

4 Жердин

5 Түбөлүк

6 Алардын тиричилигин, иштерин

7 Эй, жиндер жана адамдар!

8 Силерден эсеп-кысап алуу үчүн

дин чектеринен чыгууга чамаңар жетсе, чыккыла! Күч менен гана ала-сыңар[1]!

34. Эгеңердин жакшылыктарынын кайсынысын жалганга чыгара ала-сыңар?!

35. Силерге түтүнсүз жалынды жана жалынсыз түтүндү жиберебиз. Силер өзүңөргө-өзүңөр жардам да бере албайсыңар[2].

36. Эгеңердин жакшылыктарынын кайсынысын жалганга чыгара ала-сыңар?!

37. Асман жарылып, түтүн сыйактуу кыпкызыл болгондо,

38. Эгеңердин жакшылыктарынын кайсынысын жалганга чыгара ала-сыңар?!

39. Ал Күнү адамдар жана жиндер өз күнөөлөрү тууралуу суракка алын-байт (анткени алардын жасагандары Аллахка белгилүү).

40. Эгеңердин жакшылыктарынын кайсынысын жалганга чыгара ала-сыңар?!

41. Күнөөкөрлөр белгилеринен таанылып, маңдай чачтары жана бутта-рынан алынат[3] .

42. Эгеңердин жакшылыктарынын кайсынысын жалганга чыгара ала-сыңар?!

43. Бул - күнөөкөрлөр жалганга чыгарган Тозок.

44. Алар От[4] менен кайнак суунун ортосунда айланып жүрүшөт.

45. Эгеңердин жакшылыктарынын кайсынысын жалганга чыгара ала-сыңар?!

46. Кимде-ким Эгесинин алдында туруудан[5] корксо, ага - эки бак[6].

47. Эгеңердин жакшылыктарынын кайсынысын жалганга чыгара ала-сыңар?!

48. Экөө тең[7] бак-шактуу жемиштүү.

49. Эгеңердин жакшылыктарынын кайсынысын жалганга чыгара ала-сыңар?!

50. Экөөндө экиден аккан булак.

---

1 Бирок силерде андай күч жок

2 Аргасыздан Махшарга айдалып келинесиңер

3 Маңдай чач, же буттарынан жазалоочу периштелер тарабынан кармалып Тозокко ыргытылат

4 Тозок

5 Кыйамат күнү болуучу суракта

6 Эки Бейиш берилет

7 Жогоруда аталган эки Бейиш тен

**51.** Эгеңердин жакшылыктарынын кайсынысын жалганга чыгара аласыңар?!

**52.** Экөөндө ар бир мөмө-жемиштен жуп-жубу менен (болот).

**53.** Эгеңердин жакшылыктарынын кайсынысын жалганга чыгара аласыңар?!

**54.** Алар ичи жибек жаздыктарда жөлөнгөн абалда (олтурушат). Эки бактын тең жемиштери ийилип жакын (жайгашкан).

**55.** Эгеңердин жакшылыктарынын кайсынысын жалганга чыгара аласыңар?!

**56.** Ал жерде жиндер да, адамдар да мурда тийбеген, көздөрү чоочундарды карабаган[1] кыздар (бар).

**57.** Эгеңердин жакшылыктарынын кайсынысын жалганга чыгара аласыңар?!

**58.** Алар жакут менен маржан сыйактуу.

**59.** Эгеңердин жакшылыктарынын кайсынысын жалганга чыгара аласыңар?!

**60.** Жакшылыктын сыйлыгы - жакшылык менен гана (болот[2]).

**61.** Эгеңердин жакшылыктарынын кайсынысын жалганга чыгара аласыңар?!

**62.** Ал эки бактан башка дагы эки бак (бар).

**63.** Эгеңердин жакшылыктарынын кайсынысын жалганга чыгара аласыңар?!

**64.** Экөө тең жапжашыл!

**65.** Эгеңердин жакшылыктарынын кайсынысын жалганга чыгара аласыңар?!

**66.** Ал экөөндө тең атырылып чыгып туруучу эки булак (бар).

**67.** Эгеңердин жакшылыктарынын кайсынысын жалганга чыгара аласыңар?!

**68.** Анда мөмө-жемиштер, курмалар жана анарлар (бар).

**69.** Эгеңердин жакшылыктарынын кайсынысын жалганга чыгара аласыңар?!

**70.** Экөөндө тең жакшы мүнөздүү, татынакай кыздар[3] (бар).

**71.** Эгеңердин жакшылыктарынын кайсынысын жалганга чыгара аласыңар?!

---

1 Күйөөсүнө абдан берилген

2 Кылган жакшылыгыңар үчүн сөзсүз жакшылык көрөсүңөр. Б.а. аракетиңер эч качан текке кетпейт деген мааниде.

3 Үр кыздар

72. Чатырларда жашырылган[1] кара көз үр кыздар (бар).
73. Эгеңердин жакшылыктарынын кайсынысын жалганга чыгара аласыңар?!
74. Аларга[2] жиндер да, адамдар да, мурда тийген эмес[3].
75. Эгеңердин жакшылыктарынын кайсынысын жалганга чыгара аласыңар?!
76. Жашыл жаздыктардын жана кооз килемдердин үстүндө жазданып олтурушат.
77. Эгеңердин жакшылыктарынын кайсынысын жалганга чыгара аласыңар?!
78. Улуулук жана Берешендик Ээси болгон Эгеңдин ысмы Улук болсун!»

## 56. ВАКИА[4] СҮРӨСҮ

**Меккеде түшүрүлгөн Токсон алты айаттан турат**

***Мээримдүү, Ырайымдуу Аллахтын аты менен***

1. Болуучу[5] болгон кезде,...
2. Анын болуусун эч бир жалганга чыгаруучу жок[6].
3. Ал[7] ылдыйлатат[8] жана жогорулатат[9].
4. Жер катуу силкинген кезде...
5. Тоолор да талкаланып,
6. учкан тозоң болгон кезде...
7. Ошондо силер үч топко бөлүнөсүңөр.
8. Оң кол ээлери... «Оң кол ээлери[10]» болуу кандай жакшы?
9. Сол кол ээлери... «Сол кол ээлери[11]» болуу кандай жаман?

---

1 Эч кимге көрүнбөгөн
2 Үр кыздарга
3 Алардын колун мурда эч ким кармаган эмес
4 Вакиа - Болуучу (окуйа)
5 Кыйамат күнү
6 Кыйамат кайым болгондо аны эч ким жалган дей албайт
7 Кыйамат
8 Кааапырларды Тозокко киргизет
9 Мусулмандарды Бейишке киргизет
10 Эсеп китеби оң колунан берилгендер
11 Эсеп китеби сол колунан берилгендер

**10.** Озгондор - Озуучулар.
**11.** Алар -жакын[1] болгондор.
**12.** Сыйлуу бактарда[2]
**13.** Оболкулардан[3] көбүрөөк.
**14.** Кийинкилерден[4] азыраак.
**15.** (Алар) жасалгаланган мамыктардын үстүндө,
**16.** жөлөнгөн абалда бетмебет олтурушат.
**17.** Түбөлүк жаш уландар аларды айланышат[5],
**18.** агып турган булактан[6] (толтурулган) чөйчөк, кумура жана чыны менен.
**19.** Ал мас да кылбайт, баш да оорутпайт.
**20.** Каалаган жемиши (болот),
**21.** Табити тарткан куштардын этин[7] (жешет).
**22.** (Каракөз)[8] үр кыздар,
**23.** сакталган бермет сыйактуу.
**24.** Жасаган иштеринин[9] сыйлыгы үчүн.
**25.** Алар ал жерде бузуку, жаман сөз угушпайт.
**26.** Бирок «Тынчтык!», «Тынчтык[10]!» -деген сөздү гана (угушат).
**27.** Оң кол ээлери. «Оң кол ээлери» болуу кандай жакшы?
**28.** Тикенсиз дарактардын арасында[11].
**29.** [12]Жемиштери үстү-үстүнө үйүлгөн банан дарагы.
**30.** (Алар) кенен жайылган көлөкө астында,
**31.** Дайыма агып турган суусу (бар),
**32.** [13]мол жемиштер...

---

1 Аллах Таалага
2 Ошолор болушат
3 Мухаммед (а.с.)дан мурдакы пайгамбарлардын үммөттөрү
4 Алардан кийинки мусулмандардан
5 Бейиштегилерге кызмат кылышат
6 Суусундук булактан
7 Ташышат
8 Алар үчүн
9 Ибадаттарынын, сооп иштеринин
10 Болсун
11 Эс алышат
12 Ал дарактардын
13 Бейиштин

33. (Алар) түгөнгүс жана тыйуу салынбаган...[1]
34. Өйдө көтөрүлгөн төшөктөрдө (олтурушат).
35. Биз аларды[2] жаңыдан[3] жараттык.
36. Биз аларды [4]кыз абалында калтырдык[5].
37. Күйөөсүн чындап сүйгөн[6] жана жаш курактары бирдей...
38. [7]оң тарап ээлери үчүн.
39. Оболкулардан бир топ[8],
40. Кийинкилерден да бир топ.
41. Сол кол ээлери... «Сол кол ээлери» болуу кандай жаман?
42. (Алар) Тозоктун ысык шамалында, кайнак суунун ичинде (калышат).
43. Карарган түтүн көлөкөдө (олтурушат),
44. [9]салкын да эмес, жагымдуу да эмес.
45. Акыйкатта алар мындан мурда ырахатта болушкан эле.
46. Көктүк кылып, чоң күнөөгө батышкан.
47. Алар: «Биз өлүп, топуракка жана сөөккө айланган соң, кайра тирилебизби?» - деп айтышкан.
48. «Мурдагы[10] аталарыбыз дагыбы[11]?» (дешкен).
49. Айткын[12]: «Чындыгында, мурункулар да, кийинкилер да,
50. маалым болгон Күндө[13] белгилүү орунга[14] сөзсүз чогулушат.
51. Андан соң: «Албетте силер - эй, адашкан жалганчылар,
52. сөзсүз, заккум аттуу дарактан[15] жейсиңер.
53. Аны менен курсагыңарды толтурасыңар.

---

1 Адал, акысыз
2 Үр кыздар
3 Үр кыздар ата-энеден төрөлүшпөйт, Аллах Тааланын кереметы менен башкача жаратылат
4 Эркек көрө элек, таза, кыз бойунча
5 Үрлөрдү
6 Жан-дили менен берилип сүйгөн
7 Мунун баары
8 Оң тарап ээлери
9 Ал жер
10 Байыркы, эзелки...
11 Алар да тирилишеби?
12 Эй, Мухаммед!
13 Кыйаматта
14 Махшар майданына
15 Тозок дарагы

54. Анын үстүнөн кайнак суу ичесиңер.
55. Абдан суусаган төөлөрдөй ичесиңер.
56. Бул - Кыйамат күнүндөгү алардын орду.
57. Биз силерди жараттык: Эмне үчүн (Акыйкатты) мойнуңарга албайсыңар?
58. Силер өзүңөрдөн куйганыңарды[1] эле карабайсыңарбы?!
59. Аны силер жаратасыңарбы, же Жаратуучу Бизби?!
60. Биз силердин араңарга өлүмдү аныктап[2] койдук, Бизден эч ким озо албайт!
61. Силерди окшошторуңар менен алмаштырып, силер билбегенди жарата алабыз!
62. Чындыгында оболку[3] жаратууну билесиңер. Эскертүү албайсыңарбы?
63. Эмнени эгип атканыңарды көрүп атасыңарбы?
64. Аны силер өстүрөсүңөрбү, же Өстүрүүчү Бизби?
65. Эгер Биз кааласак ал өсүмдүктөрдү кууратып коймокпуз. Күндүз туруп алып, таңданмаксыңар[4]:
66. «Чындыгында биз зыйанга учурадык,
67. балким, куру калдык» (деп).
68. Ичип жаткан сууңарды көрдүңөрбү?
69. Булуттан аны силер түшүрдүңөрбү, же Түшүрүүчү Бизби?!
70. Эгер кааласак аны ачуу кылып коймокпуз. Эмне, шүгүр кылбайсыңарбы?
71. Күйгүзгөн отуңарды көрбөйсүңөрбү?
72. Анын дарагын силер жараттыңарбы, же Жаратуучу Бизби?!»
73. Аны Биз эскертүү жана жолоочуга пайдалуу кылдык.
74. Улуу Эгеңдин ысмын аруула!
75. Жылдыздардын ордуларына ант!
76. Эгер билсеңер, бул, чындыгында - Улуу ант!
77. Албетте, бул - Ыйык Куран.
78. (Ал[5]) - Китепте[6] сакталган.

1 Айалдарыңардын жатынына куйган урук жөнүндө ойлонбойсуңарбы?!
2 Өмүр, өлүм мөөнөтүн так белгилеп, чектеп
3 Топурактан жаратылганыңарды
4 Кайгырмаксыңар
5 Куран
6 Лавху Махфуз - тагдыр жазылган тактай

**79.** Аны[1] тазалар[2] гана кармайт.
**80.** (Ал) Ааламдардын Эгесинен түшкөн[3].
**81.** Силер ушул Сөздү[4] кордоп, жалганга чыгарасыңарбы?!
**82.** Ырыскыңар[5] үчүн шүгүр кылуунун ордуна, аны[6] чанып жатасыңарбы?
**83.** Жан алкымга жеткенде,
**84.** ал учурда силер карап турасыңар.
**85.** Биз силерге караганда ага[7] жакыныраакпыз. Бирок силер көрбөйсүңөр.
**86.** Эгер жазаланбай турган болсоңор,
**87.** айтканыңар чын болсо, аны[8] кайтарып бергилечи!
**88.** Эгер ал[9] жакындардан[10] болсо,
**89.** ага - ырахаттуу жыргал, жакшы даам жана сыйлуу бактар[11] (дайар).
**90.** Ал эми оң тарап ээлеринен болсо,
**91.** Оң тарап ээлерине: «Тынчтык!» (деп айтылат).
**92.** Ал эми, ал жалганга чыгаруучу[12], адашкандардан болсо,
**93.** Анын сыйы - кайнак суу,
**94.** (ал) Тозокко ташталат.
**95.** Албетте, бул[13] - анык чындык!
**96.** Улуу Эгеңди ысмы менен аруула!

---

1 Куранды, Лавху Махфузду
2 Даараты барлар, периштелер
3 Куран
4 Куранды
5 Аллах Таала берип аткан
6 Куранды
7 Адамдын денесинен чыгып бараткан жанга, рухка
8 Жанды, рухту
9 Жаны чыккан адам
10 Аллах Таалага жакын, жакшы адам
11 Бейиш
12 Куранды жана Кыйаматты
13 Сүрөдө айтылгандар

# 57. ХАДИД[1] СҮРӨСҮ

**Мединада түшүрүлгөн Жыйырма тогуз айаттан турат**

***Мээримдүү, Ырайымдуу Аллахтын аты менен***

1. Асмандагылар менен жердегилер Аллахты аруулашат[2]. Ал - Ызааттуу, Даанышман.
2. Асмандар менен жердин ээлиги Аллахка гана таандык. (Ал) тирилтет жана өлтүрөт. Ал бардык нерсеге Кудуреттүү.
3. Ал - Оболку жана Акыркы. Ал - Сырткы жана Ички. Ал - бардык нерсени Билүүчү.
4. Ал - асмандар менен жерди алты күндө жаратты. Андан кийин Ал Аршка истиваа болду[3]. Жерге киргенди, андан чыкканды, асмандан түшкөндү, асманга көтөрүлгөндү (баарын) билет. Ал - кайда болсоңор да силер менен бирге. Аллах силердин жасап жаткан ишиңерди[4] Көрүүчү.
5. Асмандар менен жердин ээлиги Ага таандык. Аллахка иштер кайтат.
6. Түндү күндүзгө алмаштырат, күндүздү түнгө айлантат. Ал көкүрөктөрдө[5] сакталгандарды Билүүчү.
7. Аллах менен Анын элчисине ишенгиле жана (Ал) силерди ээ кылган нерселерден сарптагыла[6]. Силерден ишенгендерге жана сарптагандарга чоң сыйлык (бар).
8. Силерге эмне болду: Аллахка ишенбейсиңер[7]? Элчи[8] болсо силерди

---

1 Хадид - Темир

2 Тасбих айтышат

3 «Истиваа» - сөзү өзүнө бир нече маанини камтып: барабарлануу, жогору болуу, көтөрүлүү, камынуу, ээлик кылуу, багыт алуу дегенди туйундурат. Бирок, Аллах Таала эч нерсеге окшобогондугу үчүн «истиваа» кандай көрүнүштө болоору адам баласына маалым эмес. Демек, бул сөздөн Аллах Таала эмнени каалаof ошого ыйман келтирүүгө милдеттүүбүз. Ар кандай чечмелөөрдү айтып, талашып - тартышууга акыбыз жок. Ошол үчүн өткөн улуу Имамдардын бардыгы бул маселеге өтө кылдат мамиле кылуу керек экенин баса белгилешкен. Тарыхта алтын тамгалар менен жазылып калган төмөнкүдөй таамай сөздөрдү Имам Малик мындай баяндаган: «Истиваа - маалым, аны сүрөттөө белгисиз. Ага ыйман келтирүү ваажиб, ал туралуу суроо салуу бидаат.»

4 Амалыңарды

5 Дилдеги сырларды

6 Кайрымдуулук, садака ж.б.у.с. жумшагыла

7 Ыйман келтнрбенсиңер

8 Мухаммед (а.с.)

Эгеңерге ыйман келтирүүңөргө үгүттөйт. Албетте силердин убадаңарды алып койгон[1].

9. Ал силерди караңгылыктан жарыкка чыгаруу үчүн Өз пендесине ачык-айкын айаггарды түшүрөт. Чындыгында, Аллах силерге Мээримдүү жана Боорукер.

10. Силерге эмне болду. Аллах жолунда сарптабайсыңар[2]? Асмандар менен жердин мураскорлугу Аллахка[3]. Силердин араңардан жеңиштен мурда сарптаган, согушкандар улуу даражага ээ жана алар (жеңиштен) кийин сарптагандар жана согушкандар менен барабар эмес. Баарына Аллах жакшылыкты убада кылды. Аллах жасаган амалыңардан Кабардар.

11. Ким Аллахка жакшы[4] карыз берсе, ошого Аллах көбөйтөт да, ага улуу сыйлык (берет).

12. Ал Күнү ыймандуу эркек менен ыймандуу айалдардын нурлары колдорунун алдынан жана оң тараптарынан жүргөнүн көрөсүң. Астынан дарыйалар агып турган Бейиштер - силердин бүгүнкү сүйүнчүңөр. Силер анда түбөлүккө (каласыңар). Бул - чоң ийгилик!

13. Ал күнү эки жүздүү эркектер менен эки жүздүү айалдар ыйман келтиргендерге: «Бизге карагыла, нуруңардан пайдаланалы», - дешет. Аларга: «Артыңарга кайткыла, (ошол жактан) нуруңарды издегиле», - деп айтылат. Алардын ортосуна ички тарабы ырайымдуулук, сырткы тарабы азаптан болгон эшиги бар дубал тургузулат.

14. Тигилер[5]: «Биз силер менен чогуу элек го?»- дешет. Алар[6]: «Ооба, бирок силер өзүңөрдү азапка салдыңар, кетенчиктедиңер, [7]күмөн санадыңар, кыйалдарыңар силерди алдап койду, Аллахтын буйругу келгенге чейин силерди (куру) үмүттөрүңөр алдады, Аллах тууралуу[8] азгыруучу[9] алдады.

15. Мына бүгүн силерден жана каапырлардан төлөм[10] алынбайт. Силердин ордуңар - Тозок. Ал силерге гана ылайык. (Бул) кандай жаман, кайгылуу орун!

16. Аллахты эстегени үчүн жана акыйкаттын[11] түшкөнүнө ыйман келтир-

1 Алмусгакта

2 Байлыгыңарды сооп үчүн жумшабайсыңар

3 Таандык

4 Аллах Таала жолунда мал-мүлкүн айанбастан, шектенбестен берешендик менен сарптоо.

5 Мунафыктар

6 Момундар

7 Кыйаматтан, кайра тирилүүдөн

8 Жалган түшүнүктөр менен

9 Шайтан

10 Төлөм - азаптан бир нерсеберип куткарып алуу

11 Куранда

геңдин жүрөгү жибий (корко) турган учур келдиби? Силерден мурдагы китеп берилгендерге окшобогула. Убакыттын көп өтүүсү менен алардын жүрөктөрү катып калган жана алардын көбү бузукулар.

**17.** Билип койгула: Аллах жерди, ал[1] өлгөндөн кийин[2] (кайра) тирилтет[3]. Силер акылыңарга келүүңөр үчүн Биз силерге айаттарыбызды байандадык[4].

**18.** Кайыр-садака берүүчү эркектер менен айалдарга, ошондой эле Аллахка жакшы карыз[5] бергендерге, алардын сыйлыктары[6] көбөйтүлүп берилет жана аларга улуу сыйлык (бар).

**19.** Аллах менен Анын элчисине ыйман келтиргендер[7], алар - чынчылдар; жана шейиттер. Эгесинин алдында, алардын сыйлыктары жана нурлары (бирге болот). Ал эми каапырлар менен Биздин айаттарды жалганга чыгаргандар, алар - Тозок ээлери.

**20.** Билгиле: Чындыгында (бул) дүйнө - ойун, азгырык, кооздук[8] жана өз ара мактануу, ошондой эле мал-мүлктү[9], бала-чаканы көбөйтүү (гана). (Бул дүйнө) өсүмдүктөрү каапырларды тан калтырган жамгыр сыйактуу. Ал[10] кези келгенде кургап, сапсары болгонун көрөсүн, андан кийин кайра топуракка айланат. Акыретте[11] катуу азап (бузукулар үчүн), ал эми Аллахтын кечирими жана ыраазылыгы - (момундар үчүн). (Бул) дүйнө жашоосу - алдамчы ырахат.

**21.** Эгенердин кечиримине жана асман менен жер мейкиндигиндей кендиктеги Бейиш үчүн атаандашкыла[12]. (Ал) Аллах менен Анын элчисине ыйман келтиргендерге дайардалган. Бул Аллахтын каалаганына берүүчү ырайымы. Аллах - Улуу Ырайымдын Ээси!

**22.** Китепте[13] алдын ала жазылып койулгандай жерге да, силердин жаныңарга да, кайгы Биз белгилеп койгондон мурда келбейт. Чындыгында бул - Аллахка женил.

---

1 Жер

2 Какырап куурап калгандан кийин

3 Жапжашыл кылат

4 айаттар аркылуу кеңири түшүнүк бердик

5 Аллах Таала жолгунда мал-мүлкүн айанбастан, шектенбестен, берешендик менен сарптоо.

6 Эки эсе кылып

7 Ишенгендер

8 Убактылуу

9 Материалдык байлыктын артынан сайа түшүп кубалоо

10 Өсүмдүктөр

11 Каапырларга

12 Жарышкыла

13 Лавху Махфузда

**23.** Өткөндөргө кайгырбагыла жана келгендерге сүйүнбөгүлө![1] Аллах бардык текебер, мактанчаактарды жакшы көрбөйт.

**24.** Өздөрү сарандык кылышат жана башкаларды да сарандыкка буйрушат. Ал эми ким баш тартса[2]... Чындыгында Аллах - Бай жана Макталуучу.

**25.** Акыйкатта, элчилерибизди ачык айандар менен жибердик. Адамдар адилеттүүлүктөн чыгып кетпеши үчүн алар[3] менен кошо Китеп жана таразаны[4] түшүрдүк. Ошондой эле Биз темирди түшүрдүк. Анда адамдар үчүн мыкты күч жана пайда бар. Аллах ким Ага жана Анын элчисине жардам бергендерди кайыптан билүү үчүн...(ушинтти). Чындыгында Аллах - Күчтүү жана Ызааттуу.

**26.** Акыйкатта, Нухту, Ибрахимди жөнөттүк жана анын урпактарына пайгамбарлык, Китеп бердик. Алардын айрымдары түз жолдо (жүрүштү). Ал эми алардын көпчүлүгү бузукулар.

**27.** Кийин алардын артынан элчилерди жибердик: Марйамдын уулу Исаны жиберип, ага Инжилди бердик. Анын (Исанын) артынан ээрчигендердин жүрөктөрүнө жумшактык, мээримдүүлүк салып койдук. Бирок, дүйнөдөн безүүнү[5] Биз жазбасак деле, Аллахтын ыраазылыгына жетүү үчүн алар өздөрү ойлоп табышты. Аны да жакшылап аткарышкан жок. Ошондой эле Биз ыйман келтиргендерине сыйлык бердик. Бирок, алардын көбү бузукулар.

**28.** Эй, ыймандуулар! Аллахтан корккула жана Анын элчисине[6] ишенгиле! Ал[7] мээримин силерге эки эселеп берет жана жүрүшүңөр үчүн нур жаратат. Аллах - Кечиримдүү, Боорукер.

**29.** Китеп ээлери Аллахтын ырайымынан эч нерсеге татыктуу эмес экендигин билүүсү үчүн[8]... Албетте, ырайымдуулук Аллахтын колунда, аны каалаганына[9] берет. Аллах - Улуу Мээримдин Ээси!

---

1 Аллах Таала тигини ушул үчүн кабарлады

2 Аллах Таала алардын ыйманына да, кайрымдуулугуна да муктаж эмес!

3 Пайгамбарлар менен кошо

4 Адилеттүүлүктү

5 Кечилдик, кечил болуу

6 Мухаммед (а.с.)га

7 Аллах Таала

8 Ушундай байан кылды

9 Өзү гана

# 58. МУЖААДАЛА[1] СҮРӨСҮ

**Мединада түшүрүлгөн Жыйырма эки айаттан турат**

***Мээримдүү, Ырайымдуу Аллахтын аты менен***

1. Чынында, Аллах сени менен өзүнүн күйөөсү тууралуу сүйлөшүп жана Аллахка арызын айтып жаткан айалдын[2] сөзүн укту. Ошентип, Аллах силердин сүйлөшүп жатканыңарды уккан эле. Албетте, Аллах - Угуучу, Көрүүчү.

2. Силердин араңардагы өз айалдарын (энелерине) окшоткондордун (айалдары алардын) энелери эмес. Алардын энелери өздөрүн (эркектерди) төрөгөндөр гана. Акыйкатта, алар тыйуу салынган жана жалган сөздү айтып жатышат. Албетте, Аллах - (күнөөнү) Кечүүчү[3], Кечирүүчү.

3. Өзүнүн айалын[4] окшоштургандар кийин айткан сөздөрүнөн кайтышса, айткан сөздөрү үчүн адегенде бир кулду азаттыкка чыгарып, андан соң гана өз түгөйүнө кошулууга акылуу. Аллах силердин эмне кылганыңардан кабардар.

4. Кимде-ким (бир) кулду азат кыла албаса, анда айалы менен кошулганга чейин эки ай бойу үзгүлтүксүз орозо тутууга тийиш! Ал эми ким муну да аткара албаса, анда алтымыш жардыны тойгузсун! Бул Аллах менен Анын элчисине ишенүүңөр үчүн. Ушул Аллахтын чектери. Каапырлар үчүн зор азап бар.

5. Аллахка жана Анын элчисине каршылашкандар акыйкатта, өздөрүнөн, мурдагылар ойрон кылынгандай эле, алар да ойрон кылынат. Анткени, Биз ачык-айкын айаттарыбызды жөнөткөнбүз, а каапырлар үчүн оорутуучу азап бар!

6. Аллах алардын баарын кайрадан тирилткен күнү алардын жасаган нерселеринен өздөрүнө кабар берет, анткени Аллах алардын (жасаган иштерин) эсептеп койгон, алар (өздөрү) унутуп калышкан (болсо да). Аллах - бардык нерсенин үстүнөн күбө болуучу!

7. Ырас эле сен Аллахтын асмандар менен жердегилердин баарын билээрин билбейсиңби? Үчөө шыбырашып сүйлөшүп жатса, Ал алардын төртүнчүсү; же бешөө (шыбырашып сүйлөшсө) алтынчысы Ал - Аллах. (Шыбырашып сүйлөшкөндөр) мындан аз болобу, же көп болобу, алар каерде болушса да, Ал (Аллах) алар менен бирге. Андан кийин

---

1 Мужаадала - Талкуу, тартышуу

2 Будпарастык салт бойунча айалдарын «зихар» деп, т. а. «энемдин бир мүчөсүнө окшошсуң», - деп ажырашып кетишкен.

3 Күнөөсүн өтүп жиберүүчү

4 Өз энесине

Ал аларга кылган нерселеринен Кыйамат күнү кабар берет. Акыйкатта, Аллах - бардык нерсени Билүүчү!

8. Сен жашыруун сүйлөшүүгө тыйуу салынгандарды көрбөйсүңбү? Андан кийин, алар тыйуу салынганга кайрадан барышууда жана да алар бир-бири менен күнөө, душмандык жана Пайгамбарга баш ийбөө жөнүндө сөздөрдү шыбырашып сүйлөшүүдө. А алар качан сага келишсе сага Аллах (өзү) дагы саламдашпаган сөз менен саламдашышат. А өздөрүнчө (ичтеринен): «Биз айткан сөздөр үчүн Аллах бизди эмне үчүн азаптабайт», - дешет. Аларга өздөрү бара турган тозок жетиштүү. Кандай жаман кайтуу!

9. Эй момундар! Силер жашыруун сүйлөшүп жатканыңарда күнөө, душмандык жана пайгамбарга баш ийбөө жөнүндө шыбырашып сүйлөшпөгүлө. А жакшылык, такыбалык жөнүндө шыбырашып сүйлөшө бергиле. Силер алдына чогулуп бара турган Аллахтан корккула!

10. Жашыруун сүйлөшүү[1] ыймандууларды гана кайгыртуу үчүн, шыбырашып сүйлөшүүлөр шайтандан (болот). Бирок ал Аллахтын уруксаты болмойунча эч зыйан келтире албайт. Андыктан, ыймандуулар Аллахка бекем тобокел кылышсын!

11. Эй, ыймандуулар! Качан силерге: «Жыйналышта орун бергиле» - делинсе, орун бергиле[2], Аллах силерге Бейиштен (орун) берет. А качан: «Тургула!»[3]- деп айтылса, тургула! Аллах силерди араңардагы ыймандуулардын жана илим берилгендердин даражаларын көтөрөт. Аллах силердин эмне кылып жатканыңардан кабардар.

12. Эй, ыймандуулар! Силер пайгамбар менен жашыруун сүйлөшүүнү качан кааласаңар (анда) садака бергиле[4], бул силер үчүн жакшыраак, ары тазараак. Эгер (берүүгө) таба албасаңар, анда Аллах - Кечиримдүү, Мээримдүү.

13. Силер эмне, аны менен сүйлөшүүдөн мурун садака берүүдөн корктуңарбы? Эгер силер муну кылбасаңар да Аллах силердин тообоңорду кабыл кылса (кечирсе), анда намаз окугула жана зекет бергиле, Аллах менен Анын элчисине баш ийгиле. Аллах силердин эмне кылып жатканыңардан кабардар.

14. Сен Аллахтын каарына кабылгандар менен достошкондорду билбейсиңби?[5] Алар силерден да, тигилерден да эмес. Алар билип туруп да (калп эле) ант ичишет.

---

1 Күнөө жана душмандык жөнүндө

2 Мечитке жаңы келгендерге

3 Кары-картаң аксакалдарга, же улууларга кичүүлөрдүн орун берүүсү

4 Муктаждарга

5 Мединадагы, өздөрүн мусулманбыз деп койуп, бирок иудейлер менен жашыруун келишим кылышкан эки жүздүүлөр жөнүндө сөз болууда

15. Аллах аларга катуу азапты дайардады. Акыйкатта, алардын жасаган иштери кандай жаман.

16. Алар өздөрүнө жалган анттарын калкан кылып алышты жана анысы менен башкаларды да Аллахтын жолунан тосушту. Алар үчүн кордоочу азап бар.

17. Алардын байлыктары да, балдары да Аллахтын азабынын бир да нерсесинен куткара албайт. Алар - тозоктун ээлери жана анда түбөлүк калышат.

18. Аллах алардын баарын кайрадан тирилткен күнү силерге ант бергендей эле, Ага да ант беришет. Алар албетте бул жардам кылат деп ойлошот. Байкагыла, чынында, алар анык жалганчылар!

19. Аларга шайтан башчы болуп алган жана Аллахты эстөөнү аларга унуттурган. Алар шайтандын тобу. Билгиле, анығында, алар шайтандын тарапкерлери, алар - зыйанга учуроочулар.

20. Аллах менен Анын элчисине каршы чыккандар - өтө кор болуучулар.

21. Аллах: «Мен жана пайгамбарларым жеңип чыгабыз», - деп жазып койгон.[1] Акыйкатта, Аллах - Күч-кубаттуу, Ызааттуу.

22. Сен Аллахка жана Кыйамат күнүнө ишенген коомдун арасынан Аллах менен Анын элчисине каршы чыккандарды дос кылгандарын таппайсың; эгер алар өздөрүнүн аталары, же балдары, ага-инилери жана туугандары болушса да. Аллах мына ушулардын жүрөгүнө ыйманды жазып койгон жана аларды Өзүнөн болгон нур менен кубаттаган. Аллах аларды алдында дарыйалар агып турган Бейиш бактарына киргизет. Алар анда түбөлүккө калышат. Аллах алардан ыраазы. Алар Андан[2] ыраазы. Мына ушулар Аллахтын тобу (жамааты). Акыйкатта, Аллахтын жактоочулары[3], алар ийгиликке жетүүчүлөр.

## 59. ХАШР[4] СҮРӨСҮ

**Мединада түшүрүлгөн Жыйырма төрт айаттан турат.**

***Мээримдүү, Ырайымдуу Аллахтын аты менен***

1. Аллахты асмандар менен жерде болгондордун баары даңктайт. Ал - Ызааттуу, Даанышман.

1 Тагдыр жазылган тактайда (Лавху Махфузда)

2 Аллах Тааладан

3 Тобу

4 Хашр - Чогултуп сүргүн кылуучу

2. Ал китеп ээлери[1] болгон каапырларды алардын турак жайларынан биринчи жолку жыйында[2] эле алып чыккандын дал Өзү (Аллах). Силер[3] алар чыгып кетет экен деп ойлогон эмес элеңер, а алар болсо өздөрүн Аллахтан сепил- коргонубуз сактайт деп ойлошту. Аллах (Аллахтын азабы) болсо аларга күтпөгөн тараптан келди жана алардын жүрөгүнө коркунуч таштады. Алар өздөрүнүн жайларын өз колдору менен жана да момундардын колдору менен талкалап-бүлүнтүштү. Эй, акыл калчагандар! Мындан үлгү-сабак алгыла!

3. Эгерде Аллах аларга[4] мекенди таштап кетүүнү жазбаганда[5], аларды бул дүйнөдө жазалаар эле. Алар үчүн акыретте оттун азабы (бар).

4. Мына ушул алардын Аллахка жана Анын Элчисине кылган каршылыктары үчүн. Ким Аллахка каршы чыкса, акыйкатта, Аллахтын азабы катаал.

5. Силер курма дарагын[6] кесип салдыңар, же аны өз тамырында калтырдыңарбы, ал - бузукуларды мыскылдоо үчүн Аллахтын буйругу менен болгон (иштер).

6. Жана да Аллах алардан[7] Өзүнүн элчисине олжо берди, ал олжого силер ат да, төө да минип барган жоксуңар[8]. Бирок, Аллах кааласа Өз элчисин кимдин үстүнө (болсо да) үстөм кылып койот. Аллах - бардык нерсеге кудуреттүү.

7. Аллах Өз элчисине айланадагы калаалардан берген нерселер: ал - Аллахка, Анын элчисине, пайгамбардын жакын туугандарына, жетимдерге, жарды- жакырларга жана жолоочуларга гана таандык; мунун себеби, силердин араңардагы байлардын гана колунда болуп калбашы үчүн[9]. Пайгамбар силерге эмне алып келген болсо, аны алгыла; ал эмнеден тыйган болсо, андан тыйылгыла; Аллахтан корккула. Албетте, Аллах жазалоодо катаал.

8. Жана да кедейлерге, жер которгондорго[10]; алар Аллахтын ырайымын жана ыраазылыгын издешет, өз жерлеринен, малы-мүлкүнөн ажыра-

---

1 Мусулмандарга чыккынчылык кылган Бану Надр аттуу, иудейлер уруусу ясөнүнде сез болууда

2 Мусулман аскерлериннн биринчи жолку топтолуп-чогулушунда

3 Момун мусулмандар

4 Бану Курайза уруусуна

5 Тагдырда

6 Лина - курма дарагынын аты

7 Бану Назиир уруусу

8 Бани Курайзанын сепилин алууда аттар да, төөлөр да пайдаланылган эмес

9 Кедейлер, алсыздар кур калбастыгы үчүн

10 Меккеден Мединага көчүп келген алгачкы мусулмандарга

ган жана алар Аллах менен Анын элчисине жардамдашышат[1]. Мына ушулар чынчылдар.

**9.** Жер которгондор келгенге чейин орун дайардашып, ыйманын бекем кармап, көчүп келгендерди сүйүшөт. Аларга берилген нерселер үчүн жүрөктөрүндө бир да кызганыч табышпайт. Өздөрүндө жетишсиздик болуп турса да, өздөрүнө караганда өзгөлөрдү жогору койушат. Ким өз напсисин сараңдыктан сактаса, алар аныгында кутулуучулар[2].

**10.** Алардан кийин келгендер мындай дешет: «Эгебиз, бизди жана бизден мурун ыйманга келген туугандарыбызды кечир. Биздин жүрөгүбүзгө ыйман келтиргендерге кек салба. Эгебиз, Сен албетте Мээримдүү, Боорукерсиң».

**11.** Көрбөйсүңбү[3] эки жүздүүлөрдү. Алар китеп ээлеринен болгон каапыр туугандарына: «Эгер силер куулуп чыгарылсаңар, анда биз да силер менен бирге чыгабыз жана силер үчүн эч кимдин буйругуна баш ийбейбиз. Эгер силерге каршы согуш болсо, анда биз силерге албетте жардам беребиз», - дешти. Бирок, Аллах алардын анык жалганчы экендигине күбөлүк берет.

**12.** Эгер алар куулуп чыгарылса, анда тигилер алар менен бирге чыгышпайт. Эгер аларга согуш ачылса, алар тигилерге жардам беришпейт, а эгер жардам беришсе, анда артын көздөй качып жөнөшөт. Анан аларга эч жардам берилбейт.

**13.** Алардын жүрөктөрүндө Аллахка караганда силерден коркуу көбүрөөк. Анткени, алар түшүнбөй турган коом.

**14.** Алар биргелешип алып силер менен согуша алышпайт. Согушса да курчалган коргондун ичинен же дубалдын артынан[4] гана. Алардын ортосунда айыгышкан душмандык (бар). Сен алар ынтымакта экен деп ойлойсуң. А алардын жүрөктөрү ар башка. Себеби алар акыл калчабаган коом[5].

**15.** Өздөрүнөн бир аз мурдараак өтүп кеткен коом сыйактуу эле, алар кылган иштеринин азабын тартышты. Аларга катуу азап бар.

**16.** Шайтан сыйактуу. Себеби ал[6] инсанга: «Каапыр бол!» - дейт. Каапыр болгон[7] соң, ал: «Мен сенден алысмын[8]. Мен ааламдардын Эгеси болгон Аллахтан коркомун», - дейт.

1 Аллах Тааланын дини үчүн күрөш жүргүзүшүп

2 Ийгиликке жеткендер

3 Эй, Мухаммед!

4 Жашынып алып

5 Эл

6 Шайтан

7 Инсан

8 Менин, сен үчүн күнөөм жок

**17.** Бул иштин натыйжасы ал экөө тең түбөлүк тозокко кирип, түбөлүккө калышат. Адашкандардын[1] жазасы мына ушундай.

**18.** Момундар, Аллахтан корккула! Жан ээси эртеңкиге эмне дайардаганын карасынчы?! Аллахтан корккула! Анткени, Аллах силердин эмне кылып жатканыңардан кабардар.

**19.** Аллахты унуткандардан болбогула. Аллах алардын өздөрүн унуттуруп салган. Дал ошолор бузукулар.

**20.** Тозок ээлери менен Бейиш ээлери тең эмес. Бейиштин ээлери алар - ийгиликке жетүүчүлөр.

**21.** Эгерде Биз бул Куранды бир тоого түшүрсөк, анда сен ал тоонун бужүйгөн абалда Аллахтан корккондугунан жарылып кеткенин көрөт элең. Буларды адамдарга мисал келтирип жатабыз. Мүмкүн алар ойлонушаар.

**22.** Ал - Аллах! Андан башка кудай жок. Ал жашыруунду да, ашкерени да Билүүчү. Ал - Мээримдүү, Ырайымдуу!

**23.** Ал - Аллах! Андан башка кудай жок, (Ал) Падыша, Ыйык, Тынчтык ээси, Амандык ыроолоочу[2], Көзөмөлдөөчү[3], Үстөмдүк Кылуучу[4], Кардуу жана чоңдук ээси Алар шерик кылган нерселерден Аллах аруу (таза)!

**24.** Ал - Аллах. Жаратуучу, Түзүүчү, Келбет берүүчү. Ал эң көркөм аттарга ээ. Аны асмандар менен жердегилердин баары аруулап, даназалайт. Ал - Ызааттуу, Даанышман!

## 60. МУМТАХАНА[5] СҮРӨСҮ

**Мединада түшүрүлгөн Он үч айаттан турат**

***Мээримдүү, Ырайымдуу Аллахтын аты менен***

**1.** Эй, ыймандуулар! Менин душманымды да, өзүңөрдүн душманыңарды да дос кылып албагыла. Силер аларга сүйкүмдүүрөк мамиле жасап жатасыңар, а алар болсо силерге келген акыйкатка ишенбей жатышат. Алар пайгамбар менен силердин Эгеңер болгон Аллахка ишенип жатканыңар үчүн (мекениңерден) чыгарышууда. Силер Менин жолумда күрөшүү үчүн жана Менин ыраазылыгымды табуу үчүн чыкканыңарда, Менин душмандарымды жашыруун болсо да сүйбөгүлө.

1 Каапырлардын

2 Элчилерине керемет берип, аларды тастыктоочу

3 Пенделерине көзөмөл жасап, алардын кылган амалдарына күбө болуу

4 Аллах Таалага эч ким тең келе албайт. Ал баарынан Улук, баарынан Чоң

5 Мумтахана - Сыналуучу (айал)

Мен силердин жашыруун кылганыңарды да, жарыйа кылганыңарды да жакшы билүүчүмүн. Силердин араңардан ким бул ишти жасаса, анда анын түз жолдон адашканы анык.

2. Эгер алар силерди жеңип алса, анда алар силерге душман болушат. Силерге жамандык менен, колдорун жана тилдерин[1] суна башташат. Алар силердин да каапыр болууңарды каалашат.

3. Силердин туугандарыңар да, балдарыңар да Кыйамат күнүндө силерге жардам кыла алышпайт. Ал силердин араңарды ажыратып (бөлүп) койот. Аллах силердин эмне кылганыңарды көрүп турат.

4. Чындыгында Ибрахим пайгамбарда жана аны менен бирге болгондордо силер үчүн жакшы өрнөк бар. Алар элине: «Биз силерден жана Аллахты койуп (таштап) сыйынып жаткан нерсеңерден[2] да алыспыз. Биз силерди тандык, жалгыз Аллахка ишенгениңерге чейин түбөлүк душмандык, жек көрүү биз менен силердин ортоңордо анык сакталат», - дешти. Ибрахим атасына: «Мен сен үчүн (Аллахтан) кечирим сураймын, (бирок) Аллахтан (келчү) бир нерсени сен үчүн кайтарууга бийлигим жок» - дегени (үлгү эмеспи)[3]. «Эгебиз, биз Сага гана тобокел кылабыз, Сага гана кайттык. Кулдук жана бир гана Сага кайтуубуз бар.

5. Эгебиз, каапырлардын жолуна түшүп бизди адашуучу (азгырылуучу) кылбагын жана биздин күнөөлөрдү кечир; албетте Сен - Улуу, Даанышмансың!

6. Аллахка жана Акырет күнүнө ишенгендер үчүн мында[4] мыкты үлгү бар. Ал эми ким баш тартса, (анда), албетте, Аллах - абдан Бай жана Мактоого татыктуу!

7. Балким Аллах силердин ортоңор менен каршы болуп жаткандардын ортосунда достук орнотоор; Аллах - Кудуреттүү, Аллах - Кечиримдүү, Мээримдүү.

8. Аллах диниңерге силер менен согушпагандарга жана мекениңерден кууп чыкпагандарга жакшылык кылууңарга жана аларга адилеттүү болууңарга тыйуу салбайт[5]. Акыйкатта, Аллах - адилеттүүлөрдү сүйөт.

9. Аллах силердин диниңерге каршы силер менен согушкандар жана силерди үй-жайыңардан кууп чыккандар жана да силерди кууп чыгууда бири-бирине жардам бергендер менен достошууга тыйуу салат. Ким алар менен достошсо, анда алар Аллахтын алдында - адашкандардан (болот).

---

1 Жамандап, ушактап, шылдыңдап

2 Сөлөкөттөргө - колдон жасап алып, «кудай» деп аташкан нерселерине

3 Андан соң алар - Ибрахимдин жакындары минтип сыйынышты:

4 Жогоруда байандалган, Ибрахим жана анын жакындары жөнүндө байанда

5 Ислам тынчтык, амандык жана сүйүүнүн дини

**10.** Эй, ыймандуулар! Силерге момун айалдар[1] келген кезде аларды текшерип көргүлө! Алардын ишенич-ыйманын Аллах жакшы билет. Эгер силер алардын момун экенин билсеңер, каапырларды көздөй[2] жөнөтпөгүлө. Анткени, каапырлар үчүн алар адал болбойт. Каапыр да тигил айалдарга адал[3] эмес. Бирок аларга бергиле[4]. Тигилерге акыларын[5] берип үйлөнсөңөр да күнөөсү жок. Каапыр айалдарды өзүңөрдө кармап отура бербегиле[6] жана бергениңерди кайра өзүңөргө кайтарып берүүсүн талап кылгыла. Ошондой эле, алар[7] да тигилерден кеткен айалдары үчүн бергендерин талап кылса болот. Бул Аллахтын силердин араңарда жүргүзө турган өкүмү. Аллах - Билүүчү, Даанышман.

**11.** Эгер силердин айалдарыңардан кимдир бирөөсү каапырларга өтүп кетсе, а силер алардан[8] өч алсаңар[9], анда айалдары[10] таштап кеткендерге, алар ошол айалдарына канча төлөшкөн болсо, ошончо[11] бергиле. Өзүңөр ыйман келтирген Аллахтан корккула!

**12.** Эй, пайгамбар! Эгерде сага момун айалдар келишип, Аллахка бөлөк бирөөнү шерик кылбоого, уурулук кылбоого, айагы суйуктук - бузукулук кылбоого, өз балдарын өлтүрбөөгө, өз колу-буттарыбыздын алдында болду[12] деп жалган жалааны айтышпоого жана жакшылык иштерде сага каршы болбоого убада-ант беришсе, анда алардын антын кабыл ал! Алар үчүн Аллахтан кечирим сура. Албетте, Аллах - Кечиримдүү, Боорукер.

**13.** Эй, момундар! Аллахтын каарына калган элдер менен дос болбогула! Каапырлар мүрзөлөрдөгү өлүктөрдөн үмүт үзгөн сымал, алар да Акыреттен үмүттөрүн чындап үзүшкөн.

---

1 Меккеден качып чыккан

2 Меккедеги сөлөкөттөргө табынуучуларга

3 Никеленүүгө болбойт

4 Алардын Меккеде калган күйөөлөрү берген нерселерин (калыңдарын) кайтарып бергиле

5 Калыңдарын. Каапырлар мусулман айалга үйлөнүүгө укугу жок

6 Эгер силердин айалдарыңар каапыр болуп, башка бир каапырга никеден өтүүнү кааласа

7 Каапырлар

8 Каапырлардан

9 Жана олжого ээ болсоңор

10 Айалы исламды кабылдап, каапыр күйөөсүнөн мусулмандар тарапка кетип калгандар

11 Кайтарып

12 Төрөлгөн баласы башкадан болсо, күйөөмдүкү деп жалаа жаппасын

# 61. САФФ[1] СҮРӨСҮ

**Мединада түшүрүлгөн Он төрт айаттан турат**

***Мээримдүү, Ырайымдуу Аллахтын аты менен***

1. Аллахты асмандардагылар менен жердегилердин баары Аруулашат. Ал - Ызааттуу, Даанышман.
2. Эй, момундар! Силер эмнеге өзүңөр кылбаган нерсени айтасыңар?
3. Аллахтын алдында, өзүңөр кылбаган нерсени айтканыңар өтө жек көрөрлүк (иш)!
4. Акыйкатта, Аллах Өзүнүн жолунда, бекем дубал өңдүү катар, тыгыз туруп салгылашкандарды жакшы көрөт.
5. Муса өз элине мындай деди: «Эй, коомум! Силер эмне себептен менин Аллах жиберген элчи экенимди билип туруп мага зыйан берип, ыза кыласыңар?» Алар[2] четтеген кезде Аллах алардын жүрөгүн Туура жолдон адаштырды. Аллах адашкан бузукуларды Туура жолго багыттабайт.
6. Марйам уулу Иса[3]: «Эй, Исраил уулдары![4] Мен силерге мага чейин жөнөтүлгөн, Тооратта айтылгандардын чындыктыгын тастыктоо жана менден кийин келе турган Ахмад аттуу[5] элчи тууралуу сүйүнүчтүү кабарды угузууга жиберилген Аллахтын элчисимин», - деди. Качан ал[6] айкын далилдер менен келген кезде, алар: «Бул - анык сыйкыр», - дешти.
7. Аны исламга чакырып жатканда жалганга чыгаргандан[7] да өткөн кандай адашкан неме болсун?! Аллах адашкан коомду Туура жолго салбайт.
8. Алар Аллахтын Нурун[8] өздөрүнүн оозу[9] менен үйлөп өчүрүп койууну каалашат, бирок Аллах каапырлар жаман көрүшсө да өз нурун[10] толуктай берет.

---

1 Сафф - Сап, катар
2 Аллахтын түз жолунан
3 Ыйса пайгамбар
4 Ыйса өз элине, б. а. иудейлерге Аллах Таала тарабынан жөнөтүлгөн
5 Мухаммеддин (а.с.) бир аты
6 Мухаммед (а.с.)
7 Каапырлар: Куранды: «Ойдон чыгарылган«; пайгамбарды: «Сыйкырчы», - деп жамандашкан
8 Аллах Тааланын шариатын
9 Жаман сөздөрү менен
10 Исламды, Куран айаттарын, дин илимин

9. Ал (Аллах), мушриктер жек көрсө да, бардык диндерден жогору кылуу үчүн чыныгы дин, Туура жол менен элчисин жиберген.

10. Эй, ыймандуулар! Силерге өзүңөрдү катуу азаптан куткара турган соодалашууну көргөзөйүнбү?

11. (Анда мындай кылгыла) Аллахка, Анын элчисине ишенесиңер, Аллах жолунда байлыгыңар жана өз жаныңар менен күрөшкө чыгасыңар. Эгер билсеңер мына ушул өзүңөр үчүн эң жакшы.

12. Ал (Аллах) силердин күнөөңөрдү кечирет жана силерди алдынан дарыйалар агып турган Бейиш бактарына жана Бейиштеги түбөлүктүү көркөм (кооз, таза) орундарга киргизет. Бул өзү улуу жеңиш (ийгилик).

13. (Эй, ыймандуулар!) Силер сүйгөн дагы бир нерсе: Аллахтан келген жардам жана жакында болуучу жеңиш (бар). Сен аны момундарга сүйүнчүлөгүн.

14. Эй, момундар! Аллахтын динине жардамчы болгула. Марйам уулу Иса өз сахабаларына (жардамчыларына) айт- жардамчы болот?» (дегенде), жардамчылар: «Аллахка биз жардамчы болобуз», - дешти. Ошондо Исраил уулдарынын бир тобу ишеништи[1] да, экинчи бир тобу танышты. Ошондо Биз ишенген ыймандууларды кубаттуу кылдык, анан алар душмандарынын үстүнөн жеңишке жетишти.

## 62. ЖУМА[2] СҮРӨСҮ

**Мединада түшүрүлгөн Он бир айаттан турат**

***Мээримдүү, Ырайымдуу Аллахтын аты менен***

1. Асмандар менен жердегилердин баары Падыша, Аруу, Кудуреттүү, Даанышмандык ээси болгон Аллахты аруулашат.

2. Ал (Аллах) караңгы элге[3], алардын өздөрүнүн эле ичинен пайгамбар жиберди, ал тигилерге Анын айаттарын окуп берет, аларды тазалайт, окууга жана даанышмандыкка үйрөтөт: алар бир аз эле мурда анык адашкан, караңгы (эл) болушса деле;

3. Жана алардын арасындагы тигилерге алиге чейин кошула элек башкаларды дагы[4]. Ал - Кудуреттүү, Даанышман.

4. Ал Аллахтын ырайым-мээримдүүлүгү. Ал аны каалаганына (пендесине) берет. Анткени Ал - Улуу Ырайым ээси.

---

1 Исага жана анын айткандарына

2 Жума - Апта күндөрүнүн төрөсү

3 Исламга чейинки динсиз жана сөлөкөттөргө сыйынып келген элдерге

4 Араб эмес элдер

5. Тоорат[1] берилип, анан ага амал кылбай койгондордун, мисалы - китептерди көтөрүп жүргөн эшектер[2] сыйактуу. Аллахтын айаттарын жалган дегендер кандай жаман коом. Аллах адашкан элди Туура жолго салбайт.

6. (Мухаммед!): «Эй, иудейлер![3] Эгер силер өзүңөрдү башка элдердин арасынан биз гана Аллахка жакынбыз деп билсеңер, анда (өзүңөргө) өлүмдү каалагыла! Эгер силер чын болсоңор», - деп айт.

7. Алар өз колдору менен кылган иштеринин[4] себебинен эч убакта (өлүмдү) тилей алышпайт. Аллах - адашкандарды Билүүчү.

8. «Силер кутулуу үчүн качып жаткан өлүм силерге жолугат[5]. Андан соң силер жашыруундарды да жана ачыктарды да Билүүчүгө кайра кайтарыласыңар, ошондо - Ал жасаган нерселерди өзүңөргө кабарлайт.

9. Эй, ыймандуулар! Жума күнү жума намазга азан айтылса, Аллахты эскерүүгө[6] шашылгыла. Бардык соода-сатык ишиңерди токтоткула![7] Эгер билген болсоңор - бул силер үчүн эң жакшы!

10. Качан намаз айактаса жер бетине[8] таралгыла жана Аллахтын ырайымын издегиле. Анан да Аллахты көбүрөөк эстегиле; мүмкүн ийгиликке жетесиңер.

11. Ал эми алар соода-сатыкты, же (көңүл ачуучу) ойун-зоокту көрөр замат сенин үгүт-насаатыңды таштап, баары ал тарапка жөнөшөт. (Аларга): «Аллахтын алдындагылар[9] ойун-зоок жана соодадан көрө жакшы, Аллах ырыскы берүүчүлөрдүн эң жакшысы», - деп айт.

---

1 Мусага (а.с.) жана анын коомуна берилген китеп

2 Иудейлердин (йахудийлер) ал Китепке кандай мамиле кылганына карата салыштыруу иретинде айтылган

3 Тооратты тутунган иудейлер

4 Жасаган күнөөлүү иштеринин

5 Баары бир бир күнү өлөсүңөр

6 Намазга

7 Ошол жума күнү түш оой намазга азан айтылар менен соода-сатык арам болот, намаз бүткөнгө чейин

8 Өз ишиңер менен ар тараптан

9 Анын бере турган эки дүйнөдөгү ырыскы, ийгилик, сыйлыктары

# 63. МУНАФИКУН[1] СҮРӨСҮ

**Мединада түшүрүлгөн Он бир айаттан турат**

***Мээримдүү, Ырайымдуу Аллахтын аты менен***

**1.** Эгер сага эки жүздүүлөр келип: «Сенин Аллахтын элчиси экениңе ишенебиз», - дешет. Сен Өзүнүн элчиси экениңди Аллах билет жана Аллах акыйкатта эки жүздүүлөр[2] жалганчы экендигине күбөлүк берет.

**2.** Алар өздөрүнүн убада-анттарын калкан (өңдүү) кылып алышат жана (адамдарды) Аллахтын жолунан тосушту. Акыйкатта, алардын кылган иштери өтө жаман!

**3.** Анткени, алар (адегенде) ыйман келтиришкен, андан соң кайра каапыр болушту. Ушул себептүү жүрөктөрүнө мөөр басылды, (андыктан) алар түшүнө алышпайт.

**4.** Сен аларды көргөн кезиңде алардын (сырткы) келбети сени таңдандырат. Ал эми алар сүйлөсө кунт койуп угасың, (бирок) - алар кудум жөлөп койулган устун сыйактуу; ар бир катуу үндү өздөрүнө душмандык жасагандай эсептешет. Алар - сенин душмандарың, андыктан алардан кооптонуп сак болгун. Аларга Аллахтын каргышы болсун! Алар кантип артка кетенчиктейт[3].

**5.** Аларга: «Келгиле! Аллахтын Элчиси силер үчүн кечирим сурасын», - деп айтылганда, алар баштарын чайкашат[4] жана жүз үйрүшүп, текеберленгендерин көрөсүң.

**6.** Сен алардын күнөөсү үчүн кечирим сурайсыңбы, же кечирим сурабайсыңбы баары бир, Аллах аларды такыр кечирбейт. Анткени, Аллах - бузуку коомду туура жолго баштабайт.

**7.** Алар, мына минтип айтышат: «Аллахтын элчисинин жанындагыларга[5] жардам-кайыр бербегиле, ошентсеңер[6] алар тарап кетишсин.» Асмандар менен жердин казыналары бир гана Аллахтын колунда, бирок эки жүздүүлөр муну түшүнүшпөйт.

**8.** Алар: «Эгер биз шаарга кайра кайтып барсак, анда алдуу-күчтүүлөр алсыздарды ал жерден айдап чыгат», - деп айтышат[7]. Ызаат-урмат

---

1 Мунафикун - Эки жүздүүлөр, мунафыктар

2 Мунафыктар

3 Ыймандан оолак болот

4 Баш тартышат

5 Мухажирлерге

6 Аны таштап

7 Бул сөздү мединалык эки жүздүүлөрдүн башчысы Абдулла ибн Убай деген айткан. Ал

Аллахка, Анын пайгамбары жана момундарга гана[1]. Бирок, эки жүздүүлөр аны билишпейт.

9. Эй, ыйман келтиргендер! Силердин мал-мүлкүңөр жана балдарыңар Аллахты эскерүүдөн силерди алаксытып койбосун. (Ал эми) ким ошондой[2] кылса, ал зыйанга[3] учурайт.

10. Биз силерге берген ырыскылардан силердин (ар) бириңерге өлүм келгенге чейин сарптап калгыла! Ошондо ал: «Эгем, эгер менин өмүрүмдү бир аз узартсаң мен кайрымдуулук иштерди көп кылып, жакшылардан болор элем», - дейт.

11. Бирок, Аллах тирүү жанга өлүм маалы жеткен кезде эч качан аны кечиктирбейт. Аллах силердин эмне кылганыңардын баарысын билип турат.

# 64. ТАГААБУН[4] СҮРӨСҮ

**Мединада түшүрүлгөн Он сегиз айаттан турат**

***Мээримдүү, Ырайымдуу Аллахтын аты менен***

1. Асмандардагы менен жердегилердин баары Аллахты аруулашат. Падышалык да, мактоо да Ага таандык! Ал - бардык нерсеге кудурети жетүүчү.

2. Ал силерди жаратты; силердин араңарда каапырлар да, момундар да бар жана Аллах силердин эмне кылганыңарды көрүп туруучу.

3. Ал асмандар менен жерди акыйкаттык менен[5] жаратты жана силерге сымбат берип, келбетиңерди көркөмдүү кылды. Кайтуу Ага.

4. Ал асмандар менен жердеги нерселерди билет жана да силердин жарыйа кылганыңарды да, жашыруун кылганыңарды да[6]. Аллах - жүрөктөгүлөрдү[7] Билүүчү.

---

мында «алдуу-күчтүүлөр», деп өзүн жана өз тобун, ал эми «алсыздар», деп мусулмандарды айткан

1 Таандык

2 Дүнүйө, үй бүлө деп ибадаттан калса

3 Коромжуга

4 Тагаабун - Бири-бирин алдоо, шылуундук

5 Даанышмандык менен

6 Билет

7 Катылган сырларды

5. Силерге мурунку[1] каапырлардын кабары келген жокпу?! Алар жасаган иштеринин[2] жазасын тартышкан. Алар үчүн оорутуучу азап бар[3].

6. Мунун себеби[4]: аларга пайгамбарлар ачык-айкын далилдер менен келгенде алар[5]: «Бизге Туура жолду адамзат көргөзмөкчүбү?!» - деп, каапыр бойдон кала беришти жана жүз үйрүп терс бурулушту[6]. Аллах эч муктаж[7] эмес. Аллах - Бай[8], ары Мактоого Татыктуу.

7. Каапырлар өлгөндөн кийин кайра тирилүү жок деп талашат. Аларга айт: «Андай эмес! Эгем менен ант ичем: Силер кайрадан тирилесиңер. Андан соң силерге[9] эмне кылганыңар тууралуу кабар берилет жана да бул иш Аллах үчүн өтө жеңил.»

8. Аллахка, Анын элчисине жана да Биз түшүргөн Нурга[10] ишенгиле! Аллах силердин эмне кылып жатканыңардан кабардар.

9. Силердин баарыңарды зор Жыйналыш күнү[11] үчүн чогултат, ал өз ара-тартышуу жана алдануу күнү болот. Ким Аллахка ишенсе жана жакшылык иштер кылса, (Аллах) анын күнөөлөрүн кечирет жана аларды астынан дарыйалар агып турган Бейиш бактарына киргизет. Алар анда түбөлүккө калышат. Бул өзү зор ийгилик.

10. Ишенбестен каапыр болуп, Биздин айаттарыбызды[12] жалган дегендер Алар тозок ээлери жана анда түбөлүккө калышат. (Ал)[13] кандай жаман кайтуучу жер.

11. Аллахтын уруксатысыз эч кандай кырсык-кайгы жетпейт. Ким Аллахка ишенсе, анын жүрөгүн (Аллах) тууралыкка багыттап койот. Аллах - бардык нерселерди Билүүчү.

12. Аллахка мойун сунгула жана Анын элчисине баш ийгиле! А эгер мойун толгоп, баш тартсаңар. Элчинин милдети тек гана силерге так (айкын) жеткирип койуу эле[14].

---

1 Замандардагы
2 Каапырлыгы
3 Тиги дүйнөдө да
4 Азап тартууларынын себеби
5 Каапырлар
6 Ыймандан
7 Тигилердин ыймандарына
8 Эч кимге муктаж эмес
9 Бул дүйнөдө
10 Куранга
11 Кыйамат күнү
12 Ыйык Куранды
13 Тозокто түбөлүк болуу
14 Ислам динин жана ыйык Куранды

**13.** Аллах (Өзү жалгыз). Андан башка эч кудай жок. Момундар Аллахка гана тобокел[1] кылышсын!

**14.** Эй, момундар! Силердин айалдарыңар менен балдарыңардын арасында өзүңөргө душман болуп чыгуучулар бар, алардан этийат болгула! Бирок, жумшактык кылып, байкамаксан болуп, аларды кечирсеңер, акыйкатта, Аллах Кечиримдүү, Боорукер.

**15.** Силердин балдарыңар жана мал- дүнүйөңөр, ал азгырык-сыноо эле, Аллахтын алдында улуу сыйлыктар бар.

**16.** Алыңардын жетишинче Аллахтан корккула, кулак салгыла, мойун сунгула жана кайрымдуулук[2] кылгыла! Ким өз жанын сараңдыктан куткарса, алардын ийгиликке жеткени.

**17.** Эгер силер Аллахка көбүрөөк жакшы карыз[3] берсеңер, Ал силерге көбөйтүп берет жана күнөөңөрдү кечирет. Аллах - шүгүр Ээси жана абдан жумшак[4].

**18.** Ал жашыруундар менен ачык-айкындарды да билип турат, (Ал) - Ызааттуу, Даанышман!

# 65. ТАЛАК[5] СҮРӨСҮ

**Мединада түшүрүлгөн Он эки айаттан турат**

***Мээримдүү, Ырайымдуу Аллахтын аты менен***

**1.** Эй, пайгамбар! Силер айалдарыңарды талак кылсаңар - алардын белгилүү мөөнөтүндө талак кылгыла жана убакытты так эсептегиле, Эгеңер - Аллахтан корккула. Аларды өз үйлөрүнөн кууп чыгарбагыла. Алар ачык-айкын бузуктук[6] жасамайынча үйлөрүнөн чыгышпасын. Аллахтын чектери (мына ушул). Кимде-ким Аллахтын чектеринен чыкса, албетте, ал өз жанына зулум кылганы. Мүмкүн Аллах тигинден соң бир иш пайда кылаар. (Аны) сен билбейсиң.

**2.** Белгиленген мөөнөтү айактаган кезде аларды (айалдарды) жакшы абалда артка кайтарып алгыла[7], же жакшы абалда ажырашкыла. Жана

1 Тагдырын, иштерин Аллахка тапшыруу

2 Кайыр-садака, зекет, фитр, ушур ж.б.у.с. ыктыйардуу жардамдар

3 Аллах жолуна сарп кылсаңар

4 Көңүл оорутпайт

5 Талак - Талак, ажырашуу

6 Айагы суйуктук

7 Жарашкыла

да араңардан эки адилеттүүнү[1] күбө кылгыла, (ал) күбөлүк милдетти Аллах үчүн өтөгүлө! Мындан Аллахка жана Кыйамат күнүнө ишенгендер үлгү алат. Ким Аллахтан корксо, ага чыгып кетүү мүмкүнчүлүгүн түзүп берет[2].

**3.** Жана да ага эч күтпөгөн тараптан ырыскы тартуулайт. А кимде-ким Аллахка тобокел кылса, Ал Өзү ага жетиштүү. Анткени Аллах - Өз ишин Жеткирүүчү. (Ал) ар бир нерсеге ченем койгон.

**4.** Этек кирден үмүт үзгөн (айызы карылык себептен токтогон) айалдарыңардан шектенсеңер, анда («идда» - күтүү) мөөнөтү үч ай. Ал эми этек кир көрө электердин[3] мөөнөтү да ушундай эле. А кош бойлуу айалдардын мөөнөтү болсо, жүктөрүн койгонго[4] чейин. Ким Аллахтан корксо, Ал анын иштерин жеңил кылып койот.

**5.** Аллахтын силерге түшүргөн буйруктары мына ушундай. Кимде-ким Аллахтан корксо, Ал анын күнөөлөрүн кечет жана сыйлыктарын чоң кылат.

**6.** Аларды[5] өзүңөр жашаган үйдө колуңардан келишинче жашаткыла жана аларды үйдөн чыгаруу үчүн кысымга албагыла. Эгерде алардын бойунда бар болсо, алар төрөгөнгө чейин аны камсыздап тургула. Ал эми алар силердин балдарыңарды эмизсе, аларга акысын төлөп бергиле жана алар менен жакшылыкча кеңешип, сүйлөшкүлө. А эгер сүйлөшүүдө кыйынчылыктар болсо, анда балдарды башка айал эмизсин[6].

**7.** Бай адам байлыгына жараша жардам берип турсун; ал эми кимдин ырыскысы (байлыгы) чектелүү болсо, анда ал Аллахтын ага бергенине жараша сарптасын. Аллах өзү белгилегенден артык бир да жанды башка нерсеге буйрубайт, жакында Аллах кыйынчылыктан соң жеңилдик берет.

**8.** Канчалаган шаар-кыштактар[7] Кудай менен Анын пайгамбарынын буйругандарынан жүз үйрүп, баш тартышты. Ошол себептен Биз аларга эсеп-кысапты катуу жүргүзүп, аларды оор жазага тарттык[8].

**9.** Ошондо алар өздөрүнүн кылып келген бузуку иштеринин натыйжа-

---

1 2 эркек, же 1 эркек 2 айал

2 Түрдүү кыйынчылыктардан чыгып кетүүгө жол ачып берет

3 Жашы жете электер

4 Төрөгөнгө

5 Талак берилеген айалдары

6 Ислам шариатында эмчек эмизүүнүн зарыл эрежелери бар. Андыктан тийиштүү маалымат алуу үчүн «Мухтасар» атуу фикх китебинин кыргызчакотормосундагы – эмчек эмүү бөлүмүн карасаңыз болот

7 Шаар-кыштактардын тургундары

8 Бул дүйнөдө да, акыретте да

сында оор жазаны тартышты жана ал иштеринин жыйынтыгы ойрон болду.

**10.** Аллах алар үчүн катуу азап даярдап койгон. Ошондуктан Аллахтан корккула, эй, акыл ээлери! Албетте, Аллах силерге эскертме[9] түшүрдү.

**11.** Ал ыйманга келген жана жакшылык иш кылгандарды караңгылыктан жарык нурга чыгаруу үчүн силерге Аллахтын ачык-айкын айаттарын окуп берүүчү элчини жөнөттү. Анан да кимдер Аллахка ишенсе, жакшылык иштерди кылса, аларды алдынан дарыйалар агып турган Бейиш бактарына киргизет[10]. Анда алар түбөлүк болушат. Чынында Аллах аларга эң жакшы ырыскы дайардап койгон.

**12.** Ал Аллах - жети[11] асманды жана ошондой эле[12] жерди да жаратып койгон. Силер Аллахтын бардык нерсеге кудуретүү экендигин жана Ал өзүнүн илими менен баарын камтып турарын билүүңөр үчүн Анын буйруктары алардын[13] ортосуна түшүп турат.

## 66. ТАХРИМ[14] СҮРӨСҮ

**Мединада түшүрүлгөн Он эки айаттан турат**

***Мээримдүү, Ырайымдуу Аллахтын аты менен***

**1.** Эй, пайгамбар! Сен эмне үчүн өзүңдүн айалдарыңдын көңүлүнө карап Аллах сага адал кылып берген нерселерге (өзүңө) тыйуу саласың? Аллах - Кечиримдүү, Боорукер.

**2.** Аллах силердин берип койгон ант- убадаңарды бузууга буйрат. Ал силердин кожойунуңар. Ал - Билүүчү, Акылман!

**3.** Пайгамбар өз айалдарынын бирөөнө сыр айтканда, ал аны башка бирөөгө айтып койгон эле. Бул тууралуу Аллах ага билгизген болуучу. Пайгамбар[15] (ал айтылган кабардын) кээсин (бир айалына) айтып, кээсин болсо айтпай койгон. Ал качан бул тууралуу айалына кабарлаган кезде ал (айалы): «Муну сага ким айтты?» - деп сурады. Ал: «Баарын Билүүчү, Кабардар[16] (мунун баарын) кабарлаган», - деди.

---

9 Куран

10 Аллах

11 Кабат

12 Жети кабат

13 Асман - жердин

14 Тахриим - Арам кылуу

15 Ал айтылган кабардын

16 Мунун баарын

4. Экөөңөр Аллахка тообо келтирсеңер, (өзүңөргө жакшы, анткени) чынында эле силердин жүрөгүңөр тайгандай болду. А бирок силер экөөңөр ага каршы болсоңор, анда Аллах Өзү ага жардамчы. Андан соң[1] ага[2] Жебреил да, жакшы момундар да, периштелер да пайгамбарга жардамчы.

5. (Эгер пайгамбар) силерди[3] талак кылса, анда балким анын Эгеси ага силерден жакшыраак мусулман, момун, баш ийүүчү, тообо кылуучу, ибадат кылуучу, орозо тутуучу айал-кыздарды алмаштыраар.

6. Эй, момундар! Өзүңөрдү жана үй- бүлөңөрдү отуну адамдар менен таштар (болгон) тозоктон сактагыла! Анын үстүндө таш боор жана каардуу периштелер болот. Алар Аллахтын буйругуна эч каршы болушпайт жана өздөрүнө буйрулган нерселерин кынтыксыз орундатышат.

7. Эй, каапырлар! Бүгүн силер шылтоо издебегиле. Андыктан жасаган амалыңарга жараша жазаланасыңар.

8. Эй, ыймандуулар! Аллахка чындап тообо кылгыла! Балким Эгеңер күнөөңөрдү кечирип, силерди астынан дарыйалар агып турган Бейиш бактарына киргизээр. Ошол Күндө Аллах пайгамбарды жана аны менен бирге ыймандууларды кейитпейт. Алардын нурлары алдыларында да, оң тарабында да кошо жүрөт. Ошондо алар: «Эгебиз! Биздин нурларыбызды толукта жана бизди кечир. Анткени, Сен бардык нерсеге Кудуреттүүсүң», - деп айтышат.

9. Эй, пайгамбар! Каапырлар, эки жүздүүлөр менен күрөшкүн жана аларга бекем тур. Алардын (баруучу) жайы - Тозок жана ал кандай жаман!

10. Аллах каапырларга Нухтун айалы менен Луттун айалын мисал келтирди. Алардын экөөсү тең Биздин жакшы пенделерибизден - эки пенденин никесинде болуучу. Экөө тең кыйанаттык кылышканда, экөөсү[4] аларды Аллахтын азабынан куткара алышпады, аларга: «Тозокко кирүүчүлөр менен бирге киргиле», - делинди.

11. Аллах момундарга Фараондун айалын мисал катары келтирди. Ал (айал): «Эгем! Өзүң мага Бейишиңден үй тургуз жана мени Фараондон жана анын иштеринен, ошондой эле заалым коомдон куткар», - деди.

12. Имрандын кызы Марйам өз абийирин[5] таза сактады жана Биз ага Өз

1 Аллах Тааланын жардамынан кийин

2 Пайгамбарга

3 Пайгамбардын айалдарын

4 Нух менен Лут а.с. айалдарын

5 Кыз белгисин

рухубуздан[1] үйлөдүк. Ал[2] Өз Эгесинин сөздөрүн жана китептерин тастыктап, мойун сунуучулардан болду.

# 67. МҮЛК[3] СҮРӨСҮ

**Меккеде түшүрүлгөн Отуз айаттан турат**

***Мээримдүү, Ырайымдуу Аллахтын аты менен***

1. Колунда Бийлиги барга[4] Аруулук! Ал бардык нерсеге Кудуреттүү.
2. (Ал) силердин кимиңер жакшы амалдарды жасаарыңарды сыноо үчүн өмүр менен өлүмдү жараткан. Ал - Үстөмдүк кылуучу, Кечиримдүү!
3. Ал жети кабат асманды кат-кат кылып жараткан. Мээримдүүнүн[5] жаратуусунда эч бир иретсиздикти көрө албайсың! Кайра-кайра[6] көз чаптырсаң да кынтык таба албайсың!
4. Дагы да эки мертебе көз салчы: көз карашың чарчап, кор болгон абалда кайра өзүңө кайтат.
5. Чындыгында, дүйнө асманын чырактар [7]менен кооздодук. Биз ал чырактарды шайтандарды уруучу кылып жараттык. Биз алар[8] үчүн жалындаган азап дайардап койдук.
6. Эгесине каршы чыккандарга[9] - Тозок азабы бар! Алардын бараар жери кандай жаман!
7. Тозокко ыргытылган кезде, алар[10] Тозоктун кайнап жаткан үнүн угушат.
8. Ачуусу[11] акыркы чегине жетип, [12]топ-топ кылып ага[13] ыргытылган сайын Тозоктун кайтаруучулары алардан: «Силерге эскертүүчү келбеди беле?!» - деп сурашат.

---

1 Адам пендесине берилүүчү жан
2 Марйам - Иса (а.с.)дын энеси
3 Мүлк - Ээлик
4 Аллах Таалага
5 Мээримдүү- Аллах Тааланын ысым сыпаттарынын бири
6 Өтө көңүл буруп, жакшылап, терең ой жүгүртүп...
7 Жылдыздар
8 шайтандар
9 Анын буйруктарын тоотпой ж.б.у.с.
10 Тозоктон
11 Тозоктун кайтаруучулары
12 каапырлар Тозокко
13 Тозокко

9. Алар: «Ооба, бизге чындыгында эскертүүчү келген, бирок биз алардын сөзүн жалганга чыгарып: «Аллах эч нерсе түшүргөн эмес. А силер абдан чоң адашуудасыңар дегенбиз», - деп айтышат.

10. «Оо, эгерде биз алардын сөзүнө кулак салып, акылга келгенибизде, анда биз азыр Тозок ээлеринен болбойт элек!» -дешет.

11. Ошентип алар күнөөлөрүн мойнуна алышат. Тозок ээлери алыс болсун[1]!

12. Кайыптан[2] өздөрүнүн Эгесинен корккондорго кечирим жана чоң сыйлык (бар).

13. Сөздөрүңөрдү ачык, же купуйа айтсаңар да, чындыгында, Ал -жүрөктөрдөгү сырларды Билүүчү.

14. Аллах өзүнүн жаратkandaрын билбейби?! Ал - Жумшак жана Кабардар[3].

15. Ал - жерди силерге мойун сундуруп койду. Силер анын[4] чар тарабында басып, Анын ырыскысынан жегиле. Кайтуу[5] - Ага (Аллахка гана).

16. Жер титиреген кезде, Асмандагы[6] силерди жер менен кошо көмкөрүп салса, аман калабыз деп ойлойсуңарбы?

17. Же Асмандагы[7] силердин үстүңөргө таш жөнөтүүсүнөн сестенбейсиңерби? Жакында Менин эскертүүм кандай экендигин[8] билесиңер!

18. Чындыгында, силерден мурдакылар да жалганга чыгарышкан[9]. Эми Менин чанууум кандай болоор экен?!

19. Үстүлөрүндө катарлашып, канаттарын жайып учкан чымчыктарды көрүшпөдүбү?! Аларды жалгыз гана Мээримдүү кармап турат. Чындыгында Ал бардык нерсени Көрүүчү!

20. Мээримдүүдөн[10] артык силерди жеңишке жеткирүүчү аскер ким[11]? Капырлар жалаң алданууда!

---

1 Аллах Тааланын ырайымынан алыс болсун!

2 Эч ким жок жерде

3 Аллах Таала бардык нерселерден кабардар

4 Жердин

5 Бардык жандар (өлүп тирилүү аркылуу) Аллах Таалага гана кайтып келишет

6 Аллах Таала

7 Аллах Таала

8 Канчалык чындык экендигин

9 Аллах Тааланын айаттарын

10 Аллах Тааладан

11 Барбы?

**21.** Ырыскысын тыйып[1] койсо, силерге ырыскы берүүчү башка ким? Жок! Алар[2] балким тоң мойундук кылып, жийиркенип кашайышуудa[3].

**22.** Жүзүн жер каратып баскан туура жолдобу, же туура жолдо[4] түз баскан-бы?

**23.** [5]Айткын: «Ал силерди жоктон бар кылып, силерге угуу, көрүү жана туйууну жаратты. Силер аз шүгүр кылып жатасыңар!»

**24.** [6]Айткын: «Ал силерди жерге таратты жана Ага[7] чогуласыңар!»

**25.** Алар: «Эгер силер чынчыл болсоңор, ал убада[8] качан келет?» - деп ай-тышат.

**26.** [9]Айткын: «Албетте, аны билүү[10] Аллахка гана таандык. Мен бар бол-гону ачык эскертүүчүмүн».

**27.** Алар[11] аны жакындан көргөн кезде жүздөрү карарып бузулат жана алар-га: «Мына силердин тилегениңер[12]!» - деп айтылат.

**28.** [13]Айткын: «Силер билесиңерби: Эгер Аллах мени жана мени менен бирге болгондорду жок кылса, же бизге ырайым кылса, анда каапыр-ларды оорутуучу азаптан ким куткарат?»

**29.** Айткын: «Ал - Мээримдүү, биз Ага ыйман келтирдик, Ага гана тобо-кел кылдык. Жакын арада ким анык адашууда экенин билесиңер!»

**30.** (Аларга): «Айткылачы, эгерде силердин сууңар соолуп калса, ким си-лерге аккан суу келтирет?» - деп айткын.

---

1 Аллах Таала адамдардын ж.б. ырыскысын бербей койсо

2 Каапырлар

3 Текеберленип (Аллах Тааладан) алыстоодо

4 Катар

5 Эй, Мухаммед!

6 Эй, Мухаммед!

7 Аллах Тааланын алдына чогуласыңар

8 Кыйамат

9 Эй, Мухаммед!

10 Кыйаматтын качан болоорун

11 Каапырлар

12 Кыйамат

13 Эй, Мухаммед!

# 68. КАЛАМ[1] СҮРӨСҮ

**Меккеде түшүрүлгөн Элүү эки айаттан турат**

***Мээримдүү, Ырайымдуу Аллахтын аты менен***

1. Нуун[2]. Калемге жана анын жазгандарына ант!
2. Сен[3] Аллахтын жакшылыгындасың[4], жинди эмессиң.
3. Албетте, сага түгөнбөгөн сыйлык бар.
4. Сен - улуу кулк-мүнөз ээсисиң.
5. Жакында сен да көрөсүң, алар да көрүшөт;
6. силердин кимиңер жинди экениңерди.
7. Чындыгында, сенин Эгең ким Анын жолунан адашкандыгын жакшыраак Билүүчү. Ким туура жолдо экенин да жакшыраак Билүүчү.
8. Жалганчыларга башыңды ийбе.
9. Сен аларга ыктап (муйуп), айткандарына көнүп, анан алар сага ыктаганды каалашат[5].
10. Ар кандай кордолгон касамкорго мойун сунба;
11. ушак[6] таратып жүрүүчүлөргө (да);
12. жакшылыкты тыйып, чектен ашкан күнөөкөргө (да);
13. ошондой эле, орой, тексизге[7] (да);
14. Анткени ал байлык жана бала-чака ээси болгон.
15. Ага Биздин айаттарыбыз окулган кезде ал: «Байыркылардын жомогу» - деди[8].
16. Жакында анын тумшугуна белги[9] салабыз.
17. Биз бак ээлерин сынаганыбыздай, чындыгында, аларды да сынадык.

---

1 Калам - Калем

2 Араб алфавитиндеги «Н» тамгасы («нун» деп окулат. Мааниси бир гана Аллах Таалага маалым)

3 Эй, Мухаммед!

4 Нематында

5 Сен аларды буддарга сыйынуусунан тоспосоң, алар да сага жумшак мамиле кылышат.

6 Ушак сөз (гыйбат)

7 Уалид ибн Мугийра тууралуу сөз болууда

8 Куран

9 Эн, тамга

Алар[1]: «Эртең эртелеп бактын түшүмүн жыйнайбыз», - деп ант ичишкен.

18. Алар: «Кудай кааласа», - деп айтышпады.

19. Алар уктап жатканда, Эгең тарабынан (жиберилген) бир айлануучу бакты айланды[2]...

20. Бак[3] кыйылгандай кейипке келди

21. Эртең менен бири-бирин чакырышты:

22. «Түшүм жыйнагыңар келсе, талааңарга (эртелеп) чыккыла!»

23. Алар өз ара шыбырашып жөнөштү:

24. «Бүгүн силердин үстүңөргө кедей келип калбасын!» (дешти).

25. Алар таң эртең менен шайма-шай жолго чыгышты.

26. Бакты көргөн кезде: «Биз, чынында, адашыппыз!» - дешти.

27. «Жок! Биз кур калдык!» (дешти)

28. Алардын акылдуураагы: «Мен силерге тасбих айткыла (Аллахты аруулагыла!) - деп айтпадым беле?!» - деди.

29. Алар айтышты: «Аруулук - Эгебизге! Албетте, биз чындап адаштык!».

30. Алар бири-бирине бет алып, жемелей башташты[4].

31. Айтышты: «Аттиң, биз чектен ашкандардан болуптурбуз.

32. Балким Эгебиз бизге андан жакшыраагын алмаштырып берээр. Анткени, биз Эгебизге умтулуучубуз да».

33. Мына ушундай азап! Бирок, эгер алар билишсе, Акыреттин азабы андан да чоңураак.

34. Чындыгында, такыбалар үчүн Эгесинин алдында жыргалдуу бактар (бар).

35. Мусулмандарды күнөөкөрлөр[5] сыйактуу кылабызбы?

36. (Эй, каапырлар!) Силерге эмне болду? Кандайча өкүм кыласыңар?

37. (Же) силер таалим ала турган китебиңер барбы?

38. Ал китепте силер тандаганыңар (убада кылынганбы)?

39. Же Биз менен Кыйаматка чейин келишимиңер барбы? Албетте, өзүңөр чыгарган өкүмүңөр - өзүңөргө гана!

40. Алардан сура[6]: Алардын буга кимиси жооптуу?

---

1 Бак ээлери

2 Уйулгутту (жараксыз кылды)

3 Заматта

4 Бири-бирин (кедейге бергенден кызганып)

5 Каапырлар

6 Эй, Мухаммед (а.с.)

41. Же алардын шериктери бар бекен? Эгер алар чын сүйлөшсө, анда ошол шериктерин алып келишсин!

42. Кыйамат күнү, Аллахтын алдында алардын шыйрагы[1] ачылып, сеждеге чакырылат, ага жетпей[2] калат.

43. Көздөрү корккон, өздөрү кордолгон (абалда калышат). Акыйкатта, алар сак-саламат жүргөн кезде, сежде кылууга чакырылган болчу[3].

44. Ушул Сөздү[4] жалган дегендерди мага кой! Биз жакында аларды өздөрү билбеген[5] тарабынан акырындап тутабыз[6].

45. Мен аларга мөөнөт беремин: чындыгында Менин айлакерлигим абдан күчтүү.

46. Же сен алардан акы сурап, алар оор зыйанга учурадыбы?

47. Же алардын алдында жазып алчу кайып барбы?

48. Эгеңдин өкүмүнө сабыр кыл да, кит ээсине[7] окшобо. Ал түйшүккө батып[8], (Мага) жалбарган.

49. Эгер ага Эгеңдин ырайымы болбогондо, ал кордолгон абалда талаага ыргытылмак.

50. Ошентип, аны Эгеси Өзү тандап[9], жакшылардан кылды.

51. Каапырлар Куранды тыңдаган кезде алар көздөрү менен атып, жыга жаздашат. Жана алар: «Ал[10] - анык жинди», - дешет.

52. Бул[11] тек гана - ааламдарга эскертүү!

---

1 Чындык ачыкка чыгып, «уйат болуп» деген мааниде

2 Ал кезде алардын сежде кылууга күчү жетпей, алсырап, сежде кылуу мүмкүнчүлүгүнөн толук ажыратылган болот

3 Алар баш тартышкан

4 Куранды

5 Күтпөгөн

6 Кезеги келгенде кордойбуз

7 Кит жутуп алган Йунус (а.с.) сыйактуу абалга кабылба

8 Азап тартып

9 Кайрадан пайгамбарлыкка

10 Каапырлар Мухаммед (а.с.) тууралуу ушинтип жалган сөз таратышкан

11 Куран

# 69. ХААККАТ[1] СҮРӨСҮ

**Меккеде түшүрүлгөн Элүү эки айаттан турат**

***Мээримдүү, Ырайымдуу Аллахтын аты менен***

1. Акыйкатталуучу[2]!
2. «Акыйкатталуучу», - деген эмне?
3. «Акыйкатталуучунун» эмне экенин кайдан билмексиң?
4. ...Самуд эли менен Аад эли Кыйаматты жалганга чыгарышкан.
5. Самуд эли чектен ашканы үчүн катуу үн менен жок кылынды.
6. Ал эми Аад эли болсо бороондуу шамал менен кыиратылды.
7. Аллах аларды үзгүлтүксүз бороонго жети түн, сегиз күн мойун сундуруп койду. Ошондо сен (алардын) көңдөй курма дарагынын сөңгөктөрү сымал сулап калышканын көрмөксүң
8. Сен алардан аман калганын көрбөйсүңбү?
9. Фараон, андан мурдакылар жана кырсыкка кабылган шаарлар[3] да күнөөгө батышкан.
10. Алар өздөрүнүн Эгесинин элчисине мойун сунбагандыктан Аллах аларды каардуу жазага кириптер кылды.
11. Суу ташкындаган кезде Биз силерди кемеде[4] көтөрүп койдук.
12. Ал окуйаны эскертүү катары сактоочу кулактарга[5] угузуп, сактап койдук.
13. Сурнай бир жолу чалынганда;
14. жер жана тоолор көтөрүлүп туруп, бир сокку менен талкаланганда...
15. ошол Күнү Кыйамат кайым болот
16. Асман жарылат. Анткени ал ошол Күнү күчсүз болот.
17. Ал Күнү сегиз periште Эгеңдин Аршын өз үстүлөрүнө көтөрүп, асмандын ар тарабында периштелер (болот)
18. Ошол Күнү келесиңер[6]. Силер эч кандай сырыңарды жашыра албайсыңар.

---

1 Хааккат - Анык болуучу

2 Бардык иштер, нерселер акыйкаттуулугу аныкталып, шексиздиги билинип, такталуучу Күн

3 Содом жана Гоморра (Лут (а.с.) дын эли жашаган шааралар)

4 Нух (а.с.)ды кеме менен куткардык

5 Эсте тутуму жакшы өнүккөн адамдарга

6 Аллах Тааланын алдына

19. Мына, кимдин китеби[1] оң колуна берилсе, ал: «Мына, менин китебимди окугула!», - деп айтат.
20. «Чындыгында, мен сөзсүз эсеп-кысабыма жолугамын деп ойлогонмун»,-дейт.
21. Ал ыраазы болгон жашоодо (болот),
22. бийик бакта[2].
23. жемиштери салаңдап турат.
24. Өткөн күндөрдө калтырган жакшылыктарыңар үчүн: «Жегиле, ичкиле, (тамагыңар) таттуу болсун!» (делинет)
25. Ал эми кимге китеби[3] сол тарабынан берилсе, ал: «Аттиң, китебим мага берилбей эле койсочу!» - дейт.
26. «Мен эсеп-кысабымды[4] билбей эле койсомчу!
27. Аттиң, ушул бүтүүчү болуп калсачы!
28. Мага байлыгым да жардам бербеди.
29. Далилим[5] да кыйроого учурады!»
30. (Ошондо Аллах минтип буйруйт): «Аны кармап байлагыла,
31. анан Тозокко таштагыла!
32. Узундугу жетимиш зираа[6] чынжыр менен таңгыла!
33. Албетте, ал Улуу Аллахка ишенген эмес!
34. Жакырларга тамак берүүгө үндөгөн эмес![7]»
35. Анын бүгүн арачалап калаар жакыны жок.
36. Ириңден башка тамагы да жок.
37. Аны күнөөкөрлөр гана жейт[8].
38. Силер көрүп турган нерселер менен ант ичем!
39. Жана силер көрбөгөн нерселер менен да![9]
40. Ал[10] - улук элчинин сөзү.

---

1 Амал китеби

2 Бейиш бактарында

3 Амал китеби

4 Жазамды

5 Бийлигим

6 Адамдын колунун чыканагына чейинки өлчөм

7 - деп тозок күзөтчүлөрүнө Аллах Таала буйрук берет

8 Ириңди

9 Ант ичем

10 Куран - Элчинин оозу менен айтылган Аллах Тааланын сөзү

41. Ал[1] - акындын сөзү эмес! Силердин ишенгендериңер өтө эле аз!
42. Ал - көзү ачыктын да сөзү эмес. Силер өтө эле аз эстейсиңер!
43. Ал - Ааламдардын Эгесинен түшү- рүлгөн.
44. Эгер ал кээ бир сөздөрдү Биздин атыбыздан кошуп айтканда,
45. биз ага кудуретибизди көрсөтмөкпүз[2].
46. Анан жүрөккө кеткен кан тамырын[3] кесип салмакпыз.
47. Силердин эч кимиңер андан[4] коргоно албайсыңар!
48. Ал[5] - такыбаларга эскертүү.
49. Чындыгында, Биз силердин араңарда[6] жалганчылар бар экенин (да) анык билебиз.
50. Акыйкатта, ал[7] - каапырлар үчүн өкүнүч.
51. Акыйкатта, ал[8] - анык Чындык!
52. Улуу Эгеңдин ысмын аруула[9]!

## 70. МААРИЖ[10] СҮРӨСҮ

**Меккеде түшүрүлгөн Кырк төрт айаттан турат**

***Мээримдүү, Ырайымдуу Аллахтын аты менен***

1. Суроо берүүчү[11] сөзсүз болуучу жазанын[12] келүүсүн сурап жатты.
2. Ал[13] каапырлар үчүн сөзсүз болот. Эч ким аны токтото албайт.
3. Ал[14] бардык баскычтардын Ээси[15] болгон Аллах тараптан.

---

1 Куран
2 Б.а. «Оң колун иштебей турган кылып коймокпуз»,- деген мааниде.
3 Артерийасын - күрөө тамырын
4 Ушундай жазадан
5 Куран
6 Куранга калп эле ишенимиш болгон эки жүздүүлөр
7 Куран
8 Куран
9 Ар дайым Аллах Тааланы эскерип, Аны аруулап
10 Мааририж - Баскычтар
11 Назр ибну Хаарус
12 Кыйаматтын качан болорун, анын болорунан шектенип
13 Жаза
14 Кыйамат
15 Асмандар

4. Периштелер менен Рух[1] Аллахка өлчөмү элүү миң жыл болгон ошол Күндө Аллахка көтөрүлүшөт.

5. Эң мыкты сабыр кылып, чыдамкай бол.

6. Албетте, аны[2] алыс деп ойлошот.

7. Биз аны жакын деп билебиз[3].

8. Ал күнү асман эритилген жездей болот.

9. Тоолор жүн сымал болот.

10. Ал кезде жакын[4] жакынынын абалын сурабай калат.

11. Алар[5] бири-бирине көрсөтүлүшөт. Ошол Күнү күнөөкөр (каапыр) азаптан улам балдарын деле төлөп жиберүүнү каалап калат.

12. Айалын жана бир тууганын деле[6]...

13. Аны коргоп жүргөн тууганын да...

14. Жердегилердин[7] баарын (берип), анан[8] кутулгусу[9] келет.

15. Жок![10] Бул - абдан ысык (от!)

16. Анын баш терисин шылып салат.

17. Ага терс бурулуп, чегинген[11] адамды да өзүнө чакырат.

18. Байлык топтоп, казыналарга каткан эле...

19. Чындыгында инсан сабырсыз жаратылган

20. Эгер ага жамандык келсе айабай тынчы кетет.

21. Байлык келсе сараң болуп калат.

22. Намаз окугандар гана андай эмес;

23. Алар ар дайым намаздарында болушат[12];

24. жана алардын байлыктарында белгилүү үлүш бар[13]:

---

1 Жебреил

2 Кыйаматты

3 Болоору шексиз

4 М: бир туугандар же жакын адамдар ж.б.

5 Ошондо

6 Берүүгө дайар

7 Адамдардын баарын

8 Ошол төлөм менен

9 Тозок азабынан

10 Бул жерде антип кутулууга болбойт!

11 Ыймандан терс бурулуп чегинген

12 Намаздарын үзгүлтүккө учуратышпайт

13 Кайыр-садака, зекет берүүгө дайар

25. Тилемчи менен колунда жокторго[1].
26. Кыйамат күнүнө ишенгендерге,
27. Эгесинин жазасынан корккондорго,
28. Анткени Аллахтын жазасынан эч ким качып кутула албайт.
29. Өз денесин сактагандарга[2]
30. Бирок өздөрүнүн айалдары, же күңдөрү менен чектелгендер[3] күнөөлүү эмес.
31. Кимде-ким мындан башканы талап кылса, анда алар чектен ашуучулар.
32. Аманаттарын жана убадаларын сактагандар;
33. Берген күбөлүктөрүндө так болгондор;
34. Намаздарын өз убагында окугандар;
35. Мына ушулар Бейиш бактарында сый көрүшөт.
36. Каапырларга эмне болгон, сен тарапка тигилишет?..
37. Оңдон да, солдон да жамаат-жамаат (болушуп),
38. Алардан ар бир адам Бейишке кирүүнү үмүт кылып жатышабы?
39. Жок! Биз аларды кантип жаратканыбызды билишет.
40. Чыгыштар менен Батыштардын Эгесине ант болсун! Чындыгында, Биз кудуреттүүбүз:
41. Аларды мыктыраагына алмаштырып койууга алсыз эмеспиз. Жана Бизден эч ким озуп кете албайт.
42. Аларга убада кылынган Күн келгенче пайдасыз сөздөргө батып (алаксып), ойноп жүрө беришсин.
43. Алар мүрзөлөрүнөн[4] чыккан Күнү койулган белгилерге жүткүнгөнсүп шашкалактап калышат.
44. Алардын[5] көздөрү төмөн карап, кордук ороп алат. Аларга убада кылынган Күн дал ошондой (оор!)

---

1 Байлар ошолорго берүүгө милдеттүү
2 Күнөө кылуудан, никесиз катнаштан
3 Каниет кылып
4 Тирилтилип
5 Ошондо

# 71. НУХ СҮРӨСҮ

**Меккеде түшүрүлгөн Жыйырма сегиз айаттан турат**

***Мээримдүү, Ырайымдуу Аллахтын аты менен***

1. Нухту коомуна: «Сени элиңе оорутуучу азап келе электе эскерткин!» - деп жибердик.
2. Ал элине мындай деди: «Оо, элим, мен силерге ачык эскертүүчүмүн.
3. Аллахка гана ибадат кылгыла, анан Андан корккула, жана мага баш ийгиле».
4. [1]Ал силердин күнөөңөрдү кечирет да, өмүрүңөрдү[2] белгилүү мөөнөткө чейин улантат. Эгерде силер билсеңер: Аллахтын мөөнөтү[3] келген кезде, ал артка кечиктирилбейт. Оо, эгерде силер ушуну билгениңердеби!»
5. [4]Айтты: «Оо Эгем, мен элимди түнү- күнү Сага чакырдым.»
6. «Бирок менин чакырыгым аларды ого бетер алыстатты[5]».
7. «Чындыгында, Сен алардын күнөөсүн кечирүүң үчүн, аларды чакырганымда[6] ар бир учурда алар кулактарын манжалары менен тосушуп, кийимдери менен чүмкөнүшүп, көгөрүп, текеберленишти».
8. «Анан мен ачык-айкын[7] чакырдым».
9. «Андан кийин мен аларды ачык да, жашыруун да чакырдым[8]».
10. Мен айттым: «Эгеңерден кечирим сурагыла. Анткени Ал - Кечиримдүү».
11. «Ал силерге асмандан нөшөрлөгөн[9] жамгыр жиберет».
12. «Ал силерди мал-дүйнө, балдар менен кубаттуу кылат. Жана да силер үчүн бактарды[10] жана дарыйаларды[11] жаратат».
13. «Эмне үчүн силер Аллахты улуктоону ойлонбойсуңар?»

---

1 Ошондо
2 Белгилүү мөөнөткө чейин
3 Белгилеп койгон ажалы жеткенде
4 Нух (а.с.) айтты
5 Сенден дегени
6 Аллах Тааланын динине
7 Ашкере
8 Динге
9 Берекелүү
10 Бул дүйнөдө жана Бейиште
11 Бул дүйнөдө жана Бейиштеги дарыйаны

**14.** «Чындыгында, Ал силерди ар түрдүү баскычтарда[1] жараткан - Аллах».

**15.** «Аллах жети кабат асманды кантип кабат-кабат (кылып) жаратканын көрбөй жатасыңарбы?»

**16.** «Айды алардын[2] ичинен нур чачуучу, күндү жарык берүүчү кылып кой-ду».

**17.** «Аллах силерди жерден өсүмдүктөй өстүрдү[3]».

**18.** «Андан соң кайра ага[4] кайтарып, кийин кайра чыгарат[5]».

**19.** «Аллах жерди силер үчүн килем кылып төшөп койду»,

**20.** «силердин кенен жолдор менен басып жүрүүңөр үчүн».

**21.** Нух айтты: «Оо, менин Эгем! Алар мага каршы чыгып, байлыктарын жана балдарын ээрчүүдө зыйандарын гана арттырды».

**22.** «Алар абдан чоң куулук кылышты«;

**23.** жана алар: «Өз кудайларыңарды: Вадды[6], Суваны[7], Йагусту[8], Йаукту[9] жана Насрды[10] таштабагыла!» - дешти.

**24.** «Алар көп адамдарды туура жолдон адаштырышты. Ал заалымдарга адашууну гана арттыргын».

**25.** Алар[11] өз күнөөлөрү үчүн[12] чөктүрүлүп, Тозокко ыргытылды. Алар Аллахтан башка жардамчы табышкан жок.

**26.** Жана Нух мындай деди: «Эгем, жер жүзүндө бир да каапыр калтырба!

**27.** Анткени, эгер Сен аларды калтырсаң, Сенин кулдарыңды адаштырып, алардан бузукулар жана каапырлар гана туулат.

**28.** Эгем! Мени, ата-энемди, менин үйүмө ыйманы менен киргендерди, момун эркектер менен момун айалдарды кечире көр. Заалымдарга[13] жалаң жок болууну арттыргын».

---

1 Алгач бир тамчы суу, анан уйуган кан ж.б.у.с.

2 Жети кабат асмандардын ичинен

3 Б.а. Адам Атаны топурактан жаратты

4 Топуракка

5 Кыйаматта

6 Мухаммед (а.с.) пайгамбарыбызга чейинки караңгы доордо достуктун кудайы деп эсептелген буд-сөлөкөт

7 Караңгы доордо сулуулуктун кудайы деп эсептелген буд- сөлөкөт

8 Караңгы доордо күчтүн кудайы деп эсептелген сөлөкөт

9 Караңгы доордо ылдамдыктын кудайы деп эсептелген буд-сөлөкөт

10 Караңгы доордо көрөгөчтүктүн кудай деп эсептелген буд-сөлөкөт

11 Нухтун эли

12 Топон суу астында

13 Ыймансыздарга

# 72. ЖИН[1] СҮРӨСҮ

**Меккеде түшүрүлгөн Жыйырма сегиз айаттан турат**

***Мээримдүү, Ырайымдуу Аллахтын аты менен***

1. Айт[2]! «Мага кабар берилди. Жиндердин бир тобу китептин окулганын угуп алышып, минтип айтышты: «Биз чындыгында кереметтүү Куранды уктук«
2. «Ал чыныгы түз жолго баштайт. Биз ага ишендик. Биз Эгебизге эч бирөөнү шерик кылбайбыз, Анын Өзүнө гана сыйынабыз».
3. «Акыйкатта мартабасы бийик, аруу Эгебиздин айалы да, баласы да жок».
4. Биздин бир нааданыбыз[3] Аллахка каршы жалганды тараткан».
5. «Биз: адамдар да, жиндер да Аллахка каршы эч жалган айта албайт - деп ойлогонбуз».
6. «Албетте, кээ бир эркек инсандар эркек жиндер менен сактанышаар эле. Ошентип алар өздөрүнө адашууну гана арттырышкан».
7. «Алар да[4] силер сыйактуу[5] эле Аллах эч кимди тирилте албайт деп ойлошкон».
8. «Биз асманга барып такалдык да, анын кубаттуу корукчу[6] жана жылдыздар менен толтура экенин[7] көрдүк».
9. «Биз ал жерде угуу үчүн[8] бир орундарга олтуруп алар элек. Азыр ким уккусу[9] келсе, ал өзүн байкап турган жылдызды көрөт».
10. «Акыйкатта, бул - жердегилер үчүн жамандыкпы, же аларды Аллах түз жолго багыттоону каалаганбы, биз[10] билбейбиз»[11].

---

1 Жин - Адам баласы сыйактуу Аллах Тааланын макулугу

2 Эй, Мухаммед!

3 Шайтан

4 Адамдар да

5 Жиндер - Ислам динин кабыл алган жиндерди айтып жатат

6 Периштелер

7 Жин шайтандарга каршы от болуп жанып учкан метеориттер тууралуу айтууда

8 Эмнелер тууралуу сөз болорун

9 Аллах Тааланын периштелерге берген буйруктарын

10 Жиндер билүүгө кудуретсиз

11 Жиндердин ушинтип өз ара сүйлөшкөнүн Жараткан Өз пайгамбарына кабарлап жатат

11. «Биздин арабызда[1] жакшылары да, андай эместери[2] да бар. Биз ар кыл жолдордо жүргөнбүз».

12. «Бирок биз: Аллахтын жердеги кудуретин алсыратууга биздин күчүбүз жетпешин жана Анын жазасынан качып кутула албашыбызды билдик».

13. «Акыйкатта, түз жол тууралуу угарыбыз менен биз ага дароо ишендик. Анкени, ким Эгесине ишенсе ал кемип[3], же көбөйүп[4] кетүүсүнөн коркпойт».

14. «Биздин арабызда мусулмандар да, адашкандар[5] да бар. Ким Кудайга баш ийсе, ошолор чыныгы жолго түшүүнү максат кылыптыр».

15. «Ал эми адашкандар - Тозок үчүн отун болушту».

16. Эгерде алар түз жолдо бекем турушканда, биз аларды берекелүү суу менен сугарат элек.

17. Биз аларды[6] ошентип сынамакпыз. Ким өз Эгесин эстөөдөн баш тартса, аны Ал катуу жазага тартат.

18. Мечиттер - бир гана Аллахка сыйынуу үчүн, андыктан ал жерлерде Аллахка шерик кылып башкага сыйынбагыла!

19. Мына, Аллахтын кулу[7], Ага[8] турган кезде, алар[9] аны жакындан курчап алышты.

20. «Мен бир гана Аллахка чакырам[10], Ага эч кимди шерик кылбаймын», - деп айткын.

21. Айт: «Мен силерге бир жамандык да жеткире албаймын, жакшы жолго да сала албайм».

22. «Мени Аллахтан[11] эч ким сактап кала албайт жана Андан[12] башка коргоочу да таба албайм.

23. Тек гана Аллахтын (буйругун) жана динин жеткизүүгө (милдеттүүмүн). Кимде-ким Аллахка жана Анын элчисине күнөөкөр болсо, албетте, анда ал тозок отуна (түшөт). Ал ошол[13] жерде түбөлүккө кала берет».

---

1 Жиндердин
2 Жамандары да
3 Соопторунун
4 Күнөөсүнүн
5 Баш ийбегендер
6 Меккелик мушриктерди
7 Мухаммед (а.с.)
8 Аллах Таалага ибадат кылыш үчүн
9 Периштелер
10 Сыйынууга
11 Аллах Тааланын азабынан
12 Аллах Тааладан
13 Тозокто

24. Аларга убада кылынган нерсени көрүшкөн кезде, ким сан жагынан аз жана алсыз экенин билет.

25. «Мен силерге убада кылынган нерсеге[1] канча калганын билбеймин. Балким Аллах узаак бир мөөнөттү белгилеп койгондур», - деп айт.

26. (Аллах) - Кайыпты Билүүчү Ал Өз сырларын эч кимге ачык кылбайт.

27. Бирок Өзү тандап алган[2] элчисинин алдынан да, артынан да сакчыларды[3] жиберип койот.

28. [4]өздөрүнүн Эгесинин жибергенин жеткиргендигин билүү үчүн аларды[5] туш тарабынан курчап турат жана бардык нерсенин санын тактап койгон.

## 73. МУЗЗАММИЛ[6] СҮРӨСҮ

**Меккеде түшүрүлгөн Жыйырма айаттан турат**

***Мээримдүү, Ырайымдуу Аллахтын аты менен***

1. Эй, кийимине оронуп алган!

2. Түндөрдү ибадат менен өткөр да, бир аз бөлүгүн (уйкуга бөл),

3. жарымын, же андан да бир аз кемит[7],

4. ага кошуп[8] кырааты менен[9] Куран оку!

5. Жакында биз сага салмактуу сөз түшүрөбүз.

6. Албетте, түндө уктап туруу - абдан оор[10]

7. Анткени, сенин күнүң түйшүккө толо.

8. Ошол үчүн Эгеңдин ысмын эстеп, Ага умтул[11]!

9. Ал - Чыгыштын да, Батыштын да Эгеси. Чындыгында, Андан башка кудай жок. Аны гана өзүңө Колдоочу деп бил.

---

1 Кыйаматка
2 Ыраазы болгон
3 Периштелерди
4 Пайгамбарлар
5 Алардын кылган амалдарын
6 Муззаммил - Оронуп алган (Мухммед (а.с.))
7 Эс алууга калтыр
8 Эс алууну үчтөн экиге көбөйт
9 Кооз кылып
10 Ошол эле учурда окууга ыңгайлуу
11 Бүткүл жүрөгүң менен

10. Алардын[1] сөзүн сабырдуулук менен ук жана аларды жакшынакай таштап кет.

11. Жалганчы дөөлөт ээлерин Мага койуп, аларга бир аз мөөнөт бер.

12. Анткени, Биздин астыбызда алар үчүн кишендер, тозок оту,

13. тыгылуучу[2] тамактар жана жан чыдагыс азап бар!

14. Ошол Күнү жер, тоолор титиреп, тоолор кумдуу дөңсөөлөргө айланат.

15. Фараонго элчи жибергендей эле, Биз силерге каршы күбө болуучу пайгамбарды[3] жибердик.

16. Фараон элчиге мойун сунбагандыктан, Биз аны катуу чапчуу менен алдык[4].

17. Эгер силер каапырдыктын ичинде жашасаңар[5], анда өспүрүмдү картайтып койуучу[6] ал Күндөн өзүңөрдү кантип сактап кала аласыңар?

18. Ал Күнү асмандар жарылып, Аллахтын убадасы аткарылат.

19. Анткени ал - эскертүү. Ошол үчүн ким кааласа Эгесинин жолуна[7] умтулат.

20. Чындыгында сен түндүн үчтөн эки бөлүгүнүн азыраагында, же жарымында, же үчтөн бир бөлүгүндө туруп намаз окуп өткөрөрүңдү сенин Эгең билип турат. Сени менен чогуу жүргөндөр[8] да билет. Аллах түндү да, күндү да тактап өлчөп койгон. Аллах силер муну эске албасыңарды[9] да билет жана ошол үчүн силерди кечирет. Курандан кайсыны[10] окуу силерге жеңил болсо, ошону окугула. Ал силердин араңарда оорулуулар болорун, бирөөлөрү Аллахтын ырайымын издеп жерлерди кыдырарын, ошондой эле дагы бири Аллах жолунда күрөшөрүн билет. Ошондуктан, Курандан кайсыл жеңил болсо ошону окугула. Намаздарды (өз убактысында) окугула, зекетти бергиле. Аллах үчүн чын жүрөктөн көркөмдүү карыз бергиле. Эмне берген болсоңор, андан да жакшыраак жана чоңураак сыйлыкты Аллахтын алдында табасыңар. Аллахтан кечирим сурагыла. Албетте, Ал - Ырайымдуу, Кечиримдүү.

---

1 Каапырлардын, сөлөкөттөргө, жалган кудайларга табынуучулардын

2 Тозокто алардын кекиртегине тыгылып калуучу өтө ысык тамак

3 Мухаммедди (а.с.)

4 Катуу жазаладык

5 Күпр келтирип, Аллах Таалага мойун сунбасаңар

6 Коркунучтан улам

7 Туура жолго, Исламга

8 Сахабалар

9 Белгилүү убакыттардын баркын билбей калуу тууралуу сөз болууда

10 Кайсыл сүрөнү жаттоого, окууга кудуретиңер жетсе, ошону окугула

# 74. МУДДАССИР[1] СҮРӨСҮ

**Меккеде түшүрүлгөн Элүү алты айаттан турат**

***Мээримдүү, Ырайымдуу Аллахтын аты менен***

1. Эй, кийимине чүмкөнүп алган!
2. Тур да, эскерткин[2]!
3. Жараткан Эгеңди даңкта, улукта!
4. Кийимиңди таза тут!
5. Ыпластыктан кач[3]!
6. Кылган жакшылыгыңды көп деп эсептебе[4].
7. Эгең үчүн сабырдуу бол!
8. Кайсыл Күнү сурнай тартылса,
9. Ал абдан оор Күн[5] (болот)!
10. Каапырлар үчүн оор Күн.
11. Кимди Мен жалгыз кылып жараткан болсом[6], аны жалгыз Мага кой.
12. Ага Мен кенен байлык бергем
13. жана күбө болуучу балдарды (бердим).
14. Турмуштагы жолун шыдыр кылып койдум.
15. Ал дагы көбүрөөк берүүмдү үмүттөнөт[7].
16. Жок! Ал Биздин айаттарга өтө каршы.
17. Мен аны машакатка дуушар кылам[8]!
18. Анткени ал ойлонду да, өзүнчө таразалады.
19. Ал, жок болгур, кандай өлчөө жасады!
20. Ал, жок болгур, дагы кандай өлчөө жасады!
21. Анан карады[9].

---

1 Муддассир - Чүмкөнүп алуучу

2 Адамдарга

3 Сөлөкөттөргө, жалган кудайларга табынба!

4 Пайда көрүү максатында митайымдык менен жакшылык кылба.

5 Кыйамат

6 Куранды шылдыңдап, тозоктун кайтаруучулары тууралуу шылдыңдуу тилденген Ал-Валид ибн ал-Мугийра тууралуу болууда

7 Ыйман ага келбей, шүгүр кылбай

8 Азапка салам

9 Айланасын

22. Анан кабагын түйүп, кашын үйрүдү.

23. Анан тескери бурулуп, текеберленди.

24. Анан айтты: «Бул[1]- жазылып калган бир сыйкырчылык;

25. бул - болгону адамзаттын сөзү», - деп.

26. Сакарда[2] мен аны өрттөп салам!

27. Сен «Сакар» эмне экенин билесиңби?

28. Ал калтырбайт, таштап да салбайт[3].

29. Ал адам терисин куйкалап салат.

30. Анын үстүндө он тогуз күзөтчү[4] (бар).

31. Биз Тозокту башкарууга периштелерди гана койгонбуз жана ыймансыз каапырларды сыноо, китеп ээлерин[5] ынандыруу, ыймандуулардын ыйманын күчөтүү үчүн ал жерге ээлик кылган периштелердин санын так аныктап[6] койдук. Андан[7] китеп ээлери да, ыймандуулар да шек санабасы, жүрөгүндө ооруу барлар жана ыймансыздар «Аллах муну менен бизге эмнени каалайт?» - деши үчүн (ушинттик). Аллах кимди кааласа ошентип жаңылыш жолго салып, кимди кааласа түз жолго багыттайт. Эгеңдин аскерлерин[8] бир гана Өзү билет. Бул, Тозок оту - адамдар үчүн эскертүү.

32. Оо, жок! Айга ант!

33. Өтүп бараткан түнгө ант!

34. Агарып келе жаткан таңга ант!

35. Бул - эң чоң балээлеримдин[9] бири.

36. Адамзат үчүн эскертме катары:

37. Силерден ким жакшылыкка умтулса ага да, ким артта калса ага да эскертүү.

38. Ар бир жан өзү кылган иштин[10] барымтасында калат,

39. оң кол ээлеринен башкалары,

---

1 Куран

2 Сакар - Тозоктун аты

3 Тозоктогу өлүп калууга да, жашоого да мүмкүн болбогон азаптуу абал тууралуу сөз болууда

4 Күзөтчү периште

5 Иудейлер жана христиандар

6 Куранга чейин түшкөн китептерде да Тозокту кайтарган периштелердин саны 1. экени кабарланган.

7 Курандан жана Мухаммед пайгамбардан

8 Аллах Тааланын согуш периштелеринин санын

9 Айандарымдын

10 Күнөөнүн

40. Бейиште бири-биринен сурашат.
41. Күнөөкөрлөр жөнүндө:
42. «Силерди (бул) Сакарга эмне[1] алып келди?» (дешет).
43. Алар жооп беришет: «Биз намаз окугандардан эмес элек»,
44. «Бей-бечараларга да тамак бербедик».
45. «Биз пайдасыз бузукулукка баткандар менен бирге баткан элек».
46. «Кыйамат күнүн жалган дегенбиз«
47. «бизге өлүм келгенге чейин» (деп айтышат).
48. Бул жерде аларга колдоочуларынын колдоосу да жардам бербейт.
49. Аларга эмне болгон: эскертүүдөн жүз бурушат.
50. Алар жапайы эшектер сымал,
51. арстандан качкан.
52. Чындыгында, алардын ар бири өздөрүнө гана баракча[2] түшүшүн каалашат.
53. Жок! Алар Акыреттен[3] коркушпайт.
54. Ооба! Бул[4] чындыгында эле эскертүү.
55. Ким укса андан насаат алсын.
56. Бирок, Аллах каалабаса, алардын[5] бири да насаат ала албайт. Коркууга[6] жана кечирим берүүгө Аллах гана татыктуу.

## 75. КЫЙАМАТ СҮРӨСҮ

**Меккеде түшүрүлгөн Кырк айаттан турат.**

***Мээримдүү, Ырайымдуу Аллахтын аты менен***

1. Кыйамат күнүнө ант!
2. Өзүн-өзү жемелеген жанга ант!
3. Инсан Биз анын сөөктөрүн чогулта[7] албайт деп ойлойбу?!

1 Кайсыл күнөө
2 Аллах Тааланын китеби
3 Акыреттеги акыркы жашоодо Тозокко түшүп калуудан
4 Куран
5 Каапырлардын
6 Күнөө жасап койуудан сактанууга
7 Кайрадан тирилтип

4. Ооба (чындыгында), Биз анын манжаларынын учунан бери өз калыбына келтирүүгө Кудуреттүүбүз.
5. Балким инсан келечекте бузукулукту дагы да кыла берүүнү каалап турабы?
6. Ал: «Кыйамат күнү качан болот?» - деп сурайт.
7. Качан көздөр караңгыласа,
8. Ай (түнөрүп) тутулса,
9. Күн менен Ай бириктирилсе,
10. Ошол күнү инсан: «Мен кутулуучу жай кайда?» - деп сурап калат.
11. Оо, жок! Качып кутулуу жок!
12. Ал Күндө Эгеңдин алдында гана (кутулуучу) жай (бар).
13. Ошол Күнү инсанга ал алдына эмне дайардап (алып) келгенинен, эмнени артына калтырып койгонунан кабар берилет.
14. Инсан (ал күнү) өзүнө-өзү күбөлүккө өтөт.
15. Эгер ал кечирим суроону кааласа да.
16. (Эй, Мухаммед!) Сен тилиңди шашкалактап кыймылдатпа,
17. Акыйкатта аны (Куранды) топтоо жана окутуу Бизге таандык.
18. Биз аны сага окуп бергенден кийин гана ээрчип окугун.
19. Андан соң (аны) түшүндүрүү Биздин иш.
20. Оо, жок! Силер нак (бул жалган) дүйнөнү сүйөсүңөр да,
21. Акыретти артка таштап койосуңар[1]
22. Кээ бир жүздөр ошол күнү албырып,
23. Эгесине карашат.
24. Ал күнү (бир топтун) өңдөрү тырышып-шүмүрөйөт.
25. Алар өздөрүнүн омуртка-белин сындыруучу азапты күтүшөт.
26. Оо, жок! Жан алкымга келген кезде,
27. «Ким дем сала алат?» - деп айтылат[2].
28. Ошондо ал айрылуу маалы келгенин сезет.
29. Буттары бириктирилет[3].
30. Ал күнү Эгесинин алдына (айдалып) келет.
31. Ал (ыймансыз) ишенген да, намаз окуган да эмес.
32. (Куранды) четке кагып, (динден) терс бурулган.
33. Мактана-бой көтөрүп, үй-бүлөсүнө барган.

1 Акырет үчүн амал кылбайсыңар
2 Эми ким дем аркылуу шыпаа бере алар экен деп көздөрү чачырайт
3 Өлгөндөн кийин буту колдорун түздөп койот

34. Куруп кал, сен, оо, куруп кал!
35. Андан соң[1] куруп кал, сен, куруп кал!
36. Пенде өзүн кароосуз[2], таштап салынган деп ойлойбу?
37. Урук суусунун[3] бир тамчысы эмес беле?!
38. Андан соң ал уйуган кан болгон жана аны текшилеп[4] жараткан.
39. Андан[5] эркек, ургаачы кылып, жупту жараткан.
40. Бул эмне[6]? (Аллах) өлүктөрдү кайра тирилте албайбы?!

## 76. ИНСАН СҮРӨСҮ

**Мединада түшүрүлгөн Отуз бир айаттан турат.**

***Мээримдүү, Ырайымдуу Аллахтын аты менен***

1. Албетте, кылымда инсан болбогон[7] убакыт да өткөн.
2. Биз адамды бир тамчы аралашма суйуктуктан жараттык. Аны сыноо үчүн Биз ага көрүү жана угуу жөндөмүн бердик.
3. Албетте биз аны, же момун, же каапыр абалда жолго салдык.
4. Биз каапырлар үчүн чынжырлар, кишендерди жана жалындуу от дайардап койгонбуз.
5. Жакшылар[8] болсо чөйчөктөрдөн жыпар жыттуу «каафуур» аттуу суусундуктарды ичишет.
6. Аллахтын пенделери ал булакты каалаган жерден чыгарып алышып ичишет.
7. Алар убадаларын аткарышып, жамандыгы жайылган Күндөн коркушат.
8. Алар[9] өздөрү ачка болуп турса да жетимдер, туткундар жана жакырлар менен азык-оокаттарынан бөлүшүшөт:
9. «Биз силерден ыраазылык да, сый да күтпөстөн Аллахтын ыраазычылыгы үчүн гана тойгузабыз,

1 Дагы кайталайм
2 Эч бир милдет жүктөлбөй эле
3 Эненин курсагындагы
4 Кооз келбетке
5 Уруктан
6 Ошончонун барын жасап
7 Инсан жаралбастан мурунку мезгил
8 Момундар
9 Момун мусулмандар

10. Биз Эгебизден жана беттерди бырыштыруучу оор Күндөн[1] коркобуз» (дешет).

11. Аллах аларды ал Күндүн жамандыгынан сактап, анан аларды нурдуу жана кубанычтуу кылды.

12. Алардын сабырдуулугу үчүн Бейиш жана жибек[2] менен сыйлады.

13. Алар Бейиште, орундуктарда жөлөнгөн абалда күндүн аптабын да, ызгаарды да көрүшпөйт.

14. Аларга көлөкө да жакын болуп, жемиштери ылдый салаңдап турат.

15. Аларга тамактар тунук күмүш чөйчөк-идиштер менен алып келинет.

16. Суусундуктар (болсо) күмүштөн айнектей жука чөйчөктөр менен керектүү өлчөмдө гана ичилет.

17. Аралашмасы «занжабил» аттуу суусундукту чөйчөктөрдөн (ичишет).

18. Жана ошол жерде агып турган «Салсабил» аттуу булактан суу ичишет.

19. Алардын айланасында түбөлүк жаш боз уландар кызмат кылышат. Силер аларды көргөн кезде чачып жиберилген бермет маржандарыбы[3] деп ойлойсуңар.

20. Качан гана (Бейишке) карасаң түгөнгүс жакшылыктарды жана зор байлыкты көрөсүң.

21. Жука жана калың, жашыл жибек кийимдерди кийип жүрүшөт. Колдорунда күмүштөн билериктер. Аллах аларды Бейиштин суусундуктарына кандырат.

22. Анткени, бул силердин аракетиңер (Аллах тарабынан) кабыл болгондуктан жана Кудайдын мындай сыйына сооп иштериңерден улам татыктуу болдуңар.

23. Биз сага[4] Куранды бөлүк-бөлүк кылып түшүрдүк.

24. Сен Эгеңдин буйруктарын сабырдуулук менен аткар. Алардын (адамдардын) арасынан күнөөгө баткандарынын жана каапыр болгондорунун тилине кирбе!

25. Эртели-кеч Жаратканыңды эсте!

26. Түндө[5] болсо Ага сежде кылып, узак убакыт (Аны) аруулагын.

---

1 Кыйамат

2 Бейиште мусулмандардын пайдаланган бардык кийим- кече, төшөнчү-буйумдары жибектен болот

3 Алардын сымбаттуулугу жана тунуктугунан улам

4 Эй, Мухаммед!

5 Түндүн үчтөн бир бөлүгүн

27. Албетте, алар[1] (убактылуу) дүйнөнү сүйүшөт, оор күндү болсо артына таштašат[2].
28. Биз аларды[3] жаратканбыз, дене- бойун кубаттуу кылганбыз. Бирок, Биз кааласак аларды өздөрүнө окшоштор[4] менен алмаштырып койобуз.
29. Албетте, бул сүрө - силерге насаат! Эгер ким кааласа, Аллахтын жолуна түшсүн.
30. Бирок, Аллах кааламайынча, силер каалай албайсыңар. Аллах - барын билип туруучу улуу Даанышман!
31. Ал Өзү кимди кааласа Өзүнүн мээримине киргизет, ал эми заалымдарга жан чыдагыс жаза камдап койгон.

# 77. МУРСАЛАТ[5] СҮРӨСҮ

**Меккеде түшүрүлгөн Элүү айаттан турат**

***Мээримдүү, Ырайымдуу Аллахтын аты менен***

1. Удаа-удаа жиберилген шамалдарга ант!
2. Катуу бороондорго ант!
3. Чар тарапка жайылтуучуларга ант!
4. Даана ажыратып берүүчүлөргө ант!
5. Эскертмени алып келүүчүлөргө ант!
6. Себеп менен коркутуп эскертүүнү.
7. Силерге убада кылынган нерселер жакында сөзсүз болот:
8. Жылдыздар караңгылап өчкөн кезде;
9. Асман жарылган кезде;
10. Тоолор чаң-тозоңго айланган кезде;
11. Пайгамбарларга мөөнөт так белгиленген кезде.
12. Анда (дагы) качанга чейин узартылмак?!
13. Ажырап-бөлүнүү күнүнө чейин.
14. Сен бөлүнүү күнү эмне экенин билесиңби?

1 Каапырлар
2 Эстеп да койушпайт
3 Каапырларды
4 Каапыр муундар менен
5 Мурсалат - Жиберилгендер (шамалдар)

15. Жалган дегендерге[1] - ал Күнү азап болсун!
16. Биз (силерден) мурункуларды да жок кылган эмес белек?!
17. Анан, алардан кийинкилерин да[2] жок кылбадыкпы?
18. Биз күнөөкөрлөрдү мына ушундай кылабыз.
19. Жалган дегендерге - ал Күнү азап болсун!
20. Биз силерди көрүмсүз начар суудан жаратпадыкпы?!
21. Аны[3] (сууну) Биз ишеничтүү орунга (жатынга) жайгаштырдык,
22. белгилүү бир убакытка чейин.
23. Биз мөөнөттү белгилейбиз жана Биз мөөнөт белгилөөчүлөрдүн эң кудуреттүүсүбүз.
24. Жалган дегендерге - ал күндө азап болсун!
25. Биз Жерди топтоочу орун кылбадыкпы
26. Тирүүлөрдү жана өлүктөрдү.
27. Анын (үстүнө) Биз бийик тоолорду жайгаштырдык жана силерге таттуу сууну ичирдик.
28. Жалган дегендерге - ал күндө азап болсун!
29. Өзүңөр жалган дегениңерге барып көргүлөчү!
30. Үч бөлүк болуп түтүндөгөн көлөкөгө баргыла,
31. алар көлөкө да кылбайт жана (тозоктогу) жалындан да коргой албайт.
32. (Ал) үйдөй-үйдөй чоң учкундарды чачырат,
33. сары түстүү төөлөр өңдүү.
34. Жалган дегендерге - ал күндө азап болсун!
35. Алар ал күндө ооз ачып сүйлөй албайт.
36. Аларга сүйлөөгө да уруксат берилбейт.
37. Жалган дегендерге - ал күндө азап болсун!
38. Бул «бөлүнүү» күнү, Биз силерди жана силерден мурункуларды да топтодук.
39. Эгер силердин айла-амалыңар болсо, анда Мага айлаңарды көрсөткүлө.
40. Жалган дегендерге - ал күндө азап болсун!
41. Акыйкатта, такыбалар көлөкөлөрдө[4] жана булактарда,
42. каалаган мөмө-жемиштердин арасында (болушат),
43. кылган амалыңар үчүн. Куттуу болсун, жегиле, ичкиле (делинет).

1 Чындыкты
2 Коомдорду
3 Сууну
4 Бейиш бактарынын арасында

44. Биз жакшы иш жасагандарды мына ушинтип сыйлайбыз.
45. Жалган дегендерге - ал күнү азап болсун!
46. Бир аз жеп-ичип пайдаланып тургула. Албетте, силер күнөөлүүсүңөр.
47. Жалган дегендерге - ал күнү азап болсун!
48. «Кудайга жүгүнгүлө», - деп айтылганда алар жүгүнө алышпайт.
49. Жалган дегендерге - ал күндө азап болсун!
50. Алар андан[1] соң башка дагы кайсы сөзгө ишенишет?!

## 78. НАБАА[2] СҮРӨСҮ

**Меккеде түшүрүлгөн Кырк айаттан турат**

***Мээримдүү, Ырайымдуу Аллахтын аты менен***

1. Алар бири-биринен эмне жөнүндө сурашат?
2. Улуу кабар жөнүндө[3]...
3. Алар ал тууралуу түрдүү талаш-тартышта.
4. Оо, жок! Алар жакында билишет.
5. Дагы бир ирет, жок! Алар жакында билишет!
6. Биз жерди төшөп койдук.
7. Тоолорду казык кылдык.
8. Силерди жуп кылып жараттык.
9. Уйкуңарды эс алуу үчүн жасадык.
10. Түндү жамынчы кылдык.
11. Тиричилик үчүн күндүздү жараттык.
12. Силердин үстүңөргө жети кабат бекем асманды куруп койдук.
13. Жаркыраган чырак[4] жасадык.
14. Булуттардан нөшөрлөгөн жаан жаадырдык;
15. дан, өсүмдүктөрдү чыгаруубуз үчүн;
16. чырмалышкан дарактарды да (өстүрүү үчүн).
17. Акыйкатта, ажыратуучу күн[5] белгиленген убакыт эле.

---

1 Курандан

2 Набаа - Кабар

3 Сурашат

4 Күндү (Тафсир Ал-Жалалайн)

5 Ак - караны, жаман - жакшыны ажыратуучу (Тафсир Ал-Насафий)

18. Сурнай тартылган күнү силер топ- топ болуп келесиңер.
19. Ошондо (асман) ачылып, каалгаларга айланат.
20. Тоолор ордунан жылдырылып закым[1] болот.
21. Акыйкатта, тозок көз тутуучу (күтүүчү) болот.
22. (Ал) чектен ашкандар үчүн бара турган жай.
23. Алар анда түбөлүккө калышат.
24. Алар анда салкынды да, эч кандай суусундук да тата алышпайт;
25. кайнаган ысык суу менен ириңден башка.
26. (Бул алар үчүн) татыктуу жаза!
27. Акыйкатта алар эсеп-кысапты күтүшкөн эмес.
28. Биздин айаттарыбызды чындап жалганга чыгарышкан.
29. Биз баарысын эсептеп, жазып койгонбуз.
30. Таткыла! Биз силерге тозоктогу азапты улам күчөтө беребиз.
31. Албетте, такыбалар үчүн ийгилик орун;
32. бак-дарактар жана жүзүмзарлар;
33. бирдей курактагы үр[2] кыздар;
34. жана да, толтура идиштер (бар).
35. Алар анда пайдасыз жана жалган сөздөрдү угушпайт.
36. Бул сенин Эгең тарабынан аларга берилген мол сыйлык.
37. Асман менен жердин жана ал экөөсүнүн ортосундагылардын Эгеси, Мээримдүү. Ошондо алар Ага[3] кайрылып сүйлөй алышпайт.
38. Ошол күндө Рух[4] жана (башка) периштелер топ-тобу менен тизилип турушат жана Мээримдүү[5] тарабынан уруксат берилген гана сүйлөй алат, ошондо да чындыкты гана айта алат.
39. Бул - Чындык күн. Ким кааласа, Эгесине бара турган ордуна кайтат.
40. Акыйкатта, Биз силерди жакында болуучу азаптар тууралуу эскерткенбиз! Ошол күнү ар бир адам өз колу менен жасаганын көрөт. Ал эми каапыр: «Аттиң, топурак болуп кетсемчи!» - деп айтат.

---

1 Закым - бул күн ысып турган учурдагы көзгө байкала тургандай болуп леп-леп соккон абанын толкуну

2 Хур - Бейиштеги үр кыздары

3 Аллах Таалага

4 Жебреил (а.с.)

5 Аллах Таала

# 79. НААЗИАТ[1] СҮРӨСҮ

**Меккеде түшүрүлгөн Кырк алты айаттан турат**

***Мээримдүү, Ырайымдуу Аллахтын аты менен***

1. (Каапырлардын жанын) катуу сууруп алуучуларга[2] ант!
2. (Момундардын жанын) жумшак алуучуларга[3] ант!
3. Буйрукту тез аткарууга (түшкөн периштелерге) ант!
4. (Момундардын жандарын бейишке) шашылыш алып баруучу (периштелерге) ант!
5. (Дүйнө иштерин ) теске салуучу (периштелерге) ант!
6. Ошол күнү силкинүүчү (жер) силкинет[4].
7. Аны ээрчүүчү ээрчийт[5].
8. Жүрөктөр ошол күнү коркушат.
9. «Көз караштары кейиштүү»;
10. (Алар) мындай дешет: «Изибизге кайтар бекенбиз?[6]
11. «Сөөктөрүбүз сөпөт болуп кетсе делеби?!»
12. «Оо, андай болсо бул кайтуу зыйандуу го?!»
13. Албетте, ал[7] бир эле үн[8].
14. Ошол эле замат алар[9] бозоргон жер бетинде (болуп калышат).
15. Сага Муса[10] жөнүндө кабар жетти беле?
16. Ыйык «Туваа» өрөөнүндө ага[11] Эгеси үн салды:
17. «Фараонго жөнө! Албетте, ал чектен ашты».
18. Анан ага минтип айткын: «Сени тазаланууга үндөйүнбү?!»
19. «Сени Эгең тарапка багыттайын. Анан сен коркоорсуң».

---

1 Наазиат - жан алгыч периштелер
2 Периштелерге
3 Периштелерге
4 Кыйамат башталганда
5 Сурнайдын экинчи тартылышы
6 Тиги дүйнөгө кайра кетер бекенбиз
7 Ээрчүүчү
8 Айкырык
9 Жамы журт
10 Аллах Тааланын жиберген пайгамбары
11 Муса (а.с.)га

20. Анан ага (пайгамбарлыктын) улуу белгисин көрсөттү[1].
21. Ошентип, (Фараон Мусаны) жалганчы деп, (Аллахка) күнөөкөр болду.
22. Андан соң артына кетип, (бузуктук менен) аракет жасайт.
23. (Сыйкырчыларын) жыйнап, жар салды.
24. Анан айтты: «Мен силердин улук Эгеңермин».
25. Аллах аны «акыркы» жана «биринчи» (айткан сөзү үчүн) жазалады[2].
26. Албетте, мында (Аллахтан) корккондорго үлгү бар.
27. Силерди жаратуу кыйынбы, же куруп койгон асмандыбы?!
28. Анын[3] шыбын бийик кылып, (кынтыксыз) тегиз кылды.
29. Анын түнүн караңгы кылып, жарыгын да чыгарды.
30. Жерди тигинден кийин[4] төшөдү.
31. Жерден суусун жана жайытын пайда кылды;
32. Тоолорду ага[5] бекем орнотту;
33. Силер жана силердин малдарыңар пайдалансын үчүн.
34. Ошентип улук күн келгенде[6]...
35. Ошол күнү инсан өткөн жүрүшүн (кылган амалдарын) эсине салат.
36. Көргөн адамга тозок оту ачык кылынат (көрсөтүлөт).
37. Ошондо каапыр инсан ...
38. (Ал жалган) дүйнөнүн жашоосун тандаган эле;
39. (Анын) бара турган жери - албетте, тозок оту.
40. Ал эми Эгесинин алдында туруудан коркуп, көңүлү каалаган нерселерден өзүн тыйган адам,
41. (Анын) бара турган жери - албетте Бейиш.
42. Сенден кыйаматтын качан болушу жөнүндө сурашат.
43. Аны эстөө - сенден оолак болгон нерсе[7]
44. Сенин Эгеңдин өзүнө гана тиешелүү нерсе (башка эч ким билбейт).
45. Албетте, сен андан корккондорду гана эскертүүчүсүң.

---

1 Фараонго жана анын элине 9 мужиза-керемет көрсөтүлгөн. Бул жерде Муса (а.с.) элчи болуп келгенин жана аларды көрсөткөнүн (чогулган эң мыкты сыйкырчы, көз бойоочуларды жеңгени, алар сеждеге жыгылганын да) чоң керемет десек болот

2 Биринчи сөзү: «Касас сүрөсүнүн, 38-айатында. Экинчи сөзү: «Мен - силердин улук эгеңермин» (Тафсир Ал-Байзавий).

3 Асмандын

4 Асмандан кийин

5 Жерге

6 Сурнай экинчи жолу тартылып, Кыйаматка чогулган кезде

7 Кыйамат жөнүндөгү илим сенден оолак (б.а. сага белгисиз)

46. Алар аны[1] көргөн күнү кечке жуук, же эрте менен (бир аз) турган сый-
актанышат.

# 80. АБАСА[2] СҮРӨСҮ

**Меккеде түшүрүлгөн Кырк эки айаттан турат**

***Мээримдүү, Ырайымдуу Аллахтын аты менен***

1. Ал[3] кабагын бүркөп ары бурулду,
2. Сокур киши[4] келип калганы үчүн.
3. Ал, мүмкүн, (күнөөдөн) тазаланууну каалаганын сен кайдан билесиң?
4. Анан ошол эскертме ага пайда берээр.
5. Ал эми (өз байлыгы менен маашырлана) текеберденген адам,
6. сен ага (көңүл буруп) кабылдайсың.
7. (Анын) тазаланбоосунун[5] сага зыйаны жок.
8. Ал сага (чын ыклас менен) умтулуп келгенге
9. Ал (Аллахтан) коркуп турат.
10. А сен ага көңүл бурбай алаксыйсың.
11. Оо, жок! Акыйкатта, ал[6] эскертме.
12. Ким кааласа аны эстейт.
13. (Ал) ыйык барактарда,
14. Көтөрүлгөн жана таптаза
15. Элчи (периштелердин) колунда,
16. (Алар) ардактуу (жана) такыба.
17. Инсан каргышка калсын. Оо, анын каапырлыгы шумдуктай.
18. Ал (Аллах) аны кандай нерседен жаратты?
19. Аны тамчы уруктан жараткан, анан келбет берип, (дене мүчөлөрүн)
ченеп койгон.
20. Анан анын (чыгуу) жолун жеңил кылган.

1 Кыйаматты
2 Абаса - Кабагын чытыды
3 Пайгамбар
4 Абдулла ибн Умму Мактум
5 Насаат укпай койуусу
6 Куран

21. Анан аны өлтүрүп, мүрзөгө көмөт[1].
22. Андан соң Өзү каалаган учурда аны тирилтет.
23. Чынында, ал[2] болсо Анын буйруган нерселерин аткарбады.
24. Инсан өзүнүн жеп жаткан тамагына карап көрсүнчү?!
25. Биз нөшөрлөгөн жаан куйабыз.
26. Анан жерди көптүрүп, жарабыз.
27. Анан анын үстүнө үрөндөрдү өстүрөбүз,
28. жүзүмдөрдү жана жашылча жемиштерди
29. жана зайтун менен курма дарагын,
30. калың жыш бактарды,
31. жемиштерди жана жайыттарды,
32. силер жана силердин малыңар пайдалансын үчүн.
33. Кулак жарган[3] үнү угулуп, жаңырганда.
34. Мына ошол күнү инсан өз бир тууганынан (таштап) качат.
35. Өз энесинен жана өз атасынан (качат).
36. Өзүнүн (өмүрлүк) жарынан жана балдарынан (качат).
37. Бул күнү алардын ар биринин өз түйшүгү жетиштүү болот.
38. Ал күнү жүздөр албырып тамылжыйт,
39. күлө багып, кубанышат.
40. Ошол күнү кээ бир жүздөрдү чаң баскан.
41. (Түнөрүп) оройт аны караңгылык.
42. Алар[4] бузуку - каапырлар.

## 81. ТАКВИР[5] СҮРӨСҮ

**Меккеде түшүрүлгөн Жыйырма тогуз айаттан турат**

***Мээримдүү, Ырайымдуу Аллахтын аты менен***

1. Күн өчүп, оролгондо,
2. Жылдыздар төгүлгөн кезде,

1 Өлгөн соң мүрзөгө койулат.

2 Инсан

3 Сурнайдын

4 Жүзүн чаң басып, караргандар.

5 Таквир - Ороо

3. Тоолор сүрүлүп тозуганда,
4. Он айлык баласын курсагында көтөргөн төөлөр кароосуз калганда[1],
5. Жырткычтар топтолуп жыйылганда,
6. Деңиздер от болуп жагылганда,
7. Жандар денелерге кошулганда,
8. Тирүүлөй көмүлгөн (наристе) кыздар суралганда:
9. кайсы күнөөсү үчүн[2] өлтүрүлгөн?
10. (Амалдар жазылган) барактар ачылып койулганда,
11. Асман сыйрылганда,
12. Тозок катуу кызытылганда,
13. Бейиш жакындатылганда,
14. (Мына ошондо) ар бир жан өзү змне алып келгенин (дайардаганын) анык билет.
15. Жок! Жылдыздарга ант!
16. Жашынма[3] жылдызга,
17. Караңгылыгы келип кеткен түнгө ант!
18. Агарып аткан таңга ант!
19. Бул чынында улук элчинин (Жебреилдин) айткандары,
20. (Ал) Арштын Ээсинин алдында күч - кубаттуу жана мартабалуу[4].
21. (Ал) баш ийилген[5] ишенимдүү.
22. (Эй, инсандар!) Силердин жаныңардагы[6] жинди эмес.
23. Ал аны (Жебреилди) асмандын ачык мейкиндигинде көргөн эле.
24. Ал[7] кайыпка (Аллахтан келген кабарларды таратууда) ичи тардык кылбайт.
25. Жана да, бул[8] куулган шайтандын сөзү эмес.
26. Силер кайда баратасыңар?
27. Акыйкатта, (Куран) бул бүт ааламдар үчүн[9] эскертме,

---

1 1. айлык бооз инген. Арабдар үчүн төө эң кымбат унаа. А мына тууйт деп күтүп жаткан төө андан бетер

2 Исламга чейин араб мушриктери наристе кыздарды жерге тирүүлөй көмүшкөн

3 Кээде көрүнөт, кээде жок

4 Жебреил (а.с.).

5 Башка периштелер ага баш ийет

6 Мухаммед (а.с.).

7 Мухаммед (а.с.).

8 Куран

9 Адамдарга да, жиндерге да...

28. силерден Туура жол менен жүрүүнү каалагандар үчүн.
29. Бирок силер ааламдардын Эгеси, Аллах кааламайынча эч нерсени каалай албайсыңар.

# 82. ИНФИТАР[1] СҮРӨСҮ

**Меккеде түшүрүлгөн Он тогуз айаттан турат**

***Мээримдүү, Ырайымдуу Аллахтын аты менен***

1. Асман жарылганда,
2. жылдыздар чачылганда,
3. деңиздер кошулганда,
4. мүрзөлөр ачылганда,
5. Ошондо (ар бир) жан өзүнүн мурда эмнелерди кылгандыгын, эмнелерди (кылбай) калтырганын ачык көрөт.
6. Эй, инсан! Сени өзүңдүн Жоомарт Эгеңден (алыстоого) эмне түрткү болуп азгырды?
7. Ал сени жаратып, анан сага келбет берип тегиздеди эле.
8. Ал сени өзү каалагандай келбетте курады (жаратты).
9. Жок! Балким, силер Кыйаматты «Жалган», - дейсиңер.
10. Силердин үстүңөрдө көз салып карап туруучулар[2] бар.
11. (Алар) ардактуу жазуучулар[3].
12. Алар эмне кылганыңарды билип турушат.
13. Акыйкатта, такыбалар Бейиште[4] болушат.
14. Күнөөкөрлөр тозокто болушат.
15. Ал күнү алар отто күйүшөт.
16. Андан алар кутула да алышпайт.
17. Кыйамат күндүн кандай экенин сага ким билдирмек эле?!
18. Жана да, (кайталайм) Кыйамат күндүн кандай экенин ким билдирмек эле?!

---

1 Инфитар - Жарылуу

2 Периштелер

3 Адамдардын жакшы-жаман амалдарын (иш-аракеттерин, сөздөрүн ниеттери менен кошо) жазып, аны эч бузбай сактоочу өзгөчө периштелер - байкоочулар (кайтаруучулар, күзөтчүлөр)

4 Бейиш жыргалында

19. Ошол күнү бирөө бирөөнүн нерсесине ээ болбойт[1]. Ал Күнү бардык иштер Аллахка таандык.

## 83. МУТАФФИФУН[2] СҮРӨСҮ

**Меккеде түшүрүлгөн Отуз алты айаттан турат**

***Мээримдүү, Ырайымдуу Аллахтын аты менен***

1. Таразадан алдагандарга азап!
2. Алар адамдардан өлчөп алышканда - толук алышат да,
3. башкаларга таразалап, өлчөп беришсе кемитип беришет.
4. Алар (Кыйаматта) тирилээринин анык экенин байкап билишпейби?!
5. Улуу күндө[3]
6. Дал ошол Күнү адамдар ааламдардын Эгесине туруп келишет.
7. Жок! Ыплас-бузукулардын китеби «Сижжинде» (жазылып койулган).
8. Сен «Сижжин[4]» эмне экенин билесиңби?
9. Мөөрдөлгөн китеп.
10. «Ошол күн жалган»-дегендергеазап.
11. Алар Кыйамат күндү жалган дешчү эле.
12. Чектен ашкан күнөөкөр гана аны жалган дейт.
13. Биздин айаттарыбыз аларга окулса, алар: «Мунун баары мурункулардын уламыш-жомогу», - дешет.
14. Жок-жок! Жасаган иштери себептүү алардын жүрөктөрүн кара так каптап калган.
15. Акыйкатта, ошол күнү алар өз Эгесинен тосулуп калат[5].
16. Андан ары алар алоолонгон отко киришет.
17. Анан аларга: «Мына ушулар, силер жалганга чыгарган нерсеңер», - делинет.
18. Акыйкатта такыбалардын китеби «Иллиййинде» сакталат.
19. Сен «Иллиййин[6]» эмне экенин билесиңби?

---

1 Колдоо көрсөтө албайт

2 Мутаффифун - Таразадан кымтып калуучулар

3 Кыйамат күнү

4 Каапырлардын амалдары жазылган китеп (Тафснр Ал- Банаавии)

5 Жаратканды көрө албай калышат

6 'Иллинйин - асмандын жетинчв кабатында (кол жетпес бийикте) сакталуучу, момундардын

20. Мөөрдөлгөн китеп.
21. Алар үчүн Аллахка жакын (периштелер) күбөлүк беришет.
22. Акыйкатта такыбалар Бейиште болот.
23. Бийик орундуктарда көз салып турушат.
24. Сен алардын жүзүнөн Бейиш жыргалын байкайсың.
25. Аларга мөөр басылган суусундук берилет[1].
26. Анын бүтүшү (акьфы) жыпар жыттуу. Ошондуктан атаандашуучулар жарышка түшсүн[2]!
27. Анын ширеси «Тасним»[3].
28. Аллахка жакындар гана мөлтүр булактан ичишет.
29. Күнөөкөрлөр момундардын үстүнөн (шылдыңдап) күлүшчү.
30. (Момундар) алардын жанынан өтүп баратканда, алар (шылдыңдап) бири-бирине көз ымдашчу эле.
31. А качан өз кишилерине кайтып барганда (өз кылыктарына) маашырлана кайтышчу.
32. [4]көргөн кездеринде: «Аныгында булар - адашкандар», - дешчү эле.
33. Бирок бул күнөөкөрлөр момундарга көзөмөлчү кылып жөнөтүлгөн эмес.
34. Ал Күндө момундар каапырлардын үстүнөн шылдыңдап күлөт.
35. (Бейиште) бийик мамыктардын[5] үстүндө көз чаптырышат.
36. Каапырлар өз кылгандары үчүн сооп алмак беле?

## 84. ИНШИКАК[6] СҮРӨСҮ

**Меккеде түшүрүлгөн Жыйырма беш айаттан турат**

***Мээримдүү, Ырайымдуу Аллахтын аты менен***

1. Асман жарылганда,
2. Эгесине кулак салып, акыйкатталганда,

---

иш-аракеттери жазылган китеп

1 Мурун эч ким ачып ичкен эмес

2 Жогоруда айтылган сыйлыкгарга ээ болуу үчүн

3 Кошулманын, ширеннн аты

4 Момундарды

5 Жумшак орундуктардын

6 Иншикак - Жарылуу

3. Жер түздөлүп, созулганда,
4. Ал[1] өз ичиндегилердин баарын сыртка чыгарып, бошонгондо,
5. Эгесине кулак салып, акыйкатталганда ... (Кыйаматтын болгону ошо).
6. Эй, инсан! Эгеңе умтул! Ошондо гана сен Ага жолугасың.
7. Анан кимдин китеби оң тарабынан берилсе,
8. Анда анын эсеп-кысабы да жеңил болот.
9. Ал жакындарына кубанган абалда кайтат.
10. Кимге эсеп-кысап китеби арт жагынан берилсе,
11. Ал өзүнө өлүм тилеп, жалдырайт.
12. Ошентип, катуу күйгөн отко кирет.
13. (Ал жалган дүйнөдө) жакындарынын арасында жыргап-куунап жүргөн эле.
14. Анткени, ал эч качан (Бизге) кайтып келээрине ишенген эмес.
15. Оо, жок! Эгеси анын артынан көз салып турчу.
16. Күн баткандагы көрүнгөн кызыл нурга ант!
17. Баарын өзүнө жыйып, каптап калган таңга ант!
18. Толуп турган айга ант!
19. Силер бардык баскычтар аркылуу өтөсүңөр.
20. Деги аларга эмне болгон, ыйман келтиришпейт?!
21. Аларга Куран окулуп жаткан кезде сежде кылышпайт[2].
22. Балким алар (Куранды) жалганга чыгарышат.
23. Аллах болсо алардын дилиндеги жашырган нерселеринин баарын (жакшы) билет.
24. Аларга оорутуучу азап[3] жөнүндө кабар бергин!
25. Аллахка ишенгендерге жана жакшы амалдарды кылгандарга үзүлбөгөн[4] сыйлык (бар).

---

1 Жер

2 Бул айат «сежде айаты» деп аталып, окуган да, уккан да сежде кылууга тийиш. А сежде кандай тартипте жасаларын билүү үчүн «Мухтасар» аттуу фикх китебинин А. Исмаиловдун кыргызча котормосунун, Тилават сеждеси - он үчүнчү бөлүмүн караңыз

3 Тозок

4 Кемибеген

# 85. БУРУЖ[1] СҮРӨСҮ

**Меккеде түшүрүлгөн Жыйырма эки айаттан турат**

***Мээримдүү, Ырайымдуу Аллахтын аты менен***

1. Жылдыздуу асманга ант!
2. Убада кылынган Кыйамат күнүнө ант!
3. Күбө болуучу жана күбөлөнгөнгө ант[2]!
4. Чуңкур ээлерине өлүм болсун![3]
5. (Ал) отундуу от.
6. Алар (капырлар) отту айланта (тегерете) олтурушкан эле.
7. Алар момундарга эмне кылып (отто кыйнап) жаткандарына күбө болуп (турушкан).
8. Мактоого татыктуу, Ызааттуу Аллахка ыйман келтиргени үчүн эле аларды (каапырлар) азаптап жатышкан.
9. Асман жердин мүлкү Ал үчүн, Аллах өзү бардык нерсеге күбө.
10. Анткени Аллахка ишенген момун эркек жана момун айалдарды азаптап жаткандар кийин тообо келтиришпесе, алар үчүн тозок азабы бар, ал куйкалоочу азап.
11. Аллахка ишенип жакшылык иштерди кылгандарга сыйлык катары алдынан дарыйалар агып турган Бейиш бактары берилет. Ал өзү чоң сыйлык!
12. Акыйкатта, Эгеңдин азапка салуусу айабай катуу.
13. Ырасында Ал оболу жаратат жана кайра тирилтет.
14. Ал Кечиримдүү жана Сүйүүчү.
15. Ал улуу Арштын Ээси,
16. Өз каалаганын жасоочу.
17. Сага аскерлери жөнүндө кабар келдиби?
18. Фараондун жана Самуд коомунун,
19. каапырлардын баары жалган деп четке кагат.
20. Аллах аларды арка тарабынан[4] курчоочу.

---

1 Буруж - Топ жылдыз

2 Күбө болуучу - жума күнү, күбөлөнгөн - Арафат күнү (Тафсир Ал-Жалалайн)

3 Мусулмандарды дининен айрuу үчүн чоң аңгектерди казып, ага от жагышып, мусулманчылыктан баш тартпагандарды аңга ыргытып өлтүрүшкөн

4 Каапырларга алар эч кандай зыйан беришкен жок. Алар болгону Жалгыз Жаратканга ыйман келтиришип, Ага сыйынышып жатышкан

21. Бирок ал Ыйык Куран!
22. (Ал) сакталган тактайда[1].

## 86. ТААРИК[2] СҮРӨСҮ

**Меккеде түшүрүлгөн Он жети айаттан турат**

***Мээримдүү, Ырайымдуу Аллахтын аты менен***

1. Асманга жана таңкы жылдызга ант!
2. Бул жарык жылдызды сен кайдан билесиң?
3. Ал балбылдаган жарык жылдыз.
4. Жанында (жазып туруучу) көзөмөлдөөчү[3] болбогон бир да жан жок.
5. Инсан өзүнүн эмнеден жаралганына карап көрсүнчү!
6. Ал атылып чыгуучу суудан жаратылган.
7. (Ал суу) бел жана көкүрөк арасынан чыгат.
8. Акыйкатта, Ал аны[4] өзүнө кайтарып тирилтүүгө кудуреттүү.
9. Бардык сырлар ачылып сыналган күнү.
10. Анда[5] күч-кубат да, жардамчы да болбой калганда!
11. Жаан төккөн асманга ант!
12. Көөп-жарылган жерге ант!
13. Акыйкатта, бул (Куран) ажыратуучу Сөз.
14. Ал эч кандай азил сөз эмес!
15. Алар (каапырлар) амалкөйлүк, куулук кылышат.
16. Мен да аларга амалкөйлүк көргөзөм.
17. Каапырларга бир аз мөөнөт бер[6].

---

1 Лавху Махфуз - бардык нерселер жазылган, шайтандардан жана өзгөртүүдөн сакталган китеп

2 Таарик - Таңкы жылдыз

3 Периштелер

4 Инсанды

5 Инсанда

6 Күтө тур

# 87. А'ЛАА[1] СҮРӨСҮ

**Меккеде түшүрүлгөн Он тогуз айаттан турат**

***Мээримдүү, Ырайымдуу Аллахтын аты менен***

1. Жогору даражалуу Эгеңдин атын аруула!
2. Ал баарын жараткан жана текшилеген.
3. Ал баарын өлчөп жана багыттап койгон.
4. Жана да Ал жайыт чөптөрүн чыгарган (өстүргөн).
5. Андан соң Ал аны карарган куурайга айландырат[2].
6. Биз сени окутабыз, анан сен такыр унутпайсың,
7. бирок, Аллах каалагандардан башкаларын. Албетте, Ал[3] ачыкты да, жашыруунду да билип турат.
8. Биз сага жеңилдикти[4] оңой кылабыз.
9. Эгер эскертүү пайдалуу болсо, анда эскерткин.
10. Ким корккон болсо, ал насаат-сабак ала берет.
11. Ал эми эскертүүдөн бактысыз гана баш тартат.
12. Ал алоолонгон чоң отто күйөт[5].
13. Ал анда өлүп да калбайт, (же) тирүү да боло албайт.
14. Ким тазаланса[6], ал ийгиликке жеткени,
15. Эгесинин атын эстеп, анан намаз окуса.
16. Жок! Кантсе да, силер бул дүйнөнүн жашоосун артык көрөсүңөр.
17. Бирок, Акырет жашоосу эң жакшы жана түбөлүктүү.
18. Акыйкатта, бул[7] мурунку барактарда да бар.
19. Ибрахим менен Мусанын барактарында.

---

1 Аала - Эң жогору (даражалуу)

2 Өстүрүп, кайра кууратат

3 Аллах

4 Ислам, шариат

5 Тозок отуна

6 Күнөөдөн, каапырлыктан

7 Айтылып, байандалгандар

# 88. ГААШИЙА[1] СҮРӨСҮ

**Меккеде түшүрүлгөн Жыйырма алты айаттан турат**

***Мээримдүү, Ырайымдуу Аллахтын аты менен***

1. Сага каптап калуучу[2] жөнүндө кабар келдиби?
2. Ал күнү кор болгон жүздөр (болот).
3. Чарчап-чалыккан,
4. ысык отто азапталган.
5. Алардын ичкендери кайнак булак[3],
6. жегендери жалаң гана тикенектүү, ачуу тамак,
7. (албетте) алар кубат да бере албайт, ачкачылыктан да куткара албайт.
8. Ал күнү албырган да жүздөр,
9. өз иш-аракетине ыраазы болот.
10. (Алар) бийик Бейиште.
11. Анда пайдасыз сөздөрдү эч угушпайт.
12. Анда мөлтүр булак[4] агып турат.
13. Анда бийик орундуктар,
14. чөйчөктөр койулган,
15. жаздыктар тизилген,
16. кооз килемдер төшөлгөн.
17. Ырас эле, алар төөнүн кандай жаратылганын карашпайбы?!
18. Асмандын кандай көтөрүлүп турганын[5],
19. тоолордун кандай кадалып койулганын,
20. жердин кандай төшөлгөнүн,
21. Эскерткин! Анткени, сен тек гана эскертүүчүсүң.
22. Сен аларга үстөмдүк кылуучу эмессиң.
23. Ал эми ким баш тартса жана каапыр болсо,
24. Аллах аны зор азап менен азаптайт.
25. Албетте, алар Бизге (Мага) кайтып келишет.

---

1 Гаашийа - Каптап калуучу

2 Кыйамат

3 Кайнак суу

4 Такыр соолубайт

5 Түркүксүз

26. Андан соң алардан эсеп алуу Бизге гана таандык[1].

# 89. ФАЖР[2] СҮРӨСҮ

**Меккеде түшүрүлгөн Отуз айаттан турат**

***Мээримдүү, Ырайымдуу Аллахтын аты менен***

1. Таңга ант!
2. Он түнгө ант[3]!
3. Жуп менен такка ант!
4. Жана да өтүп жаткан түнгө ант!
5. Чын эле ушул айтылган анттар акыл ээлерине жетишсизби?
6. Эгең Аад коомун эмне кылганын көрбөйсүңбү?!
7. Бекем түркүктүү Ирам шаарын[4],
8. Андай (шаар) эч бир элде курулган эмес эле.
9. Таштарды ойуп кесип, бир өрөөнгө (турак жай салган) жайгашкан Самуд элин,
10. жана көп казык[5] ээси болгон Фараонду,
11. Алар өз шаарларында чектен ашып,
12. Шаарларында бузукулукту өтө көп кылышкан эле.
13. Ошондо сенин Эгең аларга түрдүү азаптарды жаадырды[6].
14. Акыйкатта сенин Эгең көз салат[7].
15. Эгең Өз пендесин сынап, ага ийгилик-жакшылыктарды берсе, ал: «Эгем мени ардактап, сыйлады», - дейт.
16. А аны сынап, ырыскысын өлчөп койсо, ал: «Эгем мени кордоду», - дейт.

---

1 Алардын жазасын Аллах Таала Өзү белгилейт

2 Фажр - Тан

3 Зул-Хижжа айынын алгачкы он түнү, же Рамазан айынын акыркы он түнү (Тафсир Ал-Байзавий)

4 «Ирам» жөнүн чечмелөөчүлөр кайчы пикирлерди айтып, бирөөлөрү шаардын аты дешсе, айрымдары Аад коомунун урууларынын бири дешкен ( Тафсир Ал-Табарий)

5 Фараон жазалай турган адамды төрт казык кагып, аларга эки колун жана эки бутун керип байлап салчу (Тафсир Ал- Жалалайн)

6 Аад коомун шамал, Самуд коомун ачуу кыйкырык, Фараон жана анын аскерлерин суу жалмады (Сафват-Ал-Тафаасир)

7 Өз пенделеринин эмне кылгандарына

17. Оо, жок! Балким силер өзүңөр жетимге кам көрбөй жатасыңар;
18. жардыларга даам берүүгө үгүттөбөйсүңөр;
19. мураска калган мүлктөрдү (кыйанаттык менен) сугунуп, жеп жатасыңар.
20. Байлыкты абдан эле жакшы көрөсүңөр.
21. Оо, жок! Жер тегизделгенге чейин титирегенде
22. ошондо сенин Эгең[1] анан периштелер тобу менен катар-катар келишет.
23. Ал күнү тозок жакын алынып келинет да, ошондо инсан баарын эстейт. Бирок, андан ага эмне пайда?!
24. Ошондо ал: «Келечек жашоомду мурунтан дайардасам кана (аттиң)» - дейт.
25. Ошол күнү Аллах жазалагандай эч ким жазалай албайт,
26. Ал кишендегендей эч ким кишендей албайт[2].
27. Эй, жай баракат тынчтанган жан!
28. Өз Эгеңдин алдына (Ал сенден) ыраазы болуучу жана (сен Андан) ыраазы болгон абалда кайтып баргын.
29. Менин (сүйүктүү) пенделеримдин арасына кирип (кошулуп),
30. Бейишиме киргин!

## 90. БАЛАД[3] СҮРӨСҮ

**Меккеде түшүрүлгөн Жыйырма айаттан турат**

***Мээримдүү, Ырайымдуу Аллахтын аты менен***

1. Ушул шаар менен ант!
2. Сага[4] бул шаарда тыйуу жок.
3. Атага[5] жана урпактарына ант!
4. Биз инсанды түйшүккө жараттык.
5. Инсан - эч ким аны жеңе албайт деп ойлойбу?
6. Ал: «Мен эсепсиз көп байлыктарды короттум», - дейт[6].

---

1 Эгеңдин кудуретинин белгилери ачыкка чыгат (Тафсир Ал-Байзавий)
2 Анын жазасы чындап ишке ашат
3 Балад - Шаар
4 Эй, Мухаммед!
5 Адам ата
6 Мухаммедге (а.с.) каршы душмандык үчүн (Тафсир Ал- Жалалайн)

7. Аны (пенде) эч ким көргөн жок деп ойлойбу?
8. Биз ага (пендеге) эки көз жаратып бербедик беле?
9. Анан да тили менен эки эриндеринчи?
10. Аны эки жолго[1] багыт алдырдык.
11. Ал[2] ашуудан өтпөй койду.
12. Сен «Ашуу» эмне экенин билесиңби?
13. Ал «Ашуу» деген кулду азаттыкка чыгаруу;
14. же ачкачылык күндөрдө (жарды- жакырларга) тамак берүү;
15. өз туугандарынан болгон жетимдерге;
16. же бир чаңга булганган кедейге[3].
17. Андан соң ал ыйман келтирген, сабырдуулукка үндөгөн жана ырайымдуулукка чакыргандардын арасында болот.
18. Мына ушулар (жогоруда сыпатталган момундар) оң тараптын ээлери!
19. Ал эми биздин айаттарыбызга ишенбегендер, алар - сол тарап ээлери.
20. Алардын үстүндө каптаган тозок оту!

## 91. ШАМС[4] СҮРӨСҮ

**Меккеде түшүрүлгөн Он беш айаттан турат**

***Мээримдүү, Ырайымдуу Аллахтын аты менен***

1. Күн жана анын жарыгына ант,
2. жана анын (Күндүн) артынан ээрчиген Айга ант,
3. жарыгын жайылткан күндүзгө ант!
4. Күндүздү каптап, жаап калган түнгө ант!
5. Асман жана аны Жаратканга ант!
6. Жер жана аны төшөөчүгө ант!
7. Напсыга жана аны жайгаштырганга ант!
8. Напсыга бузулууну да, такыба болууну да илхам салды[5].
9. Кимде-ким аны[6] тазаласа, ал ийгиликке жетишет.

1 Жаман, жакшы
2 Пенде
3 Кедейликтин айынан
4 Шамс - Күн
5 Үйрөттү
6 Напсыны

10. А кимде-ким аны адаштырса, зыйан тартат.
11. Самуд[1] жолдон адашып, жалганга чыгарышты[2],
12. (Алардын ичинен) бир бактысызы суурулуп чыккан кезде,
13. Ошондо Аллахтын элчиси тигилерге: «Аллахтын төөсүн жана анын суу ичүүсүн (жөн койгула)[3]!» - деди.
14. Ошондо (алар) аны жалганчы дешип, төөнү сойуп салышты эле, алардын күнөөлөрүнө жараша, тигилердин Эгеси (азапты) үстөк-босток кылып, аны теңеди.
15. Ал[4] тигинин акыбетинен коркпойт.

# 92. ЛАЙЛ[5] СҮРӨСҮ

**Меккеде түшүрүлгөн Жыйырма бир айаттан турат**

***Мээримдүү, Ырайымдуу Аллахтын аты менен***

1. Каптап келген караңгы түнгө ант!
2. Жана жаркыраган күндүзгө ант!
3. Жана да эркек менен айалды Жаратуучуга ант!
4. Албетте, силердин аракетиңер ар башка[6].
5. Алсак, кимде-ким берешендик кылса жана такыба болсо,
6. жана да (ал) Бейишти чын деп билсе[7],
7. Биз анын жолун жеңил кылабыз.
8. А кимде-ким сараңданса жана текеберденсе,
9. Бейишти жалган десе,
10. анда Биз анын жолун кыйынчылыкка[8] бурабыз.
11. Жана ал тозокко ташталганда, аны мал- мүлкү куткара албайт[9].
12. Туура жолго багыттоо Бизге гана таандык.

---

1 Салих (а.с.)дын коому

2 Пайгамбарларын

3 Тийбегиле

4 Аллах Таала

5 Лайл - Түн

6 Ар кимдин амалы ар башкача

7 Напсыны

8 Тозокко

9 Пайда бербейт

13. Анткени, Акырет жашоосу да, бул дүйнө жашоосу да Бизге гана таандык.
14. Мына, Мен силерди алоолонгон тозок (оту) менен коркутуп - эскертемин.
15. Ал жерге бактысыздар гана кирет.
16. Ал (чындыкты) жалганга чыгарып, жүз бурган эле[1].
17. Андан[2] такыба гана оолак болот.
18. Ал[3] мал-дүйнөсүн сарптап, тазаланат.
19. Ал[4] эч бирөөгө сыйлык берүүгө милдеттүү эмес.
20. Тек гана (ал) бийик даражалуу Эгесинин ыраазылыгын талап кылат[5].
21. Жакында ал ыраазы болот[6].

## 93. ЗУХА[7] СҮРӨСҮ

**Меккеде түшүрүлгөн Он бир айаттан турат**

***Мээримдүү, Ырайымдуу Аллахтын аты менен***

1. Шашке маалына ант!
2. Койуланган түнгө ант!
3. Сенин Эгең сени таштаган да, сага ачууланган да жок[8].
4. Анткени, сага Акырет жашоосу дүйнө жашоосунан жакшыраак.
5. Эгең сага сен ыраазы болгудай (жакшылыктарды) берет.
6. (Ал) сени жетим кезиңде таап, сага баш баанек жасабады беле?
7. Жана да сени (Ал) адашкан абалда таап, Туура жолго салбады беле?
8. (Ал) сени жакыр кезиңде таап, сени байытпады беле?
9. Демек, сен жетимге каарданба!
10. Ал эми тилемчиге орой мамиле кылба!

---

1 Андан

2 Тозоктон

3 Такыба адам берешендик менен

4 Такыба

5 Издейт, умтулат

6 Бейиштеги сыйлыктарга

7 Зуха - Шашке маалы

8 Жараткандын айаны Мухаммед (а.с.)га он беш күн келбей, кечиккенде мушриктер: «Мухаммедге Эгеси ачууланып, таштап салды», - дегенде түшкөн (Тафсир Ал-Жалалайн)

11. Жана да Эгеңдин жакшылыгын кабарла[1]!

## 94. ШАРХ[2] СҮРӨСҮ

**Меккеде түшүрүлгөн Сегиз айаттан турат**

***Мээримдүү, Ырайымдуу Аллахтын аты менен***

1. Биз сенин көкүрөгүңдү[3] ачпадыкпы?
2. Жана сенин үстүңдөгү оор жүктү алып салбадыкпы?
3. Ошол жүк сенин жонуңду басып турган эле.
4. Жана сенин атыңды көтөрбөдүкпү[4]?
5. Акыйкатта, кыйынчылыктын артынан жеңилдик (келет).
6. Чындыгында, кыйындык улай жеңилдик (келет).
7. Эгерде (намаздан) бошосоң, (дубага) кириш.
8. Жараткан Эгеңе жалбар!

## 95. ТИИН[5] СҮРӨСҮ

**Меккеде түшүрүлгөн Сегиз айаттан турат**

***Мээримдүү, Ырайымдуу Аллахтын аты менен***

1. Анжир менен зайтунга ант[6]!
2. Сиинаа тоосуна[7] ант!
3. Мына ушул бейпил шаарга[8] ант!
4. Албетте, Биз инсанды эн мыкты - текши турпатта жараттык.
5. Андан кийин Биз аны төмөнкүлөрдүн эн төмөнүнө кайтардык[9].

---

1 Сага берген жакшылыктарын. Мисалы: Пайгамбарлык ж.б.у.с.

2 Шарх - Ачуу

3 Жүрөгүңдү

4 Пайгамбарлык жана башкалар менен. Мисалы: Азанда эки шахадат келмесинде Аллах Тааланын аты менен кошуп койду... (Тафсир Ал-Байзавий)

5 Тиин - Анжир

6 Эки жемиштин аталышы

7 Сиинаа (Синай) тоосу - Муса (а.с.)га Тоорат түшкөн жер

8 Мекке шаарына

9 Ошондой сымбаттуу келбет бергенден кийин ага шүгүр келтирбеген кезде алардын ишинин

6. Бирок, ыйман келтирип Аллахка ишенген жана жакшылык иштерди кылгандар үчүн үзүлбөгөн сыйлык бар.
7. Мындан сон сени[1] Кыйаматты жалганга чыгарууга эмне түрткү болуп жатат?
8. Аллах - өкүмдарлардын Өкүмдары эмеспи?!

## 96. АЛАК[2] СҮРӨСҮ

**Меккеде түшүрүлгөн Он тогуз айаттан турат**

***Мээримдүү, Ырайымдуу Аллахтын аты менен***

1. Оку! Жараткан Эгендин аты менен.
2. Инсанды Ал уйуган кандан жараткан.
3. Оку! Сенин Эген абдан Айкөл - Ызааттуу.
4. Ал (инсанга) калем менен жазууну үйрөткөн.
5. (Ал) инсанга анын билбеген нерселерин билдирген.
6. Оо, жок, аныгы - инсан катуу адашат, чектен ашат.
7. (Анын чектен ашышы) өзүнүн байыганын көргөн кезде (болот).
8. Акыйкатта, (эй, инсан) өз Эгене кайтып баруу (бар).
9. Көрбөйсүнбү?! Тыйуу салган кишини.
10. (Ал) намаз окуган пендени[3] тыйат.
11. Көрдүнбү? Ал[4] туура жолдо болуп атса,
12. же (ал) такыбалыкка[5] буйруп жатса.
13. Көрбөйсүнбү?! Тигил[6] (тыйуу салуучу) жалганчы деп жатса, жана (ыймандан) баш тартып жатса.
14. Аллах көрүп турганын билбедиби[7]?
15. Оо, жок! Ант болсун, ал эгерде токтолбосо, биз аны көкүлүнөн апчып, сүйрөйбүз.

---

акыбети ылдый карай кетет, келбети бузулуп, кейпи кетет. Демек, алар тозокко түшүүчүлөр (Тафсир Ал-Насафий)

1 Эй, инсан!

2 Алак - Уйуган кан

3 Мухаммедди (а.с.)

4 Мухаммед (а.с.)

5 Жараткандан коркууга

6 Абу Жахл

7 Эми ошонун баарын

16. Жалганчы жана күнөөкөр көкүлдү[1].
17. Ошондо мейли ал[2] өзүнүн тобун чакырсын.
18. Биз күч-кубаттуу, айбаттуу сакчыларды чакырабыз.
19. Жок! Ага[3] моюн сунба! (Аллахка) сежде кылып[4], (Аллахка) жакында.

## 97. КАДР[5] СҮРӨСҮ

**Меккеде түшүрүлгөн Беш айаттан турат**

***Мээримдүү, Ырайымдуу Аллахтын аты менен***

1. Акыйкатта, Биз аны кадыр[6] түндө түшүрдүк.
2. Кадыр түндүн эмне экенин билесиңби?
3. Кадыр түн - миң айдан да артыгыраак[7].
4. (Ал түндө) Аллахтын буйругун аткаруу үчүн периштелер жана Рух[8] жер үстүнө түшүшөт.
5. Ал[9] таң атканча тынчтык - амандык.

---

1 Чапчып сүйрөйбүз

2 Каапыр

3 Каапырга

4 Бул айат «сежде айаты» деп аталып, окуган да, уккан да сежде кылууга тийиш. А сежде кандай тартипте жасаларын билүү үчүн «Мухтасар» аттуу фикх китебинин кыргызча котормосунун, Тилават сеждеси - он үчүнчү бөлүмүн караныз

5 Кадр - Кадыр

6 Куранды. Аллах Таала Куранды толугу менен дүйнөнүн (биз жашап жаткан дүйнөнүн) асманына «кадыр түндө» түшүргөн. Бул түндө жылдык өкүм чыгарылат (Тафсир Ал-Табарий)

7 Тафсир (Курандын маанисин чечмелөө илиминин) аалымдарынын айтуусу бойунча: Кадыр түнү жок миң айга караганда Кадыр түндө жасалган сооптуу амал тиги миң айдан артык (Сафват-Ал-Тафаасир)

8 Жебреил (а.с.)

9 Кадыр түн

# 98. БАЙЙИНА[1] СҮРӨСҮ

**Мединада түшүрүлгөн Сегиз айаттан турат**

***Мээримдүү, Ырайымдуу Аллахтын аты менен***

**1.** Китеп ээлеринен[2] жана мушриктерден[3] болгон ишенбөөчүлөр өздөрүнө ачык-айкын кабарлар[4] келген кезге чейин, өз жаңылыштыктарынан[5] ажырай алышпады.

**2.** Аллахтан келген элчи[6] аларга таза кабарларды окуп берет.

**3.** Аларда[7] туура өкүмдөр бар.

**4.** Китеп ээлери[8], аларга ачык-айкын кабарлар[9] келген кезге чейин (бир-биринен) ажырашкан жок;

**5.** Аларга чыныгы динди таза, бекем кармап, бир гана Аллахка сыйынууга жана намаз окуп, зекетти[10] (тиешелүү) орундарга берүүгө буйрук кылынды. Мына ушул гана - акыйкат жолундагы адамдардын тутунган дини.

**6.** Акыйкатта, Китеп ээлеринен жана мушриктерден чыккан ишенбөөчүлөр - алар Тозоктун алоолонгон отунда түбөлүккө болушат (калышат). Алар - адамдардын эң жаманы.

**7.** Акыйкатта, ыйман келтирип - Аллахка ишенгендер жана жакшылык иштерди кылгандар, алар - адамдардын эң жакшысы.

**8.** Аларга өздөрүнүн Эгеси тарабынан төмөн жактарында дарыйалар агып турган Бейиш бактары түбөлүккө сыйлык үчүн берилет. Аллах аларга ыраазы болот жана алар да Аллахка ыраазы болушат. Бул[11] - өз Эгесинен корккон такыбалар үчүн гана.

---

1 Баййина - Ачык-айкын кабар, далил

2 Иудейлер жана христиандардан

3 Жалган кудайларга, сөлөкөттөргө сыйынгандардан

4 Куран жана Ислам Пайгамбары

5 Жаратканга шек келтирүүдөн

6 Мухаммед (а.с.)

7 Китептерде

8 Иудейлер жана христиандар

9 Куран айаттары

10 Зекет берүү - намаз окуу сыйактуу эле парз. Аны бербегендер чоң күнөөлүү болот!

11 Сыйлыктар

## 99. ЗАЛЗАЛА[1] СҮРӨСҮ

**Мединада түшүрүлгөн Сегиз айаттан турат**

***Мээримдүү, Ырайымдуу Аллахтын аты менен***

1. Жер силкинип титиреген кезде,
2. Жер өз ичине камтыган (дүнүйө-мүлк жана өлүктөрдү) сыртка чыгарып салган кезде;
3. «Буга[2] эмне болду?» - деп инсан айткан кезде;
4. Дал ошол күнү жер (өзүнүн үстүндө эмне окуйалар болгонун) кабар берип сүйлөйт.
5. Анткени бул сенин Эгеңдин ага[3] берген буйругу.
6. Мына ошол күнү адамдар өздөрүнүн[4] амалдары көргөзүлүш үчүн топ-топ болуп чыга келишет.
7. Демек, кимде-ким кыпындай жакшы иш кылган болсо - аны көрөт,
8. Кимде-ким кыпындай жаман иш кылган болсо - аны да көрөт.

## 100. АДИИАТ[5] СҮРӨСҮ

**Меккеде түшүрүлгөн Он бир айаттан турат**

***Мээримдүү, Ырайымдуу Аллахтын аты менен***

1. Дүбүрттүү күлүк аттарга ант!
2. (Туйактарынан) от чачыраган (күлүк) аттарга ант!
3. Таңда (казатка) чабуул койуучу аттарга ант!
4. (Ошол күлүк аттар) чаңды обого уйулгутат.
5. Топту жарып ортого кирет[6].
6. Ырасында, инсан өз Эгесине каапырлыгы (менен) чектен ашуучу.
7. Буга ал[7] өзү да күбө.

---

1 Залзала - Жер титирөө

2 Жерге

3 Жерге

4 Жакшы-жаман

5 Адийат - Дүбүрттүү күлүктөр

6 Ошондой эле тиги күлүктөр

7 Инсан

8. Акыйкатта, инсандын ырахат-жыргалды жакшы көрүүсү өтө күчтүү.
9. Билишпейби?! Эгерде мүрзөлөрдүн ичиндегилер чыгарылса,
10. жана да жүрөктөрдөгү (катылган) нерселер ачылса,
11. аныгында, алардын Эгеси ошол күнү тигилер жөнүндө толук кабардар[1].

## 101. КООРИА[2] СҮРӨСҮ

**Меккеде түшүрүлгөн Он бир айаттан турат**

***Мээримдүү, Ырайымдуу Аллахтын аты менен***

1. Каккылоочу[3].
2. Ал катуу каккылоочу нерсе.
3. Ал «каккылоочу» эмне экенин кайдан билесиң?
4. Ал адамдар чачырап, башаламан болгон көпөлөктөр сымал боло турган күн.
5. Ошондой эле тоолор тозуган жүн сымал болот[4].
6. Демек, ошол күнү кимдин таразасы[5] оор болсо,
7. анда ал ыраазы боло турган жашоодо (болот).
8. Ал эми кимдин таразасы жеңил болсо,
9. анда анын бара турган жери жар болот.
10. Анын[6] эмне экенин кайдан билет элең?!
11. Ал ысык от!

---

1 Аллах Таала Кыйамат күнү пенделеринин ар биринин амалдарын толук билип турат.

2 Коориа - Каккылоочу

3 Кыйамат күн

4 Ал күнү

5 Сооп амалдары

6 Жардын

# 102. ТАКААСУР[1] СҮРӨСҮ

**Меккеде түшүрүлгөн Сегиз айаттан турат**

***Мээримдүү, Ырайымдуу Аллахтын аты менен***

1. Сыймыктануу силерди алаксытат,
2. ажал жетип, мүрзөлөргө койулганча[2].
3. Оо, жок, (андай эмес), жакында билесиңер.
4. Оо, жок, андан соң (дагы кайталайм) жакында билесиңер.
5. Чынында, силер айкын билсеңер,
6. Албетте, сөзсүз тозокту көрөсүңөр.
7. Андан соң (дагы бир жолу кайталайм) аны силер анык-даана көрөсүңөр!
8. Мындан соң (силерге берилген жакшылыктардан) ошол күнү сөзсүз суралаСыңар[3].

# 103. АСР[4] СҮРӨСҮ

**Меккеде түшүрүлгөн Үч айаттан турат**

***Мээримдүү, Ырайымдуу Аллахтын аты менен***

1. Асрга ант[5]!
2. Албетте, инсан коромжуда[6].
3. Бирок, ыйман келтиргендер, жакшы амалдарды жасагандар жана актык менен сабырдуулукка бири-бирин насаат кылгандар (коромжуда эмес).

---

1 Такаасур - Сыймыктануу, мактануу

2 Инсан дүнүйө берилсе, Аллах Таалага сыйынууну унутат да, өлүмдүн келип калганын туйбай калат. Ошондуктан инсан мал-дүнүйөнүн кулу болуп калуудан сактанууга тийиш

3 Анан силерге берилген жакшылыктардан

4 Аср - «Заман (кылым)», «доор» (убакыт, мезгил) дегенди билдирет. Дагы бир мааниси - «күндүн экинчи жарымы», «дигер маалы».

5 Өтө кыска да нуска, ар бир адамдын жашоосуна өрнөк боло турган сүрө. «Бүт Куранды билбеген адам, ушул сүрөнү өрнөк кылып алса жетиштүү болмок», - деген Имам Шафи (р.х.). Бул сүрөнү ар бир жыйналыштын соңунда окуу сүннөт. Инсан алсыз болгондуктан шайтан менен напсинин азгырыктарына туруштук бере албай зыйанга гана учурайт.

6 Зыйанда

## 104. ХУМАЗА[1] СҮРӨСҮ

**Меккеде түшүрүлгөн Тогуз айаттан турат**

***Мээримдүү, Ырайымдуу Аллахтын аты менен***

1. Тили жана кыймыл-аракети менен кайбат[2] кылуучуга азап болсун!
2. Ал мал-дүйнө топтоп, аны санады.
3. Топтогон мал-дүйнөсү аны түбөлүктүү кылат деп ойлойт.
4. Жок! (Андай болбойт) ал сөзсүз «быркыратуучуга»[3] (тозокко) ыргытылат.
5. «Быркыратуучу» эмне экенин билесиңби?
6. Ал Аллахтын жагылган оту[4].
7. Ал (денени көзөп өтүп) жүрөктөргө чейин жетет.
8. Албетте, ал алардын үстүнө жабылат[5].
9. Тартылган устундардын ичинде (болушат).

## 105. ФИЛ[6] СҮРӨСҮ

**Меккеде түшүрүлгөн Беш айаттан турат**

***Мээримдүү, Ырайымдуу Аллахтын аты менен***

1. Сенин Эгең пил ээлерин эмне кылганын көрбөйсүңбү?
2. Ал алардын арам ой-максаттарын ойрон кылбадыбы[7]?

---

1 Хумаза - Кайбатчы

2 Башкалардын түзүлүшүндөгү жана мүнөзүндөгү кемчиликтерди айтып же туурап көргөзүп көзү жокто жамандоо

3 Тозокко

4 Тозогу

5 Чыга алышпайт

6 Фил - Пил

7 Йемендин Абраха Ал-Ашрам деген падышасы Сана шаарында ал курган чиркөөгө ажылыкка эл келбегенин көрүп, ажылыктын борбору Каабаны толук кыйратайын деп жакшы куралданган жоокерлерди, аскер кызматындагы пилдерди топтоп, жүрүшкө чыгат. Ага каршы турууга меккеликтерде күч да, куралданган жоокерлер да жетишсиз болгон. Бирок, Меккеге жакын калганда пилдер алга жылбай койушат, үстүлөрүнөн чабалекейлерге окшогон куштар учуп келишип, бышкан чопо таштарды үстүлөрүнө жаадырган. Натыйжада, таш тийген адамдар чайналган чөп сыйактуу эттери былжырап, өлүмгө дуушар болушкан. Падыша да денесинен териси, булчуң эттери чирип түшүп, оор азап менен үйүнө келип өлөт.

3. Ал аларга тобу менен куштарды жөнөтпөдүбү?
4. Ал куштар тигилердин үстүнө бышкан чопо таштарды ташташты.
5. Ошентип, аларды чайналган эгиндей кылып салды.

# 106. КУРАЙШ[1] СҮРӨСҮ

**Меккеде түшүрүлгөн Төрт айаттан турат**

***Мээримдүү, Ырайымдуу Аллахтын аты менен***

1. Курейштер көнүккөн нерселери үчүн[2],
2. (Б. а.) кышкы жана жайкы сапарга көнүккөндөрү үчүн,
3. Бул үйдүн Ээсине[3] сыйынышсын!
4. Ал ачкалыкта аларды тамактандырып, коркунучтан аларды аман сактаган.

# 107. МААУУН[4] СҮРӨСҮ

**Меккеде түшүрүлгөн Жети айаттан турат**

***Мээримдүү, Ырайымдуу Аллахтын аты менен***

1. Динди жалганга чыгарганды сен көрдүңбү?
2. Дал ошол жетимдерди кууган,
3. жана да ал жардыларга тамак берүүгө үндөбөгөн (үгүттөбөгөн) неме.
4. Азап (болсун) намаз(ды начар) окуучуларга[5].
5. Анткени алар намаздарын унутуп койушкан.
6. (Анан да) алар (намаздарын) эл көрсүнгө жасашат (окушат),
7. жана да алар үй шаймандарын (башкаларга) беришпейт[6].

---

1 Курайш - Курейш (уруусу).

2 Аллах Таала Курейшке соода-сатык жасап, тың жашоолору үчүн кышкысын Йеменге, жайкысын Сирийага соода жүргүзүү жакшылыгын ыроологон эле.

3 Аллах Таала

4 Маауун - Үй шаймандары

5 Намазга маани бербей, намазды эсинен чыгарып койуп, анан да окуган намазы рийа үчүн гана болгон адам жөнүндө сөз болууда

6 Күнүмдүк майда керектөөлөрдү, адамдар (же коңшулар) бири-бирине берип туруу

## 108. КАВСАР[1] СҮРӨСҮ

**Меккеде түшүрүлгөн Үч айаттан турат**

***Мээримдүү, Ырайымдуу Аллахтын аты менен***

1. Акыйкатта, Биз сага[2] «Кавсарды» тартуу кылдык[3],
2. Эми Эгеңе (сыйынып) намаз оку жана курбандык чал.
3. Ырасында, сени капаланткан - өзү шордуу.

## 109. КААФИРУН[4] СҮРӨСҮ

**Меккеде түшүрүлгөн Алты айаттан турат**

***Мээримдүү, Ырайымдуу Аллахтын аты менен***

1. Айткын[5]: «Эй, каапырлар!
2. Мен силер сыйынган нерселерге сыйынбаймын[6],
3. Силер дагы мен сыйынганга[7] сыйынбайсыңар,
4. Дагы да - мен силер сыйынган нерселерге сыйынбаймын,
5. жана да силер мен сыйынган (Аллахка) сыйынбайсыңар.
6. Силердин диниңер - өзүңөр үчүн, а менин диним - өзүм үчүн[8]».

---

билдирилет. Сөздүн кенен маанисинде алганда «колдоо, жардамдашуу» дегенди түшүндүрөт.

1 Кавсар - Аллах Таала тарабынан Мухаммед (а.с.)га тартууланган Бейиштеги көлдүн аты.

2 Эй, Мухаммед!

3 Ыраматылык Айша эне: «(Ал-кавсар) - пайгамбар (а.с.) га берилген көл, анын жээгинде сансыз жылдыздай берметтен идиштер бар», - деп айткан.

4 Каафирун - Каапырлар

5 Эй, Мухаммед!

6 Курейш каапырлары Мухаммед (а.с.)га: «Сен биздин кудайларыбызга бир жыл, биз сенин кудайыңа бир жыл сыйыналы», - дегенде Аллах Таала ушул айатты түшүргөн

7 Аллах Таалага

8 Акыркы айаттан ачык көрүнгөндөй, «дин» деген сөз ишенимди да, ага тушташ жашоо мүнөзүн да камтыйт. Ошентип, «динсиз» деген сөз «жашоо мүнөзү жок» дегенди да билдирет

# 110. НАСР[1] СҮРӨСҮ

**Мединада түшүрүлгөн Үч айаттан турат**

***Мээримдүү, Ырайымдуу Аллахтын аты менен***

1. «Качан Аллахтан жардам жана жеңиш келген кезде[2],
2. жана да Аллахтын динине топ-тобу менен кирип жаткан элдерди көргөнүңдө,
3. Ошондо Эгеңди мактоо менен даңктагын жана Андан кечирим сурагын. Албетте, Ал тооболорду кабыл кылуучу![3]»

# 111. МАСАД[4] СҮРӨСҮ

**Меккеде түшүрүлгөн Беш айаттан турат**

***Мээримдүү, Ырайымдуу Аллахтын аты менен***

1. Абу Лахабдын эки колу куурап калсын! Ал куурады[5].
2. Ага анын байлыгы да, кесиби да эч жардам кыла алган жок.
3. Ал алоолонгон отто азапталат.
4. Отун көтөргөн айалы да[6]
5. Анын мойнунда эшилген жиби (бар).

---

1 Наср - Жардам

2 Эй, Мухаммед!

3 Аллах Тааланын жардамы, жеңиши келип, Мекке алынгандан кийин адамдар топ-тобу менен динге киришкен

4 Масад - Эшилген жип

5 Пайгамбар (а. с.)га жакын туугандарына даават - үгүт кылууга буйруган айат түшкөндө Мухаммед (а.с.) бүтүндөй жакындарын топтоп, динге чакырган. Ошондо Абу Лахаб нааразылана кыйкырып: «Сен куруп кал! Ушуга бизди чакырдыңбы?» - дегенде, Аллах Таала ушул сүрөнү түшүргөн

6 Отко түшөт. Ал тикенектүү отундарды көтөрүп, келип Мухаммед (а.с.) жолуна таштап, Пайгамбарды ыза кылчу

# 112. ИХЛАС[1] СҮРӨСҮ

**Меккеде түшүрүлгөн Төрт айаттан турат**

***Мээримдүү, Ырайымдуу Аллахтын аты менен***

1. Айткын[2]: Аллах Жалгыз!
2. Аллах эч кимге муктаж эмес!
3. (Ал) төрөбөгөн жана төрөлбөгөн!
4. Ага эч ким теңдеш эмес![3]

# 113. ФАЛАК[4] СҮРӨСҮ

**Меккеде түшүрүлгөн Беш айаттан турат**

***Мээримдүү, Ырайымдуу Аллахтын аты менен***

1. Айткын[5]: «Сактанам таңдын Эгеси менен;
2. Ал жараткан нерселердин жамандыгынан;
3. караңгылык каптагандагы анын жамандыгынан;
4. түйүндөргө сыйкырлоочулардын кастыгынан;
5. көрө албастардын кызгангандагы жамандыгынан!»[6]

---

1 Ихлас - Ыкылас

2 Эй, Мухаммед!

3 Пайгамбар (а.с.): «Кул хува ллаху ахад - Курандын үчтөн бирине тете!» - деп айткан

4 Фалак - Таң

5 Эй, Мухаммед!

6 Айша (р.а.): «Пайгамбар (а.с.) ар түнү уктаардын алдында эки колунун бармактарын тийиштирип, анан «Кул хува ллаху ахад...», «Кул аъуузу бирабби-л-фалаки ...», «Кул аъуузу бирабби-ннааси...» сүрөлөрүн окуп, аларга дем салып, анан башынан баштап колу жеткен жеринин баарын сылап өтөөр эле, жана муну үч ирет кайталачу,» - деген.

# 114. НААС[1] СҮРӨСҮ

**Меккеде түшүрүлгөн Алты айаттан турат**

***Мээримдүү, Ырайымдуу Аллахтын аты менен***

1. Айткын[2]: «Сактанам адамдардын Эгеси менен;
2. (Ал) адамдардын падышасы,
3. (Ал) адамдардын Кудайы[3],
4. Жашырынган азгыруучунун жамандыгынан;
5. Ал адамдардын жүрөктөрүн азгырат.
6. (Алар) жиндер жана адамдардан (болот)».[4]

---

1 Наас - Адамдар

2 Эй, Мухаммед!

3 Бул айат Аллах Тааланын жалгыз экенин, андыктан сыйынуу ага гана таандык экенин кабарлайт. Баардык эле «Кудай» деп, ага ишенгендер, Кудай бүткүл ааламдардын Эгеси, кожойуну экенин талашпайт. Ал эми сыйынууга келгенде эле бөлүнүп кетишет. Жалгыз Аллах Таалага сыйынбай ширк кылышат.

4 Бул жерде айтылгандай азгыруулар биз көрө алган адам баласынан да, биз көрө албаган жин-шайтандардан да болот. Бирок, биз Аллах Таалага ишенип, Андан коргоону сурасак, жамандыктар бизди жеңе албайт.

# МАЗМУН/ИНДЕКС


| Номери | Сүрөнүн аты | аяттардын саны | бети |
|---|---|---|---|
| 1 | ФАТИХА | 7 | 4 |
| 2 | БАКАРА | 286 | 5 |
| 3 | ААЛУ ИМРАН | 200 | 45 |
| 4 | НИСА | 176 | 67 |
| 5 | МАИДА | 120 | 90 |
| 6 | АН'ААМ | 165 | 106 |
| 7 | ААРАФ | 206 | 124 |
| 8 | АНФАЛ | 75 | 144 |
| 9 | ТАВБА | 129 | 151 |
| 10 | ЙУНУС | 109 | 167 |
| 11 | ХУД | 123 | 176 |
| 12 | ЙУСУП | 111 | 189 |
| 13 | РААД | 43 | 202 |
| 14 | ИБРАХИМ | 52 | 207 |
| 15 | ХИЖР | 99 | 212 |
| 16 | НАХЛ | 128 | 217 |
| 17 | ИСРА | 111 | 230 |
| 18 | КАХФ | 110 | 239 |
| 19 | МАРЙАМ | 98 | 251 |
| 20 | ТОХА | 135 | 257 |
| 21 | АНБИЙА | 112 | 267 |
| 22 | ХАЖ | 78 | 276 |
| 23 | МУ'МИНУН | 118 | 285 |
| 24 | НУР | 64 | 292 |
| 25 | ФУРКАН | 77 | 300 |
| 26 | ШУАРА | 227 | 306 |
| 27 | НАМЛ | 93 | 318 |
| 28 | КАСАС | 88 | 326 |
| 29 | АНКАБУТ | 69 | 336 |
| 30 | РУМ | 60 | 342 |
| 31 | ЛУКМАН | 34 | 347 |
| 32 | САЖДА | 30 | 350 |
| 33 | АХЗАБ | 73 | 353 |
| 34 | САБА | 54 | 361 |
| 35 | ФААТИР | 45 | 366 |
| 36 | ЙАСИН | 83 | 372 |
| 37 | СААФФАТ | 182 | 378 |
| 38 | СОД | 88 | 387 |
| 39 | ЗУМАР | 75 | 393 |
| 40 | ГААФИР | 85 | 401 |
| 41 | ФУССИЛАТ | 54 | 407 |
| 42 | ШУУРА | 53 | 413 |
| 43 | ЗУХРУФ | 89 | 418 |
| 44 | ДУХАН | 59 | 424 |
| 45 | ЖААСИЙА | 37 | 427 |
| 46 | АХКАФ | 35 | 430 |
| 47 | МУХАММАД | 38 | 435 |
| 48 | ФАТХ | 29 | 439 |
| 49 | ХУЖУРАТ | 18 | 442 |
| 50 | КАФ | 45 | 445 |
| 51 | ЗААРИЙАТ | 60 | 448 |
| 52 | ТУР | 49 | 452 |
| 53 | НАЖМ | 62 | 455 |
| 54 | КАМАР | 55 | 459 |
| 55 | РАХМАН | 78 | 463 |
| 56 | ВАКИА | 96 | 467 |
| 57 | ХАДИД | 29 | 472 |
| 58 | МУЖААДАЛА | 22 | 476 |
| 59 | ХАШР | 24 | 478 |
| 60 | МУМТАХАНА | 13 | 481 |
| 61 | САФФ | 14 | 484 |
| 62 | ЖУМА | 11 | 485 |
| 63 | МУНАФИКУН | 11 | 487 |
| 64 | ТАГААБУН | 18 | 488 |
| 65 | ТАЛАК | 12 | 490 |
| 66 | ТАХРИМ | 12 | 492 |
| 67 | МҮЛК | 30 | 494 |
| 68 | КАЛАМ | 52 | 497 |
| 69 | ХААККАТ | 52 | 500 |
| 70 | МААРИЖ | 44 | 502 |
| 71 | НУХ | 28 | 505 |
| 72 | ЖИН | 28 | 507 |
| 73 | МУЗЗАММИЛ | 20 | 509 |
| 74 | МУДДАССИР | 56 | 511 |
| 75 | КЫЙАМАТ | 40 | 513 |
| 76 | ИНСАН | 31 | 515 |
| 77 | МУРСАЛАТ | 50 | 517 |
| 78 | НАБАА | 40 | 519 |
| 79 | НААЗИАТ | 46 | 521 |
| 80 | АБАСА | 42 | 523 |
| 81 | ТАКВИР | 29 | 524 |
| 82 | ИНФИТАР | 19 | 526 |
| 83 | МУТАФФИФУН | 36 | 527 |
| 84 | ИНШИКАК | 25 | 528 |
| 85 | БУРУЖ | 22 | 530 |
| 86 | ТААРИК | 17 | 531 |
| 87 | АЛАА | 19 | 532 |
| 88 | ГААШИЙА | 26 | 533 |
| 89 | ФАЖР | 30 | 534 |
| 90 | БАЛАД | 20 | 535 |
| 91 | ШАМС | 15 | 536 |
| 92 | ЛАЙЛ | 21 | 537 |
| 93 | ЗУХА | 11 | 538 |
| 94 | ШАРХ | 8 | 539 |
| 95 | ТИИН | 8 | 539 |
| 96 | АЛАК | 19 | 540 |
| 97 | КАДР | 5 | 541 |
| 98 | БАЙЙИНА | 8 | 542 |
| 99 | ЗАЛЗАЛА | 8 | 543 |
| 100 | АДИЙАТ | 11 | 543 |
| 101 | КООРИ'А | 11 | 544 |
| 102 | ТАКААСУР | 8 | 545 |
| 103 | АСР | 3 | 545 |
| 104 | ХУМАЗА | 9 | 546 |
| 105 | ФИЛ | 5 | 546 |
| 106 | КУРАЙШ | 4 | 547 |
| 107 | МААУУН | 7 | 547 |
| 108 | КАВСАР | 3 | 548 |
| 109 | КААФИРУН | 6 | 548 |
| 110 | НАСР | 3 | 549 |
| 111 | МАСАД | 5 | 549 |
| 112 | ИХЛАС | 4 | 550 |
| 113 | ФАЛАК | 5 | 550 |
| 114 | НААС | 6 | 551 |

# АЛФАВИТ БОЮНЧА СҮРӨЛӨРДҮН ИНДЕКСИ


| Сүрөнүн аты | Номери | аяттардын саны | бети |
|---|---|---|---|
| | – А – | | |
| ААЛУ ИМРАН | 3 | 200 | 45 |
| АН'ААМ | 6 | 165 | 106 |
| ААРАФ | 7 | 206 | 124 |
| АБАСА | 80 | 42 | 523 |
| АДИЙАТ | 100 | 11 | 543 |
| АЛАА | 87 | 19 | 532 |
| АЛАК | 96 | 19 | 540 |
| АНБИЙА | 21 | 112 | 267 |
| АНКАБУТ | 29 | 69 | 336 |
| АНФАЛ | 8 | 75 | 144 |
| АСР | 103 | 3 | 545 |
| АХЗАБ | 33 | 73 | 353 |
| АХКАФ | 46 | 35 | 430 |
| | – Б – | | |
| БАЙЙИНА | 98 | 8 | 542 |
| БАКАРА | 2 | 286 | 5 |
| БАЛАД | 90 | 20 | 535 |
| БУРУЖ | 85 | 22 | 530 |
| | – В – | | |
| ВАКИА | 56 | 96 | 467 |
| | – Г – | | |
| ГААФИР | 40 | 85 | 401 |
| ГААШИЙА | 88 | 26 | 533 |
| | – Д – | | |
| ДУХАН | 44 | 59 | 424 |
| | – Ж – | | |
| ЖААСИЙА | 45 | 37 | 427 |
| ЖИН | 72 | 28 | 507 |
| ЖУМА | 62 | 11 | 485 |
| | – З – | | |
| ЗААРИЙАТ | 51 | 60 | 448 |
| ЗАЛЗАЛА | 99 | 8 | 543 |
| ЗУМАР | 39 | 75 | 393 |
| ЗУХА | 93 | 11 | 538 |
| ЗУХРУФ | 43 | 89 | 418 |
| | – И – | | |
| ИБРАХИМ | 14 | 52 | 207 |
| ИНСАН | 76 | 31 | 515 |
| ИНФИТАР | 82 | 19 | 526 |
| ИНШИКАК | 84 | 25 | 528 |
| ИСРА | 17 | 111 | 230 |
| ИХЛАС | 112 | 4 | 550 |
| | – Й – | | |
| ЙАСИН | 36 | 83 | 372 |
| ЙУНУС | 10 | 109 | 167 |
| ЙУСУП | 12 | 111 | 189 |
| | – К – | | |
| КААФИРУН | 109 | 6 | 548 |
| КАВСАР | 108 | 3 | 548 |
| КАДР | 97 | 5 | 541 |
| КАЛАМ | 68 | 52 | 497 |
| КАМАР | 54 | 55 | 459 |
| КАСАС | 28 | 88 | 326 |
| КАФ | 50 | 45 | 445 |
| КАХФ | 18 | 110 | 239 |
| КООРИ'А | 101 | 11 | 544 |
| КУРАЙШ | 106 | 4 | 547 |
| КЫЙАМАТ | 75 | 40 | 513 |
| | – Л – | | |
| ЛАЙЛ | 92 | 21 | 537 |
| ЛУКМАН | 31 | 34 | 347 |
| | – М – | | |
| МААРИЖ | 70 | 44 | 502 |
| МААУУН | 107 | 7 | 547 |
| МАИДА | 5 | 120 | 90 |
| МАРЙАМ | 19 | 98 | 251 |
| МАСАД | 111 | 5 | 549 |
| МУ'МИНУН | 23 | 118 | 285 |
| МУДДАССИР | 74 | 56 | 511 |
| МУЖААДАЛА | 58 | 22 | 476 |
| МУЗЗАММИЛ | 73 | 20 | 509 |
| МУМТАХАНА | 60 | 13 | 481 |
| МУНАФИКУН | 63 | 11 | 487 |
| МУРСАЛАТ | 77 | 50 | 517 |
| МУТАФФИФУН | 83 | 36 | 527 |
| МУХАММАД | 47 | 38 | 435 |
| МҮЛК | 67 | 30 | 494 |
| | – Н – | | |
| НААЗИАТ | 79 | 46 | 521 |
| НААС | 114 | 6 | 551 |
| НАБАА | 78 | 40 | 519 |
| НАЖМ | 53 | 62 | 455 |
| НАМЛ | 27 | 93 | 318 |
| НАСР | 110 | 3 | 549 |
| НАХЛ | 16 | 128 | 217 |
| НИСА | 4 | 176 | 67 |
| НУР | 24 | 64 | 292 |
| НУХ | 71 | 28 | 505 |
| | – Р – | | |
| РААД | 13 | 43 | 202 |
| РАХМАН | 55 | 78 | 463 |
| РУМ | 30 | 60 | 342 |
| | – С – | | |
| СААФФАТ | 37 | 182 | 378 |
| САБА | 34 | 54 | 361 |
| САЖДА | 32 | 30 | 350 |
| САФФ | 61 | 14 | 484 |
| СОД | 38 | 88 | 387 |
| | – Т – | | |
| ТААРИК | 86 | 17 | 531 |
| ТАВБА | 9 | 129 | 151 |

# АЛФАВИТ БОЮНЧА СҮРӨЛӨРДҮН ИНДЕКСИ


| Сүрөнүн аты | Номери | аяттардын саны | бети |
|---|---|---|---|
| ТАГААБУН | 64 | 18 | 488 |
| ТАКААСУР | 102 | 8 | 545 |
| ТАКВИР | 81 | 29 | 524 |
| ТАЛАК | 65 | 12 | 490 |
| ТАХРИМ | 66 | 12 | 492 |
| ТИИН | 95 | 8 | 539 |
| ТОХА | 20 | 135 | 257 |
| ТУР | 52 | 49 | 452 |
| – Ф – | | | |
| ФААТИР | 35 | 45 | 366 |
| ФАЖР | 89 | 30 | 534 |
| ФАЛАК | 113 | 5 | 550 |
| ФАТИХА | 1 | 7 | 4 |
| ФАТХ | 48 | 29 | 439 |
| ФИЛ | 105 | 5 | 546 |
| ФУРКАН | 25 | 77 | 300 |
| ФУССИЛАТ | 41 | 54 | 407 |

| Сүрөнүн аты | Номери | аяттардын саны | бети |
|---|---|---|---|
| – Х – | | | |
| ХААККАТ | 69 | 52 | 500 |
| ХАДИД | 57 | 29 | 472 |
| ХАЖ | 22 | 78 | 276 |
| ХАШР | 59 | 24 | 478 |
| ХИЖР | 15 | 99 | 212 |
| ХУД | 11 | 123 | 176 |
| ХУЖУРАТ | 49 | 18 | 442 |
| ХУМАЗА | 104 | 9 | 546 |
| – Ш – | | | |
| ШАМС | 91 | 15 | 536 |
| ШАРХ | 94 | 8 | 539 |
| ШУАРА | 26 | 227 | 306 |
| ШУУРА | 42 | 53 | 413 |